# Хизб ут-Тахрир амири аалым Ато ибн Халил Абу Роштанын суроо-жооп жыйнагы

сакофий

I

2025-ж

# Мазмуну

**Усули фикх аалымы Ато Абу Рошта** ........ 7
**Саясий жана пикирий күрөш тууралуу** ........ 9
**«Күч-бийлик» борборлору** ........ 12
**Ири мамлекеттин таасири астындагы мамлекет тууралуу** ........ 21
**Мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себептери туурасында** ........ 27
**Улуу мамлекетке көз каранды мамлекеттер ортосундагы келишпестиктердин маңызы** ........ 29
**Эл аралык саясаттагы маанилүү аймак** ........ 37
**Мусулман өлкөлөрүндөгү институттар** ........ 40
**Терең мамлекет (Үчүнчү күчтөр)** ........ 42
**«Чырайлуу жана куник» менен «жакшы жана жаман»дын айырмасы** 50
**Вакиъни элестетүү менен идирек кылуунун айырмасы тууралуу** ........ 52
**Мантык жана пикирий хис кылуу туурасында** ........ 54
**Адамдын нав гарыйзасына карата көз карашы туурасында** ........ 57
**«Дин адамдары» тууралуу** ........ 60
**Кызматкеринин авраты** ........ 63
**Роя жана лива тууралуу** ........ 65
**Кол тийгистик укугу** ........ 69
**Аялдын сапары** ........ 70
**Махр тууралуу** ........ 73
**Тубаса сокур-дүлөй адамдардын мукаллафтыгы тууралуу** ........ 76
**Дубадагы маддий таасир туурасында** ........ 78
**«Дуа казаны кайтарат» деген хадис кандай түшүнөбүз?** ........ 84
**Исламий мамлекеттеги бажы туурасында** ........ 91
**Кайрымусулмандар менен жеп-ичүү жана кийим-кече маселеси** ........ 94
**Ахли харбдын Дарул Исламда жашоо ниети туурасында** ........ 96
**Исламий мамлекетте кайры мусулмандар ортосундагы казылык** ........ 98

**Согуш туткундары тууралуу ........................................................ 102**

**Курани Карим кырааты ........................................................ 105**

**Нур сүрөсүнүн 55-аяты тууралуу ........................................................ 110**

**Имран сүрөсүнүн 104-аяты тууралуу ........................................................ 112**

**“Бисмилла” аяты тууралуу ........................................................ 120**

**Курани Каримди маком (ыр) ыкмасында окуу тууралуу ........................ 121**

**Куръандын жамдалышы, жети кыраат жана Ас-Саффат сүрөсүнүн 96-аятынын тафсири тууралуу ........................................................ 123**

**Мухаммад сүрөсү Бадр согушунан кийин түшкөнүнүн далилдери..... 129**

**Курандын окулушун накл кылуу (сөзмө-сөз бири-бирине айтып жеткирүү) менен Курандын жазылышын накл кылуунун ортосундагы айырма ........................................................ 132**

**Бакара сүрөсүндөгү Харут жана Марут периштелер ............................ 144**

**Жеңүүчү тайпа тууралуундагы хадис ........................................................ 154**

**Хадисте келген “башы каралар” деген сөз тууралуу ............................ 161**

**«Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини жиберет» деген хадиси шарифтин мааниси 162**

**Демонстрациялар, жүрүштөр жана мусулмандардын эки сап болуп чыгышканы тууралуу ........................................................ 173**

**Пайгамбар ﷺ Абдуллох бин Убай бин Салулдун жаназасын окуду деген хадистер дираят жагынан четке кагылган ........................................ 177**

**Исламга даъват кылуу менен фирка жана тайпага даъват кылуунун айырмасы ........................................................ 182**

**«Биз Ислам менен кантип өкүм жүргүзөбүз?» деген суроо ................... 185**

**Халифалыкты тикелөө үчүн берилген мөөнөт тууралуу ....................... 186**

**Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт тууралуу ........................................................ 188**

**«Исламий мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуу араб мамлекеттерине гана чектелгенби?» ........................................................ 198**

**«Мен азыр аракетсиз отургандардын катарына кошуламынбы?»..... 200**

**Таштап кетүүчүлөр жана нусраттын кечигиши тууралуу ..................... 202**

**Факирлерден башкаларга зекеттен каражат берүү тууралуу ......... 207**

**Товардын кыйматы тууралуу ........................................................ 209**

**Алтынды алтынга алмаштыруу жөнүндө ........................................ 211**

**Бюджет менен баланс тууралуу ........................................ 215**

**Дарул харбдагы мурас ........................................ 220**

**Иш акы тууралуу ........................................ 223**

**Кагаз акчалар туурасында ........................................ 226**

**Товарды сатуу жана айырбаштоо тууралуу ........................................ 228**

**Валютанын алтын жана күмүш болушу тууралуу ........................................ 232**

**Сүткорго тиешелүү суроо ........................................ 234**

**Халифалык тикеленгенден кийинки риба малдары жөнүндө ........................................ 237**

**Васика кагаздардагы зекет. Исламий мамлекеттин кол астында боло турган жерлер ........................................ 240**

**Карыздын шаръий түрдө мүлккө ээ болуу себептеринин бири экендиги туурасында ........................................ 244**

**Жердин макамы тууралуу ........................................ 246**

**Хирожий жер тууралуу ........................................ 248**

**Өлүк жер жана зиммийге жүктөлгөн хирож жөнүндө ........................................ 250**

**Хирожий жер тууралуу ........................................ 253**

**Сахаба Тамим Дарийнун жери туурасында ........................................ 256**

**Суугаруучу жабдыктары жана башка нерселер бар жерди ижарага берүү жана музораа өкүмү жөнүндө ........................................ 258**

**Ирактагы эгинзар жерлер жана ушрий жерде кафирге салына турган салык туурасында ........................................ 261**

**«Өкүм» сөзү тууралуу ........................................ 264**

**Өкүм (башкаруу) сөзүнүн мааниси ........................................ 266**

**Машаир сөзүн шаъир сөзүнө өзгөртүү тууралуу ........................................ 269**

**Иштирок тууралуу ........................................ 271**

**“Фалсафа” сөзү туурасында ........................................ 274**

**Жихаз менен идара сөзү тууралуу ........................................ 276**

**Вазир жана вазирлик сөзүн колдонуу жөнүдө ........................................ 277**

**«Ямама» согушу тууралуу ........................................ 278**

**От менен жазалоо туурасында ........................................ 280**

**Абдуллох ибн Жахш ﵁нун сарийясы (отряды) туралуу.................... 281**
**Акса мечити тууралуу ................................................................. 285**
**Мажусийлер тууурасында ............................................................ 286**
**Мусулмандардын эки сап болуп чыккандыгы тууралуу..................... 289**
**Сагира жана кабира күнөөлөр..................................................... 297**
**Мута согушундагы шейиттер тууралуу........................................... 299**
**Пайгамбарлар менен элчилердин айырмасы.................................... 302**
**Каза-кадар жөнүндө..................................................................... 309**
**Акырет шейиттери жана каза жана кадар........................................ 313**
**Акырет шейиттери ким? Шейиттин карызын ким төлөйт?................ 315**
**Кыяс тууралуу............................................................................. 318**
**Иллет тууралуу............................................................................ 320**
**Иллет тууурасында....................................................................... 325**
**Шаръий иллет жөнүндө ............................................................... 327**
**Расулдун сүкүтү тууурасында........................................................ 330**
**Тобийиндер тууралуу ................................................................... 331**
**Умар ﵁нун сөзүнө амал кылынабы ................................................ 333**
**Хадис илими тууурасында............................................................. 336**
**Шаръий хакикат менен шаръий маънанын айырмасы..................... 339**
**Хадистин мафхум сифат эмес, мафхум шарт делгени тууурасында ..... 341**
**«Вужуд жана ак» тууралуу ............................................................ 345**
**Мужтахиддин өз ижтихады тууурасында......................................... 347**
**Пайгамбардын (с.а.в.) өз пикирине карап өкүм кылуусу тууралуу.... 351**
**«фа»нын далалаты жөнүндө.......................................................... 353**
**“Шарият ага сүкүт кылган нерсе... “ ............................................ 356**
**Казылык өкүмү, ата-энеге жакшылык кылуу жөнүндө ..................... 363**
**«Далалаты катъий нусустарда ижтихад кылуу» жөнүндө.................. 367**
**Кыясты колдонуунун далилдери тууурасында .................................. 368**
**Раъй Усман ﵁нун мусулмандар халифасы болушуна келип токтолгону жөнүндө.................................................................. 371**

**Сахабалардын ижмасы мужмал (ачык-айкын эмес) келген маселелерге баян болушу туурасында ................................................................ 373**

**Факих имамдардын китептеринде келген хадистер жөнүндө............. 375**

**Кайтаруу акдды батыл кылышына сахабалардын ижма кылышканы жөнүндө ........................................................................................ 379**

**Мукаллид жана муттаби................................................................ 382**

**Казы халифа табанний кылган өкүмгө тескери өкүм чыгаргандыгы абал тууралуу............................................................................. 388**

**Башкаруу жана идара иштери жөнүдө ........................................... 389**

**Ислам мамлекетинин иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекет менен алакасы ............................................................................ 391**

**Нусрат талап кылуу жөнүндө ........................................................ 393**

**Халифалыктын инъикод шарттарындагы «кудуреттүүлүк» жөнүндө395**

**Халифанын муавинди иштен бошотуу укугу туурасында................... 397**

**Хизб ут-Тахрирге суроо.................................................................. 398**

**Хизб ут-Тахрир тууралуу ............................................................... 400**

**Хизбут-Тахрирдин таалим программасы тууралуу............................. 403**

**Хихб ут-Тахрир амири жана Хизб ут-Тахрир жөнүндөгү кеп-сөздөр тууралуу....................................................................................... 404**

**Хизб ут-Тахрирдин конференциялары, форумдары, наразылык акциялары жана жүрүштөрү туурасында ......................................... 405**

**Хизб азыр нусрат талаб кылуунун кайсы этабында ........................... 413**

**Хизб-ут-Тахрирдин Халифалык тикелегенден кийинки вакыйы .... 417**

## Усули фикх аалымы Ато Абу Рошта

Хизбдин учурдагы амири

Хижрий 1424-жылы сафар айынын 11-күнү, миладий 2003-жылы 12-апрелде Хизбут-Тахрирдин мазолим деванынын башчысы усул аалымы, инженер Ато Абу Роштанын (Абу Ясин) Хизбут-Тахрир амири болуп шайланганын жарыя кылды. Ал кишинин даъват ишине зор маани бериши белгилүү болгон жана андан хизб ишин жакшы башкаруу о.э. жигиттердеги күч-кайраттан эң абзел түрдө пайдалануу жөндөмү сезилген. Ошондуктан, Аллах Субханахудан аны нусратка карай жетелешин үмүт кылып калабыз.

Анын турмушунан бир үзүм:

Анын аты-жөнү Ато ибн Халил ибн Ахмад ибн Абдулкадир ал-Хатиб Абу Рошта. Ал хижрий 1362-жылы, миладий 1943-жылы Палестина диярындагы ал-Халил вилаяттарынын бири болгон Раанно аттуу чакан кыштакта, диндар үй-бүлөдө дүйнөгө келди. Ал Палестина башына түшкөн балээлерге, аны яхудийлер 1948-жылы Британиянын колдоп-кубаттоосу менен жана араб акимдеринин чыккынчылыгы акыбетинде басып алганына жаштайынан күбө болду. Мына ошондон кийин анын үй-бүлөсү ал-Халил жанындагы качкындар лагерине көчүп өттү.

Ал башталгыч жана орто таалимди ошол лагерде алды. 1959-жылы ал-Халилдеги Хусайн ибн Али атындагы экинчи баскычтагы медреседен окууну аяктап, экинчи баскычтагы мектептин биринчи даражалуу күбөлүгүн алды. Кийин Куддус Шарифтеги Ибрахимийя медресесинен 1960-жылы экинчи баскычтагы мектептин жалпы күбөлүгүн (Египетке жолдонмону) алды. Мына ошондон кийин 1960-1961-окуу жылында Каир университетинин инженердик факультетине окууга кирди жана 1966-жылы инженердик боюнча бакалаврдык дипломун алды. Университетти бүтүргөндөн кийин бир нече араб мамлекеттеринде инженер болуп иштеди. Анын инженердик иштери боюнча «Өлчөмдөр эсеп-китеби боюнча орточолук о.э. имараттар жана жолдор көзөмөлү» аттуу чыгармасы бар.

Ато Абу Рошта Хизбут-Тахрирге орто мектепте окуп жүргөн кезинде, элүүнчү жылдардын жарымында кошулду. Аллах жолунда залимдердин камактарында көп азаптарды чекти. Ал Хизбде, анын бардык танзимий жана идарий түзүмдөрүндө: дарис, мүчө, мушриф, жергиликтүү жихаз накиби, вилаят межлиси мүчөсү, муътамад, расмий сүйлөөчү, амир мекемесинин мүчөсү болуп үзгүлтүксүз иш алып барды. Хижрий 1424-жылдын жакшылыктуу сапар айынын 11-күнүнөн, миладий 2003-жылдын 12-апрелинен тартып Аллах Хизбге амирлик кылуу милдети

анын мойнуна түшүшүн каалады жана ал Аллахтан бул оор жүктү көтөрүүдө жардам беришин сурады.

Анын жазган Исламий эмгектери төмөнкүлөр:

1. Бакара сүрөсүнүн тафсири - «ат-Тайсир фий усулит-тафсир сураи Бакара».

2. Усули фикх боюнча изилдөөлөр - «Тайсирул вусул илал усул».

3. Бир нече китепчелер:

а) «Экономикалык кризистер» - алардын вакиълиги жана аларды Ислам көз карашынан туруп дабалоо.

б) «Жазира жана Булуңдагы кресттүүлөр жүрүшү».

в) «Өнөржайлаштыруу саясаты жана мамлекеттин өнөржай курулушу».

4. Анын доорунда (азырга чейин) Хизбдин ушул китептери басылып чыкты:

а) «Исламий нафсия негиздери».

б) «Саясий маселелер: Басып алынган мусулман өлкөлөрү».

в) «Саясий түшүнүктөр» китебинин кайра каралып чыккан жана кеңейтилген басылышы.

г) «Халифалык мамлекетиндеги таалим программасынын негиздери».

д) «Халифалык мамлекетинин башкаруу жана идара аппараты».

Бул амирдин дүйнөнү көзгө илбегени, таквасы, шариятка катуу амал кылганы жана илими белгилүү. Анын Хизб ишин башкарууда түрдүү жоопкерчиликтүү милдеттерди, айрыкча, расмий сүйлөөчү, муътамад, амир мекемесинин мүчөсү сыяктуу жооптуу орундарды ээлеп келгендиги зор пайда берди. Бул нерсе аны Хизбге ар бир жоопкерчиликти талап кыла турган иштерди, тактык жана аракетчендикти толук билип түшүнгөн абалда жетекчилик кылууга ылайыктуу кылып койду. Ошондуктан, жигиттер амири алар менен жанаша туруп, аларга, ал тургай, иштердин тафсилаттарында да жетекчилик кылып жатканын сезип турушат. Бул болсо амирге жигиттердин кудурет-жөндөмдөрүн эң абзел көрүнүштө пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берди.

Ато Абу Рошта өзүнө жүктөлгөн даъват аманатын Аллах Субханаху жана Расулу ﷺ сүйгөн көрүнүштө өтөй алышы үчүн жардам берүүнү жана туура жолго жолдоону сурап, анын колу менен туура жолдогу Халифалыкты тикелеп, фатх-жеңиш беришин Аллахтан сурап, тынымсыз жалынып-жалбарды. Албетте, Аллах дуаларды угуучу, кабыл алуучу Зат.

## Саясий жана пикирий күрөш тууралуу

**Суроо**: Хизб тарабынан чыгарылган «Саясий аракеттендирүү» басылмасында «саясий алышуу тарыйкат эмес, бир услуб» деген сөздөр келген. Эгер ошондой болсо т.а. саясий алышуу, пикирий күрөш тарыйкат эмес, услуб боло турган болсо, анда бул нерсе иш алып барып таасир көрсөтүү баскычы тарыйкаттан болуп, бул баскычта жүз бере турган саясий жана пикирий иштер болсо услубдан экенин түшүндүрөбү? Белгилүү болгондой, Курани Каримде бир канча ушундай бир аяттар бар, алар Курайштын куфр башчылары менен саясий алышуу жана пикирий күрөш алып барылгандыгы анык көрсөтүп турат?

**Жооп**: Ооба, ошондой. Иш алып барып, таасир көрсөтүү тарыйкатка кирет.

Ушуну айтып өтүү керек, саясий жана пикирий иш алып баруу экөөсү тең тарыйкатка кирет. Себеби иш алып барып, таасир көрсөтүү ушуну талап кылат жана ансыз аягына жетпейт. Балким иш-аракет саясий жана пикирий иш алып баруусуз эч качан таасир өткөрүүчү иш-аракет боло албайт.

Саясий алышуу жана пикирий күрөш экөөсү саясий жана пикирий иш алып баруу менен ачык каршы чыгып, күрөшкө үндөө болуп эсептелет. Мына ушундай каршы чыгуу бир услуб болуп, бир орунда ылаазым болсо, башка бир орунда ылаазым болбошу мүмкүн.

Бул маселени зээнге дагы да жакындаштыруу, түшүнүктүүрөөк болушу үчүн ушуну айтмакчымын, баракча таркатуу кээде алышуу, күрөшүүчөн услуб менен болуп, ачык, катуу каршы чыгуу маанайында таркатылса, кээде жөнөкөй түрдө таркатуу болушу мүмкүн…

Анткени күрөш жана алышуунун өзүнө таандык маани, мазмуну болуп, анда ачык каршы чыгуу, чакыруу-үндөө көзгө ташталып турат. Ошону менен бирге, бул каршы чыгууга шилтеме, кошумчалар да бар… Булар услубдар.

Эми Куръани Каримде айтылган нерселерге келсек, алар чектүү абалдар болуп, куфр башчыларына каратылган. Буга куфрдун өзү гана болбостон, балким жамандыкты дагы ашырган иштер себеп болгон. Себеби алар акыйкатты айткан далилдер турганына карабастан, Ислам жана мусулмандарга каршы катуу күрөшкөн… Ошондуктан, мына ушул аяти карималарда алардын катуу чабуулдары айтылган… Ошону менен бирге, алардын санын санай турган болсоңуз, алардын саналуу гана кимселер экенин көрөсүз. Негизи, капырлар көп эле.

Расул ﷺ капырларга каршы түрдүү кубаттагы услубдарды колдонгон. Мисалы, Расулулла ﷺдын алдына Курайш башчыларынын бири (Утба болсо керек) барганда, Расул ﷺ ага канааттандыруучу хужжат жана жетик

хикмат менен, тынч, токтоо, таасирдүү услубда Исламды сунуштады... Жада калса бул киши – аны жиберген Курайш башчылары сүрөттөгөндөй – Курайшка башкача абалда кайтты. Ал Расул ﷺдан өзү уккан сөздү мактады…

Курайш башчыларынын дагы бири (Ваил болсо керек) Расул ﷺ менен жолукканда болсо башкача абал жүз берди. Ал да куфр бышчысы болуп, ошондо бир чириген сөөктү көтөрүп барып, аны Расул ﷺга көрсөтүп: Роббиң муну кайра тирилте алабы? - деп сураган. Ошондо Расул ﷺ: Ооба, аны тирилтип, жан берет, - деп жооп берди – кийин Расул ﷺ: сени болсо тозокко киргизет, - деп кошумчалап да да койду… Бул орунда Расул ﷺ анын суроосуна жооп берип эле калбастан, балким катуу сөздөрдү да кошумчалады…

Демек, услуб кубаты каршы тарапка ылайыктуу келе турган көрүнүштө күжүрмөн же жеңилирээк болот.

Элестетүү дагы да аныгыраак болушу үчүн төмөнкүлөрдү айта кетем:

Мына бул аятты окуп көрүңүз:

﴿اذْهَبْ أَنْتَ وَأَخُوكَ بِآيَاتِي وَلاَ تَنِيَا فِي ذِكْرِي ۞ اذْهَبَا إِلَى فِرْعَوْنَ إِنَّهُ طَغَى ۞ فَقُولاَ لَهُ قَوْلاً لَيِّنًا لَعَلَّهُ يَتَذَكَّرُ أَوْ يَخْشَى﴾

*- «(Эй Муса), сен өзүң жана агаң (Харун) Менин муъжизаларымды (адамдарга) алып баргыла жана Мени эстеп – жадыңарда тутууда суздук кылбагыла! Силер Фиръавдын алдына баргыла, себеби ал чектен ашты. Анан, ага жумшак сөз сүйлөгүлө! Балким насаат алар же (Менин каарымдан) коркор».* [20:42-44]

Бул аятта талап кылынган нерсе тынч, токтоо, жумшактык менен пикирий талкуу жүргүзүү экендиги анык көрүнүп турат.

Эми болсо дал ушул темадагы төмөндөгү аятты окуп көрүңүз. Анда да Муса عليه السلام менен Фиръавн ортосундагы, бирок башка орундагы талкуу айтылган. Себеби Фиръавнга анык хужжат жана далилдер көлдөлөң кылынып, баян кылынды. Бирок ошого карабастан ал текеберленип, адашуусун уланта берди… Бул учурда эми Муса ﷺ ага жумшак сүйлөбөдү, тескерисинче аны (مَثْبُورًا) т.а. жок кылынуучу малъун деп атап, катуу сүйлөдү…

Бул мына бул аяти карима:

﴿وَلَقَدْ آتَيْنَا مُوسَى تِسْعَ آيَاتٍ بَيِّنَاتٍ فَاسْأَلْ بَنِي إِسْرَائِيلَ إِذْ جَاءَهُمْ فَقَالَ لَهُ فِرْعَوْنُ إِنِّي لَأَظُنُّكَ يَامُوسَى مَسْحُورًا ۞ قَالَ لَقَدْ عَلِمْتَ مَا أَنزَلَ هَؤُلاَءِ إِلاَّ رَبُّ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ بَصَائِرَ وَإِنِّي لَأَظُنُّكَ يَافِرْعَوْنُ مَثْبُورًا﴾

*- «Ырасында, Биз Мусага тогуз ачык аят-керемет бердик. Андан соң ал (Фиръавн жана анын адамдарынын алдына) келген чагында, (ага): «Бани Исраилди (өз журттарына – Шамга коё берилишин, Фиръавндан) сурагын», (деп буйрудук). Ошондо Фиръавн ага: «Эй Муса, эч күмөнсүз,*

*мен сени сыйкырга чалынган деп ойлоодомун», - деди. (Муса мындай) деди: «(Эй Фиръавн), сен тээ тиги ачык-айкын (кереметтерди) жалаң асмандардын жана Жердин Роббиси гана түшүргөнүн анык билесиң. Эч шек күмөн жок, эй Фиръавн, мен сени жок кылынуучу деп ойлоодомун».* [17:101-102]

Себеби жумшактык, токтоолук менен талкуу башында далил жана хужжаттарды көндөлөң кылуу максатында болду. Бирок көздү ачуучу анык хужжаттар жана далилдер келтирилгенден кийин да кибр жана тугян улана бергендиктен, талкуу кескин түс алды…

Толук, анык тасаввур берген болсом керек деп үмүт кыламын.

Ошондуктан китептерибизде иш-аракет алып барып таасир көрсөтүү баскычындагы саясий иштер жөнүндө: «…бул саясий иштерде пикирий күрөш жана саясий алышуу көзгө ташталат…» деп жазганбыз.

Демек бул баскычта күрөш жана алышуу адатта куфр башчылары менен кагылышуу себептүү көзгө ташталды. Себеби аларга ушул услуб ылайык келет. Бирок башка капырлар менен жана башка учурда саясий жана пикирий ишти бир башкача услуб менен алып баруу керек болушу мүмкүн.

Кайталап айтамын, саясий жана пикирий иш алып баруу тарыйкатка кирет. Анткени иш-аракет алып барып таасир көрсөтүү баскычы экөөсүн талап кылат, экөөсү албетте болушу керек. Болгону, саясий жана пикирий иш алып барууну кескин түс алдыруу т.а. алышуу жана күрөш услуб болуп, ылайыктуу келген заман жана мекенде колдонулат.

14-сафар, 1429-х.
20-февраль, 2008-м.

## «Күч-бийлик» борборлору

**Суроо**: биз адатта улуттук мамлекеттеги «күч-бийлик» борборлору жөнүндө сөз кылганыбызда мисал катары Америка кызыкчылыктарын айтып өтөбүз. Америка бүгүн эл аралык саясатка эң көп таасир өткөрүүчү биринчи (лидер) мамлекет экенин этибарга алып ушул жөнүндө сүйлөйбүз. Бирок, бул жерде «күч-бийликтин» чыныгы эрежеси улуттук мамлекеттин чегарасынан өтөт, деген пикирдеги кишилер бар. Алар муну менен дүйнөлүк «күч-бийликке» ээ бириккен күчтөрдөн турган жашыруун коомдорду назарга алышат. Мисал катары Эл аралык үчтүк комиссиясы, Билдерберг (Bilderberg) тобу жана Тышкы алакалар кеңеши сыяктуу уюмдарды айтып өтүшүбүз мүмкүн. Бул күчтөрдүн баары кээде «жогорку элита» (Illuminate) жана «дүйнөлүк банкирлер, ири финансы жана соода мекемелери» сыяктуу жалпы аталыштар астында биригиши мүмкүн…

Айрымдардын айтымында, бул күч борборлору эч кайсы улуттук мамлекетке, ал тургай, АКШга да берилгендик көрсөтпөйт. Тескерисинче, алар «дүйнөлүк системанын теориясына» ылайык Кошмо Штаттардан тышкары жаңы күч структураларына көчүп өтүүгө даяр. Мунун натыйжасында үрөй учурган өзгөрүүлөр: долларды четке сүрүү, бир катар товарларга таянган жаңы бир валюта же бириккен валюталар пайдасы үчүн нефтини долларга сатууну токтотуу жүзөгө келиши мүмкүн.

Бул канчалык туура? Эгер, бул нерсе туура болсо, анда, улуттук мамлекеттердин чегараларынан ашып өтүп дүйнөлүк өкмөткө жетишкен «күч-бийлик» борборлору жөнүндөгү Хизбдин көз карашы кандай?

**Жооп**:

1 – Капитализм мабдасы улуттук фикратын бекер кылууга аракет кылбады, тескерисинче, аны моюнга алды, мамлекеттер ортосунда тургузулган чегараларды тан алды. Ошондуктан, капиталисттик мамлекеттер эл аралык келишимдер, алардын катарында, 1815-жылдагы Вена келишими боюнча көрсөтүлгөн чегаралар алкагында бөлүнүп чыккан мамлекеттердеги калктардын эгемендүүлүгүн моюнга алды. Улуттук факторлор себептүү бул мамлекеттердин ортосунда согуштар жүз берди… Ошондуктан, капиталисттик мамлекеттер улуттук жана мекендик түсүнө ээ болду жана капитализм мабдасына таянып бул түстү сактап калды. Бул мамлекеттер улуттук жана мекендик суверенитетти о.э. колонизаторлук кызыкчылыктары деп бири-бири менен согушту. Негизи, алардын баары капитализм идеологиясына негизделип, бул идеологияны башкаларга жеткирет. Ушуга карабастан, бири-бири менен согушту. Ал тургай, алар: «мамлекет бийлик, калк жана белгилүү бир

чегарага ээ региондон турат», деп мамлекетке туура эмес аныктама беришти. Ушул мабданын пайда болушунан тартып бул мамлекеттер ортосунда кандуу согуштар үзгүлтүксүз түс алды. Европа Союзу жөнүндө айта турган болсок, Европа Союзу улуттук мамлекетти бекер кылган жок, болгону улуттук мамлекеттер ортосундагы кызматташтыкка жакыныраак нерсени пайда кылды. Ошондуктан, Европа Союзу бир мамлекет болуудан алыс. Доорлор өтүшү менен аны кескин кризистер курчап алып, бороондой талкалап жиберейин деп жатат. Жада калса, Европа Союзунун бир нече мамлекеттерине бөлүнүп кетүү да коркунуч туудурууда. Себеби, Европа Союзунун Бельгия, Испания, Британия, Италия сыяктуу бир нече мамлекеттеринде бөлүнүп чыгууга чакырыктар айтылууда. Капиталисттик мамлекеттер кабыл алган федерациялык система – айрыкча, түрдүү улуттардан турган мамлекеттерде – бөлүнүү жүз беришине жардам берүүчү бир фактор болуп эсептелет. Америкада да федерация системасы бөлүнүүгө жардам берүүчү фактор. Бул абал Америкада 1860-жылы жүз берген жана түндүктөгү штаттар менен түштүктөгү штаттар ортосунда жүз берген согуш беш жылга созулган. Демек, капитализм пикирине ээ кимселердин назарында улуттук мамлекет бекер болушу мүмкүн эмес. Себеби, капитализм мабдасы калктар жана улуттарды бир «казанда кайнатып» бириктириши тиякта турсун, а түгүл, бир мамлекетте жашап жаткан түрдүү улуттарды да бириктире албайт. Ушул себептен улам, капитализм фикраты ээлеринин назарында улуттук мамлекеттин бекер болушу жөнүндөгү кеп-сөз реалдуулуктан бүтүндөй алыс. Ар бир мамлекеттеги ири капитал ээлери өз калкынын бир бөлүгү болуп, алар өздөрүнүн улуттук мамлекетин бекемдөө жана күчөтүүгө аракет кылышат. Аракет кылып эле калбастан, бул мамлекетке түздөн-түз же кыйыр түрдө жетекчилик кылышат. Ошондуктан, мамлекеттеги мансаптарды ээлеген бир нече кимселер бай капиталисттер экенин, же капиталисттер менен алакасы бар экенин, же ири компанияларды башкарып жатышканын көрөбүз.

2 – Эми, суроодо айтылган күчтөргө, алардын улуттук мамлекеттен да өтүп дүйнөлүк өкмөткө айланып жатканы жөнүндөгү кеп-сөздөргө келсек, абал андай эмес. Тескерисинче, алар улуттук мамлекетке, айрыкча Америкага кызмат кылып жаткан мекемелер. Бул мындайча:

а) Билдерберг клубу жөнүндө айта турган болсок, ал 1954-жылы 29-майда Голландиянын Остербек шаарындагы Билдерберг отелинде түзүлгөн. Анын аты ушул мейманкананын атынан алынган. Ал Дэвид Рокфеллер сыяктуу айрым америкалык капиталисттер тарабынан түзүлдү. Аны түзүүдө Американын Батыш Европага жардам берүү саясатын колдоп-кубаттаган айрым европалыктар да катышты. Алардын бири Голландия канзадасы Бернард болгон. Ал ушул клубдун биринчи

президенти болуп дайындалды. Аны менен бирге клубду башкаруу комиссиясында Кошмо Штаттардын соода палатасынын төрагасы Жон Колман да болгон. Бул клубду түзүүдөн максат Маршалл планы себептүү Европада Кошмо Штаттарга карата душмандык туйгулары күчөп жатканын чечүү экендиги жарыя кылынды. Маршалл планы экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Американын Европага жардам бергенинен пайдаланып Европа үстүнөн Вашингтон өкүмдарлыгын орноткон… Коммунисттер жана Деголлчулар (Де Голль) бул туйгуларды күч алдырууда маанилүү роль ойношту. Клубду түзүүдөн «Америка менен Европа ортосундагы алакаларды бекемдөө максатында о.э. чыгыш жана коммунисттик лагерге каршы турууда батыш лагерди колдоп-кубаттоо жана Батыш хазаратын, капитализмдин эркин экономикалык моделин сактап калуу максатында Кошмо Штаттарга карата ушул душмандык абалын басаңдатуу планын кабыл алуу» максаты да көздөлгөнү жарыя кылынды. Клуб жыйындарында Батыштын бир нече жетекчилери да келишти. Алардын арасында королдор, маалымат магнаттары, район... 

Түзүлгөндөн тартып бүгүнкү күнгө чейин жылына бир жолу чогулуп жыйын өткөрүп туруучу бул клуб түзүлүш жагынан да, максаты, багыты жана багытталып турушу жагынан да америкача клуб. Бирок, фильмдердегидей фантазияларга берилип бул клубду дүйнөнү башкарып жаткан жашыруун дүйнөлүк өкмөт деп көрсөткөн кишилер бар. Мисалы, орустардан бири ушул туурасында бир китеп жазып, миллиондогон нускаларды чыгарып, акча иштеди! Бирок, саясатчы идеологдор жана саясий аң-сезимдүү кишилер бул клубдун маңызын жакшы түшүнүшөт. Мисалы, айрым француздар мындай деп жазып чыгышты: «Таасирдүү адамдардан турган бул клуб - «Билдерберг клубу» НАТО өз кызыкчылыктарын бекемдөө жана АКШнын таасирин жаюуга аракет кылуу үчүн ишке салып жаткан бир таасирдүү басым өткөрүү куралынан башка нерсе эмес». Бул клубдун Франциядагы Версаль сарайында 2003-жылы 15-18-майда өткөрүлгөн, француз президенти Ширак катышкан жыйынында жана бул жыйында француздар менен америкалыктар ортосунда жүз берген келишпөөчүлүктөр учурунда Американын бул клубга күчтүү таасири ээ экени анык көрүндү… Америкалыктар Шириактан – ал америкалыктардын Ирактагы баскынчылыгына каршы чыкканы үчүн – наараазы болушту, аны кичүү Буш доорундагы Америка жетекчилигинин расмийлери келген конференцияда кемсинтүүгө аракет кылышты. Ошол расмийлер арасында коргоо министри Дональд Рамсфельд, анын орун басары Пол Вольфовиц, Америка коргоо саясаттарынын комиссиясы мүчөсү Ричард Перл, мурунку Америка

мамлекеттик катчысы Генри Киссинжер болгон. Ошол убакта Америка мамлекеттик катчысы Колин Пауэлл өз мамелкетинин саясатынын колдоп-кубатталышы үчүн Европа бойлоп сапарда эле. Бул сапарда Бектел жана Халлибертон сыяктуу Америка компаниялары Иракта түзгөн ири келишимдер туурасында тартышуу келип чыкты. Европанын бир мүчөсү шылдың тариздe «Европанын кайсы компаниялары мындай «майлуу» келишимдерге жетишиптир?» деп суроо салды. Европа армиясын түзүү темасы да талкууланды, америкалыктар буга каршы чыгышты, европалыктар менен америкалыктар ортосунда мындай армияны түзүү зарылдыгы туурасында кескин тартышуу болуп өттү. Акыбетте, Америка бул армияны түзүү максатын жокко чыгарды.

Ушулардан айкын болгондой, Билдерберг клубу – Америка Европа үстүнөн өз өкүмдарлыгын орнотуу саясатын коргоо жана Америка долбоорлорун үгүттөө каражаттарынын бири. Мында Америка европалыктарды өзүнүн саясаты алардын саясатына тескери эместигине, тескерисинче, алардын кызыкчылыктарына, бүтүндөй Батыш кызыкчылыктарына кызмат кылышына ишендирүүгө аракет кылып жатат. Акыйкатта болсо, бул саясат эң оболу Америка кызыкчылыгына жана анын долбоорлоруна кызмат кылат…

б) Эл аралык үчтүк комиссиясы клубу болсо 1973-жылы Дэвид Рокфеллер жана Збигнев Бжезинский тарабынан бир топ америкалык идеологдор, саясатчылар, окумуштуулар менен биргеликте түзүлгөн. Бул клуб түзүлгөндө ага үч регион: Америка, Батыш Европа жана Япония жетекчилери да катышты. Бул клубдун максаттары: «Бул мамлекеттер ортосунда алардын дүйнөнүн калган региондорундагы экономикалык, саясий жана суверендүү кызыкчылыктарына кызмат кыла турган нерселер боюнча кызматташтыкты бекемдөө, бул мамлекеттер ортосунда чечилбей келе жаткан жана пайда боло турган проблемалардын чечимдерин иштеп чыгуу, өз ара тажрыйба жана көз караш алмашуу, Чыгыш менен Батыш ортосундагы алакалар өнүгүүсүн күзөтүү». Ушуну байкоого болот, америкалыктар бул клубду Американын Европа жана Япония үстүндөгү өкүмдарлыгын орнотушун кепилдөө үчүн түзүшкөн.

в) Эми Батыштын финансылык жана ири менчик соода мекемелерине, анын катарында, Рокфеллер, же Ротшильд, же Блюмберг үй-бүлөсү сыяктуу үй-бүлөлөр ээлик кылган ушундай мекемелерге келсек, алар өз кызыкчылыктарын ушул мамлекеттин саясаты алкагында, өз аракеттерин ушул саясатка ылайыкташтырып ишке ашырууга аракет кылат жана бул саясаттын эч бир бөлүгүнөн дээрлик сыртка чыкпайт. Рокфеллер Америка мамлекети Европа, Япония жана калган дүйнө үстүнөн өкүмдарлыгына кызмат кылуу үчүн Билдерберг клубу жана Эл аралык үчтүк комиссиясы клубун түзүүдө кандай иш алып барганын

көрдүк. Бул мекемелер Америка аларды коргой турган, алардын артында турган, кызыкчылыктарына жана пайдаларына жетишүүнү камсыздай турган мамлекет экенин жакшы түшүнөт. Анткени, капиталисттик мамлекет: «Бул компаниялар чет элден акчалар жана пайдаларды тартуу үчүн чоң роль ойнойт, ичкериде болсо ишканаларды куруп, жумушчу күчтөрдү иш менен камсыздайт», деп билет. Капиталисттик мамлекет бул компанияларды мамлекет жарандарына кызмат кылуу үчүн маанилүү роль ойной турган жана мамлекеттин пайдасы үчүн аракет кыла турган өкмөттүк мекемелер деп о.э. чет элде колонизаторлук максаттарын ишке ашырууда бир курал деп эсептейт. Мисалы, Британия өтмүштө Индияга «Чыгыш Индия» (Ост-Индия) компаниясы аркылуу кирип барды жана ошондон кийин Индияны түздөн-түз колония кылууга киришти. Ошондутан, ири менчик Америка финансы компаниялары жана мекемелери Америка мамлекетинин пайдасы үчүн активдүү роль ойнойт. Мисалы, «Голдман Сакс» Америка финансы мекемеси Америка пайдасы үчүн Европа Союзуна каршы белгилүү бир ролду ойноду. Бул мекеме Грецияны Еврозонага киргизүү максатында 2001-жылы Греция экономикасынын чыныгы абалын жасалмалаштырды. Себеби, мына ошондо т.а. Греция Еврозонага кирсе бул зонада финансылык жана экономикалык проблемалар пайда болот эле. Бул аракеттерден Еврозонаны күчсүздөнтүү же кулатуу көздөлгөн. Ошондуктан, Нью-Йорк Таймс гезити мындай деп жазып чыкты: «Голдман Сакс банкы 2001-жылы түзгөн 15 миллиард доллар көлөмүндөгү бир гана келишим Грециянын миллиарддаган доллар карызын Европа Союзунун бюджеттерди көзөмөлдөөчүлөрүнөн жашырууда жардам берди». (Ал-Жазира ал-Васоикийя, «Уолл Стрит Европа финансылык кризисине баш кошкон», 14-февраль, 2010-жыл). Голдман Сакс бул акчаларды карыз эмес, соода келишимдери деп, карыз деңгээли улуттук киреше же ички дүң продукциянын даражасынан өтпөйт жана инфляция Европадагы алгылыктуу даражадан ашпайт деп көрсөттү. Америка бул аркылуу Европаны күчсүздөнтүү, ыдыратуу, еврого – доллар менен атаандаша албашы үчүн – сокку берүүнү көздөгөн. Себеби, мына ошондо Американын европалыктар үстүнөн, алардын экономикасы үстүнөн жана бүткүл дүйнө үстүнөн өкүмдарлыгы камсыздалат. Демек, Американын ири менчик финансылык компаниялары Америка мамлекети менен келишип өз мамлекетинин пайдасы үчүн белгилүү бир ролду ойнойт. Ошондуктан, Германия мындан тынчсызданып жатканын билдирди жана 2010-жылы Грецияда финансылык кризис «жарылганда» Грецияны жалганчылык жана жасалмалаштырууда айыптады. Анткени, бул нерсе Еврозона бекемдигине жана Германияга таасир кылды. Бул кризистин акыбеттери дагы эле уланууда.

г) Эл аралык Банк, Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Соода Уюму эл аралык мекемелер катары түзүлгөн болсо да, бирок, алар дүйнөлүк өкмөт катары өз каалоосун мамлекеттерге өткөрө ала турган көз карандысыз мекемелерден боло албады. Тескерисинче, Америка бул мекемелерде эң биринчи сөз жана таасир ээси болуп алды. Америка алардан өзүнүн саясатын башка мамлекеттерге мажбурдуу түрдө жүктөө үчүн пайдаланууда. Ошондуктан, бул эл аралык мекемелер башка мамлекеттерге менчиктештирүү мыйзамдарын чыгарышын жана америкача глобалдаштыруу вазыйпасын о.э. башка базар экономикасынын саясатын жүктөдү. Америка дүйнө үстүнөн өкүмдарлыгын бекемдөө үчүн бул мекемелер жардамында өзүнүн валютасын – долларды дүйнөгө жүктөдү жана долларды нефть, газ, алтын жана башка металлдар жана товарлар баалана турган, валюталардын айырбаштоо курсуна айлантты. Натыйжада, доллар дүйнөдө негизги валюта болуп калды, мамлекеттердин көптөгөн валюталары ага байланып калды. О.э. доллар көптөгөн мамлекеттердин финансылык запасы да катары коюлду. Демек, булар Америка мамлекетинин дүйнө үстүнөн өкүмдарлык кылуу ыкмаларынын бири.

Ошондуктан, дүйнөнү башкарып жаткан жана улуттук мамлекетти бекер кыла турган дүйнөлүк өкмөт жөнүндөгү кеп-сөз бир куру кыял гана. Анткени, ири мамлекеттер дүйнөдө өкүмдар болуп келе жатат, айрыкча, биринчи макамда турган мамлекет өкүмдар.

3 – Капиталисттик мамлекеттер үстүнөн капиталисттер өкүмдарлык кылат. Себеби, мына ушул капиталисттер ар бир капиталисттик мамлекетте акимдерди шайлашат. Алар бул акимдерди мамлекетти бекер кылбастан өздөрүнүн кызыкчылыктарына кызмат кылышы үчүн шайлашат. Бул капиталисттер өздөрүнүн мамлекеттерин коргошот, анткени, мамлекет алардын кызыкчылыктарын коргойт. Бул капиталисттер дагы да көбүрөөк пайдага ээ болуу үчүн өз мамлекети башка мамлекеттер үстүнөн өкүмдар болушуна аракет кылышат. Анткени, мамлекети канчалык күчтүү болсо, бул капиталисттердин соодасы ошончолук кеңейет, пайдалары дагы да көбөйөт. Бирок, компаниянын же финансылык мекеменин бир мамлекетке айланышы мүмкүн эмес, себеби, анын максаты пайда. Адамдар да аны мамлекет катары кабыл кылышпайт. Себеби, бул компания же мекеме мамлекет аппаратын түзүүгө, аны жүргүзүүгө жана адамдар иштерин этибар менен башкарууга кудурети жетпейт. Мисалы, капиталисттик мамлекеттер менчиктештирүү саясатын баштаганда электр энергиясынын, телефон, темир жолдордун бир бөлүгүн, шаарлар жана мамлекеттер ортосундагы аракеттенүү линияларынын бир бөлүгүн жана башка социалдык кызматтарды жана адамдардын кызыкчылыктарын аткара турган

мамлекеттик мекемелерди менчик компанияларга сатты… Бул кызыкчылыктарды сатып алган менчик компаниялар болсо, аткаруучу аппаратка т.а. мамлекетке муктаж. Себеби, адамдар моюндарындагы карыздарды төлөй албай калышса же кээ бирөөлөрү төлөөдөн баш тарта турган болсо, бул компаниялар мамлекеттеги коопсуздук мекемесине жана сотко кайрылат. Эгер, адамдар баш көтөрүп компания мекемелерине чабуул кыла турган болсо же «Уолл Стритти басып ал» кампаниясында жүз бергендей бул компанияларга наарazылык билдире турган болсо, бул компаниялар өзүн коргоо үчүн мамлекетке кайрылат. Бул компаниялар өз иштерин жүргүзө алышы жана өз долбоорлорун ишке ашыруу үчүн мыйзамдарга муктаж. Ошондуктан, Америкада, кийин Европада финансылык кризис жарылганда финансылык компаниялар жана мекемелер өздөрүнүн өтпөй калган же жараксыз болуп калган акцияларын сатуу аркылуу өздөрүн куткарышы үчүн мамлекетке кайрылды. Бул куткаруу адамдардан салыктар катары чогултуп алынган акчаларды ушул компанияларга бөлүү деп ишке ашырылды. Ошондуктан, финансылык компаниялар жана мекемелер капиталисттик мамлекеттерде аткаруучу да, сот да жана мыйзам чыгаруу бийлигине да ээ эмес. Белгилүү болгондой, капиталисттик мамлекеттер бул бийликтерди теориялык жактан бири-биринен айырмалайт. Финансылык компаниялар жана мекемелер болсо өзүн коргоо, өзүнүн ичкери жана чет элдеги долбоорлорун ишке ашыруу, берген карыздарын кайтарып алуу жана пайдаларын топтоо, кризистер жүз бергенде өзүн куткаруу үчүн ушул бийликтерге таасир өткөрүүгө гана аракет кылат.

4 – Бардык мекемелердин иштери өзү таандык болгон улуттук мамлекетке кызмат кылуу алкагынан чыкпайт. Бул мекемелер ар кандай ишти кылуудан тайбайт, ал тургай, ахлакый жана инсаний жактан ыплас иш болсо да аткарат. Американын ачыкка чыгып калып жаңжалга себеп болгон тыңчылыгы муну жаркын көрсөтүп турат. Себеби, Америка башка мамлекеттер, эң оболу, союздаштары болгон Европа мамлекеттери артынан, алардын акимдери, элчиликтери, компаниялары жана адамдары артынан тыңчылык кылды. Мында Америка өзүнүн разведка аппаратына караштуу атайын электрондук аппаратураларын ишке салды. Бул иште о.э. анын разведкасы менен бирге Google, Yahoo сыяктуу компаниялары да катышты. Бул шерменде жаңжал капиталисттик мамлекеттер ортосундагы улуттук үстөмдүк үстүндө күрөш акыйкатын анык көрсөтүп турат. Америка муну өзүнүн мамлекеттик катчысы Жон Керринин Лондондо өткөрүлгөн басма сөз конференциясында айткан ушул сөздөрү аркылуу моюнга алды: «Улуттук Коопсуздук агенттигинин тыңчылыгы айрым абалдарда мүмкүн болгон чектерден ашып кетти». (BBC, 1-ноябрь, 2013-жыл). Керри мындай дейт: «Бул тыңчылык операциялары

террорчулук чабуулдарынын алдын алды». Негизи, алар немис канцлери Меркел сыяктуу Европа жетекчилери артынан тыңчылык кылышкан. Америкалыктар Меркелдин уюлдук телефонуна он жыл аралыгында кулак салып тыңчылык кылышты. Америка булардын баарын өзүнүн улуттук үстөмдүгүн жана дүйнөдөгү кызыкчылыктарын сактап калуу үчүн, Америка өкүмдарлыгынан кутулууга аракет кылып жаткан Европа мамлекеттеринин бардык аракеттерин күзөтүү үчүн, аны менен атаандаша ала турган же бул өкүмдарлыкка коркунуч туудура ала турган эл аралык таасирге ээ ар кандай кубаттын пайда болушуна жол бербөө үчүн ишке ашырат.

Американын бардык компнаиялары улуттук мамлекетке, анын сакафатына жана баалуулуктарына кызмат кылат. Бул нерсе Кытай менен Американын Google компаниясы ортосунда үч жыл мурун келишпөөчүлүк келип чыкканда анык байкалды. Ошондо Кытай маалымат агенттиги Синьхуа 2010-жылы 23-мартта мындай деп жазды: «Өкүнүчтүүсү, Google Кытайда өзүнүн соода аракеттерин кеңейтүүгө аракет кылып эле калбастан, америкача баалуулуктарды, пикирлерди жана сакафатты үгүттөөгө да аракет кылууда». Америка өзүнүн Европа үстүндөгү өкүмдарлыгын кепилдөө үчүн америкалык адамга жана Америка мамлекетине урматтоону жүзөгө келтирүү максатында өзүнүн баалуулуктарын, пикирлерин жана сакафатын капитализм идеологиясында аны менен шерик болгон Европада да үгүттөдү.

5 – Ушулардан ачык-айкын болгондой, дүйнөлүк өкмөткө ээ жана капитализм мабдасынын негизине курулган улуттук мамлекеттерди бекер кылуучу жашыруун коомдор деген нерсе жок. Билдерберг жана Эл аралык үчтүк комиссиясы клубдары болсо, америкалыктар өз мамлекетинин дүйнө үстүндөгү өкүмдарлыгын туруктуу кепилдөө үчүн түзүшкөн. Америкадагы ири финансы, соода, электрондук, кыймылсыз мүлк компаниялары, аскерий өнөр жай компаниялары жана башка ири өнөр жайлар, ири магнаттар, банкирлер, биржалардагы чайкоочулар, булардын баары өз мамлекетинин кызыкчылыктарына кызмат кылышат. Бирок, алар өздөрүнүн финансылык кирешелерин сактап калуу, дагы да көбөйтүү, аларды ичкериде жана чет элде дагы да кеңейтүү үчүн өз мамлекетиндеги бийликке таасир өткөрүшөт, башка мамлекеттерге каршы өз мамлекетинин саясатына кызмат кылуу үчүн жана өз мамлекетинин таасирин ушул мамлекеттерге жаюу үчүн чет элде белгилүү бир ролду ойношот. Муну менен бирге Америка өзүнүн аскерий өкүмдарлыгын да сактап калууга аракет кылууда. Муну аскерий базаларын куруу жана стратегиялык союздарды түзүү менен ишке ашырууда. Америка өзүнүн саясатын ишке ашыруу үчүн НАТОну да ишке салууда, аны өз командачылыгы астында күчөтүүгө аракет кылууда. Америка Европа анын командачылыгынан чыгып кетишине жол бербөө үчүн Европа армиясынын түзүлүшүнө тоскоолдук кылды. Америка башкалардын артынан – ал тургай,

өзүнүн союздаштары болсо да – алардын аракеттерин күзөтүү үчүн тыңчылык кылууда, доллларды дүйнөлүк валюта катары сактап калуу менен өзүнүн экономикалык жана финансылык өкүмдарлыгын сактап калууга аракет кылууда. Америка Эл аралык Банк, Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Соода Уюму сыяктуу эл аралык финансы жана соода мекемелери үстүнөн өкүмдарлыгын сактап калууга да аракет кылууда. Америка БУУ, айрыкча, Коопсуздук Кеңеши үстүнөн өкүмдарлык кылуу менен өзүнүн саясий өкүмдарлыгын сактап калууга жана малайларды табуу, башка мамлекеттердеги башкаруу түзүмдөрүн өзүнө байлап алуу аркылуу башка мамлекеттер үстүнөн өкүмдарлыгын сактап калууда. Булардын баары Америка мамлекетин, анын улуттук сыпатын, дүйнөдөгү биринчи макамдагы мамлекет катары эл аралык деңгээлин сактап калууга кызмат кылат. Ошондуктан, Америка өзүнүн «эже-карындаштары» болгон Британия, Франция жана башка колонизатор капиталисттик мамлекеттер менен – аларды колонияларынан жана таасири бар региондорунан чыгарып, алардын ордун ээлөө үчүн – күрөшкө киришти. Америка мында чоң ийгиликке жетишти жана ушул мамлекеттерди эл аралык майдандан кулатып жалгыз өзү бул майдандын кожоюну, дүйнөдөгү биринчи жана чечүүчү сөз ээси болуп алууга умтулду. Америка Батыш дүйнөсүнүн жана капитализм идеологиясы ээлеринин жетекчиси болуп алууга, бул идеологияга таяныч болууга умтулду, башка идеологияны көтөрүп чыгып Америка идеологиясынын ордун ээлөөнү каалаган же бирер мамлекетти, канчалык кичине болбосун бирер мамлекетти курууну каалаган кишилерге каршы согуш байрагын көтөрүп чыкты. Ошондуктан, Америка Халифалык мамлекетин курууга болгон даъватка чыдай албайт. Америкадагы изилдөө борборлору жана стратегия институттары Халифалыкты тикелөө үчүн болгон ар кандай аракетти жок кылуу үчүн, ал тургай, бул туурасындагы ар кандай пикирди да жок кылуу үчүн изилдөөлөрдү жана пландарды даярдоодо… Бирок, эртеби-кечпи Америка Халифалык аз эле жоготуулар менен өкүмдар болуп алган азыркы капиталисттик мамлекеттер сыяктуу эместигин түшүнүп жетет. Жада калса – Күчтүү, Азиз Аллахтын уруксаты менен – Америка Халифалыкка каршы күрөштө чоң зыян көрөт…

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

*«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү (муну) билишпейт»* [12:21]

12-мухаррам, 1435-х.
15-ноябрь, 2013-м.

## Ири мамлекеттин таасири астындагы мамлекет тууралуу

**Суроо**: саясий түшүнүктөр китебинин хижрий 1425-жыл, миладий 2005-жылдагы басылмасынын 20-бетинде эл аралык абал темасында мындай делген: «…Кимдиндир таасири астындагы мамлекеттин тышкы саясатын башка бир мамлекет менен көз карандылык эмес, пайда байлап турат. Мисалы, Япониянын Америкага, Австралиянын Америка жана Британияга, Канаданын Америка, Британия жана Францияга, азыркы Түркиянын Британия жана Америкага байланыштуулугу сыяктуу».

Суроо мындай, ири мамлекеттин таасири астындагы мамлекет өзүнүн тышкы саясатында ошол ири мамлекеттин саясаты алкагынан чыгышы мүмкүнбү? Мисалы, Түркия бирер маселеде, мисалы Сирия маселесинде Америка тышкы саясатынын алкагынан чыгышы мүмкүнбү?

**Жооп**: мындай мамлекет тышкы саясаттын бирер жузъий (чоң мааниге ээ эмес) маселесинде ири мамлекеттин саясаты алкагынан чыгышы мүмкүн. Анткени, ал көз карандылык жүзөсүнөн эмес, кызыкчылык жүзөсүнөн байланыштуу. Демек, ал өзүнүн кызыкчылыктарын издейт. Бирок, ири мамлекеттердин бул мамлекетке өткөрө турган таасир жана басым факторлорун эсепке алуу да зарыл. Ири мамлекеттер аны мына ушул жузъий маселелерде алкактан чыгып кетишине тыюу салат. Бул тыюу салуунун күчтүүлүгү же күчсүздүгү ири мамлекеттин таасири астындагы мамлекеттеги аким табаканын бийликке келишинде канчалык таасир өткөрө алганына байланыштуу. Эгер, ири мамлекеттин таасири күчтүү болсо, таасир астындагы мамлекеттин ар кандай жузъий маселеде чыгып кетиши өтө кыйын болот. Ошондуктан, ири мамлекеттин таасири канчалык азайса, таасир астындагы мамлекет жузъий же көбүрөөк маселеде ири мамлекеттин тышкы саясаты алкагынан чыгып кетүүгө ошончолук кудуреттүү болот. Муну төмөндөгү айрым мисалдар менен аныгыраак түшүндүрөбүз, кийин аларды Түркия маселеси менен аяктайбыз:

1 – Япония:

Япониядагы башкаруу түзүмү жана ички абал туруктуу, мамлекет мекемелери да туруктуу. Ошондуктан, Япония тышкы саясаттын бирер жузъий маселесинде алкактан чыгып кетиши жана Америка алкагында – саясатчылар өздөрүнүн тагдырларынан кабатыр болушпай – айлана бериши да мүмкүн. Бирок, Америка Японияга экинчи дүйнөлүк согуштун акырында мажбурлап киргизген чектөөлөр, мисалы Японияны стратегиялык куралдарды, айрыкча ядролук куралдарды өнүктүрүүдөн тыюу салуу сыяктуу чаралар о.э. мажбурдуу түрдө тыгыштырган коопсуздук келишимдери жана Американын япон экономикасына өткөргөн басымдары, булардын баары Япония саясатында, аким

табакада жана саясий партияларда, айрыкча Либерал Демократиялык партияда Америка таасирин пайда кылды. Либерал Демократиялык партия Японияны – социалисттик партиянын бир нече айдан ашпаган аз гана башкаруу доорун эсепке албаганда – 1955-жылдан тартып үзгүлтүксүз 54 жыл башкарып келди, бул партия 2009-жылдагы шайлоолордо жеңилгенге чейин бийликте турду. Мына ушундан кийин Либерал Демократиялык партия 2012-жылы 15-декабрдагы жалпы парламенттик шайлоолордо жеңишке жетип, өткөн жылдын акырында коалиция түзгөн партиялар менен бирге бийликке кайтты. Булардын баары Америка кызыкчылыктары менен Япония кызыкчылыктары ортосундагы кагылышууну о.э. япон саясатында Американын күчтүү таасирин пайда кылды. Ал тургай, бийликте турган кимсе Америка каалоосуна каршы аракет кылуудан же бирер жузъий маселеде Америка алкагынан чыгуудан коркуп калды. Анткени, ал Америка оппозициячыл партияларды ага каршы козгошунан же ага каршы япон экономикасына таасир кыла турган экономикалык проблемаларды келтирип чыгарышынан, натыйжада өкмөтү күчсүздөнүшүнөн же кулашынан коркуп калды. Ошондуктан, Япония тышкы саясаттын жалпы маселелеринде Америка алкагында айлануудан чыкпады. Бирок, ал Америка тышкы саясатынын көп эле таасир кылбаган айрым маселелеринде күчтүү аракет кылуудан өзүн алыста кармап келди… Мисалы, Япония 1991-жылдагы Иракка каршы согушка катышууну четке какты жана 2003-жылы Ирак басып алынганда шарттуу катышуу менен гана чектелди. Анткени, Япония массалык кыргын куралдары деген нерсени издеп текшириүүдө Америка күчтөрүн колдоо үчүн миң аскер жөнөтүү менен гана чектелди. Бирок, Япония согуш чыгашаларын көтөрүү үчүн Америкага 13 миллиард доллар көлөмүндө жардам берди. Т.а. Япония айрым жузъий маселелерде алкактан чыкты, бирок, көрүп турганыңардай бул жузъий маселелердин чоң таасири болбоду…

2 – Канада:

Канада акимдери өз мамлекетинин кызыкчылыктары жөнүндө ойлошот, ошондуктан ушул кызыкчылыктардын жүзөгө чыгышына карап ал же бул мамлекет менен бирге аракет кылышат же өздөрү үчүн пайдалуу экенин көрүшпөсө бул мамлекет менен бирге болуудан алыс турушат. Бирок, бул жерде алкагында Канада айланып жаткан үч мамлекет: Америка, Британия жана Франциянын бир нече факторлорго ылайык Канаданын тышкы саясатына таасири бар. Бул факторлор Япониядагыдан айырмаланат, анткени бул факторлор аскерий чектөөлөр же коопсуздук боюнча түзүлгөн келишимдер эмес… Тескерисинче, алар башка факторлор. Анткени, Канада Британия Шериктештиги боюнча Британияга байланып калган. Анткени, анын калкынын жарымынын теги

британиялык. Канада франкфония (француз тилинде сүйлөшүүчү мамлекеттер) боюнча Францияга да байланып калган. Анткени, калкынын 16%га жакыны француз. Канада Америка менен дүйнөдөгү корголбогон эң узун чегара бойлоп чектешет. Ошондуктан, Канада менен Америка экөөсү бир-бирине киришип кеткендей көрүнөт. Экөөсү эң ири соода шериктер катары бир-бири менен эркин соода алып барат. Канада жана Америка 1988-жылдан бери эркин соода келишими боюнча кызматташтык кылып келишүүдө. 1992-жылы бул кызматташтык келишимине Мексиканы да кошушту. Канада 1990-жылы Кошмо Штаттардын таасири астында кол коюлган Америка Мамлекеттеринин Уюмуна кошулду.

Бул факторлор Япония мисалындагы чектөөлөр жана келишимдерден көрө таасири аз болгону үчүн, демек Канада Япониядан көрө жузъий маселелерде мына ушул мамлекеттин тышкы саясаты алкагынан чыгууга кудуреттүүрөөк. Ошондуктан, Канада Куба менен расмий алакаларды сактап келүүдө, Кубага каршы киргизилген блокада жана бойкотто Америка менен бирге болбоду. Канада 2003-жылы Иракка каршы уюштурулган согушта Америка жана Британия тарабында турууну да четке какты. Канаданын бул жааттагы позициясы Франция позициясына жакынырак болду… Бирок, Канада эл аралык саясаттагы чоң таасирдүү маселелерде Америка алкагынан чыкпайт. Ошондуктан, ал Афганистан согушунда Америка жана НАТО мамлекеттери тарабында турганын көрдүк. Анткени Канада НАТОдо негиздөөчү мүчө болуп эсептелет. Канада 1950-1953-жылдардагы Корея согушунда Американын негизги шериги болгон. Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарда Британия тарабында турду… Т.а. Канада жогоруда айтылган факторлор себептүү ушул үч мамлекеттин кызыкчылыктары алкагында айланат. Бирок, бул мамлекеттердин таасири Канаданы жузъий маселелерде ушул үч мамлекеттин тышкы саясаты алкагынан чыгышын тыя турган даражада күчтүү эмес, бирок, айтып өткөнүбүздөй Канада маанилүү эл аралык маселелерде бул алкактан чыкпайт…

3 – Түркия:

Американын Түркиядагы аким табаканы бийликке алып келүүдөгү таасири күчтүү. Ошондуктан, Эрдаган Американын жардамысыз бийликке келе албашын жана ичкериде өз таасирин бекемдей албашын жакшы билет. Демек, Эрдаган өзүнүн тагдыры Түркияда чоң таасирге ээ болуп алган Америкага байланыштуу деп билет. Жада калса, Америка башкарууга, акимдерге, сотко, экономика, армия жана коопсуздук аппаратына өз өкүмүн өткөрө ала турган болуп калды. Натыйжада, Түркия экономикасы Америка жардамына муктаж болууда. Америка муну Түркияга карыздарды жана экономикалык жеңилдиктерди берүү

аркылуу ишке ашырууда. Мына ушул жеңилдиктердин бири Эл аралык Валюта Фондунун Эрдаган өкмөтүнө басым өткөрбөшү. Валюта Фонду Эрдагандан мурунку Эжевит өкмөтүнө басым өткөрүп аны кулаткан… Чет элдик банктар клубдарындагы кредиторлордун Түркия үстүндө үйүлүп кеткен карыздарды талап кылбашы жана Американын «Standard & Poors», «Moody's» жана «Fitch» эл аралык рейтинг мекемелеринин түрк экономикасына терс пунктуларды бербеши да мына ушул жеңилдиктерге кирет. Тескерисинче, бул мекемелер түрк экономикасына оң пунктуларды берди… О.э. Түркия алдында чет элдик инвестицияларга ээ болуу жолу да жеңилдетилди, чет элдик компаниялардын Түркияга инвестиция алып кириши да кызыктырылды. Кала берсе, Америка Эрдаган армиядагы англис малайларына күчтүү сокку берип утуштарга жетишүүсү жана армия башкы штабы командачылыгына аны колдоп-кубаттай турган жана Америкага байланган адамдарды алып келиши артында турду. Эрдагандын сот үстүнөн көзөмөл орнотуп утуштарга жетишүүсү артында да Америка турду. Булардын баары Америка жардамы менен болду. Америка коопсуздук жана күрддөр маселесинде да Эрдаганга жардам берди. Анткени, Күрдстан Жумушчулар Партиясы тынчтык планын кабыл алышы жана козголоң аракеттеринин токтошу да Америкага байланыштуу. Анткени, Ужалан Америка малайларынын бири, Тынчтык жана Демократия партиясы болсо Ужалан сызган сызыктан чыкпайт. Демек, Американын партиялар, уюмдар жана мекемелердеги малайлары жана достору жардамында ичкериде туруктуулук орнотулду.

Ошондуктан, Американын Түркиядагы башкарууга таасири күчтүү. Ушундан келип чыгып, Түркия ар кандай жузъий маселеде Америка тышкы саясаты алкагынан чыгышы өтө кыйын деп айтууга болот. Эрдагандын Америка тышкы саясатына кандай жабышып калганы жөнүндө аныгыраак түшүнүккө ээ болуу үчүн айрым окуяларды карап чыгабыз:

а) Эрдаган Сирия козголоңунан мурун Америка малайы Башар режими менен алаканы бекемдеди, бул алака жеке өздүк жана үй-бүлөлүк достук даражасына чейин жетти, жада калса, ал Башарды боордошум жана досум дей турган болду. Акыйкатта болсо, Башар Ливанда жана Сириянын өзүндө да 2008-жылдагы Сайданая камагы кыргыны сыяктуу кылмыш иштерин жасаган. Ошого карабастан, Эрдаган бул кыргынга кыргын катары карабады, Башарды боордошум жана досум деди! Башар өзүнүн коопсуздук мекемеси жана разведкасы менен биргеликте адамдарды кордоону улантты. Эрдаган муну көрүп, угуп туруп, Башар менен болгон алакасын бекемдөөнү токтоткон жок. Анткени, Америка бул алаканын туруктуулугун каалаган эле…

б) Козголоң башталганда да Эрдаган Башарды колдоп-кубаттоону улантты о.э. америкалыктардын иш-аракеттери жана билдирүүлөрү боюнча аракет кылды жана билдирүүлөрдү берди. Эрдаган жакында аскерий аралашууну талап кылып Вашингтонго 2013-жылы 16-майда жасаган акыркы сапарында бул аралашууга чакыруудан тыйылып калганын байкадык. Ал эми, Америка оппозиция менен Башар режими ортосунда диалог өткөрүү үчүн Женева-2 конференциясына жана эки тараптан камтыла турган өткөөл өкмөттү түзүүгө чакырганда Эрдаган өкмөтү муну колдоп-кубаттап, жар салды.

в) Франция Ливияга козголоңчулар тарабында туруп аралашууга чакырганда Эрдаган муну четке кагып Францияга чабуул кылды. Бирок, Америка Ливияга аралашууга чечим кылганда Эрдаган Американы колдоп-кубаттады.

г) Эрдаган май айынын акырында Газага бармакчы болгондо Америка андан бул сапарды кечиктирүүнү талап кылды. Бул талапты Америка мамлекеттик катчысы Керри 2013-жылы 22-апрелде Түркияга жасаган сапарында билдирди. Бул талап Түркия премьер-министринин орун басары Бюлент Аринжди: «Керри мырзанын премьер-министрден Газага барууну кечиктирүүнү талап кылган сөздөрү дипломатиялык жана саясий көз караштан алып каралганда ката жана туура эмес болот», - деп айтууга мажбур кылды. (Рейтер, 23-апрель, 2013-жыл). Аринж мындай деди: «Түрк өкмөтү гана премьер-министрдин же ар кандай түрк жооптуусунун качан жана кайда сапар кылышын белгилөө укугуна ээ». Бирок, анын бул сөзү чындыкка туура келбеди. Анткени, премьер-министр Газага чечим кылынган сапарын «унутту» жана ал жөнүндө сүйлөбөй турган болду. Тескерисинче, жооптуулар премьер-министр Газага 5-июлда барышы мүмкүндүгүн айтышканда түрк өкмөтүндөгү булактар Америка буйруктарына баш ийип бул сапардын болушун шашыла четке какты.

Бул жана башка мисалдар Түркия тышкы саясаттын бирер жузъий маселесинде өзү жүргөн алкактан чыга албашын даана көрсөтүп турат. Белгилүү болгондой, Эрдаган Газага баруудан калк арасындагы өзүнүн рейтингин бекемдөөнү максат кылган эле. Анткени, анын рейтингине Сирия калкын жардамсыз таштап койгондуктан зыян жеткен. Негизи, ал сириялыктарга жардам берүүнү убада кылып: «Биз экинчи Хамага таптакыр жол бербейбиз…», - деген. Ушундан кийин эле кылмышкер Башар режими ар бир шаар жана айылда экинчи, үчүнчү Хама кыргынын ишке ашырды… Эрдаган жана анын өкмөтү болсо жөн гана тамаша кылып тура берди. Бул да жетишпегендей Сирия режими бир түрк самолётун атып түшүрдү жана Түркиядагы сириялыктардын чатырларына жана түрк айылдарына карата ок атып, түрктөрдү өлтүрдү.

Бирок, Эрдаган унчукпай тура берди. Акыйкатта болсо, бул нерселер аралашуу үчүн жетиштүү себеп эле. Эгер, аралашууга Эрдагандын акысы бар болчу. Бирок, Америка аны мындан тыйды.

Ушуну да айтып өтүү керек, Америка армиядагы англистердин күчтөрүнө күчтүү сокку бергенден кийин Түркия Британия алкагында айланбай калды. Анткени, англистердин малайлары башкы штаб жетекчилигинен четтетилди жана жогору мансаптагылары камакка алынды. Алар дале камакта жатышат. Армияда тазалоолор уланууда. Келерки айда дагы да көбүрөөк тазалоолор болушу күтүлүп жатат. Анткени, ар жылы аскерий мансаптарга көтөрүүлөр кайра каралып чыгууда, же токтотуп коюлууда, же офицерлер отставкага чыгарылууда. Буга башкы штаб башчысы армия командачылыгы менен биргеликте жетекчилик кылууда жана премьер-министрдин макулдугу менен ишке ашырылып жатат. Т.а. Түркия азыр Америка алкагында айланууда жана Американын Түркия иштерине болгон таасири күчтүү. Эгер, бул абал ушундай боюнча кала берсе, Түркия Америкага күчтүү байланып тура берсе, анда Түркия Америкага толук көз каранды болууга карай жакындаша берет жана акыры келип анын алкакта айлануучу мамлекет экендиги туурасында суроо пайда болот!

21-рамазан, 1434-х.
30-июль, 2013-м.

## Мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себептери туурасында

**Суроо**: Бисмиллахир Рохманир Рохим.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Саясий түшүнүктөр» китебинин 54-бетинде биринчи абзацтын биринчи катарында «мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себептери» темасында: «Тарых таңы аткандан баштап, кыямат күнүнө чейин мамлекеттер ортосунда эки себептин негизинде гана күрөш чыгат. Бири – өкүмдарлык жана менменсинүүгө болгон сүйүү, экинчиси – материалдык пайдалар артынан кууш», - деп келген. Андан кийин ошол беттин өзүндө эле «мамлекеттердин ортосундагы күрөш себептеринин эң коркунучтуусу – түрдүү көрүнүштөрдөгү колонизаторлук себеби» деп келген. Суроо: Биринчи сүйлөмдө «мамлекеттер ортосундагы күрөш себептери ... эки түрдүү болуудан нары өтпөйт» деп себептер экөөнө гана, үчүнчүсү болбостугуна чектелген. Бирок, кийинки сүйлөмдө болсо үчүнчү себеп т.а. колонизаторлук себеби айтылган. Суроону башкача жол менен айта турган болсом, мамлекеттер ортосундагы күрөштүн себеби экөөбү же үчөөбү? Анткени, эки сүйлөмдү окуган адам алардын бири-бирине карама-каршы экендигин көрөт, алардын ортосун кантип ылайыкташтырууга болот? Анткени, эгерде күрөштүн себептери экөө боло турган болсо, анда эмне үчүн үчүнчү себеп т.а. колонизаторлук айтылды?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

«Саясий түшүнүктөр» китебиндеги «Тарых таңы аткандан баштап, кыямат күнүнө чейин мамлекеттер ортосунда эки себептин негизинде гана күрөш чыгат. Бири – өкүмдарлык жана менменсинүүгө болгон сүйүү, экинчиси – материалдык пайдалар артынан кууш» деп келген сүйлөм менен «мамлекеттердин ортосундагы күрөш себептеринин эң коркунучтуусу – түрдүү көрүнүштөрдөгү колонизаторлук себеби» деп айтылган сүйлөм ортосунда карама-каршылык жок. Себеби, колонизаторлук себеби материалдык пайдалар артынан кууш себеби түркүмүнө кирет. Колонизаторлук капиталисттик мабданын кызыкчылык эсептелген өлчөө аркылуу пайдага жетишүүдөгү тарыйкаты болуп эсептелет. Бул болсо, колонизаторлук өзүнөн алыдыңкы себепке т.а. материалдык пайдалардын артынан чуркоо себебине кайтышын, биринчи сүйлөмдө айтылган эки себептен башка жаңы бир себепке кайтпастыгын түшүндүрөт. Эгерде көңүл коюп карасаңыз, биринчи сүйлөмдө дагы бир себеп бар деп күмөн кылына турган башка бир себеп айтылгандыгын, бирок, бул сүйлөм аны өкүмдарлык жана менменсинүүгө болгон сүйүү себебине кайтарганынын күбөсү болосуз. Ошол бетте дагы мындай сүйлөм да келген:

«Эми башка бир мамлекет күчүнүн өсүшүн чектеп коюу себебине токтолобуз. Мисалы, Наполеонго, Ислам мамлекетине, Германия нацизмине каршы ушундай кылынган эле. Бул себеп өкүмдарлык сүйүүсү себебинин бир көрүнүшү. Анткени, ал башкалар өкүмдарлыгына каршы туруу».

Демек, башка бир мамлекет күчүнүн өсүшүн чектеп коюу жогорудагы эки себеп тышкарысындагы өз алдынча бир себеп болуп эсептелбегендей эле, колонизаторлук да материалдык пайдалар артынан кууш түркүмүнө кирип, жогорудагы эки себептин тышкарысындагы өз алдынча бир себеп болуп эсептелбейт. Анткени, бул эки себеп негизги себеп болуп, алардан тышкары эч кандай үчүнчү себеп жок.

17-мухаррам, 1436-х.
10-ноябрь, 2014-м.

## Улуу мамлекетке көз каранды мамлекеттер ортосундагы келишпестиктердин маңызы

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Улуу мамлекетке көз каранды же анын таасири астындагы мамлекеттер бир мамлекетке көз каранды болуп туруп өз ара күрөшүүсү мүмкүнбү? Эгер, бул мүмкүн болсо, бир улуу мамлекетке көз каранды болгон мамлекеттер ортосундагы мындай абалды кандай түшүндүрүү мүмкүн? Көз каранды мамлекеттер ортосундагы өз ара күрөш ушул улуу мамлекеттин кызыкчылыктарына таасир кылбайбы? Эгер, көз каранды мамлекеттер ортосунда мындай күрөш жүз бербесе, анда, мисалы Ирак менен Түркия, же Иран менен Саудия, же Түркия менен Иран ортосуда жүз берип жаткан иштерди кандай түшүндүрүү мүмкүн? Жооп үчүн сизге ыраазычылык билдиремин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – Улуу мамлекетке көз каранды мамлекеттер ушул улуу мамлекетке зыян жеткире турган иштерди жасашы акылга сыйбайт. Себеби, тышкы саясатта алардын улуу мамлекетке көз каранды болушунун мааниси мындай: көз каранды мамлекеттер улуу мамлекет аларга түзүп берген план же ал жүргүзгөн саясат боюнча жүрөт, ар кандай жузъий (экинчи даражалуу) маселеде бул план жана саясаттын алкагынан чыкпайт. Демек, көз каранды мамлекеттердин тышкы саясаттагы иш-аракети улуу мамлекеттин эркине байланыштуу. Ошондуктан, көз каранды мамлекеттер улуу мамлекет менен кеңешпей туруп бирер иште кылышы мүмкүн эмес. Демек, алар улуу мамлекеттин буйругуна ылайык аракет кылышат. Мисалы, Иордания менен Британиянын мамилеси ушундай. Себеби, Иордания акимдери Британия буйруктарын аткарат. Демек, көз каранды мамлекеттердин акимдери тышкы саясатта улуу мамлекетти маалымдабай туруп эч бир ишти жасашпайт. Баарына белгилүү жана мурунтадан жүргүзүлүп келе жаткан саясат гана мындан сырткары. Себеби, мында көз каранды мамлекет ушул саясаттын алкагында иш-аракет кыла берет. Буга мисал кылып, Иорданиянын менен Британияга көз каранды Катар ортосундагы байланышты келтирүү мүмкүн. Бул эки мамлекет Британия саясатына кызмат кылган ишти биргеликте жүзөгө чыгаруу үчүн өз ара байланышып турат.

2 – Улуу мамлекеттин таасири астындагы мамлекет жөнүндө айтсак, ал улуу мамлекет менен көз карандылыктан эмес, бирер кызыкчылык жүзөсүнөн байланат. Ошондуктан, ал тышкы саясаттын бирер жузъий маселесинде улуу мамлекеттин таасиринен чыгып кетиши да мүмкүн. Себеби, мындай мамлекет улуу мамлекеттин таасири астында турганда

өз кызыкчылыгына жетишүү жолун да издейт. Ошондуктан, бул таасирден чыгып кетүү улуу мамлекеттин өз таасири астында болгон мамлекет акимдеринин бийликке келишиндеги таасири менен пропоционалдуу болот. Бул жөнүндө 2013-жылы 30-июлдагы суроо-жоопто мындай делген: «Улуу мамлекеттин өз таасири астындагы мамлекетке карата таасири жана басымынын факторлорун да эсепке алуу керек. Бул факторлор улуу мамлекеттин таасири астындагы мамлекет ушул жузъий маселелерде таасир алкагынан чыгып кетишине жол бербейт. Жол бербөөнүн канчалык күчтүү же күчсүз болушу улуу мамлекеттин өз таасири астындагы мамлекеттеги аким топтун бийликке келишине канчалык таасир өткөрүшүнө байланыштуу. Ошондуктан, эгер улуу мамлекеттин таасири күчтүү болсо, анын таасири астындагы мамлекет ар кандай жузъий маселеде бул таасир алкагынан чыгып кетиши өтө кыйын. Улуу мамлекеттин таасири канчалык азайса, анын таасири астындагы мамлекет улуу мамлекеттин тышкы саясатынан бирер бөлүгүндө же көбүрөөгүндө таасир алкагынан чыгып кетүүгө ошончолук кудуреттүү болот». Мисалы, Канада Америка таасири алкагында болгондой, кызыкчылыктарынын талабына карап Британия таасири алкагында да болот. Бирок, Канада 2015-жылы 29-сентябрда Иран терроризмге демөөрчүлүк кылып жаткан мамлекет деп жарыялап, Канададагы Иран элчилигин жаап койду. Кала берсе, Канада тышкы иштер министри Жон Бэрд: «Иран бүгүн дүйнөдөгү тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч туудуруп жатат» деп билдирди. Канаданын бул позициясы Америка Ирандын өзү менен бирге региондогу тынчтык жана коопсуздук деп аталган ишке ашкере киришине мүмкүнчүлүк кылып берүү үчүн «бышырып» даярдаган ядролук келишимден кийин жүзөгө келди. Америка таасири астындагы Канаданын мындай иш-аракети жузъий маселеде Америка позициясына каршы чыгуу болуп эсептелет. Канаданын мындай иш-аракети Америка саясатын колдоп-кубаттоо болбойт. Себеби, Американын кызыкчылыгы Канада Иран менен алакаларды үзүшү, аны тынчтык жана коопсуздукка коркунуч туудуруп жаткан террорчу мамлекет деп жарыялашы эмес, тескерисинче, Иранды тынчтык жана коопсуздукка жетишүүгө аракет кылып жаткан мамлекет катары кабыл алышы. Демек, улуу мамлекеттин таасири астындагы мамлекет – эгер, улуу мамлекеттин таасири өз таасири астындагы мамлекет акимдерин бийликке алып келүүдөн алыс болсо – бирер жузъий маселеде улуу мамлекеттин позициясына каршы чыгышы мүмкүн.

Түркияга карата айтсак, жогорудагы 2013-жылы 30-июлдагы суроо-жоопто мындай делген: «Американын Түркияда аким топту бийликке алып келүүдөгү таасири күчтүү. Ошондуктан, Эрдаган Америка жардамысыз бийликке келе албашын жана өз таасирин ичкериде орното

албашын сезет. Натыйжада, Эрдаган өзүнүн тагдырын Америка менен байланыштуу деп билет. Себеби, Америка Түркияда чоң таасирге ээ болуп алды. Ушул даражада дейсиң, Америка бийликке, акимдерге, сотко, армияга, коопсуздук аппаратына… өз өкүмүн өткөрө алат. Ошондуктан, Американын Түркиядагы бийликке карата таасири күчтүү. Ушуга ылайык, Түркия ар кандай жузъий маселеде Америка тышкы саясатынын алкагынан чыгып кетиши өтө кыйын». Ошол суроо-жооптун корутундусунда мындай делген: «Т.а. Түркия учурда Америка таасири астында калууда, ошондуктан, Американын Түркия иштерине карата таасири күчтүү. Эгер, абал ушундай уланып Түркия Америкага күчтүү байланып кала берсе, анда Түркия Америкага толук көз каранды болууга жакын келип калат жана анын бирөөнүн таасири алкагындагы абалы суроо астында калат!». Ошондуктан, Түркия Канада деңгээлинде эмес. Американын Түркияга карата таасири ушул даражада күчтүү болуп, мунун акыбетинде Түркия эч бир жузъий маселеде Америка сызган сызыктан чыгып кете албайт. Тескерисинче, Түркия Америкага дагы да күчтүү байланып, ар бир чоң жана кичине маселеде Америка менен бир пикирде болуп келүүдө. Мисалы, Түркия тышкы иштер министринин жардамчысы Феридун Синирлиоглу 2015-жылы 11-августта Американын «Си-Эн-Эн» каналына мындай деди: «Эки мамлекет (Түркия жана Америка) узундугу 100 километр жана туурасы 50 километрге жеткен «тынч» зонаны тургузууга өз ара келишип алды». Түркия тышкы иштер министрлиги мындай билдирүү чыгарды: «Сирия оппозициясынын күчтөрү бул зона үстүнөн өз көзөмөлүн орнотту, ошол эле учурда Америка жана Түркия абадан коргоону камсыздоодо». Ошондо Америка эртеси эле т.а. 2015-жылы 12-августта Америка мамлекеттик департаментинин өкүлү Марк Тонер аркылуу муну четке какты. Тонер мындай деди: «Тынч зона тургузуу боюнча эч кандай келишим жок». Тонер түрк билдирүүлөрүнөн кабарсыз экенин, ошондуктан, аларга карата түшүндүрмө бере албашын айтты. Ал дагы мындай деди: «Биз бул трибунадан жана башка бир нече жагдайларда ал жерде эч кандай тынч зона жок экенин анык айткан элек…». Демек, Түркия бул жузъий маселеде Америка сызган сызыктан чыгып кете албады. Ошондуктан, Түркия тынч зона жаатында Америка менен келишип алганын билдирди. Т.а. Түркия Америка менен келишпестен туруп, анын ыраазылыгын албай туруп тышкы саясатта эч кандай ишти кыла албайт. Ошондуктан, эгер Америка ыраазы болбосо, бул иш жүзөгө чыкпай кала берет. Дагы мисалы, муътадил оппозицияны машыгуудан өткөрүү маселесин алалы. Америка муну бир жыл мурун баштаган жана Түркия буга эч бир каршылык билдирбей ыраазылык берди. Америка базасын ачуу маселеси да ушундай болду. Бул маселе Америка

кызыкчылыктарына кызмат кылат. Түркия тышкы иштер министрлиги 2015-жылы 29-июлда Америка менен Инжирликте Америка аскерий базасын ачуу келишимине кол коюлганын жарыялады. Америка самолёттору ушул базадан Сирияга чабуулдарды уюштурат. Булардан башка окуялар да көп. Ошондуктан, Эрдаган доорунда Түркиянын бирер жузъий маселеде Америкага каршы чыгышын элестетип болбойт. Анткени, Түркия тышкы саясатта Америкага көз каранды сыяктуу мамиледе болууда. Эрдаган бийликке 13 жыл мурун келгенден бери Түркия Америкага каршы чыкпады. Эрдаган жакында Америкага көз каранды Салман Саудиясына барды. Эки мамлекет 2015-жылы 30-декабрда алакаларды бекемдөө үчүн ортоктош стратегиялык кеңеш түзүлгөнүн жарыялады. Түркия «терроризмге» каршы күрөшүү үчүн аскерий коалиция түзүү жаатында да Саудияга ыраазылык берди. Бул жөнүндө Саудиянын экинчи канзадасы Мухаммад ибн Салман билдирген.

3 – Ал эми, Иран Америка таасири алкагында жүрөт жана эч бир жузъий маселеде бул сызыктан чыкпайт. Ошондуктан, Иран көз каранды мамлекет болуу даражасына дээрлик келип калган. Айрыкча, азыркы президент Хасан Руханий жана анын тышкы иштер министрлигиндеги Америкага малай Жавад Зариф башчылыгындагы командасы доорунда ушундай болду. Ошондуктан, Иран Сирия темасында Түркия менен келишип иш жүргүздү. Түркия тышкы иштер министрлигинин өкүлү Левент Гюмрюкчю 2013-жылы 28-ноябрда «эки мамлекет ортосунда эки тараптуу алакаларды өнүктүрүү боюнча толук келишим» бар экенин жана «Сирия боюнча оң натыйжалуу сүйлөшүүлөр» болуп жатканын о.э. «Сириядагы кризисти чечүүгө жана ал жердеги кан төгүүнү токтотууга тиешелүү эки мамлекет ортосундагы кызматташтыкка бекем моюн сунуу туурасында толук келишим» бар экенин маалымдаган. 2015-жылы 7-апрелде Эрдаган эки мамлекет ортосундагы алакаларды бекемдөө үчүн Иранга барды. Т.а. Түркия менен Иран ортосундагы пикирий келишпестик эки мамлекеттин тышкы саясатта өз ара келишип иш жүргүзүшүнө жана Америка сызыгынан чыкпашына тоскоолдук кылбады. Түркия ядролук программа туурасындагы сүйлөшүүлөрдө да Иранды колдоп-кубаттады.

4 – Бир улуу мамлекетке көз каранды же анын таасири астындагы мамлекеттер ортосунда чыныгы күрөш маанисиндеги күрөш күтүлбөйт. Себеби, ушул улуу мамлекет тышкы саясатты жалпы түрдө башкарат. Адатта күрөшкө ушул саясат өз өкүмүн өткөрөт. Бул, күрөш жагынан ушундай, ал эми, көз каранды мамлекеттердин күрөшсүз өз ара келише албай калышына келсек – бул абал улуу мамлекеттин таасири

алкагындагы мамлекеттер ортосунда ачык-айкын байкалат – бул төмөнкү үч абалда болушу мүмкүн:

Биринчи абал: Эгер, келишпестик улуу мамлекеттин кызыкчылыгына кызмат кылуу үчүн ролдорду бөлүштүрүү бөлүмүнөн болсо.

Экинчи абал: Келишпестик улуу мамлекеттин тышкы саясатына эч кандай таасир кылбастан ички фактор менен гана болсо.

Үчүнчү абал: Келишпестик малайлардын бирин колдоп-кубаттоо бөлүмүнөн болсо. Бул, ушул малай менен башка малай ортосунда «тынч турган» бирер окуяны «кайнатып» курчутуу менен болот, колдоп-кубаттоону талап кылган нерселер түгөп бүткөндөн кийин окуя дагы тынч абалына кайтат.

Биринчи абалга мисал:

Түркия менен Иран Ирак Күртстаны регионунда Америка саясатын ишке ашырат, бирок, мында экөөсүнүн ролу түрдүү. Тышынан караганда бул ролдор бири-бирине тескеридей көрүнөт, бирок, түпкүлүгүндө андай эмес. Себеби, Түркия менен Ирандын бул түрдүү ролдору Америка кызыкчылыгына кызмат кылат:

– Мисалы, Иран бул региондо Америка малайларын колдоп-кубаттайт. Масъуд Барзаний англистердин малайларынан. Ошондуктан, Иран Барзанийге каршы Американын ал жердеги малайларын колдоп-кубаттайт. Бул малайлардын бири Горран кыймылы, ал илманий саясий партия болуп, Күртстан регионунда иш алып барат. Аны күрт саясатчысы Нуширан Мустафа 2009-жылы, Америкага малай Күртстан улуттук биримдик партиясынан – бул партия анын төрагасы жана түзүүчүсү Жалал Талабаний Ирак президентине болгондон бери алсырап калган эле – чыккандан кийин түзгөн. Ушул партия Барзаний партиясына окшоп коррупция иштерине малынган. Ошондуктан, Америка жаңы көрүнүштөгү башка партияны түзүү керек деген пикирге келди. Натыйжада, Горран кыймылы пайда болду. Бул кыймыл коррупцияга каршы күрөшүү ураанын көтөрүп чыгууда, Барзанийге каршы оппозицияда иш алып барууда, Барзанийди алсыратууга жана кулатууга аракет кылууда, ушул максатта бул регионду шайлоолор аркылуу эмес, парламент аркылуу башкаруу үчүн шайлоолорду өткөрүүнү талап кылды. Бул кыймыл регион башчысынын укуктарын кыскартып, бул укуктарды парламентке берүүнү талап кылды жана 2013-жылда региондо өткөрүлгөн парламенттик шайлоолорго катышып, парламенттеги 111 орундан 24 орунга ээ болду. Натыйжада, 38 орунду колго алган Барзаний партиясынан кийинки экинчи партияга айланды. Талабаний партиясы болсо үчүнчү орунга түшүп калып, 18 орунду гана жетишти.

– Ал эми, Түркия Барзанийди өзүнүн таасирине киргизүүгө жана аны Америка пайдасына кысымга алууга аракет кылууда. Ушул максатта

Түркия бул региондо көптөгөн экономикалык долбоорлорду ишке ашырууда. Ошол эле учурда, Түркия Күртстан жумушчулар партиясы ичиндеги англистердин малайларына көрсөтүлүп жаткан ар кандай колдоп-кубаттоону үзүп коюу үчүн Барзанийге басым өткөрүүгө аракет кылууда. Белгилүү болгондой, Күртстан жумушчулар партиясынын мүчөлөрү Ирак түндүгүндөгү Кандил тоосунда топтолуп Түркияга каршы куралдуу амалияттарды өткөрүшүүдө. Түрк самолёттору ушул регионго сокку берүүдө, Барзаний каршылык билдирбей жатат, себеби, ал Түркияга муктаж. Түркия аны мамлекет башчысы катары кабылдоодо, бул региондо түрк консулдугун курду жана Түркия андан нефть сатып алууда.

Ошентип, Түркия менен Иран ролдору тышынан караганда бири-бирине карама-каршыдай көрүнөт, бирок, түпкүлүгүндө экөөсү тең Америка саясатына бүтүндөй ылайык аракет кылууда.

Экинчи абалга мисал:

– Жакында Саудия менен Иран ортосунда жүз берген кескиндик. Бул кескиндик Нимрди өлтүрүү натыйжасында жүз берди. Бир жылдан ашуун убакыт мурун, 2014-жылы 16-октябрда, мурунку король, англистердин малайы Абдуллах доорунда Нимрди өлтүрүү өкүмү чыгарылган. Абдуллах өкүмдүн аткарылышынан мурун каза болду. Бул шейх Катиф жана Ахсаны Саудиядан бөлүп чыгарып Бахрейнге кайтарып берүүгө чакырган. Белгилүү болгондой, Иран Бахрейнди өзүнүн бир бөлүгү жана өзүнүн он төртүнчү вилаяты деп эсептейт. Ушул өлүм жазасын аткарбоо азыркы король, Америка малайы Салман үчүн ичкериде ыңгайсыз абалга себеп болушу мүмкүн. Ошондуктан, Саудия Нимрден башка дагы 46 киши өлтүрүлгөнүн жарыялады, Саудия режими алардын 43үн такфирчилер, харижийлер жана террорчу уюмдардын мүчөлөрү деп атады.

Бул, Саудия тарабынан жүз берген нерсе. Иран тарабынан болсо – тайпачылык жана мазхабчылык рухуна толо ички абал себептүү – анын тайпачылк жана мазхабчылык вакиъси мындай шейхтин өлтүрүлүшүнө наразылык билдирүүнү талап кылат.

Бирок, бул кескиндик эки тарап (Иран жана Саудия) Америка пландарын аткарышына таасир кылбайт. Америка бул кескиндикти токтотууга аракет кылды. Америка мамлеттик департаментинин өкүлү Жон Кирби мындай деди: «Биз дипломатиялык диалог жана түздөн-түз сүйлөшүүлөр келишпестиктерди чечүүнүн негизги жолдору болуп кала берет деп ишенебиз, биз регион жетекчилерин кескиндикти басаңдатуу үчүн оң кадамдарды таштоого үндөөнү уланта беребиз». (Кудсул Арабий, 2016-жыл, 4-январь). Америка мамлекеттик катчысы Жон Керри да өзүнүн ирандык кесиптеши Жавад Зариф менен байланышып, аны менен

бирге бул абалды үйрөнүп чыкты. Ошондон кийин Керри мындай деп билдирүү берди: «Биз кескиндикти басаңдатууну каалайбыз, алардын ортосунда диалогду баштап тынч дипломатиялык чечимге жетишүүнү каалайбыз». (Си-Эн-Эн, 2016-жыл, 4-январь). Ошондон кийин Саудия тышкы иштер министри Адил Жубайр 2016-жылы 4-январда «Рейтер»ге: «Тегеран үзүлүп калган дипломатиялык алакаларды кайра жандантуу үчүн нормалдуу мамлекет катары аракет кылыш керек», деди. Саудиянын БУУдагы өкүлү Абдуллах Муаллимий болсо мындай деди: «Иран менен жүз берген бул кризис Сирия жана Ямандагы тынчтык аракеттерине эч кандай таасир кылбайт, Сирия боюнча Женевада БУУ демөөрчүлүгүндө 25-январдан баштоого чечим кылынган сүйлөшүүлөргө катышабыз...». Сирияга жиберилген эл аралык өкүл Стаффан де Мистура болсо Саудияга келип, анын тышкы иштер министри Жубайр менен жолугушкандан кийин ушуларды айтты: «Саудия Иран менен болгон кескиндиктер Сирия боюнча ушул айда Женевада өткөрүүгө чечим кылынган саясий процесске тиешелүү сүйлөшүүлөргө таптакыр жолтоо болбошун баса белгиледи». (Ал-Жазира, 2016-жыл, 5-январь). Т.а. Саудия менен Иран ортосундагы бул кескиндиктер ички темалардан болуп, алар эки мамлекеттин Сирия козголоңун жок кылуу жана бул козголоңдун исламий долбоорун бууп салуу, Сирияда кылмышкер илманий түзүмдү сактап калууга тиешелүү Америка долбоорун жүзөгө чыгарууга таасир кылбайт.

Ошентип, ички факторлор – бул факторлор жок болгонго же тынчыганга чейин – убактылуу келишпестик болуп көрүнүшү мүмкүн. Бирок, бул келишпестик Америка көзөмөлү алкагында болот, ошондуктан, Америка кызыкчылыктарына таасир кылбайт.

Үчүнчү абалга мисал:

– Ибадий (Ирак премьер-министри) түрк күчтөрүнүн Иракта турушуна каршы каршылык билдиргени. Бул маселе Ибадийдин позициясын жана анын өкмөтүнүн позициясын бекемдөө үчүн жүзөгө келди. Себеби, Ибадий жана анын өкмөтүнө болгон ишеним өтө төмөндөп кеткен эле. Ошондуктан, Америка өзүнүн малайы Ибадийдин жана анын өкмөтүнүн жүзүн кооздоп көрсөтмөкчү болду. Ушул максатта Америка ушул теманы козгоду. Америка өз малайын моралдык жактан колдоп-кубаттап, аны мамлекет коргоочусу катары көрсөтүүнү көздөдү! Түркия буга жооп катары, өз күчтөрүн Ибадийдин талабына ылайык анын күчтөрүн машыгуудан өткөрүү үчүн киргенин билдирди. Ушуну менен Түркия Ибадийдин пикирине кошулду жана өз күчтөрүн чектелген көрүнүштө алып чыгып кетти. Ошондон кийин Араб мамлекеттеринин лигасы билдирүү чыгарып Ибадий өкмөтүнүн талаптарын колдоп-кубаттады жана Түркиядан күчтөрүн алып чыгууну талап кылды.

Белгилүү болгондой, Араб лигасы Америка тарабынан аракетке келтирилет. Ошентип, бул абал күрөшсүз аягына жетти!

Маалымат үчүн ушуну айтабыз, Америка Ибадийди моралдык жактан колдоп-кубатташынан сырткары, Ибадий өкмөтүнүн мындай шарттарда кулашын каалабайт. Өзгөчө, Ибадий Рамадийди азат кылууга убада берип коюп, муну жүзөгө чыгара албай Америка жардамынын бир «дозасына» муктаж болуп калгандан кийин калтырай баштады. Ошондуктан, Америка Рамадийде тынымсыз аба чабуулдарын уюштурду, Ак үй 2015-жылы 30-декабрда билдиргендей, бул чабуулдар 630га жетти. Мына ошондон кийин Ирак армиясы Рамадийдеги мамлекеттик комплекс үстүнөн көзөмөл орноткону жарыяланды.

Корутунду: Улуу мамлекетке көз каранды же анын таасири алкагындагы мамлекеттер ортосунда күрөштүн жүз бериши ыктымалдан алыс. Тескерисинче, малайларга ролдорду бөлүштүрүү бөлүмүнөн эсептелген, же ички факторлор себептүү, же малайлардын бирин колдоп-кубаттоо үчүн бирер келишпестик жүз бериши мүмкүн. Бул абалдарда ушул мамлекеттер көз каранды болгон ири мамлекеттин кызыкчылыктарына эч кандай зыян жетпейт.

2-робиус-саний, 1437-х.
12-январь, 2016-м.

## Эл аралык саясаттагы маанилүү аймак

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллохи уа баракаатуху.

Аллах жакшылык иштерди аткарууга сиздин жана биздин колубузга күч кубат берсин, туура жолдогу экинчи Халифалыктын шаттыгы менен бизди шаттандырып, анын аскерлеринен кылсын.

Иш алып барган мамлекеттер жана ири державалар өздөрүнүн кызыкчылыгын жүзөгө чыгаруу үчүн артыкчылык берген «маанилүү аймак» аталышындагы бир аймакты белгилеп алат. Ошондой эле Хизб дагы Исламий мамлекетти тикелөө үчүн белгилүү бир аймакты мажал (орун) кылып белгилеп алат. Суроо: Аллахтын жардамы менен тикелене турган келерки Халифалык да Исламды даават жана жихад менен дүйнөгө жаюу үчүн артыкчылык бере турган өзүнө маанилүү аймакты белгилеп алабы? Аллах ыраазы болсун. (Мухаммад Аяд).

**Жооб**: алайкуму салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Бизге дуа кылганыңыз үчүн Аллах сага да береке жакшылыктарын берсин...

Сен суроондо айтып өткөн «Маанилүү аймак» термини эл аралык майданда иш алып барып жаткан ар кандай мамлекет үчүн зарыл. Халифалык мамлекетти – мабдаий мамлекет. Ал жергиликтүү эмес, дүйнөлүк мамлекет. Анын акыйдасы инсан үчүн акыйда болгондуктан дүйнөлүк акыйда. Анын түзүмү инсан үчүн болгондуктан дүйнөлүк түзүм болуп саналат. Аллах айтат.

﴿وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِلنَّاسِ بَشِيراً وَنَذِيراً﴾

*«Биз сени (Мухаммад) баардык адамдар үчүн сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү кылып жибердик»*

[Сабаъ 28]

Жаабир бин Адиллахи ﵁ айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«أُعْطِيتُ خَمْساً لَمْ يُعْطَهُنَّ أَحَدٌ مِنْ الْأَنْبِيَاءِ قَبْلِي نُصِرْتُ بِالرُّعْبِ مَسِيرَةَ شَهْرٍ وَجُعِلَتْ لِي الْأَرْضُ مَسْجِداً وَطَهُوراً وَأَيُّمَا رَجُلٍ مِنْ أُمَّتِي أَدْرَكَتْهُ الصَّلَاةُ فَلْيُصَلِّ وَأُحِلَّتْ لِي الْغَنَائِمُ وَكَانَ النَّبِيُّ يُبْعَثُ إِلَى قَوْمِهِ خَاصَّةً وَبُعِثْتُ إِلَى النَّاسِ كَافَّةً وَأُعْطِيتُ الشَّفَاعَةَ»

«Мага менден мурдагы Пайгамбарларга берилбеген беш нерсе берилди. Бир айчалык аралыктан коркуу сала турган нусрат менен нусратталдым. Баардык жер мечит жана таза кылынып берилди. Үммөтүмдөн кайсы адам кайсы жерде намаз окууну каалаcа, ошол жерде намаз окуй берет. Олжолор адал кылынды. Пайгамбарлар өз коомуна жиберилсе, мен бүткүл адамзат үчүн жиберилдим. Шафаат берилди». (Бухари).

Ошону менен биргеликте Халифалык бүткүл дүйнөгө назар салат жана анын баардык ордун саясаты, иш аракети үчүн орун катары карайт.

Пайгамбар ﷺдын хадисинде келгендей, Савбан ؓ айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«إِنَّ اللَّهَ زَوَى لِي الأَرْضَ فَرَأَيْتُ مَشَارِقَهَا وَمَغَارِبَهَا، وَإِنَّ مُلْكَ أُمَّتِي سَيَبْلُغُ مَا زُوِيَ لِي مِنْهَا»

«Мага жердин батышы да, чыгышы да көргөзүлдү. Сары же кызыл жана ак байлыгы да берилди. Тактап айтканда, алтын, күмүш. Мага айтылды: Сенин мүлкүң сага көргөзүлгөн жерге чейин». (Ибн Мажа, Сунан). Бирок, бул дегени Халифалык тышкы саясат планын койгондо баардык мамлекеттерге карата койот дегенди билдирбейт. Ошондой эле, дүйнөгү баардык аймактарга көңүлүн бирдей буруп карайт дегенди билдирбейт. Балким, Халифалык дааватка, экономикалык, саясий жана аскерий кызыкчылыгына жараша маанилүү аймакты белгилейт. Ошол белгилген маанилүү аймакта күчүнүн барынча өз саясатын ишке ашырууга аракет кылат. Бул маанилүү аймак даават кызыкчылыгына жараша өзгөрүп турат...

Пайгамбар ﷺдын жана анын сахаабаларынын сиросуна назар салынса, Пайгамбар ﷺ Мадина мунавварда мамлекетти тикелгенден кийин араб жарым аралын маанилүү аймак кылып белгилегени ачык көрүнөт. Кийин көп өтпөстөн араб жарым аралындагы жеңиштерген жеткенден кийин маанилүү аймак кеңейип Шам, Ирак жерлерин камтыды. Кийин Хулафаи Рошидиндер келди, мамлекеттин маанилүү аймагы андан да кеңейип Шам, Ирак, Фарс, Мисир, Түндүк Африканы ж.б. камтыды. Мына ушундайча Халифалык белгилеген маанилүү аймак Халифалыктын жеңиштерге жетүү аркасынан жана кырдаалдардын өзгөрүүсү менен өзгөрүп кеңейип бара берет...

Ушуга негизделип Аллахтын жардамы менен туура жолдогу тикелене турган экинчи Халифалык – Аллахтын каалоосу менен – биринчи Ислам мамлекетинин сиросун кайра кайтарат. Мамлекет даават кызыкчылыгына жараша жана кырдаалга байланыштуу стратегияны белгилеп, план иштеп чыгат жана ага жараша маанилүү аймакты белгилейт. Ал белгилеген маанилүү аймак алкагында Исламды дүйнөгө жаюу үчүн услуб, ыкмаларды ишке салат. Даават кызыкчылыгына жана кырдаалга байланыштуу бул маанилүү аймакты кайрадан карап да чыгат. Ислам мамлекети китебинин «Мамлекеттин тышкы саясаты» бабында мамлекет өз саясатына жетүү максатында планындагы ыкмаларды карап чыгуусу жана учурдагы кырдаалды эсепке алаары айтылган:

«Ушуга негизделип Ислам мамлекетинин башка эл жана мамлекеттер менен боло турган саясий алакасы Исламды жаюуга жана аларга дааваты көтөрүп чыгууга гана негизделет. Анын ишке ашыруу жолу – жихад. Бирок, мамлекет тарабынан ишке ашыруу үчүн план жана ыкмалар иштелип чыгып жолго койулат. Мисалы, Пайгамбар ﷺ Мадинга келиши менен кээ бир иштерди кылгандай, мамлекет кээ бир душман өлкө менен

жакшы кошуна келишимдерин кылуусу жана башкалары менен согуш алып баруусу, же Абу Бакр ﷺ бир убакта эле Шам жана Ирак өлкөлөрүнө аскердерди бет алдырганы сыяктуу, мамлекет баардык душмандарына согуш жарыялоосу, же Пайгамбар ﷺ Худайбия келишимин түзгөндөй дааватка болгон жалпы пикирди бекемдеп алуу үчүн убактылуу тынчтык келишимин түзүү сыяктуу... Мамлекет даават кызыкчылыгына жараша бир мамлекет менен соода келишимин түзөт, башкасы менен түзбөйт. Даават кызыкчылыгына жараша бир мамлекет менен мамиле алака кылат, башкасы менен кылбайт. Кээ бир мамлекеттер менен даават ыкмалары негизинде иш алып барса, кээ бир мамлекеттепр менен пландарды ачуу үчүн суук согуш негизинде иш алып барат. Мына ушундайча мамлекет даават кызыкчылыгына жана иштин түрүнө жараша пландарды иштеп чыгып, жолго койот. Бирок, мунун баары жихад жолу менен Исламды жаюу үчүн гана белгиленет». (Цитата бүттү).

Мамлекет үчүн маанилүү аймакты белгилөө бул китепте айтылып өткөндөн алыс эмес.

25-зул-хижжа, 1440-х.
26-август, 2019-м.

## Мусулман өлкөлөрүндөгү институттар

Ассаламу алейкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху.

**Суроо**: “Хизб-ут-Тахрир түшүнүктөрү” китебинин 80-бетинде – жогорудан 10-сапта төмөнкүдөй текст жазылган: “балким, өлкөнү, институттарды жана пикирлерди баскынчылардан бошотуу менен каапыр колонизаторлор түзгөн шарттарды түп тамырынан жок кылуу үчүн иштейт” Цитата аяктады.

“Институттар” дегенде эмне максат кылынган?

Аллах сизди өзү сүйгөн жана ыраазы болгон нерсеге багыттасын.

**Жооп**: уа алейкум ассалам уа рахматуллоохи уа баркаатуху.

Сиз сурап жаткан жер Хизб-ут-Тахрир түшүнүктөрү китебинин аягында, 83-бетте, Word файлында келет:

“Мына ушул себептен Хизб-ут-Тахрир исламий аймактарды бардык колонизаторлуктан бошотуу үчүн аракет кылууда. Ал колониализмге каршы келишпес согуш менен күрөшүп жатат, бирок ал жөн эле чыгып кетүүнү гана талап кылбайт, жасалма көз карандысыздыкты да талап кылбайт. Тескерисинче, ал –бул басып алуу аскерий, пикирий, маданий, экономикалык же башка жол менен болсун айырмасы жок, өлкөнү, институттарды жана пикирлерди басып алуудан азат кылуу менен каапыр колонизаторлор түзгөн шарттарды түп тамырынан жок кылуу үчүн иштейт. Жана бүткүл дүйнөгө Ислам динин жеткирүү үчүн Ислам мамлекетин тикелөө аркылуу Исламий жашоо кайра башталганга чейин колонизаторлуктун кайсы бир жагын коргогон ар бир адам менен күрөшөт. Биз Аллахтан суранабыз жана ага жалбарабыз, бул улуу милдеттерди аткаруу үчүн бизге жардам беришин сурайбыз. Ал – Угуучу, Жооп кылуучу” Аягы.

Бул контексттеги “институттар” деген сөз окуу жайларды, мектептерди, колледждерди, университеттерди ж.б. камтыйт. Бардык окуу жайлары бул контекстте “институттар” деген терминге кирет. Себеби, каапыр колонизатор мусулман өлкөлөрүндө өзүнүн көз карашына жана жашоого болгон көз карашына карап билим берүү саясатын койгон. Бул окуучулардын аң-сезимин ууландырып, аларды Ислам пикирлеринен жана анын жашоого болгон көз карашынан алыстатты. Ошондуктан алардын билим берүү саясаты Исламга ылайык болуусу үчүн азат кылуу процессине мусулман өлкөлөрүндө бар институттарды да камтууга туура келди. Биз “Мамлекет” китебинде Word файлынын 224-226-беттеринде бул маанини тактаган мазмун айтылган, анда мындай дедик:

“Каапыр колонизатор өлкөнү басып алаары менен Батыштын бардык мыйзамдарын Исламга эч кандай байланышы жок жарандык мыйзамдар деп

эсептеп, аны дароо колдонду. Ал эми шаръий өкүмдөр ташталды, ошентип куфр өкүмү түзүлдү жана Ислам өкүмү алынып салынды. Буга анын түркүктөрүн түзүшү жана бардык иштерин өзү түзгөн билим берүү саясатынын жана өзү белгилеген окуу программаларынын негизинде түзүшү жардам берген. Бул бүгүнкү күнгө чейин бардык Ислам өлкөлөрүндө колдонулуп келет. Ал- көпчүлүгү бул программаларды кайтарууга жана коргоого жоопту болгон мугалимдердин эбегейсиз чоң армиясын түздү. Алардын көбү ишти колго алып, каапыр колонизаторлордун каалоолоруна ылайык жүрүшөт. Ал билим берүү саясатын жана окуу пландарын эки негизге негиздеген: Алардын бири – диндин жашоодон бөлүнүшү, бул табигый түрдө диндин мамлекеттен бөлүнүшүнө алып келет. Бул мусулман уулдарынын Исламий мамлекетти тикелөөгө каршы күрөшүүсүн талап кылат, себеби бул саясат аларга үйрөтүлгөн негизге карама-каршы келет. Экинчи принцип – каапыр колонизатордун кулк-мүнөзүн жаш акыл-эске толтуруучу негизги билим жана маалымат булагы кылуу. Бул колонизатор каапырды ал каапыр болсо да аны урматтап, улуулап, аны тууроого жана ээрчүүгө аракет кылууну талап кылат. Ошондой эле мусулманды жек көрүү, андан алыстап, андан жийиркенүү жана андан өкүм алуудан тыйылууну талап кылат. Бул Ислам мамлекетин тикелөөгө каршы күрөшүү жана аны реакциячыл деп эсептөөгө алып келет. Колониализм өзү жетектеген же анын ордуна түзүлгөн өкмөттөр көзөмөлдөгөн мектептердин окуу программаларына эле чектелип калган жок. Балким , ал анын жанына таза колониялык негизде негизделген миссионердик мектептерди жана туура эмес саясий, сакофий багытка багыттай турган жоопкерчиликти өзүнө алган маданий институттарды да койду. Ошентип, түрдүү мектептердеги жана маданий институттардагы интеллектуалдык (пикирий) чөйрө үммөттү Ислам мамлекети жөнүндө ойлонуудан алыстата турган жана ал үчүн иштөөсүнө тоскоол боло тургандай тарбиялоочу чөйрөгө айланды.

Анын жанына, бардык ислам өлкөлөрүндөгү саясий окуу программалары динди жашоодон бөлүү негизинде түптөлдү. Динди мамлекеттен бөлүү интеллигенциянын жалпы адаты болуп калды. Карапайым элдин арасында дин саясаттан бөлүнүп, натыйжада мусулмандардын артта калышынын себебин динди кармануу деп, кайра жаралууга (ойгонууга) алып баруучу бирден-бир жол улутчулдук жана ал үчүн аракет кылуу деп ырастаган интеллигенция өкүлдөрү пайда болду...] Аягы.

Демек, колонизатордун пикирлеринин тамыры үзүлүп, үммөттүн пикири таза болушу үчүн, Ислам өлкөлөрүн, институттарды, мусулмандардын пикирлерин колонизаторлордун ар кандай кемтиктеринен куткаруу керек.

21-мухаррам, 1447-х.

16-июль, 2025-м.

## Терең мамлекет (Үчүнчү күчтөр)

**Суроо**: “терең мамлекет” деген термин саясатчылар арасында, маалымат каражаттарында кеңири жайыла баштады. Бирок бул сөздөрдү карай турган болсо, алар ар башка маани экени айкын болот. Бул терминге байланыштуу саясий фактыларды түшүнүү үчүн бул маселенин эң мүмкүн болгон маанисин айрым мисалдар менен келтире аласызбы? Бул мисалдар боюнча менин өтүнүчүм сизди аткарып жаткан маанилүү ишиңизден алагды кылып жатса, кечирим сурайм. Рахмат.

**Жооп**: ооба, “терең мамлекет” термини жөнүндө жарыяланган нерселерде айырма бар. Кээ бирөөлөр муну бийликте болбогон таасирдүү класстар (чөйрө) дегенди билдирет дешет. Ал Түркияда болуп жаткандай, азыркы режимге каршы тымызын иштейт… Айрымдары аны режимдеги көзөмөлдөөчү күч дешет, каалаган убакта өлкөнү башкарып, бир маселе жаралса, аны башка бирөөнүн мойнуна илип койуу үчүн бийликтен кетип, маселени өздөрүнө жүктөй ала турган башканы алып келип, кийин кайра бийликке келишет. Британияда болуп жаткандай. Кээ бирөөлөр муну Америкада Трамптын доорунда болуп жаткандай активдүү партиялардын ортосундагы чыр-чатакка мүнөздөшөт. Кээ бирлери аны өздөрүнүн башкаруудагы кемчиликтери жана мүчүлүштүктөрү үчүн улак катары пайдаланып, муну терең мамлекет (үчүнчү күчтөр) деп атаган нерсеге шылтоолошот. Кээ бирлери элди бир нерсе менен алаксыткысы келгенде ушул сөз менен ойноп, ушул сөздү же башка сөздөрдү колдонуп эскеришет. Алардын кээ бирлери колониялык державаларды колонияларындагы терең мамлекет деп эсептешет. Бул маселенин туура маанисин тактоо үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

Биринчи: терең мамлекеттин кээ бир аныктамалары:

1. Дүйнөдөгү эң байыркы сөздүктөрдүн бири болгон Webster’s Dictionary терең мамлекетти мындайча сүрөттөйт: “Өкмөттүн саясатына жана аткаруусуна таасир этүү үчүн мыйзамдан тышкары иштеген жеке, шайланбаган мамлекеттик кызматкерлердин жана кээде жеке жактардын жашыруун тармагы, чөйрөсү. Бул түзүм жана конституциянын көлөкөсүндө элди башкарган тереңирээк күч бар дегенди билдирет. Бул күчтүн өзүнүн планы бар болуп шайланган өкмөттүн чечимдерине доо кетириши мүмкүн.

2. Википедияда мындай деп айтылат: (Түркиядагы терең мамлекет түрк тилинде мындайча белгилүү: “Дерин Девлет” — ички жана тышкы чалгын кызматтарынан, түрк армиясынан, коопсуздук органдарынан, сот бийлиги жана мафиянын ичиндеги жогорку даражалуу элементтерден турган Түркиянын саясий түзүлүшүндөгү таасирдүү антидемократиялык бирикмелердин тобу. Тарыхый жактан алганда, зордук-зомбулук жана

башка мажбурлоо каражаттардын негизинде тымызын түрдө саясий жана экономикалык элитаны манипуляциялоо. Саясий аренада "демократия урааны" алкагында белгилүү бир кызыкчылыктардын аткарылышын камсыз кылуу үчүн колдонулат.

3. "Терең мамлекет" термини менен эмнени айткысы келгенин изилдөө менен биз саясий системаны көзөмөлдөгөн мамлекеттик аппараттын ичинде же анын тышында жашыруун күчтүн болушун көрөбүз. Башкача айтканда, өзүнүн саясатын, пикирин, багыттарын мыйзамдуу түрдө шайланган саясатчыларга таңуулайт… Бул жашыруун күч – аскердик, коопсуздук жана саясий күчтөр сыяктуу сезимтал борборлорго кирип, шайланган өкмөттөн көз карандысыз иштеген инсандардын уюшкан тармагы… Кээде бул жашыруун тармакка ишара кылыш үчүн ар кандай терминдер колдонулат… мисалы, "терең мамлекет", "параллел абал", "көмүскө күчтөр" же "мамлекет ичиндеги мамлекет".

4. Бийликте же шайлоодо жеңилген саясатчынын дагы бир башкача аныктамасы бар. Анын башкаруудагы же шайлоодогу ийгиликсиздигине шылтоо катары пайдаланат. Башкача айтканда, бул жаңылтуучу түшүнүк болуп, өлкөдө коррупция жана адилетсиздик кеңири жайылган учурда же чыккынчылык кылынган учурда акимдерди актоо үчүн колдонулат. Бул акимдин айла амалы, муну менен ал терең мамлекет деп атаган (үчүнчү күчтөрдү) көмүскөдөгү адамдарды күнөөлөп, анын натыйжасында ал жоопту болгон иштерден кутулуп эл аны алмаштырылышы керек эмес деп түшүнүп калышат, ошону менен элди адаштырат.

5. Колонизатор өлкөлөр колонияларынын системаларын көзөмөлдөп, бир акимди калтырып, экинчисин кетирип жаткандыктан, колонияларындагы терең мамлекет деген сөз бар.

Экинчи маселе: эң ыктымалдуу аныктама:

1. Бул аныктамаларды изилдеп, аларда айтылгандарды пикирлөө менен, эң ыктымалдуу аныктама: бир өлкөдө терең мамлекет деген, мейли саясий же экономикалык күчтөр же ошол өлкөнүн калкынан чыккан таасирдүү аристократиялык үй-бүлөлөр болсун, ички же тышкы таасирдүү бир күчтүн бар экендигин билдирет. Ал расмий түрдө мамлекеттик аппаратта эмес, мамлекетке тымызын же жашыруун таасир этет. Ал каалаганын ишке ашыруу, же аны өзгөртүү үчүн расмий мамлекеттик органдарга эффективдүү жана таасирдүү кысым көрсөтөт.

2. Ал эми акимдин өзүнөн коррупциялык айыпты алып салуу жана аны башка тарапка жабыш үчүн адамдарды адаштырып, аны терең мамлекет деп шылтаганына келсек, бийликтин начар иштегендиги жана коррупцияга баткандыгын алдоо катарында терең мамлекет деп айтуу

бул аныктамага туура келбейт. Себеби, бул башка тараптын акимге каршы эмес, акимдин өзү тарабынан жасалган алдамчылык.

3. Ал эми колониялык мамлекеттерди терең мамлекет катары кароого келсек, бул да туура эмес, анткени колонизатор мамлекеттер өз колонияларын башкарып турган жат мамлекеттер жана алар өлкө калкынан башка, жашыруун, шайланган башкаруучу күчтөрдөн жашыруун иштеген күчтөр эмес.

Үчүнчүсү: Андан ары тактоо үчүн терең мамлекеттин кээ бир өлкөлөрдөгү көрүнүштөрүнүн мисалдары:

1. Түркия.

А. “Терең мамлекет” термининин түпкү теги Түркиядан келген. Осмон дөөлөтүнүн аягында Батыш идеяларынын таасиринде калган Биримдик жана Прогресс партиясынын офицерлери 1909-жылы төңкөрүш жасап, Халифа II Абдул Хамидди бийликтен кулатып, анын бир тууганы Мехмед Решадды ыйгарым укуктары азыраак халифа кылып дайындашкан.

* Бул халифага караганда күчтүүрөөк класстын пайда болушунун башталышы болгон, анын аман калышына же кулашына ачык жана жашыруун эмес таасири болгон. Бирок алар халифатты жана исламий башкарууну кулатышкан жок. Алар чындыгында мамлекеттин ичиндеги мамлекет да, терең, жашыруун мамлекет да эмес. Алар мамлекеттин ичинде көрүнүп турат, бирок бийликте үстөмдүк кылышкан.

Б. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин англистерге берилген Мустафа Кемал өкмөттү колго алып, кийин Халифатты талкалап, шариятты кулатып, мыйзамдарын ишке ашыра алган. Республиканы жарыялап, аны светтик негизде куруп, бийликке каршы төңкөрүштөрүн Ислам өкүмүнө каршы ишке ашырды. Ал тургай, исламий көрүнүштөргө каршы, мисалы, түрк тилинин тамгаларын арабчадан латынчага алмаштырып “алфавит революциясы” же “диний кийимдин” батыш кийимине алмаштырылышы жана башка нерселер. Ошентип, Исламдын бийликке кайтып келишине жана кайрадан халифатты тикелөөгө жол бербөө үчүн армия жана коопсуздук күчтөрү республиканы жана секуляризмди коргоо үчүн белгилүү стандарттарга ылайык түзүлдү. Армия өкмөттү көзөмөлдөгөн, Кемализмден кандайдыр бир четтөө байкалганда өкмөткө кийлигишкен, Британияга көз каранды болгон кубаттуу күчкө айланды. Кемалисттик режимдин зулуму жана Англиянын колдоосу бул режимге каршы “терең мамлекеттин” пайда болушуна тоскоол болду.

1. Эрдоган Түркияда шайлоо үкөктөрүнүн жыйынтыгы менен жана Американын саясий, финансылык жана экономикалык колдоосу менен бийликке келгенде, ал англистерге баш ийген армия генералдардын, секуляризм сакчыларынын күчүн, алар мамлекеттин таянычы болуп

саналаарын жана кааласа аны кулатып жибере аларын билген. Ошондуктан, ал демократиянын жана эркиндиктин баалуулуктарын жайылтып, аларды өзүнө каршы көтөрүлүшкө жол бербөө үчүн мыйзамдуулуктун күчү менен курчоого алды. Америка финансылык жана экономикалык тамыры аркылуу түрктөрдүн шилекейин агызып жатты. Эрдоган бул аскерийлерден коркуп, алардын көптүгү жана жылдар бою армияда тамырлашып кеткендиктен аларды кызматтан кетире алган эмес. Бирок ал тез эле түрк турмушунда жаңы вакыйды (жараянды) жаратты, анын негизги темасы “демократия” жана төңкөрүшкө бөгөт болгон “экономикалык ийгилик” болду.

Бул мезгил аралыгында Түркия мамлекеттик аппараттын ичинен, өзгөчө армиянын ичинен тымызын иш алып барган, шайланган премьер-министр Эрдогандын багыттарына каршылык көрсөтүп, каршы чыгып, бут тосууга аракет кылгандыгы “терең мамлекеттин” бар экендигинин так сүрөттөлүшү.

Алар үстүрт көз караштагыларга көрүнбөгөн тармак болчу, баары эле баш мыйзамга, мыйзамга берилген деп ойлогон. Бул түрк тармагы аскер, сот жана министрликтердин ичинде бекемделгенинен тышкары, мамлекеттен тышкаркы оппозициянын өкүлү болгон секулярдык партиялар менен байланышта болгон. Ал Лондондогу борбор менен байланышып, анын адамдары тымызын жолугуп, кеңешип, Эрдоган режиминин маселелерин талкуулашчу, а түгүл 2016-жылы төңкөрүш жасоо чечими кабыл алынды бирок андан майнап чыккан жок. Андан кийин Эрдоган муну шылтоо катары колдонуп, аларды армиядан, алардын жолдоочуларын сот жана министрликтерден тазалоо иштери университеттин профессорлоруна чейин жетти. Ошентип Эрдоган түрк армиясынын ичиндеги британдар менен байланышы бар “терең мамлекетти” жок кылууга жетишти жана анын бар-жогуна чекит коюуга аз калды, бирок алардын дагы деле тарапкерлери бар. Алар мурдагыдан алсызыраак болсо да, режимдин алдында “терең мамлекет” сыпаттамасын жандантуу аракетинде.

2. Америка Кошмо Штаттары.

А. Америкада бийлик эки реалдуу деңгээлге бөлүнөт: Биринчи деңгээл бул президентти жана бул өкүлдөрдү шайлаган элдин эркине жетүү үчүн иштеген элдик легитимдүүлүктүн (башкача айтканда шайланган мыйзамдуу бийлик) өкүлү катары көрүнөт. Мамлекеттин сырткы көрүнүшү – бул “демократиялык” көрүнүш. Бирок бул биринчи мыйзамдуу деңгээл экинчи деңгээл каалагандан башка өлкөнүн саясатын жетектей албайт. Бул ички, көрүнбөгөн жана тандалбаган деңгээл. Башкача айтканда, “демократиялык” система боюнча мыйзамсыз. Муну алар “терең мамлекет” деп аташат. Бул деңгээлдеги инсандар, башкача

айтканда, терең мамлекеттин өкүлдөрү мамлекеттик органдарда сезимтал кызматтарды ээлеген адамдар. Алар башкарган аппараттар алар аркылуу гана биринчи даражадагы багыттар боюнча жүрө алат, анткени алардын борборлору сезимтал. Америкадагы бул адамдар же ири капиталисттер же алардын өкүлдөрү. Американын ири капиталисттери мамлекеттик органдарда жогорку кызмат адамдарынын өз кызыкчылыктарын коргошуна кызыкдар болгондуктан, алар өздөрүнүн кызыкчылыктарына жетүү үчүн бул кызматкерлер менен дайыма байланышта болушат. Мисалы, каржы компаниялары салык кызматынын кызматкерлеринин чөйрөсүнө ээ болууну каалашат. Курал-жарак компаниялары Пентагондо жана Мамлекеттик департаменттин аскердик контракт департаменттеринин чөйрөсүнө ээ болууну каалашат. Фармацевтикалык компаниялар Саламаттыкты сактоо министрлигинде жана мамлекеттик камсыздандыруу бөлүмдөрүнүн чөйрөсүнө ээ болууну каалайт. Ошентип, көптөгөн убакыттын ичинде чоң корпорациялар Америкада мамлекетти сезимтал кызматтардагы бул кызматкерлер аркылуу жана басым лоббилери аркылуу эффективдүү башкарууга жетишкен.

Б. Бул Америкадагы саясий системанын чындыгы. Ошого жараша ири капиталисттер жана чоң корпорациялар Америкадагы терең мамлекеттин өзөгү жана тирүү тамыры. Бул мамлекеттин саясий багыттарынын артында турган жашыруун, тымызын күч – бул сезимтал кызматтарда иштеген кызматкерлерди ошол компаниялардын кызыкчылыктарына карама-каршы келсе, мамлекеттин багыттарына каршы турууга түрткү берет. Бул сыпат мамлекеттик аппараттын сыртында да, ичинде да жайгашкан жана каржы, бизнес, өнөр жай тармактарында активдүү. Бирок анын ишмердүүлүгү Америкадагы мамлекеттик аппараттын ичинде ачык көрүнүп турат.

В. Дональд Трамп 2016-жылы президент болуп келгенде, ал жогорку мамлекеттик кызматкерлердин жана ар кандай агенттиктердин, өзгөчө коопсуздук агенттиктеринин нааразычылыгына туш болгон. Ал алардын өзүнүн саясатына каршылыгын сезди, андан кийин бул козголоң сыяктуу Америкадагы штаттын ичиндеги катуу каршылыкка айланды. Ал тууралуу коопсуздук жана чалгын кызматтары тарабынан ыңгайсыз маалыматтар чыгып кеткен учурлар көп болгон… Андан кийин ага каршы көптөгөн иштер козголду, алардын эң белгилүүсү шайлоодо Орусиянын аны колдогону болду. АКШнын Юстиция министрлиги анын ашкере душманына айланганга чейин Конгрессте тергөө жана импичмент жарыялоо аракеттери башталган. Ага каршылык мамлекеттин ичинде гана болгон жок. Корона вакцинасын тапкан фармацевтикалык компаниялар Байдендин шайлоодогу жеңиши 2020-жылдын аягында жарыяланганга чейин бул ачылыштарды жарыялоодон карманышты.

Башкача айтканда, Трамптын бул ачылыштардан шайлоодон пайда көрүшүнө жол бербөө үчүн. Анан мына ушул тымызын, ага каршы иштеген уюшкан күч менен азап чеккен, президент шайлоонун жыйынтыгынан күмөн санап, аны таанытбай, көз боёмочулук катары баалап, жеңиш андан уурдалып кеткенин айтып чыкты. Ал өзүнүн душмандарынын катарына өкмөттүн шайлоо комиссиясын да кошту. Президенттиктен кеткенден кийин, Трамп 2023-жылы Техастагы өзүнүн тарапкерлеринин алдында мындай деди: "Же терең мамлекет Американы жок кылат, же биз терең мамлекетти жок кылабыз". Биринчи Трамп башкаруусу учурундагы Американын бул чындыгын жана Америкада шайланган президентке өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тоскоол болгон жашыруун күчтүн сүрөттөлүшүн карап чыгуу менен, биз бул сүрөттөмө Американын башкаруу системасынын акыйкатынын сүрөттөлүшү экенин көрөбүз.

Г. 2023-жылдын 21-мартында Трамп видероликте 10 пункттан турган планды жарыялап, видеодо мындай деди: "Ушундай жол менен мен терең мамлекетти жок кылам жана өкмөттү элдин көзөмөлүндө жана эл үчүн калыбына келтирем". (Daily Mail Британия, 21-март, 2023-жыл).

Бул Америкадагы саясий системанын чындыгы, ошого жараша ири капиталисттер жана чоң корпорациялар Америкадагы терең мамлекеттин өзөгү жана тирүү тамыры. Бул мамлекеттин саясий багыттарынын артында турган жашыруун, тымызын күч – бул сезимтал кызматтарда иштеген кызматкерлерди ошол компаниялардын кызыкчылыктарына карама-каршы келсе, мамлекеттин багыттарына каршы турууга түрткү берет. Бул сыпаттама ал мамлекеттик аппараттын сыртында да, ичинде да жайгашкан жана каржы, бизнес, өнөр жай тармактарында активдүү. Бирок анын ишмердүүлүгү Америкадагы мамлекеттик аппараттын ичинде ачык көрүнүп турат.

3. Британия. Британияга келсек, ал жерде башкаруучу системаны консерваторлор көрсөткөндүктөн, ал терең мамлекетке ээ. Алар Британиянын аристократиялык үй-бүлөлөрү жана анын бай элитасы. Алар Британиянын чыныгы башкаруучулары, бирок алардын жарыяланган тенденциялары кээде өлкөнү кризистерге алып келет. Башкача айтканда, кээде мамлекеттин кызыкчылыгына зыян келтирет, ошондуктан Консервативдик партия тыныгуу алып, өлкөнү лейбористтик партия башкарат. Эмгек партиясынын миссиясы кризистерди чечүү жана мамлекеттин кызыкчылыгына зыян келтирүүнү токтотуу болуп саналат, анда ал бийликтен кетет. Жакында биз күбө болгон нерсе, консервативдик партиянын талкаланган жеңилүүсү жана лейбористтик партиянын ишенимдүү жеңиши – консерваторлордун иши болуп эсептелет. Brexitтен кийин Британия оор экономикалык кризисти

башынан кечирүүдө. Тескерисинче, анын Евробиримдиктен чыгышы Британиянын Европа боюнча референдумундагы туура эмес эсептөөлөрүнүн натыйжасы болду. Консерваторлор бул кризисти жаратып келгендиктен, азыр Лейбористтик партия аны чечүүгө милдеттүү. Британиядагы терең мамлекет илгерки бай манап үй-бүлөлөр. Алар ар дайым Британиянын башкаруучулары. Эгерде алар бийликтен четтеп кетип, Лейбористтик партияны алып келишсе, бул консерваторлор тарабынан келип чыккан кризисти чечет жана Британиядагы "терең мамлекет" өкмөттү оңой жана жылмакай көзөмөлдөйт. Башкача айтканда, Британиянын тектүү үй-бүлөлөрү жана бай адамдары бийликтин булагы жана анын камкорчулары, мейли алар бийликти өздөрү колдонушабы же аны ишке ашыруу үчүн башка тарапты "жалдашабы" айырмасы жок алар бийлик жүргүзүшөт. Бул көзөмөл ушунчалык жеңил жана жылмакай уланышы үчүн, Британиядагы "натыйжалуу башкаруунун булагы" жана анын "тирүү тамыры" өзгөрүүнү четке кагып, эскиликти жана өткөндөгү текеберчиликти көтөргөн баалуулуктарды жайылтат. Улуу Британияда королдук үй-бүлөгө, анын жаңылыктарына, окуяларына, ханзаадалардын туулган күндөрүнө жана жашоо-турмушуна болгон элдин катуу кызыгуусу да бул нерсени айгинелеп турат!

Корутунду:

Терең мамлекет – учурдагы бийликтин ичиндеги таасирдүү күч жана өлкөнүн ичиндеги жана анын сыртындагы адамдардан турган чөйрө. Ошол өлкөнүн башкаруучу табына каршы аны өзгөртүү же алсыздандыруу үчүн тымызын же жашыруун ишмердик алып барат. Бирок, эгерде бул түйүн ошол өлкөнүн элинен эмес, тескерисинче, чет өлкөлүк күч болсо, мисалы, ага каршы иштеген колонизатор мамлекет же ага каршы душман мамлекет болсо. Бул күчтөр терең мамлекет деп эсептелбейт, тескерисинче, алардын талкуусу колониализм, согуш жана агрессия категориясына кирет.

Ошондой эле, эгерде бул түйүн бийлик табы тарабынан мамлекетке каршы иштерди жана анын пландарын сыпаттоо үчүн даярдалган болсо, башкача айтканда акимдин бузукулугу жана жөндөмсүздүгүн элди алдоо үчүн айыпты акимден оодарып, аны өзүнүн ойдон чыгарылган бир тармагына өткөрүп берүү үчүн колдонулса, анда бул терең мамлекет деп эсептелбейт. Кыскасы, терең мамлекет – өлкөдөгү режимге каршы аракеттенип, аны өзгөртүү же алсыздандыруу үчүн ошол өлкөнүн ичиндеги же сыртындагы адамдардан турган чөйрө. Бул жагынан алганда, ал адамдар тарабынан чыгарылган мыйзамдар менен башкарылган өлкөлөрдө гана бар. Ичинде же сыртында алар каалаган эреженин түрү боюнча айырмаланган чөйрөлөрдүн болушу мүмкүн

болсо, алардын ортосунда талап кылынган эреженин түрүнө байланыштуу конфликт пайда болот.

Ал эми өкүм ааламдардын Раббисинин мыйзамына негизделсе, мусулмандар өлкөнүн ичинде болобу, сыртында болобу айырмасы жок алардын арасында Ислам өкүмдөрүнөн башка, башка өкүмдөр менен өзгөртүүгө аракет кылган терең мамлекет болбойт. Өлкө ичиндеги же тышындагы мусулмандар сырткы колонизатор же баскынчы күч тарабынан айдакталса, анда биз жогоруда айкандай терең мамлекет эмес. Ошондуктан, Пакистанда, Бангладеште же Египетте болуп өткөн же болуп жаткан кээ бир мусулман өлкөлөрүндөгү өзгөрүүлөр же төңкөрүштөрдө байкалып жаткан нерселерди терең мамлекет деп айтууга болбойт, анткени колонизаторлук ага малай мамлекеттердеги окуяларга түрткү берет.

Ал эми мусулман өлкөлөрүндө адамдар тарабынан чыгарлыган мыйзамга каршы иш алып барган бир кыймыл болсо жана бул кыймыл мусулман өлкөлөрүндөгү илманий башкарууну Ислам өкүмүнө Халифалыкка өзгөртүү үчүн иштеп жатса, бул кыймыл терең мамлекет деп аталбайт, тескерисинче, Аллах Таала жана Анын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламга нусрат кылган адамдар деп аталат.

Ислам жана мусулмандар даңкталып, куфр менен каапырлар кор болушу үчүн Алла Тааладан дагы бир жолу рошид Халифалыкты тикелөө үчүн жардам жана ийгилик тилейбиз.

﴿وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْقَبْلِهِمْ﴾

Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы иштерди кылгандарга, алардан мурункуларды халифа кылганы сыяктуу, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды.

6-зул каада, 1446-х.
5–май, 2025-м.

## «Чырайлуу жана куник» менен «жакшы жана жаман»дын айырмасы

**Суроо**: «чырайлуу жана куник» менен «жакшы жана жаман»дын ортосундагы айырма эмнеде?

**Жооп**: элестетүү ачык-айкын болушу үчүн этибарыңызга төмөндөгү нерселерди тартабыз:

а) чырайлуу жана куник, жакшы жана жаман деген сөздөр усули фикх уламаларындагы терминдер. Демек, алардын маанилерин сөздүктө келген маанилери боюнча эмес, ушул усул уламалары иштеп чыгып колдонгон маанилерден түшүнүп аласыз. Т.а. сиз алардын маанисин жана ортолорундагы айырманы билип алышыңыз үчүн бул маани жана айырма жөнүндөгү түшүнүктү сөздүк уламаларынан эмес, усул уламаларынан алышыңыз керек болот. Демек, сиз сөздүк китептерин барактап, чырайлуу жана куник, жакшы жана жаман деген сөздөрдүн маанисин алардан издеп отурбай, алардын маанилерин усул уламалары китептеринен издеп, алар бул сөздөрдү кандай мааниде колдонгондуктарын билип, түшүнүп алышыңыз керек болот.

б) усул аалымдары «аким» (өкүм чыгаруучу) жөнүндө т.а. иштердин үстүнөн парз же мандуб, мубах же макрух, же арам деп о.э. нерселер үстүнөн адал же арам деп ким өкүм чыгарышы жөнүндө талкуу жүргүзүштү. Т.а. мында ушул иш жана нерселерге тиешелүү буйруу жана кайтаруу жагынан б.а. ушул иш жана нерселерге мактоо жана каралоо о.э. мындан келип чыга турган сооп же жаза жагынан жандашышты.

Мына ушул көз караштан туруп талкуу жүргүзүү алардын назарындагы чырайлуу жана куниктикти белгилеп берет. Мисалы, шарият буйруктарына ылайык болгон нерсе макталуучу жана кылууга буюрулган нерсе болуп, ал «чырайлуу» деп аталат жана ага сооп берилет. Шарият өкүмдөрүнө тескери нерсе караланып, андан кайтарылат жана ал «куник» деп аталат, ага жаза берилет. Ошондуктан, демек, чырайлуу жана куник деген түшүнүк иштер жана нерселер үстүнөн өкүм чыгаруу учурунда кандай шаръий өкүм чыгаруу жагынан о.э. мындан келип чыга турган мактоо же жамандоо жагынан т.а. сооп же жаза берүү жагынан келип чыгат.

Ошондуктан, мисалы, уурулук жөнүндө «ал арам» деп өкүм чыгарып, «ал жаман иш, ага жаза берилет т.а. кол кесилет» деп талкуу жүргүзгөн соң, «уурулук куник иш» деп айтабыз.

в) усул аалымдары ушуну менен бирге өлчөө жөнүндө да талкуу жүргүзүшөт: адам иштин өзүнө болгон зыян же пайдасын ушул өлчөө менен өлчөйт жана ушуга карап бул ишке кадам коёт же андан баш тартат. Ошондуктан, эгер адамдар белгилүү бир ишти өздөрү

каанаттанган өлчөөгө салып көрүшсө жана өлчөөнүн натыйжасы алардын назарында «кызыкчылык, пайда» болуп чыкса, алар бул ишти кылууну каалап, ага кадам коюшат жана аны «жакшы» деп аташат. Эгер өлчөөнүн натыйжасы зыян болуп чыкса, алар бул ишти жаман көрүп, андан баш тартышат жана аны «жаман» деп аташат.

Ошондуктан, мисалы, уурулук жөнүндө анын өзүңүзгө болгон пайда же зыянын өлчөй турган өлчөө жагынан о.э. ушуга карап ага кадам коюшуңуз же баш тартышыңыз жагынан талкуу жүргүзгөндө, мына ошондо «жакшы жана жаман» деген түшүнүк жүзөгө келет.

Ушул себептен улам сиз уурулук жаман дейсиз. Себеби, ал Ислам өлчөөсүндө зыян. Ушуга карай сиз уурулук кылбайсыз.

г) ушинтип, талкуу уурулук үстүнөн өкүм чыгаруу т.а. арам деп өкүм чыгаруу жана ага бериле турган жаза б.а. бул дүйнөдө колдун кесилиши, акыретте болсо тозок азабы болушу жөнүндө болгон соң, демек, сиз уурулукту куник иш деп айтасыз.

Эгер өзүңүз пайда же зыянды өлчөй турган өлчөө жөнүндө талкуу жүргүзүп, уурулукту өз пайдаңыз же көңүл каалооңуз үчүн эмес, Ислам өлчөөсү менен өлчөсөңүз, уурулукту жаман иш деп атайсыз. Натыйжада аны зыяндуу деп таап, аны жаман көрөсүз жана андан баш тартасыз.

д) Тыянак:

Эгер талкуу негизинен иш жана нерсе үстүнөн өкүм чыгаруу жана мындан келип чыга турган сооп же жаза тууралуу барса, мындан чырайлуу жана куник деген баа келип чыгат.

Эгер баа негизинен иштин пайда жана зыяны өлчөнө турган, ушуга карап аны жакшы көрүп ага кадам коюшуңузга, же аны жаман көрүп андан баш тартышыңызга алып келе турган өлчөө жөнүндө барса, мындан жакшы жана жаман деген баа келип чыгат.

15-рабиул-аввал, 1426-х.
24-апрель, 2005-м.

## Вакиъни элестетүү менен идирек кылуунун айырмасы тууралуу

**Суроо**: «Тафкир» китебинде мындай делет: «Пикирий матнды түшүнүүдө сабик маалыматтарга кошумча, үч шарт болушу ылазым: Биринчи, сабик маалыматтар – түшүнүү кааланып жаткан пикир – деңгээлинде болсун. Экинчи, сабик маалыматтардын вакиъи асл акыйкаты менен жана башка вакиъден айырмалап бере турган таризде идирек этилсин. Үчүнчү, бул вакиъ ушундай элестетилсин, ал вакиънин чыныгы сүрөтүн бере турган таризде саламат элестетүү (тасаввур) болсун».

Вакиъни элестетүү менен аны идирек кылуунун ортосунда кандай айырма бар, мүмкүн болсо, мисалдары менен айтып берсеңиз?

**Жооп**: вакиъни идирек кылуу бул нерсенин акыйкатын үйрөнүү (тахлил кылуу). Мисалга шахсий эркиндик вакиъсин идирек кылууну алайлы: Бул матнды тахлил кыласыз, кийин, андан – шахстын эч кимдин каршылыгысыз өзү каалаганын кылышы, каалаган кийимин кийиши, каалаган кимсе менен каалагандай ыкмада жашашы... ж.б.у.с. экенин түшүнүп аласыз.

Вакиъни элестетүү болсо, анын колдонулган абалын көз алдыңарга келтиришиңиз. Мына ошондо сизге анын натыйжалары көрүнөт... Мисалы, шахсий эркиндик колдонула турган болсо, ахлакый бузулуу, айлана-чөйрөнүн фасадга толушу, шахсий каалоолор тизгини коё берилиши мүмкүндүгүн көрөсүз.

Т.а. вакиънин колдонулганын өз көзүңүз менен көргөндөй элестетесиз.

Мисалы, илманийлик вакиъсин идирек кылуу – аны үйрөнүшүңүз жана динди турмуштан ажыратуу экенин, дин мечиттен сыртка чыкпашын, инсандар ортосундагы алакаларга инсандар чыгарган мыйзамдар өкүмдар болуп, диндин аларга аралашпасын – билип алышыңыз болот.

Илманийлик вакиъсин элестетишиңиз, анын татбик кылынганын көз алдыңызга келтиришиңиз. Илманийликке ишенген мусулмандын өз шахсиятынан үзүлүп калган кимсеге окшоп калганын, ал «وَأَقِيمُوا الصَّلاَةَ намазды толук өтөгүлө» деген каламды окуп, аны өтөп жатат, бирок «وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللهُ алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын» деген каламды окуп туруп, Аллах Субханаху эки аятта тең буйруп жаткан болсо да, аны аткарбай жатканын, балким, инсаний мыйзамдардан өкүм сурап жатканын көрүшүңүз. О.э. илманийлик вакиъсин элестетишиңиз – Исламдан өкүм сурабай жаткан жана инсандар чыгарган мыйзамдарды кабыл алып жаткан мусулмандардын ойгонбой жатышканын, иш жүзүндө күч-кудурет себептерин албай жатышканын,

себеби, алар өздөрү итикад кылган нерселерди колдонбой жатышканын, мусулман болуп туруп, Исламдан башка нерседен өкүм сурап жатышканын табышыңыз!

Тыянактап айтканда, вакиъни идирек кылуу – вакиънин акыйкатын, тутумун, матндарын жана ал өз ичине алган нерселерди билүү. Вакиъни элестетүү болсо, анын вакиъде колдонулганын көз алдыңызга келтиришиңиз жана андан келип чыгып жаткан натыйжалар жөнүндө элестетишиңиз.

15-жумадус-саний, 1431-х.

## Мантык жана пикирий хис кылуу тууорасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, фазилаттуу аалым, шайхыбыз, амир Ато ибн Халил Абу Рошта, менде «Хизбий уюшуу» китеби боюнча бир суроо бар. Себеби китепте «ал тургай, ал калыс болбоону каалаunion да, буга кудуреттүү боло албайт» деген сүйлөмдө «калыс» сөзү келген. Бул кандай маанини түшүндүрөт? «Хис кылуу мантыкы (сезүү логикасы)» жана «пикирий хис кылуу (пикирий сезүү)» сөздөрүнүн маанисин айкындаштырып беришиңизди да өтүнөмүн.

Көптөгөн ыраазылык билдиремин, Аллах сизди – сиздин дооруңузда Халифалык болуп жана сиз имам болуп – жакшылык менен сыйласын, аамин.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сиз бул суроонуз менен «Хизбий уюшуу» китебинин 25-26 беттеринен алынган төмөнкү текстти назарда тутуп жаткан окшойсуз: «Мунун себеби, хизбдеги пикирге алып бара турган хис кылуу (сезүү) бул пикирди Үммөт ичинде бир нече пикирлер арасында көрсөтөт. Натыйжада, бул пикир ошол пикирлердин бирине айланат. Алгач ал пикирлердин эң алсызы болот. Себеби, ал эми гана жүзөгө келип, али орношкону жок жана ал үчүн чөйрө да жок. Бирок, ал хис кылуу мантыкынын натыйжасындагы пикир болгону үчүн т.а. хис кылуу аркылуу идирек кылуудан пайда болгон түшүнүү болгону үчүн, пикирий хис кылууну жүзөгө келтирет. Т.а терең пикир натыйжасындагы ачык-айкын хис кылууну пайда кылат. Табигый, бул пикир аны өзүндө камтыган кишини тазалап, калыс кишиге айландырат. Ал тургай, ал калыс болбоону кааласа да, буга кудуреттүү боло албайт ».

Ошондуктан, сиздин хис кылуу мантыкы жана пикирий хис кылуу мааниси туурасындагы суроонуз: Эмне үчүн бул пикир өзүнө ээ болгон кишини калыс кишиге айландырып коёт? - деген суроо болот.

Суроонуздун көбүрөөк бөлүгүнүн жообу «Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинде бар. Себеби, анда хис кылуу мантыкы жана пикирий хис кылуу мааниси баяндалган. Түшүнүктөр китебинин 58-59 беттеринде төмөнкүлөр келген:

«Ишти пикирден, же белгилүү бир максаттан, же ыймандан ажыратуу таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бул ажыратууда – ал канчалык аз болбосун – иштин өзүнө, иштин натыйжасына жана анын үзгүлтүксүздүгүнө коркунуч бар. Ошол себептен улам, ишке киришип жаткан ар бир адамга аны баштоо үчүн белгилүү бир максат түшүнүктүү жана айкын болушу керек. Хиссий мантик (хис кылуу логикасы) негиз болушу керек т.а. түшүнүү жана пикир жүргүзүү кыялый маселелер

жөнүндөгү куру кыялдардан эмес, балким, хис кылуудан келип чыгышы керек жана вакиъни хис кылуу мээге таасир этип, сабик маалыматтар менен бирге мээнин аракетин б.а. пикирди пайда кылышы зарыл. Терең пикирлөөнү жана натыйжалуу ишти жүзөгө келтире турган ыкма ушул. Хис кылуу мантыкы пикирий хис кылууга т.а. адамдагы пикир күчөтө турган хис кылууга алып барат. Ошондуктан, даъватты алып баруучулардын хис кылуусу, даъватты терең түшүнгөндөрүнөн кийин, мурдагы хис кылууларына караганда күчтүү болот».

Хис кылуу мантыкы (сезүү логикасы) адам пикирди анын тууралыгына бекем ишеним пайда кылбай туруп алуу жана үгүттөө-уктуруу жолу менен эмес, тескерисинче, вакиъни түздөн-түз хис кылышы жана ал менен таанышуудан кийин алышы маанисин түшүндүрөт. Хис кылуу мантыкы мына ушул. Кыялый маселелерге тиешелүү элестетүүлөр аркылуу андай болбошу табигый. Себеби, хис кылуу мантыкы түздөн-түз хис кылуу негизинде пикир жүргүзүү маанисин түшүндүрөт. Ошондуктан, хис кылуу мантыкы башкасына караганда күчтүүрөөк жана бекемирээк болуп эсептелет. Себеби, ал түздөн-түз хис менен байланышкан. Мисалы, адамдын Африка башынан өткөрүп жаткан төмөндүк жана калактык (аркада калгандык) көлөмүн алган маалыматтары аркылуу идирек кылуусу, бул төмөндүк жана калактыктын канчалык көлөмдө экенин Африкага өзү барып ал жердеги вакиъ менен түздөн-түз таанышкан жана ошол таанышуу аркылуу Африканын үстүнөн калак жана төмөн деп өкүм чыгарууга жеткен кезиндеги идирек кылышынан өтө чоң даражада айырмаланат.

Пикирий хис кылуу болсо куру хис кылуунун тескериси болуп эсептелет. Куру хис кылуу – бул вакиъни адамда бул вакиъге тиешелүү бирер пикир болбостон хис кылуу т.а. пикирсиз хис кылуу болуп эсептелет. Эми эгерде адамда пикир бар болсо жана ал вакиъни мына ушул пикир пайда болгондон кийин хис кылса анын вакиъни хис кылышы жана вакиъни түшүнүшү, эч күмөнсүз, куру хис кылышына т.а. вакиъни пикир пайда болушунан мурда хис кылышына караганда күчтүүрөөк жана аныгыраак болот. Ошондуктан, вакиъге тиешелүү пикир пайда болгондон кийин хис кылуу пайда болушу «пикирий хис кылуу» деп аталат. Мисалы, адамдын Африка вакиъсин – төмөндүктүн маанисин билгенден кийин жана төмөндүк менен ойгонуунун ортосундагы айырманы идирек кылгандан кийин – хис кылышы, Африка вакиъсин төмөндүк жана ойгонуу маанисин пикирий билишинен мурда хис кылышына караганда күчтүүрөөк болот. Адамдын кафир Батыштын Африканы ушунчалык эзип, анын байлыктарын талап-тоноп кетип жатканын хис кылышы, мына ошол мамлекеттердин Африкага карата жүргүзүп жаткан саясаттарын пикирий билгенден кийин муну

билишинен мурунку бул талап-тоноочулук жана эзүүнү хис кылышына караганда күчтүүрөөк болот. Ошондуктан, демек Африкадагы Хизбут-Тахрир мүчөлөрү ал жердеги коомдун төмөндүгүн жана өз мамлекеттеринин ушунчалык талап-тонолуп, эзилип жатканын башка адамдарга караганда көбүрөөк хис кылышат. Себеби, алар төмөндүктүн маанисин идирек кылышкан жана өздөрүнүн мамлекеттерине каршы колонизатор мамлекеттер жүргүзүп жаткан саясаттан да жакшы кабардар о.э. бул мамлекеттердин ач көздүгүн да жакшы билишет. Башкалардын болсо муну хис кылышы алсыз болот, кээ бирөөлөр буга көңүл да бурушпайт.

Ошондуктан, мабдаий хизб жетише турган түптөн өзгөрүү пикири туура, соо-саламат натыйжаларга алып баруучу хис кылуу мантыкы аркылуу болот жана андан пикирий хис кылуу пайда болот. Бул пикирий хис кылуу өзүнө ээ болгон кишини вакиъни көрө турган жана аны туура, чыныгы көрүнүштө хис кыла турган кылып коёт. Ошондуктан, демек бул пикир, эч күмөнсүз, өз ээсинде туура түшүнүктөрдү пайда кылат жана адам назарий маалыматтар чегарасында гана токтоп калбай турган болот. Себеби, бул пикирге ээ болгон адам иштердин акыйкатын идирек кылат, натыйжада өзү ээ болгон пикир сыяктуу туура, калыс болуудан башка айласы калбайт. Себеби, ал «вакиълик өзүм көрүп турган нерсенин тескериси» деп өзүн-өзү алдай албайт. Тескерисинче, ал вакиъни анын бар болгон акыйкаты менен көрөт жана чыныгы чечимди да билет. Ошондуктан, анын – ырасында ал мына ушул пикирди көтөрүп жүргөн соң – калыс болуудан башка айласы калбайт.

15-сафар, 1436-х.
7-декабрь, 2014-м.

## Адамдын нав гарыйзасына карата көз карашы туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Исламда ижтима түзүмү» деген китептин хижрий 1424, миладий 2004-жылдагы басылып чыгышынын 16-бетинде мындай сөздөр келген: «Нав гарыйзасынын болушунун максаты – адам тукумунун уланышы үчүн урпак калтыруу. Ошондуктан, адамдын бул гарыйзага болгон көз карашы анын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. тукум улоого каратылышы зарыл. Мында эркек менен аялдын ортосунда айырма жок». Кийин 148-бетте мындай сөздөр келген: « Азл кылуучунун максаты кандай болушуна карабастан, максат бала көрбөө же азыраак балалуу болуу, же аялдын алсыз болгону себептүү кош бойлуулуктан кыйналбоосу үчүн, же турмушта ар дайым тал чыбыктай болуп жүрүшү үчүн, же мындан башка кандай максат кылынышына карабастан, эркек киши азл кылышы мүмкүн... Насилди азайтуу Расулуллах ﷺ көп балалуу болууга үндөгөн төмөнкү:

«تَنَاكَحُوا تَنَاسَلُوا تَكَثَّرُوا»

«Никеленгиле, насил калтыргыла, көбөйгүлө», деген хадисине тескери келет деп айтылбайт, мындай дебеш керек. Анткени, азлга уруксат берүү насилди көбөйтүүгө кылынган үндөөгө тескери эмес. Булар башка өкүмдөр болуп, бири насилди көбөйтүүгө каратылган үгүт, экинчиси азлдын мубах экендиги».

Суроо төмөнкүдөй, рахат алууну максат кылуу же балалуу болбостук насил калтырууга т.а. гарыйзадан көздөлгөн максатка тескери болуп калууда. Ошондуктан, адамдын бул гарыйзага көз карашы адамда анын бар болушунан көздөлгөн максатка т.а. насилдин уланышына каратылышы зарыл деген сөзүбүз менен азл кылуучунун максаты кандай болушуна карабастан, азл бүтүндөй жаиз деген сөзүбүздү бири-бирине кантип ылайыкташтырууга болот? Башкача кылып айтканда, бирер адам гарыйзадан көздөлгөн максаттан жүз үйрүшү мүмкүнбү? Сизге Аллах Субханаху ва Таала ажр берсин!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Айта кетүүчү нерсе, сиз айткан сөздөр китептин жаңы басылышында башка беттерге туура келет.

Адамдын нав гарыйзасына болгон көз карашын анын бар болушунан көздөлгөн максатка каратуудан т.а. насилдин уланышына каратуудан максат, ошол гарыйзаны кандырууну жубайлык турмуштагы эркек менен аялдын ортосуна же эркек менен күңүнүн ортосуна чектөө болот. Себеби, жубайлык турмуш эркек киши менен аял киши ортосунда гана болот жана дал ушул жубайлык турмуш соо-саламат чөйрөнү пайда кылат, мындан көздөлгөн максат, насил жана урпактар пайда болушу о.э.

алардын насилдери корголушу үчүн өздөрүнүн ата-энесинин алдында чоңоюшу. Гарыйзага болгон көз карашты ырахат алууга каратуу болсо андай эмес. Себеби, бул нерсе гарыйзаны адам каалаган жол менен кандырышы үчүн тизгинсиз коё берүүнү түшүндүрөт. Мисалы, эркек гарыйзасын эркек менен кандырышы, аял болсо аял менен кандырышы, адам айбан менен кандырышы же эркек никесиз көрүнүштө аял менен кандырышы... сыяктуу. Бүгүнкү күндө Батыш мамлекеттеринде кудум ушундай болуп жатат. Ал жерде батыштыктардын гарыйзага болгон көз караштары рахат алууга каратылып, алардын ортосунда жыныстык башаламандыктын бардык түрү, ошолордун катарында, жубайлар алмашуусу, зына, бузук иштер, айбандар менен жыныстык алака кылуулар... кеңири таркады.

Булардын бардыгында гарыйзадан көздөлгөн максатка т.а. соо-саламат чөйрөдө насилди улантууга амал кылынбайт. Назарды бүтүндөй рахат алууга каратпастык, тескерисинче, гарыйзадан көздөлгөн максатка т.а. соо-саламат чөйрөдө насилди улантууга каратуунун мааниси мына ушул.

Азл болсо башка маселе. Азл шаръий жактан ушул туура көз караш чөйрөсүнө кирет, себеби, ал жубайлык турмуш же күң менен боло турган турмуш алкагында болот. Азл, гарыйзадагы максат эмес, аялга жакындашуудагы максат, аялга жакындык кылуудан максат насил болбошу керек, себеби мисалы, кошбойлуу маалында аялга жакындык кылуудан балалуу болуу максат кылынбайт о.э. аялдын хайызы токтогон кезде да ага балалуу болуу максатында жакындык кылынбайт, төрөбөй турган кары аялга жакындык кылуу да ушул сыяктуу...

Булардын бардыгынын вакиъси балалуу болбостук жагынан азлга окшойт, ошондуктан азлдын жаиздиги туурасындагы сөз менен гарыйзага болгон көз караш адамда анын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. насилдин уланышына каратылышы керек деген сөздүн ортосунда карама-каршылык жок, себеби, бул – мейли анда азл болсо да – жубайлыкта жүзөгө чыгат.

Бул бир жагынан. Экинчи жактан болсо, азлдын жаиздиги туурасында хадистер келген. Мисалы: Ибн Хиббан өзүнүн «Сахих»инде Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылат: «Ансорийлерден бир киши Расулулла ﷺга келип айтты: «Менин бир күңүм бар. Мен ага кирип турам жана анын боюнда болуп калышын каалабайм», - деди. Ошондо Расулулла ﷺ:

«اعْزِلْ عَنْهَا إِنْ شِئْتَ فَإِنَّهُ سَيَأْتِيهَا مَا قُدِّرَ لَهَا»

«Эгер кааласаң азл кыл, анткени, ага тагдыр кылган нерсени төрөй берет», - деди.

Кийинчерээк ал киши дагы келип, күңү кошбойлуу болуп калганын айткан эле, Расулуллах ﷺ:

«مَا قَدَّرَ اللهُ نَسَمَةً تَخْرُجُ إِلاَّ هِيَ كَائِنَةٌ»

«Аллах түйүлдүктү тагдыр кылган болсо, ал болуп калат», - деди. Кыскасы, ушул эки беттин ортосунда карама-каршылык жок.

22-робиус-саний, 1436-х.
11-февраль, 2015-м.

## «Дин адамдары» тууралуу

**Суроо**: «Ислам Мамлекети» китебинде келтирилген 10-берененин акырында келген: «... Мамлекеттин милдети – мусулмандар ичинде өзүнчө бир «дин адамдары»нын болушун көрсөтө турган ар кандай абалдарга тыюу салуу» деген сүйлөмдөн кандай маани көздөлгөн? Бул сүйлөм шейхтер менен мечит имамдарынын селде, чапан ж.б.у.с өзгөчө расмий кийимдерди кийүүсүнө тыюу сала турган токтом чыгарылышын түшүндүрөбү?

**Жооп**: жок, андай эмес. Мамлекеттин милдети – христиандарда болгон жана бизге кирип калган «дин адамдары» деген түшүнүктү жоготуу. Себеби, христиандарда «дин адамдары»нын атайын өзгөчө кийими бар болуп, бул кийим адал жана арам кылууну башкалардан өзгөчөлөнтүп, алардын өзүнө гана таандык вазыйпа кылып коюу мүмкүнчүлүгүн берет. Кийинчерээк капитализм пайда болгондон кийин, ушул түшүнүккө тиешелүү дагы бир түшүнүк пайда болду. Бул түшүнүк рухий акимиятты атайын өзгөчө кийимдеги «дин адамдары»на чектеп коюу түшүнүгү эле. Мындай «дин адамдары»нын жалаӊ өздөрүнө гана таандык болгон атайын кийимдери болот. Дунявий акимият болсо «мамлекет адамдары» болгон илманийлерге гана тиешелүү болуп калды. Ошондуктан, аларда акимият өкүлү, капитализм мабдаъсына карай, «дин адамдары»нын кийимин кийиши жайыз болбойт т.а. аердеги динди мамлекеттен ажыратуу түшүнүгү алардагы капитализмге тыгыз байланышта.

Биздин динибиз Исламда болсо, динди түшүндүрө турган, адал жана арам кылууга адистешкен атайын дин адамдары болбойт. Ошондой эле, бизде динди мамлекеттен ажыратуу болбойт. Демек, рухий акимият жана дунявий акимият деген нерсе болбойт. Бул түшүнүктү жана ага далалат кыла турган бардык нерсени бекер кылып, жок кылуу керек болот.

Эми адал жана арам кылуу укугун белгилүү бир кийимдеги өзгөчө кишилерге чектеп коюуга келсек, бул түшүнүк көпчүлүк мусулмандарда жок болуп кетти. Себеби, Хизбдин бул жаатта алып барган иши өз жемишин берип, көпчүлүк адамдар расмий кийим кийген тигил шейхтерге өкүм сурап кайрылбай коюшту. Бул шейхтерге болгон ишенич жоголгондуктан, адамдар алардан өкүм сурабай калышты.

Эми рухий иштерди расмий диний кийим кийген кишилерге чектеп коюуга келсек, бул түшүнүк да мусулмандар арасында дээрлик жок болуп кетүү абалына келип калды. Себеби, бүгүнкү күндө мусулмандар башкаруу жана саясат тууарасында сөз кыла турган шейхтерге жан-дили менен өкүм сурап кайрыла турган болушту жана аларды кадырлап-урматтай турган болуп калышты. Жалаӊ ибадаттарга гана көӊүл буруп,

акимдерди тергеп-тескөөгө аралашпай турган шейхтерге болсо адамдар урмат-сый назары менен карабай калышты.

Ушуга карабастан, шейхтер менен мечит имамдарынын мына ушул кийимде өзгөчө кишилер болуп бөлүнүп турушу эл ичиндеги түркөй адамдарда чиеленишкен түшүнүктү пайда кылышы мүмкүн. Мунун натыйжасында, алар «дин жалаң ибадат жана ушуга окшош нерселер маанисинде болуп, анын атайын кишилери бар, бул атайын кишилердин саясат жана анын иштерине эч кандай тиешеси жок, балким, саясат иштери менен жалаң мамлекет кишилери алектенет» деп ойлоп калуулары мүмкүн.

Бул түшүнүктү жоготуу үчүн, демек, мамлекет шейхтер менен мечит имамдарына таандык болгон кийимдер көрүнүшүн жок кылууга аракет кылат. Бирок, мындан мамлекет шейхтер менен имамдардын бул кийимди кийүүсүнө тыюу салат деген маани чыкпайт, балким, мамлекет бул кийимдин жалаң шейхтер менен имамдарга гана таандык болуп калышын жоготууга аракет кылат. Мисалы, адамдар электр тогуна жана сууга төлөнө турган төлөмдөрдү жыйып жүрүүчү адамдардын чапан жана селде кийип жүргөндүктөрүн же Халифа менен волийдин Исламдын алгачкы кылымында болгондой селде орогон абалда жүргөндүгүн, мечит имамынын болсо кадимки кийим кийип алгандыгын көрүүлөрү мүмкүн. Т.а. кийимдин атайын адамдарга гана тиешелүү болуп калышы жок кылынат. Муну кылуу бирер токтомго муктаж болбойт, балким, айрым бир ылайыктуу ыкмалар менен ишке ашырылат. Маселен, сиз эгер үй курмакчы болуп уруксат алуу үчүн барсаңыз, архитектордун ишиңизди үйрөнүп чыгуу үчүн селде орогон абалда чыккандыгын, нике иштери менен алектенүүчү казы өкүлүн болсо бадавийлердин кадимки кийиминде көрүшүңүз мүмкүн. Ошентип, сиз аким же шейхтердин өздөрүнө гана таандык болгон кийимдерди көрбөйсүз. Мына ушу иш Исламда ыңгайлуу жана ылайыктуу болгон, балким, мусулмандар амал кылышы лаазым болгон иш. Себеби, өткөн доорлордо Халифа адамдарга имам болуп намаз окуса, эч кайсы мусулман кийимине карап аким кайсы, казы кайсы, карапайым катардагы адам кайсылыгын ажырата алчу эмес. Мисалы, бирер адам Расулулла ﷺ менен бирге межлис куруп олтурган мусулмандар алдына келсе: «Алардын кайсынысы Расулулла?» деп суроого мажбур болор эле.

Ушуга карай, демек, мамлекет шейхтердин кийимине тыюу сала турган бирер токтом чыгарбайт, балким, бул кийимди Исламга тескери келе турган түшүнүк менен белгилүү бир вазыйпадагы кишилерге гана чектеп коюуну бекер кылат. О.э. диндин атайын адамдары жана мамлекеттин атайын адамдары бар экендигин көрсөтө турган ар кандай кийимге карата да мамлекет ушундай иш тутат. Демек, ар бир жаран

мубах кийимдерден каалаганын киет. Белгилүү бир кийим диндин атайын адамдарына чектеп коюлбайт. Натыйжада, адамдар рухий иштер жөнүндө аларга суроо менен кайрылып, саясий иштер жөнүндө болсо алардан башкаларга кайрылып олтурбай турган болушат. Балким, бардык мусулмандар Ислам жоопкерчилигин анын бардык тармактарында көтөрө турган болушат жана бирер бир маселени билүүчү киши – селделүү же жылаңбаш болушуна карабастан – ошол маселе боюнча аалым болот.

3-жумадул аввал, 1424-х.
21-июнь, 2004-м.

## Кызматкеринин авраты

**Суроо**: «Исламда ижтима түзүмү» китебинин 41-бетинде мындай матн (текст) келген:

«Силердин бирөөңөр ходимин кулуна же кызматкерине эрге берсе, кийин аны киндиги астынан тизесинин өйдөсү арасындагы мүчөлөрүнө карабасын. Анткени, ал аврат». Эркек киши аялдын аврат болбогон жайына карашы жана аял киши эркектин аврат болбогон жайына карашы жөнүндөгү бул хадис далил келтирүү орундарында келген. Өз ходимин эрге берүүдөн мурун киндиги астынан тизесинин өйдөсүнүн арасына карашы менен эрге бергенден кийин карашынын кандай айырмасы бар?

**Жооп**: бул жердеги бир аз аныксыздык суроону түшүнүүдө экендиги көрүнүп турат. Хадистин мааниси: хадистеги «ходим» деген сөз күңү дегенди түшүндүрөт, себеби, ходим (الخادم) сөзү эркек жынысына да, аял жынысына да иштетилет. Күңдүн ээси аны башка адамга эрге берип жиберүүдөн мурун, күң анын мүлкү болгондуктан, бул күң ага адал болот жана күңдүн авратына карашы да жайыз болот. Ал эрге тийгенден кийин, аны эрге берген кожоюнга да анын авратына караш арам болот. Бирок, бул күң али да анын күңү болуп, аны азат кылбаган болсо, бул күңдүн аврат болбогон т.а. киндик асты жана тизе үстү аралыгынан болбогон башка жерлерине карашы жайыз. Себеби, ал күңүн кулуна же кызматкерине эрге берген болсо да, ал күң боюнча калды т.а. эркин-азат аялга айланган жок. Эгер эркин болуп калганда эле, анда анын эки алаканы жана жүзүнөн башка жерлерине карашы да арам болмок.

Ошондуктан бул хадистин текстинде:

«إذا زوَّج أحدُكم خادَمَه عبدَه أو أجيرَه ...» келген «ахадукум завважа» феълининг фоили (этишинин кылуучусу), «ходимаъу завважа»нын биринчи мафъулу, «абдаху ва ажираху ходимаху»нун атфынын баяны эмес, балким, «завважа»нын экинчи мафъулу. Демек, хадис кожоюн өз күңүнүн авратына карашы мубах экендигине далил болот. (Себеби, бул күң анын мүлкү). Аны эрге бергенден кийин бул мубахтык бекер болот. Анткени, бул күң кожоюнуна адал болбой калат. Ошондуктан, анын авратына кароо кожоюнга арам болуп калат. Т.а. анын киндиги астынан тизесинин өйдөсү арасындагы мүчөлөрүнө кароо гана арам. Себеби, кожоюн аны эрге берген болсо да, азат кылбагандыктан, ал күңдүгү боюнча калат.

Хадистин мазмуну эркек кишинин аял кишинин авратына карашына тыюу салынгандыгынын далалаты үчүн дал келет. Бул хадистен түшүнүлгөн маани, аял киши – азат болобу, же күң болобу – анын аврат болбогон жайларына эркек кишинин карашы жайыз. Мында эркек менен

аял барабар. Демек, эркек киши аял кишинин аврат болбогон жайларына, аял киши да эркек кишинин аврат болбогон жайларына караса боло берет.

19-жумадул аввал, 1425-х.
6-июль, 2004-м.

## Роя жана лива тууралуу

**Суроо**: ливалор жана роялар темасы «Исламда башкаруу түзүмү»нүн түзөтүүлөр киргизилген басылышынын 158-бетинде жана «Исламий шахсия»нын экинчи китебинин түзөтүүлөр киргизилген 183-бетинде айтылган. Бул тууралуу бир аз анык эместик сезилди. Себеби, бул китептерде төмөндөгү нерселер келген.

1. «اللواء» - лива. Ал «العلم» - алам делет. Ал кошуун командачысынын жайын билдире турган белги. Роя - «الراية» кошуунга бериле турган байрак. Кошуунда өтө көп роялар болсо, ливо болсо бир даана болот». Бу кандай болот?

2. «Лива кошуундун амирине тигилет, (же – айрым булактарга караганда – кошуун командачысына тигилет), роя болсо согуш учурунда ушул кошуундун командачысы менен иштетилет». Кошуун командачысына тигилген байрак менен ушул согуштун командачысына берилген байрактын айырмасы эмнеде?

3. «Лива Халифалык жайгашкан орунда Халифанын сарайына көтөрүлөт. Роялар болсо мамлекеттин бардык кеңселерине, уюм жана мекемелерине орнотулат». Халифалык жайгашкан орун мамлекеттик кеңселерден эмеспи?

4. «Лива найзанын бир тарабына байланып, ага ороп коюлат. Айтылышынча, лива деп аталышы да ушундан келип чыккан. Себеби, ал чоң болгондугу үчүн ороп коюлат. Керек болгондо жазылат. Роя да найзанын бир тарабына байланып, шамал аны желбиретип турушу үчүн оролбостон тек коюлат». Ушундай экен, ливо эгер шамал желбиретпесе, Халифалык сарайынын жана кошуун командачысы турган орундун үстүнө эмнеге тигилет. Негизи шамалда желбиреп тура турган байрак роя эле го?

Бул иштер анык баян кылып берилишинен үмүттөнөбүз. Айрыкча, ливо жана роя мамлекетти башкалардын айырмалап тура турган белгилер болуп, бул жооптордун анык болушу жана түшүнүксүз болбошу зарыл. Алла силерди Өз мархаматына жеткирсин.

**Жооп**: эки китепте келген нерсеге терең назар салынса, бул жерде түшүнүксүз нерсе жок.

1. Лива жана роя сөздүк жагынан бир мааниде «байрак» (العلم) сөзүнө иштетилет. «Комусул-Мухит»те (رَوِيَ) бөлүмчөсүндө «роя» байрак маанисинде келген, көптүк санда «роёт» رايات, «лавия» لَوِيَ ливамад менен байрак маанисинде келген, көптүк санда ألوية.

Кийин шарият алардын ар бирине төмөнкүдөй таризде иштетиле турган шаръий маанини берген.

- Лива кошуун амири же кошуун командачысы үчүн тигилет жана амирдин турган жайынын белгиси болуп, ал жай каерде болсо, ал да ошол жерде болот. Кошуун амири үчүн байрак тигилишинин далили ибн Можа Жобир аркылуу рыбаят кылган хадис. «Набий ﷺ Меккеге фатх күнүндө киргенинде, ал кишинин байрагы ак эле». Насоий Анастан рыбаят кылган: «Расулулла ﷺ Румга казат кылуу үчүн кошуунга Усама ибн Зайдды амир кылып дайындаган кезинде, ага байракты өз колу менен тикти».

- Роя болсо кошуун дивизияларынын командачылары менен болот. (Бөлүнмө, сарийя ж.б. кошуундун бөлүктөрү). Далил - Расулулла ﷺ Хайбар согушунда кошуундун командачысы эле. Ал киши айтты: «Эртең байракты Алланы жана Анын Расулун жакшы көргөн, Алла жана Расулу да аны жакшы көргөн кишиге беремин», деди. Анан байракты Алий ؓга берди (муттафакун алайх). Алий - Алла ал кишинин жүзүн жарык кылсын – ошол чакта кошуундагы бөлүк же катийбанын (отряд) командачысы эсептелер эле. Хорис ибн Хассондун хадисинде да куду ушундай келген. Ал киши айтты: «Мединага келдик. Расулулла ﷺ минбардын үстүндө, ал кишинин кылычын тагып Билол ؓ турар эле. Айланада көп رايات кара байрактар бар эле. «Бул байрактар эмне?» - деп сурадым. «Амр ибн Ос казаттан кайтып келди», дешти». «Көп байрактар бар эле» дегенинин мааниси – амири бирөө болгон кошуун менен көп байрактардын (رايات) болушу болуп, бул байрактар кошуундун бөлүнмө жана бөлүктөрүнүн башчылары менен болгондугун билдирет.

Демек, лива кошуун амири үчүн тигилип, роялар болсо кошуундун бөлүнмө, отряд жана бөлүктөрү менен болот. О.э. бир кошуунда бир даана ливо болот. Роялар болсо ар бир кошуунда көп болот.

Ушул себептен улам, лива кошуун амиринин гана байрагы болот. Роялар болсо аскерлер менен бирге боло турган байрактар.

2. Лива кошуун амири үчүн тигилет т.а. ал кошуун амиринин турган жайын билдирүүчү байрак болуп, ар дайым аны менен бирге болот. Ал эми, согуш учурунда согуш командачысына – ал амирдин өзү болобу, же амир дайындаган башка киши болобу – ага согуш майданында көтөрүп жүрүү үчүн роя берилет. Ошондуктан, бул байрак «согуш энеси» деп аталат. Себеби, ал согуш майданында согуш командачысы тарабынан алып жүрүлөт.

Ушул себептен улам, согуш абалында согуш командачысы менен бир роя болот. Бул ошол заманда бардыгы тарабынан тан алынган иш эле. Байрактын көтөрүлгөн абалда турушу согуш командачысынын күч-кубатына далил. Бул кошуундар согушунун үрп-адаттары талап кыла турган идарий тартип.

Расулулла ﷺ аскерлер кабарын алып келе электен мурун, адамдарга Зайд, Жаъфар жана ибн Равоханын шейит болгондуктарын айтып мындай деди: «Рояны Зайд алды, анан өлдү, кийин байракты Жаъфар алды, ал да өлдү, кийин Абу Раваха алды, ал да өлдү».

Ал эми, тынчтык кезинде же согуш бүткөндөн кийин байрактар (رايات) кошуунга таркатылат. Аны кошуундун бөлүнмө, отряд, сарийя жана бөлүктөрү көтөрөт. Куду жогоруда айтылган Хорис ибн Хассон Амр ибн Остун кошууну жөнүндө айткан хадистегидей.

3. Халифа Исламда кошуун командачысы болуп саналат. Ошондуктан, шариятта ливо ал турган жайда көтөрүлөт. Себеби, лива кошуун амири үчүн тигилет. О.э. Халифа мамлекеттик кеңселердин борбору деген этибар менен рояны идарий жактан Халифалык сарайынын үстүнө көтөрүшү да мүмкүн. Бирок, мамлекеттик аппараттар, кеңселер жана идаралардын үстүнө лива эмес, роя көтөрүлөт. Себеби, лива кошуун командачысы турган орундун белгиси болгондуктан, бул ага гана өзгөчө тиешелүү.

4. Ооба, туура, лива найзанын бир тарабына байланып, ороп коюлат. Кошуундардын санына карай, кошуун командачысына берилет жана биринчи, экинчи, үчүнчү кошуун командачысы үчүн, же Ирак, Шам жана Палестина кошуунунун командачысы үчүн, же болбосо, Халаб, Химс же Бейрут кошуунунун командачысы үчүн ж.б. кошуундардын аталышына карай тигилет.

Негизи, лива найзанын бир тарабына ороп коюлат жана керек болгондо гана жазылат. Мисалы, бул жай маанилүү болгондугу үчүн Хилофат сарайынын башына тигилет. Ошондой эле, тынчтык абалында кошуундар командачыларынын турган жайларынын үстүнө да тигилет. Бирок, командачылардын турган жайлары билинбеши үчүн коопсуздук иштери байрак жайылбашын талап кылса, байрак жайылбастан, оролгон абалда кала берет.

Ал эми, роя кудум азыркы абалдагы байрактарга окшоп, шамалда желбиреп тура берет. Ошондуктан роя идаралар үстүнө тигилсе да боло берет.

Тыянак:

Биринчиден – кошуунга карата:

1. Жүрүп жаткан согуш абалында ливо кошуун командачысы турган жайда болот. Мында асл-түпкү абал ливонун найзага оролгон абалда жайылбастан туруусу. Коопсуздук жактары үйрөнүлгөндөн кийин гана ал жайылышы мүмкүн.

Биерде согуш командачысы согуш майданында көтөрүп жүрө турган роя да болот.

2. Тынчтык маалында лива кошуундардын командачылары үчүн тигилет. Ал найзага оролуп, командачылардын турган жайларынын үстүнө тигилгенде аны жайып коюуга да болот.

Роялар болсо кошуундагы бөлүнмө, отряд, сарийя, бөлүктөр жана башкаларга да таркатылат. Ар бир бөлүнмө жана отряд үчүн идарий жактан аны айырмалап тура турган дагы бир роя да болушу мүмкүн болуп, ал мурунку роя менен бирге көтөрүлөт.

Экинчиден – мамлекеттик кеңселер, мамлекеттик мекемелер жана коопсуздук идараларга карата:

Алардын баарынын үстүнө роялар көтөрүлөт. Халифалык сарайы мындан сырткары, себеби – халифа кошуун командачысы деген этибар менен – халифалык сарайынын үстүнө лива тигилет. Идарий жактан бул ливо менен бирге роя да тигилиши мүмкүн, себеби, халифалык сарайы мамлекеттин эң башкы кеңселеринен. О.э. мекемелер жана катардагы адамдар рояны көтөрүп жүрүүлөрү жана өз мекемелеринин о.э. өз үйлөрүнүн үстүнө тигүүлөрү мүмкүн. Өзгөчө, айт майрамдарына, жеңишке ж.б. карата тигүүлөрү мүмкүн.

Ушул түшүндүрмө бул теманын айланасындагы аныксыздыкты кетирүүгө жетиштүү болот деп үмүт кыламын.

15-жумадул аввал, 1425-х.
3-июль, 2004-м.

## Кол тийгистик укугу

Кол тийгистик укугу элчилерге жана аларга окшогон кишилерге ушул элчилерди жиберген мамлекеттер менен түзүлгөн келишимдерге ылайык болот (өзүңүз көрсөтүп өткөн берененин акырындагы ушул сөздөргө көңүл буруңуз: «…алардын иш жүргүзүүлөрүнө, иш-аракеттерине мамлекеттери менен түзүлгөн келишимге карай мамиле кылынат»). Ошондуктан, демек, Халифа башканын малына, жанына, ар-намысына, же ушуга окшош нерселерге кол салуу абалын мындан сырткары кылышы мүмкүн. Элчилер кылган башка кылмыштар жаатында кол тийгистик укугу сакталат. Мисалы, көчөдө мас кылуучу ичимдик ичиши, же көчөгө авраты ачык абалда чыгышы, же куфрга даъват кылышы жана ушуга окшош абалдарда анын кол тийгистиги сакталат. Ушул себептен улам, ага каршы юридикалык жаза колдонбой, аны мусулмандар өлкөлөрүнөн айдап жиберүү менен чектелебиз.

Тыянактап айтсак, элчилерге алардын мамлекеттери менен түзүлгөн келишимдерге карап кол тийгистик укугу берилет.

15-рабиул-аввал, 1426-х.
24-апрель, 2005-м.

## Аялдын сапары

**Суроо**: Абу Давуд рыбаят кылган мына бул хадисти окудум:

«لا يَحِلُّ لِإمْرَأَةٍ تُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ تُسَافِرَ بَرِيْداً إِلَّا مَعَهَا ذُوْ مَحْرَمٍ»

«Алла жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир барид (22 км.ге жакын аралыкка) махрамсыз сапар кылышы адал болбойт, махрамы менен болсо гана адал болот». Белгилүү болгондой, бир барид аралыкты бир күндөн азыраак убакытта басып өтүүгө болот. Ошондой болгон соң,

«لا يَحِلُّ لِإمْرَأَةٍ تُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ تُسَافِرَ مَسِيْرَةَ يَوْمٍ وَلَيْلَةٍ إِلَّا مَعَهَا ذُوْ مَحْرَمٍ»

«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын махрамсыз бир күн жана бир түн жүрүлө турган аралыкка сапар кылышы адал болбойт, махрамы менен болсо гана адал болот» деген хадисти кандай түшүнүп алабыз?

**Жооп**: Бухарий жана Муслим ибн Аббас ﵁ аркылуу Расулулла ﷺдын:

«لا تُسَافِرُ الْمَرْأَةُ إِلَّا مَعَ ذِيْ مَحْرَمٍ»

«Аял киши махрамы менен гана бирге сапарга чыгат» дегенин рыбаят кылды.

Ал аялды сапардан – мутлак сапардан – кайтаруу. Качан махрамы менен болсо гана жайыз.

Бул сапарды үч күн, эки күн, бир күн жана бир түн менен чектеп коюу туурасында хужжаттар келген:

- Бухарий ибн Умар аркылуу «үч күн» деп рыбаят кылган болсо, Абу Саид Худрий аркылуу «эки күн» деп рыбаят кылды. Бухарий Абу Хурайра аркылуу «бир күн жана бир түн» деп рыбаят кылган болсо, ибн Аббас жана ибн Умар аркылуу да «бир күн жана бир түн» деп рыбаят кылды.
- Муслим болсо ибн Умар аркылуу «үч күн, үч күндөн ашык» деп рыбаят кылган болсо, Абу Саид Худрий аркылуу «эки күн, үч күн, үч күндөн ашык» деп рыбаят кылды. Муслим Абу Хурайра, ибн Аббас, ибн Умар аркылуу болсо «бир күн жана бир түн» деп рыбаят кылды.
- Термизий болсо, Абу Саид Худрий аркылуу «үч күн о.э. андан ашык» деп рыбаят кылган болсо, Абу Хурайра аркылуу «бир күн жана бир түн» деп рыбаят кылды.
- Ибн Можа болсо, Абу Саид аркылуу «үч күн о.э. андан ашык» деп рыбаят кылды.
- Ахмад болсо, ибн Умар аркылуу «үч күн» деп рыбаят кылса, Абдулла ибн Умар аркылуу «үч күн жүрүп өтүлө турган жол» деп рыбаят кылды. Абу Хурайра аркылуу болсо «үч күн, толук бир күндүк аралык» деп рыбаят кылса, Абу Саид аркылуу «үч күн, эки күн, үч күн, эки күндөн ашык, эки күн» деп рыбаят кылды.

- Доримий болсо Абу Саид аркылуу «үч күн о.э. андан ашык» деп рыбаят кылды.
- Абу Давуд болсо, Абу Хурайра аркылуу «бир түн», «бир күн жана бир түн» деп рыбаят кылды.

Кийин Абу Хурайра аркылуу «бир барид» деп накл кылынды.

Т.а. сапар (мөөнөтү) Бухарий, Муслим, Термизий, Ахмад, Доримий, Абу Давуд рыбаятында заман-убакыт менен (үч күн же үч түн, эки күн, бир күн жана бир түн, бир түн деп) чектелип келген.

Мутлакты мукаййадга хамл кылуу жана далилдерди топтоштуруу менен шаръий өкүм ушул болот, аял киши азыраак аралыкка махрамы менен гана сапар кылат т.а. бир түндүк аралыкка жалгыз сапар кылбайт. Себеби, бир түндүк аралыкка сапар кылбашынан эки күндүк, үч күндүк... аралыкка сапар кылбашы өз-өзүнөн келип чыгат. Сөздүктө арабдар түн сөзүн толук күнгө т.а. бир түн жана бир күндүзгө карата колдонушат. Алла Таала айтты:

﴿قَالَ آيَتُكَ أَلَّا تُكَلِّمَ النَّاسَ ثَلَاثَ لَيَالٍ سَوِيًّا﴾

- *«(Алла) айтты: «Сага аят-белги ушул, сак-саламат боло туруп абалыңда үч түнгө чейин адамдарга сүйлөй албайсың».* [19:10]

«Али Имранда» болсо:

﴿قَالَ آيَتُكَ أَلَّا تُكَلِّمَ النَّاسَ ثَلَاثَةَ أَيَّامٍ إِلَّا رَمْزًا﴾

- *«Алла (ага): «Сага аят ушул, үч түн адамдар менен жалаң ымдап гана сүйлөшөсүң»,* [3:41]

деди. Бул эки аяттагы «түн»дөр «күн»дөр экендиги ачык эле көрүнүп турат. Арабдар: «Ага баланча айдын баланча түнүндө кат жазып жибердим» т.а. баланча күнү жазып жибердим дешет.

Ошондуктан, демек, арам кылынган нерсе, аял кишинин бир күн жана бир түндүк аралыкка махрамсыз же эрисиз сапар кылышы. Биз алып, кабыл алган нерсе ушул.

Эми, Абу Давуддун аралык (барид) менен чегараланган рыбаяты калды. Барид төрт фарсах т.а. 22 км.ге жакын. Бул рыбаят тууралуындагы ой-пикирибиз төмөнкүдөй:

1. Бул рыбаятта сапарды аралык менен чектеп, белгилеп коюу бар. Бул болсо замандын кыйматы жоктугун түшүндүрөт. Себеби, аял эгер 22 км аралыкка сапар кылса – аны бир күндө өтөбү, же эки күндөбү... мунун айрмасы жок – махрамга муктаж болот.

Ал эми, башка окуяларда заман менен т.а. бир күн жана бир түн менен чектеп коюу бар. Бир күн жана бир түндө жүз километрди басып өтөбү же жүздөгөн километрлерди басып өтөбү, мунун айрмасы жок.

Т.а. аралыкка тиешелүү хадисти иштетүү (колдонуу) заманды жокко чыгарса, заманга тиешелүү хадис аралыкты жокко чыгарат. Мында бири-бирине тескери келүү пайда болот. Мындай убакта ыктымалы күчтүүрөккө

сүйөнүлөт. Анык көрүнүп тургандай, Бухарий, Муслим рыбаят кылган хадистер жана калган сахих хадистер, ал тургай, Абу Давуддун өзү рыбаят кылган көптөгөн хадистер заман менен рыбаят кылынган. Булардын баары Абу Давуддун «барид» сөзү бар рыбаятынан күчтүүрөөк.

2. Абу Давуддун «барид» жөнүндөгү рыбаяты төмөндөгүдөй:

Бизге Юсуф ибн Муса Жарирден, ал Сухайлдан, ал Саид ибн Абу Саидден, ал Абу Хурайрадан хадис рыбаят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деди:

«لا يَحِلُّ لِاِمْرَأَةٍ تُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ تُسَافِرَ بَرِيْداً إِلَّا مَعَهَا ذُوْ مَحْرَمٍ»

«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир барид аралыкка сапар кылышы аны менен махрамы бирге босо гана адал болот. Болбосо, адал болбойт».

Абу Давуддун өзү Саид ибн Абу Саидден, ал болсо Абу Хурайрадан бир күн жана бир түн делген төрт хадис накл кылат.

О.э. дагы Абу Давуд Саид ибн Абу Саидден, ал атасынан, ал болсо Абу Хурайрадан эки хадис накл кылат. Биринчи хадисте «бир түн» делген болсо, экинчи хадисте «бир күн жана бир түн» делет.

Абу Давуддун бардык рыбаяттары Саид ибн Абу Саид аркылуу (кээде атасынан, кээде түздөн-түз) Абу Хурайрадан накл кылынган болуп, заман менен (бир күн жана бир түн) чектелип айтылат. Белгилүү болгондой, Ахмад кудум ушул жол аркылуу Саид ибн Абу Саидден, ал атасынан, ал болсо Абу Хурайрадан хадис рыбаят кылып «толук бир күн» деп айтты.

Абу Давуд кудум ушул жол аркылуу т.а. Саид ибн Абу Саидден, ал болсо Абу Хурайрадан кылган бир рыбаятта бир барид аралык делген.

Бул рыбаяттар Абу Хурайранын Саид ибн Абу Саидге (же атасына) бир күн жана бир түн деп хадис рыбаят кылганы, ага бир барид деп хадис рыбаят кылбаганы ыктымалы күчүүрөөк экенин көрсөтүп жатат.

Демек, күчтүүрөөк ыктымал биз «Ижтимаий түзүм» китебинде зикр кылган «бир күн жана бир түн» т.а.:

«لا يَحِلُّ لِاِمْرَأَةٍ تُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ تُسَافِرَ مَسِيْرَةَ يَوْمٍ وَلَيْلَةٍ إِلَّا مَعَ ذِيْ مَحْرَمٍ»

«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн жана бир түндүк аралыкка сапар кылышы махрамы болсо гана адал болот, болбосо, адал бобойт», - деген рыбаят.

Көрүп турганыңыздай, биз күчтүүрөөк ыктымал деп жатабыз, биздин райыбыз гана туура деген жокпуз. Бул биринчи тараптан. Экинчи тараптан болсо, биз аял киши махрамсыз бир күн жана бир түндөн азыраак мөөнөт сапар кылышы жайыз деп жатабыз, бирок, важып деген жокпуз. Ошондуктан, демек, аял киши жарым күндүк аралыкка махрамы менен гана сапар кылмакчы болсо, бул анын ыктыяры. Маанилүүсү, бир күн жана бир түндүк аралыкка махрамы менен гана сапар кылышыдыр.

18-рамазан, 1427-х.

10-октябрь, 2006-м.

## Махр тууралуу

**Суроо**: «Исламда ижтима түзүмү» китебинин нике бөлүмүндө никенин шаръий (мыйзамдуу) күчкө киришинин шарттары бар экени жана бул шарттардын бирөөсү болбосо, нике батыл болушу о.э. ушул бөлүмдө никенин сахих (туура) нике болушунун шараттары бар экени, алардын бирөөсү болбосо, нике фасид (бузук) болушу айтылган. Бирок, мен бул эки шарттарда махрды таппадым. Эгер, махр никенин шаръий күчкө киришинин шарттарына да, туура нике болушунун шарттарына да кирбесе, т.а. махрсыз нике – нике боло берсе, анда, махр никеде кандай мааниге, орунга ээ?

**Жооп**: ооба, туура, махр никенин шаръий күчкө киришинин жана туура болушунун шарттарына кирбейт. Т.а. шаръий күчкө кирүү шарттары менен туура болуу шарттары толук табылса, махр айтылбаса да нике – нике боло берет. Бирок, шаръий өкүмдөр эки түрдүү болот:

1. Вазъий өкүмдөр: шарт, себеп... сыяктуу. 2. Таклифий өкүмдөр: арам, важып... сыяктуу. Шаръий маселелер мына ушул эки түрдөн чыкпайт. Мисалы, кээде алардын өкүмү таклифий өкүмдөргө таандык болуп, же фарз, же важып, же мандуб, же мубах, жу макрух, же арам болот. Кээде болсо, алардын өкүмү вазъий өкүмдөргө таандык болуп, же сахих, же батыл, же фасид, же шарт, же себеп, же мане жана ушул сыяктуу болот.

Махр маселесин текшерип чыгуу махр таклифий өкүм болуп, фарз, т.а. эркектин аял алдындагы важып экендиги айкын болот. Махрдын аты айтылса, айтылган нерсе берилет, эгер айтылбаса, махри мисл берүү керек болот (махри мисл – аты аталбаган, адатта аялдарга бериле турган орточо махр).

Махрдын фарз экендигине келсек, ага Бухарийдин Сахл ибн Саъддан рыбаят кылган мына бул хадиси далил, Сахл айтат:

«... فَقَالَ رَجُلٌ مِنْ أَصْحَابِ رسول الله ﷺ زَوِّجْنِيهَا يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ أَعِنْدَكَ مِنْ شَيْءٍ قَالَ مَا عِنْدِي مِنْ شَيْءٍ قَالَ وَلَا خَاتَمٌ مِنْ حَدِيدٍ قَالَ وَلَا خَاتَمٌ مِنْ حَدِيدٍ وَلَكِنْ أَشُقُّ بُرْدَتِي هَذِهِ فَأُعْطِيهَا النِّصْفَ وَآخُذُ النِّصْفَ قَالَ لَا هَلْ مَعَكَ مِنْ الْقُرْآنِ شَيْءٌ قَالَ نَعَمْ قَالَ اذْهَبْ فَقَدْ زَوَّجْتُكَهَا بِمَا مَعَكَ مِنْ الْقُرْآنِ»

«... Ошондо Расулулла ﷺдын сахабаларынан бир киши: «Эй Расулулла, мени ага никелеп коюңуз » деди. Расулулла «(Махрга) бирер нерсең барбы?» деп сурады. Ал: «Менин эч нерсем жок» деди. Расулулла: «Темир шакегиң да жокпу?» деп сурады. Ал: «Темир шакегим да жок, бирок, мына бул чапанымды тең бөлөмүн да, жарымын ага беремин, жарымын өзүм алып каламын» деди. Расулулла: «Жок (болбойт), Курандан бирер нерсе билесиңби?» деп сурады. Ал: «Ооба» деди. Расулулла: «Бара бер, сени ага Курандан билген нерсең менен

никеледим» деди». Насаий да ушул сыяктуу хадисти өзүнүн сунанул куброисинде көрсөтүп, анын рыбаятында мындай делет:

«...وَلَكِنْ هَذَا إِزَارِي قَالَ سَهْلٌ مَا لَهُ رِدَاءٌ فَلَهَا نِصْفُهُ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: مَا تَصْنَعُ بِإِزَارِكَ إِنْ لَبِسْتَهُ لَمْ يَكُنْ عَلَيْهَا مِنْهُ شَيْءٌ وَإِنْ لَبِسَتْهُ لَمْ يَكُنْ عَلَيْكَ مِنْهُ شَيْءٌ...»

«... «Бирок, мына бул изарым бар» деди. Сахл: «Анын чапаны бар, жарымын берет» деди. Ошондо, Расулулла ﷺ ага айтты: «Изарыңды эмне кыласың, эгер аны өзүң кие турган болсоң, аялга андан эч нерсе калбайт, эгер аял изарыңды кие турган болсо, андан сага эч нерсе калбайт...».

Демек, Расулулла ﷺ аялдардын бирине Расулулланын никелеп коюшун каалаган кишиден, жада калса, темир шакек болсо да махр берүүнү талап кылды. Бул нерсе да анын колунан келбеди, т.а. изарынан башка нерсеси жок экенин, изарын бөлүп, аялга жарымын махр кылып беришин айтты. Бирок, изар эрдин да, аялдын да авратын жабууга жетиштүү болбой калгандан кийин, Расулулла эрге Курандан таалим берүүнү, таалим акысы болсо, аял үчүн махр болушун буюрду. Булардын баардыгы махрдын фарз экенине карина (далил).

Эми, махрдын эмне экендиги айтылбаса, махри мисл берилишине келсек, буга мына бул хадис далил. Термизий Абдулла ибн Масъуддан мындай рыбаят кылат (Термизий бул хадисти хасан деген):

«أَنَّهُ سُئِلَ عَنْ رَجُلٍ تَزَوَّجَ امْرَأَةً وَلَمْ يَفْرِضْ لَهَا صَدَاقًا وَلَمْ يَدْخُلْ بِهَا حَتَّى مَاتَ فَقَالَ ابْنُ مَسْعُودٍ لَهَا مِثْلُ صَدَاقِ نِسَائِهَا لَا وَكْسَ وَلَا شَطَطَ وَعَلَيْهَا الْعِدَّةُ وَلَهَا الْمِيرَاثُ فَقَامَ مَعْقِلُ بْنُ سِنَانٍ الْأَشْجَعِيُّ فَقَالَ قَضَى رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي بِرْوَعَ بِنْتِ وَاشِقٍ امْرَأَةٍ مِنَّا مِثْلَ الَّذِي قَضَيْتَ فَفَرِحَ بِهَا ابْنُ مَسْعُودٍ»

«Абдулла ибн Масъуддан бир киши бир аялга үйлөнүп, аялга сеп (махр) бербестен, аялга жакындык да кылбастан дүйнөдөн кайтканы тууралуу суралганда, ал мындай деди: «Аялга абдан төмөн наркта да, абдан жогору наркта да болбогон, мисли аялдар сепиндей сеп берилет, идда сактайт жана мурас алат». Ошондо, Маъкил ибн Синан Ашжахий ордунан туруп: «Расулулла ﷺ биздеги Барваъ бинт Вашик аттуу бир аялга дал сиз чыгарган өкүм сыяктуу өкүм чыгарган эле» деди. Анын сөзүнөн Абдулла ибн Масъуд абдан кубанды». Абу Давуд да өзүнүн сунанында ушул сыяктуу хадисти айтып өткөн.

Жогорудагы аял махр айтылбастан никеленгенде Расулулла ﷺ ага аялдар мислиндей махр (махри мисл) берилишине өкүм кылды.

Ушуга ылайык, махр никенин шаръий күчкө киришинин шарттарына да, туура нике болушунун шарттарына да кирбесе дагы, бирок, махр аял үчүн аткара турган эрдин мойнундагы фарз болуп, аялга бериши зарыл болот. Эгер, бербесе күнөөкөр болот. Ислам мамлекети махрды эр үстүндөгү акыларынын бири катары эрден аялга мажбурдуу түрдө алып берет. Эр кудуреттүү болуп туруп, аялга зулум кылуу же анын

акыларынын бирин жеш максатында махрды берүүнү созуп жүргөн болсо, ага таъзир жазасын берет.

Тыянак кылып айтканда, махр шарт эмес, аныгы, ал эрдин мойнундагы аялга тиешелүү фарз. Башкача айтканда, ал таклифий өкүмдөргө кирет, вазъий өкүмдөргө кирбейт.

8-жумадул-аввал, 1431-х.
22-апрель, 2010-м.

## Тубаса сокур-дүлөй адамдардын мукаллафтыгы тууралуу

**Суроо**: «Ислам түзүмү» китебинде «Аклий амалият – бул вакиъни хис мүчөлөрү аркылуу мээге өткөрүү жана сабик маалыматтар жардамында вакиъни түшүндүрүп берүү» делген. (Ушул эле сөз кыргызча китепте башкача айтымда которулган, бирок маани бир эле: акыл, пикир же идирек – вакиъ сезилишинен; бул сезимдин сезүү органдары аркылуу мээге узатылышынан; вакиъни түшүнүп алууга жардам бере турган сабик маалыматтын болушунан – мына ушулардан турат).

Чындыгында, бул амалиятты ишке ашырууда сабик маалыматтын болушу маанилүүлүгүн аалым шейх Набахоний ﷺ тап-так баян кылып берди.

Бирок, маалыматтарды алуу үчүн инсанда кабыл алуу мүчөсү болушу шарт... Бул мүчө угуу же көрүү болушу зарыл. Калган сезүү органдары болсо ушул вазыйпаны аткара албайт...

Сокур жана дүлөй төрөлгөн бала бир да маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, арийне, калган мүчөлөрү сак-саламат болушуна карабастан, анда аклий амалият болуп өтүшүнүн, натыйжада, бирер пикир пайда болушунун ылаажысы жок.

Суроо төмөндөгүдөй, төрөлгөндөн баштап көрүү жана угуу неъматтарына ээ болбогон кишилер мукаллаф болбойбу?

Эгер буга «жок» деген жооп бере турган болсоңуз, анда, Аллах ﷻнын

﴿صُمٌّ بُكْمٌ عُمْيٌ فَهُمْ لَا يَعْقِلُونَ﴾

*«Алар дүлөй, дудук, сокур. Демек, акыл жүгүртө алышпайт»*

[2:171]

деген аяты бар го?

**Жооп**: аклий амалият үчүн сезүү органдары, мээ, вакиъ жана сабик (мурунку берилген) маалымат болушу керек. Ушул төрт нерсенин сак-саламат болушуна карап, бул амалият толук болот. Ким сокур жана дүлөй төрөлсө, анда сезүү органдары да, маалыматтар да накис (кемтик) болот... Ошондуктан, аклий амалият да калган сезүү органдары камсыздап берген маалыматтарга жараша болот.

Ушуну да билип коюу керек, ага окшогондордо дене (тери) сезүүсү сыяктуу калган сезүү органдары көзү көргөндөрдөн да күчтүү болот.

Мен бир көзү ажиз кишини укканмын, ал бирөө менен бир жолу кол берип учурашкандан кийин, экинчи жолу дагы кол берип учурашканда, дене сезүүсү аркылуу аны тааный алат экен.

Тыянак кылып айтканда, эгерде адамда ушул төрт нерсе бар болсо, демек, ал пикирлей алат. Бирок, ушул төрт нерсенин камсыздалышына

карап, андагы аклий амалият толук, сак-саламат, туура болот, же болбосо, толук болбойт же туура болбойт.

Эми жогорудагы аятка келсек, бул сокур, дүлөй жана дудук сөздөрү мажазий мааниде. Т.а. аят чыныгы сокур, дүлөй жана дудуктар туурасында эмес, балким, өздөрүндө мына ушундай мүчөлөр бар болуп туруп, алардан туура пайдаланбаган кимселер туурасында. Ушул себептен улам, алар көздөрү бар туруп – көрүшпөйт, кулактары бар туруп – угушпайт, тилдери болуп туруп – сүйлөшпөйт. Башкача айтканда, алар ушул аяти каримада айтылган кимселер сыяктуу:

﴿لَهُمْ قُلُوبٌ لَّا يَفْقَهُونَ بِهَا وَلَهُمْ أَعْيُنٌ لَّا يُبْصِرُونَ بِهَا وَلَهُمْ ءَاذَانٌ لَّا يَسْمَعُونَ بِهَآ ۚ أُوْلَٰٓئِكَ كَٱلْأَنْعَٰمِ بَلْ هُمْ أَضَلُّ ۚ أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْغَٰفِلُونَ﴾

*«Алардын дилдери бар го аңдап-сезе алышпайт, көздөрү бар го, көрө алышпайт, кулактары бар го уга алышпайт. Алар кудум үй-айбандары сыяктуу, жок, алар (акылсыздык, түшүнбөстүк жагынан) үй-айбандарынан төмөн. Дал ошолор акыйкаттан бейкапар калган кимселер»* [7:179]

3-рабиул-аввал, 1432-х.
6-февраль, 2011-м.

## Дубадагы маддий таасир туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, урматтуу шайх! Дубай саламдан кийин, менин дуба маселесинде адашкан нерсемди табышыма жардам берсеңиз деген элем. Курани Каримде Аллах дуба кылган кишинин дубасын ижабат кылуучу экендиги айтылган. Сүннөт да бизге дуба тез арада же келечекте, же болбосо бул дүйнө жана акыретте эң жакшы нерсе менен мустажаб болушун баяндаган. Хизб «Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинде дуба рухий кыйматты жүзөгө чыгарышы, бирок, анын таасири жана натыйжалары т.а. сооп хис кылынбастыгын баяндаган. Сурoом, канткенде дубанын таасирлерин соопко гана чектөөгө болот, Аллах дубаны бул дүйнөдө да ижабат кылышы мүмкүн го? Сизге Аллах береке берсин!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Менин оюмча, сиз «мафохим» китебинин 57 жана 58-бетинде келген сөздөргө ишара кылып жаткан жана бул маселени түшүнө албаган окшойсуз. Маселе төмөнкүдөй:

Эки бетте дуба жөнүндө жана анын хис кылынбай турган натыйжаны т.а. соопту жүзөгө чыгарышы туурасында келген сөздөр белгилүү бир абалдагы мааниде келген. Т.а. шаръий нусустар бирер маселени аткаруу тарыйкатын баян кылган болсо да, бирок, биз бул тарыйкатка амал кылбай, тескерисинче, дуба кылуу менен эле чектелип калган абал маанисинде келген. Китепте бирер калааны фатх кылууда же душманга каршы согушууда жихад менен дуба кылуу мисал келтирилген.

Мындан башка абалда болсо дубадан хис кылына турган натыйжа келип чыгат, инша Аллах. Буга кошумча, суроoңузда келген Расулуллах ﷺдын хадистерине ылайык, сооп да ишке ашат.

Бул иш айкын болушу үчүн мафохимдин 57 жана 58-беттеринде келген текстти да келтирмекчимин:

1 – 57-беттин башында мындай келет: «Тарыйкатка тиешелүү шаръий өкүмдөр далалат кылган бул амалдарга көңүл буруп караган адам алар хис кылынбай турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган амалдар эмес, тескерисинче хис кылына турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган маддий амалдар экендигин көрөт».

Бул туура, себеби далилдер үйрөнүлсө, тарыйкатка байланыштуу амалдар хис кылына турган натыйжаларды чындыгында эле жүзөгө чыгарышы белгилүү болот.

2 – Кийин китепте чеп же шаарды фатх кылуу же душманды өлтүрүү абалында дуба менен жихаддын ортосу биригиши керектиги айтылып, дуба кылуунун өзү тарыйкат эместиги, тескерисинче, мындай абалда

тарыйкат жихад болуп, бул нерсе бир катар далилдерге негизделгени баян кылынган.

Мафохимде мындай келет: «Мисалы, дуба рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган амал. Жихад да рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган маддий амал. Бирок, дуба маддий амал болсо да, хис кылынбай турган натыйжа т.а. соопту жүзөгө чыгарат, мейли дуба кылуучунун максаты рухий кыйматты жүзөгө чыгаруу болсо да».

Бул жерде душмандарга каршы согушуп жатып же бирер калааны фатх кылып жатып албетте дуба да, жихад да бирге болушу айтылууда.

Качан дубанын өзүнө гана амал кылынса, хис кылынбай турган натыйжа т.а. сооп жүзөгө чыгат. Анткени, бул абалда келген тарыйкат дуба эмес, жихад болот, анткени, бул жердеги маселе, бирер маселеде баян кылынган тарыйкатка амал кылбастан дубанын өзүнө амал кылынса, албетте экөөнүн ортосун бириктирүү керектиги маселеси болуп эсептелет.

Ошондуктан, хис кылына турган натыйжаларда таасири болбогон дубаны бул абалда жалпылаштыруу жаиз болбойт. Анткени, бул абалдагы дуба соопту гана жүзөгө чыгара турган дуба. Анткени, алдыңкы текстте келген нерсе Шариятта өзүнүн амалий тарыйкаты келген го, бирок, ал алынбай анын ордуна дуба гана алынып аны менен эле чектелип калган, натыйжада дубанын хис кылынбай турган натыйжасы т.а. сооп гана болгон маселеге тиешелүү.

Менин оюмча, сизге жогоруда мисал катары келтирилген сүйлөмдүн өзү түшүнүксүз болгон окшойт, анткени, анда «Бирок дуба маддий амал болсо да, хис кылынбай турган натыйжаны т.а. соопту жүзөгө чыгарат» деп келген жана муну менен ошол сүйлөмдөн умумий болсо керек деген күмөн келип чыккан, башкача айтканда, дуба бардык абалдарда хис кылына турган натыйжаны гана т.а. соопту жүзөгө чыгара турган болуп калган. Акыйкатта болсо, бул мисалдын агымы белгилүү бир абалга тиешелүү болуп, бирер калааны фатх кылууда же душманды жеңүүдө жалаң гана дуба кылып, нусуста келген тарыйкатка т.а. жихадга амал кылбастык жөнүндөгү мисал.

3 – Эми, себептерге амал кылган абалда дуба кылууга келсек, албетте анын натыйжаларга таасири бар. Бул Расулуллах ﷺ жана сахаба ﷺларда ушундай болгон. Анткени, Расулуллах ﷺ жихадга кошуун даярдайт эле жана чатырга кирип дуба кылат болчу. Кодисия согушунда мусулмандар да Нахрга бастырып киргени даярдык көрүшкөн, Саъд ﷺ Аллахка жүздөнүп дуба кылган. Ушундай көрүнүштө садик-чынчыл момундар оболу даярдык көрүшүп, андан кийин дубага киришет эле. Ырыскы издеп аракет кылган адам да дуба кылган абалда эмгектенет жана машакат тартат, илим алуучу да Аллах Субханахудан ийгилик

тилеген абалда билим алат жана аракет кылат, булардын натыйжасы Аллахтын уруксаты менен ишке ашат.

Мафохимде мындай деп келген: «Бирок ушул нерсе белгилүү болушу керек, мейли тарыйкатка далалат кылган амал хис кылына турган натыйжага ээ болгон маддий амал болсо да, бул амал Аллахтын амру нахийлери негизинде жүргүзүлүшү жана аны Аллахтын амру нахийлери негизинде жүргүзүүдөн Аллахтын ыраазылыгы көздөлүшү керек. О.э. мусулмандын зээнинде Аллах Таалага байланыштуулукту сезүү өкүмдар болушу зарыл. Анткени мунун менен ал Аллахка Куран тилават кылуу, намаз окуу, дуба кылуу жана ушул сыяктуу амалдар менен жакын болсун. Мусулман «жеңиш Аллах тарабынан келет» деп ишениши керек. Ал үчүн жүрөктөрдө Аллахтын өкүмдөрүн аткаруу үчүн бекем орношкон таква болушу зарыл. Ошону менен бирге дуба кылуу, Аллахты зикир кылуу зарыл жана бардык амалдарды аткаруу маалында Аллах менен туруктуу көрүнүштө байланышуу да зарыл». Мындан көрүнүп тургандай, момундун бардык амалдарында дуба менен себептерге амал кылуу барабар алып барылышы маанилүү. Анткени, «لا بـ зарыл», деген сөз менен ушул маанилүүлүк ого бетер күчөп, бардык амалдар дуба менен бирге болушу жана Аллахка үзгүлтүксүз байланышуусу өтө маанилүү экендигине далалат кылууда.

4 – Жогоруда айтканыбыздай, Расулуллах ﷺ менен сахаба رضي الله عنهمлар кылып келгендей, дубага качан себептер менен биргеликте амал кылынса, экөөнөн албетте хис кылына турган натыйжа келип чыгат, инша Аллах. Экөөнү бирге иштетүү Ислам тарыйкатына тескери эмес, тескерисинче, исламий мафкураны ишке ашыруу үчүн нусустарда баян кылынган тарыйкатты таштап, жалаң гана дуба кылуу менен чектелүүнүн өзү Ислам тарыйкатына тескери келет.

Мафохимде 57-беттин аягы, 58-беттин башында мындай деп келген:

«Ошондуктан, Ислам фикратын аткаруу көздөлө турган бардык амалдар хис кылынбай турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган амалдардан турган болушу бүтүндөй четке кагылат жана бул Ислам тарыйкатына тескери болуп эсептелет».

Т.а. Ислам фикратын аткаруу көздөлө турган бардык амалдар хис кылынбай турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган амалдардан турган болушу Ислам тарыйкатына тескери дегени. Бирок, амалдардын айрымдары хис кылынбай турган натыйжаларды (белгилүү бир абалдарда дуба кылууну) жүзөгө чыгарышы, кээ бирлери болсо хис кылына турган натыйжаларды (маддий даярдыкты) жүзөгө чыгарышы шариятыбызда белгилүү нерсе болуп, өтө эле маанилүү болуп эсептелет, Ислам тарыйкатына тескери болуп эсептелбейт.

5 – Ошентип, Мафохимде дуба жөнүндө айтылган текст эки абалда болот:

Биринчи: фикратты ишке ашырууда жалгыз дубанын өзү келиши фикратты ишке ашыруу тарыйкатынан эмес, тескерисинче, нусустар аны ишке ашыруу үчүн башка тарыйкатты келтирген. Мисалы, согушка кошуун даярдабастан, жалаң гана дуба кылуу менен чектелип, бирер калааны фатх кылуу үчүн душманга каршы согушуу абалы. Мындай абалда дубадан хис кылынбай турган натыйжадан т.а. сооптон башка нерсе жүзөгө чыкпайт.

Экинчи: Дуба менен бирге себептерге да амал кылуу. Бул өтө зарыл иш болуп, мындай абалда эки иш т.а. дуба менен себептерге амал кылуу катышып, хис кылына турган натыйжалар келип чыгат, инша Аллах.

Мафохимде башка абалдарда дуба туурасында айтылбаган, тескерисинче, имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында риваят кылган төмөнкү умумий хадис өз ичине алган нерсе келген:

«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ، وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ، إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثٍ: إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ، وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ، وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنَ السُّوءِ مِثْلَهَا قَالُوا: إِذًا نُكْثِرُ، قَالَ: اللَّهُ أَكْثَرُ، أي يستجيب الله سبحانه للداعي بإحدى ثلاث، ومن بينها إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ»

«Кайсы бир мусулман бир дуба кылса, дубасында күнөө жана тууганчылыкты үзүү болбосо, Аллах ага ушул дубасынын акысына үч нерсенин бирин берет: же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат, же ушул дубаны анын акыретине алып коёт, же ушул дубачалык жамандыкты андан буруп жиберет. Сахабалар: Анда дубаны көбөйтөбүз, - деп айтышты. Пайгамбар ﷺ: Аллах көбөйтсүн, - деп айтты». Т.а. Аллах Субханаху дуба кылуучунун дубасына үч нерсенин бирин берет. Алардын арасында «же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат» деп айтылган сөз бар. Бул болсо, хис кылына турган натыйжа.

6 – Ушуга ылайык, демек, Мафохимде айтылган абалдан башка т.а. дубада хис кылуу мүмкүн болгон натыйжалар бар болсо, жогорудагы хадисте «же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат» деп айтылгандай хис кылына турган натыйжа да бар. Чындыгында, Аллах музтар-начар адам качан дуба кылса, аны ижабат кылышы туурасында Өз аяттарында пенделерине ырайым көрсөттү жана бул ижабат кылууну Өзүнөн башка кудай жоктугуна хужжат-далил даражасына алып чыкты. Булардын бардыгынан ачык көрүнүп тургандай, музтар-начар адамдын дубасын ушул дүйнөдө ижабат кылат, анткени, аяттагы «مُضطر начар» калимасы муктаж болгон нерсени ушул дүйнөдө сураш керектигин түшүндүрө турган муфхам васф болуп эсептелет. Демек, ижабат Аллахтын уруксаты менен хис кылына турган болот... Аллах Субханаху мындай дейт:

أَمَّنْ يُجِيبُ الْمُضْطَرَّ إِذَا دَعَاهُ وَيَكْشِفُ السُّوءَ وَيَجْعَلُكُمْ خُلَفَاءَ الْأَرْضِ أَإِلَهٌ مَعَ اللَّهِ قَلِيلًا مَا تَذَكَّرُونَ

*«Же (Аллахтан башка) ким музтар-начар адам дуба кылган убакта ижабат кылып, анын мүшкүлүн жеңил кылат о.э. силерди жердин халифасына айландырат?! Аллах менен бирге дагы башка кудай барбы? Силер кемден-кем эскертме-үлгү аласыңар!»* [27:62]

Аллах Субханаху бизди дуба кылууга буйруду жана аны ижабат кылууга убада берди:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ﴾

*«Роббиңер: Мага дуба кылып сурагыла, Мен силердин (дубаңарды) силерге ижабат кыламын, - деди»* [40:60]

Расулуллах ﷺ үч нерсенин бирин берет деп ушул ижабатты тафсирледи жана бул абалдардын бири хис кылына турган натыйжа болуп эсептелет. Натыйжалардын хис кылына турган же хис кылынбай турган көрүнүштө жүзөгө чыгышы Аллахтын уруксаты менен болот.

Тыянак:

- Мафохимде келген тексттин түшүндүрмөсү төмөнкүдөй:

а) Тарыйкат хис кылына турган натыйжаларды жүзөгө чыгаруучу амалдар;

б) Бирер калааны фатх кылуу же душманга каршы согушуу темасындагы жихад менен, дуба кылуу менен гана чектелүүнүн ортосун салыштыруу маселесине келсек, мында дуба хис кылына турган натыйжага алып барбайт, тескерисинче, соопту гана жүзөгө чыгарат. Анткени, анын бир өзү гана калааны фатх кылуу же душманга каршы согушуу тарыйкатынан эмес.

в) Ислам фикратын ишке ашыруу көздөлгөн амалдардын бардыгы хис кылынбай турган натыйжаларга алып баруучу амалдар болушу дурус эмес. Хис кылына турган жана хис кылынбай турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган амалдар өз ара аралашкан болушу мүмкүн. Кудум, Аллах Субханахуга нусрат сурап дуба кылуу менен бирге согушка кошуун даярдоо сыяктуу.

г) Мусулман тарыйкат амалдарын аткарып жатканда дуба кылуусу өтө зарыл. Расулуллах ﷺ да, сахаба رضي الله عنهم лар да ушундай кылышкан.

- Мафохимде соопко гана алып бара турган дубаны кылуу т.а. калааны фатх кылуу сыяктуу бирер маселеде дубадан гана пайдалануу, тарыйкатка болсо амал кылбастык абалы туурасында мына ушулар келген. Анткени, тарыйкатты т.а. жихад кылууну шаръий нусустар баян кылган.

Эми дубанын башка абалдарына келсек, бул Расулуллахтын жогорудагы умумий хадистерине туура келет:

«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ، وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ، إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثٍ: إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ، وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ، وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنَ السُّوءِ مِثْلَهَا قَالُوا: إِذًا نُكْثِرُ، قَالَ: اللَّهُ أَكْثَرُ»

«Кайсы бир мусулман бир дуба кылса, дубасында күнөө жана тууганчылыкты үзүү болбосо, Аллах ага ушул дубасынын акысына үч нерсенин бирин берет: же дубасын тез арада жүзөгө чыгарат, же ушул дубаны анын акыретине алып коёт, же ушул дубачалык жамандыкты андан буруп жиберет. Сахабалар: Анда дубаны көбөйтөбүз, - деп айтышты. Пайгамбар ﷺ: Аллах көбөйтсүн, - деди». Ахмад өзүнүн муснадында келтирген.

Ушул хадистен белгилүү болгондой, Аллах Субханаху дуба кылуучунун муктаждыгын т.а. хис кылына турган натыйжаны кээде бул дүйнөдө жүзөгө чыгарат экен, кээде ошол дубачалык өлчөмдө жамандыкты андан буруп жиберет экен, же болбосо, хис кылынбай турган натыйжасын т.а. соопту акыретке алып коёт экен.

Аллах Субханаху ва Таала улуу фазл ээси болуп, Рахман жана Рохим. Ал Зат дубаны бул дүйнөдө ижабат кылса да, акыретке да сообун алып коюу менен пендесине сый көрсөттү. Аллах Роббул ааламинге хамду сана болсун.

1-мухаррам, 1436-х.
25-октябрь, 2014-м.

## «Дуа казаны кайтарат» деген хадис кандай түшүнөбүз?

**Суроо**: «Исламий пикирлөө» китеби биздин табанний кылынган китептерден саналат. Ушул китепте дуа казаны да, тагдырды да, ошондой эле, Аллахтын илимин да өзгөртпөйт деп келген. Бирок, Куран жана сүннөттө бул түшүнүккө каршы келген насстар бар. Набий ﷺдан:
«لَا يَرُدُّ الْقَضَاءَ إِلَّا الدُّعَاءُ»

«Каза бир гана дуа менен кайтарылат», деген хадис бар. Бул маанидеги көптөгөн хадистерди кездештирүүгө болот. Бул хадис тастыктап тургандай дуа казаны өзгөртөт. Ошондуктан, биздин китепте келген түшүнүк менен бул насстарда келген карама-каршылыктардын ортосунда кандай алака кылынат? Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: сенин суроонду көрүнүп тургандай, «Исламий пикирлөө» китеби эмес, «Исламий пикир» китебинде келген нерседен суроо салып жатасың, ошондой эле, суроодо да каталар орун алган. Ал ката «биздин табанний кылынган китептерден саналат» дегениң. Ал китеп табанний кылынган китеп эмес. Ал китеп «Идарий топтом» китебинде «Хизб чыгарган табанний кылынбаган китептер» бабында аты аталган китеп. Белгилүү этибар үчүн амирдин же башка бир мүчөнүн аты аталышынын айырмасы жок, ал китеп халкаларда окутулбайт. Сен суроо салып жаткан нерсе бул китептеги ушул цитата тууралуу болуп жатат: «Бирок, ачык-айкын боло турган нерсе дуа Аллахтын илиминдеги нерсени өзгөртпөйт. Казаны кетирбейт жана тагдырды да өзгөртпөйт. Себеби, жок эч бир нерсе болбойт. Анткени, Аллах боло турган нерсенин баардыгын анык билген зат. Аллахтын казасы шек-күмөнсүз боло турган нерсе. Эгер, дуа казаны кайтара турган болгондо, анда, каза болмок эмес. Кадарды Аллах пайда кылган, аны дуа кетире албайт...». Сен бул жерде айтып өткөн нерсе хадисте келген:

«إِنَّ الدُّعَاءَ يَرُدُّ الْقَضَاءَ»

«Дуа казаны кайтарат» деген, дагы бир риваятта:

«لَا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلَّا الدُّعَاءُ»

«Кадар бир гана дуа менен кайтарылат» деген нерсеге каршы келет деп жатасың. Ошондой эле, бул карама-каршылыктардын ортосун кандай байланыштырабыз, деп суроо салдың.

Жообго киришүүдөн мурун кириш сөз катары бул ишке байланышкан кээ бир нерселерге токтолуп өтөмүн:

1 – Аллах Таала айтат:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ﴾

*«Роббиңер айтты: «Мага дуа кылгыла, мен аны кабыл аламын. Мага ибадат кылуудан текеберленгендер тозокко кордологон абалда киришет»»* [Гофир 60]

– Хаким Мустадрак китебиндеги риваятта Абу Хурайра ﷺдан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«لَيْسَ شَيْءٌ أَكْرَمَ عَلَى اللهِ مِنْ الدُّعَاءِ»

«Аллахка дуадан өткөн урматтуу нерсе жок». Ахмад Муснадында Абу Саид ﷺдан Пайгамбар ﷺ айтты:

«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثٍ إِمَّا أَنْ تُعَجَّلَ لَهُ دَعْوَتُهُ وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنْ السُّوءِ مِثْلَهَا قَالُوا إِذاً نُكْثِرُ قَالَ اللَّهُ أَكْثَرُ»

«Кайсы бир мусулман туугандык катнашын үзбөй, дуасында күнөө нерсе жок Аллахка дуа кылса, Аллах ага үч нерсенин бирөөсүн берет: анын дуасын кабыл алат, же Акыркетке сактап койот, же дуасынчалык жамандыкты андан кетирет. Айтышты: «Анда дуаны көбөйтөлү». Пайгамбар ﷺ айтты: «Аллах көбүрөөк кылуучу». Хаким Мустадрак китебинде ушул эле хадисти Абу Саид ﷺдан келтирген.

Бул далилдерден көрүнүп тургандай, Аллах момун пендесин Ага көбүрөөк дуа кылуусун жакшы көрөт. Ошондой эле, Ахмаддын Муснадында келгендей, ага дуасына жооп катары үч нерсенин бирөөсү менен жооп кайтарылары да айтылды. Анын дуасына жооп кайтарылары Лавхул Махфузда жазылган. Эч бир нерсе эзелтен жазуусуз калтырылбаган. Тактап айтканда, бардык боло турган нерсенин бардыгы жарала электен мурда эле Лавхул Махфузда жазылынган, анын баяны төмөндө айтылат.

2 – Эгер, маселеге тийиштүү катий далил болсо, ал катий өкүмдү берет. Ошондой эле, маселенин өзүнө тийиштүү санады сахих зонний далил келип катий далил менен карама-каршы негизде болсо, эки далилдин ортосун жамдаштырууга аракет кылынат. Анткени, эки далилди жамдаштырып амал кылуу анын бирөөсүн жокко чыгаргандан жогору турат. Эгер, экөөнүн ортосун жамдаштырууга ылаажы табылбаса, анда, катий далилге амал кылынат. Зонний далили дираят жагынан четке кагылат, анткени, анын санады сахих. Эгер, санады зоиф (алсыз) болсо, анда, ал зоиф болгондугу үчүн четке кагылат.

3 – Кадар жөнүндөгү далилдер:

Аллах Таала айтат:

﴿وَكَانَ أَمْرُ اللَّهِ قَدَراً مَقْدُوراً﴾

*«Аллахтын иши өлчөнүп ченелеген (тагдырланган, кадарланган)»* [Ахзаб 38]

Бул жердеги قدرا (кадарланган) сөзүнүн мааниси – эзелтен тагдырланган иш. مقدورا (макдуура) сөзүнүн мааниси – анын болушу шек-күмөнсүз иш экендигин билдирет. Башкача айтканда, ал тагдырланган иштин болушу анык, шек-күмөнү жок.

Аллах айтат:

﴿ومَا يَعْزُبُ عَنْ رَبِّكَ مِنْ مِثْقَالِ ذَرَّةٍ فِي الْأَرْضِ وَلا فِي السَّمَاءِ وَلا أَصْغَرَ مِنْ ذَلِكَ وَلا أَكْبَرَ إِلا فِي كِتَابٍ مُبِينٍ﴾

*«Асман жана жердеги бир да кыпындай иш, андан кичинеси да, чоңу да Роббиңден сырткары калбайт. (Бардыгы) ачык китепте (жазылган)»* [Юнус 61]

﴿عَالِمِ الْغَيْبِ لا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلا فِي الأَرْضِ وَلا أَصْغَرُ مِنْ ذَلِكَ وَلا أَكْبَرُ إِلا فِي كِتَابٍ مُبِين﴾

*«Жерден жана өзүңөрдөн (өзүңөргө) жеткен мусибат Биз аны жарата электен мурда китепке (жазып койгонбуз), бул иш Аллахка жеңил»* [Хадид 22]

– Ошондой эле, кадар (тагдыр) же Лавхул Махфузда жазылгандыгы боюнча хадистер келген:

Абу Хурайра ﵁дан: Пайгамбар ﷺ мага айтты:

«جَفَّ الْقَلَمُ بِمَا أَنْتَ لاَقٍ»

«Сен тушуга турган иштердин калеми кургаган». (Бухарий риваяты). Башкача айтканда, сен тушуга турган иштер эзелтен эле жазылган... Умар ﵁ Пайгамбар ﷺга Жабрейил ﵇дын келиши жана Ислам ыймандан сурашы жөнүндөгү хадисте: Жабрейил ﵇ айтты: «Мага ыймандан кабар берчи». Пайгамбар ﷺ айтты:

«أَنْ تُؤْمِنَ بِاللَّهِ وَمَلائِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ»

«Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, элчилерине, Кыямат күнүнө, тагдырдын жаманына жана жакшысына ыйман келтиришиң». (Муслим риваяты). Башкача айтканда, Аллах тагдырдын жаманын жана жакшысын махлуктарды жарата электен мурда тагдырлап койгон... Жаабир ﵁ айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«لاَ يُؤْمِنُ عَبْدٌ حَتَّى يُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ حَتَّى يَعْلَمَ أَنَّ مَا أَصَابَهُ لَمْ يَكُنْ لِيُخْطِئَهُ وَأَنَّ مَا أَخْطَأَهُ لَمْ يَكُنْ لِيُصِيبَهُ»

«Пенде тагдырдын жаманына, жакшысына ыйман келтирмейинче, жана ага жете турган мусибат ага сөзсүз жетишин, ага жазылбаган мусибат ага жетпешин билмейинче, ал ыймандуу боло албайт». (Тирмизий риваяты).

Абу Аббас Абдуллах бин Аббас ﵄дан айтты: Бир күнү Пайгамбар ﷺдын артында турган элем. Пайгамбар ﷺ айтты:

«يا غُلاَمُ، إِنِّي أُعَلِّمُكَ كَلِمَاتٍ، احْفَظْ اللَّهَ يَحْفَظْكَ، احْفَظْ اللَّهَ تَجِدْهُ تُجَاهَكَ، إِذَا سَأَلْتَ فَاسْأَلِ اللَّهَ، وَإِذَا اسْتَعَنْتَ فَاسْتَعِنْ بِاللَّهِ، وَاعْلَمْ أَنَّ الأُمَّةَ لَوْ اجْتَمَعَتْ عَلَى أَنْ يَنْفَعُوكَ بِشَيْءٍ لَمْ يَنْفَعُوكَ إِلاَّ بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللَّهُ لَكَ، وَلَوْ اجْتَمَعُوا عَلَى أَنْ يَضُرُّوكَ بِشَيْءٍ لَمْ يَضُرُّوكَ إِلاَّ بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللَّهُ عَلَيْكَ، رُفِعَتْ الأَقْلاَمُ وَجَفَّتْ الصُّحُفُ»

«Эй бала, мен сага бир сөздөрдү үйрөтөм. Аллахты эске тут, Аллах сени сактайт. Аллахты жадыңда сакта, Аны алдыңдан табасың. Эгер сурасаң, Аллахтан сура. Эгер таянсаң, Аллахка таян. Билгин, эгер сага бир жамаат адам биригип келип, сага пайда беребиз дешсе, сага Аллах

жазган гана пайданы бере алышат. Эгер, сага биригип келишип, бир зыян жеткиребиз дешсе, сага Аллах жазган гана зыянды жеткире алышат. Калемдер көтөрүлгөн, барактар кургаган». (Тирмизий риваяты).

4 – Эми, бир риваятта дуа казаны кайтарат деп келген, бир риваятта кадарды кайтарат деп келген эки хадиске келебиз:

– Хаким Мустадрак китебинде эки шейхтин шартында сахих хадис риваят кылган: Ибн Аббас ﵄ Савбаан ﵁дан Пайгамбар ﷺ айтты:

«إِنَّ الدُّعَاءَ يَرُدُّ الْقَضَاءَ»

«Дуа казаны кайтарат». Дагы бир риваятта Хаким Абдуллах бин Аби Жаъдан Савбаан ﵁дан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«لَا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلَّا الدُّعَاءُ»

«Кадар бир гана дуа менен кайтарылат». Хаким айтат: «Бул хадистин иснады сахих. Эки шейх муну риваят кылбаган».

5 – Кадар тууралуу келген, айрыкча, катий далалат кылган аяттар каралып чыкса, бул далилдерден асман-жердеги бардык нерселер тагдырлап жазып коюлгандыгы ачык-айкын түшүнүлөт. Бул барлыкта болгон жана боло турган нерселердин бардыгын Аллах жарата электен мурда эзелтен эле жазып тагдырлап койгон. Ошондой эле, Аллах тагдырлап жазып койгон нерсе шек-күмөнсүз болот, андан качып кутулуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, тагдырды эч бир нерсе кайтара албайт.

Жогоруда айтылып өткөн эки хадистен «дуа кадарды кайтарат» же «каза дуа менен кайтарылат» деген хадистерден бир эле маани түшүнүлөт. Ошондуктан, бул жерде кадар тууралуу келген катий далилдер менен бул хадистердин ортосунда карама-каршылык билдирген маани жаралып калат. Ошон үчүн, жогоруда айтылып өткөндөй, биринчи кезекте бул хадистер менен катий далилдердин ортосун жамдаштырууга аракет кылынат. Эгер, жамдаштыруу мүмкүн болбосо, хадис дираят жагынан четке кагылат...

6 – Ушуга негизделип, бул маселени Аллахтын тафики менен төмөнкү негизде карап чыгабыз:

а)

«لَا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلَّا الدُّعَاءُ»

«Кадар бир гана дуа менен кайтарылат» деген хадистин негизги мааниси Лавхул Махфуздагы нерсени кайтарат дегенди түшүндүрөт. Эгер, мындай мааниде болсо, хадис дираят жагынан четке кагылат. Анткени, Лавхул Махфуздагы жазылып тагдырланган нерсе шек-күмөнсүз анык болот, андан качып кутулуу да мүмкүн эмес жана аны эч ким, эч нерсе кайтара албайт. Ал карама-каршы да келбейт. Башкача айтканда, Лавхул Махфуздагы нерсе өчпөйт. Ушуга негизделип, эгер, хадис менен катий далилдердин ортосун жамдаштыруу мүмкүн эмес

болсо, хадис дираят жагынан четке кагылат. Катий далилге амал кылынат, анткени, кадарланган нерсе сөзсүз түрдө болот аны эч ким, эч нерсе кайтара албайт. Бирок, хадисти дираят жагынан четке кагуудан мурда катий далил менен зонний далилдин ортосун жамдаштырууга болгон аракетти жумшоо важиб. Анткени, эки далилге тең амал кылуу анын бирин жокко чыгаруудан жакшы.

б) Усулда сөздүн негизги маанисинен тосо турган карина жаралса, анда, сөздүн өтмө (каймана) маанисин колдонууга аракет кылынат. Бул жерде хадистеги сөздүн негизги маанисин колдонууга тоскоолдук жаратып жаткан нерсе – жогоруда айтылып өткөн катий далилдер. Ошондуктан, тилдик мааниге карата каймана маанини колдонуунун бул жерде мүмкүндүгү бар. Хадистеги каза жана кадар сөздөрүнүн каймана маанисинен тийгизген таасир (кесепет) түшүнүлөт. Башкача айтканда, себебди айтуу менен мусабабды максат кылуу. Мисалы, «Жамгырдан жер көгөрдү» деп айтканың сыяктуу. Себебден (жамгырдан) мусабабды максат кылдың (жер көгөрдү.) Бул жерде да «кадар» дегендеги өтмө маани андан келип чыккан натыйжа кесепет көздөлгөн. Бул учурда хадистеги маани кадарды же казаны кайтаруу эмес. Балким, анын кесепетин кайтаруу түшүнүлөт. Мисалы, момун адамга каза тагдырланган иш түшсө, ооруп калса, же баласын жоготсо, же соодада зыянга учурап калса ж.б.у.с. иштерде бул жерде дуа бул нерселердин кесептин кайтарат. Али ﵁дан риваят кылынды: Пайгамбар ﷺ мага витрде кунут дуасындагы сөздөрдү айтышымды үйрөттү:

«اللَّهُمَّ اهْدِنِي فِيمَنْ هَدَيْتَ... وَقِنِي شَرَّ مَا قَضَيْتَ...»

«Аллахым, Өзүң хидаяттагандардын арасында мени да хидаятта... Өзүң тагдырлаган нерсеңдин жамандыгынан сакта...». Эгер, момун адам Аллах ага тагдырлаган нерсенин жамандыгынан сактоону Аллахтан сурап көптөн көп дуа кылса, Аллах ага тагдырланган иштин кесепетин жеңилдетип, ага сабыр кылууга жардам берет. Ага тагдырланган нерсенин жетишине карабастан, андан кийинки жашоосунун жакшы уланып кетишине өбөлгө берет. Башкача айтканда, тагдырланган нерседен жеңил желпи өтүшүнө Аллах жардам берип, кудум анын дуасы казаны кайтаргандай эле түр жаралып калат. Канчалаган адамдар тагдыр сыноосуна кабылып сабыры сынып кеткендери бар. Канчалаган адамдар тагдыр сыноосуна кабылып, тили Аллахты эстөө жана бул тагдыр сыносунан жамандыгынан Аллахтан коргоо тилеп дуа кылуу менен нымдалып, тагдыр сыноосунан жеңил өтүп кеткендер бар. Кудум анын дуасы казаны кайтаргандай түр жаратып анын кесепетин кайтарат.

Хадистен ушул маани түшүнүлөт. Башкача айтканда, каза бул анык боло турган шек күмөнү жок иш. Бирок, момун ыклас жана чын жүрөктөн дуа кылуусу анын кесепетин кайтарат. Тактап айтканда, аны жеңилдетип,

ага сабыр кылууга, аны көтөрүп кетүүсүнө Аллах жардам берет жана андан ары жашоосу жакшы уланып кетишине өбөлгө берет. Ушунун баары Аллахтын Лавхул Махфузунда жазылган, Аллах Өзү аны эзелтен билген жана тагдырлаган. Башкача айтканда, Лавхул Махфузда бул пенде ушундай мусибатка же жакшылыкка тушугат деп эзелтен тагдырланган. Бул пенде анын жамандыгынан Аллахтан коргоо тилеп, Ага дуа кылат Аллах ага жардам берип, ага сабыр кылуусун жеңилдетип, андан жеңил өтүшүнө жардам берет деп да жазылган. Дуа кылуусу казанын кесепетин кайтарып кудум казаны кайтаргандай түр жаралат.

Менин басымдуу көз карашымда хадис ушундай мааниде түшүнүлөт, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

7 – Буга кошумча билип койо турган дагы кошумча маанилүү нерсе бар:

а) Менин «Тайсиирул вусуул илал усуул» аттуу китебимде минтип келет:

Дуанын кабыл болушу кадардагы, же Лавхул Махфуздагы, же Аллахтын илиминдеги нерсени өзгөртүү дегенди түшүндүрбөйт. Башкача айтканда, Аллах пендесинин дуа кылаарын билген эмес деген маани келип чыкпайт. Балким, Аллах эзелтен махлуктарды жарата электен мурда билген. Кадар бул Аллахтын илими, тактап айтканда, барлыктагы бардык нерсе жаратыла электен мурда Лавхул Махфузда жазылган. Аллах баланча пендесинин дуа кылаарын да жана анын дуасы кабыл болушун да Лавхул Махфузга жазып койгон. Дуа Аллахтын илиминде же Лавхул Махфуздагы жазылган нерседе жаңы бир нерсени пайда кылбайт. Ошондой эле, дуанын кабыл болушунда да жаңыча бир нерсе пайда болбойт. Балким, бардык нерсени, гайыбды билүүчү зат Аллах эзелтен пендеси эмне айтарын, эмне кыларын билген. Бардыгы эзелтен жаратыла электен илгери жазылган. Пендесинин кандай дуа кыларын да Аллах кандай болсо, ошондой кылып жазып койгон. Ошондой эле, анын дуасына Аллах кандай кааласа, ошондой кабыл болоору да эзелтен жазылган. Дуа жана анын кабыл болушу Аллахтын илиминен тышкары эмес. Балким, дуа да, кабыл болушу да, бардыгы Лавхул Махфузда үтүр, чекитине чейин жазылган. Аллах гайыбды да, гайыб эмести да билүүчү зат.

﴿لَا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلَا فِي الْأَرْضِ﴾

*«Аллахтан асман жана жердеги заррачалык (кыпындай) да нерсе тышкары эмес»* [Сабаъ 3]

б) Мухамад Хусейн Багавий (хижрий 516-жылы көз жумган) өзүнүн «Сүннөт шархы» китебинде мындай дейт: Бизге Абдул Ваахид бин Ахмад Малхидий айтты, Абдуллах бин Аби Жад Савбаан ﵁дан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«لا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلا الدُّعَاءُ»

«Кадар бир гана дуа менен кайтарылат». Айттым: «Абу Хатим Сижистаний айткан: «Пенденин ар дайым дуа кылуусу ага келген казаны жеңилдетет, кудум аны кайтарганы сыяктуу...».

в) Хасан Нуриддин Мулла Харвий Кориге (хижрий 1014-жылы көз жумган) таандык «Мишкаати масабих» китебинин шархы болгон «Миркати мафаатиих» китебинде келген:

««لا يَرُدُّ الْقَدَرَ إِلا الدُّعَاءُ» «Каза бир гана дуа менен кайтарылат» деген сөздө каза бул анык боло турган кайтарымсыз тагдырланган иш... же казаны кайтаруу дегендеги негизги маани – анын жеңилдетүү көздөлгөн, кудум ал болбой калган сыяктуу...».

Ушул жетиштүү деп ойлоймун, бүткүл ааламдардын Роббисине мактоолор болсун.

16-робиул-аввал, 1441-х.
13-ноябрь, 2019-м.

## Исламий мамлекеттеги бажы тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум, Ислам түзүмү китебинде Исламий мамлекеттин каражат менен камсыздоо булактарына машруъ (шарият уруксат берген) жолдор аркылуу гана ээ болушу айтылган. Анда мамлекет бажы төлөмдөрүн мамлекеттин ички жана тышкы сооданы көзөмөл кылышы өкүмү менен алышы да айтылган.

Бул Расулуллах Адын:

«لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ صَاحِبُ مَكْسٍ»

«Макс ээси (туура эмес салык салуучу) бейишке кирбейт», –деген хадисинен туруп каралса, сиздердин бүгүн бажы төлөмдөрү саясатын жүргүзүшүңөргө канчалык туура келет? Ички соода деп айтылганда мамлекеттин Исламий мамлекеттин вилаяттары ортосундагы соодага бажы төлөмдөрүн киргизүү назарда тутулабы?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух.

– Макс (салык) жөнүндөгү хадис. Бул хадисти Хаким Мустадракта риваят кылып ал тууралуу «Муслим шартына ылайык сахих, эки шайх аны риваят кылбады» деген. Анын тексти төмөнкүдөй, Укба ибн Аамирден: Мен Расулулла Адын

«لاَ يَدْخُلُ صَاحِبُ مَكْسٍ الْجَنَّةَ»

«Макс ээси (туура эмес салык салуучу) бейишке кирбейт»дегенин укканмын", – деп айтканы риваят кылынды. Бул хадис мамлекеттин жарандарына т.а. мусулмандар жана ахли зиммага карата айтылган. Анткени алардын соодалары үстүнөн бажы салыктарын алуу жайиз болбойт, ошондуктан, алар соода-сатык жүргүзө беришет, аларга салык салынбайт. Бул Исламий мамлекеттин вилаяттары ортосунда т.а. ички соодада болобу, же Исламий мамлекет менен чет мамлекет ортосунда т.а. тышкы соодада болобу, мунун айырмасы жок… Анткени, Исламий мамлекет соодагерлеринен, мусулмандардан да, ахли зиммадан да эч кандай салык алынбайт. Муну Расулулла Адын Исламга киргендерге жазган катындагы сөздөрү тастыктап турат. Алардан ушр алынбай турган болгон т.а. соода үстүнө салынуучу бажы ушру алардан алынбай турган болду:

– Абу Ахмад Хамид ибн Мухаллад ибн Кутайба ибн Абдуллах Хуросоний (ал Ибн Занживайх аты менен таанылган болуп, хижрий 251-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Амвал» китебинде риваят кылышынча, Расулулла А Сакифке алар Исламга кирген убакта бир кат жазды. Анда төмөнкүлөр келген: Бизге Хамид… Урва ибн Зубайрдан хадис риваят кылып мындай деди: Бул Расулулла Адын Сакифке жиберген каты:

A«بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ، هَذَا كِتَابٌ مِنْ مُحَمَّدٍ النَّبِيِّ رَسُولِ اللَّهِ لِثَقِيفٍ... وَلاَ يُعْشَرُونَ...»

«Бисмиллахир Рохманир Рохим, бул Мухаммад Набий Расулулла Адан Сакифке жөнөтүлгөн кат… алардан ушр алынбайт…». Т.а. алардан соодалары үстүнөн бажы төлөмдөрү алынбайт.

– Ибн Шабба “Мадина тарыхы” китебинде риваят кылышынча, Расулулла А Нажрон насронийлерине ахли зимма катары алардын соодаларынан бажы төлөмдөрү алынбастыгы жөнүндө кат жазып жиберди… Анда төмөнкүлөр келген: Бизге Абу Валид… Абу Фатхтан хадис риваят кылышынча, Расулулла А Нажрон калкы менен сулх түзүп, аларга мындай деп кат жазып жиберди:

«بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ، هَذَا كِتَابُ مُحَمَّدٍ النَّبِيِّ رَسُولِ اللَّهِ لِأَهْلِ نَجْرَانَ إِذَا كَانَ حُكْمُهُ عَلَيْهِمْ... وَلاَ يُعْشَرُونَ»

«Бисмиллахир Рохманир Рохим, бул Мухаммад Набий Расулулланын Нажрон калкына жиберген каты, эгерде алардын үстүнөн анын өкүмү жүрө турган болсо… алардан ушр алынбайт». Т.а. ахли зиммадан соода үстүнөн бажы төлөмдөрү алынбайт. Мунун себеби, Нажрон насронийлери менен ахли зимма катары сулх түзүлгөндүгү. Анын далили мындай, ошол катта «Эгерде алардын үстүндө анын өкүмү жүрсө» т.а. Расулулла Адын өкүмү жүрсө деген сөздөр келген.

– Абу Убайд «Амвал»да Абдуррахман ибн Маъкалдан риваят кылды, ал мындай деди: Мен Зияд ибн Хадирден: Кимдерден ушр алат элеңер? – деп сурадым. Ал: Мусулмандан да, муахидден да ушр албайт элек, – деди. Мен: Анда кимдерден ушр алат элеңер? – дедим. Ал: “Дарул харб соодагерлеринен алат элек, биз алардын өлкөлөрүнө барганыбызда бизден ушр алышкандай эле биз да алардан ушр алат элек”, – деди. Дарул Исламга дарул харбдан кирүүчү товарлардан ушр алуучу адам ашир (ушр алуучу) деп аталат.

- Ошондуктан, Исламий жарандыкка ээ болгон соодагерден – ал мусулман болобу же зиммийби, айырмасыз – бажы төлөмдөрү алынбайт.
- Ал эми хукман согуш абалындагы мухарибдердин соодаларынан, алардын мамлекеттери биздин соодагерлерибизден бажы төлөмдөрүн алгандай эле, бажы төлөмдөрү алынат. Бул Абу Убайддын «Амвал» китебинде келгендей: «Мен: Анда кимдерден ушр алат элеңер? – деп сурадым. Ал: Дарул харб соодагерлеринен алат элек, биз алардын өлкөлөрүнө барганыбызда бизден ушр алышкандай эле, биз да алардан ушр алат элек, – деди». Ибн Кудаманын «Мугний» китебинде да төмөнкүлөр келген: «Абу Мужлиз Лахик ибн Хамидден мындай дегени риваят кылынды: «Алар Умардан: Эгерде ахли харб бизге келе турган болсо алардан канча (төлөм) алабыз? – деп сурашты. Умар: Силер алардын өлкөсүнө киргениңерде силерден канча алышат? – деп сурады.

Алар: Ушр (ондон бир) алышат, – деп жооп беришти. Умар: Алардан да ушундай алгыла, – деди».

Тыянак:

- Исламий мамлекет соодагерлеринен – соодагер мусулман болобу же зиммийби, айырмасыз – бажы төлөмдөрү алынбайт.
- Муахид соодагерден келишимде көрсөтүлгөн шарттар боюнча бажы төлөмдөрү алынат.
- Хукман согуш абалындагы мухариб мамлекеттери соодагерлеринен ушул мамлекеттер биздин соодагерлерибизден алгандай өлчөмдөгү бажы төлөмдөрү алынат.
- Ал эми амалда согуш абалындагы мамлекеттерге келсек, биз жана алар амалий согуш абалындабыз. Демек, алардын соодагерлери өлкөлөрүбүзгө кирбейт. Анткени, алар менен болуучу алака амалий согуш алакасы болуп эсептелет.

16-робиул–аввал, 1435-х.
17-январь, 2014-м.

## Кайрымусулмандар менен жеп-ичүү жана кийим-кече маселеси

**Суроо**: ассаламу алайкум!

«Халифалык мамлекетинин конституция долбоору» китебинин 7-берене, 4-пунктунда «Кайрымусулмандарга тамак-аш жана кийим-кечелерге тиешелүү болгон иштерде – шарият өкүмдөрү уруксат берген алкакта – өз диндерине ылайык мамиле кылынат» деп келген. Менин суроом кийим-кече жөнүндө: Муслима болбогон аялдарга денелерин жаап турушу жана көздү өзүнө тарпай турган болушу шарты менен узун көйнөк же шым менен көйнөк сыяктуу ар кандай кийим кийишине уруксат берилеби же алардан да муслима аялдар сыяктуу, жоолук жана жилбаб кийүү талап кылынабы? Өзү Ислам тарыхында кайрымуслималардын кийимине карата кандай мамиледе болушкан? Алардын каалагандай кийинишине уруксат берилгенби же Исламий кийим кийүүгө мажбурланышканбы?

Аллах сизди жакшылык менен сыйласын!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух!

Чындыгында эле сиз сураган суроо жогорудагы китепте «Кайрымусулманларга тамак-аш жана кийим-кечелерге тишелүү болгон иштерде – шарият өкүмдөрү уруксат берген алкакта – өз диндерине ылайык мамиле кылынат» деп келген. Сиз ушул кийимдер жөнүндө сурап жатасыз, мунун жообу төмөнкүдөй:

Ушул берене кийимдерге карата эки чектөөнү киргизген:

Биринчи чектөө: «Өз диндерине ылайык», – деген сөз. Т.а. алардын өз диндерине ылайык кийим кийүүсүнө уруксат берилет. Өз диндерине ылайык кийим кийүүлөрү деп диндар эркек жана диндар аялдардын кийинүүлөрү айтылат. Т.а. руханий жана рохибдердин кийимдери о.э. руханий аял жана рохиба аялдардын кийимдери. Бул кийимдер алардын дининде белгиленген болуп, алардын эркек жана аялдары ошол кийимдерди кийиши мүмкүн. Биринчи чектөөгө карата ушундай.

Экинчи чектөө болсо: «Шарият өкүмдөрү уруксат берген алкакта», – деген сөз. Бул жалпы турмуштук өкүмдөрдөн болуп, мусулман жана кайрымусулман, эркек жана аялдардан турган Ислам мамлекетинин бардык жарандарын камтыйт.

- Өз диндерине ылайык кийимдер деген сөз истисна кылынган;
- Өз диндерине ылайык болбогон кийимдер болсо жалпы турмушка тиешелүү шаръий өкүмдөргө ылайык болот. Буга эркектер жана аялдар тийиштүү;

Жалпы турмуштук кийим «Исламда ижтима түзүмү» китебинде кеңири баяндалган жана бул мусулман жана кайрымусулмандан турган бардык жарандарга тиешелүү болуп, кайрымусулмандар мындан истисна

кылынбайт, болгону жогоруда айтканыбыздай, өз диндерине ылайык кийимдер гана истисна кылынат. Мындан башкалары болсо, аялдардын авраттарын жабышы жана жасанып-түзөнбөстүктөрү, жилбаб кийип, жоолук оронушу шарт, анткени шым кийүү да жасанууга кирип, ал аялдын авратын жапса да, бирок, аны жалпы турмушта кийүү жаиз эмес.

Тарыхка назар таштай турган болсок, бүтүндөй Халифалык заманында муслима аялдар да, кайрымуслима аялдар да жилбаб кийишкен т.а. үйдө кийүүчү көйнөктөрүнүн үстүнөн кең көйнөк кийишкен жана баштарын оронушкан, муслима жана кайрымуслималар жашаган айрым кыштактар да кийиминде айырмасыз болгон. Ал тургай, Халифалык кулатылгандан кийин да ошол Исламий кийимдер бир кыйла сакталып калган. Эгерде сиз Палестинадагы жетимиш жана сексен жаштан өткөн карылардан сурасаңыз, “ошол кыштактарда бир кыл Исламий кийим кийген муслима жана кайрымуслималарды көргөнбүз” деп жооп беришет.

Ушул айткандарым сурооңузга жетиштүү жооп болот деп үмүттөнөмүн.

22-шаввал, 1435-х.
18-июль, 2014-м.

## Ахли харбдын Дарул Исламда жашоо ниети туурасында

**Суроо**: Бисмиллахир Рохманир Рохим, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу шайхыбыз, сизден төмөнкү ишти айкындаштырып беришиңизди суранамын, Аллах сизге бардык жакшылыкты тартуу кылсын. Экономикалык түзүм китебинин 302-бетинде төмөнкүлөр келген: Ахли харбдын өзүнө берилген амандык анын малына да берилген амандык болуп эсептелет. Ахли харб Дарул Исламда калууну ниет кылса жана калса, андан кийин дарул харбга кайтмакчы болсо... Себеби, Ислам диярында жашоо ниети бар болуп турган абалда дарул-харбга барган ахли харбдын өкүмү дарул-харбга барган зиммийдин өкүмү сыяктуу...». Суроо: Менин түшүнүшүмчө, мамлекет ниетти кантип билет, акыйкатта болсо ниет сезилбей турган вакиъ болуп эсептелет го. Эми эгерде абал ахли харбдын Дарул Исламда калуу туурасындагы өз чечимин мамлекеттик мекемелерде билдириши болсо, анда абал куру ниеттин өзү эле эмес, ал ишара менен билдире турган бир чечим болот, ошондуктан мен «анын ниетине ылайык эмес, чечимине ылайык» деп айтуу керек деп билемин. Созуп жибергеним үчүн кечирим сураймын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух,

Сиз суроо берип жаткан текст Экономикалык түзүм китебинде толук абалда төмөнкүдөй келген:

(Ахли харбдын өзүнө берилген амандык анын малына да берилген амандык болуп эсептелет. Диярларыбызда жашап жаткан ахли харб дарул-харбка кайтмакчы болуп, малын бир мусулман же зиммийге аманат калтырса же карызга берсе, анын максатына карай иш тутулат. Эгер максаты соодагерлик, элчилик, саякат сыяктуу иштерди аткарып, Ислам диярына кайтуу болсо, өзүнө жана малына алган амандыгы өз күчүндө турат. Анткени, Ислам диярында жашоо ниети турган абалда дарул-харбка барган ахли харбдын өкүмү дарул-харбка барган зиммийдин өкүмү сыяктуу. Ырас, ниети Ислам диярына кайтуу болгон соң, дарул-харбка барышы амандыгын бекер кылбайт. Эгер дарул-харбка баруудан максаты ошол жерде жашоо болсо, өзү үчүн алган амандыгы бүтүндөй бекер кылынат. Диярыбызга кайра кирмекчи болсо, жаңы амандык алышы керек болот).

Бул сөз агымындагы ниет дегени – ибадаттарда болгону сыяктуу орду дил болгон ниет эмес, тескерисинче, каалоо жана чечимдин пайда болушу т.а. эгерде ахли харб кафир Дарул Исламда калууга (жашоого) токтом кылса дегени... «Ниет кылса» жана «ниет» сөзүн каалоо жана токтом кылуу маанисинде иштетүү исламий фикх китептеринде кеңири таркаган, ошону менен бирге текстте «ниет кылса» деген сөз менен эле

чектелбеген, тескерисинче, ага «калуу» деген сөздү да кошуп: «Ахли харб Дарул Исламда калууну ниет кылса жана калса» т.а. калуугa токтом кылса жана чындап эле калса деп айткан...

Ошондуктан, мында «ниет кылса ... жана калса» деп айтууда бир назик чекит (маани) бар, ал чекит анын чындап эле калуу ниетинде болушу, мындан башка нерсе эмес... Бул болсо, ушуга тиешелүү, ушуну тастыктай турган мекемелердин милдеттеринен...

Халифалык мамлекетинде Аллахтын уруксаты менен кайрымусулмандардын жана исламий мамлекеттин жарандыгына ээ болбогондордун – эгерде алар мамлекеттин жерлерине кире турган болушса – калышын тартипке сала турган бир мыйзам болот, бул мыйзамдан мамлекеттик мекемелердеги иш-чаралар орун алат, Дарул Исламда калмакчы болгон адам бул иш-чараларды аткарат...

23-шаъбан, 1436-х.
10-июнь, 2015-м.

## Исламий мамлекетте кайры мусулмандар ортосундагы казылык

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух... Набий ﷺ өз диндеринде калышына көнгөн Яман кафирлеринен араб мушриктерин истисна кылгандыгы маселесин айкындаштырып беришиңизди суранамын. Араб мушриктери тууралсындагы бул истисна кылууну Ислам мамлекети китебинин 7-басылышынын 144-бетинде келген: «Акыркы эки топ өз этикаддарында жана ибадат кылып жаткан нерселеринде калтырылат», - деген умумду  чектөө деп эсептейбизби? Бул эки тайпа: ахли китеп жана мушриктерби? Бул истисна кылуу конституция долбоорунун 27-беренесинин (б) бөлүмүндө келген нерсени чектөө болуп да эсептелеби? (Же бул истисна кылуу мына ошол муунга гана хоспу? Ислам мамлекети китебинин 7-басылышынын 144-бетинде келген нерсе боюнча дагы бир суроону да кошумчалай кетмекчимин: «Мамлекет аларга өздөрүнөн болгон бир казыны дайындап берет, ал болсо алардын келишпестиктерин мамлекеттик мекемелерде көрүп чыгат». Ушул китептин 146-бетинде (д) бөлүмүндө төмөнкүлөр да келген: «... хос мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде алардын өздөрүнөн казылар болот». Мына ошол казылар ишинин табиятын жана алардын абалын ачыктап беришиңизди суранамын. Мен сизге суроо берүүдөн мурда Мукаддиматуд дастурда издеп таба албадым. (Т.а. мамлекеттик мекеме тарабынан Ислам менен өкүм кылуу жана башкасына Исламдан тышкаркы нерсе менен өкүм кылуу жаиз болобу?). Сиди калыс сыйлап каламын. Боордошуңуз Абу Билал.

**Жооп**: ва айлайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сиздин суроoңуз Ислам мамлекети китебинин 146-бетиндеги төмөнкү текст жөнүндө экен:

«... бул мусулмандарга карата ушундай, ал эми исламий акыйдадан башка акыйдага этикад кылуучуларга келсек алар төмөнкүлөр:

4 – Мушриктер. Буларга: бутпарастар, сабиийлер, мажусийлер, индустар жана ахли китеп болбогондор кирет.

Акыркы эки топ өз этикаддары жана ибадаттарында калтырылат. Алар нике жана талак иштеринде өздөрүнүн диндеринин талаптарына моюн сунушат. Мамлекет алар үчүн өздөрүнөн казы дайындайт. Бул казы жогорудагы иштерде жүзөгө келген келишпөөчүлүктөрдү мамлекеттик сот мекемелеринде көрүп чыгат. Ал эми, тамак-аш жана кийим-кечелер тууралсында аларга жалпы түзүм алкагында (т.а. Ислам шарияты уруксат берген алкакта) өз диндеринин өкүмдөрүнө ылайык мамиле кылынат. Ахли китеп болбогондорго да ахли китептер сыяктуу мамиле кылынат.

Расулулла ﷺ мажусийлер туурасында: «Аларга да ахли китептердей мамиле кылгыла», - деген.

Ал эми, мамилелер жана жаза-чаралар мусулмандарга кандай болсо, кайрымусулмандарга да ошондой колдонулат. Ошондуктан, жаза чаралары кайрымусулмандарга да мусулмандарга аткарылгандай эле аткарылат. Кайрымусулмандардын мамилелери да мусулмандардын мамилелери ишке ашуусу жана бузулушундай эле, бирдей көрүнүштө ишке ашат жана бузулат. Мында бир адамды башкасынан эч кандай ажыратуу же кемсинтүү болбойт...».

Ушул китептин 147-бетинде төмөнкүлөр келген:

«Жыйынтык ушул, Исламий мамлекет өзүнүн ички саясатында өз жарандарына – алардын мусулман же кайрымусулман экендиктерине карабастан – Исламий шариятты колдонот. Анын аткарылышы төмөнкүдөй болот:

г) Кайрымусулмандар ортосунда нике жана талак иштери өздөрүнөн дайындалган казылар тарабынан өзүнчө мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде ажырым кылынат. Бул иштер алар менен мусулмандар ортосунда болсо, мусулман казылар тарабынан Ислам өкүмдөрүнө ылайык ажырым кылынат...».

Жетинчи берененин (б) бөлүмүндө да төмөнкүлөр келген:

«7-берене: Мамлекет – мусулман же кайрымусулман болсун – исламий жарандыкка ээ болгон бардык адамдарга Ислам шариятын төмөнкүдөй көрүнүштө колдонот:

б) Кайрымусулмандар өз этикаддарында жана ибадаттарында умумий түзүм алкагында калтырылат».

Биринчи суроонуздун жообу:

Мында мушриктер деп айтылганда араб мушриктери назарда тутулбайт, тескерисинче, алар Африкадагы кээ бир уруулар сыяктуу араб болбогон бутпарасттар. Алар өз диндерин таштоого мажбурланышпайт. Аларга мамлекет ахли китепке кылына тургандай мамиле кылат, болгону алар сойгон жаныбарлардын эти желбейт жана аялдарына үйлөнүлбөйт... Ал эми бут-санамдарга сыйына турган араб мушриктери туурасындагы шаръий өкүм – бул Ислам же өлүмдүн бирин тандоо. Бул кылымда алардан бирөө да калбаган, алар сахабалар – алардан Аллах ыраазы болсун – доорунда жок болуп бүтүшкөн. Ошол кылымда алардан ким Исламга кирбеген болсо аны мусулмандар өлтүрүшкөн. Биз аларга тиешелүү өкүмдөрдү Исламий шахсия китебинин экинчи бөлүмүндө төмөнкүдөй баян кылганбыз:

«Ал эми араб мушриктеринен сулх жана зимма талабы кабыл алынбайт. Тескерисинче, алар Исламга даъват кылынат. Исламга

киришсе абалдарына коюлат, болбосо аларга каршы согуш кылынат. Аллах Таала айтат:

﴿ سَتُدۡعَوۡنَ إِلَىٰ قَوۡمٍ أُوْلِي بَأۡسٖ شَدِيدٖ تُقَٰتِلُونَهُمۡ أَوۡ يُسۡلِمُونَۖ ﴾

«*Жакында силер куч-кубат ээлери болгон бир коум (менен согушууга) чакырыласыңар. (Ошондо же) алар менен согушасыңар, же алар Исламга киришет*» [48:16]

Т.а. Исламга кирмейинче согушасыңар. Бул аят Расулуллах ﷺ согушкан араб бутпарастары жөнүндө түшүрүлдү. Бул аят араб мушриктери Исламга киришпесе, аларга каршы согушуу керектигине далил болду. Хасандан риваят кылат:

«أَمَرَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ يُقَاتَلَ الْعَرَبُ عَلَى الإِسْلاَمِ، وَلاَ يُقْبَلَ مِنْهُمْ غَيْرُهُ، وَأَمَرَ أَنْ يُقَاتَلَ أَهْلُ الْكِتَابِ حَتَّى يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَنْ يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ»

«Расулуллах ﷺ Исламга киришпесе арабдарга каршы согушууга, алардан мындан башкасын кабыл албоого буйруду. Пайгамбарыбыз ахли китепке каршы тээ алар кордолгон абалда өз колдору менен жизя беришкенге чейин согушууга буйруду». Абу Убайд айтат: Хасан бул орунда арабдар дегенде ахли китеп болбогон бутпарастарды назарда тутканын көрөбүз. Ал эми ахли китеп болгондорунан Расулуллах ﷺ жизяны кабыл алган. Бул бир нече хадистерде баян кылынган. Набий ﷺдын бутка сыйынуучу арабдардын биринен да жизя алганы сабит болбогон. Пайгамбарыбыз ﷺ «Фатх» аяты жана «Тообо» сүрөсү түшүрүлгөндөн кийин, алардан Исламга кирүүдөн, болбосо аларга каршы согушуудан башкасын кабыл албады. Пайгамбарыбыз ﷺдын Яман жана Нажрон калкы сыяктуу арабдардан жизя алганы туурасындагы риваятка келсек, Пайгамбарыбыз ﷺ жизяны ахли китеп болгон насроний жана яхудийлерден алган, буттарга сыйынуучу арабдардан албаган».

Экинчи суроонуздун жообу:

«... Мамлекет аларга өздөрүнөн болгон бир казыны дайындап берет, ал болсо алардын келишпестиктерин мамлекеттик мекемелерде көрүп чыгат...» жана «кайрымусулмандар ортосунда нике, талак иштери алардын диндери боюнча өздөрүнөн болгон казылар тарабынан хос мекемелерде эмес, мамлекеттик мекемелерде ажырым кылынат...» деген тексттерге келсек, мындан “мусулмандар казылары алардын ортосунда алардын шарияттары боюнча өкүм чыгарышат” деген маани чыкпайт. “Алардын ортосунда өкүм өздөрүнөн болгон т.а. кайрымусулмандардан болгон казылар тарабынан чыгарылат. Бирок, мына ошол казылар үчүн өзүнчө атайын мекемелер болбойт, тескерисинче, аларга мамлекеттик мекемелердин имаратында казылык бөлмөлөрү бөлүнүп берилет жана

алар идарий жактан мамлекеттик мекемелерге моюн сунушат" - деген маани назарда тутулган. Казыларды дайындоо алардын өздөрүнө таштап коюлбайт, тескерисинче бул мамлекет тарабынан тартиптештирүү менен болот. Ошондуктан, мамлекет аларга өздөрүнөн болгон казыларды дайындап берет, бул казылар алардын ортосунда нике, талак иштери боюнча жана ушуга тиешелүү нерселер боюнча өкүм чыгарышат. Бул нерсе "мамлекеттик мекемелер эки түрдүү өкүм т.а. Исламий өкүм жана кайрыисламий өкүм чыгарат" деген маанини түшүндүрбөйт, тескерисинче, мамлекеттик мекемелер Ислам менен гана өкүм чыгарышат. Бирок, бул мекемелерде идарий жактан ушул мекемелерге моюн суна турган өз алдынча бөлмөлөр ажыратып берилет. Бул бөлмөлөрдө мусулман болбогон казылар кайрымусулмандар ортосунда нике, талак жана ушуларга тиешелүү иштер боюнча жүз берген келишпөөчүлүктөр боюнча өздөрүнүн диндери жана шарияттарына ылайык өкүм чыгарышат, анткени, Шарият муну макулдаган.

16-жумадус-саний, 1436-х.
5-апрель, 2015-м.

## Согуш туткундары тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллоох.

Биздин китептерде Саъд бин Муъаздын Бани Курайза жөөттөрүнө карата чыгарган өкүмүндө эркектерин өлтүрүү, малдарын тартып алуу жана аялдарын туткунга алуу тууралуу айтылган. Бирок, Куранда катий түрдө туткундардын өкүмү айырбаштоо же жөн эле берүү деп так көрсөтүлүп турат. Ошондуктан, Саъд бин Муъаздын Бани Курайза жөөттөрүнө карата чыгарган өкүмү Куранга каршы келеби? Бул риваят четке кагылабы же башка жолу барбы?

**Жооб**: алайкуму ассалам рохматулоохи уа баракатуху.

Сенин сурооңо «Исламий шахсия» китебинин 2-бөлүгүндө «Согуш туткундары» бабында кыска жооб бар. Анда Саъд бин Муъаз ﵁ жөөттөргө карата чыгарган өкүмү тууралуу төмөнкүдөй келген:

«Мусулмандар душмандарынан туткунга алышса, бул туткундардын иши түздөн-түз халифага коюп берилет. Аларды туткунга алгандардын да, же согуш командачысынын да, же кошуун амиринин да бул жаатта эч кандай райы болбойт. Себеби, мухориб (согуш кылынган душман) туткунга түшүп калса, анын иши халифанын райына коюп берилет. Мында халифа туткундар жөнүндөгү шаръий өкүмгө амал кылат. Туткундар жөнүндөгү өкүм Курандын катъий нассы менен сабит болгон, бул өкүм мындай, халифа туткундарга ырайым көрсөтүүнүн же алардан фидя алуунун бирин ыктыяр кылат. Демек, туткундар жөнүндөгү өкүм: ырайым көрсөтүү же фидя өндүрүү. Буга Алла Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

﴿فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرْبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثْخَنتُمُوهُمْ فَشُدُّواْ ٱلْوَثَاقَ فَإِمَّا مَنًّۢا بَعْدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلْحَرْبُ أَوْزَارَهَا﴾

«*Ошондуктан, качан силер кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан аларды кырып (жеңгениңерден кийин аларды туткунга алып) аркандар менен байлагыла! Андан кийин же ырайым көрсөтөсүңөр же фидя аласыңар, анткени муну менен согуш жүктөрүн койгонго чейин (т.а. токтогонго чейин силерге буюрулган иш) мына ушул*» [47:4]

Туткундар жөнүндөгү өкүмдө бул ачык көрүнүп турат. (…) Демек, булардын бардыгынан ачык көрүнүп тургандай, халифа туткундар тууралуу эки иштин бирин тандашы керек. Же ырайым көрсөтүшү керек, же фидя алышы керек. Мындан башкасына жол жок. Ал эми, Набий ﷺдын Бани Курайза адамдарын өлтүргөндүгү жөнүндөгү

риваятка келсек, бул алар согуш туткундары болгону үчүн эмес, тескерисинче, өкүм чыгаруучунун өкүмүнө ылайык болгон.

(...) Ушул себептен улам, туткундар жөнүндөгү өкүм халифанын алар жөнүндө ырайым көрсөтүү же фидя алуудан бирин тандоосу болуп кала берет. Мындан башка өкүм болбойт. Бул өкүм Кыяматка чейин түбөлүктүү калат». (Китептеги цитата бүттү).

Туткундардын өкүмү Куранда ачык, даана көрсөтүлгөндөй, жөн эле берүү же айырбаштоо.

Аллах айтат:

﴿فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَاۚ﴾

«*Ошондуктан, качан силер кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан аларды кырып (жеңгениңерден кийин аларды туткунга алып) аркандар менен байлагыла! Андан кийин же ырайым көрсөтөсүңөр же фидя аласыңар, анткени муну менен согуш жүктөрүн койгонго чейин (т.а. токтогонго чейин силерге буюрулган иш) мына ушул*» [47:4]

Бул Курандагы туткундар боюнча ачык-айкын өкүм. Бирок, бул өкүм мусулмандар согушуп туткундап алган туткундардын өкүмү.

Ал эми, Бани Курайза жөөттөрү менен болгон окуя бул бабдан эмес. Башкача айтканда, туткундар бабынан эмес. Балким, Пайгамбар ﷺ Бани Курайза менен согушуу үчүн аларды курчоого алганда, алар согушпастан Пайгамбар ﷺга моюн сунуп келишкен жана Саъд бин Муъаз رضي الله عنه аларга карата өкүм чыгарышын макулдашкан. Абу Саъид Худрий رضي الله عنه айтты: «Бани Курайза Саъд бин Муъаз رضي الله عنهнун өкүм чыгарышын өтүнүшкөндөн кийин Пайгамбар ﷺ аны чакырты. Ал Пайгамбар ﷺдан ыраак эмес эле. Ал эшек менен келди. Ал жакындаганда Пайгамбар ﷺ айтты: «Төрөңөргө тургула». Ал келип Пайгамбар ﷺдын жанына отурду. Пайгамбар ﷺ ага айтты: «Булар сенин өкүм чыгарышыңа макул». Ал айтты: «Мен эркектеринин өлтүрүлүшүн жана бала-чакасынын туткундалышына өкүм чыгарамын». Пайгамбар ﷺ айтты: «Чындыгында, сен алар тууралуу падышанын өкүмүн чыгардың». (Бухари риваяты). Аиша رضي الله عنها айтты: «Саъд Хандак согушунда жарадар болду. Аны курайштык Хибан бин Кайс Бани Маъиис бин Амир бин Луавий атып, анын колундагы кан тамырын үзүп кетти. Пайгамбар ﷺ аны жакыныраак алып келиш үчүн мечиттин жанына чатыр тиктирди. Набий ﷺ Хандактан кайтып келгенден кийин куралын койуп жуунду. Ошол маалда Жабейил عليه السلام

келип, анын башындагы чаңды күүп айтты: «Куралыңды коюп койдуң». Набий ﷺ айтты: «Аллахка ант болсун, аны койгон жокмун». Жабрейил ﵇ айтты: «Аларга аттан». Набий ﷺ айтты: «Кайда?». Жабрайил ﵇ Бани Курайза тарапка ишаара кылды. Пайгамбар ﷺ аларга келди. Алар анын өкүм чыгарышына моюн сунуп келишти. Набий ﷺ аларга өкүм чыгарууну Саъд бин Муазга кайтарды. Саъд ﵁ айтты: «Мен алардын эркектери өлтүрүлүшүнө, балдары-аялдары туткундалышына жана малдары тартып алынышына өкүм чыгарам». (Бухари риваяты).

Бул хадистерде баяндалгандай, Бани Курайзаны мусулмандар туткундап алышкан эмес. Аларга туткун өкүмү да түшпөйт. Хадистерде баяндалгандай, алар Набий ﷺдын өкүм чыгарышына, кийин Саъд бин Муъаздын өкүм чыгарышына макул болушту. Башкача айтканда, алар өкүм чыгаруучунун өкүмүнө макул болуп келишти. Алардын эркектери өлтүрүлүшүнө, аялдары-балдары туткундалышына жана малдары тартып алынышына өкүм кылынды.... Саъд бин Муъаз ﵁нун бул өкүмү Аллахтын алар тууралуу өкүмүнө дал келди.

Ушуга негизделип Курайза окуясы менен Курандагы туткундар өкүмү ортосунда эч кандай карама-каршылык жок. Анткени, бул эки маселе бири-биринен айырмаланган маселелер. Ошондуктан, хадиси шариф – Куранга каршы келди деп – дираят жагынан четке кагылат дегенге орун жок.

Жооб түшүнүктүү болду деп ойлойм.

3-роббиул-аввал, 1441-х.
31-октябрь, 2019-м.

## Курани Карим кыраати

**Суроо**: мен Курани Каримдин мутаватир кыраатынын жазылыштары «Ясин» сүрөсүнүн 68-аятындагы сыяктуу ﴿أَفَلَا يَعْقِلُونَ﴾ жана ﴿أَفَلَا تَعْقِلُونَ﴾ бир кыл болот деп түшүнөр элем. Бирок, кээ бир тафсир китептеринде муфассирлердин: Шамий Мусхафда мына мындай, Маккий Мусхафта мына мындай, - дешкенин көрдүм ж.б.у.с… Айрыкча, «Хадид» сүрөсүнүн 24-аятынын ﴿إِنَّ اللهَ هُوَ الْغَنِيُّ الْحَمِيدُ﴾ тафсиринде, бул аят дагы бир мутаватир кыраатта мына мындай ﴿إِنَّ اللهَ الْغَنِيُّ الْحَمِيدُ﴾ келгенин окудум. Бул нерсе Хафса энебиздин үйүндө топтолгон тери үзүндүлөрүнөн Усман ﷺ нуска көчүрткөн Мусхафтардын кээ бир аяттары түрдүүчө жазылганын түшүндүрөбү? Же түрдүүчө жазылган мутаватир кырааттар да барбы? Бул кандай түшүнүлөт?

Муну түшүндүрүп беришиңизди суранабыз.

**Жооп**: Усман ﷺ Абу Бакр ﷺнун заманында топтолгон Курани Карим аяттары жазылган тери үзүндүлөрүнөн жети (кээ бир рыбаяттарда алты) нуска көчүрттү. Бул тери үзүндүлөрү алгач Абу Бакрдыкында, кийин Умардыкында, ал кишиден кийин Хафса энебиздикинде сакталар эле. Т.а. Усман ﷺ көчүрткөн Мусхафтар Расулулла ﷺдын алдында тери үзүндүлөрүнө жазылган Куран боюнча көчүрүлдү, бул үзүндүлөрдү Абу Бакр ﷺ топтогон эле.

Расул ﷺ мусулмандарга Курани Карим аяттарын мутаватир кыраат менен окутту жана бул аяттар мутаватир кыраат жазуусу менен Расул ﷺдын алдында жазып коюлду. Бул кырааттардын көбүрөөгү бир кыл жазуу менен жазылган эле. Себеби, ал убактарда шаклсыз (эъроб-ракеттерсиз) т.а. нукталар (чекиттер) деп атала турган нерселерсиз жазышар эле. О.э. «бе» менен «се»ни ажырата турган бүгүнкү күндө чекиттер деп аталып жаткан нерселерсиз жазышкан. Ошондуктан يَعْمَلُونَ келмеси تَعْمَلُونَ сыяктуу, آتَاكُمْ келмеси أَتَاكُمْ сыяктуу болгон ж.б.у.с.

Абу Бакр ﷺ топтогон тери үзүндүлөрү Расулулла ﷺ окуган жана ал кишинин алдында жазылган мутаватир кырааттардын бардыгын өз ичине алган эле. Усман ﷺ Хафса ﷺнын үйүндө топтолгон ар бир сүрөнүн аяттары тартиптелген тери үзүндүлөрүндөгү жазуудан нуска алды.

Т.а. Усман ﷺ ушул Мусхафтарды бул аяттарды жаттаган хофиздер тарабынан жазылган нерседен эмес, балким, Хафса энебиздин үйүндөгү тери үзүндүлөрүнө жазылган үзүндүлөрдөн нуска алды. Демек, Усман Мусхафтарынын жазуусу Абу Бакр ﷺ заманында топтолгон тери үзүндүлөрүндөгү жазуунун дал өзү.

Бул тери үзүндүлөрү бардык мутаватир кырааттарды төмөнкүдөй таризде өз ичине алган:

Мутаватир кырааттардын көбүнүн жазуусу бир кыл болгон. Демек, бул үзүндүлөрдөгү ар бир аяттын жазуусу бир кыл болгон. Мисалы, Осим рыбаятында «Хадид» сүрөсүнүн 23-аяты мына мындай келген ﴿وَلَا تَفْرَحُوا بِمَا آتَاكُمْ﴾, бул аяттын дагы бир мутаватир кырааты болуп, ал Абу Амр рыбаятында болсо мына мындай келген ﴿وَلَا تَفْرَحُوا بِمَا أَتَاكُمْ﴾. Көрүнүп тургандай, бул аяттын жазылышы (шаклдагы мад жана хамзаны этибарга албаганда) бир кыл. «Ясин» сүрөсүндөгү 68-аяттын ﴿وَمَنْ نُعَمِّرْهُ نُنَكِّسْهُ فِي الْخَلْقِ أَفَلَا يَعْقِلُونَ﴾ дагы бир мутаватир кыраата бар ﴿نَنْكُسْهُ فِي الْخَلْقِ أَفَلَا تَعْقِلُونَ﴾. نُنَكِّسْهُ – Осим жана Хамзанын кыраатты; نَنْكُسْهُ – башкалардын кыраатты. О.э. ﴿أَفَلَا تَعْقِلُونَ﴾ – Нофеъ жана Ибн Заквандын кыраатты; ﴿أَفَلَا يَعْقِلُونَ﴾ – Хафс жана башкалардын кыраатты. Көрүнүп тургандай, экөөсүндө тең жазылыш («те» менен «йа»ни айырмалап тура турган нуктаны жана نَنْكُسْهُ да шаклды т.а. ташдидди түшүрүп калтырууну этибарга албаганда) бирдей. О.э. «Шуаро» сүрөсүнүн 197-аяты Ибн Омир кыраатында ﴿أَوَلَمْ تَكُنْ لَهُمْ آيَةٌ أَنْ يَعْلَمَهُ عُلَمَاءُ بَنِي إِسْرَائِيلَ﴾ мына мындай болсо, Хафс жана башкалардын кыраатында мына мындай келген: ﴿أَوَلَمْ يَكُنْ لَهُمْ آيَةً﴾. Көрүнүп тургандай, жазылыш («те» менен «йа»га нукта коюуну этибарга албаганда) бирдей. Абу Бакр ﷺнун доорунда топтолгон тери үзүндүлөрүндөгү бул аяттар бир кыл жазууда болгон, ошондуктан, Усман ﷺ бул аяттардагы мутаватир кырааттар бир кыл жазылыштагы ихтилафты өз ичине алгандыгы үчүн бир кыл жазылышта нуска алды.

Бирок, ондон көбүрөөк жайда мутаватир кырааттар түрдүү кыл жазылышта жазылгандыгы да белгилүү. Абу Бакр ﷺ топтогон тери үзүндүлөрүндө да бул аяттар эки кыл жазылышта жазылган. Себеби, Расулулла ﷺдын алдында ушундай жазылган. Абу Бакр ﷺ да ушундай топтогон. Сиз сурооңузда келтирген аят да ушундай аяттардан. «Хадид» сүрөсүнүн 24-аяты Нофеъ жана Ибн Омир кыраатында мындай келген: ﴿إِنَّ اللهَ الْغَنِيُّ الْحَمِيدُ﴾. Бул аяттын дагы бир мутаватир кыраатты бар, бул ﴿إِنَّ اللهَ هُوَ الْغَنِيُّ الْحَمِيدُ﴾ Хафс жана башкалардын кыраатты. Бул аят Расул ﷺдын алдында эки кыл жазылган, Абу Бакр ﷺ топтогон тери үзүндүлөрүндө да ушундай. Т.а. Хафса ﷺнын үйүндө болгон тери үзүндүлөрүндө да бул аят эки кыл жазылышта болгон.

О.э. «Ваш-Шамс» сүрөсүнүн 15-аятында ﴿فَلَا يَخَافُ عُقْبَاهَا﴾ Нофеъ жана Ибн Омир кыраатында да ушундай. Бул аяттын дагы бир мутаватир кыраатты болуп, ал Хафс жана башкалардын кыраатында мына мындай келген: ﴿وَلَا يَخَافُ عُقْبَاهَا﴾. Бул аят Расулулла ﷺдын алдында эки кыл жазылган жана Абу Бакр ﷺ топтогон тери үзүндүлөрүндө да ушундай болгон. Т.а. Хафса ﷺнын үйүндө болгон тери үзүндүлөрүндө да бул аят эки кыл жазылган.

Уламалар алдында маалым мутаватир кыраттан турган башка аяттар да кудум ушундай.

Усман ﷺ Хафса ﷺнын үйүндө топтолгон тери үзүндүлөрүнөн нуска алып жаткан убакта, мутаватир кырааттардын ар бири бир кыл жазууда жазылган аяттарда эч кандай проблема болбогон. Себеби, ошол жазуунун дал өзү накл кылынган жана ал мына ушул кыраатты өз ичине алган.

Бирок, проблема Хафса ﷺнын үйүндө мавжуд болгон тери үзүндүлөрүндөгү түрдүү жазуу менен кырааты мутаватир болгон аяттардан нуска көчүрүүдө болгон. Усман ﷺ Мусхафта аятты эки кыл жазуу менен биринен кийин экинчисин жаза албас эле. Себеби, эки кыл жазуу эки аяттыкы эмес, балким бир аяттын эки кыл жазууда жазылышы эле. О.э. ал киши бир кыл жазууну жазып, экинчисин таштащы да мүмкүн эмес эле. Себеби, эки кыл жазуу тең Расул ﷺдын алдында жазылган. Ошондуктан, Алла Таала ал кишини хидаят кылган чечим ушул болду, ал киши бир кыл жазууну жети Мусхафтын бирине, экинчи жазууну болсо дагы бир Мусхафка койду. Ошондуктан, ﴿فَإِنَّ اللهَ هُوَ الْغَنِيُّ الْحَمِيدُ﴾ аятын Мекке, Куфа, Басрага жөнөткөн Мусхафтарга, ушул аяттын башка жазууда жазылганын ﴿فَإِنَّ اللهَ الْغَنِيُّ الْحَمِيدُ﴾ Медина, Шамга жөнөткөн Мусхафтарга койду. «Ваш-Шамс» сүрөсүнүн 15-аяты ﴿وَلَا يَخَافُ عُقْبَاهَا﴾ Мекке, Куфа, Басра шаарларына жөнөткөн Мусхафтарга, ушул аяттын башка жазуу менен жазылганын ﴿فَلَا يَخَافُ عُقْبَاهَا﴾ Шамга жөнөткөн жана Мединада калган Мусхафтарга койду. Ушуга окшогон бошка аяттарды да кудум ушундай кылды.

Ошондуктан, сиз тафсир китептеринде муфассирлердин Шам Мусхафында мына мындай, Мекке Мусхафында мына мындай дегенин көрөсүз. Белгилүү болгондой, Усман ﷺ жети Мусхаф көчүртүп, алардын ар бирин Мекке, Шам, Яман, Бахрейн, Басра, Куфага жөнөтүп, бир нусканы Мединада алып калды. (Бир рываятта алты Мусхаф болуп: Басра, Куфа, Шам, Мекке, Яманга жөнөтүп, бир нусканы өзүнө алып калган делет).

Курандын баары каарыларга жана ахли илимдерге жакшы маалым болгон мутаватир кырааттары менен кыраат кылынышында жана жазылышында Алла Субханахунун хифзу-химаяты менен сакталып келүүдө. Буга эч шек жок.

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

– *«Албетте, бул эстетмени (т.а. Куранды) Биз Өзүбүз түшүрдүк жана шексиз, Өзүбүз аны сактоочубуз».* [15:9]

Ушул мутаватир кырааттарды – жаттоо жана эсте сактоолору менен таанымал болгон – жети улама топтогон. Алардын ар биринен эки ровий рываят кылгандыгы белгилүү. Алар төмөндөгүлар:

Мединада – Нофеъ, ал кишинин эки ровийси: Колун жана Варш

Меккеде – Ибн Касир, ал кишинин эки ровийси: ал-Базий жана Кунбул

Басрада – Абу Амр, ал кишинин эки ровийси: Даврий жана Сивасий.

Шамда – Ибн Омир, ал кишинин эки ровийси: Хишам жана ибн Закван.

Куфада – Осим, ал кишинин эки ровийси: Шуъба жана Хафс.

Дагы Куфада – Хамза, ал кишинин эки ровийси: Халаф жана Халлод.

Дагы Куфада – Кисоий, ал кишинин эки ровийси: Абу Хорис жана Даврий (жогоруда атап өтүлгөн киши).

Бул Мусхафтар шаарларга жөнөтүлүп, бул Мусхафтардагы мутаватир кырааттар мусулмандар арасына таркалган соң, Мусхафтарды Усманий жазууга ылайык колдору менен жаза башташтьі. Шакл-нукта киргизилгенден кийин, мутаватир кыраатты жакшы биле тургандар ушул кыраатка ылайык шакл-нукталарды коё башташтьі.

Мусулмандар арасында Хафстын Осимден кылган рыбаяты кең таркалды. Усманий Мусхафтардын жазуусуна шакл берүү жана нукта коюуда Хафс кыраатына ылайык болуу кеңири жайылып кетти.

Басмаканалар пайда болгон соң, Мусхафтар Хафстын кыраатына ылайык басып чыгарылды. Бүгүнкү күндө мавжуд Мусхафтардын көбү Хафстын Осимден рываят кылган кыраатты менен.

Азыркы күндөрдө Варштын Нофеъден рываят кылган кыраатына ылайык нукта коюлган жана шакл берилген Мусхафтар аз эле басылган. (Бул Мусхафтардын көпчүлүгү Түндүк Африка жана Суданда таркалган).

О.э. Курани Каримдин кээ бир басып чыгарылган тафсирлеринде Куран Абу Амр ибн Аъло кыраатына ылайык келген. Булар Замахшарийдин «Кашшаф» жана эки улуу имамдын (Жалолиддин Махаллий жана Жалолиддин Суютий) «Жалолайн» тафсирлери. Кээ бир исламий өлкөлөрдө азыр да кээ бир кырааттар кол менен жазылууда.

Тыянак:

- Басылган Мусхафтардын бардыгы Хафстын Осимден кылган рыбаятына ылайык басылган.
- Варштын Нофеъден кылган рыбаятына ылайык болгон Мусхафтар да азыраак басылган.
- Кээ бир тафсирлер жана колдо жазылган Мусхафтар сыяктуу башка рываяттар менен жазылгандары өтө аз.
- Бардык Мусхафтар Усман ﷺ нуска көчүртүп, шаарларга жөнөткөн Мусхафтардын жазуусу менен жазылган. Булардын бардыгы бир кыл жазууда болуп, бул жазуу Расулулла ﷺ мусулмандарга окуткан жана ал кишинин алдында жазылган бардык кырааттарды өз ичине алган. Болгону, ондон көбүрөөк орунда мутаватир кырааттар түрдүү жазуу менен жазылган. Усман ﷺ жогоруда айтылгандай, аларды Мусхафтарда таркаткан. Алар – т.а. бул кырааттар – анык жана белгилүү. Буга эч шек жок.

- Шаръан ар кандай Мусхаф – Усман ﷺнун Мусхафтарынын биринде болгон Усманий жазууга ылайык болсо гана – аны басуу жайыз болот.
- Мусхафты Расулулла ﷺдан накл кылынган мутаватир кырааттар менен гана окуу жайыз. Бул кыраат өзүнүн мутаватир санады менен сакталган жана тастыкталган. Бул кырааттарды ушул иште машхур болгон уламалар топтошкон. Алар: Осим, Хамза, Кисоий, Нофеъ, Ибн Касир, Абу Амр жана Ибн Омирлер.
- Куранды мутаватир болбогон башка бир кыраат менен окуу мүмкүн эмес. Себеби, ал мутаватир болбогон башка бир кыраат менен окулганда Куран болбой калат.

23-жумадус-саний, 1426-х.
29-июль, 2005-м.

## Нур сүрөсүнүн 55-аяты тууралуу

Алла Таала айтты:

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ ءَامَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُمْ مِنْ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَنْ كَفَرَ بَعْدَ ذَلِكَ فَأُولَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

- *«Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн (ыйман-этикаттуу) заттарды (жер жүзүнө) халифа-өкүмдар кылганындай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон (Ислам) динин үстөм-бекем кылууну о.э. аларды(н абалын) кооп-коркунучтардан кийин тынчтык-бейпилдикке айландырып коюуну убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул (убада)дан кийин куфрону (неъмат) кылса, анда, алар моюн сунбас кимселер».* [24:55]

Туура, бул аят Расулулла (с.а.в.)дын сахабалары туурасында түшкөн. Бирок, бул аят бардык доордогу ушундай сыпаттарга ээ болгон, ушундай абалдагы кишилерге да туура келет.

Хоким Убай ибн Каъб аркылуу рыбаят кылган, Табароний сахих деген хадисте мындай делет: Расулулла (с.а.в.) жана ал кишинин сахабалары келип, ансарлар аларга башбаанек беришкен соң, арабдар бир болуп аларга каршы турду. Ошондуктан, мусулмандар куралданган абалда түнөп, ушундай абалда таң аттырар эле. Ошондо алар өз ара: «Эмне дейсиңер, биз качан Алладан гана коркуп, тынч, бейгам жашар экенбиз», - дешти. Ошондо:

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ ءَامَنُوا مِنْكُمْ...﴾

- *«Алла силерден ыйман келтирген заттарга… убада кылды…»,* [24:55]

деген аят түштү. Ибн Абу Хотим Барродон анын ушундай дегендигин рыбаят кылат: «Бул аят биз жөнүндө, катуу коркунучта жашап жаткан күндөрүбүздө түшкөн».

Т.а. бул аят (с.а.в.)дын азхабдары жөнүндө Мединада түштү.

Бирок, бул аят:

﴿وَمَنْ كَفَرَ...﴾

- *«... Ким мына ушул (убада)дан кийин куфрону неъмат кылса…»,* [24:55]

деген умумий сөз менен жыйынтыкталат. Демек, бул аяттын мазмуну ошол доордогу сахабаларды да,

﴿آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ...﴾

- *«Ыйман келтирген жана жакшы иш-амалдар кылган»,* [103:3]

сыяктуу сыпаттар менен сыпаттанган бардык кишилерди да өз ичине

алат. Т.а. Алла Субханаху ушундай сыпаттарга ээ болгон кишилерди алар үчүн Халифалык болбогонунан кийин жер жүзүнө халифа кылат. Диндерин үстөм кылып, мүмкүндүк берет. Алла өзү тагдыр кылып белгилеген доордо алардын кооп-коркунучун тынчтык-бейпилдикке айландырып коёт.

Бул «Мааида» сүрөсүндөгү ушул аяттарга окшойт:

﴿إِنَّا أَنزَلْنَا التَّوْرَاةَ فِيهَا هُدًى وَنُورٌ... وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ﴾

- *«Албетте, Биз Тооротту хидаят жана нурду өз ичине алган абалда түшүргөнбүз… Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар капырлар»,* [5:44]

﴿وَكَتَبْنَا عَلَيْهِمْ فِيهَا أَنَّ النَّفْسَ بِالنَّفْسِ… وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴾

- *«Анда (т.а. Тооротто) жөөттөргө жанга-жан... Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар залимдер»,* [5:45]

﴿وَلْيَحْكُمْ أَهْلُ الْإِنجِيلِ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فِيهِ وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

- *«Инжил калкы анда Алла түшүргөн нерселер менен өкүм кылышсын деди. Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар фасыктар. «.* [5:47]

Бул аяттар жөөттөр жана христиандар жөнүндө түшкөн. Бирок, бул аяттарда арты-артынан:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ…﴾

- *«Кимде-ким өкүм кылбаса...»,* [5:44]

деген умумий сөз келип жатат. Демек, бул аяттар жөөттөрдү да, христиандарды да, бизди да өз ичине алат. Ошондуктан, алар бардык адамдарга тиешелүү.

Биерде дагы бир иш бар болуп, ал

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ ءَامَنُوا مِنْكُمْ﴾

- *«Алла силерден ыйман келтиргендерге… убада кылды…»,* [24:55]

деген аяттын ушундай сыпаттарга ээ болгон бардык кишилер жөнүндө түшкөнүн тастыктайт. Бул аят түшкөн учурда мусулмандардын өз мамлекети бар эле, бирок, алар коркунучта жашар эле. Ошондуктан, бул аятта: *«Алар үчүн Өзү ыраазы болгон (Ислам) динин үстөм-бекем кылууну о.э. алардын акыбалын кооп-коркунучтардан кийин тынчтык-бейпилдикке айландырып коюуну убада кылды»* деген сөздөрдөн мурун, эң оболу халифа кылууну айтты. Бул болсо ушундай сыпаттарга ээ болгон кишилер үчүн Халифалык болушуна далалат кылат. Себеби, эгер бул аят сахабалар жөнүндө эле түшкөндө, анда аларды жер жүзүндө Халифа кылуу туурасындагы убада айтылбаган болор эле. Анткени, бул аят түшкөн кезде алардын өз мамлекети бар болуп, бул убада алда качан жүзөгө чыккан эле.

Ушулардын бардыгынан белгилүү болгондой, бул убада жогорудагы сыпаттар менен сыпатталган бардык кишилерге берилген убада.

15-рабиул-аввал, 1426-х.

24-апрель, 2005-м.

## Имран сүрөсүнүн 104-аяты тууралуу

**Суроо**:

﴿ وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ١٠٤ ﴾

- «Силерден жакшылыкка (Исламга) чакыра турган, маъруфка (Алла жана Пайгамбары буюрган жакшы амалдарга) буюра турган жана мункардан (күнөөдөн) кайтара турган бир үммөт болсун. Дал ошолор нажат табуучулар». [3:104]

- аятынын тафсирин үйрөнүп жатып, аяттын *«маъруфка буюра турган жана мункардан кайтара турган»* деген бөлүгүндө токтоп калдым. Маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу иши мусулмандардын ар биринен талап кылынган иш, аны адамдар да, жамааттар да аткарышы мүмкүн. Андай болсо эмне үчүн биз «бул иш мусулмандардын арасынан чыккан, уюшкан бир жамаатка муктаж болот» деп айтып жатабыз. Аяттагы «من» харфы «кээ бир» маанисин түшүндүрүп жатат десек «من» харфы кээде «кээ бир» маанисин түшүндүрсө, кээде «баян» маанисин түшүндүрөт. Кантип эле арабдар өз сөздүктөрүндө «من» харфы качан «кээ бир» маанисин түшүндүрүшүн жана качан «баян» маанисин түшүндүрүшүн жаркын бөлүп бере турган эрежени иштетишпеген болсо. Мен ушул нерсени тунук билүүнү каалаймын. Алла силерди жакшылык менен сыйласын.

Жооп: «من» харфы бир нече мааниге ээ болуп, төмөндө биз аны баян кылып беребиз:

1. «Кээ бир» маанисин түшүндүрөт.

﴿ مِّنۡهُم مَّن كَلَّمَ ٱللَّهُۖ ﴾

- «Алардын арасында Алла (түздөн-түз) сүйлөшкөн заттар да бар». [2:253]

т.а. алардын «кээ бири» деген мааниде, же

﴿ لَن تَنَالُواْ ٱلۡبِرَّ حَتَّىٰ تُنفِقُواْ مِمَّا تُحِبُّونَۚ ﴾

- «Жакшы көргөн нерселериңерден кайыр-садага кылып бермейинче эч качан жакшылыкка (бейишке) жетпейсиңер». [3:92]

аятында «жакшы көргөн нерселердин кээ бирин» деген мааниде.

2. «Баян» маанисин түшүндүрөт.

﴿ فَٱجۡتَنِبُواْ ٱلرِّجۡسَ مِنَ ٱلۡأَوۡثَٰنِ ﴾

- «Буттардан болгон нажасат-ыпыластыктан ыраак болгула». [22:30]

- аяты же

﴿ يُحَلَّوْنَ فِيهَا مِنْ أَسَاوِرَ مِن ذَهَبٍ ﴾

- «Алар ал жайда алтын билериктер менен жасанышат». [18:31]

- аятындагы сыяктуу. Көбүнчө «من» харфсы кээ бир мааниси менен баян маанисинде күмөн болуп калат. Мындай абалда сөздүн багыты жана кариналар көздөгөн максатты жарытып берет.

Азыр

﴿ وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى ٱلْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِٱلْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ ٱلْمُنكَرِ ۚ وَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلْمُفْلِحُونَ ﴿١٠٤﴾ ﴾

- «Силерден жакшылыкка (Исламга) чакыра турган, маъруфка (Алла жана Пайгамбары буюрган жакшы амалдарга) буюра турган жана мункардан (күнөөдөн) кайтара турган бир үммөт болсун. Дал ошолор нажат табуучулар». [3:104]

- аятын карап чыксак.

Биринчиден: Аяттардын багыты т.а. мурунку жана кийинки аяттарда Алланын хытабы менен башталган лафздар жагынан алып карасак. Аяттар багыты ушундай көрүнүштө келген:

﴿ وَٱعْتَصِمُواْ بِحَبْلِ ٱللَّهِ جَمِيعًا ... وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ ... وَلَا تَكُونُواْ كَٱلَّذِينَ تَفَرَّقُواْ وَٱخْتَلَفُواْ ... ﴾

- «Бардыгыңар Алланын арканына (Куръанга) байлангыла... Араңардан... бир үммөт болсун... бөлүнүп кеткен жана бири-бири менен талашып-тартышкан кишилер сыяктуу болбогула!». [3:103-105]

Мурунку аяттагы Алланын хытабы менен башталган «байлангыла» лафзи жам т.а. көптүктү түшүндүрүп жатат, кийинки «болбогула» лафзи да көпчүлүк маанисинде. Бирок, ушул эки көпчүлүк маанисин түшүндүргөн лафздардын ортосунда келген жана бахска тиешелүү аят болсо муфрад (жекелик) лафзга тиешелүү хытаб т.а. «болгула» эмес «болсун».

Араб тилинде сөздүн багыты ушул тарыйкада ар түрдүү болуп калса т.а. алдындагы лафз көптүк, кийин жекелик жана кийин дагы көптүк болуп калса, мурунку жана кийинкисине карабастан жекелик лафз менен башталган хытаб көздөлгөн максат болот.

Мурунку аяттагы хытаб мусулмандарга карата «байлангыла» деген көптүктү түшүндүргөн лафз менен башталып жатат, кийинки аятта да «болбогула» деген көптүктү түшүндүрүүчү лафз менен башталып жатат. Экөөсүнүн ортосундагы аят болсо мусулмандардын баарына эмес, балким, алардын кээ бирине карата жекелик лафз менен башталып жатат.

«Болсун» деген лафз муфрад болуп, андагы замир үммөткө тиешелүү, үммөт болсо муфрад эмес, жамаат» деш ката.

Буга жооп: Биз бул жерде хытаб башталган лафз жөнүндө айтып жатабыз. Мурунку лафзга кийинки лафз таасир кылбайт. Мисалы, « هذا فوجٌ» бул жерде «فوجٌ» т.а. топ бирөөдөн көбүрөөк деген мааниде, бирок, бул «هذا» лафзи көптүктү түшүндүрүүчү болуп калды дегени эмес. Балким, артынан келген лафз жамаат маанисинде болсо да мурунку лафз муфраддыгынча калат. О.э. «Силер Алла мукаррам кылган алиму фазилсиз» десек, бул жерде силер деген лафз көптүктү түшүндүрүүчү лафз болуп, анын артынан келген алиму фазилсиз лафзи муфрад лафз болуп жатат.

Дал ушундай эле «болсун» деген лафз муфрад болуп, аят үммөт болгула маанисинде эмес «силерден бир үммөт болсун» деген мааниде. Мында «болсун» деген лафз өзүнөн кийин келген үммөт калимасына туура келиши үчүн музаккар же муаннас болушу анын муфрад болуп калышына таасир кылбайт.

Бул жерде биз сөздүн талаффуз жагы т.а. багыты жөнүндө айтып жатабыз. Мавзу үч аятта хытаб аны менен башталган үч «байлангыла», «болсун», «болбогула» лафздарына карата сөз багытынын ар түрдүү болушуна байланыштуу.

Сөз багытынын ар түрдүү болуу сүрөтү тунук болушу үчүн төмөнкү мисалды алып көрөлү: Алла Таала мындай дейт:

﴿ ۞ لَّيْسَ ٱلْبِرَّ أَن تُوَلُّوا۟ وُجُوهَكُمْ قِبَلَ ٱلْمَشْرِقِ وَٱلْمَغْرِبِ وَلَٰكِنَّ ٱلْبِرَّ مَنْ ءَامَنَ بِٱللَّهِ
وَٱلْيَوْمِ ٱلْءَاخِرِ وَٱلْمَلَٰٓئِكَةِ وَٱلْكِتَٰبِ وَٱلنَّبِيِّۦنَ وَءَاتَى ٱلْمَالَ عَلَىٰ حُبِّهِۦ ذَوِى ٱلْقُرْبَىٰ
وَٱلْيَتَٰمَىٰ وَٱلْمَسَٰكِينَ وَٱبْنَ ٱلسَّبِيلِ وَٱلسَّآئِلِينَ وَفِى ٱلرِّقَابِ وَأَقَامَ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتَى ٱلزَّكَوٰةَ
وَٱلْمُوفُونَ بِعَهْدِهِمْ إِذَا عَٰهَدُوا۟ ۖ وَٱلصَّٰبِرِينَ فِى ٱلْبَأْسَآءِ وَٱلضَّرَّآءِ وَحِينَ ٱلْبَأْسِ ۗ ﴾

- «Жүзүңөрдү Чыгышка жана Батышка бура беришиңер жакшылык эмес, тескерисинче, жакшы (адамдар) – Аллага, Акырет күнүнө, периштелерге, Китептерге, пайгамбарларга ыйман келтирген, (көзү кыйбай) жакшы көрүп турса да байлык-малын тууган-уруктарына, жетим-жесирлерге, бей-бечараларга, жолоочу-мусапырларга, тилемчи-

кедейлерге жана кулдарды азат кылуу жолуна берген, намазды толук аткарып жүргөн, зекетти берип жүргөн жана убадалашышканда өз убадасында туруучу, айрыкча, кыйынчылык-оор күндөрдө жана согуш кездеринде сабыр-кылуучу адамдар». [2:177]

Бул жерде ойлонуп көрсөк «لكن»нын хабары марфуъ, «والموفون» калимасы да марфуъ. Бирок, анын артынан келген «والصابرين» калимасы болсо мансуб болуп «لكن»нын хабарына да зид, маътуфун алайхка да зид т.а. «والموفون»га да зид. Араб тилинде сөз багытынын ар түрдүү болушу т.а. «والصابرين» калимасынын мансуб болушунан максат, башкалардан көрө алардын мартабасын көтөрүү жана үлкөн мактоолор менен хостоо. Арабдарда сөз багыты ихтилафтуу болгон орундарда да ушундай болот.

Араб тилинде мына ушундай маани болгондуктан фасохаттуу араб тарабынан боло турган сөз агымындагы ар кандай өзгөрүүдө ушул нерсе күзөтүлөт.

Ошондуктан, аяти каримадагы сөздүн ар түрдүүлүгүнөн максат мурунку жана кийинки хытабдар эмес, балким, ортодогу хытаб экени жана бул хытаб үммөттүн баарына эмес, анын бир бөлүгүнө экени жана бул жерде «من» харфы багытына ылайык «баян» үчүн эмес «кээ бир» маанисин түшүндүрүп жатканы көрүнүп турат.

Экинчиден: Аяттын мавзусу жагынан алып карасак.

Маъруфка буюруп, мункардан кайтаруу иши бардык адамдар тарабынан эмес, балким, жарактуу адамдар тарабынан ишке ашат. Ошону менен бирге, аят маъруфка буюруу жана мункардан кайтарууга хос эмес, эгер, ушундай болгондо бул ишти адамдар тикелеши мүмкүн болмок. Бирок, хытаб баарына болуп жатат. Аят маъруфка буюруу жана мункардан кайтаруу ишине кошумча жакшылыкка (Исламга) чакыруу ишин да жүктөп жатат.

«Жакшылыкка чакырышат» дегенде, жакшылык – бул Ислам. Жакшылык калимасы алиф жана лам менен келген. Бул умумий болуп, толук Ислам дегени. Толук Ислам – ибадаттар, мамилелер, жаза-чаралар, хаддар жана ушул жаза-чаралары жана хаддарды колдоно турган мамлекетти өз ичине алат. Толук Ислам өкүмдөрүн колдонуу үчүн мамлекет же халифаны өз ичине алган соң жана Халифалык адамдардын эмес, жамааттын аракети менен тикелене турган болгондон кийин, демек, аят мусулмандар арасынан Ислам жана мамлекетти тикелөөгө чакыра турган, маъруфка буюруп, мункардан кайтара турган уюшкан жамаат маанисиндеги үммөттү тикелөөнү важып кылат.

Ушуну да эстетип өтүү керек, мамлекетсиз Исламдын толук колдонуусу ишке ашпайт. Себеби, шаръий өкүмдөрдүн ичинде намаз жана орозо сыяктуу адамдар тикелей турганы да, хаддарды колдонуу

сыяктуу имам же халифа тикелей тургандары да бар. Толук Исламга чакыруу Халифалыкты тикелөө дегени. Бул болсо, адамдардын аракетине эмес, жамааттын аракетине муктаж.

Мамлекетти тикелөөгө чакыруу аны тикелөөгө болгон аракеттен башкача. Себеби, мамлекетти тикелөөгө болгон аракет кылуу уюшкан жамаатка муктаж, аны тикелөөгө чакыруу болсо жамаатка муктаж эмес, балким, адамдар тарабынан ишке аша берет деш ката. Себеби, мамлекетти тикелөөгө чакыруу ага аракет кылуудан ажыралгыс нерсе. Исламдагы даъват амалдан ажыралган өзүнчө бир нерсе эмес, мамлекетти тикелөөгө чакыруу ага аракет кылууну өз ичине алат. Расул ﷺ ушундай кылды, даъват кылды, аракет кылды, нусрат сурады жана мамлекетти тикеледи. Биз да Расул ﷺдан өрнөк алып даъват кылабыз, так ошол тарыйкат менен аракет кылып Алланын изни менен мамлекетти тикелейбиз.

Дал ушундай, аят мавзусу т.а. толук Исламга болгон даъват мусулмандардын жеке-жеке адамдарына болгон хытаб эмес. Себеби, мамлекет бир жамаатка уюшпастан аракет кылган адамдар тарабынан тикеленбейт. Даъват мусулмандар арасынан чыккан, аракетке жарактуу, уюшкан жамаат ичинде аракет кылуу үчүн болот. Демек, ушул жактан алып каралганда да «من» харфы «баян» үчүн эмес, «кээ бир» маанисинде келгендиги көрүнүп турат.

Бул жерде араб тилинин аалымдары «баян» үчүн келген «من» харфын башкасынан бөлүп бере турган далилдерди келтиришкен. «من» харфы «кээ бир» эмес, «баян» маанисинде келишине далалат кылган үч белги бар.

Биринчи белги: Баян маанисиндеги «من» харфынан кийин келген нерсе анын алдында келген нерсе жөнүндө кабар берет. Мисалы: « الرجس من الأوثان» бул жерде буттар ыпыластыктан кабар берип жатат. Демек, буттар ыпыластыктар деп айта алабыз. Же: «أساور من ذهب» аятында алтын калимасы билериктен кабар берип жатат. Демек, билерик алтын деп айта алабыз. Бирок, жогорудагы аятта ушул белги талкуу темасына туура келбейт т.а. «ولتكن منكم أمة»дагы «من» харфынан кийин келген «كم» замири – тыңдоочу. Андан мурунку «لتكن» болсо «كان»нын ахаваттарынан. Бул жердеги «كم» сөзү «من»дан мурун келген «كان»нын хабары эмес, балким, исми болот. Ошондуктан, бул жерде «من» баян маанисинде эмес.

Экинчи белги: Эгер, «من»нын алдындагы исм маърифа болсо «من» өзүнөн кийинки исм менен хал ордунда болот. Же алдындагы исм накра болсо «من» өзүнөн кийинки исм менен сыпат болот. Мисалы:

«أساور من ذهب» «алтындан болгон билерик». Бул жерде алтындан деп билерикти сыпаттап жатат, биз муну алтын билерик деп айтабыз, себеби, билерик накра исм.

О.э.: «الرجس من الأوثان» «буттардан болгон ыпыластык» дегенде буттар ыпыластыкка карата хал болуп жатат, себеби, бул жерде ыпыластык маърифа исм. Буттардай ыпыласты мункар иш деп айта алабыз, себеби, бут ыпыластыктын абалын баян кылып жатат. О.э. бут калимасы жамид исм, ал тамйизга жакыныраак, хал эмес, себеби, хал муштак сифат болот деш эки ишке ылайыкката.

Биринчиден: Туура, хал көбүнчө муштак сифат болот. Мисалы:

﴿ فَخَرَجَ مِنۡهَا خَآئِفًا ﴾

- «Анан, ал коркууга түшүп, ал жерден чыкты». [28:21]

﴿ وَأَرۡسَلۡنَٰكَ لِلنَّاسِ رَسُولاً ﴾

- «(Эй Мухаммад), сени Биз адамдарга пайгамбар кылып жибердик». [4:79]

сыяктуу. Бирок, хал кээде жамид исм болот. Мисалы: «بعه مداً بدرهم» «ага бир мудду бир дирхамга сат» сыяктуу, же «كر زيدٌ أسداً» «Зайд арстандай таштанды» сыяктуу. Мудд менен жер – жамид исм. Бирок, хал көбүнчө муштак исм болот.

О.э. тамйиз көбүнчө жамид исм болот. Мисалы, жыйырма дирхам же бир ратл май сыяктуу. Кээде муштак исм болот «لله دره فارساً», «لله دره راكباً» т.а. кандай гана жакшы атчан же кандай гана жакшы чабандез сыяктуу. Демек, ар кандай жамид исм тамйиз болот, хал боло албайт деш туура эмес.

Экинчиден: Маанилүрөөгү да ушул. Хал ээсинин абалдарынын бирин баян кылат…

Мисалы: жыйырма дирхам дегенде дирхам тамйиз, себеби, ал жыйырманын абалын баян кылбай жатат. Балким, жыйырманы башкасынан бөлүп берип жаткан башка иш. О.э. бир ратл май дегенде май тамйиз, себеби, май ратлдын абалы эмес, балким, ал ратлдан башка аны бөлүп турган өзүнчө нерсе.

Ал эми, буттай ыпыластык мункар иш дегендеги бут ыпыластыктын абалын баян кылып жатат, себеби, бул жердеги ыпыластык бут. Дирхам жыйырмадан башка, май ратлдан башка болгондой бут ыпыластыктан башка өзүнчө нерсе эмес.

Жогорудагы аяти каримада «من» харфынан мурун келген «لتكن» калимасындагы замир үммөт калимасына т.а. накра исмге кайтат. «منكم» калимасы «أمة» калимасына сыпат боло албайт.

«أمة» калимасын маърифа деш туура эмес, себеби, ал сыпатталган накра исм. Мындан тышкары маселе «أمة» калимасынын накра же

маърифалыгында эмес, маселе «أمة» калимасын накра деп эсептесек «من» харфы өзүнүн мажрури менен сыпат болушу же «أمة»ны маърифа деп эсептесек «من» харфы өзүнүн мажрури менен хал болушунда. Биз «أمة» калимасын накра деп эсептейбизби же маърифа деп эсептейбизби бул жерде «منكم» калимасы хал же сыпат боло албайт. Маселе «أمة» калимасын накра же маърифа кылууда эмес, балким, «أمة» калимасы маърифа болгондо «منكم» калимасы хал болууга жана «أمة» накра болгондо «منكم» сыпат болууга жарай тургандыгы жөнүндө.

Мындан сырткары бахс мавзусу накраны маърифага айландыра турган сыпаттын болушунда эмес. Бирок, айтарыбыз накраны маърифага айландыра турган сыпат хос болуп, умумий эмес. Базарда кездеме сатамын деп кыйкырып жүргөн киши келди делсе, бул сыпат киши деген калиманы маърифага айландырып койбойт, балким, ал накралыгынча калат. Себеби, бул сыпат базарда кездеме сатамын деп кыйкыра турган ар кандай киши үчүн умумий, белгилүү бир кишиге хос эмес.

Жогорудагы аятта «أمة» калимасынан кийин келген сыпат умумий. Ошондуктан, бул сыпат «أمة» калимасын накралыктан чыгарып жибербейт. Бул нерсе тафсир китептеринде «أمة» калимасынын маанисинен ачык-айкын көрүнүп турат. Себеби, анын мааниси жөнүндө чоң ихтилафтарды табабыз. «أمة» калимасы жөнүндө маърифа эмес накра деш туурараак. Бул жерде «من» харфынын баян маанисинде болушунун белгиси андан кийин келген нерсенин накра же маърифалыгы эмес, балким, өзүнүн мажруру менен эгер «أمة» накра болсо сыпат болууга, маърифа болсо хал болууга жарактуулугу. Бул жерде «من» өзүнүн мажруру менен сыпат да, хал да боло албайт. Ошондой болгон соң, «من» харфы «баян» маанисинде эмес, «кээ бир» маанисинде болот.

Үчүнчү белги: Бул белги көбүрөөк «من»нын баян маанисинде келишин түшүндүрөт т.а. «кээ бир» маанисинде келген «من» менен «баян» маанисинде келген «من» ортосунда омилдер тең келип калса «من»га көбүрөөк «баян» мааниси берилет. Себеби, бул белги «من» «баян» үчүн келгенде гана болот. Эгер, «من» харфынан мурун «مهما» жана «ما» харфтары келсе, бул «من» харфы баян үчүн келгендигинин ыктымалын күчөтөт. Мисалы:

﴿ مَّا يَفۡتَحِ ٱللَّهُ لِلنَّاسِ مِن رَّحۡمَةٖ فَلَا مُمۡسِكَ لَهَاۖ ﴾

- «Алла адамдар үчүн эмне ырайым-мээримди ачып койсо, анда, аны кармап-тосуп калуучу болбойт». [35:2]

Бул жерде «من» харфынан мурун «ما» харфы келген, ошондуктан, «من» баян үчүн болуп жатат. Же

﴿ مَهۡمَا تَأۡتِنَا بِهِۦ مِنۡ ءَايَةٍ لِّتَسۡحَرَنَا بِهَا ﴾

- «Бизди сыйкырлоо үчүн кандай аян-белги келтирсең да». [7:132]

бул жерде «من» харфынан мурун «مهما» харфы бар, ошондуктан «من» баян үчүн болуп жатат. Эгер, «من» баян үчүн келген болсо андан мурун «ما», «مهما» харфтары келиши зарыл эмес.

Жогорудагы аятта талкуу темасы ушундан турат: «баян» үчүн келген «من» менен «кээ бир» маанисинде келген «من»нын омилдери тең эмес, балким, аяттагы талап темасына жана хытаб багытына тиешелүү далилдерден тышкары анын «кээ бир» маанисинде келгенине далалат кылып жатат. Жада калса, экөө талкууда тең келип калса жана «баян» маанисиндеби, «кээ бир» маанисиндеби билип алуу кыйын болуп калса, үчүнчү белгиге таянабыз т.а. «من» харфынан мурун «مهما», «ما» харфтары келбеген болсо «من» харфы «баян» үчүн эмес, «кээ бир» маанисинде экен.

Дагы кайталайбыз, бул белги башка белгилер тең болуп калганда «من» «баян» үчүнбү же «кээ бир» маанисиндеби, ушуну ажыратуу үчүн арабдар иштеткен белги. Эгер, белгилер тең келип калбаса ушул белгиге таянуунун кажети жок. Ушуга ылайык:

﴿ وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ١٠٤ ﴾

- «Силерден жакшылыкка (Исламга) чакыра турган, маъруфка (Алла жана Пайгамбары буюрган жакшы амалдарга) буюра турган жана мункардан (күнөөдөн) кайтара турган бир үммөт болсун. Дал ошолор нажат табуучулар». [3:104]

Аятындагы «من» харфы «кээ бир» маанисинде т.а. аятта зикр кылынган парздарды аткаруу үчүн мусулмандардын арасынан бир үммөт т.а. уюшкан жамаат чыксын деген маанисинде.

3-робиус-саний, 1429-х.
8-апрель, 2008-м.

## “Бисмилла” аяты тууралуу

**Суроо**: уламалар “бисмилла”нын Фатиха сүрөсүнөн жана башка сүрөлөрдөн бир аят деп этибар кылынышында ихтилаф кылышат. Айрымдары мутаватир эместигин хужжат кылышып, анын аят экенин инкар кылышат, айрымдары болсо анын мусхафта жазылып сабит болгонун хужжат кылышып, анын аят экендигин исбатташат, баары ушул пикирлерине хадистерди далил кылышат. Ушул маселеде туура пикир кайсы? Кийин, мындай ихтилафка жол коюу мүмкүнбү? Аллах сизден ыраазы болсун.

**Жооп**: “бисмилла”га карата айта турган болсок, ал Намл сүрөсүнүн бир бөлүгү катары Курани Каримден:

﴿إِنَّهُۥ مِن سُلَيۡمَـٰنَ وَإِنَّهُۥ بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَـٰنِ ٱلرَّحِيمِ﴾

*«Албетте, ал Сулаймандан жана ал (катта мындай жазылган): «Мээримдүү жана ырайымдуу Аллахтын аты менен (баштаймын)»* [27:30]

Анын Фатиха сүрөсүнүн бир аяты жана башка сүрөлөр башындагы бир аят деп эсептелишине келсек, ихтилаф ушул жерде. Т.а. ал сүрөнүн бир аятыбы, же сүрөлөр арасын ажыратып тура турган аят элеби?.. Мындай ихтилафтын зыяны жок, себеби, тараптар анын Курандан экендигин, Намл сүрөсүндөгү аят экенин тан алып жатышат. Ихтилаф анын Тообо сүрөсүнөн тышкары башка сүрөлөр башына кошулушунда т.а. “Ал сүрөлөр башындагы бир аятпы же Фатиха сүрөсүнүн аятыбы”, же “Ал сүрөлөр башындагы да, Фатиха сүрөсүнүн башындагы да аят эмес” деген пикир үстүндө. Ырас, бардыгы “бисмилла” Курандын Намл сүрөсүндөгү бир аяты экенин тан алышса, анын сүрөлөр башында келиши маселесиндеги мындай ихтилафтын таасири жок. Болгону, анын таасири мужтахиддер тарабынан истинбат кылынган шаръий өкүмдөргө ылайык, намазда Фатиха сүрөсүнүн башында же сүрөлөр башыда үн чыгарып окулушуна же үн чыгарбай окулушуна гана таасир кылат.

21-рабиус-саний, 1432-х.
26-март, 2011-м.

## Курани Каримди маком (ыр) ыкмасында окуу тууралуу

**Суроо**: Расулуллох ﷺдын:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَمْ يَتَغَنَّ بِالْقُرْآنِ»

«Куранды тагонни кылып окубаган киши бизден эмес», - деген хадисин далил кылып, Курани Каримди маком (ыр) ыкмасында окуу жайизби? Мен бир кишилер «Куранды тагонни кылып окуган киши бизден эмес» деген, ушул хадистин тескериси да бар экенин уккан элем. Ушуга ылайык, ал киши “эки хадисти бири-бирине жамдоо менен ушундай окуу макрух экени келип чыгат” деди. Ушул туурабы?

**Жооп**: Имам Муслим Абу Хурайра ﷺдан риваят кылат: Расулуллох ﷺ мындай деди:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَمْ يَتَغَنَّ بِالْقُرْآنِ»

Дагы бир ровий يَجْهَرْ بِهِ «үн чыгарып» деген сөздү кошуп айтты.

О.э. Хаким да өзүнүн «Мустадрак» китебинде Саъд ибн Малик ﷺдан бул риваятты келтирет жана “бул хадистин санады сахих” деди, экөөсү тең аны ушул санаддан нарыга чыгарышпады. Абд ибн Хамид да Шихаб Казоийдин «Муснад»ында да ушундай риваят келди.

Чындыгында, хадистеги يَتَغَنَّى сөзү туурасында ихтилаф бар:

Суфян ибн Уяйна бул сөздү «يَسْتَغْنِي بِهِ» – “ким Куран менен дүйнөнү көбөйтүүдөн кажетсиз болбосо бизден эмес т.а. биздин жолубуздан эмес” деп тафсир кылды.

Ибн Аъробий болсо “мусафир жана бекерчи киши ырды (هِجِّيراه адат, иш) кылып алганы сыяктуу Куран (هِجِّيراه адат, иш) болот” деп тафсир кылды. Анын айтымында, арабдар төө минишсе, өздөрүнүн жайык жайларында отуруп калышса жана башка көп абалдарда ыр ырдашар эле. Куран түшкөндөн кийин, Набий ﷺ арабдардын ыр ырдашынын ордуна алардын адаттары кыраат болушун каалады.

Лайс ибн Саъд يَتَغَنَّى сөзүн “Куран менен махзун (муңайым) болуп, жүрөгүн (калб) жумшартып алуу” деп тафсир кылды. Ал кишиден муну Абу Авана да накл кылды.

Табарий Шафиъийден зикир кылат: Табарийден Ибн Уяйнанын “кажетсиз болуу” деген тафсири туурасында сурашканда, ал мындай дептир: «Эгер кажетсиз болуу деген мааниде болгондо, башка риваятта «үн чыгарып» окуу мааниси келбеген болор эле».

Ошентип, Куранды тагонни менен окууга – Расулуллох ﷺдан риваят кылынгандай тартил өкүмдөрүнө ылайык, чырайлуу үн менен кыраат кылуу – деген маанини берүү чындыкка жакыныраак. Муну Расулуллох ﷺдын бул хадиси колдоп-кубаттайт: Имам Ахмад, Абу Давуд, Насаий,

Ибн Мажалар Барро ибн Азибден риваят кылат: Расулуллох ﷺ мындай деди:

«زَيِّنُوا الْقُرْآنَ بِأَصْوَاتِكُمْ»

«Куранды чырайлуу үнүңөр менен зыйнаттагыла».

Демек, يَتَغَنَّى сөзү төмөндөгү маанини түшүндүрөт: Куранды Расулуллох ﷺдан сахих абалда риваят кылынган тартил-тажвид коидаларына ылайык чырайлуу үн менен кыраат кылгыла, ким Куранды ушундай тариздe тагонни менен окубаса т.а. ким Куранды риваят кылынган тартил коидасына ылайык чырайлуу үнү менен окубаса, ал Расулуллох талап кылгандай кыраат кылбаган болот.

Эми, Куранды маком-ыр кылып окууга келсек, бул тuурасында фикх уламалары ихтилаф кылышат. Бул ихтилафтары – Куранды кыраат коидаларына ылайыктап ыр кылып окуса болобу-жокпу – деген пикир үстүндө болот. Ушуга ылайык, айрымдары “ыр кылып окуу арам, себеби, ыр кылып окуу менен кыраат коидасынан чыгып кетилет т.а. харфтар созулуп кетип, өзүнүн белгиленген чегарасынан чыгып кетет” дешти. Кээ бир фикх уламалары болсо “эгер ыр кылып окуу менен Курандын мустахкам коидасынан чыгылбаса жайиз, андай болбосо, жайиз эмес” деген шарттарды коюшту... ж.б.у.с.

“Куранды ыр кылып окуу жайиз эмес” деген пикирди кубаттаймын, анткени, ыр кылып окулса, көп абалдарда тамгалар кыраат коидаларына туура келбей калат. Ушул темада «кыраатты ыр кылып окууга риоя кылган киши көбүнчө аны өтөөгө риоя кылбайт», деген нерсени окуп калдым. Бул болсо ыр кылып окуп жаткан убакта көп учурай турган абал.

Булар

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَمْ يَتَغَنَّ بِالْقُرْآنِ»

«Куранды тагонни кылып окубаган киши бизден эмес», деген хадисте карата айткандарыбыз. Ал эми «Куранды тагонни кылып окуган бизден эмес», деген хадиске келсек, мен мындай хадис бар экенин билбеймин.

Тыянак кылсак, Куранды кыраат коидаларына ылайык жагымдуу үн менен окуу мустахаб т.а. мандуб. Куранды ыр кылып окуу болсо жайиз эмес, себеби, харфтар кыраат коидасы чегарасынан чыгып кетет жана Расулуллох ﷺдан риваят кылынган кыраат коидаларынан өзгөрүп кетет. Бул абал ыр кылып окуганда көбүрөөк учурайт.

7-рабиус-саний, 1432-х.
12-март, 2011-м.

## Куръандын жамдалышы, жети кыраат жана Ас-Саффат сүрөсүнүн 96-аятынын тафсири тууралында

**Суроолор**: урматтуу боордошум, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

1 - Шахсия китебинин 3-бөлүгүнүн «Биринчи далил – Китеп» темасынын төртүнчү бөлүмүндө мындай делген: «Талкуу анын Куръан экендигинде эмес, балким, анын алдыга же кийинкиге коюлушунда…». Мындан эмне максат көздөлгөн?

2 - Кырааттарга карата айрымдар мутаватир кырааттарды жетөө деп эсептейт, айрымдар болсо он дешет. Бул маселедеги туура раъй кандай болот?

3 - Усманий мусхафка жана араб маанилерине ылайык варид болушу ахад болгон кырааттарга кандай мамиледе болобуз? Мындай кыраат менен Куръан окуу жайизби?

Мусхафта жазылган аяттарга ылайык келбеген варид болушу ахад болгон аз учураган кырааттарга кандай мамиледе болобуз?

4 - Жети харф (Жети харф: Куръан кыраатынын жети түрү – жети араб диалектиси) маселесинде сиздин белгилүү бир тандооңуз барбы?

5 - Менде дагы башка суроо да бар, бул суроо тафсирге тиешелүү болгондуктан сиз үчүн оор эмес деп үмүт кыламын. Суроо:

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ﴾

*«Силерди да, амалыңарды да Аллах жараткан»* [37:96]

аятынын тафсири жөнүндө. Мен окуган айрым тафсирлерде «ما»нын масдария болушу да туура болот деп айтылган. Алардын кайсы бирин күчтүүрөөк деп эсептейбиз? Мунун «каза жана кадар» маселесине карата исламий агымдарга таасири кандай?

Аллах ишиңизге береке берип фатхты насип кылсын. Сизге Аллахтын саламы, раъматы жана берекеси болсун.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – Сиз айткан «Шахсия» китебинин 3-бөлүгүндөгү нерседе чаташтык бар. Ал кайра каралып, оңдолгондон кийин төмөнкүдөй болду:

«Төртүнчү: Куръанды жамдоо Расулуллах ﷺдан аны накл кылуудан башкача. Накл кылуу – Расулуллах ﷺдан оозеки сөз аркылуу угуу. Талкуунун темасы да ушул. Ал эми, Куръан аяттарын бир Мусхафка жамдоого келсек, талкуу анын Куръан экени жөнүндө болбогон. Хафиздердин жазып бериши аркылуу Куръан жамдалбады, Расулуллах ﷺдын алдында жазылган беттерди жамдоо жана ар бир сүрөнү

Расулуллах ﷺ тастыктагандай жайгаштыруу, хафиздердеги Куръанга аны салыштыруу жана аны бир жайга коюу менен болду».

2 – Мутаватир кырааттар:

а) Мутаватир кырааттар – жетөө. Мусулмандар Расулуллах ﷺ доорунан тартып Аллах каалаган убакка чейин ушул кыраатты окушат. Усман رضي الله عنه Мусхафтары сөз жана жазуу түрүндө жамдаган кырааттар ушулар. Тобеиндер жана таба тобеиндерден бир катар кыраат аалымдары бул кырааттарды жана алардын санаддарын жамдашкан, өздөрүнө чейин жетип келген санатын кеңири баян кылып жана бардык тараптарын текшерип китептерде далилдешкен.

Төмөндөгүлөр жети кыраат алламалары болуп эсептелет:

- Нафиъ ибн Абдуррахман ибн Абу Нуайм Лайсий Абу Рувайм, мединалык Куръан окутуучусу (хижрий 169-жылы Мединада дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Калун (болжол менен хижрий 220-жылы Мединада көз жумган) жана Варш (хижрий 197-жылы Мисирде дүйнөдөн кайткан).
- Абдуллах ибн Касир Абу Маъбад, Амр ибн Алкама Кананий Дарий Маккийдин Мавласы (Меккеде хижрий 45-жылы туулуп, ошол жерде 120-жылы дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү экөө: Буззий - Ибн Абу Бузза Мекке муаззини (хижрий 250-жылы Меккеде көз жумган) жана Канбал Маккий Махзумий (хижрий 291-жылы Меккеде дүйнөдөн кайткан).
- Абу Амр ибн Ала Мазаний, Басра калкынын Куръан окутуучусу (Меккеде хижрий 68 же 70-жылы төрөлүп Басрада чоңойгон, хижрий 154-жылы Куфада дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Даврий (хижрий 246-жылы дүйнөдөн кайткан) жана Сусий (261-жылы дүйнөдөн кайткан).
- Абдуллах ибн Амир Яхсабий, Шам калкынын кырааттагы имамы, ал тобеиндерден болуп, хижрий 118-жылы Дамаскта дүйнөдөн кайткан. Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Хишам ибн Аммар Дамашкий (хижрий 245-жылы дүйнөдөн кайткан) жана Ибн Закван Дамашкий (хижрий 173-жылы төрөлүп 242-жылы Дамаскта жүйнөдөн кайткан).
- Асим ибн Абу Нужуд Асадий (хижрий 127-жылдын аягында дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Шуъба Куфий Асадий (хижрий 194-жылы Куфада дүйнөдөн кайткан) жана Хифс Асадий Баззор Куфий (хижрий 190-жылы дүйнөдөн кайткан).
- Хамза ибн Хабиб Зайят Куфий, хижрий 80-жылы төрөлүп 156-жылы Халванда дүйнөдөн кайткан. Анын кырааты менен Куръан

окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Халаф ибн Хишам Баззар (хижрий 229-жылы Багдадда дүйнөдөн кайткан) жана Халлад ибн Халид Куфий (хижрий 220-жылы Куфада дүйнөдөн кайткан).

- Касоий Куфий, Куръан кыраат жана нахв аалымы (хижрий 120-жылы төрөлүп 189-жылы дүйнөдөн кайткан). Анын кырааты менен Куръан окугандардын белгилүүлөрү ушулар: Абу Харис Лайс ибн Хулд Багдадий (240-жылы дүйнөдөн кайткан) жана Хафс Даврий (ал жогорудагы Абу Амрдын да ровийи).

Азыркы учурда басылып чыгып жаткан мусхафтар Усман رضي الله عنه доорунда жазылган мусхафтардын формасы менен Хифс ибн Асимдин кыраатына ылайык басылып чыгарылат. Бул жерде, өзгөчө Африканын айрым региондорунда Нафиъден Варш жана Калун риваят кылган кыраатка ылайык басылып чыккан башка мусхафтар да бар.

Ибн Мужахид (хижрий 324-жылы дүйнөдөн кайткан) аты менен белгилүү болгон Ахмад ибн Муса ибн Аббас жети кыраатты жамдаган белгилүү уламалардан эсептелет. Ал жети кыраатты аныктап, аларды тартипке келтирип, жети кыраат уламаларын белгилеп өткөн «Ас-Сабъату фил кироъат» деген китебинде бул кырааттарды жазып калтырган. Анын бул китеби кыраат үйрөнүүчүлөрүнүн негизги булагына айланды. Ибн Мужахид кырааттарды жазууда абдан катуу шарттарга амал кылды. Ал зобт (аныктык) жана аманат менен таанылган, өмүр бою кыраат илимин бекем кармаган, анын риваятын жана андан дарс алууга баары келишишкен кишилердин гана риваятын алды. Мунун акыбетинде, ал биз жогоруда айтып өткөн жети кишинин кыраатын топтоду.

Б) Шамсиддин Абулхайр ибн Жазрий (хижрий 833-жылы дүйнөдөн кайткан) кырааттардын санаттары туурасында изденүү алып барып башка дагы үч кыраатты тапты. Ал бул кыраттарды да кудум мутаватир жети кыраатка окшош Усманий мусхафка тескери эмес деп өз көз карашын билдирди, муну өзүнүн «ан-Нашр фил кироъатил ашр» деген китебинде далилдеди жана өзү кошкон үч алламанын ысымын айтып өттү:

Абу Жаъфар Язид ибн Каъкаъ Маданий (хижрий 130-жылы дүйнөдөн кайткан);

Яъкуб ибн Исхак Хазрамий Куфий (хижрий 205-жылы дүйнөдөн кайткан);

Халаф ибн Хишам Абу Мухаммад Баззор Асадий Багдадий (хижрий 229-жылы дүйнөдөн кайткан).

Мен жети кыраатка да көңүл коюп, «Тайсирул вусул илал усул» деген китебимде аларды санаддары жана ровийлери менен айтып өттүм. Ибн Жазрий айтып өткөн үч кыраатты үйрөнбөдүм. Ибн Жазрий жана башка

уламалар бул кырааттарды да жети кырааттын катарына кошкон. Инша Аллах, келечекте бул үч кыраат туурасында да изденүү алып барам деп үмүт кыламын.

3 – Ал эми, мутаватир болбогон кырааттарга келсек, бул кырааттар Усманий мусхаф жазуусуна ылайык келеби же жокпу, ага карабастан, аны менен кыраат кылуу жайиз эмес. Себеби, ал Куръан эмес. Куръан – Расулуллах ﷺдан мутаватир жолу менен накл кылынган кырааттар.

4 – Куръандын жети харфта түшүшү:

Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنَّ هَذَا القُرْآنَ أُنْزِلَ عَلَى سَبْعَةِ أَحْرُفٍ، فَاقْرَءُوا مَا تَيَسَّرَ مِنْهُ»

«Куръан жети харфта түшүрүлгөн. Анын жеңил болгонун окугула» (муттафакун алайх).

Дагы айтат:

«أَقْرَأَنِي جِبْرِيلُ عَلَى حَرْفٍ فَرَاجَعْتُهُ، فَلَمْ أَزَلْ أَسْتَزِيدُهُ وَيَزِيدُنِي حَتَّى انْتَهَى إِلَى سَبْعَةِ أَحْرُفٍ»

«Жибриил мага бир харфта окутту, мен кайталадым. Мен көбөйтүүнү сураганымды уланттым, ал көбөйттү. Ал тургай, жети харфка жеткенден кийин бүтүрдү» (Бухарий риваяты).

Уламалар жети харфтан эмне максат көздөлгөндүгүндө ихтилаф кылышкан. Алардын айрымдары мутаватир кырааттардагы тилдик айырманы изилдешти жана аларды жети топко жамдашкан: «Иъроб жактары, зияда жана нуксан, алдыга жана артка сүрүү, калб кылуу (харфтарды алмаштыруу) жана бадал келтирүү, лафздын таркик, тафхим, имала, фатх сыяктуу түрлөрү…». Дагы айрымдары мутаватир кырааттар өз ичине алган араб тилдерин изилдешти…

Мен бул маселени жакшы үйрөнүп чыккандан кийин төмөнкүгө жыйынтык кылдым: жети харф – бул араб тили алынган араб урууларынын диалектилери. Куръан түшкөн доордо бул диалектилер фасоха (сөзгө чечен) арабдар ортосунда атаандаштыктын орду болгон. Мутаватир кырааттар ушул уруулардын диалектисинен чыкпаган. Бул уруулар Куръан түшүрүлгөн убактагы фасохат тилинде сүйлөшкөн белгилүү жети уруулар: Курайш, Тамим, Кайс, Асад, Хузайл, Кинананын бир бөлүгү жана Таийлердин бир бөлүгү.

Бул жыйынтыкты ушул маселедеги эң туура тарабы деп эсептеймин т.а. жети харфтын мааниси – ушул жети уруунун диалектиси. Бирок, бул, Куръандын ар бир сөзүн ушул жети уруунун диалектиси менен окуса боло берет дегени эмес. Тескерисинче, Расулуллах ﷺдан мутаватир жол менен накл кылынган кырааттар менен гана окуу жайиз. Мутаватир болбогон кыраатта окуу жайиз эмес. Себеби, мутаватир болбогон кыраат Куръан эмес.

5 – Эми:

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ﴾

*«Силерди да, амалыңарды да Аллах жараткан»* [37:96]

аятынын тафсирине келсек, бул жерде «ما» сөзү мавсула (салыштырма ат атооч). Т.а. бул Аллах Таала силерди жана силер ибадат кылып жаткан буттарды жаратты дегени. Аяттын нассы (тексти) ушуга далалат кылат. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿فَرَاغَ إِلَىٰٓ ءَالِهَتِهِمۡ فَقَالَ أَلَا تَأۡكُلُونَ ۝٩١ مَا لَكُمۡ لَا تَنطِقُونَ ۝٩٢ فَرَاغَ عَلَيۡهِمۡ ضَرۡبَۢا بِٱلۡيَمِينِ ۝٩٣ فَأَقۡبَلُوٓاْ إِلَيۡهِ يَزِفُّونَ ۝٩٤ قَالَ أَتَعۡبُدُونَ مَا تَنۡحِتُونَ ۝٩٥ وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ ۝٩٦﴾

*«Анан (Ибрахим) акырын алардын буттарынын алдына келип: «(Алдыңардагы) даамдардан жебейсиңерби? Эмнеге сүйлөбөйсүңөр?!» деди. Андан соң аларга жакын келип, оң колу(ндагы балта) менен урду. Ошондо (коуму) анын алдына шашып жетип келишкенде, айтты: «Өзүңөр жонуп-жасап алган нерселерге сыйынасыңарбы?! Силерди да, амалыңарды да Аллах жараткан»*

[37:91-96]

Көрүнүп тургандай:

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ﴾

аяты:

﴿قَالَ أَتَعۡبُدُونَ مَا تَنۡحِتُونَ﴾

аятынан кийин келип жатат. Бул жерде сөз буттар жөнүндө болду.

«ما»ны масдария деп тафсир кылышкан жана мындан «Аллах силерди жана амалыңарды жаратты» деп түшүнүп, натыйжада, Аллах инсандын иштерин жаратат деп тыянак кылышкан, эгер алар Аллах аларды жана иштерди жаратты деген мааниде токтошкондо т.а. Аллах аларда ишти аткаруу мүмкүнчүлүгүн, ишти аткаруу үчүн күч-кайратты жаратты деген мааниде токтошкондо аят маанисинен анчейин алысташмак эмес. Бирок, алар «Аллах амалдарыңарды жаратты» сөзүн «Аллах силерди ушул амалдарды кылууга мажбурлады» деп тафсир кылышты. Т.а. алар түшүнүшкөндөй, Аллах бизди ар ишибизге мажбурлады, бизде бирер ишти аткарууда, жакшы иштерди кылууда да, жаман иштерди кылууда да ыктыяр жок. Табигый болгондой, бул – ката. Себеби, инсандын ыктыярдуу иштери бар. Ал бул иштерди өз ыктыяры менен аткарганы

үчүн ага соопже жаза алат. Аллах бизди ар бир ишибизди аткарууга биздин ыктыярыбызсыз мажбур кылат деген – ката…

﴿فَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٍ خَيۡرٗا يَرَهُۥ ۝ وَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ شَرّٗا يَرَهُۥ﴾

*«Демек, ким (дүйнө тирүүлүгүндө) бир кымын мисалынча жакшылык кылса, (Кыямат Күнүндө) ошону көрөт. Ким бир кымын мисалынча жамандык кылса, аны да көрөт!»* [99:7-8]

Каза жана кадар о.э. анын исламий фиркаларга алакасы темасы узун тема болуп, ал бардык тафсилаты менен Шахсия китебинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн. Сиз ошол бөлүккө кайрылыңыз. Аллах сиз менен бирге.

18-зул-каъда, 1434-х.
24-сентябрь, 2013-м.

## Мухаммад сүрөсү Бадр согушунан кийин түшкөнүнүн далилдери

**Суроо**: ассаламу алайкум, менин сурооm төмөнкүдөй:

Шейх Набаханий رحمه الله «Мухаммад сүрөсүнүн төртүнчү аяты Бадр согушунан мурун түшкөн» деп айтат. Мунун кандай далили бар? Көпчүлүгү бул аятты Бадр согушунан кийин түшкөн деп айтат. Муну түшүндүрүп берсеңиз.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

Мага суроонуздун түрк тилиндеги тексти келди, суроо араб тилине которулгандан кийин мен ага жооп бердим. Жооп түрк тилине да которулду. Жооп төмөнкүдөй:

Биринчи: Сиз Мухаммад ﷺ сүрөсүндөгү ушул аятты сурагансыз:

﴿فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا
بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَاۚ ذَٰلِكَ وَلَوۡ يَشَآءُ ٱللَّهُ لَٱنتَصَرَ مِنۡهُمۡ وَلَٰكِن لِّيَبۡلُوَاْ
بَعۡضَكُم بِبَعۡضٖۗ وَٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَلَن يُضِلَّ أَعۡمَٰلَهُمۡ﴾

*«Ошондуктан, (эй момундар), качан силер (согуш майданында) кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан алардын (көптөрүн) кырып (жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып алып) аркан менен байлагыла! Андан соң же (аларды азат кылып жиберүү менен) жакшылык көрсөткүлө же (аларды бошотуп жиберүү үчүн) фидя-таван алгыла. Тээ согуш жүктөрүн таштагыча (т.а. согуш токтогончо силерге буйрулган иш) мына ушул. Эгер Аллах кааласа алардын үстүнөн (согушсуз да) үстөм болор (т.а. аларды жок кылып жиберер) эле, бирок, Ал Зат силердин кээ бириңерди кээ бириңер менен сыноо үчүн (силерди согушка буюрду). Аллах жолунда өлтүрүлгөн заттардын иштерин Ал Зат эч качан бекерге кетирбейт»* [47:4]

Мухаммад ﷺ сүрөсү Бадр согушунан мурун түшкөн. Мунун далили төмөнкүдөй:

1 – Расулуллах ﷺ Бадр күнүндө туткундар жөнүндө өкүм кылган. Бул болсо туткундар жөнүндөгү өкүм түшкөнүн түшүндүрөт. Себеби, Расулуллах ﷺ вахий түшүшүнөн мурун өкүм кылбаган.

2 – Куръани Каримде туткундар жөнүндөгү өкүм Мухаммад ﷺ сүрөсүндө гана келген.

﴿فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً﴾

*«Андан соң же (аларды азат кылып жиберүү менен) жакшылык көрсөткүлө же (аларды бошотуп жиберүү үчүн) фидя-таван алгыла»*. Бул болсо, аят туткундар колго алынган Бадр согушунан мурун түшкөнүн түшүндүрөт.

3 –

﴿فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً﴾

*«Ошондуктан, (эй момундар), качан силер (согуш майданында) кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула! Эми качан алардын (көптөрүн) кырып (жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып алып) аркан менен байлагыла! Андан соң же (аларды азат кылып жиберүү менен) жакшылык көрсөткүлө же (аларды бошотуп жиберүү үчүн) фидя-таван алгыла»* аяты فإذا «качан» сөзү менен башталып андан кийин لقيتم «беттешкениңерде» деген өткөн чак феъли келип жатат т.а. беттешүү али ишке ашпаган. Бул болсо, аяттагы өкүм согуш болушунан мурун түшкөнүн түшүндүрөт. Демек, аят согуш болушунан мурун туткундар өкүмүн баян кылган жана буга чейин туткундар колго алынып туткундар жөнүндөгү өкүм керек болгон Бадрдан башка согуш жүз бербеген.

4 – Аллах Тааланын:

﴿حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ﴾

*«Эми качан алардын (көптөрүн) кырып (жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып алып) аркан менен байлагыла!»* деген сөзү согушта туткунга алуу ишке ашкан убакытты баян кылат. Душмандын көптөгөн аскерлери өлтүрүлгөндөн кийин туткунга алуу болгон. Демек, аят Бадр согушунан мурун түшкөн, себеби, «*Эми качан алардын (көптөрүн) кырып*» деген абал Бадрдан мурун жүз берген. Туткунга алуу маселеси жаңы, жүз бере элек вакиъни билдирет.

5 – Ошондуктан, аяттын мантуку бул сүрө согуш болушунан мурун түшкөнүнө далалат кылат. Бул аят согуш болушунан мурун жана исхан (кыргын) жүз беришинен мурун туткундар өкүмүн баян кылып түшкөн. Мухаммад сүрөсү Бадр согушунан кийин түшкөн деп айтылган риваяттар да бар, бирок, эгер аят менен хадисти жамдоо мүмкүн болбосо, таржих (артыкчылык) хадистен көрө аятка берилет. Эгер, аят менен хадисти жамдоо мүмкүн болгондо жамдоо туура болот эле. Бул жерде болсо, жамдоо мүмкүн эмес. Себеби, хадисте туткундар өкүмү Бадрдан кийин түшкөн деп айтылса, аят туткундар өкүмү Бадрдан мурун түшкөнүнө

далалат кылат. Ошондуктан, таржихке амал кылынып аятка тескери келген хадистерден аят таржих кылынат.

Муну Мухаммад сүрөсүндө гана туткундар өкүмү бар экендиги, туткундар жөнүндөгү өкүм керек болгон Бадрдан башка согуш болбогону, Расулуллах ﷺ Бадр согушунда туткундар жөнүндө өкүм кылганы о.э. ал зат вахий менен гана өкүм кылышы да тастыктайт жана кубаттайт.

24-шаъбан, 1434-х.
3-июль, 2013-м.

# Курандын окулушун накл кылуу (сөзмө-сөз бири-бирине айтып жеткирүү) менен Курандын жазылышын накл кылуунун ортосундагы айырма

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллохи уа барокаатуху.

Мага бул хадисти шархтап берсизби, аны түшүнүүдө бүдөмүк болуп калды. Бул хадис тууралуу уламалардын сөздөрүн да карап чыктым, бирок, бүдөмүктүк кеткен жок.

Ибн Шихааб айтты: Мага Харижату бин Зайд Зайд бин Сабиттен укканын айтты: Мусхафты (Куранды) нускалап жаткан (көчүрүп жазып жаткан) учурда Ахзабдан бир аятты таппай калдым. Пайгамбар ﷺдын ал аятты окуганын укчумун. Ал аятты издедик, аны Хузайма бин Сабит Ансарийден таптык. Ал:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

*«Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»* [Ахзаб 23]

Ушул жерден мен түшүнбөй жаткан нерсе, сахабалар ал жалгыз болгондугу себебдүү таватур даражасына жетпегендигине карабастан, андан муну кандайча кабыл алышты? Анын күбөлүгү эки күбөгө тете деп карганда да таватур даражасына жетпейт да?

Аллах сизге берекесин берсин.

**Жооб**: алайкуму ассалам рохматулохи уа барокатуху.

Көрүнүп тургандай, сага Пайгамбар ﷺдан бизге Курандын окулушунун накл кылынышы менен Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылган Курандын жазылышын накл кылынышы ортосундагы айырмада бүдөмүк жаралып калган. Бизге Пайгамбар ﷺдан Курандын окулушунун накл кылынышы сахабалардын ижмасы менен таватур жолу аркылуу келген. Ал Кыямат күнгө чейин Аллахтын коргоосунда ошондой калат. Аллах айтат:

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

*«Биз зикрди түшүрдүк, биз аны сактоочубуз»* [Хижр 9]

Ал эми, бизге Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылган Курандын накл кылынышында сахаба ؓдар өздөрүнүн жаттагандарын эмес, балким, Пайгамбар ﷺдын көз алдын жазылган Куранды кандай болсо, ошондой топтоону максат кылышкан. Алар жазылган Куранды топтоолору жетиштүү болмок, бирок, сахаба ؓдар ар бир Куран жазылган барак Пайгамбар ﷺдын көз алдында болгондугуна тактык болушу үчүн эки күбө болушун шарт кылышкан. Бул нерсе Аллахтан тафики менен Анын китебин сактоо үчүн кошумча аракет болгон. Аллах айттат:

﴿لَا يَأْتِيهِ الْبَاطِلُ مِنْ بَيْنِ يَدَيْهِ وَلَا مِنْ خَلْفِهِ تَنْزِيلٌ مِنْ حَكِيمٍ حَمِيدٍ﴾

*«Анын алдынан да, артынан да батыл келбейт. Мактоолуу өкүмдар заттан түшкөн»* [Фуссилат 42]

Мына ушул маселенин баяны төмөнкүдөй:

Биринчиден Куранды чогултуу маселеси:

Куранды чогултуу маселеси боюнча «Шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү «Куранды чогултуу» бабында кеңири токтолгонбуз. Ошондой эле, «Тайсиирул вусуул илал усуул» китебиндеги «Курандын түшүшү жана анын жазылышы» жана «Курандын чогултулушу» бабында да токтолуп өткөнбүз. Суроо салып жаткан адам ушул эки китепке назар салып, майда баратына чейин далилдери менен карап чыкса болот. Бул маселени өз жолунда түшүнүүгө жеңил болушу үчүн Аллахтын жардамы менен китептеги кээ бир цитаталарды көрсөтөмүн:

1 – Менин «Тайсиирул вусуул илал усуул» аттуу китебимдин «Куранды чогултуу» бабындагы цитата:

«... муртаддарга каршы согуштан улам Куранды жатка билген карылардын көпчүлүгү шейит болуп кетишинен Абу Бакр ﵁ чочулады. Анкени, алар Курандын аят жана сүрөөлөрүн тартиби менен жатка билгендер эле. Абу Бакр ﵁ Пайгамбар ﷺ көрсөткөндөй сүрөнүн аяттарын тартиби менен топтоону буйурду. Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылганы тастыкталуусу менен биргеликте ар бир сүрөөнүн аяттары тартиби менен жазылган бөлүктөр (тери жана кабыктардан болгон Куран жазылган барактар) чогултулду. Сахаба ﵃дар Куран жазылган ар бир бөлүкчө (баракча) Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болуштугун шарт кылышты. Сахаба ﵃дар жазылган Куран жатталган Куранга дал келиштигине гана чектелишпестен, эки күбө бул Куран Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылган деп күбөгө өтүүлөрүн да шарт кылышты. Курандын ар бир аяты сахаба ﵃дын мутаватир жолу аркылуу жыйналган. Ошондуктан, Тауба сүрөөсүнүн акыркы аяты «Хузайма ﵁дан гана жазылгандын» башка эч ким бул аят Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандынгына күбө боло алышпагандыгын көрүшкөндө аны жыйноону токтуп турушту, бирок алар да бул аятты катий түрдө жатка билишкен, жатка билгендиктерине карабастан, анын Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болушу шарты негизинде аны чогултулуп жаткан Курандын аят-сүрөөлөрүнө кошуудан токтоп турушту. Качан гана аларга далил болгонго чейин токтоп турушту. Анткени, Пайгамбар ﷺ Хузайма ﵁нун күбөлүгү эки адилеттүү мусулмандын күбөлүгү катары санагандыгын билишкенден кийин гана анда жазылган аятты жыйнашкан. Сахаба ﵃дын Курандын аят-сүрөөлөрүн жыйноодогу бул кадамдары нак жана так болуштугуна болгон кошумча кадамдары

болгон. Анткени, сахаба رضي الله عنهمдар Куран жазылган баракчаларды жыйноодогу максаттары өздөрү жатка билген Куранды жыйноо эмес, балким, Куран жазылган баракча Пайгамбар ﷺдын көз алдындан жазылышын тактап жыйноо болгон.

Ошондуктан, Абу Бакр رضي الله عنه Пайгамбар ﷺ өзү тастыктаган тартипте Курандын аят жана сүрөөлөрүн ирети менен жазылган бөлүктөрүн (баракчаларын) жыйнаган болуп саналат. Башкача айтканда, Курандын бардык сүрөөлөрүнүн аяттары жазылган ар бир бөлүкчөнү (баракчаны) ирээти менен тартиптештирип бир орунга жыйноо болгон». (Цитата бүттү).

2 – «Шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү Абу Бакр رضي الله عنهнун Пайгамбар ﷺдын көз алдында Курандын аят жана сүрөөлөрү жазылган тери баракчаларынын жыйноосу тууралуу цитатаны келтирем:

«... ушуга негизделип Абу Бакр رضي الله عنهнун Куранды жыйноого болгон буйругу Куранды бир китеп кылып жазууга болгон буйрук эмес, балким, Пайгамбар ﷺдын көз алдына жазылгандыгына эки күбөнүн күбөгө өтүү шарты менен, Курандын сүрө аяттары жазылган тери баракчаларын бир орунга тартиби менен жыйноо болуп саналат. Бул жыйналган Куран аят-сүрөөлөрү жазылган тери баракчалары Абу Бакр رضي الله عنهнун көзү тирүү мезгилинда анын алдында болду. Кийин Умар رضي الله عنهнун алдында болду. Кийин Умар رضي الله عنهнун осуяты менен момундардын энеси Хафса энебиздин алдында болду.

Бул Абу Бакр رضي الله عنهнун Куранды жыйноосунун көрүнүшү болду. Ал эми, Усман رضي الله عنهнун халифа болгондон кийин экинчи же үчүнчү жылы Куранды нускалоосуна келсек, башкача айтканда, хижрий жыйырма бешинчи жылы Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Мадинага келгенден кийин Усман رضي الله عنهга барды. Ибн Шихаб Анас бин Малик ага айтты: «Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Усман رضي الله عنهга келип айтты: «Эй момундар амири, бул үммөткө жөөт жана насронийлерге жеткен карама-каршылыктардын жетип калышын алдын ал» деди. Усман رضي الله عنه Хафса رضي الله عنهاга киши жиберип, жыйналган Куран жазылган тери баракчаларын бер. Аны нуска кылып көбөйтүп, кайра сага кайтарабыз деди. Хафса رضي الله عنهاну ал жыйналган Курандын тери баракчаларын Усман رضي الله عنهга берип жиберди. Усман رضي الله عنه Зайд бин Сабит, Абдуллах бин Зубайр, Саид бин Аас, Абдурахман бин Харис бин Хишамды жыйналган Курандын тери барачаларын мусхаф

кылып нускалоого буйруду. Жыйналган Курандын тери баракчаларынан бир нече мусхаф кылып нускалагандан кийин Усман ﵁ аны кайра Хафса ﵂га берип жиберди. Нускалап алынган мусхафтарды аймактарга жиберип, мындан башка бардык Куран жазылган тери баракчаларын же баракчалардын бардыгын өрттөөгө буйурду».

Нускалап алынган мусхафтардын саны жетөө болчу. Аларды Меккеге, Шамга, Яманга, Бахрейнге, Басрага, Куфага жөнөтүп, бирөөнү Мадинада алып калды.

Ушуга негизделип Усман ﵁нун иши Куранды жыйноо эмес, балким, Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылып мутаватир жолу аркылуу накл кылынгандан кийин аны Абу Бакр ﵁ тарабынан жыйналган Куранды кандай болсо, ошондой гана нускалоо болгон. Усман ﵁ Хафса энебиздин алдындагы жыйналган Курандын тери баракчаларын бир нече китеп кылып нускалоодон башка ага эч нерсе алымча-кошумча кылган эмес. Адамдарды Курандын ушул жазылган тартибинде гана окууга жана жазууга бириктирген. Башка тартипте жазуу жана окууга тыйуу салган. Куранды ушундай тартипте жазууга токтолунган. Анткени, Пайгамбар ﷺдын көз алдында ушундай тартипте жазылган. Ошондой эле, Абу Бакр ﵁ жыйнаган Куран жазылган тери баракчалары да ушул тартипте жазылган. Кийин мусулмандар башкасын эмес, ушул эле нускадан нускалап алышкан. Ошондуктан, Усман ﵁нун нускалаган нускадагы расм (жазуу тартибинде) гана жазуу важиб саналат. Ошондуктан, бардык нускаланган нускалар ушул расмда гана нускаланат...».

3 – Өзүң көрүп тургандай, бул жердеги маселе Куранды тилават кылуу тарабынан накл кылуу болуп саналбайт. Куранды Пайгамбар ﷺдан тилават тарабынан накл кылуу сахаба ﵃дар тарабынан мутаватир жолу аркылуу накл кылынган. Ал эми, Усман ﵁нун учурундагы бул Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылган Куранды кандай болсо, ошондой накл кылуу болуп саналат. Ошондуктан, Курандын ушундай тартипте жазылышы тафикий болуп саналат жана аны лаазым тутуу важиб. Куранды бул расм (жазуу тартибинен) бөлөк тартип менен жазуу арам. Андан бөлөкчө кылып жазуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, Усманий расмында жазылган жазуу эрежесин лаазым тутуу важиб. Ошондуктан, Куранды толук мусхаф кылып жазууда ушул жазуу тартиби гана Куранга таандык болуп саналат. Ал эми, Куранды мусхаф кылып эмес, таалим берип үйрөттү же башка нерселер үчүн жазыла турган учурда бул Усманий расмдан бөлөк тартип менен жазса жайиз. Мисалы, таалим берип доскага мусхафта жазылган ﴿الرِّبَوا﴾ сөзүн (الربا) деп жазса болот. Анткени, Пайгамбар ﷺдын тастыгы жана сахаба ﵃дын ижмаасы

мусхафтын өзүнө гана таандык, буга кыясталбайт. Анткени, ал иллети жок тафикий болуп саналат. Буга кыяс кирбейт.

Экинчиден: сен сурап жаткан хадис Бухари риваятында төмөнкүдөй келген:

(4604. Бизге Муса айтты, бизге Ибрахим айтты, бизге Ибн Шихааб айтты: Анас бин Малик ага айтты: Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Усман رضي الله عنه га келип айтты: «Эй момундар амири, бул үммөткө жөөт жана насронийлерге жеткен карама-каршылыктардын жетип калышын алдын ал» деди. Усман رضي الله عنه Хафса رضي الله عنها га киши жиберип Курандын жыйналган тери баракчаларын бер, аны нуска кылып көбөйтүп кайра сага кайтарабыз деди. Хафса رضي الله عنها ну ал жыйналган Курандын тери баракчаларын Усман رضي الله عنه га берип жиберди. Усман رضي الله عنه Зайд бин Сабит, Абдуллах бин Зубайр, Саид бин Аас, Абдурахман бин Харис бин Хишамды жыйналган Курандын тери барачаларын мусхаф кылып нускалоого буйурду. Усман رضي الله عنه Куранды нускалоочулардын үчөөсү Курайштан болгондорго кайрылып мындай деди: «Эгер, силер жана Зайд бин Сабит Куранды жазууда бир нерседе карама-каршы болуп калсаңар, аны Курайш тилинде жазгыла, анткени, ал Курайш тилинде түшкөн. Алар Куранды тери баракчалардан бир нече мусхаф кылып нускалашты. Усман رضي الله عنه тери баракчаларга жазылган Куранды кайра Хафса رضي الله عنها га кайтарып берди. Нускаланып алынган мусхафтарды аймактарга жиберди жана андан башка баракчаларга же мусхафка жазылган Курандарды өрттөөгө буйурду.

Ибн Шихааб айтты: Мага Харижата бин Зайд бин Сабит Зайд бин Сабиттен укканын айтты: айтты: Куранды мусхаф кылып нускалаган учурда Ахзаб сүрөөсүнөн бир аятты таппай калдым. Пайгамбар ﷺ аны окуганын укчум. Биз аны издей баштадык аны Хузамата бин Сабит Ансорийден таптым. Ал:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

*«Момундар арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»* [Ахзаб 23]

Ал аятты Ахзаб сүрөсүнө кошуп мусхафка киргиздик.

Хадисте айтылгандай, Усман رضي الله عنه нун учурунда Абу Бакр رضي الله عنه мезгилинде топтолуп, кийин Хафса رضي الله عنها нун үйүндө сакталып турган Куран жазылган тери баракчалардан, мусхаф кылып нускалап алуу үчүн Курайштан болгон үчөө менен биргеликте Зайд бин Сабитти Куранды нускалоого буйруган учурда болгондугу айтылып жатат. Тактап айтканда, Пайгамбар ﷺ дын көз алдында жазылган Куран тери

баракчаларынан Куранды нускалап алуу учурунда болгон окуя. Тилаватты накл кылуу эмес, балким, Куранды Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылган тери баракчалардан кандай жазылган болсо, ошондой кылып нускалап мусхаф кылып алуу учурундагы болгон окуя. Бул нерсеге таватур болуштугунун зарылчылыгы жок, балким, сахих кабардын болуштугу жетиштүү болгон. Бирок, сахаба ﵃дар тактык жана этияттыкты да өздөрүнө лаазым тутуп Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болушутугун шарт кылышты. Ал эми, Куранды тилават тарабынан накл кылуу биз айтып өткөндөй Пайгамбар ﷺдан сахабалар таватур жолу менен накл кылышкан.

Мына ушундайча Өз китебин сактоочу.

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

*«Биз зикрди түшүрдүк, биз аны сактоочубуз»* [Хижр 9]

Үчүнчүдөн: ачыктап кете турган дагы эки маселе бар.

Биринчи: бир гана Хузайма ﵁да жазылган кайсы аят:

Экинчи: ал аят Хузаймат ﵁да болгонбу же анын атасында болгонбу...

Буга жооп Аллахтын тафики менен төмөнкүдөй:

1 – Аятка байланышкан биринчи маселе: Бухарий эки риваят келтирген 4311 жана 4604, ал төмөнкүдөй:

Биринчиси: 4311. «Бизге Абу Яман айтты, бизге Шугайб Зухрийден айтты, айтты бизге Ибн Сабак Зайд бин Сабит ансорийден айтты. Ал вахийди жазгандардан болчу. Айтты: Абу Бакр ﵁ Ямама казатында каза болгондордун артынан эле мага киши жиберди. Мен ага барганда ал жерде Умар ﵁да бар экен. Абу Бакр ﵁ айтты: Мага Умар келип Ямама күнүндө көптөгөн адамдар курман болду. Мен башка жердеги казаттарда да көптөгөн карылардын курман болуштугу менен коштолуп Курандын көпчүлүгү жок болуп кетишинен кооптонуп жатам. Бир гана аны жыйноо менен сактап каласыңар. Мен Куранды жыйноону туура көрүп жатам деп айтты деди. Абу Бакр ﵁ айтты: Мен Умарга Пайгамбар ﵁ кылбаган нерсени кантип кылам деп айттым деди. Умар ﵁ айтты: Аллахка касам болсун, албетте мында жакшылык бар деди. Умар бул сөзүн, Аллах менин жүрөгүмдү бул ишке ачкычакты кайра-кайра мага айта берди. Мен Умардын пикирин туура көрдүм. Зайд бин Сабит айтты: Умар анын алдында сүйлөбөстөн отурду. Абу Бакр ﵁ айтты: Сен акылдуу адамсың, Пайгамбар ﷺга вахий жазып жүргөнүңдө сен жөнүңдө күмөндөнгөн эмеспиз. Сен Куранды жыйна. Аллахка ант болсун, Курандын ордуна тоону накл кыл десе, мага ошол жеңилирээк болмок. Мен айттым Пайгамбар ﷺ кылбаган нерсени кантип кылмак элеңер. Абу Бакр ﵁ айтты: Аллахка касам болсун, бул иште албетте жакшылык бар.

Ал бул сөзүн Аллах Абу Бакр жана Умардын жүрөгүн ачкан ишке карата менин жүрөгүмдү да ачкычакты кайталай берди. Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабыктарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузайма ансорийден таптым, андан башкасынан тапкан жокмун:

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُم﴾

*«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды (каалабаган) акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болон элчи келди!»* [Тауба 128]

Бул эки аяттын акырына чейин. Куран жыйналган баракчалар Абу Бакрдын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Умардын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Хафса бинт Умардын алдында болду». Хадисте айтылгандай, бул окуя Абу Бакр ﵁нун учурунда орун алган. Ошондой эле, Хузаймата ﵁дан табылган эки аят бул Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аяты болгон.

Экинчи: 4604. «Бизге Муса айтты, бизге Ибрахим айтты, бизге Ибн Шихаб айтты: Анас бин Малик ага айтты: Хузайфа бин Яман Шам жана Ирак эли менен биргеликте Армения жана Азербайжанды фатх кылуу казатында эле, ал алардын Куранды кыраат кылуудагы ихтилафтарын көрүп, андан кооптонду. Ал Усман ﵁га келип айтты: Эй момундар амири, бул үммөткө жөөт жана насронийлерге жеткен карама-каршылыктардын жетип калышынын алдын ал деди. Усман ﵁ Хафса ﵁га киши жиберип Курандын жыйналган тери баракчаларын бер. Аны нуска кылып көбөйтүп кайра сага кайтарабыз деди. Хафса ﵁ну ал жыйналганда Курандын тери баракчаларын Усман ﵁га берип жиберди. Усман ﵁ Зайд бин Сабит, Абдуллах бин Зубайр, Саид бин Аас, Абдурахман бин Харис бин Хишамды жыйналган Курандын тери барачаларын мусхаф кылып нускалоого буйурду. Усман ﵁ Куранды нускалоочулардын үчөөсү Курайштан болгондорго кайрылып мындай деди: Эгер, силер жана Зайд бин Сабит Куранды жазууда бир нерседе карама-каршы болуп калсаңар аны Курайш тилинде жазгыла, анткени, ал Курайш тилинде түшкөн. Алар Куранды тери баракчалардан бир нече мусхаф кылып нускалашты. Усман ﵁ тери баракчаларга жазылган Куранды кайра Хафса ﵁га кайтарып берди. Нускаланып алынган мусхафтарды аймактарга жиберди жана андан башка баракчаларга же мусхафга жазылган Курандарды өрттөөгө буйурду».

Ибн Шихаб айтты: Мага Харижата бин Зайд бин Сабит Зайд бин Сабиттен укканын айтты: айтты: Куранды мусхаф кылып нускалаган учурубузда Ахзаб сүрөсүнөн бир аятын таппай калдым. Пайгамбар ﷺ

аны окуганын укчум. Биз аны издей баштадык аны Хузамата бин Сабит Ансорийден таптым. «*Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»*. Ал аяты сүрөөгө кошуп мусхафка киргиздик». Хадисте айтылгандай, бул окуя Усман ﵁ учурунда болгондугу айтылып жатат. Ошондой эле, Хузайма ﵁дан табылган аят Ахзаб сүрөсүнүн:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

*«Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»* [Ахзаб 23]

аяты экендиги да айтылды. Бухарий риваят кылган бул эки хадиске (4311, 4604) терең назар салынса, башкача айтканда, санаддары сахих бул эки хадиске терең назар салынса төмөнкүлөр айкын болот:

а) Бул эки хадис тең аяттын таватур жолу менен болуштугу жөнүндө эмес, балким, аны жазуу тууралуу болуп жатат. Ошондой эле хифздин таваатур болуштугу тууралуу болгон жок. Бардык аяттарды Пайгамбар ﷺдан сахаба ﵁дын жамааты жатка билген. Сахаба ﵃дар Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылган Куранды накл кылууну каалашкан. Алар адамдар өздөрү жаттаган нерсесин жазып тамгаларда карама-каршылыктарга барууларын каалашкан эмес, балким Пайгамбар ﷺдын көз алдында кандай жазылган болсо, ошондой түрдө Куранды накл кылууну каалашкан. Мына ошондуктан:

﴿إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ﴾

*«Биз зикр түшүрдүк, Биз аны сактоочубуз »* [Хижр 9]

деп айткан Улуу өкүмдар Заттын тафики жана аны сакттоого ынтызарлыкка умтулуу менен Куранды мусхаф кылып басып чыгууда бир гана Усманий эреже тартипте жазуу шарий өкүмү истинбат кылынган.

б) Тери жана кабык барактарына жазылган Куранды жыйноо бул сахих хадисте айтылгандай, Абу Бакр ﵁нун учурунда болгон. Ошондой эле, ар бир жазылган барака эки күбөнүн болгону да сахих далил. Ал эми, Усман ﵁ учурунда, Абу Бакр ﵁ мезгилинде жыйналып Хафса ﵂ үйүндө сакталып турган тери жана кабык баракчаларынан Куранды мусхаф кылып нускалап алуу үчүн Усман ﵁ Зайд бин Сабит ﵁ башка үчөөнү Куранды бир нече мусхаф кылып нускалоо буйруп, аны ишке ашырганы орун алган.

Ошондуктан, Усман ﵁ учурунда Куранды нускалоо мезгилинде жазылган аяттын жок болуп, аны таппай издөөгө орун жок. Балким, бул окуя Абу Бакр ﵁нун учурунда Куран жазылган тери жана кабык баракчаларын жыйноо, топтоо учурунда орун алган. Башкача айтканда, Тауба сүрөөсүнүн акыркы эки аяты жазылган баракчаны:

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ بِالْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَحِيمٌ * فَإِنْ تَوَلَّوْا فَقُلْ حَسْبِيَ اللَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ﴾

*«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды (каалабаган) акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болон элчи келди»*[Тауба 128-129]

Ошондуктан, Усман ﵁ учурундагы Куранды мусхаф кылып нускалап алуу мезгилинде бул аяттар жазылган баракча жок болуп калышы мүмкүн эмес. Анткени, Куран жазылган тери жан кабык баракчаларын жыйноо жана топтоо Абу Бакр ﵁ учурунда болгон. Усман ﵁ учурунда ушул топтолгон Куран жазылган тери жана кабык баракчаларынан аны нускалап көчүрүп жазып алуу гана орун алган. Ошондуктан, Бухарий риваятында келген 4604 саны астында келген хадис дираят жагынан четке кагылат.

«Ибн Шихаб айтты: Мага Харижата бин Зайд бин Сабит Зайд бин Сабиттен укканын айтты: айтты: Куранды мусхаф кылып нускалаган учурубузда Ахзаб сүрөөсүнөн бир аятты таппай калдым. Пайгамбар ﷺ аны окуганын укчум. Биз аны издей баштадык, аны Хузайма бин Сабит Ансорийден таптым:

﴿مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾

*«Момундардын арасында Аллахка берген убадасынын өтөөсүнө чыккан садик кишилер бар»*

[Ахзаб 23]

Ал аяты сүрөөгө кошуп мусхафка киргиздик».

2 – Тауба сүрөөсүнүн акыркы эки аяты жазылган баракча бир гана Хузаймата ﵁ табылышы тууралуу бул Хузайма ﵁бу же анын атасыбы? Буга жооп төмөнкүдөй:

– Бухарий эки риваят келтирген: 4311- 4603.

Жогоруда айтылып өткөн №4311 хадисте келген...

Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабактарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузамата ансорийден таптым, андан башкасынан тапкан жокмун.

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ بِالْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَحِيمٌ * فَإِنْ تَوَلَّوْا فَقُلْ حَسْبِيَ اللَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ﴾

*«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды (каалабаган) акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болгон элчи келди. Эгер, жүз үйрүсө, айткын Аллах жетиштүү, андан башка кудай жок, Ага гана тобокел кылдым, Ал арштын роббиси»* [Тауба 128-129]

аятынан башталып Бараа сүрөсүнүнү акырына чейин эле.

– 4603. «Бизге Муса бин Исмаил Иброхим бин Саид айтты, бизге Ибн Шихаб Убайд бин Сабактан айтты, Зайд бин Сабит айтты: Абу Бакр رضي الله عنه Ямама казатында каза болгондордун артынан эле мага киши жиберди. Мен ага барганда ал жерде Умар رضي الله عنه бар экен. Абу Бакр رضي الله عنه айтты: Мага Умар келип Ямама күнүндө көптөгөн адамдар курман болду. Мен башка жердеги казаттарда да көптөгөн карылардын курман болуштугу менен коштолуп Курандын көпчүлүгүн жок болуп кетишенен кооптонуп жатам. Бир гана аны жыйноо менен сактап каласыңар. Мен Куранды топтоону туура көрүп жатам деп айтты деди. Абу Бакр رضي الله عنه айтты: Мен Умарга Пайгамбар ﷺ кылбаган нерсени кантип кылам деп айттым деди. Умар رضي الله عنه айтты: Аллахка касам болсун, албетте мында жакшылык бар деди. Умар бул сөзүн, Аллах менин жүрөгүмдү бул ишке ачкычакты кайра-кайра мага айта берди. Мен Умардын пикирин туура көрдүм. Зайд бин Сабит айтты: Умар анын алдында сүйлөбөстөн отурду. Абу Бакр رضي الله عنه айтты: Сен акылдуу адамсың, Пайгамбар رضي الله عنهга вахий жазып жүргөнүңдө сен жөнүндө күмөндөнгөн эмеспиз. Сен Куранды жыйна. Аллахка ант болсун, Курандын ордуна тоону накл кыл десе, мага ошол жеңилирээк болмок. Мен айттым, Пайгамбар ﷺ кылбаган нерсени мен кантип кылмак элем. Абу Бакр رضي الله عنه айтты: Аллахка касам болсун, бул иште албетте жакшылык бар. Ал бул сөзүн Аллах Абу Бакр жана Умардын жүрөгүн ачкан ишке карата менин жүрөгүмдү ачкычакты кайталай берди. Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабыктарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузаймата ансорийден гана таптым, андан башкасынан тапкан жокмун.

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ﴾

*«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды (каалабаган) акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болгон элчи келди!»*[Тауба 128-129]

Тауба сүрөсүнүн акырына чейин. Куран жыйналган баракчалар Абу Бакрдын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Умардын алдында каза болгонго чейин болду. Кийин Хафса бинт Умардын алдында болду...».

Анын бул сөзүнөн: Мен туруп Куранды жыйноо ишин баштадым жана аны баракчаларга, тери баракчаларына, сөөктөргө, бактын кабыктарына жазылгандардан жана адамдардын зээнинен жыйнадым. Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын Хузамата ансорийден гана таптым, андан башкасынан тапкан жокмун.

﴿لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ﴾

*«Чындыгында өзүңөрдөн силердин кыйынчылык запкы тартышыңарды (каалабаган) акыйкатка жетишиңерге ынтызаар болгон жана момундарга ырайымдуу болгон элчи келди!»*[Тауба 128-129]

Тауба сүрөсүнүн акырына чейин.

Бул эки хадиске терең назар салынса хадисте аты аталган сахаба Хузаймата бин Сабит ансорий ﵁ өзү анын атасы эмес. Буга далил Абу Бакр ﵁ Куран жазылган тери кабык баракчаларды жыйноодо алардын ар бири Пайгамбар ﷺдын алдында жазылгандыгына эки күбө болуштугун шарт кылган. Зайд ﵁ ар бир аяттын Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандыгына экиден күбө таба алган бир гана Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аятын бир гана Хузайма ﵁да жазылгандыгынан бөлөк эч кимден таба алган эмес. Бир риваятта анын атасынан башка эч кимден таба алган эмес. Ошондуктан, бул эки аят жазылган барак табылган кишинин күбөлүгү эки күбөлүккө тете болушу керек. Болбосо Абу Бакр ﵁ талап кылган ар бир Куран жазылган барак Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болушу шарты табылбай калат.

Пайгамбар ﷺдан Хузаймата бин Сабит ансорий ﵁нун күбөлүгүн эки күбөлүкө барабар катары санаган сахих далил келген. Бул хадистеги окуя кудум Куран жазылган тери жана кабык баракчаларын жыйноо абалы үчүн болгондой. Өкүмдар улуу, кемчиликсиз Аллах Өз китебин тилават тарабынан да, расм тарабынан да сактоочу. Хузаймата ﵁ күбөлүгү тууралуу айтылган хадис төмөнкүдөй:

Ахмад муснадында, Абу Дауд сунанында келтирген: Ахмаддын риваяты: «Бизге Абу Яман Зухрийден айтты: Мага Умарату бин Хузаймата ансорий айтты: анын амекиси айтты: Ал Пайгамбар ﷺдын асхабдарынан болгон. Пайгамбар ﷺ бир арабийден ат сатып алды. Пайгамбар ﷺ анын акчасын берүү үчүн аны артынан баруусун талап кылды. Пайгамбар ﷺ тез-тезден басып жөнөдү. Арабий шашпастан жай баракат басты. Адамдар аны каршы тосуп атын соодалаша баштады. Алар Пайгамбар ﷺ аны сатып алганын билишкен жок. Ал турган кээ бир Пайгамбар ﷺ сатып алган баадан жогору баа берип жиберишти. Арабий Пайгамбар ﷺды чакырып, эгер бул атты сатып ала турган болсоң, сатып ал, болбосо мен аны сатам деди. Пайгамбар ﷺ анын чакырыгын уккан соң айтты: Мен аны сенден сатып алган жокмунбу? деди. Арабий айтты: Жок, Аллахка ант болсун, сен аны сатып алган жоксуң деди. Арабий менен Пайгамбар ﷺ экөө тартыша кетишти, адамдар экөөнү жабалактап калышты. Арабий айтты: Мен сага аны сатканыма келген

мусулмандардан күбө келтир деди. Бир гана акыйкатты айткан Пайгамбар ﷺ арабийге: Сага кайгы болсун деди. Ошол маалда Хузайма ؓ келип Пайгамбар ﷺ менен арабийдин тартышып жатканын укту. Арабий: Мен аны сага сатканыма күбө келтир деди. Хузайма ؓ: Сен аны Пайгамбар ﷺга сатканыңа мен күбө болом деди. Пайгамбар ﷺ Хузайма ؓга келип: Эмне менен күбөлүк кылып жатасың (содалашы жатканда жок элең) деди. Хузайма ؓ: Я Расулуллах, сенин тастыгың менен деди. (Сен вахийди алып келгениңди тастыктап туруп ушуну кантип тастыктабай калмак элек). Пайгамбар ﷺ Хузайма ؓнун күбөлүгүн эки адамдын күбөлүгү катары санады. Хаким Мустадракта эки шейхтин шартында сахих деп келтирген: « ... бул хадис иснады жана риваятчылары эки шейхтин шарты менен сахих, ал экөө келтирген эмес).

Ушунун баары тастыктап тургандай, Тауба сүрөсүнүн акыркы эки аяты жазылган барак Хузайма ؓдан гана табылып, башкасынан табылбаганы бул Хузайма ؓ атасы эмес, балким, анын өзү экендигин тастыктап турат. Анткени, Куран жазылган барак ал Пайгамбар ﷺдын көз алдында жазылгандыгына эки күбө болуштугу шарты Хузайма ؓнун атасына эмес, балким, өзүнө дал келип жатат... Көрүнүп тургандай, кээ бир учурларда Хузайма ؓ менен Абу Хузайманын аттары алмаштырылып кеткен учуралар бар. Ошондуктан, жогорулардан айкын болгондой, бул жердеги сахабий Хузайма бин Сабит ансорий ؓ.

Сенин сурооңо жана жогоруда айтылып өткөн эки маселеге жооп ачык-айкын болду, иншаа Аллах. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

12-робиул-аввал, 1441-х.
9-ноябрь, 2019-м.

## Бакара сүрөсүндөгү Харут жана Марут периштелер

**Суроо**: ассаламу алейкум варахматуллохи уа баракатух биринчиден мен сизге дуа жолдогум келет,бул даават ишин өнүктүрүүдө жасап жаткан талыкпаган эмгегиңизге Аллах береке берсин. Менин суроом Бакара сүрөсүнүн 102-аятында (02:102) аят узун болгондуктан аны кайталабайм, бул аятта камтылган элементтерди сурайм.

А. Харута жана Марута Периштеби? Же Периште сыпаатындагы адамдарбы. Булар терең илимдүү адамдар болгон деп айткан башка шейхтер да бар. Араб тилдик анализи менен алып караганда эгер алар периште болсо, ошол убакта ошол адамдар менен кантип байланышкан.

б) Куранда- шайтан адамдарга сыйкырчылыкты үйрөткөнү жөнүндө жана Вавилондо эки периштеге түшүрүлгөн нерселер тууралуу айтылат. Булар эмне менен келишкен же харут жана марут менен кошо түшүрүлгөн нерсе эмне эле?

в) Бул харут менен марут бирөөгө эскертүү бермейинче эч нерсе үйрөтүшкөн эмес.

﴿وَمَا يُعَلِّمَانِ مِنْ أَحَدٍ حَتَّى يَقُولَا إِنَّمَا نَحْنُ فِتْنَةٌ فَلَا تَكْفُرْ﴾

( Ал экөө биз фитнабыз каапырлык кылба деп айтмайынча эч кимге эч нерсе үйрөтүшпөдү) бакара 102

Эми бул периштелер бул сыйкыр балээсин алып келип, адамдарга үйрөтүү үчүн асмандан жиберилген деп айтуу керекпи?

**Жооб**: ассаламу алейкум, рахматуллахи ва барокатух, суроолоруңузга жооп (Ат-Тайсир фи Усул ат-Тафсир – Бакара сүрөсүнүн тафсири) китебинде айтылган Бул: (101-103) аяттар үчүн эгер китебиң жок болсо, анда мен сага төмөндө аны айтып өтөм:

Бакара сүрөсүнүн тафсири китеби, 119-125-бет, Word файлы:

Алла Тааланын сөзүнүн тафсири:

﴿وَلَمَّا جَاءَهُمْ رَسُولٌ... لَوْ كَانُوا يَعْلَمُونَ﴾

(Аларга элчи келгенде... эгер билишсе.) бакара сүрөсү 101-103

﴿وَلَمَّا جَاءَهُمْ رَسُولٌ مِنْ عِنْدِ اللَّهِ مُصَدِّقٌ لِمَا مَعَهُمْ نَبَذَ فَرِيقٌ مِنَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ كِتَابَ اللَّهِ وَرَاءَ ظُهُورِهِمْ كَأَنَّهُمْ لَا يَعْلَمُونَ * وَاتَّبَعُوا مَا تَتْلُو الشَّيَاطِينُ عَلَى مُلْكِ سُلَيْمَانَ وَمَا كَفَرَ سُلَيْمَانُ وَلَكِنَّ الشَّيَاطِينَ كَفَرُوا يُعَلِّمُونَ النَّاسَ السِّحْرَ وَمَا أُنْزِلَ عَلَى الْمَلَكَيْنِ بِبَابِلَ هَارُوتَ وَمَارُوتَ وَمَا يُعَلِّمَانِ مِنْ أَحَدٍ حَتَّى يَقُولَا إِنَّمَا نَحْنُ فِتْنَةٌ فَلَا تَكْفُرْ فَيَتَعَلَّمُونَ مِنْهُمَا مَا يُفَرِّقُونَ بِهِ بَيْنَ الْمَرْءِ وَزَوْجِهِ وَمَا هُمْ بِضَارِّينَ بِهِ مِنْ أَحَدٍ إِلَّا بِإِذْنِ اللَّهِ وَيَتَعَلَّمُونَ مَا يَضُرُّهُمْ وَلَا يَنْفَعُهُمْ وَلَقَدْ عَلِمُوا لَمَنِ اشْتَرَاهُ مَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ مِنْ خَلَاقٍ وَلَبِئْسَ مَا شَرَوْا بِهِ أَنْفُسَهُمْ لَوْ كَانُوا يَعْلَمُونَ * وَلَوْ أَنَّهُمْ آمَنُوا وَاتَّقَوْا لَمَثُوبَةٌ مِنْ عِنْدِ اللَّهِ خَيْرٌ لَوْ كَانُوا يَعْلَمُونَ﴾.

Качан аларга алардагыны тастыктоочу бир элчи Аллахтын алдынан келгенде, китеп берилгендердин бир тобу өздөрү билбеген сымал Аллахтын китебин артына таштаашты. Сулайман алейхи салам доорунда анын( ээлигине мүлкүнө) шайтандар окуган нерсеге ээрчишти, Сулайман

каапыр болгон жок, бирок шайтандар каапыр болду. Алар ( шайтандар) адамдарга сыйкырды жана Вавилондо – Харут жана Марутка түшүрүлгөндү үйрөтүшөт ал эки периште адамдарга биз фитнабыз (сыйкыр менен алек болуп) каапыр болбо деп айтмайынча үйрөтүшпөйт.Алар ( адамдар) алардан ( периштелерден) эркекти аялынан ажыраткан нерсени үйрөнүшөт жана Аллахтын уруксатысыз аны менен эч кимге зыян келтиришпейт. Алар өздөрүнө зыян келтирүүчү, пайда бербеген нерселерди үйрөнүшөт жана аны сатып алган ( сыйкыр менен алек болгон) адамга акыретте эч кандай сооп жок экенин билишти. Эгер билишсе, өздөрүнө сатып алган ( сыйкыр менен алек болгондору)кандай жаман! Эгер алар ыйман келтиришсе жана Аллахтан коркушса анда Аллахтын алдында жакшыраак сыйлык бар экенин билишет эле.)

Аллах Таала бул аяттарда төмөнкүчө баяндайт:

1. Жөөттөр Аллахтын Элчисине, саллаллаху алейхи уа салламга каршы чыгышып, андан рух, үңкүр ээлери жана Зулкарнайн жөнүндө сурашышканындай эле аны менен Тоорат тууралуу талашып-тартышышты. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, аларга Аллах Куранда түшүргөн вахий менен жооп берчү. Мындан тышкары алардын Тооратгагы нерселерди бурмалап, өзгөрткөндөрүн, мисалы зынаа кылган адамды таш бараңга алууну жана Тооратта айтылган анын (Пайгамбар с.а.в. дын) сыпаатын өзгөртүп жибергендерин ачып берчү. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын келиши Тооратта айтылып тастыкталган. Алар Тоорат менен талашып-тартышуу алар каалагандай эмес экенин билишкенде тооратты артарына таштаашты.

﴿كَأَنَّهُمْ لَا يَعْلَمُونَ﴾ البقرة/آية101

(Өздөрү билбеген сымал) Аль-Бакара 101-аят

Тактап айтканда, алар-Тооратга ишенбеген жана Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламдын сыпаттамасы боюнча тооратта айтылгандардын акыйкатын билбеген бир коом сыяктуу аны четке кагышты. Бул алардын Тооратта келген Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламдын пайгамбарлык далилдеринен жүз буруууларына кошумча болду. Анткени алар анык билип туруп билбеген сымал жүз бурушту.

2. Алар -Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламга Тоорат аркылуу каршы чыгуу ийгиликсиз экендиги белгилүү болгондон кийин, алар Пайгамбар с.а.в.га каршы чыгуу үчүн Тоораттан башка булактардан башка маселелерди издей башташты.

إِنَّا أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ كَمَا أَوْحَيْنَا إِلَى نُوحٍ وَالنَّبِيِّينَ مِن بَعْدِهِ وَأَوْحَيْنَا إِلَى إِبْرَاهِيمَ وَإِسْمَاعِيلَ وَإِسْحَاقَ
وَيَعْقُوبَ وَالْأَسْبَاطِ وَعِيسَى وَأَيُّوبَ وَيُونُسَ وَهَارُونَ وَسُلَيْمَانَ وَآتَيْنَا دَاوُودَ زَبُورًا﴾

( биз Нухка андан кийинки пайгамбарларга жана Ирахимге, Исмаилге, Исхака, Жакыпка, алардын урпактары Исага, Аюбга, Юнуска, Харунга, Сулайманга вахий кылгандай сага да вахий кылдык. Даудка забурду бердик.) Ниса сүрөсү 163

Жөөттөр: Сулайман пайгамбар эмес сыйкырчы болгон дешти анан алар Сулайман алейхи саламдын тушунда сыйкырчылар шайтандардын жардамы менен жазган китептерин чогултушту. Бул китептер ошол учурда Пайгамбард саллаллаху алейхи уа салламдын шаары мадинада жөөттөрдүн арасында кеңири таралган эле. Алар: “Бул Сулайман өкүм жүргүзгөн китептер”, – дешти. Алар бул китептерге ээрчип, аны Алланын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам менен талашып-тартышуу үчүн материал кылып алышты.

﴿وَاتَّبَعُوا مَا تَتْلُو الشَّيَاطِينُ عَلَى مُلْكِ سُلَيْمَانَ﴾.

(Сулайман алейхи салам доорунда анын( ээлигине мүлкүнө) шайтандар окуган нерсеге ээрчишти)

﴿مَا تَتْلُو الشَّيَاطِينُ﴾

Башкача айтканда шайтандар окуган же сунуш кылган же китептерине жазуу үчүн сыйкырчыларга шыбыраган васваслары.

﴿يُوحِي بَعْضُهُمْ إِلَى بَعْضٍ زُخْرُفَ الْقَوْلِ غُرُوراً﴾

(Адаштыруу үчүн бири-бирине (чындыкты жалганга жалганды чынга айланта турган) кооз сөздөрдү айтышат)Аньам 112.

Исламга чейин шайтандар асмандан угуп, ага көптөгөн жалгандарды аралаштырып адамдардан болгон досторуна жеткирип турушкан. Асманда периштерлердин кээ бирлери ылдыйкы асманга жеткенге чейин бири-бирин сурашат, аны жиндер кулак түрүп угушат да көптөгөн жалгандарды аралаштырып адамдардан болгон досторуна жеткирип турушкан. Исламдан кийин жиндердин тыңшоосуна тоскоолдук койулган.

وَأَنَّا كُنَّا نَقْعُدُ مِنْهَا مَقَاعِدَ لِلسَّمْعِ فَمَنْ يَسْتَمِعِ الآنَ يَجِدْ لَهُ شِهَاباً رَصَداً﴾

(Биз ал жерде угуу үчүн орундарга отурчубуз, азыр ким укса, аны кууп ура турган күзөтчү жылдызды табат) Аль-Жин 9-аят.

﴿عَلَى مُلْكِ سُلَيْمَانَ﴾

(Сулайман алейхи саламдын башкаруусу учурунда анын элине.)

3. Ал сыйкыр китептери сыйкырчылар тарабынан эки жол менен жазылган:

Биринчиси: шайтандар аларга шыбырап васваса кылып турган сыйкыр.

Экинчиси: эки периште Харут менен Марут адамдарга үйрөткөн нерсе. Аллах аларды Вавилонго түшүрдү, алар адамдарга сыйкырчылыкты үйрөтүп, аларга сыйкырчылык кылуудан сактанууну

эскертишти, алар адамдар үчүн сыноо жана фитна экендиктерин да айтышты.

﴿وَمَا يُعَلِّمَانِ مِنْ أَحَدٍ حَتَّى يَقُولَا إِنَّمَا نَحْنُ فِتْنَةٌ فَلَا تَكْفُرْ﴾

( ал эки периште адамдарга биз фитнабыз (сыйкырды үйрөнүп) каапыр болбо деп айтмайынча үйрөтүшпөйт)Бакара 102-аят

Аллах пенделерине жамандык жана жакшылык менен сыноо үчүн жерге жакшылык менен жамандыкты түшүргөн.

﴿وَنَبْلُوكُم بِالشَّرِّ وَالْخَيْرِ فِتْنَةً﴾

( Биз силерди сыноо (фитна) үчүн жамандык жана жакшылык менен сынайбыз) Анбия 35-аят.

Ал эми сыйкырчылыкты адамдарга үйрөтүү алар үчүн сыноо. Демек ким сыйкырга ишенсе жана аны менен амал кылса ал каапыр болот. Ал эми ким ага ишенбесе жана амал кылбаса ал ийгилике жетет.

﴿إِنَّمَا نَحْنُ فِتْنَةٌ فَلَا تَكْفُرْ﴾

(биз фитнабыз ( сыйкырды үйрөнүп) каапыр болбо)Бакара 102-аят

4. Аллах Таала Өзүнүн Пайгамбары Сулайман алейхи саламды жөөттөрдүн жалган жалааларынан тазалады. Сулайман - алейхи салам - каапыр болгон жок, бул жерде анын сыйкырчы да эмес жана сыйкырга да ишенбегендигин ошондой эле ал каапыр да эмес экенин көрсөтүп турат. Анткени ал Аллахтын пайгамбары - ага Аллахтын салам-салаваты болсун.

﴿وَمَا كَفَرَ سُلَيْمَانُ﴾

Башкача айтканда, ал сыйкырчы да эмес, сыйкырга да ишенген эмес, эгер ишенсе каапыр болуп калмак. Бул ишарат жөөттөрдүн Сулайман алейхи саламды сыйкырчылык менен айыптаганын ачыктап турат: Ибн Жарир Шахр бин Хавшабдан риваят кылган хадисте ал айтты: Жөөттөр айтты: Мухаммадды карагылачы чындык менен жалганды аралаштырып Сулайманды пайгамбарлар менен эскерип жатат, бирок ал шамалга минген сыйкырчы эле - бул каапырчылык эмеспи?

Алла Таала аларга жооп берди;

﴿وَمَا كَفَرَ سُلَيْمَانُ﴾

(Сулайман ( сыйкырчылык кылып) каапыр болгон жок)

Тактап айтканда, ал сыйкырчылык кылган жок. Бирок бул аятта (куфр) сөзү каймана мааниде колдонулушу ким сыйкырга жана сыйкырга ишенсе, биз айтып өткөндөй арабдардын тилиндеги (себептүүлүккө) ылайык каапыр экенине ишарат кылат.

Ошондуктан Сулайман каапыр болгон жок, бирок каапыр болгондор шайтандар болду.

وَمَا كَفَرَ سُلَيْمَانُ وَلَكِنَّ الشَّيَاطِينَ كَفَرُوا يُعَلِّمُونَ النَّاسَ السِّحْرَ وَمَا أُنْزِلَ عَلَى الْمَلَكَيْنِ بِبَابِلَ هَارُوتَ وَمَارُوتَ وَمَا يُعَلِّمَانِ مِنْ أَحَدٍ حَتَّى يَقُولَا إِنَّمَا نَحْنُ فِتْنَةٌ فَلَا تَكْفُرْ﴾.

(Сулайман каапыр болгон жок, бирок шайтандар каапыр болду. Алар ( шайтандар) адамдарга сыйкырды жана Вавилондо – Харут жана Марутка түшүрүлгөн нерсени үйрөтүшөт ал эки периште адамдарга биз фитнабыз каапыр болбо деп айтмайынча үйрөтүшпөйт.)

5. Сыйкыр – бул бир нерсени акыйкатта болгонунан башкача кылып көрсөтүү жана бул маани Жараткандын сөзүнөн келип чыккан.

﴿سَحَرُوا أَعْيُنَ النَّاسِ﴾

(Алар элдин көзүн сыйкырлады) Аьрааф 116-аят

﴿يُخَيَّلُ إِلَيْهِ مِن سِحْرِهِمْ أَنَّهَا تَسْعَى﴾

(Ага (Муса а.с.)га алардын сыйкырынан улам ал (таяк) кыймылдап жаткандай көрүнөт) Тоха 66-аят

Башкача айтканда, таяк чындыкка таяк болуп кала берет, бирок көрүүчүгө ал тирүү жана кыймылдап умтулуп жаткандай көрүнөт.

Тилде Ал-Жавхари айтат: сыйкырлануу дегенде жумшак жана назик нерселердин баары сыйкыр. Кээ бирде баланы сыйкырладым дешет эгер аны алдаган болсо. Сыйкыр кээ бир араб жыйнактарында жалган мааниси менен айтылган. Жалган бул арабтарда –калп менен шөөкөттөө. Акын айтат: : Мен сүф деп үйлөөчүлөрдүн жалган сыйкырынан Раббиме баш калкалайм.

Арабдар аны – б.а. сыйкырды – жашыруу маанисинде да колдонушкан. Сыйкырчы муну жашыруун кылат. Ал эми сыйкыр дегенге келсек, бул илим сыйкыр ээси адамдардын көзүн суктандырып көз бойомочулук кылат, ошондуктан алар нерсенин акыйкатынан башка нерсени көрүшөт. Башкача айтканда нерсенин акыйкатын өзгөртпөстөн башка бир нерсеге окшотуп көргөзүү. Ошондуктан адам таяктан чыккан жыланды кармаса, ал таяк экенин, ыргытылган таяк ошол эле таяк экенин табат. Болгону аны тирүү жылан деп элестеткен. Ошондуктан сыйкырчылар таяктарын ыргытканда өздөрү аны таяк эле экенин көрүштү бирок элдин көзүн сыйкырлагандыктан элдер аны тирүү көрүшкөн. Муса алейхи салам таягын ыргытканда- сыйкырчылар – таяк эмес чыныгы жылан экенин көрүштү. Ошентип алар бул сыйкыр эмес экенин түшүнүштү, анткени сыйкыр нерселердин акыйкатын жокко чыгарып ийбейт. Андыктан Мусу алейхи салам жасаган нерсе сыйкыр эмес экенин билишти. Бул ааламдардын Раббисинен келген бир акыйкат экенине ыйман келтиришти. Алардын ыймандары бир керемет болду.

6. Аллахтын бул аятты:

﴿وَاتَّبَعُوا مَا تَتْلُو الشَّيَاطِينُ عَلَى مُلْكِ سُلَيْمَانَ﴾

Сулайман алейхи салам доорунда анын( ээлигине мүлкүнө) шайтандар окуган нерсеге ээрчишти.

﴿وَلَكِنَّ الشَّيَاطِينَ كَفَرُوا يُعَلِّمُونَ النَّاسَ السِّحْرَ وَمَا﴾

Бирок адамдарга сыйкырды жана башка нерселерди үйрөткөн шайтандар каапыр болду.

Бул аяттар сыйкырдын Аллахка акарат келтирген сөздөрдү айтуу менен ишке ашарына далаалат кылат. Бул сыйкыр илими өзүнүн ниетинде же жол-жоболорунда акарат сөздөрдү колдонуу менен ишке ашканын билдирет. Ал эми, бул аятта айтылган белгилүү мааниде айтылган сыйкыр маанисинен тышкары нерселер мисалы бир нерсени көркөм ыкмалар ( фокус) менен башкача кылып көрсөтүү сыйкырга кирбейт. Колдун ийкемдүүлүгү же ушга окшогон нерселер. Же кээ бир куфр кылуудан башка сөздөрдү менен колдонуу менен адамдарга иллюзия катары чындыкка дал келбеген нерселерди көрсөтүү сыяктуу. Кээ бир тажрыйбалуу шылуун шарлантандар – бул жана ага окшогондор жогоруда айтылган маанидеги сыйкырга кирбейт.

7. Сыйкырчынын жазасы – биз көрсөткөндөй – муртадтын жазасы, анткени жогоруда айтылып өткөн маани боюнча ал каапыр. Сахабалар сыйкырчыны өлүм менен жазалашкан. Момундардын энеси Хафса – Аллах Таала андан ыраазы болсун – сыйкырчылык кылганын мойнуна алган бир сыйкырчыны өлтүрүүгө буйрук берген.

Ал эми Усмандын – Аллах андан ыраазы болсун – Хафсанын иш-аракетин четке кагышы тууралуу риваят кылынган нерсеге келсек, бул ишти Хафса энебиз Усман р.а. нун уруксатысыз кылганы үчүн ага каршы четке кагуу болуп саналат. Анткени ал мусулмандардын халифасы болчу. Өлүм жазасын четке каккан эмес. Мындай иш б.а. сыйкырчынын өлтүрүлүшү, Умардын - Аллах андан ыраазы болсун - доорунда болгон жана бул сахабалардын ижмасы, анткени бул өкүм алар тарабынан четке кагылбастан ачык жарыяланган маанилүү өкүм болгон. Ахмад Суфяндан Ахнаф бин Кайстын агасы Жуз бин Муавия аркылуу алып келген риваятында: бизге ар бир сыйкырчыны өлтүрүү тууралуу Умардын каты анын өлүмүнөн бир жыл мурун келген. Балким Суфян бакшыны деп айтты)

Биз жогоруда айтып кеткен адамдарды алдоо максатында фокустарды жасаган адам аны кандай жасаганын ачыктабаса аны менен алектенгендер келтирген зыянына жараша дисциплинардык жаза менен жазаланат. Белгилүү болгондой, исламда дисциплинардык жаза жасалган кылмыштын түрүнө жараша өлүмгө чейин жетип барат.

Ал эми хад жазасы колдонуу аркылуу өлтүрүлгөн адам менен дисциплинардык (таьзиир) жаза колдонуу аркылуу өлтүрүлгөн адамдын ортосундагы айырма бул- биринчиси динен кайткан муртад ага жаназа окулбайт жана мусулмандардын көрүстөнүнө койулбайт. Экинчиси

кылган кылмышынын түрүнө жараша өлтүрүлгөн мусулман фасык фаажирге жаназа окулат жана мусулмандар көрүстөнүнө койулат.

﴿فَيَتَعَلَّمُونَ مِنْهُمَا مَا يُفَرِّقُونَ بِهِ بَيْنَ الْمَرْءِ وَزَوْجِهِ وَمَا هُمْ بِضَارِّينَ بِهِ مِنْ أَحَدٍ إِلَّا بِإِذْنِ اللَّهِ

8. Алар ( адамдар) алардан ( периштелерден) эркекти аялынан ажыраткан нерсени үйрөнүшөт жана Алланын уруксатысыз аны менен эч кимге зыян келтиришпейт.

Аллах Таала сыйкырды үйрөнүп ага амал кылгандар- алар менен мамиле кылган адамдарга карата кылган иштери аркылуу жубайларды ажырашууга алып келүүчү көйгөйлөрдү жаратууга жөндөмдүү экенин көрсөтүүдө. Андан кийин Аллах Таала - сыйкырчыда Аллах Тааланын кудурети бар же ал Аллах Тааланын эркине каршы нерселерди кыла алышы мүмкүн деген түшүнүк адамдардын түшүнүгүнө кирип калуусун жок кылуу үчүн маанилүү бир акыйдалык маселени түшүндүрөт. Демек Аллах бул аятта Аллахтын уруксаты болмоюнча, Алла Тааланын ээлигинде эч нерсе ишке ашпай турганын ачык-айкын баяндады. Башкача айтканда анын эркине каршы эмес, балким бул маани Аллахтын экркинин мааниси же тактап айтканда Аллахтын каалоосу деп аталат. Аллахтын ээлигинде анын эркине каршы эч нерсе болбойт, Ал улук б.а. баардык болуп жаткан нерселер анын уруксаты менен, анын каалоосу менен, же анын эрки менен ишке ашат.

﴿وَمَا تَشَاءُونَ إِلَّا أَن يَشَاءَ اللَّهُ رَبُّ الْعَالَمِينَ﴾

( силер каалаган нерсен эмес Аллах каалаган нерсе гана ишке ашат) Таквиир 29-аят

Бул Аллахтын куфрлуктан ыраазы болгондугун билдирбейт, анткени Аллах каапырлыкка жана моюн сунбастыкка ыраазы болбойт.

﴿إِن تَكْفُرُوا فَإِنَّ اللَّهَ غَنِيٌّ عَنكُمْ وَلَا يَرْضَى لِعِبَادِهِ الْكُفْرَ﴾

( эгер каапырлык кылсаңар Аллах силерге муктаж эмес Аллах пенделерине куфрдукту ыраа көрбөйт. ) Зумар 7-аят

Бул терминдик маани нусустарды тереӊ окуп үйрөнүүдөн келип чыккан терминдик маани. Каалоо, эрк, уруксат деген тилдик негизде чечмеленбейт. Балким фикхчылар, усулчулар жана тилчилердин терминдик мааниде колдонушу аркылуу чечмеленет.

﴿بإِذْنِ اللهِ﴾

(Аллахтын уруксаты менен)

Бул оорунда мунун далалаатты өтө маанилүү. Сыйкырчалардын адамдардын көзүн сыйкырлоосу аркылуу – алар Аллах Таала сыяктуу жаратып жатканы же Аллах жокко чыгара албаган иштерди жасап жаткандыгы сыяктуу бир адаштыручу түшүнүк адамдарга жаралып калышы мүмкүн. Ошондуктан Аллах ааламда болуп жаткан иштер анын эркине каршы эмес балким баардык иштер анын гана каалоосу менен

ишке аша турганын баяндады. Кудурети Күчтүү Аллах алардын сыйкырын жокко чыгара алышын, ошондой эле Анын ээлигинеде анын эркине каршы эч нерсе болбой турганын баяндады.

Бул жерде бирөө айтышы мүмкүн: Анда эмне үчүн Аллах алардын сыйкырын жокко чыгарбады?!

Аллах жаманды да жакшыны да баяндады. Ошондой эле жакшылыкка ишке жакшылык, жамандык ишке жамандык жазасы да болорун көрсөттү. Аллах баардык адамдарды бир диндеги жакшы бир үммөт кылып койууга да кудуреттүү экенинин баяндады.

﴿وَلَوْ شَاءَ رَبُّكَ لَجَعَلَ النَّاسَ أُمَّةً وَاحِدَةً وَلَا يَزَالُونَ مُخْتَلِفِينَ﴾

(Эгер Раббиң кааласа, адамдарды бир (диндеги) үммөт кылып коймок. Алар дайым талашып-тартышуу (үстүндө) ( ар түрдүү диндерде)) Худ 118-аят.

Бирок Аллах Таала, өзү билген акылмандыгы (хикматты) үчүн, жамандыкты же жакшылыкты тандоону бизге калтырды жана биз ал үчүн сыйлык же жаза алабыз. Ошондуктан бир бөлүк адамдар бейишке кирсе бир бөлүк адамдар тозокко кирет.

﴿وَلَوْ شِئْنَا لَآتَيْنَا كُلَّ نَفْسٍ هُدَاهَا وَلَكِنْ حَقَّ الْقَوْلُ مِنِّي لَأَمْلَأَنَّ جَهَنَّمَ مِنَ الْجِنَّةِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ﴾

( эгер биз кааласак ар бир адамды хидаяттап коймокпуз. Бирок тозокту ( каапыр болгон) адамдар жана жиндер менен толурам деген сөзүм ( өзгөрүүсүз) акыйкат болду.) Сажда 13- аят.

Демек Аллах эмне үчүн сыйкырчылардын бул жамандыгын жок кылбады деген суроо туулбайт. Же эмне үчүн Аллах Таала бизди буйруган бардык нерседе жакшылыкка түртпөдү деген да суроо туулбайт. Же эмне үчүн Аллах Таала бизди жамандыктан кайтарып жалаң гана жакшылык иштерди кыла турган кылган жок деген да суроо туулбайт. Аллах бизге жакшыны да жаманды да баяндап көрсөтүп, кайсыны тандоону бизге калтырды. Бул Аллах Тааланын бизге карата акылмандыгы (хикматы).

﴿لَا يُسْأَلُ عَمَّا يَفْعَلُ وَهُمْ يُسْأَلُونَ﴾

( Аллах кылган ишинен суралбайт алар кылган ишинен суралат) Анбия 23- аят

Бирок бардык учурларда биз Аллахтын мүлкүндө Анын каалоосуна каршы эч нерсе ишке ашпастыгына ишенишибиз ваажиб.

﴿وَلَقَدْ عَلِمُوا لَمَنِ اشْتَرَاهُ مَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ مِنْ خَلَاقٍ﴾

(Аны сатып алган ( сыйкыр менен алек болгон) адамга акыретте эч кандай сооп жок экенин билишти.)

Бул аятта баяндалгандай сыйкырдын баардыгы жаман. Бул алар үйрөнүп жаткан нерселердин сыпаатты, бул сыйкыр.

﴿يُعَلِّمُونَ النَّاسَ السِّحْرَ﴾

( адамдарга алар сыйкырды үйрөтүшөт)

Бул сыпат алар үйрөнгөн нерселеринин аларга зыян келтирип, пайда алып келбей турганын апачык көрсөтүп турат. Ошондуктан бардык сыйкырлар жаман, зыяндуу жана пайдасыз.

Андан кийин Аллах - биз жогоруда баяндап өткөн боюнча сыйкыр менен алактенген адам Аллахка жана анын аяттарына ишенбегендигин акыретте насиби жок экенин ачык баяндайт.

﴿اشْتَرَاهُ﴾

Сатып алды бул жерде каймана мааниде колдонулуп, сыйкырды өзүнө кесип кылган деген мааниде ошондуктан бир нерсени сатып алуу – бул мал-мүлктү колдонуп пайдалануу же аны айырбаштоо менен андан пайда алууну билдирет.

Ал эми бул жерде сыйкырды өзүнө киреше алып келүүчү кесип катары пайдалангандыктан сыйкырды сатып алгансып (өзүнүн оюнда пайда) алып жатат. Ошондуктан сатып алган сөзу каймана мааниде колдонулду.

﴿وَلَقَدْ عَلِمُوا لَمَنِ اشْتَرَاهُ مَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ مِنْ خَلَاقٍ﴾

(Аны сатып алган ( сыйкыр менен алек болгон) адамга акыретте эч кандай сооп жок экенин билишти.)

Таштоону талап кылган маани жөнүндө кабар. Башкача айтканда сыйкыр менен алек болууга чечкиндүү түрдө тыюу салуу мааниси жөнүндөгү талап кабары.

﴿وَلَبِئْسَ مَا شَرَوْا بِهِ أَنْفُسَهُمْ لَوْ كَانُوا يَعْلَمُونَ﴾

(Эгер билишсе, өздөрүнө сатып алган ( сыйкыр менен алек болгондору)кандай жаман!

Башкача айтканда алар өздөрүн Аллахтын азабына дуушар кылып, тозок отуна курмандыкка чалуу үчүн өздөрүн сатып жибергени кандай жаман.

﴿مَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ مِنْ خَلَاقٍ﴾

( акыйкатты таштап сыйкыр менен алек болгон) адамга акыретте эч кандай сооп жок экенин билишти.)

Сыйкыр менен алек болгондуктары себебтүү аларга бериле турган нерсе-бул Аллахтын каары жана тозок оту. Бул чындап эле аянычтуу сатып алынган акыбет.

﴿لَوْ كَانُوا يَعْلَمُونَ﴾

(Эгер алар билишсе)

Тактап айтканда, алар үйрөнгөн нерселеринен пайда ала алышпаса, башкача айтканда көрүп билип туруп анын тескерисин кылса анда ал адам билбеген адамдай эле макоо болот. Ким сыйкырдын ал үчүн каргашалуу кесепеттерге алып келерин билип туруп анан аны менен алектенсе ал билбеген адамдай эле макоо болот. Бул жерде маанини

берүү үчүн  ушундай ибарат менен берүү  өз ордунда колдонулган өтө күчтүү маани  Аллах улук!

Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам, пайдасыз илимден Аллахка баш калкалоо сурар эле.

«أعوذ بالله من علم لا ينفع، وقلب لا يخشع، وعين لا تدمع»

“Пайда бербеген илимден, коркпогон жүрөктөн, жаш акпаган көздөрдөн Аллахтан паана тилейм”. Ахмад риваяты. Бул- биз жогоруда айтып өткөндөй бул оорундагы күчтүү маани. Бул маани  Аллахтын китебинде башка оорунда башка далаалат менен келген.

﴿أَفَلَمْ يَسِيرُوا فِي الْأَرْضِ فَتَكُونَ لَهُمْ قُلُوبٌ يَعْقِلُونَ بِهَا أَوْ آذَانٌ يَسْمَعُونَ بِهَا فَإِنَّهَا لَا تَعْمَى الْأَبْصَارُ وَلَٰكِن تَعْمَى الْقُلُوبُ الَّتِي فِي الصُّدُورِ﴾

(Алар (Курайш) жер жүзүн кыдырып жүрүшпөй элеби. Алар үчүн- (алар мурунку коомдордун  акыбеттерин  көрүп) акыл жүргүзүп туя турган жүрөк же (алардын эмне  болуп жок болгондорунун кабарын) угуп үлгү ала турган  эс тутум ибарат болот эле.  Бирок алардын  көрүп билип ибарат албагандары ) көздүн сокурдугу эмес балким көкүрөктөгү жүрөктүн сокурдугу ( бул жеткен сокурдук) Хаж 46-аят

﴿صُمٌّ بُكْمٌ عُمْيٌ فَهُمْ لَا يَرْجِعُونَ﴾

( Алар сокур, дүлөй, дудук алар ыйманга акыйкатка кайтышпайт)) Бакара 17-аят.

Укканынан пайда албаган адам укпагандай болот.

Көргөнүнөн пайда албаган адам көрбөгөндөй болот.

Сүйлөнүнөн пайда албаган адам сүйлөбөгөндөй болот.

Акыл жүргүзгөнүнөн пайда албаган адам акыл жүргүзбөгөндөй болот.

Билгенинен пайда албаган адам билбегендей болот.

18-рамазан, 1444-х.
9- апрель, 2023-м.

## Жеңүүчү тайпа туурасындагы хадис

**Суроо**: жеңүүчү тайпа (голиб тоифа) туурасында бир нече хадистер келген. Бул хадистер кандай тафсирленет? «Бул хадистерден усул аалымдары же хадис аалымдары көздөлгөн» деген сөздөр туурабы? Айрым учурларда ал же бул жамааттын «бул хадистерде айтылгандарга биз туура келебиз» деп жатышканын угуп калабыз, эми муну кантип аныктаса болот? Алла сиздерди Өз рахматына жетиштирсин.

**Жооп**: мунун жообу эки бөлүмдөн турат:

Биринчи: Жеңүүчү тайпа туурасында келген хадистердин шархы.

Экинчи: Ушул хадистерге карата кандай мамиледе болуу.

Биринчиси: Жеңүүчү тайпа туурасында бир нече хадистер келген:

- Бухарий Мугыйра ибн Шуъбадан рыбаят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деген: «Үммөтүмдүн бир тайпасы ар дайым жеңүүчү болуп бара берет, ал тургай, Алланын буйругу келген кезде да, алар жеңүүчү болуп турган болушат».
- Муслим Савбандан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген: «Үммөтүмдүн бир тайпасы ар дайым акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп бара берет. Кимдир бирөөлөрдүн колдоп-кубаттабашы ага зыян жеткирбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да ушул абалында турган болот».
- Муслим Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылышынча, ал Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уккан экен: «Үммөтүмдүн бир тайпасы кыямат күнүнө чейин акыйкат үстүндө күрөшүп, жеңүүчү болуп бара берет. Кийин Ийса ибн Марям соллаллоху алайхи ва саллам түшөт. Ошондо алардын амири (Ийсага): «Кел, бизге намаз окуп бер» (имам болуп бер), - дейт. Ошондо ал Алланын бул үммөткө болгон ызат-сыйын көрүп: «Жок силер бири-бириңерге амирсиңер», - дейт».
- Муслим рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген: «Бир тайпа мусулмандар кыямат күнүнө чейин акыйкат үстүндө согушуп, каршылаштарынын үстүнөн жеңүүчү болуп бара берет».
- Муслим Укба ибн Омирден рыбаят кылышынча, ал киши «мен Пайгамбар ﷺдын мындай деп жатканын укканмын» дейт: «Бир тайпа үммөтүм Алланын иши-буйругу негизинде согушуп, душмандарын жеңип бара берет, каршылаштары ага жапаа жеткизбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да ушул абалда турган болот».
- Термизий Савбандан рыбаят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деген: «Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп бара берет. Алланын иши-буйругу келгенге чейин кимдиндир колдоп-кубаттабашы аларга зыян жеткирбейт».

▪ Абу Довуд Имрон ибн Хусайндан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген: «Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө согушуп, каршылаштарынын үстүнөн жеңүүчү болуп бара берет. Ал тургай, алардын акыркылары Масийх Дажжал менен согушат?».

▪ Имам Ахмад Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылышынча, ал киши «мен Расулулла ﷺдын мындай деп жатканын уктум» дейт: «Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө согушуп, кыямат күнүнө чейин жеңүүчү болуп бара берет».

▪ Ахмад рыбаят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деген: «Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп, душмандарын жеңип бара берет. Өздөрүнө жолуккан (табийгый) мусибат-тарткылыктарды эсепке албаганда, каршылаштары аларга зыян жеткизбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да, ушул абалында турган болушат. «Я Расулулла, алар каерде (болушат)?» - деп суралды, ошондо ал зат: «Байтул Макдисте жана Байтул Макдистин айланасында», - деди».

▪ Табароний «Ал-Кабир»де келтирген хадисте: «Бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп, өздөрүнө каршы согушкандарды жеңип бара берет. Каршылаштары аларга зыян жеткизбейт. Ал тургай, Алланын иши-буйругу келген кезде да алар ушул абалда турган болушат. «Я Расулулла, алар каерде (болушат)?» - делгенде, ал зат: «Байтул Макдисте», - деди».

▪ Ахмад Абу Умомадан рыбаят кылган хадисте алардын Байтул Макдисте болору келтирилип, «Байт» сөзү «Макдис»ке изофа кылынган. Табароний «Ал-Авсат»та Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте мындай делет: «Алар Дамашк дарбазаларынын алдында жана анын айланасында, Байтул Макдис дарбазаларынын алдында жана анын айланасында согуш кылышат. Кимдиндир колдоп-кубаттабаганы аларга зыян кылбайт. Кыямат күнүнө чейин жеңүүчү болуп калышат» («Фатхул Барий»ден).

▪ «Үммөтүмдүн бир тайпасы Дамашк дарбазаларынын алдында жана анын айланасында, Байтул Макдис дарбазаларынын алдында жана анын айланасында согуш кылууда уланышат. Кимдиндир колдоп-кубаттабастан таштап коюшу аларга зыян кылбайт. Кыямат кайым болгонго чейин акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп калышат». (Муттакий Хиндийдин «Канзул Уммол» китебинен).

Ушул тайпа туурасында айтылган хадистерди тадаббур кылып (бир сыйра көздөн кечирип), бири-бирине салыштыруудан төмөндөгүлөр белгилүү болот:

1. Ал тайпа мусулмандардын бардыгы эмес, балким, мусулмандардын бир бөлүгү гана. Себеби, «тайпа» деген сөз нерсенин бир бөлүгүнө карата

айтылат. «Комус»та да: «Нерсенин бир тайпасы – анын бир бөлүгү» делген.

2. Ал акыйкат негизинде т.а. Ислам негизинде жүрөт.

3. Алар «Акыйкат үстүндө согуш кылышат», «Алланын буйругу негизинде согушушат».

4. Ал күч-кудуретке ээ болуп, душман кошууну менен согушат да, аны жеңип, бүтүндөй чегинтет, анын үстүнөн ачык жеңишке жетишет. Алар жөнүндө: «Акыйкат үстүндө согушуп, каршылаштарынын үстүнөн жеңүүчү болуп бара берет», «Алланын иши-буйругу негизинде согуш кылып, душмандарды жеңилүүгө учуратып бара берет» делген.

5. Бул тайпа «Дамашк дарбазаларынын алдында жана анын айланасында, Байтул Макдис дарбазаларынын алдында жана анын айланасында согуш кылышат». Демек, алар Шам журттарында жана анын айланасындагы аймактарда душман менен согушуп, анын үстүнөн жеңишке жетишет.

Бул сыпаттардан белгилүү болгондой, бул тайпа Ислам негизинде иш алып барат, анын жолунда согушат жана душманды бардыгынын көз алдында ачык жеңе турган күч-кудуретке ээ болот. Себеби, душман бир канча мамлекет жана кошуундарга ээ. Ушундай болгон соң, душманды жеңе турган кошуун да Исламий мамлекеттеги күчтүү исламий кошуундан турушу керек жана кошуунду халифа же кошуун башчы башкарышы керек. Ошондо душман менен согушуп, аны шерменделерче жеңилүүгө учуратып, жеңишке жетишет. О.э. бул тайпа Шам журту менен анын айланасындагы аймактардан келип чыгышы керек, мамлекет куруп, кошуун курап, душман менен согушуп, аны чегинтип, анын үстүнөн жеңишке жетишиши керек. Т.а. бул тайпа мамлекетке жана кошуунга ээ болуп, душманды жеңилүүгө учуратып, анын үстүнөн жеңишке жетишет же мамлекет жана кошуун тикелөө үчүн иш алып барат. Кийин душман үстүнөн ийгиликке жетишип, аны чегинтет жана жеңүүчү болот.

Менин оюм боюнча, бул сыпаттар – душман менен согушуу, анын үстүнөн жеңишке жетишүү – Пайгамбар ﷺдын жана ал заттын сахабаларынын дооруна туура келет. О.э. Исламдын алгачкы дооруна да жана душман менен согушуп, аны чегинтип, анын үстүнөн жеңишке жетишкен Ислам Мамлекетинин ар бир халифасы менен кошуун башчысына да дал келет.

Бул сыпаттар кресттүүлөрдү жеңилүүгө учураткан Салахуддин менен анын кошуунуна да, ошондой эле, монгол-татарларды жеңилүүгө учураткан Кутз, Бейбарс менен алардын кошуундарына да туура келет.

Менимче, бул сыпаттар бизге да туура келет. Анткени, биз күчтүү Исламий мамлекет – туура жолдогу Халифалыкты тикелөө үчүн аракет

кылып жатабыз. Ал Халифалык болсо, душман менен согушат, аны чегинтет, анын үстүнөн жеңишке жетишет. Жөөт вужудун жоготот, Расулулла ﷺ башарат кылганындай, Римди фатх кылат.

Мен ушундай деп билем.

Бирок, бул тайпанын сыпаты Исламий мамлекети да, Исламий мамлекет ичиндеги кошууну да болбогон эч бир жамаатка туура келбейт. Себеби, анын мамлекети жана кошууну болбосо, душманды жеңилүүгө учуратып, анын үстүнөн жеңишке жетише албайт. Кыскасы, мамлекет жана мамлекеттеги кошуун болбосо, жөөт мамлекетин жок кыла албайт жана Америка же Британияны да жеңе албайт. Демек, бул тайпа – душман менен согуша турган мамлекети же мамлекет ичиндеги кошууну болбогон жамааттарга туура келбейт. Себеби, ошол жеңүүчү тайпа болгону согушуу менен гана сыпаттанып калбастан, душманды чегиндирип, анын үстүнөн жеңишке жетишүү менен да сыпаттанууда. Негизи, душман мамлекетине жана кошуунуна ээ болгон соң, аларды мамлекетке да, кошуунга да ээ болбогон жамааттардын чегиндириши, анын үстүнөн жеңишке жетишиши мүмкүн эмес.

Ошондой эле, ал тайпа Исламий мамлекет – Халифалыкты тикелөө үчүн иш алып барбай турган жамаатка да туура келбейт. Себеби, ал мындай иш алып барбаса, мамлекеттерди да, кошуундарды да жеңилүүгө учурата албайт. Себеби, согушуу жана душманды жеңүү – ушул тайпанын негизги сыпаты. Бул нерсе болуп өткөнбү, же эми болобу, мунун айырмасы жок.

Ушуга караганда, бул тайпа – усул аалымдарына да, хадис аалымдарына да, эгер алар душман менен согушуп, аны чегиндирүүчү жана анын үстүнөн жеңишке жетишүүчү мамлекетти тикелөө үчүн иш алып барышпаса – туура келбейт.

«Сахихи Бухарий»деги «Пайгамбар ﷺдын «бир тайпа үммөтүм акыйкат үстүндө жеңүүчү болуп, согушуп бара берет, алар – ахли илимдер» деген рыбаятындагы «алар ахли илимдер» деген сөз мусаннифтин (түзүүчүнүн) сөзү, Пайгамбар ﷺдын сөзү эмес. Себеби, Асколоний «Фатхул Барий»де ушул бапты шархтап: «Рыбаяттагы «…алар ахли илимдер» деген сөз мусаннифтин сөзү» деп келтирген.

Ушуну да айта кетүү керек, душманга каршы калыс согушкан ар кандай тайпа – мейли, душман үстүнөн жеңишке жетише албаса да – ажрга (сооп-сыйлыкка) ээ болот. Ал тургай, душманга каршы ыклас менен кылынган жеке тартиптеги согушка да ажр бар. Ар кандай жамаат жакшылык иш-амалдардын бирөөсүн кылса, ага да ажр бар, мейли ал жеке тартиптеги амал болсо да. Ар кандай тайпа Исламий илимдер менен алектенсе – усул илими болобу же хадис илими болобу, айырмасыз – мейли, бул фардий (жеке тартиптеги) амал болсо да, бул иштерде ага ажр

бар. Бирок, бул орунда маселе бул туурасында эмес, балким, ал же бул тайпаны жеңүүчү тайпа деп сыпаттоо туурасында болууда.

Ал же бул тайпа жеңүүчү тайпа сыпатына ээ болушу үчүн Расул ﷺдын хадистеринде айтылган сыпаттарды өзүндө толук камтыган болушу шарт.

Бул хадистер топтолуп, биргеликте тадаббур кылынып, анан тафсир кылынса, жогорудагы тыянактар келип чыгат. Мен туура деп билген тыянактар мына ушулар.

Хадистеги «жеңүүчү болуп бара беришет» деген сөзгө келсек, бул «үзүлүш болбойт» дегени эмес, тескерисинче, душман үстүнөн жеңишке жетишүү кыямат күнүнө чейин мезгил-мезгили менен болуп турат. Т.а. душман үстүнөн жеңиш бир жолу болуп, кийин душман бизди түбөлүк жеңет дегени эмес, балким жеңишибиз кыямат күнүнө чейин мезгил-мезгили менен арты-артынан боло берет. Бул нерсе турмуш чындыгында болуп өткөн. Исламдын алгачкы доорунда капырга үстөм болуп, жеңишке жетиштик, кийинчерээк чегинген учур болду, кайра жеңишке жетиштик.

وَتِلْكَ الْأَيَّامُ نُدَاوِلُهَا بَيْنَ النَّاسِ

- *«... бул күндөрдү (т.а. жеңиш жана жеңилүү күндөрүн) адамдар арасында айландырып турабыз».* [3:140]

Кресттүүлөр келди, кийин алар жеңилүүгө учурашты. Монгол-татарлар келди, кийин алар да жеңилүүгө учурашты. Биз алсырап чегиндик, кийин кайтып Константинополду фатх кылдык, ал Исламбулга айланды… Халифалык түгөтүлдү, эми болсо ал Алланын уруксаты менен кайтып келет, жакында Палестинаны басып алган жөөт вужудун жок кылат, Алланын изни менен Римди фатх кылат. Жогорудагы сыпаттарга ээ тайпа акыйкат үстүндө согушуп бара берет, ал тургай, алардын сүйөнүчү Масийх Дажжал менен согушат. Хадистеги этибарлуу жай, Ийса алайхис-салам кыямат күнүнөн мурунураак түшкөн кезинде, мусулмандардын мамлекети жана амири бар экендигин, мунун натыйжасында, алар душман үстүнөн ачык жеңишке жетишкендигин көрөт.

Кыскасы, «жеңүүчү болуп бара беришет» деген сөз «үзүлүш болбойт» деген маанини түшүндүрбөйт, балким, «бул дүйнө мусулмандар кыямат күнүнө чейин жеңишке жетишип тура турган доорлордон куру эмес» деген маанини түшүндүрөт.

Пайгамбар ﷺдын «Сахихи Бухарий»де рыбаят кылынган сөзү да ушуга кирет:

«Качан кыямат кайым болгонго чейин бул үммөттүн иши туура, ийилбестен улана берет».

Бул хадистен «үммөттүн иши туура, ийилбестен үзгүлтүксүз уланып турат» деген маани чыкпайт. Анткени, үммөт ишинин туура кетиши айрым доорлордо, айрыкча, Халифалык кулатылгандан кийин үзүлүп калды.

Бул – дүйнөдө үммөттүн иши кыямат күнүнө чейин туура кете берет, ийилбейт, ийилсе кайра түзөлбөйт, Халифалык кетпейт, кеттиби эми кайтпайт – дегени эмес. Тескерисинче ал кайтат, ийилген болсо кайра тууралaнат. Кыскасы, үммөттүн кыямат күнүнө чейин туура кетиши мезгил-мезгили менен уланып барат.

Бул жооптун биринчи бөлүгү болду жана ал маселенин негизги тарабы болсо керек. Бирок, мындан башкача тафсир кылуу мүмкүн эмес деп айтмакчы эмесмин, болгону ушу туура болсо керек деп билемин.

Экинчи тарап – бул хадистерге карата кандай мамиледе болуу керектигине келсек:

Пайгамбар ﷺдын мусулмандарга жакшылык алып келүүчү иштер тууралуу башарат берген хадистерине карата сахабалар (Алла алардан ыраазы болсун) жана сүннөткө көркөм түстө ээрчигендер кандай амалий мамиледе болушса, ошондой мамиледе болуш керек. Алар Пайгамбар ﷺдын Константинополь менен Римдин фатх кылынышы жөнүндөгү хадистерин уккан же окуган кездеринде, бул башараттарды өз колдору менен жүзөгө чыгарууга катуу умтулушту. Натыйжада, Алла биринчи фатхты Мухаммад Фатих рахимахуллага насип этти жана бул фатх себептүү Константинополь Исламбул атын алды. Хадисти угушту да, ушул хадис өз колдорунда жүзөгө чыгышы үчүн, кала берсе, Расулулланын фатх кылуучуну «Анын (т.а. Исламбулду фатх кылуу үчүн жиберилген кошуундун) амири кандай ажайып амир, анын кошууну да кандай ажайып ээ» деп сыпаттаган жакшылыкка жетишүү үчүн, бул ишке олуттуу киришип кетишти. Ошондуктан, халифалардын көпчүлүгү Константинополду фатх кылуу үчүн эчендеген кошуундарды жиберишти. Абдан көпчүлүк сахабалар, атүгүл Абу Айюб ﷺ сыяктуу кары жаштагы сахабалар да ушул улуу фазилатка жетишүү максатында ошол кошуундун сабында болушту.

Айтор, жеңүүчү тайпа тууралуу хадистерде Пайгамбарыбыз ﷺ анын сыпаттарын билдирди, анын фазлин, душман менен согушушун, душман үстүнөн жеңишке жетишишин баяндап берди. Бул болсо капыр мамлекеттер менен алардын кошуундарын жеңе турган Исламий мамлекет жана мусулман кошуун менен гана болот. Ушундай болгон соң, Ислам Мамлекетин – туура жолдогу Халифалыкты тикелешибиз үчүн, анын кошуундарынын сабында болуп, душманга каршы согушуп, анын үстүнөн жеңишке жетишишибиз үчүн белди бекем бууп, жең түрүнүп ишке киришели. Муну менен Пайгамбарыбыз ﷺдын хадиси

шарифтеринде айтылган ошол тайпанын катарында болушубузду үмүт кылабыз.

Акыры келип, эң маанилүү бир иш калды. Бирок, бул иш а же бу тайпанын «ошол тайпага биз туура келебиз» деши эмес. Балким, маселе мында, кимде-ким жеңүүчү тайпа болууну каалаLса, ошол тайпаны мүнөздөп келген сыпаттарды жүзөгө чыгарып, Исламий мамлекетти жана Исламий кошуунду пайда кылуу үчүн иш алып барсын, бул кошуун болсо, капыр душман Америка, Британия, жөөт жана башкалар менен согушуп, алардын үстүнөн ачык жеңишке жетишет. Ошондо ал жеңүүчү тайпанын сабында болгон болуп эсептелет. Ушундай экен, кимде-ким жеңүүчү тайпанын катарынан орун алмакчы болсо, Алланын уруксаты менен ошол тайпанын сыпаттарын өзүндө камтыган абалда аракет алып барсын.

Ошол тайпанын сабында болушубузду, Исламий мамлекет – туура жолдогу Халифалыктын тикеленишинин күбөсү болушубузду, душман үстүнөн жеңишке жетишүүчү Ислам лашкерлеринин катарында болушубузду Алла Субханахудан сурап калабыз.

Алла Субханаху динине жардам берүүчүлөргө жардам берүүчү зат о.э. Ал күчтүү жана азиз.

7-рамазан, 1425-х.
21-октябрь, 2004-м.

## Хадисте келген “башы каралар” деген сөз тууралуу

**Суроо**: «Халифалык мамлекетиндеги малдар» китебинде: «Силерден мурун башы каралардын бирине да каниметтер адал болбогон...» - деген хадис келген. «Башы каралар» деген сөздөн эмне назарга алынат?

**Жооп**: Абу Хурайра хадисинде келген башы каралар деген сөздөн максат бани адамга (Адам перзенттерине) шилтеме. Алардын башы кара болушун этибарга алып ушундай делген. Т.а. Пайгамбарыбыз ﷺдан мурун бани адамдын бирине да каниметтер адал болбогон деген мааниде...

27-робиул-аввал, 1432-х.
2-март, 2011-м.

## «Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини жиберет» деген хадиси шарифтин мааниси

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Шейхибиз, Аллах сиз себептүү береке берсин жана сиздин колуңуз менен нусратты тездетсин, илимиңизден бизге пайда берсин!

Улуу сахаба Абу Хурайра ﵁ Расулуллах ﷺдан ушул белгилүү хадисти риваят кылат:

«إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا»

«Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылап турган кишини жиберет». Абу Давуд риваяты (4291), Сахавий аны «Макосидул хасана»да (149-б), Албаний «Силсилатус сахиха»да (599) сахих, деген.

Суроо ушул, ушул хадистин мааниси кандай, андагы «مَنْ» сөзү бир адамды түшүндүрөбү же жамааттыбы? Өткөн кылымдардагы ушундай кишилерди санап өтүү мүмкүнбү? Аллах сизден ыраазы болсун!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ооба, бул хадис сахих жана анда беш маселе бар:

1 – Жүз жыл кайсы тарыхтан башталат: Расулуллах ﷺдын туулган күнүнөнбү, же пайгамбарлыктанбы, же хижраттанбы, же дүйнөдөн кайткан күнүнөнбү?

2 – «Ар жүз жылдын башы», дегени ар жүз жылдын башын түшүндүрөбү, же ар жүз жыл аралыгынбы, же ар жүз жылдын аягынбы?

3 – Андагы «مَنْ» сөзү адамдарга диндерин жаңылап бере турган бир кишини түшүндүрөбү же жамааттыбы?

4 – Өткөн жүз жылдыктар арасында жаңылоочуларды санап өткөн сахих риваяттар келгенби?

5 – Биз хижрий 1399-жылы 30-зул-хижжада бүткөн он төртүнчү жүз жылдыкта адамдарга диндерин жаңылап берүүчү ким экенин билишибиз мүмкүнбү?

Мен колумдан келгенче бул маселелердеги таржихтеримди – кайчылаш нукталарга киришпестен – жооп берүүгө аракет кыламын, Аллах Өзү буга жетиштирсин, Аллах туура жолго хидаяттоочу.

1 – Жүз жыл кайсы тарыхтан башталат?

Мунавий «Фатхул кадир» мукаддимасында: «Жүз жылдын башы туурасында ихтилаф бар: Ал Пайгамбар ﷺ туулган күнүнөн башталабы, же Пайгамбар болуп жиберилген күндөнбү, же хижраттанбы, же көз жумганынанбы...», деген. Менин таржихим (башкаларга караганда күчтүү деп билгеним), бул, хижраттан башталат. Себеби, бул исламий мамлекет тикелениши менен Ислам жана мусулмандар азиз болгон окуя.

Ушул себептен улам, Умар тарыхты баштоого иттифак кылуу үчүн сахабаларды жамдаганда баары хижратка таянышты. Табарий өзүнүн «Тарых»ында риваят кылат:

«Мага Абдурахман ибн Абдуллах ибн Абдулхакам айтып берди: бизге Нуайм ибн Хаммад айтып берди: бизге Даровардий Усман ибн Убайдуллах ибн Абу Рофиънин мындай риваят кылганын айтып берди: мен Саид ибн Мусайябдын мындай деп жатканын уктум: Умар ибн Хаттаб адамдарды чогултуп, алардан: Кайсы күндөн жазабыз, деп сурады. Али: Расулуллах ﷺ хижрат кылып, ширк өлкөсүнөн чыккан күндөн, деди. Умар ﵁ ошондой кылды. Абу Жаъфар мындай деди: Алар биринчи хижрий жылды ошол жылдын мухаррам айынан башталат деп чечишти т.а. Расулуллах ﷺдын Мединага келишинен эки айдан көбүрөөк убакыттан мурун башташты, анткени, Расулуллах ﷺ ал жерге рабиул-аввалдын он экинчи күнү келген».

Ушуга ылайык, мен жүз жылдыктарды сахабалар ﷽ таянган хижрий тарыхтан баштап эсептөөнү таржих кылдым (башкасына караганда күчтүү деп билемин).

2 – «Жүз жылдын башы» жөнүндө айта турган болсок, мында жүз жылдын аягы деген божомол күчтүүрөөк. Т.а. динди жаңылай турган белгилүү, таква, пакиза аалым жүз жылдыктын аяктарында болот, анын өлүмү да аяктарында болот, жарымында да, аралыгында да болбойт. Мен бул сөздү төмөндөгү себептерге ылайык таржих кылдым:

а) Сахих риваяттар менен сабит болушунча, Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу деп эсептелген. Умар ибн Абдулазиз хижрий 101-жылы 40 жашында дүйнөдөн кайткан. Шафиийди экинчи жүз жылдыктык жаңылоочусу деп эсептешет, ал хижрий 204-жылы 54-жашында дүйнөдөн кайткан. Эгер «жүз жылдыктын башы» мындан башкача тафсир кылынса т.а. жүз жылдыктын башы деп тафсир кылынса, анда Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктагы жаңылоочу болбой калат, себеби, ал хижрий 61-жылы дүйнөгө келген. Шафиий болсо экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу болбой калат, себеби, ал хижрий 150-жылы туулган. Демек, хадисте келген «жүз жылдыктын башы» жүз жылдыктын башын эмес, аягын түшүндүрөт, мындан жаңылоочу киши жүз жылдыктын арасында туулуп, аяктарында динди жаңылай турган белгилүү аалымга айланган жана аяктарында дүйнөдөн кайткан болуп чыгат.

б) Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыкта, имам Шафиий экинчи жүз жылдыкта динди жаңылоочу болгондугуна далил Үммөт уламалары жана имамдары арасында өтө белгилүү болгон. Мисалы, Зухрий, Ахмад ибн Ханбал, башка мурунку жана кийинки имамдар ушуга иттифак кылышкан, Умар ибн Абдулазиз ﵀ биринчи жүз жылдыкта,

имам Шафиий ﵀ экинчи жүз жылдыкта дин жаңылоочусу болушкан, Умар ибн Абдулазиз 101-жылы 40 жашында дүйнөдөн кайткан, ал эки жарым жыл халифалык кылган. Шафиий болсо 204-жылы 54-жашында дүйнөдөн кайткан. Хафиз Ибн Хажар «Тавалий ат-таъсис»те мындай дейт: «Абу Бакр Баззар айтты, мен Абдулмалик ибн Абдулхамид Маймунийдин мындай дегенин уктум: мен Ахмад ибн Ханбалдын алдында элем, ошондо ал жерде Шафиий эске алынды, мен Ахмаддын Шафиийди бийик даражага көтөргөнүн көрдүм. Ал айтты: Набий ﷺдан риваят кылынышынча, ал зат: Аллах Таала ар жүз жылдын башында адамдарга динин үйрөтө турган кишини алдын ала белгилеп коёт, деген. Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын дин жаңылоочусу болгон, үмүт кыламын, экинчи жүз жылдыктын дин жаңылоочусу Шафиий болот».

Абу Саид Фирябийдин риваятына ылайык, Ахмад ибн Ханбал айтат: «Аллах ар жүз жылдын башында адамдарга Сүннөттү үйрөтө турган жана Набий ﷺдан ал кишиге каршы жалганды жокко чыгара турган кишини алдын ала даярдап коёт. Биз жүз жылдын башында Умар ибн Абдулазизди, эки жүз жылдын башында болсо Шафиийди көрдүк».

Ибн Адий мындай дейт: Мен Мухаммад ибн Али ибн Хусайндын мындай дегенин уктум: Мен сахабаларыбыздын биринчи жүз жылдыкта жаңылоочу Умар ибн Абдулазиз, экинчи жүз жылдыкта болсо Мухаммад ибн Идрис Шафиий болду, дегенин уктум.

Хаким өз «Мустадрак» китебинде Абу Валидден риваят кылат: Мен Абу Аббас ибн Шурайхтын межлисинде элем. Ошондо бир шейх ордунан туруп, аны мактады. Мен шейхтин мындай дегенин уктум: Бизге Абу Тахир Хавланий айтты, бизге Абдуллах ибн Вахб айтты, мага Саид ибн Абу Айюб Шарохил ибн Язидден, ал Абу Алкамадан, ал Абу Хурайра ﵁дан кабар кылды: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا»

«Албетте, Аллах бул Үммөткө ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини жиберет». Демек, эй казы, Аллах биринчи жүз жылдын башына Умар ибн Абдулазизди, экинчи жүз жылдын башына Мухаммад ибн Идрис Шафиийди жибергенине кубангыла…

Хафиз ибн Хажар айтат: Бул жагдай ушул хадис ошол кылымда абдан белгилүү болгонун билдирет.

в) Айтылышынча, лугатта (сөздүктө) нерсенин башы, анын башы, делген. Анда, жүз жылдыктын башы анын башы эмес, аягы экенин кантип таржих кылабыз? Буга жооп ушул, лугатта رأس الشيء – нерсенин башы анын башын да, аягын да билдирет. «Тожул арус»та келишинче, нерсенин башы – анын тараптары о.э. анын аягы деп да айтылган. «Лисонул араб»да мындай делген: «خَرج الضبُّ مرائسًا» - кескелдирик

ийининен башы менен, кээде куйругу менен т.а. башы же аягы менен чыгып кетти, дегени». Ушуга ылайык, лугатта нерсенин башы – анын башы менен бирге о.э. башы болобу же аягыбы, айырмасы жок, анын тараптары экени айтылган. Бизге хадистеги жүз жылдыктын башынан максат, анын башыбы же аягыбы экенин таржих кылуу үчүн карина керек. Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу болуп, 101-жылы дүйнөдөн кайтканы, Шафиий экинчи жүз жылдыктагы жаңылоочу болуп, 204-жылы дүйнөдөн кайтканын этибарга алсак, бул кариналар жогоруда айтылган риваяттарда бар экенин көрөбүз. Булардын баары – хадистин мааниси жүз жылдыктын башы эмес, аягы экенин таржих кылат.

Жогоруда баян кылынгандарга ылайык, мен хадисте келген «ар жүз жылдыктын башынын» мааниси жүз жылдыктын аягы экенин таржих кыламын.

3 – Хадистеги مَنْ сөзү бир кишини түшүндүрөбү же жамааттыбы? – деген суроого келсек, ал жерде «يبعث لهذه الأمة... من يجدد لها دينها бул Үммөткө динин жаңылай турган кишини жиберет», деп келген. Эгер مَنْ сөзү жамаатка далалат кылганда феъл да жам болуп келет эле т.а. «مَنْ يُجَدِّدُونَ – жаңылай турган кишилерди», делет эле. Бирок, феъл «يجدد - жаңылайт» деп муфрад болуп келген. Туура, مَنْ сөзүнөн кийин феъл муфрад болуп келгенде да, مَنْ көптүккө далалат кылышы мүмкүн. Бирок, менин таржихим: бул жерде مَنْ жекеликке далалат кылат, себеби, ал жерде يجدد деген карина бар. Таржихим дегенимдин себеби, бул жерде жекеликке болгон далалат – андан кийинки феъл жекелик формасында болсо да – катъий эмес, ошондуктан, айрымдар مَنْ сөзүн жамаат деп тафсир кылышкан жана өз риваяттарында ар жүз жылдагы уламалар жамаатын санап өтүшкөн. бирок, бул да – жогоруда айтканымдай – божомол.

Кыскасы, менин таржихим: مَنْ бир кишиге далалат кылат т.а. жаңылоочу таква, пакиза бир аалым.

4 – Эми, өткөн жүз жылдыктардагы жаңылоочуларды санап өтүүгө келсек, бул туурасында да риваяттар келген, алардын эң белгилүүсү – Суютийдин Уржузасы. Суютий анда тогузунчу жүз жылдыкка чейинки жаңылоочуларды санап, тогузунчу жаңылоочу ал өзү болорун Аллахтан сураган. Анын Уржузасынан айрым сөздөрдү көрсөтүп өтөмүн:

Биринчи жүз жылдыкта адилеттүү халифа Умар болгону ижма менен сабит…

Шафиий болсо жетик илим ээси болгону себептүү экинчи жаңылоочу…

Бешинчиси аалым Газзалий, андагы талкуу аны бул тизмеге киргизди…

Жетинчиси бийиктикке көтөрүлгөн Ибн Дакик Ийд экени бил иттифак…

Мына, жүздөрдүн тогузунчусу да келди, Хадий (Аллах) убадасына тескери кылбайт, анткени, Аллахтын эч четке каккыс фазилети менен, анда жаңылоочу мен болушумду үмүт кыламын…

О.э. тогузунчу жүз жылдыктан кийинки жаңылоочуларды дагы санап өткөндөр да бар.

5 – Биз хижрий 1399-жыл 30-зул-хижжада аяктаган он төртүнчү жүз жылдыкта адамдарга динин жаңылап берүүчү ким экенин билишибиз мүмкүнбү?

Абройлуу уламалардын белгилүү пикирлери боюнча жүз жылдын башы анын аяктары экенине көңүл бурдум. Мисалы, Умар ибн Абдулазиз хижрий 61-жылы дүйнөгө келип, биринчи жүз жылдыктын башы болгон 101-жылы дүйнөдөн кайтты. Шафиий хижрий 150-жылы дүйнөгө келип, экинчи жүз дылдыктын башы болгон 204-жылы дүйнөдөн кайтты…

Т.а. бул эки заттын ар бири жүз жылдык арасында төрөлдү, аяктарында белгилүү болушту жана дүйнөдөн кайтты. Жогоруда айтканымдай, мен ушул тафсирди таржих кылышымдын себеби – абройлуу уламалардын арасында Умар ибн Абдулазиз биринчи жүз жылдыктын жаңылоочусу, Шафиий экинчи жүз жылдыктын жаңылоочусу, деген раъй белгилүү. Ушуга негизделип, мен: он төртүнчү жүз жылдыктын жаңылоочусу аллама, шейх Такийюддин Набаханий рахимахуллах, деп таржих кыламын. Анткени, ал киши хижрий 1332-жылы дүйнөгө келди, ушул он төртүнчү жүз жылдыктын аяктарында, өзгөчө 1372-хижрий жылы жумадус-саний айында Хизбут-Тахрирге негиз салган убакта белгилүү болду жана 1398-жылы дүйнөдөн кайтты. Анын мусулмандарды тагдырий маселеге – экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоого даъват кылышы мусулмандардын турмушунда, аракеттеринде жогору таасири болду. Ал тургай, бүгүн Халифалык мусулмандардын жалпы талаптарына айланды. Аллах Абу Ибрахимди раъмат кылсын, анын боордошу Абу Юсуфту да Аллах рахмат кылсын жана аларды Пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер жана салихтер менен бирге тирилтсин, алар кандай гана жакшы шериктер!

Боордош Абу Мумин. Менин таржихим ушул. Туурасын Аллах билүүчүрөөк жана эң жакшы акыбет Анын даргөйүндө.

Боордошуңуз Ато Ибн Халил Абу Рушта 14-шаъбан, 1434-х.

23-июнь, 2013-м.

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар» хадисинин сахихтиги жөнүндөгү суроого жооп

Суроо:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Аллах сизди жакшылык менен сыйласын, сизди Өз нусраты менен колдосун жана Халифалык мамлекетин тикелөө менен кубантсын. Урматтуу шейхибиз, сизге берип жаткан ушул суроомду хизбий боордоштордон сураган элем, алар: Бул хадис фикх китептеринде бар, ошонун өзү кифая, деп жооп берди. Бирок, биз өз пикирлерибизде эң күчтүү далилдерди кылдаттык менен издеп тапкандардан болушубуз керектигин билебиз. Биз табанний кылган, хадис өкүмдөрүнө алакадар ушул:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар», деген хадис «Исламий шахсия» китебинин 3-бөлүгүнүн ижма жөнүндөгү темасында сахабаларды мактап келген. Аны Розин риваят кылганы айтылган. Ал эми, «Дурари сунния» хадистер энциклопедиясынан бул хадисти издөө менен ушул нерсе айкын болду, бул хадис мавзу (ойлоп табылган) хадис экен о.э. Розин ким өзү, Розин атындагы муснад топтом барбы? Боордошуңуз Абу Ахмад.

Жооп:

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!.

Бул хадис айрым хадис китептеринде келген:

1 – Ибн Баттанын «Ибанатул кубро» китеби. Ал Абу Абдуллах Убайдуллах ибн Мухаммад ибн Хамадан Укбарий болуп, Ибн Батта Укбарий аты менен белгилүү (хижрий 387-жылы дүйнөдөн кайткан). Хадистин тексти төмөнкүдөй:

Мага Абу Юсуф Яъкуб ибн Юсуф айтты: бизге Абу Яхя Закария ибн Яхя Сажий айтты: бизге Муса ибн Исхак Анварий айтты: бизге Ахмад ибн Юнус айтты: бизге Абу Шихаб Хамза ибн Абу Хамзадан, ал Амр ибн Динардан, ал Ибн Аббастан риваят кыллы: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«إِنَّمَا أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ، فَبِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Албеттте сахабаларым жылдыздар сыяктуу, анан, алардан кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар».

2 – Абу Умар Юсуф ибн Абдуллах ибн Мухаммад ибн Абдулбир ибн Асим Намрий Куртубийдин (хижрий 463-жылы дүйнөдөн кайткан) «Жамиу баянил илми ва фазлих» китеби. Хадистин тексти төмөнкүдөй:

Бизге Ахмад ибн Умар айтты: бизге Абд ибн Ахмад айтты: бизге Али ибн Умар айтты: бизге казы Ахмад ибн Камил айтты: бизге Абдуллах ибн Ровх айтты: бизге Саллам ибн Сулайм айтты: бизге Харис ибн Гусайн

Аъмаштан, ал Абу Суфяндан, ал Жабирден риваят кылды, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар». Абу Умар: «Бул хужжат боло турган санад эмес, себеби, Харис ибн Гусайн белгисиз адам», деген.

Ушул эки хадис шектүү, ошондуктан, айрым мухаддистер аны заиф деген. Бирок, биз бул хадисти хасан санайбыз, себеби, ал фукахалардын китептеринде келген жана алар бул хадисти өкүмдөрдү истинбат кылууда колдонушкан. «Исламий шахсия» китебинин 3-бөлүгүндө биздин назарыбыздагы хасан хадистин аныктамасы мындай көрсөтүлгөн:

«Хасан хадис эки бөлүк болот:

1 – Бул ушундай хадис, санады кишилери арасында аныкталбаган киши болуп, анын хадис риваят кылуу жөндөмү, адилеттик жана күнөөкөрдүгү белгисиз болот. Бирок, ал белгилүү болуп, риваяттарында көп жаңылыштык кетирбейт жана жалганчылыкта айпталбайт.

2 – Бул ушундай хадис, анын риваятчылары чынчылдык жана аманаткөйлүк менен белгилүү болгон, бирок, сахих хадис ровийлеринин даражасына жетпейт. Хасан хадис кудум сахих хадис сыяктуу хужжат болот. Имамдар, алардын шакиртери жана башка улама-фукахалардын китептеринде келген хадистер хасан хадис эсептелет жана алар хужжат болот. Себеби, алар ушул хадисти өкүмгө далил кылып келтиришкен же андан өкүм истинбат кылышкан. Бул хадис усули фикх китептеринде келгенби же фикх китептериндеби, айырмасы жок, бул китептер этибарлуу китеп болушу шарт. Мисалы: «Мабсут», «Умм», «Мудавванатул кубро» сыяктуу». (Текст аяктады).

Ушул хадис фукахалардын бир нече китептеринде келген:

1 – «Мабсут».

Автору: Мухаммад ибн Ахмад ибн Абу Сахл Шамсул Аимма Сарахсий (хижрий 483-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин казылык темасында мындай делген:

«… Ал Аллахтын Китебиндеги нерселер менен өкүм кылышы керек, эгер ага бирер нерсе келсе, аны Аллахтын Китебинен таба албаса, Расулуллах ﷺдан келген нерсе менен өкүм кылышы шарт, эгер андан да таба албаса, Расулуллах ﷺдын сахабаларынан ﷺ келген нерсе менен өкүм кылышы кажет. Биз муну жогоруда баян кылдык. Кыскасы, эгер ал белгилүү бир сахабалардын ﷺ биринин сөзүн сахих деп тапса, ошону менен өкүм кылат жана аны Расулуллах ﷺдын ушул:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар», деген сөздөрүнө негизделип,

бул далилди кияштан жогору коёт. Себеби, ага сахабадан ﵁ жетип келген нерсенин (Расул ﷺдан) угуу мүмкүнчүлүгү болгон. Анткени, сахабалар Расулуллах ﷺдан бир нерсени угуп, кийин ошону менен чыгарышчу…».

2 – «Хашия Тахтавий ала Марокил Фаллах шархи нурул изах».

Автору: Ахмад ибн Мухаммад ибн Исмаил Тахтавий Ханафий (хижрий 1231-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин Сүннөт темасында мындай делген:

«… Ханафийлерде сүннөт – мурун айтып өткөнүбүздөй – Расулуллах ﷺ же ал кишиден кийин сахабалары кылган амал, «Сираж»да: Расулуллах ﷺ же сахабаларынын бири кылган амал делген. Себеби, ал киши:

«عَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ مِنْ بَعْدِي»

«Менин жана менден кийинки хулафаи рошидиндердин сүннөтүн бекем кармагыла»

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар», деп сахабаларынын сүннөтүнө ээрчүүгө буюрган.

3 – «Ал-Баян ват-тахсил вал-шарх ват-тавжих ват-таълил лимасаилил мустахрижа».

Автору: Абу Валид Мухаммад ибн Ахмад ибн Рушд Куртубий (хижрий 520-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин мусулмандардын эки тайпасынын бири-бири менен согушуусу жөнүндөгү маселеде төмөндөгүлөр келет:

«… Себеби, Аллах Таала Өз Китебинде жана Расулунун тили менен аларды мактап, мындай деди:

﴿كُنتُم خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ﴾

*«Адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар»* [3:110]

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلْنَٰكُمْ أُمَّةً وَسَطًا﴾

*«О.э. силерди васат Үммөт кылдык»* [2:143]

т.а. адилеттүү, эң жакшы үммөт кылдык.

﴿مُّحَمَّدٌ رَّسُولُ ٱللَّهِ ۚ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ﴾

*«Мухаммад Аллахтын Расулу жана аны менен бирге болгондор…»* [48:29]

Расулуллах ﷺ мындай деди:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар».

«عَشَرَةٌ مِنْ قُرَيْشٍ فِي الْجَنَّةِ»

«Курайштан он киши бейиште». Ал киши ушундай деп Али, Талха жана Зубайрды тилге алды, ахли сүннөт жана хак имамдарынын сөзү: Али ﷺ жана ага ээрчигендер тууралык жана акыйкат үстүндө болушкан, Талха жана Зубайр каталык кылышкан, бирок, аларды буга ижтихаддары алып барган, ошондуктан, аларга ошол ишти кылуу фарз болгон, себеби, алар экөөсү тең ижтихад калкынан эле».

4 – «Захира».

Автору: Абу Аббас Шихабиддин Ахмад ибн Идрис ибн Абдуррахман Маликий, Карофий аты менен белгилүү (хижрий 684-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин имам Малик усулу жөнүндөгү талкуусунда мындай деп айтылат:

«… Себеби, имам Малик назарында, асл-негиз – амалды ахад хабардан жогору коюу о.э. кияс да ахаддан жогору, бул Абхарийдин ижтиходы. Эгер (шаръий өкүмдү) Сүннөттөн таба албаса, сахабалар ﷺ сөздөрүн алат, эгер алар ихтилаф кылган болушса, алардын сөздөрүнөн амал кылынганын алат, эгер амал кылынганы болбосо, сөздөрүнөн тандап алат жана алардын баарына хилаф кылбайт. О.э. (эгер Сүннөттөн таба албаса), ал – бардык сахабаларга хилаф кылса да – ижтихад кылышы керек, деген сөз да бар. Биринчинин (т.а. сахабалар ﷺ сөздөрүн алат, дегендердин) хужжаты Расулуллах ﷺдын:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисиңер да хидаят жолун табасыңар», деген сөздөрү болуп калат. Эгер муну кыла албаса, уламалар менен машварат кылгандан кийин усулга ылайык иш тутат».

5 – Имам Шафиий мазхабы фикхи жөнүндөгү «Хавил кабир» китеби.

Автору: Мавардий аты менен таанылган Абу Хасан Али ибн Мухаммад ибн Мухаммад ибн Хабибул Басрий Багдадий (хижрий 450-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин сахабалар жөнүндөгү темасында мындай делет:

«Төртүнчү бөлүм: сахабалар. Аларга таклид кылуу алар айткан пикирлердеги абалдарына карап ар түрдүү болот. алардын абалдары төртөө…

Үчүнчү абал: алардын бири ушундай бир пикирди айтат, бул пикирдин таралганы белгилүү эмес жана сахабалар анын тескерисин да

айтышпаган, демек, бул ижма эмес. Бул пикир амал кылуу зарыл болгон хужжат болобу, жокпу? Бул жөнүндө эки түрдүү сөз бар:

Бири: «Кадим» китебинде айтылган, ал Малик жана Абу Ханифанын да мазхабына туура келет. Ага ылайык, сахабанын бул пикири амал кылынышы зарыл болгон хужжат. Пайгамбар ﷺдын ушул сөзү буга далил:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар». О.э. сахабалардын айрымдары башка бирөөлөрдүн сөзүн анын далилин сурабай ала берет эле, демек, бул алардан пикири хужжат экенине далалат кылат».

6 – «Кашшафул кинаъ ан матнил икнаъ».

Автору: Мансур ибн Юнус ибн Салахиддин ибн Хасан ибн Идрис Бахутий Ханбалий (хижрий 1051-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин «(Ихрамда) аң уулоого чыгып өлтүргөн олжонун жазасы» бөлүмүндө мындай делет (кашанын ичинде жазылган сөздөр Бахутийдин шархтары):

«… Ал (т.а. аң уулоо) эки түрдө болот: бири, анын мисли (окшошу) берилет т.а. айбандын кыймат жагынан эмес, көрүнүшү жагынан окшошун берүү важиб болот (аятта келгени үчүн ушундай). Ал (т.а. мисли төлөнө турган аң уулоо) эки түрдүү болуп, алардын бири сахабалар кылган өкүм боюнча болот (т.а. сахабалардын баары эмес, бир бөлүгү өкүм кылган болсо да. Сахабанын аныктамасы болсо жогоруда хутбада айтылып өттү. Буга Расулуллах ﷺдын ушул сөзү далил:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар».

«عَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ الْمَهْدِيِّينَ عَضُّوا عَلَيْهَا بِالنَّوَاجِذِ»

«Менин сүннөтүмдү жана рошид, махдий халифалар сүннөтүн бекем кармагыла, ага азуу тишиңер менен жабышкыла». Имам Ахмад жана имам Тирмизий риваяты. Буга дагы бир далил сахабалар тууралыкка эң жакын, хитаб орундарын жакшы билишет, алардын өкүмү башкалар үчүн – кудум аалымдын өкүмү амий үчүн хужжат болгондой – хужжат эле). Мисалы, төө күш уулаган киши төө курмандык кылат (Умар, Усман, Али, Зайд жана көптөгөн уламалар ушундай өкүм кылышкан, себеби, ал көрүнүшү менен төөгө окшогон куш, ошондуктан, төө ага мисл болду, демек, ал нусустук умумийге кирет. Хиракий аны куштардын бир бөлүгү деп этибар кылган, себеби, аны канаттары бар)».

7 – Мугний.

Автору: Абу Мухаммад Муваффакиддин Абдуллах ибн Ахмад ибн Мухаммад ибн Кудама Жамаилий Макдисий, кийин Димашкий

Ханбалий, Ибн Кудама Макдисий аты менен белгилүү болгон (хижрий 620-жылы дүйнөдөн кайткан).

Китептин «Алтынчы бөлүм: жөрмөлөп жүргөн айбанды (ихрамда) уулоонун жазасы ага окшогон айбан» бөлүгүндө мындай делет:

«… Имам Маликтин айтымында, бул туурасында өкүм каралып чыгат, себеби, Аллах Таала мындай дейт:

﴿يَحۡكُمُ بِهِۦ ذَوَا عَدۡلٖ مِّنكُمۡ﴾

*«… Ага өзүңөрдөн болгон эки адилет адам өкүм кылат»* [5:95]

Набий ﷺдын ушул сөздөрү биздин далил:

«أَصْحَابِي كَالنُّجُومِ بِأَيِّهِمْ اِقْتَدَيْتُمْ اِهْتَدَيْتُمْ»

«Сахабаларым жылдыздар сыяктуу, алардын кайсы бирине ээрчисеңер да хидаят жолун табасыңар».

«اقْتَدُوا بِاَللَّذَيْنِ مِنْ بَعْدِي: أَبِي بَكْرٍ، وَعُمَرَ»

«Менден кийинки эки кишиге - Абу Бакр жана Умарга ээрчигиле». Себеби, сахабалар туура өкүмгө жакын, илимде мыкты болушуп, алардын өкүмдөрү башкалар үчүн – кудум аалымдын өкүмү амий үчүн хужжат болгондой – хужжат болот. Алардын бизге жетип келген өкүмдөрүнүн бири: Гиенанын таваны кой (ихрамда болсо), бул, Умар, Али, Жабир жана Ибн Аббастын өкүмү».

Көрүп турганыңардай, ушул хадис ханафий, маликий, шафиий жана ханбалий мазхабындагы этибарлуу фукахалардын китептеринде колдонулган.

Эми, Розинге келсек, бул темага дагы кайрылып, тереңирээк изденип көрөбүз, инша Аллах.

26-шаввал, 1434-х.
2-сентябрь, 2013-м.

## Демонстрациялар, жүрүштөр жана мусулмандардын эки сап болуп чыгышканы туурасында

Moadh Seif Elmi **суроосу**:

Ассаламу алайкум, улуу шейх азирети! Мусулмандардын эки сап болуп чыгышканы, бирине Умар, экинчисине Хамза башчылык кылганы туурасындагы хадис заифпи? Ыраазылык билдиремин!

Andalusi Maqdisi Andalus **суроосу**:

Ассаламу алайкум, улуу азирети!

Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын, сиздин демонстрациялар жөнүндөгү суроодогу жообуңузда ушул хадисти далил кылган элеңиз:

Абу Нуайм Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад ибн Исхак ибн Муса ибн Махрон Асбаханий (хижрий 430-жылы көз жумган) өзүнүн «Хулятул авлия табакатул асфия» китебинде Ибн Аббастан риваят кылат: «Мен Умар ﵁дан сурадым: Эмне үчүн сиз Фарук деп аталгансыз? Ал мындай деди: Хамза менден үч күн мурун Исламга кирди. Кийин Аллах менин да жүрөгүмдү Исламга ачты. Ошондо мен: Расулуллах ﷺ кана? деп сурадым. Карындашым: Ал зат Сафадагы Аркам ибн Аркамдын үйүндө, деди. Ошол үйгө бардым... Кийин: Ашхаду алла илаха иллаллоху вахдаху ла шарика лаху ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху, дедим. Ошондо үйдөгүлөр ушундай такбир айтышты, муну мечиттегилердин баары укту. Мен: Я Расулуллах, биз дүйнөдөн кайтсак да, тирүү болсок да акыйкат үстүндө эмеспизби, деп сурадым. Ал зат айтты: Болбосочу, жаным колунда болгон Аллахка ант болсун, сиз дүйнөдөн кайтсаңыз да, тирүү болсоңуз да албетте акыйкат үстүндөсүз. Мен: Анда эмнеге жашырынып жатабыз, сизди акыйкат менен жөнөткөн Аллахка ант болсун, сиз албетте чыгасыз, дедим. Кийин ал затты чаң тозоң көтөргөн эки саптын ичинде алып чыктык. Бир сапка Хамза, экинчи сапка мен башчылык кылдым. Кийин мечитке кирдик, Курайш мага жана Хамзага карап, болуп көрбөгөндөй тынчсызданып калышты. Ошол күнү Расулуллах ﷺ мени Фарук (ажыратуучу) деп атады жана Аллах акыйкат менен батылды ажыратты».

Бул хадис үйрөнүлүп чыкты: Албаний аны инкар кылынган дептир, көпчүлүк хадисчилер да аны заиф дешиптир. Менин суроом эки тараптуу: Заиф хадисти далил кылса болобу? Эгер, болсо, анда, аны качан далил кылабыз жана аны кандай мухакама кылабыз? Эгер, болбосо, анда, сизде – Аллах илимиңизди бизге пайдалуу кылсын – суроомдо көрсөтүлгөн хадистен да башка хадис барбы? Аллах сизге береке берсин жана сиздин колуңуз менен фатхтар берсин!

**Жооп**: ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух!

Эки суроо бир темада экен, андыктан, силерге төмөнкүдөй жооп беремин:

Кадырлуу боордоштор, силер бирер риваятты заиф деген кишини окуган болсоңуз, ошол риваят шексиз заиф болуп калбайт. Мисалы, Бухарий жана Муслимдеги хадистерди кээ бир «шейхтер» заиф дешкен т.а. алар эки имам иштеп чыккан жана экөөсүнүн бул риваяттарын Үммөт ыраазы болуп, көңүлү толуп кабыл алган хадистерди заиф дешкен. Бухарий жана Муслим риваяттын санад жана матн жагынан сахихтиги туурасында үлкөн өлчөөлөрдү карманышкан. Ошого карабастан, эки имамдын хадистерин заиф деген кимселер табылып турат!

Туура, хадистин заифтиги анык көрүнсө, аны далил кылуу мүмкүн эмес. Бирок, кээде мухаддистер же алардан айрымдары бир хадисти заифтикке өкүм кылышкан болушса, калгандары аны хасан, далил кылууга жарактуу экенине өкүм кылышкан. Хадис жана анын усулу туурасында илими бар киши бул маселени жакшы билет жана ал мухаддистер-мужтахиддер назарында белгилүү маселе. Натыйжада, бул хадисти кимдер далил кылганын, кимдер далил кылбаганына күбө болосуң. Биз бул туурасында «Шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү «Макбул хадис жана мардуд хадис» о.э. «Хадисти шаръий өкүмгө далил кылуу» бөлүмүндө кеңири баян кылганбыз.

Эми, сахабалардын Меккеде Умар ﷺнун Исламга кириши артынан ачыкка чыгышканы жөнүндөгү суроого келсек:

1 – Суроодогу жоопто келген бул риваят Абу Нуайм Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад ибн Исхак ибн Муса ибн Махрон Асбаханий (хижрий 430-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Хулятул авлия табакатул асфия» китебинде риваят кылган. Абу Нуайм ишеничтүү хафиз. Ал жөнүндө Заркалий «Аъламу нубала»да мындай деген:

«Абу Нуайм (хижрий 336-430-жыл, миладий 948-1038-жыл) Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад Асбаханий болуп, ал киши тарыхчы, хафиз жана риваятта ишеничтүү кишилерден. Асбаханда төрөлгөн жана ошол жерде көз жумган. Адабияттары: он томдуу «Хулятул авлия табакотул асфия», «Маърифату Сахаба», ал кишиден эки томдуу кол жазма да калган, Истамбулдагы Топкапи сарайда «Ахмад III» музейинде 551-жылкы кыраатты бар, «Табакатул мухаддисин ва руват», «Далаилун Нубувват», эки томдуу «Зикру ахбари Асбахан» о.э. «Шуаро».

2 – Муну менен бирге, эки сап болуп чыгуу туурасында бир гана риваят эмес, башка сахих риваяттар да бар:

– Хакимдин «Мустадрак ала сахихайн» китебинде мында риваят келет: «... Усман ибн Абдуллах ибн Аркам бабасы Аркамдан риваят кылат: Аркам бадрлык болгон жана Расулуллах ﷺ анын Сафа алдындагы үйүндө жашаган. Акыры кырк мусулман эркек даяр болушту, алардын эң

акыркы Исламды кабыл алганы Умар ибн Хаттаб ﷺ эле. Алардын саны кыркка жеткенде мушриктерге ачыкка чыгышты...». Хаким – бул санады сахих хадис деген, эки шейх аны иштеп чыгышпаган, Захабий Хакимге кошулган.

– Ибн Саъддын «Табакату кубро» китебинде мындай делет: «... Яхя ибн Имран ибн Усман ибн Аркамдан риваят кылынат: Мен Усман ибн Аркамдан уккан элем, «Мен Исламды кабыл алган алтынын уулумун, атам алтынын алтынчысы болгон, анын үйү Меккедеги Сафа жанында болуп, Набий ﷺ ошол жерде алгач Исламды баштаган жана адамдарды Исламга даъват кылган, көпчүлүк адамдар Исламга киришкен. Ал зат дүйшөмбү кечесинде «Аллахым, Исламды Умар ибн Хаттаб же Амр ибн Хишамдан турган эки эң сүйүктүү кишилер менен кудуреттүү кылгын», деп дуба кылды. Эртеси эртең менен Умар ибн Хаттаб келип, Аркамдын үйүндө Исламга кирди. Ошондо ал жерден ачыкка чыгылып, такбирлер жаңырды, Байтуллах таваф кылынды жана Аркамдын үйү Ислам үйү деп аталды».

– Ибн Исхак «Сирати Набавия»да мындай дейт: «Ошондо Умар: Аллахка ант болсун, албетте биз Исламга чакырууга акылуубуз, Меккеде Аллахтын динин албетте үстөм кылабыз, эгер коумубуз бизге зулум кылууну кааласа, аларга каршы согушабыз, эгер коумубуз бизге адилеттүүлүк кылса, муну кабыл алабыз, деди. Кийин Умар жана сахабалар ачыкка чыгышып, мечитте отурушту. Курайш мушриктери Умардын Исламга киргенин көрүшкөн соң, эмне кыларын билбей калышты».

– Ушул эки сап болуп чыгуу темасы «Имтоу асма»да Такийюддин Макризийден, «Тарихи хамис фи ахвали анфуси нафис»те Хусайн ибн Мухаммаддияр Бакрийден, «Сирати Нубувват фи завъил Куръан ва Суннат»та Мухаммад Абу Хашбадан, «Рохикил махтум»да Сафию Рахмандан жана башкалардан да риваят кылынган.

3 – Ушуга да көңүлдү буруу зарыл, демонстрация жана жүрүштөрдүн жайиздигине ушул риваяттар гана далил кылынбайт. Себеби, демонстрация жана жүрүштөр пикир билдирүү ыкмаларынын бири болуп, бул баракчалар, жыйындар, документалдуу фильмдер, видеолор сыяктуу каражат жана ыкмаларга окшойт. Түпкүлүгүндө, каражат жана ыкмалар мубах, эгер айрымдарынын арамдыгы туурасында далил келген болсо, албетте аларга тыюу салынат. Бул ыкма жана каражаттар адамдарды Исламды жеткирүүгө аракеттендирүү максатында пайдаланылат. Хизб-ут-Тахрир мындай иш-чараларды өзүнө ыңгайлуу таризде аткарат т.а. Хизб бул ыкма жана каражаттарды өзү, өзүнүн байрактары астында уюштурат жана башкарат, өзүнүн кайрылуулары менен алып барат, өзүнүн жетекчилиги астында адамдарды топтойт,

башка хизбдер менен кызматташтыкта ошолордун байрактары менен алып барбайт. Себеби, Хизб аткара турган жана амал кыла турган нерсе бул эмес, биз өз каалобуз жана жетекчилигибиз менен эмне колубуздан келсе, ошону кылабыз. Кудуреттүү боло албаган убактыларыбыз да болгон, кудуреттүү болгон убактыларыбыз да болгон. Бул басма сөз бөлүмдөрү услубуна окшойт, мисалы, Абу Иброхим ﷫ доорунда басма сөз бөлүмдөрүнүн иши өтө кыйын болгон, Абу Юсуф ﷫ доорунда болсо анчейин кыйын болбогон жана ал киши мага Хизбдин Иорданиядагы расмий сүйлөөчүсү вазыйпасын жүктөгөн. Бүгүн болсо көрүп турганыңардай, басма сөз бөлүмдөрүбүз көңүлдөгүдөй.

4 – Кыскасы, кадырлуу боордоштор, биз аткарып жаткан ар бир амалыбызды, шилтеп жаткан ар бир кадамыбызды терең пикирлеп, ойлонуп кылабыз, мында арамдан алыстап гана калбастан, арамдын кыпыны көрүнгөн нерсеге да жакындашпайбыз, жашыруун да, ашкере да, чоң иштерде да, кичине иштерде да Аллах Субханаху ва Таалага таянабыз... Себеби, биз тоолор баш тарткан иштерди желкебизге алганбыз, эмне деп ойлойсуз, эгер жүрөктөрүбүз, тилдерибиз жана бардык мүчөлөрүбүз шарият өкүмдөрүнө бекем баш ийбегенде, жолубузду улантып кете алар белек?! Албетте, Аллахтан жардам, эң жакшы иштерге хидаят сурайбыз жана Аллах салихтердин досу.

10-шаъбан, 1435-х.
8-июнь, 2014-м.

## Пайгамбар ﷺ Абдуллох бин Убай бин Салулдун жаназасын окуду деген хадистер дираят жагынан четке кагылган

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху.

Үчүнчү Шахсия китебинин «Шарият келишинен мурда өкүм жок» деген бабдын 28-бетинде мындай делген: «Ушуга негизделип, адам кылган кандайдыр бир иш болбосун же анын ишине байланышкан нерсе болбосун, анын шариятта өкүмү болот. Өкүм бир гана далилдин келиши менен болот. Башкача айтканда, ошол иштин өзүнө гана Шариъ (Аллах) тараптан далил түшүшү. Ошондуктан, шарият келишинен мурда өкүм жок. Пайгамбар келишинен мурда да өкүм жок. Пайгамбар жиберилгенден кийин да бир гана далилдин келиши менен өкүм болот. Тактап айтканда, Пайгамбар алып келген рисалатта иштин өзүнө далалат кылган далилдин келиши менен өкүм болот».

Суроо туулат, бул «шарият келишинен мурда өкүм жок» деген коида (эреже) менен Куртубийдин Тауба сүрөсүндөгү бул аяттын:

﴿وَلَا تُصَلِّ عَلَىٰ أَحَدٍ مِّنْهُم مَّاتَ أَبَداً وَلَا تَقُمْ عَلَىٰ قَبْرِهِ إِنَّهُمْ كَفَرُوا بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ وَمَاتُوا وَهُمْ فَاسِقُونَ﴾

*«Алардын (мунафыктардын) бирөөсү өлсө, жаназа окуба, кабырына да турба. Алар Аллахка жана Анын Расулуна куфрлук кылышты жана фасык абалдарында өлүштү»* – тафсиринде келген хадистерди кантип жамдашдырабыз.

Куртубий төмөнкүчө токтолгон:

«Мында он бир маселе бар:

Биринчи: бул аят Абдуллох бин Убай бин Салулга Пайгамбар ﷺдын жаназа окуусу тууралуу түшкөндүгү риваят кылынган. Эки сахихте жана башкаларда да келген. Пайгамбар ﷺдын ага жаназа окугандыгы жана аят кийин түшкөндүгү тууралуу көптөгөн риваяттар келген. Анас бин Маалик رضي الله عنهдан риваят кылынат: Пайгамбар ﷺ анын жаназасын окуй турган болгондо Жабрайил عليه السلام келип Пайгамбар ﷺдын кийиминен тартып ушул аятты окуган. Пайгамбар ﷺ анын жаназасын окубастан, кайра кайтып кеткендиги тууралуу риваят кылынган. Буга тастыкталган риваяттар каршы келет. Бухаринин риваяты, Ибн Аббастан. Айтты: Пайгамбар ﷺ анын жаназасын окуду жана туруп турбастан эле кайтып кетти. Анан Тауба сүрөсүнүн аятты түштү. Ушул сыяктуу эле риваят Муслимдин сахихинде да Ибн Умардан айтылат: Ибн Умар айтты: Качан Абуллох бин Убай бин Салул каза болгондо, анын баласы Пайгамбар ﷺга келди, анын көйнөгүн атасын кепиндөө үчүн сурады. Пайгамбар ﷺ аны берди. Кийин ал ага жаназа окуусун сурады. Пайгамбар ﷺ анын жаназасын окууга турганда Умар رضي الله عنه анын кийиминен тартып, мындай деди: «Я Расулуллох, ага намаз окуудан Аллах  тыйганга да намаз

окуйсуңбу?». Пайгамбар ﷺ айтты: «Аллах менин ыхтыярыма калтырган деп муну айтты: «Аларга истигфар кылсаң да, кылбасаң да, эгер жетимиш жолу истигфар айтсаң да, Аллах аларды эч качан кечирбейт, мен жетимиштен ашыра айтам». Умар ؓ айтты: «Ал мунаафык да». Пайгамбар ﷺ анын жаназасын окуду, Жабрайил ؑ түшүп, Тауба сүрөсүндөгү «алардын бирөөсү өлсө, жаназасын окуба» аятын түшүрдү. Кээ бир уламалар Пайгамбар ﷺ Абдуллох бин Убай бин Салулдун тилинде мусулман болгондугуна карап жаназасын окуган. Кийин аят мындан тыйгандыгы үчүн андай кылган эмес», - дешти». (Куртубийдин Тауба сүрөсүнүн 84-аятынынын тафсириндеги цитата бүттү).

Пайгамбар ﷺ Абдуллох бин Убай бин Салулдун жаназасын окугандан кийин аят аны мансух кылдыбы? Жалпы эреже болгон «шарият келишинен мурда өкүм жок» деген эрежеге каршы «шарият келишинен мурда өкүм бар» деген эреже  чыгып калабы?

Ушуну ачык-айкын кылып беришиңизди өтүнөм, ассаламу алайку рохматуллох уа баракатуху.

**Жооб**: алайкуму салам рохматулохи уа баркатуху.

Сенин суроон: Пайгамбар ﷺ Абдуллох бин Убайга жаназа окуганы аят менен мансух болгону (жокко чыгарылганы) «шарият келишинен мурда өкүм жок» деген жалпы эрежеге каршы келеби?» деп сурап жатасың, башкача айтканда, «шарият келишинен мурда өкүм жок» эмес, бар деген эреже болуп калат дегенди сурап жатасың.

Бир тууганым: Пайгамбар ﷺдын Абдуллох бин Убай бин Салулга жаназа окуганы тууралуу Биринчи Шахсия китебинин «Пайгамбар мужтахид болушу мүмкүн эмес» бабында кеңири токтолуп өтүлгөн. Анда Пайгамбар ﷺдын Абдуллох бин Убайга жаназа окугандыгы тууралуу келген хадистер дираят (хадистин кабыл алынышы же четке кагылышы тууралуу илим) жагынан четке кагылгандыгын баяндаганбыз. Анткени, алар эң күчтүү далил болгон Курани Каримге каршы келет. Бул тууралуу 150-152-беттерде келген:

«Ал эми, Аллах Тааланын:

وَلَا تُصَلِّ عَلَىٰٓ أَحَدٖ مِّنۡهُم مَّاتَ أَبَدٗا وَلَا تَقُمۡ عَلَىٰ قَبۡرِهِۦٓۖ إِنَّهُمۡ كَفَرُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَمَاتُواْ وَهُمۡ فَٰسِقُونَ ٨٤

*«Алардын бирөөсү өлсө, эч убакта анын (жаназа) намазын окубагын жана мүрзөсүнүн үстүнө да барып турба! Себеби, алар Аллах жана Анын пайгамбарына капыр болушту жана моюн сунбаган абалдарында өлүштү».* [9:84]

сөзү анын:

فَإِن رَّجَعَكَ ٱللَّهُ إِلَىٰ طَآئِفَةٖ مِّنۡهُمۡ فَٱسۡتَـٔۡذَنُوكَ لِلۡخُرُوجِ فَقُل لَّن تَخۡرُجُواْ مَعِيَ أَبَدٗا
وَلَن تُقَٰتِلُواْ مَعِيَ عَدُوًّاۖ إِنَّكُمۡ رَضِيتُم بِٱلۡقُعُودِ أَوَّلَ مَرَّةٖ فَٱقۡعُدُواْ مَعَ ٱلۡخَٰلِفِينَ ﴿٨٣﴾

*«Эми, эгер Аллах сени (согуштан) кайтарып, алардан бир тайпага (жолуктурса), анан алар сенден (мындан ары боло турган казаттарга) чыгууга уруксат сурашса, айткын: «Мени менен эч качан чыкпайсыңар жана мени менен бирге бир да душманга каршы согушпайсыңар. Себеби, силер башында чыкпай олтурууга ыраазы болдуңар, демек, дагы калуучу кимселер менен бирге олтура бергиле».* [9:83]

сөзүнөн кийин келген. Аллах Таала аятта баян кылып жатат:

فَإِن رَّجَعَكَ ٱللَّهُ إِلَىٰ طَآئِفَةٖ مِّنۡهُمۡ ﴿٨٣﴾

*«Эми эгер Аллах сени (согуштан) кайтарып, алардан бир тайпага (жолуктурса)».* [9:83]

Аларды жалгыз таштоо кордоо үчүн, анткени муну менен жихад жана Расулуллах ﷺ менен бирге чыгуу сыймыгына жетпестиктери үчүн, Расулуллах ﷺды өз казатында алар менен бирге чыкпоого буюруп жатат. Андан кийинки аятта түздөн-түз:

وَلَا تُصَلِّ عَلَىٰٓ أَحَدٖ مِّنۡهُم ﴿٨٤﴾

*«... эч убакта анын (жаназа) намазын окубагын».* [9:84]

аларды кордоо жөнүндө башка нерсени баян кылып жатат. Бул нерсе мунафыктарды жоготуу үчүн болгон чабуулдун алкагында болуп жатат. Бул жана мындан мурунку о.э. мындан кийинки аяттар мунафыктар өкүмүн, аларды кордоо, кемсинтүү жана момундар даражасынан түшүрүү сыяктуу алар менен мамиле кылуунун көрүнүшүн баян кылууда. Бул аяттарда Расулуллах ﷺдын ижтихад кылганы жөнүндө кабар берүүчү бир да нерсе жок. Акыйкатта болсо, аяттар анын тескерисин көрсөтөт. Бул башынан эле мунафыктар жөнүндөгү мыйзам болчу. Ал ушул сүрөнүн өзүндө кайра-кайра келген мунафыктар жөнүндөгү аят менен бекем байланышкан. Анда далалат жагынан да, мазмун жана түшүнүк жагынан да ижтихадды тууралоо же ката үчүн эскертүү экендигине күмөн ойгото турган бирер нерсе көрүнбөйт. Ал эми бул аяттын түшүүсү жөнүндөгү кабарлар ахад кабарлар болуп, акыйдага далил боло албайт жана Расулуллах ﷺ өкүмдөрдү вахий алып келген нерселерге гана байлоосу, вахийге гана ээрчүүсү жөнүндөгү катъий насска тескери келет. Мындан тышкары, хадистер баян кылгандай, Умар ибн Хаттоб Расулуллах ﷺды аларга жаназа окуудан кайтарууга урунат. Ал киши Расулулла ﷺды өкүмдө шаръий кылынган иштен кайтарууга умтулуп жатат. Расулуллах

□ анда сүкүт сактайт, кийин бул аят түшкөндөн кийин Умардын райына кайтат. Бул нерсе Расулуллах □га жалаа жабуу болуп, бул хадиске амал кылуу Расулуллах □ набий экендигине карама-каршы келет. Ошондуктан, бул хадис мазмун жагынан четке кагылат. Хадисте Расулуллах □дын өз көйнөгүн Абдулла ибн Убайга бергени, ал мунафыктардын башчысы болсо да, жаназа намаз окууга ниеттенгендигине далалат кылууда. Акыйкатта болсо, Абдулла ибн Убайды Алла Таала Бани Мусталак казатынан кийин шерменде кылган. Уулу Расулуллах □дын алдына келип, эгер Расулуллах □ аны өлтүрүүгө toktom кылган болсо, бул ишти өзү аткара тургандыгын айтат. Аллах Таала «Мунафыктар» сүрөсүн Бани Мусталак казатынан кийин түшүрдү. Анда Расулу үчүн:

هُمُ ٱلْعَدُوُّ فَٱحْذَرْهُمْ ۚ قَٰتَلَهُمُ ٱللَّهُ ۖ أَنَّىٰ يُؤْفَكُونَ ﴿٤﴾

*«Алар душмандар. Демек, алардан этият болгун! Аларды Аллах наалаттайт! Алар кандай адашууда ээ!»* [63:4]

فَطُبِعَ عَلَىٰ قُلُوبِهِمْ ﴿٣﴾

*«Ошентип, алардын дилдери мөөрлөп коюлду».* [63:3]

وَٱللَّهُ يَشْهَدُ إِنَّ ٱلْمُنَٰفِقِينَ لَكَٰذِبُونَ ﴿١﴾

*«Аллах ал мунафыктардын шек-күмөнсүз жалганчы экендиктерине күбөлүк берет».* [63:1]

деп айтып, кийин Расулуллах □ көйнөгүн мунафыктардын башчысына берет жана ага намаз окумакчы болот. Умар болсо мындан кайтарат. Бул сөз аяттарга карама-каршы. «Тауба» сүрөсү «Мунафыктар» сүрөсүнөн бир нече жылдан кийин тогузунчу жылы түшүрүлгөн. Көйнөк жөнүндөгү жана башка хадистер Бани Мусталак казатынан кийин мунафыктар менен мамиле кылуу вакыйлыгына да, андан мурда мунафыктар жөнүндө түшүрүлгөн аяттарга да карама-каршы келет. Ошондуктан, бул хадистер бул тараптан да дираят жагынан четке кагылат». (Китептеги цитата бүттү).

Бул хадистер дираят жагынан четке кагылган соң, бул хадистердин өкүмү Тауба сүрөсүнүн «алардын бири өлсө, жаназасын окуба» деген аят менен мансух болот дегенге орун жок. Анткени, бул хадистер дираят жагынан четке кагылды жана Пайгамбар ﷺ мунафыктардын (Абдуллох бин Убайдын) жаназасын окугандан кийин аят түшүп бул нерседен кайтарган. Аят мунафыктарга жаназа окуу жайиздиги өкүмүнө далалат кылган хадистердин өкүмүн мансух кылды дегенге орун калбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде мунафыктардын ана башы Абдуллох бин Убайга жаназа окулган эмес. Ушуга ылайык, шарият келишинен мурда өкүм жок, ошондой эле, мансух да жок.

Сенин сурооңо жооб ушул, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

12-сафар, 1441-х.
11-октябрь, 2019-м.

## Исламга даъват кылуу менен фирка жана тайпага даъват кылуунун айырмасы

**Суроо**: эмне үчүн бардык бидъатчы даъватчылардын риваяттарын алып таштаганбыз? Ровийге таянуу же аны алып салуудагы негиз адилеттик жана забиттик го, фирка же тайпага даъват кылуунун бул экөөсүнө кандай тиешеси бар? Кийин, «Исламий шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндө мындай делген: «Бирок, фиркасына же мазхабына даъват кылган болсо, риваяты алынбайт, себеби фиркага же мазхабга даъват кылуу мүмкүн эмес. А бирок, ал Исламга даъват кылса жана кабыл кылган пикирлерин далилдери менен баян кылган болсо, анын риваяты алынат, себеби, ал Исламга даъват кылып жаткан болот жана анын риваятына каршылык билдирилбейт». Бул болсо төмөндөгү суроолорду келтирип чыгарууда:

– Исламга даъват кылуу менен бирге фирка жана тайпага даъват кылуунун ортосунда кандай айырма бар? Исламий фиркаларда да кандайдыр бир деңгээлде исламий сакафат бар эмеспи?

– Өз райына даъват кылгандар (шиалар, же хавариждер, же муътазилалар болушуна карабастан) өздөрүнүн раъйы Исламдын туура түшүнүгүн айгинелейт деп ишенишпейби?

– Мазхабдан максат эмне?

**Жооп**: чамасы, бул айрым маселелер силерде чаташ окшойт:

1 – Ислам тарыхы исламий фиркалар калыптанганынын күбөсү болду, Расулуллох ﷺдын заманында болбогон бул фиркалар бир же андан көбүрөөк фаръий фикратка негизделишет жана ага ишенишет о.э. ага даъват кылышат. Алар далилдер, белгилер жана күмөндөрдү топтоо үчүн болгон күчүн сарпташып, муну ошол фикратты кубаттоо үчүн далил кылып көрсөтүшөт.

Мисалы, хавариждер өкүмдар кылуу маселесинде козголоң көтөрүшүп, муну куфр деп эсептешти жана кабира күнөөнү жасаган кимсени капыр санаого чейин барышты. Бул фикрат алардын маселелерине айланды... ушуга даъват кылышты.

Мисалы, муътазилалар фалсафаларды которушту жана инсан өз амалдарын өзү жаратат дешти. Кийин буга Куран махлук деген пикирди кошушту жана бул алардын маселелерине айланды... жана алар буга даъват кыла башташты.

Жана башка ушул сыяктуу…

Турмуш чындыгы ушуну ырастап турат: алар мына ушул фаръий пикирлерге даъват кылууда таъвил кылышат. Ал тургай, мындай таъвил кылуу негизсиз болсо да, мындай хужжат келтирүүдө таквасыздык кылып жатышканы анык көрүнүп турса да, маселелерине айланып калган

мына ушул фикраттарын далилдөөгө хужжаттар көрсөтүүдөн таква кылышпайт.

Ушул себептен улам, алардын риваятына күмөн кылынат. Булар назарий иштер эмес, тескерисинче, турмуш чындыгы муну далилдеди жана бул фиркалардан чыккан айрым адамдардын сөздөрү бул нерселерди кубаттады. Ибн Хажар «Лисонул мезан»да мындай деген: «Бидъатчы, эгер, даъватчы болсо, анда риваятты келтирүүгө бир себеп болот, ошол себеп менен бидъатын бекемдеп алат». Айтылышынча, хавариждерден болгон бир карыя бул жолунан кайтып тообо кылгандан кийин, мындай деген экен: «Бул хадистер – дин. Ошондой болгон соң, диниңерди кимден алып жатканыңарга карагыла. Себеби, биз бирер нерсени көңүлүбүзгө жактырып калсак, ошол нерсени хадиске айлантып алчубуз...».

Ошондуктан, «Исламий шахсия» китебинин биринчи бөлүмүндө мындай дедик: « Фитналар заманынан кийин жаңы райларды кабыл кылган исламий фиркалар пайда болушту... Алардын айрымдары өзүнүн фиркасына даъват кылуу, үгүттөө же өзүнүн райына чакыруу үчүн бул фирканы жакшы көрсөтө турган хадисти токууга үндөдү...».

Ошого карабастан, бул фиркалардын риваяттары алынбаса да, бирок, алардын пикирлери исламий сакафаттан болуп эсептелет, себеби, сакафат башка, риваят башка.

2 – Эми, Исламга даъват кылууга келсек:

Исламга даъват кылуу – аны мамлекет, коом жана турмушта колдонуу үчүн болот. Исламга анын фикрат жана тарыйкаты менен шаръий далилдерге негизделип даъват кылынат.

Даъваттагы бирден бир маселе Ислам, фаръий фикрат эмес. Анткени, фаръий фикрат Расулуллох ﷺдын заманында болбогон. Фиркалар жана аларга даъват кылууда болсо болгон.

Исламга даъват кылууда бир гана Ислам айланасында уюшулат, башка фикраттардан өзгөчөлөнүп турган фаръий фикрат тегерегинде уюшулбайт.

Исламга даъват кылуучулар да мына ушул мааниде болот. Ырас, алардын риваяттарында талап кылынган даражада адилеттик бар болгон соң, ижтихаддары ихтилафтуу болсо да риваяттары кабыл алына берет.

3 – Эми, мазхабдан максат эмне экенине келсек, кээ бир мужтахиддер шаръий өкүмдөр үстүндө о.э. өзүнүн шаръий өкүмдөрдү истинбат кылуу тарыйкаты үстүндө ижтихад кылат. Айрым мазхабдарга окшоп, өзүнө хас тарыйкат кылып алган болобу же өзүнө хас тарыйкат кылбаган болобу, мунун айырмасы жок. Бирок, ал өкүмдөр истинбат кылуу үчүн түшүнүүнүн белгилүү бир тарыйкатында табигый аракет кылат. Мисалы, сахабалар доорундагы мужтахиддер сыяктуу. Бул жерде

ал өз ижтихад тарыйкатын жараткан болушунун же ижтихад тарыйкатында бирер мужтахидге таклид кылган болушунун айырмасы жок. Бирок, ал ижтихад тарыйкатын койгон мужтахидге таклид кылбастан, өкүмдөрдө өзү ижтихад кылат.

Түрдүү шаръий өкүмдөр үстүндө мына ушундай тарыйкатка ылайык ижтихад кылган мужтахиддер өз ижтихаддары менен белгилүү болушту. Алардын ижтихаддарына канааттангандар болсо, аларга таклид кылышат жана ушундай таризде мазхаб келип чыкты.

Менимче, бул маселе айкындашты, эми, мазхаб туурасында суроо келип чыкпайт.

12-жумадул-аввал, 1431-х.

## «Биз Ислам менен кантип өкүм жүргүзөбүз?» деген суроо

**Суроо**: ассаламу алайкум, Амир мырза абалыңыз кандай? Сизге саламаттык тилеп, Аллах Субханаху ва Тааладан сизди Өзү ыраазы болгон жолго баштаашын жана катаңызды оңдошун үмүт кылабыз. Менин суроом төмөнкүдөй:

Ушул күндөрдө адамдар тарабынан эң көп бериле турган суроо ушул: Аллах бизге пайгамбарлык дастуруна негизделген исламий Халифалык мамлекети тикелениши менен азиз кылса, биз Ислам менен кантип өкүм жүргүзөбүз? Биз билебиз, Ислам биринчи күндөн эле толук колдонулушу важиб. Ошондой болгон соң, Исламий Халифалык жарыя кылынганда эле колдонулушу важиб болгон иш-чаралар, чечимдер жана кадамдар кандай болот? Халифалык мамлекетинин айланасындагы өлкөлөрдөгү уюм мүчөлөрүнүн т.а. биздин Халифалык жарыя кылынган убактагы ролубуз кандай болот?

Аллах сизди көңүл бурганыңыз үчүн жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сиз шашылбаңыз, ар бир иштин өз убагы бар. Жигиттер жалпысынан бул ишке даяр. Себеби, Хизбдин пикирлери, түшүнүктөрү, китептеринде келген мыйзамдар жана дастуру о.э. Хизб басып өтүп жаткан тарыйкат, булардын баары – Аллахтын уруксаты менен – жигиттерди бул ишке ылайык кылып коёт. Бул, жалпысынан ушундай.

Ал эми, хос түрдө болсо, Аллах кааласа бул да өз убагында ишке ашат. Аллах аракетиңизди берекелүү кылсын.

9-мухаррам, 1435-х.
12-ноябрь, 2013-м.

## Халифалыкты тикелөө үчүн берилген мөөнөт тууросында

**Суроо**: сүйүктүү амирибиз, сизди Аллах Өз коргоосунда жана баанегинде сактасын, сиздин колуңуз менен фатхты жүзөгө чыгарсын. Ассаламу алайкум ва рохматуллохи баракотух.

«Исламда башаруу түзүмү» жана «Халифалык мамлекетинин жихазы (башкаруу жана идара)» китебинде бир риваят келген. Бул риваят Табарий тарыхынан төмөнкүдөй баян кылынган: «Эгер, беш киши чогулуп, өздөрүнөн бир кишинин халифа болушуна ыраазы болуп, бир киши буга ыраазы болбосо, анын башын кылыч менен чаап ташта. Эгер, төртөөсү топтолуп өздөрүнөн бир кишиге ыраазы болушса, экөөсү буга ыраазы болбосо экөөсүнүн баштарын кылыч менен чаап ташта…».

Бул риваятта ровийлерден Абу Михнаф Лут ибн Яхя ибн Саид ибн Михнаф ибн Салим Аздий деген киши бар. Аллама Такийюддин Набаханий мындай деген: «Анын сахих китептеринен Ибн Жарир Табарий өзүнүн тарыхында накл кылган нерсе гана калган. Аны көпчүлүк мухаддистер каралап, ал бир далай белгисиз кишилерден риваят кылган, деп айтышкан». (Исламий шахсия, 1-бөлүк, 354-бет).

Суроо мындай, эгер иш ушундай болсо, кантип аллама Такийюддин Набаханий Абу Михнафтын Табарий тарыхындагы риваятын сахих риваят деп айтышы мүмкүн? Көңүл бурганыңыз үчүн ыраазычылык билдиремин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва баракотух...

Биз мурун да ушундай суроого Фейсбуктагы бетибизде кеңири жооп бергенбиз.

Ошондуктан, мен сизге кыскача жооп берем:

1 – Табарий риваятында мындай делет: «Мага Умар ибн Шабба риваят кылды, бизге Али ибн Мухаммад Вакиъден, ал Аъмаштан, ал Иброхим жана Мухаммад ибн Абдуллах Ансарийден, ал Ибн Абу Арубадан, ал Катададан, ал «Шахр ибн Хавшаб жана Абу Михнафтан», ал Юсуф ибн Язидден, ал Аббас ибн Сахл жана Мубарак ибн Фазаладан, ал Убайдуллах ибн Умар жана Юнус ибн Абу Исхактан, ал Амр ибн Маймун Авдийден риваят кылды: Умар ибн Хаттабга жараат жеткирилгенде… ал айтты…».

2 – Мындан анык көрүнүп тургандай, Катада бир гана Абу Михнафтын өзүнөн риваят кылбай, Шахр ибн Хавшаб жана Абу Михнафтан риваят кылган, ал экөөсү (Шахр ибн Хавшаб жана Абу Михнаф) Юсуф ибн Язидден риваят кылган. Ошондуктан, Абу Михнаф жөнүндө кеп-сөз бар экендиги хадистин сахихдигине таасир кылбайт. Себеби, Шахр ибн Хавшабды көптөгөн хадис аалымдары ишеничтүү деп айтышкан:

Ижлий (хижрий 261-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Сикот» (ишеничтүү кишилер) китебинде мындай деген: «Шахр ибн Хавшаб Шамдык, табеин, ишеничтүү».

Хайсамий (хижрий 807-жылы дүйнөдөн кайткан) Шахр ибн Хавшаб жөнүндө «Мажмаъуз заваид ва манбаул фаваид»де көп орунда айтып өткөн: «Шахр ибн Хавшаб, ишеничтүү делген». «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө түрдүү пикир билдиришкен. Бирок, аны Ахмад, Ибн Маъийн, Абу Зуръа жана Яъкуб ибн Шайба ишеничтүү дешкен». «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө кээ бир кеп-сөздөр бар. Бирок, аны бир нече киши ишеничтүү деген». «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө кеп-сөз бар. Аны бир жамаат ишеничтүү деген».

Ибн Шахин (хижрий 385-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Ишеничтүү кишилердин ысымдары тарыхы» китебинде мындай деген: «Яхя айтат: Шахр ибн Хавшаб, сабит. Дагы бир риваятта айтат: Ал шамдык болуп, Басраны мекен туткан, өзү ашъарийлерден, алардын эң муътабарларынан болгон, ал ишеничтүү».

Ушуга ылайык, Катада бир гана Абу Михнафтан эле эмес, Абу Михнаф жана Шахр ибн Хавшабдан риваят кылган. Ошондуктан, биз бул риваятты алганбыз. Белгилүү болгондой, ал бул темадагы жалгыз риваят эмес. Себеби, ага окшогон риваятты Ибн Саъд «Табакат»та, Ибн Шабба «Медина тарыхы» китебинде риваят кылган…

1-зул-хижжа, 1434-х.
6-октябрь, 2013-м.

## Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт тууралуу

**Суроо**: жообуңуз үчүн Аллах сыйласын...

Талкуу-тартышуулар ачык болушу мүмкүнбү, мусулмандар анын мазмунунан пайдаланышмак о.э. заиф пикир анык болгондон кийин, Хизбут-Тахрир жана анын амири акыйкатты калыстык менен кабыл алышын билип алышмак?

Биз талкуу кылмакчы болуп жаткан биринчи пикир Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт жөнүндө.

Мага Aang Yulius деген боордошум төмөндөгү макаланы жазды:

«Хизбут-Тахрирдин мусулмандарга Халифалыкты тикелөө үчүн берилген мөөнөттү дайындоодогу далил келтирген риваяты сахихпи?

Хизбут-Тахрирдин табанний кылынган пикирлеринин бири – бул бардык мусулмандар үчүн халифа шайлоо пикири. Алардын айтымында, мусулмандар үч күндөн ашык халифасыз болбошу керек, эгер үч күн өтсө, мусулмандар халифа шайлабаган болушса, күнөөкөр болушат. Усманий Халифалык кулатылгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин мусулмандар мойнунда байъатсыз сексен жылдан ашуун жашашты.

Натыйжада, Халифалыкты тикелөөдө катышпаган ар бир киши күнөөкөр болду. Хизбут-Тахрир Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт үч күн экенине сахабалар ижмасын (Умар ибн Хаттаб ﵁нун белгилүү сөздөрүн) далил кылып келтиришет. Риваятта көрсөтүлүшүнчө, ага бычак сайылып өлүм жакасына келгенде өзүнөн кийин шуро-кеңеш жолу менен өз араларынан бирин халифа кылуу үчүн алты улуу сахабаны талапкер кылат. Үч күндүн акырында анын буйругуна кимиси каршы болсо, ал өлтүрүлүшү керектигин айтып, аларга коркутуп осуят кылат. Элүү сахабаны ушул осуятты аткарууга буюрат. Ушул улуу сахабалар бул осуятты билишкен, бири да аны четке кагышпайт, акыйкатта болсо, ал четке кагыла турган осуят. Демек, бул нерсе алар Халифалыкты тикелөө мөөнөтүн үч күн кылып белгилешкенине далалат кылат. Бул пикир Табарий тарыхында келген:

«… Эгер бешөөсү жамдалып, бир кишиге ыраазы болушса, бири баш тартса, анын башын алгыла же башына кылыч ургула. Эгер, төртөөсү келишип, алардын бирине ыраазы болсо, экөөсү баш тартса, ошол экөөсүнүн башын алгыла…». Бул, табанний китептеринде жазылган Хизбут-Тахрирдин расмий пикири, Хизб мүчөлөрү бул пикирлерди Хизб атынан же жеке өзүнүн атынан басып чыккан. Бул пикир «Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинин Халифа тикелөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөт деген темада о.э. «Исламда башкаруу түзүмү»

китебинде Халифа шайлоо тарийкаты темасында жана башка жерлерде келген.

Проблема бул риваяттын заифтигинде, себеби, анын санадында Абу Михнаф бар, ал шиа, рофизий болгон, Ибн Маъин аны «ишеничтүү эмес» деп сыпаттаган.

Риваят санадында белгисиз ровийлер да бар… Риваятта мудаллис[1] ровийлер да бар, алар анъана сийгасында[2] риваят кылышкан…

Ушул Табарий риваяты маанисинде башка бир риваят да бар, бирок, ал да санадындагы үзүлүү себептүү заиф риваят. Мисалы, Ибн Саъд «Табакатул кубро»до ушуга окшогон риваят келтирген, анда Саммак ибн Харб Захлий Бакрий бар, Хафиздер аны: «Туура сөз, бирок, өзгөргөн», - деп сыпатташкан жана ал Умар менен жолугушу мүмкүн эмес, ошондуктан, бул риваят мункатиъ болуп эсептелет.

Маани жагынан ушунун күбөсү болобуз, ушул Табарий риваятын жана ага окшогон башка риваяттарды тастыктоо мүмкүн эмес, себеби, алар сахих риваяттарга карама-каршы. Төмөндөгү нукталарга назар салалы: Умар ﵁ кантип улуу сахабаларды өлтүрүүгө буюрушу мүмкүн? Кантип Умар ﵁ алар Расулуллах ﷺдын тандалган сахабалары экендиктерин билип туруп, ушундай деши мүмкүн?

Ушуларга ылайык, бул риваяттын заифтиги анык көрүнүп калды… Демек, мусулмандарга Халифалыкты тикелөө үчүн берилген үч күн мөөнөткө аны далил кылуу бекер болду. О.э. Халифалыкты улуулап: «Умар халифа шайлоодон баш тартканды өлтүрүүгө буюрду», деген кишинин сөзү да акыйкат эмес болуп чыкты».

Ко-ош, сиздин пикириңиз кандай? Сизден канааттандырарлык жооп күтөбүз.

**Жооп**: сурооңуз башында кээ бир нерселер көңүлүмдү өзүнө бурду, жооптон мурун ошолорду айтып өтөмүн:

а) Суроо Muafa Abu Haura деген кишиники, бирок, сиз суроодо иштеткен макала Aang Yulius деген кишинин атына таандык!

---

[1] Мудаллис – бир ровий адатта хадис риваят кылган өзүнүн устаздарынын биринен хадис риваят кылат, бирок, бул хадисти андан укпаган, башка бир адамдан уккан, риваятта ушул ортодогу адамды калтырып кетет жана хадисти устазынан - деди, - …дан, сыяктуу угулушу ыктымал тутулган сөздөр менен риваят кылат, бирок жалганчы болуп калбоо үчүн бул хадисти устазынан укканын ачык айтпайт т.а. - мага хадис айтып берди же - уктум дебейт.

[2] Анъана сийгасы - - …дан деп айтылган риваят.

б) Сиз: Талкуу-тартышуулар ачык болушу мүмкүнбү, мусулмандар анын мазмунунан пайдаланышмак о.э. заиф пикир анык болгондон кийин, Хизбут-Тахрир жана анын амири акыйкатты калыстык менен кабыл алышын билип алышмак?, - деп жатасыз. Кантип, талкуу-тартышууну жана «заиф пикир анык болгондон кийин» деген сөздү айтууга чечим кылдыңыз, мындай дештин ордуна, кайсынысы заиф пикир, кайсынысы күчтүү пикир экенин көрүү үчүн талкуу-тартышуунун аягына чейин күтүп турсаңыз болбойбу, акыры, заиф пикир деп чечим чыгаруу туура эмес, ырас, талкуулап-тартышышмакчы болсоңуз талкуу бүткөндөн кийин гана чечим чыгарышыңыз керек, ошондой эмеспи?!

в) Сиз бизге салам бербедиңиз, ошого карабастан, дуба кылдыңыз… бизге жакшылык тилеп же жамандык тилеп дуба кылып жатканыңызды билбедик, себеби сиз: «жообуңуз үчүн Аллах сыйласын», дептирсиз, бизди жакшылык менен сыйласынбы, жамандык мененби айтпаптырсыз! Дубаңызды үч нукта менен бүтүрүп, максатыңызды анык билдирбептирсиз!

Ушулардын баарына карабастан, мен айтылган нукталарды жакшы ниетте деп, Аллахтын тавфики менен, досуңуздун макаласына жооп беремин:

1 – Ээрчүү максатында акыйкатты баян кылууга жана улуу фарз болгон туура жолду тутуучу Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн ага ылайык аракет кылууга каратылган талкуу-тартышууну Хизбут-Тахрир да, анын амири да четке какпайт. Мусулмандар Халифалык борбору бошоп калгандан кийин Халифалыкты жүзөгө келтирүү үчүн үч күндөн ашык аракетсиз калышы жайиз эмес, антпесе, аракет кылууга кудуреттүү ар бир киши күнөөкөр болот жана мында эч кандай түшүнүксүздүк жок…

2 – Макала ээси Табарийдин Абу Михнаф катышкан риваятына токтолуп, аны ишеничсиз деди. Кийин риваяттагы ровийлерди айтып өтүп, аларды белгисиз ровийлер, деди, кийин дагы айрым ровийлерди да анъана сийгасында риваят кылган, деди.

Кийин ал Ибн Саъддын «Табакотул кубро»догу риваяттарынын бирин келтирип, анда Саммак ибн Харб бар, деди жана аны «туура сөз, бирок, өзгөргөн», деп сыпаттады, ал Умар менен жолугушпаганын айтты.

3 – Макала ээси маанилүү маселеге киришкен, бирок, бир гана риваятка таянган. Акыйкатта болсо, бул маселе т.а. үч күн мөөнөт берилиши жана каршы чыкканды өлтүрүү маселеси сыр болбогон, тескерисинче, бардык сахабалардын көз алдында болуп, бул туурасында бир нече риваяттар бар. Кийин макала ээсинин – эгер ал аларды таанproblem<br>

риваятка каршы анъананы хужжат кылуу хадис истилахы илимин билбестигине далалат кылат, себеби, анъана рриваяттар эгер санад шарттары аларда жетиштүү болсо, албетте кабыл алынат.

4 – Хадисти кабыл алуу же четке кагуу үчүн албетте хадис истилахы илимдерин, усул жана фуруларын жакшы түшүнүү жана билүү керек. Эгер, досуңар ушул илим калкынан болсо, албетте, мен досуңуздун суроосуна жооп берүүдөн мурун ушул илимди бир аз айтып өтөмүн:

Ушундай бир ровийлер бар, алар айрым мухаддистер назарында ишеничтүү эсептелсе, айрым мухаддистер назарында ишеничсиз эсептелет же айрым мухаддистер аларды белгисиз дешсе, айрымдарынын назарында анык болуп эсептелет. Ушундай бир хадистер бар, бир жол менен сахих болбосо, башка жол менен сахих. Ушундай бир жолдор бар, бир жолдо алар сахих болбосо, башка жолдо сахих. Ушундай хадистер бар, айрым мухаддистер назарында алар этибарга алынбай, четке кагылган, башка мухаддистер болсо, аларды этибарга алып, аларды хужжат кылышкан. Айрым бир хадистер бар, аларды мухаддистер четке кагышса, фукахалар аммасы аларды кабыл алып, хужжат катары пайдаланышкан. Хадиске сахих же хасан деп кароодо адамдарды бирер пикирге же бардык пикирлерге мажбурлоо туура эмес жана бул нерсе хадистердин вакиъсине да тескери. Ким этибарлуу фукахалар ижтихаддарын үйрөнгөн болсо, алардын бири бир хадисти хужжат кылган болсо, экинчиси аны кабыл албаганынын күбөсү болот. Себеби, биринчи факих ал хадисти сахих деп тапкан, экинчи факих болсо сахих деп таппаган. Муну сиз ханафийлерде да, маликийлерде да, шафиийлерде да, ханбалийлерде да, башка мазхабдарда да күбөсү болосуз. Ошондуктан, хадиске сын айтуу же аны четке кагуудан мурун аны жакшылап үйрөнүү жана пикирлөө керек. Рриваят жана хадистерди күзөткөн киши бул туурасында мухаддистер түрдүү пикирде болушканын көрөт жана буга мисалдар абдан көп.

Мисалы: Абу Давуд Амр ибн Шуайбдан, ал атасынан, атасы бабасынан рриваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«الْمُسْلِمُونَ تَتَكَافَأُ دِمَاؤُهُمْ. يَسْعَى بِذِمَّتِهِمْ أَدْنَاهُمْ، وَيُجِيرُ عَلَيْهِمْ أَقْصَاهُمْ، وَهُمْ يَدٌ عَلَى مَنْ سِوَاهُمْ يَرُدُّ مُشِدُّهُمْ عَلَى مُضْعِفِهِمْ، وَمُتَسَرِّيهِمْ عَلَى قَاعِدِهِمْ...»

«Мусулмандардын кандары өз ара тең. Алардын эң төмөн даражадагысы берген амандык да таасирдүү, эң алыстагысынын (кафир менен) түзгөн келишими да таасирдүү, алар өздөрүнөн башкаларга каршы бир кол болушат. Алардын күчтүүлөрү алсыздарына жардам берет, сарияда согушка чыккандары (т.а. бир кошуун душманга каршы согушка чыгып, алар турган жайдын жанына орношсо, кийин кошуундун бир бөлүгү бөлүнүп душманга каршы согушса, алар) кошуундун чыкпай калгандары менен олжону бөлүшөт…». Бул хадис ровийи Амр ибн

Шуайб, ал атасынан, атасы бабасынан кылган риваятта алсыздык жөнүндөгү белгилүү кеп-сөздөр бар. Ушуга карабастан, анын хадисин көптөгөн мухаддистер хужжат кылган болушса, башкалары четке кагышкан.

Дагы бир мисал: Дарикутнийде Хасандан, ал Убададан, ал Анас ибн Маликтен риваят бар: Набий ﷺ мындай деди:

«مَا وُزِنَ مِثْلٌ بِمِثْلٍ إِذَا كَانَ نَوْعًا وَاحِدًا وَمَا كَيْلَ فَمِثْلُ ذَلِكَ، فَإِذَا اخْتَلَفَ النَّوْعَانِ فَلَا بَأْسَ بِهِ»

«Тартыла турган нерселер – эгер бир түрдөн болсо – теңме-тең (алмаштырылат), өлчөнө турган нерселер да дал ушундай. Эми, эгер түрү ар түрдүү болсо (теңме-тең болбосо да) зыяны жок». Бул хадисте Робиъ ибн Сабих бар. Ким санадында Робиъ ибн Сабих болгон ушул хадисти же башкасын далил катары иштетсе, шаръий далил менен далил келтирген боло берет.

Мисалы: Имам Ахмад риваят кылат, бизге Ибн Нумайр айтты, бизге Малик ибн Анас айтты, мага Асвад ибн Суфяндын мавласы Абдуллах ибн Язид айтты, ал Абу Айяштан, ал Саъд ибн Абу Ваккастан риваят кылат: «Расулуллах ﷺдан жаңы курманы кургатылган курмага алмаштыруу жөнүндө суралганда:

«أَلَيْسَ يَنْقُصُ الرُّطَبُ إِذَا يَبِسَ»

«Курма кургаганда азайбайбы», деди, «азаят», дешти, анда, ал зат муну «макрух көрдү». Муну Абу Давуд төмөндөгү лафз менен риваят кылган: «Бизге Абдуллах ибн Маслама Маликтен, ал Абдуллах ибн Язидден риваят кылды, ага Зайд Абу Айяштын кабар беришинче, Саъд ибн Абу Ваккас мындай деди: Мен Расулуллах ﷺдын – ал зат кургатылган курманы жаңы курмага сатуу жөнүндө суралганда – мындай дегенин уктум:

«أَيَنْقُصُ الرُّطَبُ إِذَا يَبِسَ»

«Курма кургаганда азаябы», «ооба», дешти, ошондо Расулуллах ﷺ мындан кайтарды».

Бул хадисти имам Тирмизий сахих деген, бир жамаат мухаддистер иллеттүү эсептешкен, мисалы, Тахавий, Табарий, Ибн Хазм жана Абдулхак сыяктуулар хадис санадында Абу Айяш бар, ал белгисиз киши, дешкен. «Талхис»те мындай делген: Буга жооп ушул Даркутний: «ал (т.а. Зайд Абу Айяш) ишеничтүү, сабит», деген. Мунзирий айтат: Андан эки ишеничтүү ровий риваят кылган, Малик болсо, заиф саноодо абдан катуу болгонуна карабастан, бул риваятка таянган. Демек, бирер киши бул хадисти шаръий далил катары келтирсе же ровийлери арасында Зайд Абу Айяш болгон бирер хадисти далил кылган болсо, ал шаръий далил келтирген болот.

Ушуларга ылайык, өкүм истинбат кылууда башка риваяттарды калтырып, бир риваят аркылуу аны истинбат кылуу жарабайт о.э. бардык

жактарды карап чыкпастан бир жак менен гана риваятты тажрих жана таъдил кылуу дурус эмес.

5 – Эми, ушул макала ээси билбеген же билмексен болуп айрым тараптарды талкуу кыламын:

Ал Табарий риваятын шархтоодо көңүлдү Абу Михнафка караткан, бирок, Абу Михнафтын санаддагы шеригине этибар бербеген, себеби, Табарийдин риваятындай мындай келет:

«Мага Умар ибн Шабба айтты, бизге Али ибн Мухаммад Вакиъден, ал Аъмаштан, ал Иброхим жана Мухаммад ибн Абдуллах Ансарийден, ал Ибн Абу Арубадан, ал Катададан, ал Шахр ибн Хавшаб жана Абу Михнафтан, ал Юсуф ибн Язидден, ал Аббас ибн Сахл жана Мубарак ибн Фазаладан, ал Убайдуллах ибн Умар жана Юнус ибн Абу Исхактан, ал Амр ибн Маймун Авдийден риваят кылды: Умар ибн Хаттаб бычакталган соң… мындай деди…» бүттү.

Демек, макала ээси Абу Михнафка көңүл буруп, аны заиф деди, анын риваяттагы шериги Шахр ибн Хавшабды калтырып кетти, акыйкатта болсо, Катада Абу Михнафтан да, Шахр ибн Хавшабдан да риваят кылган, алардын экөөсү тең Абу Юсуфтан риваят кылышкан, ал эми, макала ээси болгону Абу Михнафты гана айтып өткөн. Буга себеп Шахр ибн Хавшабды бир жамаат мухаддистер ишеничтүү деп эсептешкен:

Ижлий (261-х. дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Сикот» китебинде: Шахр ибн Хавшаб – шамдык тибийин болуп, ишеничтүү, дейт.

Хайсамий (807-х. дүйнөдөн кайткан) «Мажмауз заваид ва манбаул фаваид» китебинде бир нече орунда мындай дейт:

«Шахр ибн Хавшаб ишеничтүү делген», «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө ар түрдүү пикирлер бар, бирок, Ахмад, Ибн Маъин, Абу Зуръа жана Яъкуб ибн Шайба аны ишеничтүү дешкен», «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө айрым кеп-сөздөр бар жана көпчүлүгү аны ишеничтүү деген», «Шахр ибн Хавшаб жөнүндө айрым кеп-сөздөр бар жана аны бир жамаат ишеничтүү деген».

Ибн Шахин (385-х. дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Тариху асмаис сикот» китебинде мындай дейт: «Яхя: Шахр ибн Хавшаб - сабит, деген. Дагы бир риваятта ал шамдык болуп, ашъарийлердин эң абройлууларынан жана ал ишеничтүү, делген».

Ошондуктан, Катада бир гана Абу Михнафтан эмес, Абу Михнаф жана Шахр ибн Хавшабдан риваят кылды. Бирок, макала ээси Шахр ибн Хавшабга этибар бербеген, себеби, аны бир нече мухаддис ишеничтүү деп эсептеген.

Бул Табарий риваяттары жагынан.

- Эми Ибн Саъддын «Табакот»тогу риваяттарынан келтиребиз:

Макала ээси «Табакот»тогу риваяттардын бирин т.а. санадында Саммак катышканын келтирди жана анын санады төмөнкүдөй:

«Бизге Абдуллах ибн Бакр Сахмий кабар берди, бизге Хатим ибн Абу Сагира кабар берди, ал Саммактан риваят кылды, Умар ибн Хаттаб өлүм жакасына келде мындай деди: «Эгер халифа калтырсам – бул сүннөт, эгер калтырбасам – бул да сүннөт, Расулуллах ﷺ дүйнөдөн кайтканда халифа калтырбады, Абу Бакр дүйнөдөн кайтканда халифа калтырды». Макала ээси Саммакты «туура сөз, бирок, өзгөргөн», деп сыпаттады жана ал Умар менен жолугушу мүмкүн эмес, деди.

Бирок, Ибн Хиббан (354-х. дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Сикот» китебинде Саммак ибн Харб жөнүндө ушуларды айткан:

«Саммак ибн Харб Бакрий – Куфа калкынан… Андан Саврий жана Шуъба риваят кылган. Хаммад ибн Салама айтат: Мен Саммак ибн Харбдын: Мен Набий ﷺдын сахабаларынын сексенин көрдүм, дегенин укканмын. Ал Хишам ибн Абдулмалик халифалыгынын аяктарында, Юсуф ибн Умар Ирак валийи болгон убакытта дүйнөдөн кайткан. Анын толук ысымы Саммак ибн Харб ибн Авс ибн Халид ибн Низар ибн Муавия ибн Амир ибн Захл».

Ибн Шахиндин «Тарихи асмаис сикот» китебинде төмөндөгүлөр келет:

«Саммак ибн Харб ишеничтүү. Бизге Абдуллах ибн Мухаммад Багавий айтты, бизге Мухаммад ибн Гийлан айтты, бизге Муъмал Хаммад ибн Саламадан, ал Саммак ибн Харбдан риваят кылды, Саммак айтты: Мен Набий ﷺдын сахабаларынын сексенин көрдүм».

Бул - Саммак Набий ﷺдын сахабаларынын сексенин көргөнүнө далалат кылат. Бул, көп сан, эгер ал Умарды көрбөгөн тагдырда да, Умардан накл кылган сахабаны көргөнү анык, сахабанын калып кетиши болсо санаддын сахихдигине зыян кылбайт.

- Муну менен бирге, Ибн Саъд бул маселеде Саммак катышпаган башка риваяттарды да келтирген, алардын катарында:

- «Бизге Убайдуллах ибн Муса кабар берди: Бизге Исроил ибн Юнус Абу Исхактан, ал Амр ибн Маймундан риваят кылды, мен Умарды бычак сайылган күнү көрдүм… Кийин ал: Мага Али, Усман, Талха, Зубайр, Абдурахман ибн Авф жана Саъдды чакыргыла, деди… Кийин: Мага Сухайбды чакыргыла, деди. Сухайб чакырылган соң, ага айтты: Адамдарга үч күч намаздарында имам болуңуз, тигил коум бир үйдө өздөрү жалгыз калышсын, эгер алар бир кишиге келишишсе, кимдир бирөө аларга каршы болсо, анын башын алгыла…».

«Асадул гоба»да келишинче, Амр ибн Маймун Авдий Набий ﷺ заманында Исламга кирген жана жүз жолу (кээ бир риваяттарда жетимиш

жолу) ажылык кылган, Набий ﷺга зекетин берген… Ошондуктан, ал Умар ибн Хаттабга бычак сайылган күнгө күбө болгон.

- Бизге Мухаммад ибн Умар кабар берди, мага Мухаммад ибн Муса Исхак ибн Абдуллах ибн Абу Талхадан, ал Анас ибн Маликтен риваят кылды: Умар ибн Хаттаб дүйнөдөн кайтышынан бир саат мурун Абу Талха Ансарийге адам жөнөтүп, ага мындай деди: «Эй Абу Талха, коумуңардан элүү ансарды алып, тигил шуро калкынын алдына бар, алар биринин үйүнө топтолушса керек деп ойлойм. Сиз досторуңуз менен ошол үй эшигинин алдында туруңуз, эч кимди алардын алдына киришине жана үч күн ичинде араларынан амир тандабай чыгып кетишине жол бербеңиз, Аллах акысы, сиз алардын үстүндөгү орун басарымсыз».

- Бизге Мухаммад ибн Умар кабар берди, мага Муса ибн Яъкуб Абу Хувайристен риваят кылып айтты: Умар өз осуятында мындай деди: «Эгер дүйнөдөн кайтсам, сизге Сухайб үч күн намазга имамдык кылсын, кийин өз ара келишип, бириңирге байъат бергиле…».

Ачык-айкын көрөнүп тургандай, Ибн Саъддын бир нече риваяттары бар, бирок, макала ээси Саммак камтылган бир риваятты таап, күмөнгө бекем жабышып алган жана башка риваяттарды калтырып кеткен. Бул, анын акыйкатты издеп табууну эмес, акыйкат калкынын арасына башаламандык киргизүүнү каалашына далалат кылат, бирок, ал бул ою ишке ашмак беле?!

- Ушунча риваяттардан тышкары, дагы башка риваяттар да бар, аларды Ибн Шабба өзүнүн «Тарихи Мадина» китебинде келтирген, мен бул жерде анын үч риваятын айтып өтөм:

- Бизге Абу Бакр Улаймий айтты, бизге Назр ибн Шубайл айтты, бизге Ибн Мубарак айтты, мага Ибн Аффан үй-бүлөсүнүн мавласы айтты: Умар ﵁ Сухайбды үч күн адамдарга намазда имам болууну буюруп, мындай деди: «Үчүнчү күн келгенге чейин араңардан т.а. шуро калкынын арасынан бириңерге байъат берилбешине жол койбогула, дагы, Аллахтан таква кылгыла, араңарды жараштырып, бөлүнбөгүлө, чатакташпагыла, Аллахка, Расулуна жана амирге итаат кылгыла».

- Бизге Хаббан ибн Бишр айтты, бизге Яхя ибн Адам айтты, бизге Ибн Идрис Талха ибн Яхя ибн Талхадан, ал Иса ибн Талха жана Урва ибн Зубайрдан риваят кылды, ал экөөсү айтты: Умар ﵁га бычак сайылганда мындай деди: «Сизге Сухайб үч күн намазга өтсүн жана Талханы күтүңүз, эгер ушул убакытта келсе жакшы, антпесе, ишиңизди карап чыгыңыз, себеби, Мухаммад ﷺдын Үммөтү үч күндөн ашык (башкаруусуз) бош таштап коюлбайт».

- Бизге Мухаммад айтты, бизге Муса ибн Укба айтты, бизге Нифиъ айтты, ага Абдуллах ибн Умар ﵁нун кабар кылышынча, Умар ﵁ гусл кылынды, кепинделди жана жаназа окулду, ал шейит болгон эле. Умар

ﷺ мындай деген: «Эгер дүйнөдөн кайтсам, үч күн күткүлө жана Сухайб адамдарга намазда имамдык кылып турсун, төртүнчү күн келгенче үстүңөргө бир амирди дайындабай койбогула, Абдуллах ибн Умар кеңешчи катары болот, ага башкаруудан эч нерсе берилбейт, Талха башкаруудагы шеригиңер. Эгер, ал ушул үч күн ичинде (кабар менен) келсе, ишиңерди ага тапшыргыла, эгер ал келишинен мурун үч күн өтүп кетсе, ишиңерди өзүңөр чечкиле (т.а. өзүңөр бир кишини халифа кылып шайлагыла)…». Микдад ибн Асвадга мындай деди: «Эгер мени кабырыма койсоңор, тигил жамаатты араларынан бир кишини тандоо үчүн бирер үйгө топтогула». Сухайбга мындай деди: «Адамдарга үч күн намазда имам болуңуз. Али, Усман, Зубайр, Саъд, Абдуррахман ибн Авф, Талханы – эгер келсе – киргизиңиз, Абдуллах ибн Умарды даярдаң, ага башкаруудан эч нерсе берилбейт, сиз алардын башында туруңуз, эгер бешөөсү келишип, бир кишиге ыраазы болушса, кимдир бирөө баш тартса, анын башын жаргыла же башына кылыч ургула, эгер төртөөсү келишишип, араларынан бир кишиге ыраазы болуп, экөөсү бар тартса, экөөсүнүн башын алгыла, эгер үчөөсү араларынан бир кшиге, дагы үчөөсү башка кишиге ыраазы болушса, анда, Абдуллах ибн Умарды аларга казы кылыңыз, ал кайсы топтун пайдасына өкүм кылса, ошолор өз араларынан бир кишини тандашсын, эгер Абдуллах ибн Умардын өкүмүнө ыраазы болушпаса, араларында Абдурахман ибн Авф кошулган топ менен бирге болуңуз жана калгандары – эгер адамдар келишкен нерседен жүз үйрүшсө – өлтүргүлө»…

- Үч күндү мөөнөт кылуу ушул риваяттарда каршы чыкканды өлтүрүү айтылбай кыска келген. Мисалы: «Адамдарга үч күн намазда имам болсун», «үчүнчү күн келгиче», «араңардан бириңерге байъат бергениңерге чейин үч күн өтүп кетпесин», «Сухайб силерге үч күн намазда имам болсун», «алар үчүнчү күндө араларынан бирин амир кылып тандабай өткөрүп жиберүүлөрүнө жол бербеңиз», «силерге Сухайб үч күн намазга имамдык кылсын, кийин өз ара келишип, бириңерге байъат бергиле»… сыяктуу. Каршы чыкканды өлтүрүү жөнүндө муфассал айтылган риваяттар да бар: «… адамдарга үч күн намаздарында имам болуңуз… эгер алар бир кишиге келишишсе, бирер жарымы аларга каршы болсо, анын башын алгыла»… ж.б.у.с.

Т.а. үч күн мөөнөт берилгени каршы чыкканга колдонула турган чаранын тафсилатысыз кыска келген, башка риваяттарда болсо, каршы чыкканга чара т.а. өлтүрүү айтылган. Ошондой болгон соң, ушул макала ээси каршы чыкканды өлтүрүү жөнүндөгү риваяттарга көңүлдү бурду, каршы чыккандын өлтүрүлүшү айтылбаган, бирок, үч күн мөөнөт берүү айтылган риваяттарды калтырып кетти? Анын максаты өз пикирин туйгу менен кабыл алдыруу үчүн өлтүрүү темасына өзүнчө басым жасоо

болгон. Акыйкатта болсо, Умардын бүткүл калкка каршы чыкканды өлтүрүү жөнүндө айткан сөздөрү үч күн абдан маанилүү экенине далалат кылат.

- Ушуларга ылайык, чамасы, макала ээси да, ага окшогондор да, анын шериктери да акыйкатты абдан текшерүүнү максат кылышпаган, мунун ордуна акыйкат калкын чалгытууну көздөшкөн жана ушундай улуу фарзды аткаруудан коркуп, аракет кылбай жатканына актанууларды таап алууну каалап жатышкан көрүнөт. Негизи, сахабалар бул фарзды Расулуллах ﷺды жерге берүүдөн да алга коюшкан.

Эми макала ээсинин: «Умар رضي الله عنه кантип улуу сахабаларды өлтүрүүгө буйрушу мүмкүн? Кантип Умар رضي الله عنه алар Расулуллах ﷺдын тандалган сахабалары экендигин билип туруп, ушундай деши мүмкүн?», деген сөздөрүнө келсек:

Шаръий өкүмдөр өз далилдеринен алынат, нафс-каалоодон да, кыялдардан да алынбайт.

Ошентип, ким биз көрсөткөн нерселерге сереп салса, акыл жана аң-сезимин иштетсе – инша Аллах – акыйкатка жол таба алат. Кимди текебердиги күнөөгө жетектесе жана түшүнүүдөн баш тартып макаласын жазса, ага жооп да пайда бербейт, анын иши Аллах Субханахуга калтырылат, Ал туура жолго жетектөөчү Улуу, Аалий Зат.

15-шаъбан, 1434-х.
24-июнь, 2013-м.

## «Исламий мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылуу араб мамлекеттерине гана чектелгенби?»

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух!

Урматтуу амирибиз, Аллахтан сураймын, сизге тавфик берип, Өзүнүн уруксаты менен, сиздин колуңуз менен бизге тезирээк нусрат берсин, анткени Аллах ушул иштин Ээси....

«Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинин 79-бетинде мындай деп келген:

«Ислам даъватын жаюу жана бул жолдо саясий күрөш алып баруу Хизб өзүнө мажол (иш-аракет майданы) кылып белгилеген коомдо болот. Хизбут-Тахрир бүтүндөй Ислам дүйнөсүндөгү коомду бир коом деп этибар кылат. Анткени, анын бардык маселеси бир т.а. Ислам маселеси болуп эсептелет. Бирок, Хизб исламий өлкөлөрдүн бир бөлүгү катары араб өлкөлөрүн башталыш чекити кылып белгилейт. Хизб улуу Исламий мамлекеттин өзөгү катары араб өлкөлөрүндө Исламий мамлекеттин пайда болушун бул жолдогу табигый кадам деп билет».

О.э. «Хизбий уюшуу» китебинде да төмөнкүдөй сөздөр келген:

«Ушуга ылайык, бардык Ислам өлкөлөрүн өз ичине ала турган Исламий мамлекеттин негизи болуучу Исламий мамлекет араб өлкөлөрүндө пайда болушу табигый. Араб өлкөлөрүндө Исламга даъват кылуу шарт болгону сыяктуу эле, башка исламий өлкөлөргө да даъват жиберилиши шарт. Иш-аракетти араб өлкөлөрүндө баштоо дегени исламий өлкөлөрдүн бардыгын Исламий мамлекетте бириктирмейинче араб өлкөлөрүнөн башка жерде иш-аракет жүргүзүлбөйт дегени эмес. Араб өлкөлөрүндө Исламий мамлекетти тикелөө үчүн иш алып барылат, андан кийин бул мамлекет кошуна өлкөлөргө – алар араб өлкөлөрү же башка өлкөлөр болушуна карабастан – кеңейип барат».

Ушул сүйлөмдөр биз Халифалык мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылышыбызда болжолдонгон мамлекет араб мамлекеттери гана болушун, калган араб эмес мамлекеттерде болсо Ислам мамлекетин тикелөөдөн башка максатта аракет кылышыбызды түшүндүрөбү? Айрыкча, Аллахтын уруксаты менен, жакындап келе жаткан Исламий мамлекеттин негизи оболу араб мамлекеттеринде болуп, андан кийин башка исламий өлкөлөргө таркалышы да айтылган.

Мага ушул нерсе караңгы болуп калгандыктан, сизден негизинен ушул сүйлөмдөн эмне көздөлгөндүгүн ачыктап бересиз деп үмүттөнөмүн. Сизге Аллах береке берип, сиз аркылуу жана сиздин колуңуз менен фатхтарды берсин!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух!

«Түшүнүктөр» жана «Уюшуу» китебинде келтирилген бул эки сүйлөмдө тең «мамлекет тикелөө үчүн аракет кылуу араб мамлекеттерине чектелген» деген нерсе түшүнүлбөйт. Анткени, эки сүйлөмдө тең бул табигый нерсе экендиги гана айтылган. Бул жерде мындай, түпкүлүгүндө, Ислам мамлекети араб мамлекеттеринде болушу керек, башкасында болбошу керек. Анткени, араб тили Ислам тили болуп, ал Исламды түшүнүү жана ижтихад кылуу үчүн зарыл. Ошол себептен улам, ушул мамлекет араб тилинде сүйлөшүүчү араб мамлекеттеринде тикеленгени жакшы жана туура болот. Бирок, кээде бул нерсе жүзөгө чыкпай калып, мамлекет араб эмес мамлекеттерде тикеленет. Анткени, бардык исламий дүйнө Халифалык мамлекети тикеленүүгө жарактуу, мейли араб мамлекеттери андан да жарактуураак болсо да. Хизб мамлекет тикелөө үчүн ишмердүүлүгүн араб мамлекеттерине гана чектебейт, тескерисинче, ошол максатын көздөй араб эмес мамлекеттерде да аракет кылат.

Бирок, Хизб араб мамлекеттеринде түзүлдү жана ошол жерде иш-аракет баштады, башталууда мажол араб мамлекеттери болду, анткени, Хизб ошол жерде бар эле жана ошол жерде иш-аракет алып барат эле. Кийинчерээк даъват араб мамлекеттеринин тышкарысына кеңейип, Хизб чет өлкөдө да таасирге ээ болгондон кийин, өз мажолун да кеңейтти жана арабий болушуна, же арабий болбошуна карабастан, исламий өлкөлөрдө Халифалык тикелөө үчүн аракет кыла турган болду. Ошондуктан, эгерде ушул табигый нерсе жүзөгө чыгып, Халифалык мамлекети араб мамлекеттеринде тикеленсе Аллахка хамд (алкыш-мактоо) айтабыз, ал эми башка исламий өлкөлөрдө тикеленсе, буга да Аллахка хамд айтабыз!

﴿وَرَبُّكَ يَخْلُقُ مَا يَشَاءُ وَيَخْتَارُ﴾

*«Роббиң Өзү каалаган нерсени жаратат жана ыктыяр кылат»* [28:68]

Аллахтын өзү жардамчы.

20-зул-хижжа, 1435-х.
14-октябрь, 2014-м.

## «Мен азыр аракетсиз отургандардын катарына кошуламынбы?»

**Суроо**: урматтуу амир, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Мен сиздин Хизб уюмунда саясий иш алып барууну таштаган боордоштордун бирине берген жообуңузду окудум. Сиз «сен аракетсиз отуруучулар менен болууга ыраазы болуптурсун» деп айткан мына ошол сөздөр мага катуу таасирин тийгизди. Мен Хизбдин бардык пикирлерин кабыл аламын, кайда болсом да жана ким менен жолугушсам да адамдар мени Хизб пикирлери менен таанышат, ал тургай атым да Хизб менен байланышып калган. Ошого карабастан, мен азыр эркимден тышкары мага мажбурий жүктөлгөн кырдаал себептүү Хизб уюму менен байланыша албай жатам. Менин оюмча ушундай.

Ушундан кийин мен да азыр аракетсиз отуруучулардын катарына кошуламынбы?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Эй боордош, туура жолду тутуучу Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу дүйнө жүзүндө исламий турмушту кайрадан баштоону көздөй Ислам үчүн аракет кылуу жеке адам көрүнүшүндө болбойт, тескерисинче, бир топ т.а. жамаат көрүнүшүндө болот жана бул жамааттын иштери Робби Субханаху ва Тааланын шарияты менен тартиптештирилген болот.

Буга Аллах Субанаху ва Тааланын төмөнкү сөзү далил болот:

–*«Араңардан жакшылыкка чакыруучу, маъруфка буюруп, мункардан кайтаруучу бир үммөт-жамаат болсун, мына ошолор ийгиликке жетишүүчүлөр»* [3:104]

Ушул аяттагы үммөт сөзү жамаат деген мааниде.

Кийин, андагы жакшылыкка дегени, бүтүндөй Исламга, дегени.الخير сөзү махаллан алиф ламдуу. Алиф ламдуу Ислам болсо толук Ислам болуп, ага жаза-чараларды колдонуу үчүн жана даъват, жихад аркылуу Исламды жаюу үчүн мамлекет тикелөө да кирет. Булардын бардыгы болсо жеке адам көрүнүшүндөгү аракет менен болбойт.

Расулуллах Адын тарыхы да ошону айтып турат. Чындыгында, Расулуллах Адын айланасында сахабалар өз ара тартиптүү көрүнүштө, бир арканды бекем кармашып, уюшкан жамаат болушту, ар тарапка жайылышкан жеке адамдар болушпады.

Жамааттын күч-кубаты туурасында өтө көп хадистер бар, алардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

Имам Термизий өзүнүн «Сунан»ында Ибн Аббастан төмөнкүнү иштеп чыккан, Ибн Аббас айтат, Расулуллах А:

«يَدُ اللهِ مَعَ الْجَمَاعَةِ»

«Аллахтын колу жамаат үстүндө», – деген.

Насаий өзүнүн «Сунан»ында Арфажа ибн Шурайх Ашжаийден мындай хадис иштеп чыккан. Арфажа айтат, мен Набий Адын минбарда адамдарга мындай деп хутба кылып жатканын көргөн элем:

«...فَإِنَّ يَدَ اللهِ عَلَى الْجَمَاعَةِ، فَإِنَّ الشَّيْطَانَ مَعَ مَنْ فَارَقَ الْجَمَاعَةَ يَرْكُضُ»

«... Шек-күмөнсүз, Аллахтын колу жамааттын үстүндө, шек-күмөнсүз, Шайтан жамааттан качкан кимсе менен».

Ибн Хиббан өзүнүн «Сахих»инде бул хадисти Арфажадан төмөнкүдөй текстте иштеп чыккан:

«...فَإِنَّ يَدَ اللهِ مَعَ الْجَمَاعَةِ، وَإِنَّ الشَّيْطَانَ مَعَ مَنْ فَارَقَ الْجَمَاعَةَ يَرْتَكِضُ»

«... Шек-күмөнсүз, Аллахтын колу жамаат менен бирге, Шайтан болсо жамааттан качкан кимсе менен».

Хаким «Мустадрак ала сахихайн»да Ибн Умардан төмөнкү хадисти иштеп чыккан, Ибн Умар айтат, Расулуллах А:

«يَدُ اللهِ عَلَى الْجَمَاعَةِ فَاتَّبِعُوا السَّوَادَ الأَعْظَمَ، فَإِنَّهُ مَنْ شَذَّ شَذَّ فِي النَّارِ»

«Аллахтын колу жамаат үстүндө, демек, улуу заттарды ээрчигиле, себеби ким ажыраса–тозокко ажырайт», – деген.

Ушул талап кылынып жаткан жамаат Аллах Субханахунун Китеби жана Расулу Адын Сүннөтү менен тартиптүү абалда болгон жамаат экендиги анык. Муну жогорудагы аят да айтып турат.

Булардын бардыгы аракет жеке адам көрүнүшүндө эмес, жамаат көрүнүшүндө болушуна, бул жамаат шарият менен тартиптештирилген болушуна далалат кылууда.

Урматтуу боордош, ырасында, Хизбут-Тахрир идеологиясын көтөрүп чыгып, ага амал кылып, ал тууралуу сүйлөп жаткан экенсиз, демек бир соо-саламат жамаатта болууга даярсыз. Демек ушундай болгон соң, ушул көтөрүп чыгып жаткан жакшылыкты чала кылбаңыз, жамаатта болуу менен аны толук кылыңыз. Мына ошондо дүйнө жана акырет азиздигине жетишесиз, инша Аллах.

2–робиус-саний, 1435-х.
2–февраль,2014-м.

## Таштап кетүүчүлөр жана нусраттын кечигиши тууралуу

**Суроо**: эгер суроо аярлуу болсо алдын ала үзүр сурайм. Айрыкча суроонун экинчи жактамасы. Бирок, бул нерсе көптөн бери жүрөктү өйүп келген. Эгер, жооб болсо жакшы. Эгер, жооб болбосо ал деле жакшы. Менимче суралуучу суроочуга караганда абалды жакшы түшүнүнөт жана ага карата ылайыктуу жооб бере алат деп ойлойм. Менин суроом эки жактамадан:

Биринчи: Хизбдин түзүлгөнүнөн 60 жылдан ашык убакыт өттү. Ал дагы эле эч бир жамаат кездешпеген кыйын абалда даават иштерин алып барып жатат. Анын кээ бир жигитери бул дааваттын оор жүгүн көтөрө албай Хизбди таштап чыгып кетип жатышат... Эмне үчүн алардын абалы үйрөнүлүп чыгып, аларга карата жардам көргөзүлбөй жатат. Тескерисинче аларга карата «тынч эмес» позицияда мамиле кылынууда

Экинчи: ушунча узак жылдардан бери көздөлгөн максатка жетпей жаткандык нусрат талап кылуу толук түрдө өз көрүнүшүндө болбой жаткандыкты түшүндүрбөйбү?

Суроонун башында айтып өткөнүмдү дагы кайталайм, эгер суооом аярлуу болсо, айрыкча экинчи суроо... эгер жооб берилсе жакшы, жооб берилбесе деле капа болбойм. Мен суроо узатып жатам, менин Хизбке болгон мамилем абдан жакшы, анын фикрат жана тарыйкатын туура деп билем. Мен бул суроону бергенимдеги максат фитна козгоону эмес, туурасын билип алууну көздөдүм. Аллах кыянатчыны да, ичте эмне сакталганын да билүүчү. Ассаламу алайкум рахматулоохи уа баракаатуху.

**Жооб**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Ооба, экинчи суроо аярлуу суроолордон. Эгер, ылайыктуу оорун болсо суроого жооб да берилбейт. Акыйкат ээлери кайсы жерде болбосун аларды куугунтуктап жаткан тогут заалымдарды Аллах кор кылсын. Ал заалымдар бул кылган иштери менен маашырланышууда.

Акыйкатка чакырган Пайгамбарлардын, соолихтердин жолу баардык доорлордо тогут заалымдар менен торолгон. Бирок акыйкат такыбалардыкы.

Бизге бул кыястагы суроо мурда да берилген. Бирок, ал суроо бизге, Исламга кек душмандык кылган акыйкатты билүү үчүн эмес, инсандардан болгон шайтандарга кызмат кылуу, болбогон дүйнө матасына азгырылып фитна козгоо максатында кылгандар тарабынан берилген. Биз аларга жооп берген эмес элек. Анткени, алар акыйкаты билүү үчүн эмес, фитна козгоо максатында сурашкан эле, андайларга туура жооп да пайда бербейт. Ошондуктан, алардын суроосуна назар да салган эмеспиз.

Бирок, сенин суроо беришиңде акыйкатты билүү үчүн болуп жаткандыгын байкадым. Ошондуктан, сенин сурооңо жооп берүүнү туура көрдүм. Айрыкча, аярлуу болгон экинчи суроого майда баратына чейин кирип отурбастан түшүнөөрлүк деңгээлде жооп берүүнү туура көрдүм, Ин шаа Аллах. Аллах топук берүүчү:

1 – Биринчи суроого жооб:

Сенин суроонда келген «тынч эмес» позицияда дегениң тунук эмес болуп калыптыр, эгер сенин мындагы максатың Хизбден жаман кылган иштери себебтүү четтетилип аларга көңүл бурулабай калгандарды максат кылды деп түшүнө турган болсом. Ушундай түшүнүү туура болсо, анда анын баяны төмөнкүдөй:

Биз хизб жигитинин өзүндөгү бир кырдаалга байланыштуу даватын оор жүгүн көтөрө албай калыштыгын караштырабыз. Айрыкча даават сыноо артынан сыноолорго тушугуп жаткан учурда. Чындыгында кээ бир учурларда Аллахтын ыраазылыгынан дүйнө матасын жогору коюп, дааватын оор жүгүн кээ бир хизб жигиттери көтөрө албай анын алдында алсыздык кылып калган учурлар кездешет. Эгер мындай жигиттерден эмне үчүн Хизбди таштадың деп суралганда, ал өзүндөгү кырдаалга байланыштуу даават жүгүн көтөрө албадым, бирок аны Аллахтын жардамы менен жеңип өтүп кайрадан хизбке кайтууга аракет кылам деп жооп берсе... анын абалы караштырылат. Аны менен болгон жакшы алаканы улантабыз. Аллах аны туура жолго хидаятташын, кол куушуруп отуруп күнөө тапкандан көрө даават жүгүн кайрадан көтөрүшүн жеңил кылуусун Аллахтан сурайбыз. Аллахтын жардамы менен жакшы иштер жамандыктарды кетирет.

Ал эми «Хизбден чететилген кээ бир адамдарга көңүл бурулбастан сырта калтырылыгандарга» келсек. Сенин суроондогу «тынч эмес» абалда калтырылгандар. Алар дүйнө матасын Аллахтын ыраазылыгынан жогору коюп, даават жүгүн көтөрө албай алсыздык кылганына Аллахтан кечирим сурап тобоо кылгандын ордуна кол куушуруп отургандыктарын актоо максатында Хизбке жана анын жетекчилигине карата куру доомattарды артышат. Аллахтын шариятын улуу күнөөлөрдөн болгон жалганчылыкты кесип кылышат. Муслим риваятында: Аъмаш бин Шакиик Абдуллоодон риват кылат. Айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«...وَإِيَّاكُمْ وَالْكَذِبَ فَإِنَّ الْكَذِبَ يَهْدِي إِلَى الْفُجُورِ وَإِنَّ الْفُجُورَ يَهْدِي إِلَى النَّارِ وَمَا يَزَالُ الرَّجُلُ يَكْذِبُ وَيَتَحَرَّى الْكَذِبَ حَتَّى يُكْتَبَ عِنْدَ اللهِ كَذَّابًا»

«... Жалганчылыктан сактангыла. Жалган фаажырлыкка (күнөөкөрлүккө) жетелейт. Фаажырлык тозокко жетелейт. Адам Аллахтын алдында жалганчы деп жазылып калганга чейин дайым жалган айтат жана жалганчылыкты кесип кылат». Ушуга карабастан, алар

жалган айтып куру доомattарды артышат. Кале берсе, алар жалганды айтып таратуу менен маашырланышат. Ал тургай куру доомат жалгандар менен Хизбди каралай турган сайттарды да ачып алышкан. Мына ушундайларды кылган жаман иштери себебтүү Хизб көңүл сыртында калтырып аларага назар да салбайт.

Ал эми чынын айтып, өзүндөгү кырдаалга байланыштуу даават жүгүн көтөрө албай Аллахтын ыраазылыгынын ордуна дүйнө матасын жогору коюп алып жаткандарды эгер күчүбүз жетсе ал абалдан чыгарууга аракет кылып аларга жардам колун сунабыз. Мен сага өзүм күбө болгон окуяны айтып өтүүнү эп көрдүм.

Мен бир өлкөдө масуул болуп турганымды Аллах ага ырайым кылсын экинчи амирибиз келип Хизбден чыгып кеткен бирөөнү барып зыярат кылып, аны кайра кайтаруу тууралуу сүйлөшүп келүүгө жиберди. Антени ал адам мурда жакшы иштерди кылып жүргөн аң-сезимдүү адам эле. Мен ага бардым, айттым: «Эмне үчүн Хизбке кайтпай жатасың?», Ал айтты: «Я Аба Ясин мен бул даават жүгүн көтөр алгыдай күчтүү адам эмес экенмин. Мен камалгандан бир аз күндөн кийин Хизбден чыккандыгымды айттым. Менин кудуретим бул даават жүгүн көтөрүүгө жетпестигин түшүндүм». Мен аны Хизбке кайтууга аракетимден майнап чыкпады, бирок ал Хизбди колдоп кубаттоочулардан болуп кала берди... Буга окшогон чындыкты айткандарды биз урматтайбыз жана ага карата жакшы дуа кылабыз. Ал эми, даават жүгүн көтөрө албай жаткандыгына Аллахтан кечирим сурап тобоо кылгандын ордуна өзүнүн алсыздыгына башкаларды күнөөкөр кылып даават жүгүн көтөрбөстөн өзүнүн кол куушуруп отургандыгын актагандарды, жалган эле жерден баланча масуул мага ушундай кылгандыгы себебтүү Хизбден чыгып кеттим деп Хизбке карата куру доомат арткандарга Хизб кылча да көңүл бурбайт. Мындай адамдар үзүргө татыктуу эмес. Алардын кылган жаман иштери жалгандан токуп чыккан куру доомattары себебтүү көңүл сыртында калышат, аларга назар да салынбайт.

2 – Экинчи суроого жооб:

Жооб берүүдөн мурда Пайгамбар ﷺдын нусрат талаб кылган кээ бир окуяларын айтып өтүүнү туура көрдүм:

Пайгамбар ﷺга даават иштеринде тирек болгон момундардын энеси Хадича розияллоху анха жана Курайш мушриктеринен коргоп келген Пайгамбар ﷺдын абасы Абу Талиб  кайтыш болгондон кийин  бул учур биъсаттын (Пайгамбарлыктын) онунчу жылына туура келди. Бул жыл кайгы жылы деп да аталып калды. Мындан кийин Аллах Өз элчисин эки улуу иш менен кубаттады. Исроо Мээраж жана нусрат талаб кылууга уруксаттын берилиши... Пайгамбар ﷺ нусратты ондон ашык жолу талап кылды, Сакииф, Бани Аамир, Бани Шайбаан, Бани Ханиифа... ж.б..

Алардын бири да  Пайгамбар ﷺга жооп беришпеди. Тескерисинче, алардын кээ бирлери Пайгамбар ﷺга карата жаман ирээтте жооп беришти, ал тургай алар ал затты таш бараң кылгандыгы себебтүү Пайгамбар ﷺ каны кепичине толду... Кийин Пайгамбар ﷺ Мусабды розияллоху анхуну Мадинага жиберди. Аллах ага Мадинаны фатх кылды, кубат ээлери болгон Мадинанын эли анын чакырыгына жооп берип, ажылык убагында Меккеге келип экинчи акаба анташуусунда нусрат баятын беришти. Кийин Пайгамбар ﷺ Мадинага көчтү жана ал жерде мамлекет тикеледи.

Бул жерде суроо келип чыгат: Пайгамбар ﷺ нусрат талаб кылуунун жакшы өз көрүнүшүндө кылбай коюп алар ага жооп бербей коюштубу? Же  Мусаб розияллоху анху Пайгамбар ﷺдан да нусрат талаб кылууну жакшы өз көрүнүшүндө кылгандыгы себебтүү ага жооп бериштиби? Жооб албетте жок. Анткени, андай болушу мүмкүн эмес. Анткени, Пайгамбар ﷺ даават алып баруунун устаты эле. Ар бир нерсенин ишке аша турган убагы  бар:

﴿إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

*«Албетте Аллах Өзү (каалаган) ишине жетүүчү. Чындыгында, Аллах бардык нерсе үчүн өлчөө белгилеп койгон»* [65:3]

Эй бир тууганым, биз Пайгамбар ﷺды ээрчийбиз. Нусратты да талаб кылабыз. Күчүбүздүн жетишинче аны туура өз көрүнүшүндө кылууга аракет кылабыз. Ар бир иште Аллахка тобокел кылабыз. Аллахтын жардамы менен ар бир иш өз көрүнүшүндө ишке ашышына кадыржам болуу үчүн аны дыкаттык менен караштырып чыгабыз.

Бирок, бул жолдо жүрүүдө акылыбыз жана жүрөгүбүз эки нерсеге байланган:

Биринчиси, Халифалыкты тикелөө иши канчалык жогору алып барылбасын Улуу, Кудуреттүү, Күчтүү Аллах гана анын качан жана кайсы жерде турарын белгилейт.

Экинчи, Аллахтын сүннөтүнө ылайык Халифалык кол куушуруп отурган жалкоолордун колу менен тикеленбейт. Асмандан периштелер да түшүп биздин оордубузга аны тикелеп койбойт. Аллахтын жардамы менен ал чын ыклас менен даават жүгүн көтөргөн момундардын колу менен тикелеленет. Эгер, Аллах аларга нусраты тездетсе алар шугур кылуучулардан болушат. Эгер, кечиктирсе кол куушуруп отуруп калбастан, сабыр кылып Аллахтын рахматынан үмүт үзүшпөй аракет кылышат... Аларга өлүм келгенге чейин ушул абалда иш кылышат.

Корутунду:

1 – Нусрат талап кылуу жакшы өз көрүнүшүндө кылынбай жаткандыктан ал кечигип жатат дегендик туура эмес.  Пайгамбар ﷺ ондон ашык жолу нусрат талап кылды, ага жооп беришпеди. Ал аны эң

жакшы көрүнүштө кылган, андан да жакшы көрүнүшү бул дүйнөдө жок. Мусаб розияллоху анху Пайгамбар ﷺдай эң жакшы көрүнүштө нусрат талап кыла алган жок, бирок ага жооп беришти. Ошондуктан, ар бир иштин өз мөөнөтү бар.

2 – Биз Аллахтын жардамы менен ар ишти өз көрүнүшүндө туура кылууга аракет кылабыз. Улуу кадыр Зат бул улуу ишти бизден мурдагыларга ишке ашырып бергендей, бизге ишке ашырышына кадыржамбыз.

﴿وَاذْكُرُوا إِذْ أَنْتُمْ قَلِيلٌ مُسْتَضْعَفُونَ فِي الْأَرْضِ تَخَافُونَ أَنْ يَتَخَطَّفَكُمُ النَّاسُ فَآوَاكُمْ وَأَيَّدَكُمْ بِنَصْرِهِ وَرَزَقَكُمْ مِنَ الطَّيِّبَاتِ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ﴾

*«Эстегиле силер аз алсыз элеңер адамдардын силерге кол салышына коркот элеңер. Аллах силерди Өз коргоосуна алып Өз нусраты менен күчтөндүрдү. Жакшы нерселер менен ырысыкыландырды. Билким шүгүр кыларсыңар!»* [8:26]

Аллах Өз коргоосуна эле албастан, нусраты менен күчтөндүрөт жана жакшы ырыскы( олжолор) менен ырыскыландырат. Аллахка мактоо-шүгүрлөр болсун.

Сөз аягында суроо берүүчүгө салам айтам жана ага жакшылыктарды тилеп дуа кылам.

11-шаввал, 1439-х.
24-июнь, 2018-м.

## Факирлерден башкаларга зекеттен каражат берүү туурасында

**Суроо**: китептерибизде төмөнкү нерсе келтирилген: факир – бул өзүнүн негизги муктаждыктарына (жеп-ичүүгө, кийинүүгө жана турак-жайына) жетерлик мал-мүлкү жок киши. Кимде-ким ушундай болсо, ага зекеттен берилет. Бирок, негизги муктаждыктарга жакын турган ушундай бир башка муктаждыктар да бар, Исламий мамлекет ошол муктаждыктарды мусулмандардын байтул малынан камсыздайт эле. Мисалы, «илим үйрөнүүчүлөр, үйлөнүүгө жардам берүү жана дабалануунy камсыздоо» сыяктуу. Бирок, бүгүнкү күндө бул муктаждыктарды камсыздап бере турган Исламий мамлекет жок. Суроо:

Ошол муктаждыктарды зекеттен төмөндөгү себептерге ылайык камсыздаса болобу:

1. Бул муктаждыктарды кандыруу үчүн Исламий мамлекеттин жоктугу.
2. Айрым факихтердин «белгилүү бир шарттарга ылайык берсе болот» деген сөздөрү.
3. Алар камалий муктаждыктар эмес. Балким, негизги муктаждыктарга жакын болгону.

Андан кийин, эгер бирер факихтин ушул муктаждыктарды кандыруу үчүн зекеттен берсе болот деген райына ээрчисек, табанний кылынган өкүмгө тескери иш кылган болобузбу?

**Жооп**: биз зекет бериле турган факир – бул негизги муктаждыктарын кандыруу үчүн өзүндө мал-мүлкү жок киши деп аныктама берген чагыбызда, аны бир канча далилдерге негизделип айтканбыз жана аларды «Экономикалык түзүм»дүн 213-бет, 4-13-саптарында келтирип мындай дегенбиз: «Ислам факирликте инсан үчүн кайсы мамлекет, кайсы доордо болушуна карабастан бир нерсени этибарга алган. Факирлик – Ислам назарында – негизги муктаждыктарды толук кандыра албастык. Шарият болсо бул негизги муктаждыктарды үч нерсе менен белгилеген: жеп-ичүү, кийинүү жана жайгашуу. Алла Таала айтат:

﴿وَعَلَى الْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ لاَ تُكَلَّفُ نَفْسٌ إِلاَّ وُسْعَهَا لاَ تُضَارَّ وَالِدَةٌ بِوَلَدِهَا وَلاَ مَوْلُودٌ لَهُ بِوَلَدِهِ وَعَلَى الْوَارِثِ مِثْلُ ذَلِكَ﴾

- *«Аларды (т.а. энелерди) жакшылык менен кийиндирип-ичиндирүү атанын милдети. Эч кимге чамасы жеткенден тышкары нерсе жүктөлбөйт. Балдары себептүү ата да, эне да зыян тартпасын. Мураскордун мойнунда да дал ушундай (милдет) бар».* [2:233]

﴿أَسْكِنُوهُنَّ مِنْ حَيْثُ سَكَنتُمْ مِنْ وُجْدِكُمْ﴾

- *«Аларга (т.а. талак кылынып, идда сактап жаткан аялдарыңарга) өзүңөрдүн турак-жайыңардан кудуретиңер жеткен жайдан турак бергиле».* [65:6]

Ибн Маажа Абул Ахвастан рыбаят кылышынча, Пайгамбар Т айтат:

«أَلاَ وَحَقُّهُنَّ عَلَيْكُمْ أَنْ تُحْسِنُوا إِلَيْهِنَّ فِي كِسْوَتِهِنَّ وَطَعَامِهِنَّ»

«Эсиңерде болсун, аялдардын силердин үстүңөрдөгү акысы – аларды жакшы кийинтирип, жедиришиңер». Бул далилдер кандырбагандык факирлик эсептеле турган негизги муктаждыктар: «азык-түлүк, кийим-кече жана турак-жай» экенин көрсөтүп жатат.

О.э. «Малдар»дын 197-бет 10-13-саптарында айтканбыз «Факирлер – негизги муктаждыктар болгон: жеп-ичүү, кийинүү жана турак-жайды кандыруу үчүн жетиштүү каражат келбей турган кишилер. Демек, кимдин, негизги муктаждыктарын кандыруу үчүн керегинен азыраак каражат кирешеси болсо, ал факир эсептелип, ага зекет адал болот жана андан алышы мүмкүн».

Бул маселе жөнүндө биздеги күчтүүрөөк раъй мына ушул.

Эми, азыр бул муктаждыктарды кандыра турган мамлекет жок деген суроого келсек, туура, мамлекет жок, бирок, мусулмандар бар. Негизи, Ислам аларды ошол муктаж адамдарга зекет малынан эмес, өз малдарынан белек кылып жардамдашууга үндөйт. Анткени, негизги муктаждыктарды кандыруу үчүн факирлерге зекет малынан беришет. Жогорудагы муктаждыктарга (таалим алуу, үйлөнүү жана дабалануга) муктаж адамдарга жардам көрсөтүү үчүн ашыкча малдарынан белек кылышат.

Эми, суроо берип жаткан кишинин «бирер мужтахид же факихтин зекет негизги муктаждыктарды (тамактануу, кийинүү жана турак-жай) кандырууга чектелген эмес, балким, негизги болбогон муктаждыктарды (илим, үйлөнүү жана даабалануу) кандыруу үчүн да зекет берилсе жайыз деген райына ээрчисе, бул табанний кылынган өкүмгө тескериби?» деген суроосуна келсек, ооба, бул табанний кылынган өкүмгө карама-каршы. Бирок, биз аны идарий жактан жазалабайбыз. Мисалы, кимдир бирөө көңүлү толгон бирер мужтахид же факихтин райына ээрчиген абалда зекетин негизги болбогон айтылып өткөн муктаждыктардын (илим, үйлөнүү жана дабалануу) ээлерине берсе, биз аны идарий жактан жазалабайбыз. Анын эсеби Алла Субханаху ва Таалага калат.

13-мухаррам, 1429-х.
21-январь, 2008-м.

## Товардын кыйматы тууралуу

**Суроо**: "Экономикалык түзүмдүн" 29-бетинде (арабча китепте 33-бетте) «ар кандай товардын кыйматы – таңсыктык факторун эсепке алган абалда – ушул товардагы пайданын өлчөмү (т.а. анда канча пайда бардыгы)» делген. 30-бетте да (арабча китепте 34-бетте) мындай деп көрсөтүлгөн: «Кыйматты белгилөөдө болсо, товарда канча пайда бар экендиги өз өкүмүн өткөзөт (т.а. товардагы пайда өлчөмүнө карай анын кыйматы белгиленет). Ушуну менен бирге, дефицит фактору да эсепке алынат, бирок, бул фактор кыйматты белгилөөдө өзгөчө бир бөлүк деп этибар кылынбайт». Ырас, дефицит фактору (таңсыктык) кыймат белгилөөгө кирбесе, анда эмне үчүн ал аныктамага киргизилген? Аны эмне үчүн этибарга алуу керек? Ушуну ачыктап берсеңиздер, Алла сиздерден ыраазы болсун.

**Жооп**: чынында эле кыйматтын аныктамасында: «товардын кыйматы – таңсыктык факторун эсепке алган абалда – ушул товардагы пайданын өлчөмү» делген. Ооба, ошондой, бул туура. Дефицит факторун кыймат белгилөөнүн бир бөлүгү кылып албоо да туура. Бирок, эмне үчүн дефицит факторун эсепке алуу айтылып жатканына келсек, муну төмөндө баяндайбыз:

Дефицит факторун эсепке алуу кыймат белгилөөнүн бир бөлүгү эмес. Тескерисинче, мындан кыйматты абайлоо, аны этияттап сактоо максат кылынган. Мисалы, сизде нан бар, сиз анын кыйматын курамы, касиеттери, керектелиши... сыяктуу андагы пайдага карап белгилейсиз. Эгерде, ал таңсык болсо, сиз аны абайлайсыз. Анын төрттөн бирин эртең менен, дагы төрттөн бирин кечинде жейсиз. Эртеси да ушундай кыласыз. Эгер, нандан бир күкүм жерге түшүп кетсе, дароо ала коёсуз... Бирок, бул сыяктуу нан сизде көп болсо, андагы түпкү пайда ошол-ошол бойдон өзгөрбөгөнүнө карабастан, сиз аны абайлабайсыз жана ага мурунку нанга этибар бергендей көңүл бурбайсыз. Ал тургай, бир күкүмү түшүп кетсе, аны албай да коёсуз. Ошондуктан, китепте «таңсыктык факторун эсепке алган абалда», деген сөз чечмеленип жатканда ошол беттин астында «мына ушул убактагы», деген сөз кошулган: «… товардын кыйматы – мына ушул убактагы дефицит факторун эсепке алган абалда – ушул товардагы пайда өлчөмүнө карай белгиленет». Башкача айтканда, товар таңсык болбой калган учурда товардын кыйматын сактап калуу үчүн да таңсыктык фактору этибарга алынат. Мындай этибарга алуу кыйматтарды ысырап кылбоо, андан үнөмдөп пайдалануу үчүн маанилүү. Мындан тышкары, бул факторду этибарга алуу ушул таңсыктык факторуна карай кыйматтардын өзгөрбөшү менен нарктардын

көтөрүлүп жана төмөндөп өзгөрүшүн бири-бирине салыштырууда да пайда берет.

4-робиус-саний, 1431-х.
21-апрель, 2010-м.

## Алтынды алтынга алмаштыруу жөнүндө

**Суроо**: «Экономика түзүмү»нүн 268-бетинин алтынчы катарында төмөндөгүлөр келген: «Бирөө бирөөдөн таза бир динарды аралашма эки динарга сатып алышы жайиз эмес».

Ушул китепте дагы 289-беттин 12-сабында: «Мындай учурда айырбашталуу баасы биринчи мамлекет акчасындагы таза алтын оордугу менен экинчи мамлекет акчасындагы таза алтын оордугу ортосундагы нисбат болот» деген сөздөр келген.

Мурдагысында келген сүйлөмдөн жана андан кийин берилген түшүндүрмөдөн эки аралашма динарды бир чыныгы динарга алмаштыруу жайиз эместигин түшүндүм. Белгилүү болгондой, эки аралашма динардагы таза алтын топтому чыныгы динардагы таза алтындын салмагына тең болушу мүмкүн. Ушуга ылайык, мен муну ушундай түшүндүм, 24 проба алтын 21 проба алтынга алмаштырыла турган болсо, эки пробадагы таза алтындын нисбаты түрдүү болушуна карабастан, болгону салмакка-салмак (вазн-вазн) алмаштыруу мүмкүн болот. Бирок, экинчисиндеги сүйлөмдө алмаштыруу мен мурдагы сүйлөмдөн түшүнгөнүмдөй салмакка-салмак эмес эмес, таза алтын салмагы нисбатында болушу ачык көрсөтүлгөн. Ушул эки түшүнүктөн кайсынысы туура? Эки сүйлөмдүн ар биринде келген нерсени бири-бирине кандай ылайыкташтыруу мүмкүн? Кыскасы, алмаштыруу операциясында эмне этибарлуу? Эки жамбынын (куйма алтын) ар бириндеги таза алтын салмагына карабастан, эки жамбынын ар биринин салмагыбы? Же этибарга алына турган нерсе эки жамбынын ар бириндеги таза алтын салмагыбы?

268-бетте менин этибарымды тарткан нерсе, чыныгы динарды эки аралашма динарга сатуу жайиз эместигине Набий ﷺдын барний (жогору сорттогу) курманы жаман (төмөн сорттогу) курмага, бир соъну эки соъго алмаштырууга каршылык билдиргенин далил кылып келтирилгени болду. Белгилүү болгондой, курманы курмага алмаштыруу окуясы ушундай болуп, ал байъ (соода) болот. Ал эми, чыныгы динарды аралашмага алмаштырууга келсек, ал сарф (алмашуу) болуп эсептелет. Мындан тышкары, барний курма менен жаман курманын ар бири эч нерсе аралашпаган таза курма. Аралашма алтын болсо таза алтын эмес, балким, ага аралашмалар аралашкан. Менин пикиримче, бул эки вакиъ бири-биринен айырмаланат, ошондуктан, анын бири экинчисине далил кылып келтирилбейт.

Кыскасы, бирер пробадагы алтынды башка пробадагы алтынга алмаштыра турган болсок, бул алмаштыруу экөөсүнүн тең пробасына карабастан салмакка-салмак болобу же ар экөөсүндөгү таза алтын тең

болушу этибарга алынабы? Себеби, пробалар түрдүү делгенде, албетте эки жамбынын ар бириндеги таза алтын нисбаты түрдүү болушу түнүшүлөт.

**Жооп**: бул маселе төмөндөгүдөй:

1 – Алтынды алтынга алмаштыруу мислин мислине алмаштыруу менен болот. «Алтын» лафзи исми жинс болуп, 18 проба болобу же 21, 24... пробалар болобу, айырмасы жок, алтын деп атала турган ар бир несеге туура келет.

Аны алмаштырмакчы болсоңуз салмакка-салмак алмаштырасыз. Ийжаб жана кабыл болсо, алмаштырууну бузуу жайиз болбойт. Бирок, бул алмаштырууда алдоо болбошу шарт. Т.а. эгер сизде 24 проба алтын болсо, шеригиңизде болсо 18 проба алтын болсо, эч кимиңер өзүңөрдөгү алтындын түрүн жашырбашыңар керек.

Бирок, эгер бул 24 проба алтын десе жана мисли мислине алмаштырылса, ошондон кийин алган кишиге анын 21 проба алтын экени маалым болуп калса, мына ушул алдоо болот. Мында сарфты (алмашууну) бузуу жайиз болот. Алданган адам ыктыярдуу: кааласа кабыл алып сарф болду деп эсептеп кете берет, кааласа, сарфты бекер кылат жана экөөсүнүн ар бири өз алтынын кайтарып алат. Бирок, 24 проба ээси 21 проба ээсинен айырманы алууга акысы жок. Себеби, эки түр (нав) тең алтын, биринин экинчисинен ашык болушу жайиз болбойт.

«Экономика түзүмү»нүн 267-бетинде келген бул сөздөр мындай түшүнүлөт: «Эгер 24 проба алтынды 24 проба алтынга сатып алса, экөөсүнүн бири алган алтыны 18 проба экенин көрсө, бул алдамчылык болуп эсептелет. Мында ал ыктыярдуу, кааласа кайтарып берет, же ошол күндөгү сарф (алмашуу) боюнча кабыл алат. Эгер алтынды алтынга алмаштыруунун айыбы себептүү акча алмакчы болсо, айыбына карата жетишпеген наркын (акчасын) алышы жайиз болбойт, себеби, мында эки эваздын биринде ашыкчалык пайда болуп калат жана бир жыныста шарт кылынган бири-бирине окшоштук жоголуп калат».

2 – Эми 268-бетте айтылган бул сөздөргө келсек: «бир киши башка бир кишиден таза динарды эки аралашма динарса сатып алса жайиз болбойт. Бирок, бир таза динарды күмүш дирхамдарга сатса, кийин ушул дирхамдар менен эки аралашма динар сатып алса жайиз. Бул эки аралашма динарды жанагы чыныгы динарды кимге саткан болсо ошол кишинин өзүнөн сатып алдыбы же башкасынанбы, мунун айырмасы жок. Буга Абу Саид риваят кылган төмөндөгү хадис далил болот: «Билал Набий ﷺга барний курма алып келди. Расулуллох ﷺ: бул каерден? – деди. Билал: бизде жаман курма бар - деди - андан эки соъну бир соъго саттым, – деди. Ошондо Расулуллох ﷺ:

«أَوَّهْ، عَيْنُ الرِّبَا لاَ تَفْعَلْ، وَلَكِنْ إِذَا أَرَدْتَ أَنْ تَشْتَرِيَ التَّمْرَ فَبِعْهُ بِبَيْعٍ آخَرَ ثُمَّ اِشْتَرِ بِهِ»

«Ох, сүткордук болуп калыптыр, мындай кылба, эгер курма сатып алакчы болсоң, өзүңдөгү башка нерсеге сат, кийин ошого сатып ал», - деди. (Муслим риваяты).

Эки ратл (ратл = 449,28г) жаман курманы бир ратл жакшы курмага алмаштыруу жайиз эместигине келтирилген далилди эки аралашма динарды бир чыныгы динарга алмаштыруу жайиз эместигине да колдонуу туура далил келтирүү болуп саналат. Сиздин «жакшы курманы жаман курмага алмаштыруу вакиъси байъ болот, ал эми, таза динарды аралашма динарга алмаштыруу сарф болот» деген сөзүңүз болсо туура эмес. Себеби, сарф да байъ болот. Бул жерде болуп жаткан нерсе акчаны акчага сатуу, ал сарф деп аталат.

266-беттеги талкуунун башына караңыз: «Сарф мамилелери: сарф мамилелери канчалык ар түрдүү болбосун, акчаны бир жыныстан болгон акчага сатуу жана акчаны башка жыныстагы акчага сатуу алкагынан чыкпайт».

3 – Эми сиз айткан 289-беттеги:

«Эки мамлекет ортосундагы алмашуу курсу бул убакта биринчи мамлекет валютасындагы таза алтын салмагы менен экинчи мамлекет валютасындагы таза алтын салмагы ортосундагы нисбат болот» деген сөздөргө келсек, бул маселеде абал башкача. Себеби, ал «таза жана аралашма» деген маселе эмес. Мисалы, исламий динар менен англис фунтун алайлы. Бул эки валютаны бири-бирине алмаштыруу учурунда «мислин мислине» деген жолдун өзү карманылат. Мисалы, эгер исламий динар 24 проба алтындын 4,25 граммы ордунда болсо, англис фунту 21 проба алтындын 2,125 г. ордунда болсо, сиз алмаштырмакчы болсоңуз, мисли мислине болушу лазым.

Демек, исламий динар алтындын түрүнө карабастан 4,25 г. алтынга тең болуп, англис фунтунун эки эсесине барабар (2×2,125г=4,25). Т.а. 21 проба алтын 24 проба алтындан азыраак деш жайиз болбойт. Демек, эгер төрт эсе жана андан ашык кылып алынмакчы болсо жайиз болбойт. Себеби, кандай проба болбосун, 24 проба болобу, 21 же 18 проба болобу, ал алтын болуп эсептелет, ошондуктан, ушул салмактын өзү менен алмаштырылат. Эгер ийжаб жана кабыл болсо байъ бузулбайт. Бирок, бул жерде алдамчылык болбошу шарт. Т.а. сатуучу менен алуучунун ар бириндеги алтындын түрү билиниши лазым.

Эгер алдамчылык болгон болсо т.а. англис ыплас болсо – ал өзү ушундай – мусулман болсо баёо болсо – кээде ушундай да болуп калат – мисалы, англис мусулманга «мына бул эки фунтумду англис банкында алмаштырсаң, сага анын ордуна 24 проба алтындын 2,125 граммын беришет» десе, мусулман эки фунтту алып, ага 4,25 г. кыйматындагы динарды берсе, баёо мусулман ыплас англистин сөзүнө ишенип, банкка

барып эки фунтту берсе, банк болсо ага 21 проба алтындын 4,25 граммын берсе, мындай абалдагы мусулман англистин алдына кайтып келип, эки иштин бирин кылышы жайиз: же кабыл алып кете берет, же байъды бузат жана ар бири өз алтынын алат. Бирок, айырманы алуу жайиз болбойт. Себеби, ырас алтын деп аталган соң, алтынды алтынга мисли мислине алмаштырыла берет.

Эгер бул мамиле дарул-Исламда ишке ашкан болсо, англиске алдаганы үчүн жаза берилиши табигый. Бирок, эгер ошол англис элчи болсо, жаза катары аны кууп жиберишибиз жетиштүү!

10-рабиус-саний, 1432-х.
15-март, 2011-м.

## Бюджет менен баланс тууралуу

**Суроо**: «Исламдагы экономикалык түзүм» китебинде «бюджет» деген сөз келген. Ал 237-бетте, (кыргызчасында 197-бет) мамлекет бюджети темасында келген. «Мукаддиматуд дастур» китебинин экинчи бөлүгү, 114-бетинде «бюджет жана баланс» деген эки сөз да келген. Мындан тышкары, «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинин 28-бетинде, байтул мал девандары темасында «умумий баланс» деген сөз да келген.

Мен так эсеп-китептер тармагында иштеймин, бул терминдерди иштетүү болсо адистигимдин бир бөлүгү. Менин пикиримче, бул эки терминди иштетүүдө, кудум экөөсү бир нерседей, аларды бири-бирине аралаштырып жиберүү жарабайт. Экөөсү бир нерсе эмес. Ошондуктан, бул эки терминди иштетүү абалын кайра карап чыгууну суранамын.

Баланс – мамлекеттин келечек планы болуп, ал мамлекеттин киреше жана чыгашаларына тиешелүү болот. Мамлекеттин ресурстары жетиштүү болушу жана сарп-каражаттарынын оруңдары жагынан мамлекеттин мына ушул кирешелер жана сарп-каражаттарына тиешелүү прогноздоруна тиешелүү болот.

Бюджет болсо бир финансылык отчёт болуп, ал мамлекеттин киреше жана чыгашалар, өткөн жылда же өткөн белгилүү бир финансылык доордо өзүнө төлөнүүшү же өзү төлөшү лазым болгон каражаттардан турган финансылык иштерин сүрөттөп берет. Башкача айтканда, ал мурдагы доордо болгон финансылык аракеттердин кыскача тыянагы эсептелет.

Демек, балансга келечек планы жөнүндө сөз болсо, бюджетте тарыхий кыскача тыянак жөнүндө сөз жүргүзүлөт.

«Экономика түзүмү»ндө «мезания» (бюджет) сөзүн зикр кылып, «мувазанат» (баланс) жөнүндө сөз жүргүзөт, «Мукаддиматуд дастур» китебинде болсо – баланс темасын түшүндүрсө да – баланс жана бюджет жөнүндө бир мааниде сөз жүргүзүлөт, «...малия»да болсо балансќа мувазанат катары ишара кылып өтөт.

Мындан сырткары, «Экономика түзүмү» китебинин 239-бетинде мувазанат (баланс) темасын түшүндүрүп жатып – аны мезания (бюджет) лафзи менен зикр кылат – «Мукаддиматуд дастур»дун 115-бетинде чыгарган тыянакка тескери болгон тыянакты чыгарат?

«Экономика түзүмү» китебинде мындай дейт: Ушуга караганда, демократиялык түзүмгө окшоп Исламда мамлекеттин жылдык бюджетин, баптарын, бөлүмдөрүн, бөлүктөрүн, аларга керек боло турган каражаттарды түзүүгө орун жок. Демек, исламий мамлекеттин жылдык бюджети түзүлбөйт. Анын бюджети дайымый болуп, баптарын – киримдерин жана чыгымдарын шарияттын өзү түзүп койгон. Бөлүмдөрү,

бөлүктөрү жана аларга кете турган каражаттарды болсо, кызыкчылык талап кылган учурда белгилүү бир мөөнөткө карап отурбастан Халифанын өзү белгилей берет».

«Мукаддиматуд дастур» китебинде болсо мындай дейт: «Ырас, халифа кирешелер бөлүмдөрүн жана ар бир бөлүм үчүн ажыратып коюла турган каражаттарды өз райы жана ижтихады менен иштеп чыгуу укугуна ээ болгон соң, демек, бюджет бөлүмдөрү жана ар бир бөлүм үчүн ажыратыла турган каражаттар боюнча мамлекеттин жылдык бюджетин иштеп чыгууга эч кандай тыюу (маниъ) жок. Бул кирешелер боюнча болобу же чыгашалар боюнчабы, мунун айырмасы жок. Тыюу салынган нерсе – бюджет баптары үчүн бюджет иштеп чыгуу. Анын кирешелери үчүн да, чыгашалары үчүн да бюджет иштеп чыгылбайт. Себеби, киреше жана чыгаша баптарын шаръий өкүмдөр белгилеп койгон болуп, бул өкүмдөр дайымий-туруктуу».

Мына ушул кайчы келүүчүлүктү айкындаштырып беришиңизди суранамын. Аллах сиздерди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**:

1 – Суроодо келген «бул жерде бюджет менен баланс ортосунда айырма бар, себеби, баланста мамлекеттин келечектеги финансылык абалы жөнүндө сөз болот, бюджетте болсо мамлекеттин өткөн финансылык абалы жөнүндө сөз болот» деген сөздөргө карата төмөндөгүлөрдү айтабыз.

Бул аныктама “өткөн жылдагы менен келерки жылдагы киреше жана чыгашалар баптары – киреше жана чыгашалар бөлүмдөрүнө карабастан – бири-биринен айырмаланат” деп эсептеген кишилер берген аныктама. Мындай абал инсандар иштеп чыккан экономикалык түзүмдөрдө болот. Себеби, алар сөздө «өткөн жылдагы финансылык баптар келерки жылдагы баптардан айырмаланат» деп бири-биринен айырмалашат. Алар мыйзам чыгаруучу бийлик деп аташа турган нерсеге ылайык, ушундай айырмалашат. Себеби, аларда бул бапты белгилей турган же бекер кыла турган, же ага оңдоолор киргизе турган – ушул бийлик.

Исламда болсо өткөн жылдагы киреше жана чыгашалар баптары менен келерки жылдагысынын ортосунда айырма болбойт. Себеби, алар дайымий. Болгону халифанын райы жана ижтихадына карап бөлүмдөр ар түрдүү болушу мүмкүн.

Ошондуктан, «мувазанат» (баланс) жана «мезания» (бюджет) деген термин бизде бир мааниде иштетилет жана ал туура. Айрыкча, бул термин «вазн ва мезан» деген сөздөн алынган соң, демек, мувазанат же мезания сөздөрү эки тарапты – кудум бири таразанын бир табагында, экинчиси болсо экинчи табагында тургандай – бири-бирине

салыштырууга далалат кылат. Бул ушул терминдин мааниси жагынан ушундай.

Эми аны иштетүү жагына келсек, эгер эки тараптын ар бири өткөн жана келерки жылда өзгөрбөй турган болсо, алар бирдей болот. Эгер өзгөрө турган болсо, анда анықтык болушу үчүн, бул терминди мындай мааниде, тигил терминди болсо башка мааниде иштетүү жайиз болот. Мен муну иштетүү жагынан айтып жатамын, ал эми, истилах (термин) жагынан экөөсү бир болуп саналат.

2 – Эми сиздин «Экономика түзүмү» китеби менен «Мукаддима» ортосунда кайчы келүүчүлүк бар деген сөздөрүңүзгө келсек, мындай эмес. Бар болгону, «Мукаддима»да «Экономика түзүмү»нө караганда кеңирирээк түшүнүктөр берилген.

«Экономика түзүмү»ндө мындай делген:

«Демократиялык мамлекеттер ар жылы мамлекеттин жалпы бюджетин белгилеп алышат. Демократиялык мамлекеттин бюджетинин вакиъи мындай, бюджет «балан жыл бюджети» деген наам менен чыгарылат. Парламент аны тастыктайт, талкуудан кийин мыйзам кабыл алынат».

«Исламий мамлекетте болсо жылдык бюджет белгиленбейт. Ушуга карай, анда ар жылы жаңы мыйзам чыгаруу, аны үммөт межлиси талкуусуна коюу, алардын пикирин билүү зарылдыгы жок. Анткени, демократиялык түзүмдөгү бюджет өзүнүн баптары, бөлүмдөрү жана алардагы каражаттары менен бир жыл үчүн чыгарылган мыйзам. Аны парламент чыгарат. Ошондуктан, ал парламент межлиси талкуусуна коюлат. Исламий мамлекетте болсо мындай иштерге кажет жок. Себеби, байтулмалдын киримдери да, чыгымдары да шаръий нусустардагы шаръий өкүмдөргө карай болот. Бардык шаръий өкүмдөр дайымый, ошондуктан, киримдер бабын да, чыгымдар бабын да талкуу кылууга орун жок. Алар дайымый шаръий өкүмдөр белгилеп койгон дайымый баптар. Бюджет баптары жагынан алынганда ушундай болот. Ал эми, бюджеттин бөлүмдөрү, ар бир бөлүмдөгү каражаттар жана ушул каражаттар сарптала турган иштер жагынан ала турган болсок, алардын баары халифанын райы жана ижтихадына калат. Себеби, алар башкаруу иштерине тиешелүү болуп, шарият аларды халифага калтырган. Халифа алар жөнүндө өз райына карап токтом чыгарат. Халифанын амири болсо важиб.

Ушуга караганда, демократиялык түзүмгө окшоп Исламда мамлекеттин жылдык бюджетин, баптарын, бөлүмдөрүн, бөлүктөрүн, аларга керек боло турган каражаттарды түзүүгө орун жок. Демек, исламий мамлекеттин жылдык бюджети түзүлбөйт. Мейли, анын – шарият кирешелер жана чыгашаларга карата баптарын белгилеп берген;

бөлүмдөр менен ушул бөлүмдөрдүн өзүнчө бөлүктөрүн о.э. маслахат (жарандар кызыкчылыгы) талап кылган кезде ушул бөлүмдөр үчүн зарыл болгон каражаттарды белгилеш укугун шарият халифага берген – дайымий бюджети болсо да, бирок, белгилүү бир мөөнөт назарда тутулбайт».

«Мукаддима»да болсо мындай делген:

«Бюджет же баланс сөздөрү батышча термин болуп, мамлекет ала турган кирешелер баянын түшүндүрөт. Мында кирешелердин баптары т.а. мамлекет киреше топтой турган тараптар жана кирешелердин бөлүмдөрү б.а. мына ошол тараптардын тармактары да, келе турган каражаттар да баян кылынат. Алар менен бирге мамлекеттин чыгашалары, чыгаша бааптары т.а. чыгаша кылына турган тараптар, чыгашалардын бөлүмдөрү б.а. мына ушул тараптардын тармактары, ар бир бөлүмдө айтылган мына ушул иштердин ар бирине жумшала турган каражаттар баяны да келет. Бюджет же баланстын вакиъи ушундай. Бул вакиъни мусулмандар билишчү эмес. Алар байтулмалды гана билишкен. Кирешелер ага ккелген, андан сарпталган. Лекин байтулмалдын да киреше жана чыгашалары болушу бюджет вакиъсинин калыбын көрсөтөт, мейли, мындай аталыш менен аталбаса да. Ошондуктан, бул сөздү анын «кирешелер баптары, чыгашалар баптарынын топтому жана экөөсүнүн бөлүмдөрү» деген мааниси менен алууга эч бир тыюу жок. Ушуга ылайык, мамлекеттин балансы же бюджети болот жана байтулмал ушул бюджет боюнча жоопккер болот.

Ал эми бул бюджетти анын баптары, бөлүмдөрү жана аларда ажыратып коюла турган каражаттары боюнча даярдоого келсек, буларды шаръий өкүмдөр белгилеп койгон. Мисалы, кирешелер жөнүндө айта турган болсок, шаръий өкүмдөр аларды белгилеп койгон. Кирешелерге хирож жана олжо сыяктуулар кирет. Чыгашалар жөнүндө да шаръий өкүмдөр келип, чыгашалар абалын белгилеп койгон. Сөзсүз сарпташ важиб болгон нерселер жана каражат болсо гана сарпташ керек болгон нерселер сабит болгон (катъий кылып коюлган). Демек, шаръий өкүмдөр келип, киреше жана чыгашаларды белгилеп койгон. Ушуга ылайык, бюджет баптары туруктуу баптар болот. Себеби, азыр эле айтып өткөнүбүздөй, аларды шаръий өкүмдөр белгилеп койгон. Шаръий өкүм туруктуу болуп, өзгөрбөйт. Ал эми бюджет бөлүмдөрүнө т.а. тармактарына келсек, мисалы, бөлүмдөрдүн хирожий кайракы жерлер жана хирожий сугат жерлер, же ушуга окшогон хирожий жерлер сыяктуу тармактарына келсек, аларды халифа иштеп чыгат, себеби, алар иштерди башкаруу катарына жана халифанын райы жана ижтихадына сунуш кылынган нерселер катарына кирет... Ырас, халифа өз райы жана ижтихады менен кирешелер бөлүмдөрүн жана ар бир бөлүмдө ажыратып

коюла турган каражаттарды о.э. чыгымдар бөлүмдөрүн жана ар бир бөлүмгө ажыратып коюла турган каражаттарды иштеп чыгуу укугуна ээ болгон соң, демек, мамлекеттин жылдык бюджети, анын бөлүмдөрү жана ар бир бөлүм үчүн ажыратылган каражаттар боюнча бюджет иштеп чыгууга эч кандай тыюу жок. Бул кирешелер боюнча болобу же чыгашалар боюнчабы, мунун айырмасы жок. Тыюу салынган нерсе болсо, бюджет баптары үчүн жылдык бюджет иштеп чыгуу гана. Анын кирешелери үчүн да, чыгашалары үчүн да бюджет иштеп чыгылбайт. Себеби, киреше жана чыгаша баптарын шаръий өкүмдөр белгилеп койгон болуп, бул өкүмдөр туруктуу».

«Экономика түзүмү»ндө мындай делген:

* Киреше жана чыгашалар баптары үчүн жылдык бюджет болбойт, себеби, алар шаръий өкүмдөргө ылайык туруктуу...

* Киреше жана чыгашалар бөлүмдөрү үчүн бир жылдык же жарым жылдык мөөнөт менен белгиленген бюджет болбойт. Себеби, алар халифанын райы жана ижтихадына байланыштуу...

* Бирок, халифа маслахат (элдин кызыкчылыгы) талап кылган убакта, өзү макул тапкан бирер мөөнөт үчүн бөлүмдөрдү белгилөөнү буюрушу мүмкүн. Мында белгилүү бир мөөнөт назарда тутулбайт.

Анык көрүнүп тургандай, халифа бир жыл же көбүрөөк же азыраак мөнөттө бөлүмдөр үчүн бюджет иштеп чыгууга мажбур эмес. Бирок, ал «маслахат талап кылса» белгилүү бир мөөнөттү назарда тутпастан бөлүмдөр үчүн бюджет иштеп чыгышы мүмкүн.

«Мукаддима»да болсо мындай делген:

* Халифанын бөлүмдөр үчүн жылдык бюджет иштеп чыгышына эч бир тоскоолдук жок.

* Бирок, бюджет баптары үчүн жылдык бюджет иштеп чыгууга тыюу салынат. Себеби, алар туруктуу.

«Мукаддима»дагы нерселерден анык көрүнүп тургандай, ал «Экономика түзүмү»нө тескери эмес.

* Мисалы, «Мукаддима»да халифанын бөлүмдөр үчүн жылдык бюджет иштеп чыгышына эч бир тоскоолдук жок делинген болсо

* «Экономика түзүмү»ндө: маслахат талап кылса, халифа өзү макул тапкан бирер мөөнөт үчүн бөлүмдөрдү белгилөөнү буюрушу мүмкүн. Мында белгилүү бир мөөнөт назарда тутулбайт делинген. Т.а. аны жарым жыл же бир жыл, же эки жыл үчүн иштеп чыгышы мүмкүн...

Көрүп турганыңыздай, бул жерде эч кандай кайчы келүүчүлүк жок.

Ал эми «Халифалык мамлекетиндеги малия»да келген нерсеге келсек, ал мувазана (баланс) сөзүн келерки финансылык абал жөнүндө иштеткен. Мында болсо эч кандай мүшкүлдүк жок.

18-рабиул-аввал, 1432-х.

21-февраль, 2011-м.

## Дарул харбдагы мурас

**Суроо**: «Үлгүлүү экономикалык саясат» китебинин 105-бетинде төмөнкүдөй келет: Дарул харбга карата айта турган болсок, Ислам жарандыгына ээ болбогон ар бир адам – мусулман же кайрымусулмандыгына карабастан – чет элдик эсептелет жана ага өкүмгө негизделип дарул харбдын жараны катары мамиле кылынат. Мусулмандын каны жана малы гана адал болбойт. Ал эми, мал-мүлккө алакадар жана башка өкүмдөрдө кайрымусулманга кандай мамиле кылынса, ага да ошондой мамиле кылынат. Ошондуктан, ал нафакага акылуу болбойт, Ислам жарандарынын эч бирине мурас калтыра албайт жана эч биринен мурас ала албайт

Суроо: Дияр да кудум катылдык, кулдук жана башка динде болуу сыяктуу мураска маниъ болуучу (тоскоол болуучу, тыюу салуучу) иштерденби? Элестетели, эгер бирер мусулман куфр диярында жашаса жана анын Ислам диярында жашаган мусулман атасы өлсө, ал мураска ээ боло албашынын далил эмне? Ал бул малга акылуу болсо да ээ боло албайбы же Расулуллах ﷺдын:

«إِنَّ اللَّهَ أَعْطَى كُلَّ ذِي حَقٍّ حَقَّهُ»

«Албетте Аллах ар бир акылууга акысын берди» деген сөздөрүнө ылайык бүтүндөй акылуу эмеспи?

**Жооп**: миниъ ушундай өкүм, ал табылган убакта шаръий өкүм бекер болот… (мисалы, күндүн чыгып баратканы намазга маниъ т.а. күн чыгып жаткан убакта намаз окулбайт).

Төрт мазхаб имамдары иттифак кылган мурастын маниълери үчөө: кулдук, катылдык жана башка динде болуу. Муртад, башка диярда болуу сыяктуулардын мураска маниъ болушу туурасында алар ихтилаф кылышкан. Булардан ар биринин тафсилаты бар.

Биз башка диярда болууну мураска маниъ катары алдык. Т.а. куфр диярында жашаган адам менен Ислам диярында жашаган адам бири-бирине мураскор боло албайт. Диярда жашоонун мааниси ошол диярдын түпкү жашоочусу т.а. жараны дегени. Белгилүү бир максат үчүн барып келүү же бүгүнкү күндө мусулман өлкөлөрүндөгү Сирия, Ирак… сыяктуу түрдүү мамлекетте жашоо башка диярда болуу деп этибар кылынбайт. Себеби, мусулман өлкөлөрү түпкүлүгүндө бир дияр болушу керек. Ошондуктан, мындай абалдарда бири-биине мураскор болууга тыюу салынбайт.

Эгер, Ислам дияры жана куфр дияры бар болсо жана мусулман адам Ислам диярына хижрат кылбай куфр диярында жаран болуп калса, ушул абалда мураскордукка тыюу салынат. Аллах Таала хижрат кылгандар менен хижрат кылбагандар ортосундагы достукту четке кагып айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَلَمۡ يُهَاجِرُواْ مَا لَكُم مِّن وَلَٰيَتِهِم مِّن شَيۡءٍ حَتَّىٰ يُهَاجِرُواْ﴾

*«Ыйман келтирген, а бирок, хижрат кылбаган адамдар болсо, тээ хижрат кылышканга чейин силер аларга достук мамиле кыла албайсыңар»* [8:72]

Эгер, Ислам дияры бар болуп, куфр диярында жашаган мусулман хижрат кылбай куфр дияры жарандыгына ээ болуп кала берсе, бул өкүм ага ылайык келет. Т.а. Ислам диярына хижрат кылбай дарул харбда калышы анын мураскор болушуна маниъ болот. Бирок, ал шаръий себепке ылайык дарул харбда калса, «Шахсия» китебинин 2-бөлүгүндө келгендей, мураска акылуу болот. «Шахсия» китебинин «Дарул куфрдан дарул Исламга хижрат» бөлүмүндө мындай келет: «Бирок, өз динин беймарал билдире ала турган жана талап кылынган шарият өкүмдөрүн аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон киши өзү жашап жаткан дарул куфрду дарул Исламга айлантуу кудуретине ээ болсо, бул абалда ал дарул куфрдан дарул Исламга хижрат кылышы арам болот. Ал мындай кудуретке жеке өзү ээ болобу, же өлкөсүндөгү мусулмандар менен бирге түзгөн уюшуусу жардамында ээ болобу, же чет элдеги мусулмандар жардамында ээ болобу, же Исламий мамлекет менен кызматташтыкта ээ болобу, же кандайдыр бир каражат жардамында ээ болобу, мунун айырмасы жок. Мындай абалда дарул куфрду дарул Исламга айлантууга аракет кылышы важиб болот жана хижрат кылышы арам болот». Ушуга ылайык, мындай адамдардын ал жерде калышы шаръий деп эсептелет жана бул нерсе алардын мураскор болушуна таасир кылбайт.

«Дастур мукаддимасы»нын 2-бөлүгү 189-беренесинде да ушундай делет. Мен сизге «Дастур мукаддимасы»нда ушул бөлүктө келген жайынан үзүндү келтирип өтөмүн:

«Ушуга ылайык, эгер Ислам дияры бар болсо, хижрат кылышы важиб болгон адам куфр диярында жашап калышы арам. Мындан тышкары куфр диярында жашоо мусулман адамды куфр диярынын жаранына айлантат. Ошондуктан, анын Ислам мамлекети менен жана башка адамдар менен болгон алакаларында ага куфр диярынын өкүмү колдонулат. Эгер ал куфр диярында жашаса, ага хад аткарылбайт, себеби, ал мусулмандар салтанаты астында эмес. Андан зекет алынбайт, ал Ислам диярындагы адамга мураскор боло албайт, эгер ал Ислам диярында болгондо анын нафакасы мойнуна важиб болгон киши ага нафака бериши важиб болбойт. Себеби, куфр диярынын калкына шарият өкүмдөрү колдонулбайт. Ошондуктан, Ислам диярындагы мусулмандар ээ болгон укук жана милдеттерге алар ээ болбойт. Себеби, өкүмдөр аларды өз ичине албайт. Буга мусулмандар куфр диярдагылардан Исламды гана талап кылып калбастан, алардын Ислам салтанаты астына

кирүүлөрүн да талап кылышы далил. Сулайман ибн Бурайда атасынан риваят кылат:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِذَا أَمَّرَ أَمِيرًا عَلَى جَيْشٍ أَوْ سَرِيَّةٍ أَوْصَاهُ فِي خَاصَّتِهِ بِتَقْوَى اللَّهِ وَمَنْ مَعَهُ مِنَ الْمُسْلِمِينَ خَيْرًا، ثُمَّ قَالَ: اغْزُوا بِسْمِ اللَّهِ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، قَاتِلُوا مَنْ كَفَرَ بِاللَّهِ، اغْزُوا وَلاَ تَغُلُّوا، وَلاَ تَغْدِرُوا، وَلاَ تَمْثُلُوا، وَلاَ تَقْتُلُوا وَلِيدًا، فَإِذَا لَقِيتَ عَدُوَّكَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ فَادْعُهُمْ إِلَى ثَلاَثِ خِصَالٍ أَوْ خِلاَلٍ، فَأَيَّتُهُنَّ مَا أَجَابُوكَ فَاقْبَلْ مِنْهُمْ وَكُفَّ عَنْهُمْ، ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى الإِسْلاَمِ فَإِنْ أَجَابُوكَ فَاقْبَلْ مِنْهُمْ وَكُفَّ عَنْهُمْ، ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى التَّحَوُّلِ مِنْ دَارِهِمْ إِلَى دَارِ الْمُهَاجِرِينَ وَأَخْبِرْهُمْ أَنَّهُمْ إِنْ فَعَلُوا ذَلِكَ فَلَهُمْ مَا لِلْمُهَاجِرِينَ وَعَلَيْهِمْ مَا عَلَى الْمُهَاجِرِينَ، فَإِنْ أَبَوْا أَنْ يَتَحَوَّلُوا مِنْهَا فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّهُمْ يَكُونُونَ كَأَعْرَابِ الْمُسْلِمِينَ يَجْرِي عَلَيْهِمْ حُكْمُ اللَّهِ الَّذِي يَجْرِي عَلَى الْمُسْلِمِينَ وَلاَ يَكُونُ لَهُمْ فِي الْغَنِيمَةِ وَالْفَيْءِ شَيْءٌ إِلاَّ أَنْ يُجَاهِدُوا مَعَ الْمُسْلِمِينَ...»

«Расулуллах ﷺ бирер кошуун же сарийяга амир дайындаса, ага Аллахтан таква кылууну жана кол астындагы мусулмандарга жакшылык кылууну осуят кылып, мындай дейт эле: Аллах жолунда Аллах аты менен казат кылгыла. Аллахка кафир болгон кимселерге каршы согушкула. Казат кылгыла жана каниметке кыянат кылбагыла, убаданы бузбагыла, мусла кылбагыла (өлүктүн мүчөлөрүн кеспегиле), жаш баланы өлтүрбөгүлө. Эгер, мушриктерден турган душманыңа жолуксаң аларды үч нерсеге даъват кылгын. Кайсы бирин кабыл алышса, сен да алардан аны кабыл алгын жана алардан тыйыл. Кийин аларды Исламга даъват кылгын. Кабыл алышса, сен да алардан аны кабыл алып, алардан тыйыл. Кийин аларды өз диярларынан мухажирлер диярына көчүүгө даъват кыл, эгер ушундай кылышса, мухажирлер үчүн боло турган нерсе алар үчүн да болушун, мухажирлер мойнундагы нерсе алардын мойнуна да түшүшүн кабар бер. Эгер көчүүдөн баш тартышса, алар мусулман аъробийлер сыяктуу болууларын, мусулмандарга колдонула турган Аллах өкүмү аларга да колдонулушун, канимет жана файда (согушсуз алынган олжодо) алар үчүн эч нерсе болбошун, эгер мусулмандар менен жихад кылышса гана олжодон аларга да тийишин кабар бер…» (Муслим риваяты). Расул ﷺ: «Кийин аларды өз диярларынан мухажирлер диярына көчүүгө даъват кыл, эгер ушундай кылышса, мухажирлер үчүн боло турган нерсе алар үчүн да болушун, мухажирлер мойнундагы нерсе алардын мойнуна да түшүшүн кабар бер», деди. Бул насс биз ээ болгон укук жана милдеттерге ээ болуу үчүн көчүүнү шарт кылууда».

Демек, биз жогоруда баян кылгандай башка диярда болуу – мураска тыюу салат.

23-шаъбан, 1432-х.
24-июль, 2011-м.

## Иш акы тууралуу

**Суроо**: «Экономика түзүмү»нүн 90-бетинде, жогорудан санаганда 6-сапта төмөндөгүлөр келген:

«Себеби, жалдоо (ижара) анык болушу керек, кээ бир иштерде мөөнөтүн айтпоо аны белгисиз кылып коёт. Белгисиз ишке жалдоо болсо жайиз болбойт».

Ошонун эле түбүндө, 14-сапта болсо мындай делген:

«Эгер келишимге мөөнөт айтылса, же келишимде аны айтуу белгисиздикти жок кылуу үчүн зарыл болсо, анда мөөнөттү минута же саат, же апта, же ай, же жыл сыяктуу замандын бир доору менен анык белгилеп коюу важиб болот».

Ушул китептин 91-бетинин 8-сабында болсо төмөндөгүлөр келген:

«Кыскасы, ужра (эмгек акы) белгисиздикти жогото турган даражада белгилүү болушу важиб. Мына ошондо аны жаңжалсыз толук алуу мүмкүн болот. Себеби, бардык келишимдердеги асл-негиз – адамдар ортосундагы жаңжалдарды жоюу. Ошондуктан, ишти баштоодон мурда иш акысына келишип алуу зарыл. Иш акысын келишпей туруп жалданган жумушчуну ишке салуу макрух болот».

Суроо мындай, «важиб болот» деген сөз аны таштаган адам күнөөкөр боло турган фарз маанисинде таклифий өкүмдөрдө адатта колдонула турган важиб маанисин билдиреби? Эгер ушундай болсо, анда эмнеге 91-беттин 8-сабында «иш акысын келишпей туруп жалданган жумушчуну ишке салуу макрух» деди. Жогорудагы «важиб болот» деген сөз менен кийинки саптагы «макрух болот» деген сөздү бири-бирине кантип ылайыкташтырабыз? Негиз, бардык нусуста билбей туруп келишим түзүнүн жайиз эместиги айтылган.

Эгер келишим иш акысы айтылбаганы үчүн фасид болсо, ага (жумушчуга) ажр мисл болот. Биз фасид келишим түзгөн адам тээ фасад ондолмоюнча күнөөкөр болот дейбиз. Макрухта болсо күнөөкөр болбойт. Ошондуктан, эгер иш акысы айтылбаса, бул кантип макрух болот да, андан кийин болсо бул фасад келишимди түзгөнү үчүн киши күнөөкөр болот?

Ушуга акйкындык киргизип беришиңизди суранамын, Аллах сиздерге береке берсин.

**Жооп**: «Экономика түзүмү»нүн 90-бетинде төмөндөгүлөр келген:

«Себеби, ижара белгилүү болушу лазым, кээ бир иштерде мөөнөттү айтпоо ижараны белгисиз кылып коёт. Ижара белгисиз болсо жайиз болбойт... Эгер келишимде мөөнөт айтылса же келишимде аны айтуу белгисиздикти жоготуу үчүн зарыл болсо, анда мөөнөттү минут же саат,

же апта, же ай, же жыл сыяктуу замандын бир доору менен анык белгилеп коюу важиб болот».

91-беттин 8-сабында болсо мындай делген:

«Кыскасы, ужра (иш акысы) белгисиздикти жогото турган даражада белгилүү болушу важиб. Мына ошондо аны жаңжалсыз толук алуу мүмкүн болот. Себеби, бардык келишимдердеги асл-негиз – адамдар ортосундагы жаңдалдарды жоюу. Ошондуктан, ишти баштоодон мурда иш акысына келишип алуу зарыл. Иш акысын келишпей туруп жалданган ишке салуу макрух болот».

Сиз бул жерде бири-бирине тескерилик бар деп ойлоп: эмне үчүн бир важиб болот да, бир макрух болот? деп суроо берип жатасыз!

90-бетте келген сөздөр жөнүндө айта турга болсок, ал анык. Анда түшүнүксүз болгон эч нерсе жок. Себеби, анда мөөнөттү белгилеп алуунун «важибдигин» айткан. Ошондуктан, эгер мөөнөт билбестикти жоё турган таризде анык белгиленбесе, ижара (жалдоо) жайиз болбойт т.а. сахих болбойт. Бул анык болуп, анда эч кандай мүшкүл жок.

91-бетте айтылган нерсеге келсек, ал эки маселе болуп, сиз аларды бир нерсе деп ойлогонсуз:

Биринчи маселе: иш акысы билбестикти жоё турган даражада белгилүү болушу керек. Жумушчунун иш акысын ушул 91-беттин башында айтылган мисал сыяктуу «сенин иш акың өзүң оруп ала турган эгинден бирер нерсе болот» деп белгилешиңиз жайиз болбойт. Тескерисинче, эмгек акыны жаңжалды жок кыла турган анык, белгилүү бир таризде дайындап коюу лазым болот. Мисалы, «сенин иш акың бир соъ же бир мудд» дешиңиз сыяктуу, же мага мына бул он данум (1 данум = 910 кв.м.) жердин эгинин жыйып бер, сенин эмгек акың мынча данум жердин эгини болот» дешиңиз сыяктуу. Т.а. бул жерде өкүм важибдик.

Экинчи маселе: иш акынын болушу важибдигине тиешелүү эмес, эгер иш акысы билбестикти жоё турган даражада дайын кылынган, анык белгилүү болсо. Балким, жумушчуну ишке салуудан мурда анын иш акысын белгилеп коюуга тиешелүү. Аны ишке салуудан мурда ага эмгек акысын белгилүү кылып коёсузбу же иш акысын белгилебей туруп аны ишке сала бересизби? Бул абалдагы өкүм макрухтук. Т.а. арам эмес. Ошондуктан, ижара келишимин батыл (бекер) кылбайт. Балким, жумушчуга ажр мисл берүү өкүм кылынат...

Ошентип, бул эки маселе:

Биринчиси: иш акысын белгилөө учурунда ал билбестикти жогото турган даражада белгилүү болушу важиб, антпесе дурус болбойт.

Экинчиси: жумушчуну жалдоо учурунда аны иш акысын белгиленгенден кийин ишке салса болобу, же иш акысын белгилебестен

мурда да ишке салына береби, мында өкүм макрухтук. Т.а. ижара-жалдоо дурус боло берет жана жумушчуга ажр мисл берилет. Башкача айтсак:

Жумушчуну жалдоо учурунда, иш акысын белгилебей туруп аны ишке салуу макрух болот.

Ижара келишиминде жумушчунун иш акысын белгилөө учурунда иш акысы билбестикти жогото турган даражада анык белгилүү болушу лазым.

10-рабиус-саний, 1432-х.
15-март, 2011-м.

## Кагаз акчалар туурасында

**Суроо**: «Малия» китебинин 174-бетинин экинчи абзацында төмөндөгүдөй сөздөр келген: «Бул ишеничтүү кагаз акчалардын капталган бөлүгү алтын же күмүшкө бадал кагаздар деп этибарга алынат. Себеби, алар ар кандай убакта алмаштырылат. Анын зекети алтын жана күмүш зекети зыяктуу болот. Мисалы, эгер ишеничтүү кагаз алтын менен капталган болсо, анын каптамасы исмий кыйматынын жарымына тең келсе жана 40 динарга жетсе, бир жыл өткөндөн кийин, андан зекет важиб болот. Анын зекети катары өз жынысынан бир динарлык бөлүгү төлөнөт. Эгер 40 динарга жетпесе, нисабдан аз болгондуктан, андан зекет берилбейт».

Суроо: васика (документтештирилген, күчүндөгү) акчаларга – алардын алтын менен камсыздалышы вакиъсин эсепке алып, алардан алтын менен камсыздалган нисбатты алтын жана күмүш зекети сыяктуу зекет кылып бериле турган орун басар кагаз акчалар деген этибарда – (бирок, алтын менен камсыздалбаган нисбатка мажбурий акчалар вакиъси туура келет, себеби, анда да акчалык жана нарк иллети бар болот, бул жаатта ал мажбурий кагаз акчалар менен бирдей) – кароо мүмкүн эмеспи? Эгер мүмкүн болсо алтын жана күмүш акчаларда зекетти важиб кылуучу хадистер аларды да өз ичине алабы?

**Жооп**: акча төмөндөгүдөй болот:

1 – Алтын жана күмүш затынан (мадда) зекет белгилениши анык.

2 – Үстүнө жазылган нерсенин ордуна чыгарылган кагаз акча – мисалы, үстүнө “исламий динар – 4,25 г. алтын” деп жазылган болсо – куду алтын динар сыяктуу т.а. сезилип турган зат сыяктуу мамиледе жүрөт. Бул кагаз акчадан үстүнө жазылган нерсеге карап зекет берилет. Болгону, бул кагаз акча үстүнө жазылганы боюнча ар кандай убакта алтынга алмаштырып берүүгө жарактуу болушу шарт. Т.а. эгер сизде ушул кагаз акчалардан жыйырма динар (85 г. алтын) болсо, нисабга жеткен болот жана зекет берилет. Орун басар кылып чыгарылган кагаз акчанын мааниси мына ушул. Т.а. ал ар кандай убакта мамлекет банкынан толук кыйматы менен алмаштырып ала турган болушу керек.

3 – Орун басар кылып чыгарылган кагаз акча болуп, бирок, үстүнө жазылган өлчөмүндө алтынга алмаштырып берилбесе, балким, кайсыдыр нисбатта (өлчөмдө) алмаштырып берилсе, мисалы, үстүнө бир динар деп жазып коюлган болсо (т.а. мамиледе адамдар ортосунда динар деп аталса) бирок, бул кагаз акчаны мамлекет банкына алып барсаңыз, сизге 2,125 г. алтын беришсе т.а. алтын динардын жарымын беришсе, мунун мааниси мындай болот, сиз качан ушул кагаз динардан кырк динарга (40×2,125=85) ээ болсоңуз, нисаб жеткен болот. Мындай абалда «үстүнө

бир динар деп жазылган бул кагаз акча эки бөлүккө бөлүнөт: жарымы орун басар, жарымы мажбурий болот» деп айтылбайт. Себеби, ал бир кагаз акча болуп, аны менен базарда 2,125 г. алтындын кубаты өлчөмүндөгү кубат менен мамиле кылынат, башка нерсе болбойт.

Т.а. анын кыйматы 2,125 г. алтын. Башка нерсе болбойт!

Себеби, ал кыйматы болгону 2,125 г. алтын болгон, андан башка нерсе болбогон кагаз акча болот. Анын вакиъси ушул.

4 – Ал эми, мажбурий кагаз акчалар үстүнө жазылганы боюнча алтынга алмаштырып болбойт. Т.а. үстүнө бир динар деп жазылган болобу, же он динар деп жазылган болобу, мунун этибары жок. Себеби, алар эч бир абалда алтынга алмаштырып берилбейт. «Алар менен кайсыдыр өлчөмдө алтын сатып алуу мүмкүн, ушундай болгон соң, эмнеге бул камсыздоо болбошу керек, эмне үчүн мажбурий кагаз акча алтындын кайсы бир өлчөмүнө васика акча болбошу керек» деп да айтылбайт. Мындай деш туура эмес. Себеби, толук орун басар кагаз акча же кайсы бир өлчөмдө васика кагаз акча болушу үчүн, анын алтындан болгон кыйматы белгилүү жана өзгөрбөс болушу шарт о.э. мамлекет банкында ар кандай убакта алмаштырып берилиши шарт. Мына ушул эки шарт т.а. белгилүү кыймат жана ушул кыйматта ар кандай убакта алмаштырып берүү шарты табылбаса, орун басар кагаз акча болуудан чыгып калат. Мажбурий кагаз акчанын мындай эместиги болсо анык. Себеби, ал каалаган убакта мамлекет банкынан алтынга амалштырып алса боло турган белгилүү бир өлчөмдөгү өзгөрбөс алтын менен камсыздалбаган. Тескерисинче, Америка 1971-жылы долларды алтынга алмаштырып берүү бекер кылынганын жарыя кылгандан баштап, белгилүү бир өлчөмдөгү алтында алмаштырса боло турган бир да кагаз акча калбады.

Ушуга ылайык, демек, мажбурий кагаз акчага карата мындай дейбиз, ал шаръий өкүмдөрдө көрсөтүлгөн акча мамилесиндей мамиледе жүрөт. Анда «акчалык» иллети бар үчүн, ушундай мамиле кылынат. Анын базардагы алтын же күмүштөн болгон кыйматы билингенден кийин, андан зекет берилет. Эгер анын кыйматы жыйырма динарга (85 г. алтынга) жетсе, нисабга жеткен болот, же эки жүз дирхам (595 г. күмүш)кө жеткен болсо, нисабга жеткен болот. Эгер ал карыздан арта турган болсо жана бир жыл айланса, андан зекет берүү важиб болот. Мен бул маселеде эки нисабдын эң азына жетиши деген пикирди кубаттаймын. Мисалы, күмүш нисабына жетсе – ал болсо ушул күндөрдө эң азы – ага ээ болгон кишинин зекет бериши важиб болуп калат.

10-рабиус-саний, 1432-х.

15-март, 2011-м.

## Товарды сатуу жана айырбаштоо тууралуу

**Суроо**: «Исламий шахсия» китебинин экинчи бөлүгүндө иш акысы темасында мындай делген:

«Мисалы: бир үйдө бир жыл жашоо мукабылына бир айбанды сатуу жайиз эмес. Бирок, үйдө жашоо мукабылына бир бакты ижарага берүү дурус боло берет. Себеби, байъ малды малга айырбаштоо болуп, малды пайдага айырбаштоо байъ деп этибар кылынбайт. Ижарада болсо мунун тескериси. Ал эваз мукабылында пайдага болгон келишим. Бул эваз болсо мал (акча) болушу шарт эмес, балким, пайда да болушу мүмкүн».

«Исламдагы экономикалык түзүм» китебинин акча темасында мындай делген:

«Ислам соода жана ижара өкүмдөрүн чыгарган убакта, товарлар, эмгектер жана пайдаларды айырбаштоого белгилүү бир нерсени негиз кылып белгилеген жок. Ырас, эки тарап ортосунда өз ара ыраазылык барбы, инсанга каалаган нерсеси менен айырбаштоого жол берди. Мисалы, бирөөнүн Куранды үйрөтүү эвазына бир аялга үйлөнүшү, бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү эвазына сатып алышы, белгилүү бир өлчөмдөгү курма үчүн бирөөнүн колунда бир күн иштеп бериши мүмкүн...»

Менде эки суроо туулду:

Биринчи суроо: «Исламий шахсия»нын экинчи бөлүгүндө келген сөздө үйдө бир жыл жашоо мукабылына айбанды сатууга уруксат берилбейт. Мында байъ малды малга айырбаштоо экени, мындай абалда болсо мал пайдага айырбашталып жатканы этибарга алынды. Ал эми, үйдө жашоо мукабылында бакты ижарага берүүгө уруксат берилди. «Исламдагы экономикалык түзүм»дө болсо «..бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү эвазына сатып алышы ...мүмкүн» деп, ушул соодага уруксат берилген. Т.а. бир товарды эмгек пайдасы эвазына сатып жатат. Сатып алуучу адам товарды анын ээсине иштеп берүү эвазына сатып алып жатат. Көрүп турганыңыздай, «Исламий шахсия» менен «Исламдагы экономикалык түзүм»дүн ортосунда бири-бирине тескерилик бар. Кайсы бири туура? Малды пайда эвазына сатса болобу, же болбойбу?

Экинчи суроо: Эгер малды пайда эвазына сатууга болбосо, анда хирожий жерлерди кантип сатууга болот? Белгилүү болгондой, жер пайда үчүн сатылат. Себеби, жер мусулмандар мүлкү болуп, жер ээси андан пайдалануудан башка нерсеге ээ боло албайт. Ошондой болгон соң, хирожий жерден пайдаланууну байъ деген этибарда мал десе болобу жана ага байъ өкүмү туура келеби?

**Биринчи суроонун жообу**:

1 – Бул жерде айырбаштоо деген нерсе, байъ (сатуу) деген нерсе, ижара деген нерсе бар.

2 – Ислам айырбаштоо деп – товар, эмгек жана пайда ортосундагы айырбаштоону айтат, ырас, бул нерселер арам болбосо. Мисалы, бир же эки автомобилди бир үй мукабылына айырбаштоо сыяктуу. Автомобилди белгилүү бир айга чейин жашап туруу үчүн үй мукабылына айырбаштоо да мүмкүн.

О.э. бир күндүк же бир айлык эмгегиңизди акча каражаты мукабылына айырбашташыңыз мүмкүн. Бир күндүк же бир айлык же бир жылдык эмгегиңизди бир үй мукабылына, же болбосо, бир машина мукабылына айырбашташыңыз да мүмкүн ж.б.у.с...

Башкача айтканда, эмгекти малга, товарга, пайдага айырбашташыңыз мүмкүн, жогоруда айтканыбыздай, эгер арам мал, арам товар, арам иште эмгек кылуу болбосо.

3 – Байъ – айырбаштоонун бир түрү болуп, малды малга алмаштыруу болуп эсептелет. Ошондуктан, малды малга айырбаштоо кудум акчаны акчага же акчаны товарга айырбаштоо сыяктуу болуп, бул байъ эсептелет жана байъ өкүмдөрүнө кирет.

4 – Ижара болсо айырбаштоо түрүнөн башка болуп, ал белгилүү бир эваз (акы) мукабылына пайда үстүндө түзүлгөн келишим. Эваз кээде мал болушу, кээде пайда (манфаат) болушу мүмкүн. Мисалы, сиз акча каражаты мукабылына же буудай, курма сыяктуу бир товар мукабылына бир күн же бир ай эмгек кылышыңыз мүмкүн. О.э. бир үйдө, мисалы, бир ай жашоо мукабылына бир күн же бир ай иштешиңиз да мүмкүн ж.б.у.с... Демек, пайда, товар, мал ортосундагы айырбаштоо ижара эсептелет жана ал ижара өкүмдөрүнө кирет.

5 – Ушуну билип алсак, бизге «Исламдагы экономикалык түзүм» менен «Исламий шахсия»нын экинчи бөлүгүндө келген сүйлөмдү төмөндөгүдөй түшүнүп алышыбыз оңой болот:

а) «Исламдагы экономикалык түзүм»дө келген сүйлөм Акча темасында болуп, анда айырбаштоо жана анын товар, эмгек, пайда ортосунда кылуу мүмкүндүгү жалпы түрдө айтылган, кийин кеп Исламдагы акча айырбаштоо алтын жана күмүш экенине жетип келген.

Демек, акча темасындагы талкуу айырбаштоо жөнүндө болгон жана бул туура. Т.а. айырбаштоо малда, товарда, эмгекте болот.

б) «Исламий шахсия»нын экинчи бөлүгүндө келген сүйлөм ижара темасында болуп, анда ижара менен байъдын ортосундагы айырма баян кылынган: Жалпы айырбаштоонун бир түрүндө эки тарап мал жана малдан туруп, бул байъ деп аталат жана анын өз өкүмдөрү бар. Жалпы айырбаштоонун дагы бир түрүндө болсо эки тараптын бири пайда жана

эмгек, экинчи тарап мал болот же эки тарап да пайда жана эмгек болот жана бул ижара деп аталат.

Демек, ал жердеги талкуу айырбаштоо түрлөрү жөнүндө болуп, анын бири байъ, экинчиси ижара деп аталышы айтылган жана бул тема ижара темасы болгон.

в) Ушуга караганда, «Исламдагы экономикалык түзүм»дө келген сүйлөм да, «Исламий шахсия»нын экинчи бөлүгүндө келген сүйлөм да өз темаларында туура сүйлөм.

г) Бирок, эки анжы кылган жери, «Исламдагы экономикалык түзүм»дө айырбаштоо сөзүнүн ордуна “сатып алуу” сөзү келтирилгени. Анда «бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү акысына сатып алышы... мүмкүн» делген. Муну менен «бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү акысына айырбашташы... мүмкүн» деген сөз айтылмакчы болгон, себеби, бул жердеги талку айырбаштоо темасында болгон. Эгер ошол сүйлөмдөгү “сатып алуу” сөзүнүн ордуна “айырбаштоо” сөзү жазылса, эки анжылык жоголот. Себеби, айырбаштоонун бул түрү – биздин оюбузча – ижара темасында болуп, ага ижара өкүмү түшөт, байъ өкүмү эмес. Бир күн иштей турган ушул адамдын иш акысы болсо товар болуп, мындай абалда байъ өкүмү түшпөйт.

Муну менен бирге, байъ (بيع) лугатта “айырбаштоо” дегени. Бул туурасында «Исламий шахсия»нын экинчи бөлүгүнүн Байъ темасында «Байъ деп лугатта бүткүл айырбаштоого карата айтылат. Ал «широъ»нун (сатып алуунун) тескериси» делген. Байъдын шаръий мааниси болсо, ал айырбаштоонун бир түрү т.а. малды малга алмаштыруу. Бул жөнүндө да ушул китептин төмөндөгү сөздөрүнүнүн уландысында мындай делген: «Шариятта болсо байъ деп – ээ кылуу жана ээ болуу максатында өз ара ыраазылык менен бир малды башка бир малга алмаштырууга карата айтылат».

Ошентип, эки анжылык жоюлуп, ушул сүйлөм азыр айтканыбыздай оңдолот. Башкача айтканда, «бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү эвазына сатышы... мүмкүн» деген сүйлөмдү «бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү эвазына айырбашташы... мүмкүн» деген сүйлөмгө алмаштырабыз.

Мындай кылышыбыздан себеби, биздин туура деп түшүнүшүбүзчө, шариятта байъ деп малды малга амалтырууга карата айтылат. Бул жогоруда айтып өткөнүбүздөй, «Исламий шахсия»нын экинчи бөлүгүнүн Байъ темасында келген.

Белгилүү болгондой, кээ бир фукахалар байъ бир гана малды малга айырбаштоо эле эмес, балким, байъга – белгилүү бир шарттар менен – пайда, эмгек жана товарлардын айырбашташын да киргизген. Бирок, биздин оюбузча, жогоруда айтканыбыз туура.

**Экинчи суроонун жообу**: ижаранын аныктамасы мындай: ижара – бул белгилүү бир эваз мукабылына пайда үстүндө түзүлгөн келишим. Бул жерде пайда дегени – убактылуу пайда. Т.а. бул пайданын белгилүү бир шарттары жана жол-жоруктары болуп, булар пайданы белгилүү бир чегарада убактылуу пайдага айлантып коёт. Мисалы, бир үйдү бир жыл жашаганга ижарага алуу ижарачынын убактылуу т.а. белгиленген убакытта пайдаланышын түшүндүрөт.

Хирожий жердин пайдасына келсек, ал мусулмандардын мүлкү болсо да, бирок, бул пайда дайымий түрдө өз ээсинин мүлкү. Ушул себептүү, пайда үстүндө байъ кылуу дурус боло берет жана ал байъ өкүмүнө кирет. Мунун далили сахаба رضي الله عنهمдардын Умар رضي الله عنهнун хирожий жер тууралуу амалынан иштеп чыккан ижмалары.

«Исламий шахсия» китебинин экинчи бөлүгүндө (арабча китепте 244-бет) мындай делген: «Бирок, хирожий жерде мурас кылып калтырыла турган нерсе – анын дайымий пайдасы гана. Бул жердин ээлиги болсо мураска калтырылбайт. Себеби, бул ээлик бардык мусулмандардын мүлкү болуп эсептелет. Ал эми, анын пайдасы т.а. андан пайдаланууга келсек, Умар ибн Хаттаб анын мурдагы ээлери акыркы доорго чейин анын дайымий пайдасына ээ болууларына ыраазы болду. Пайдага ээ болунат жана пайда мураска калтырылат. Пайдага ээ болгон адам аны бардык түрдөгү тасарруф менен тасарруф кылуу т.а. сатуу, күрөөгө коюу, белек кылуу, осуят кылуу жана башка тасарруфтар укугуна ээ болот». Ушул китептин кийинки бетинде да мындай делген: «Ким жер пайдасына ээлик кылса, бул пайданы сатып жибериши жана анын акчасын талап кылып алышы мүмкүн. Себеби, пайдалар алды-сатты кылынат жана алардын акчасына акылуу болунат». Булардын бардыгы дайымий пайда жөнүндө болуп, хирожий жер пайдасы тууралуу талкууда келген.

Тыянак: Айырбаштоо – ырас, ал адал болуп, өз ара ыраазылык менен болсо – мал, товар жана пайдада дурус болот.

Айырбаштоо байъ жана ижарага караганда жалпы түшүнүк. Эгер мал малга айырбашталса, бул байъ болот. Эгер мал пайда же эмгекке айырбашталса, бул ижара болот. Туруктуу пайда айырбаштоосу байъ өкүмүнө кирет. Мисалы, хирожий жерлердеги сыяктуу.

2-мухаррам, 1431-х.

## Валютанын алтын жана күмүш болушу тууралуу

**Суроо**:

1 – «Экономикалык кризистер» китебинде келген нерсеге ылайык мамлекет тарабынан валюта чыгаруу саясатына түшүндүрмө берип өтүшүңүздү үмүт кыламын. Эгер, мамлекет көзөмөлү астындагы кендерден чоң көлөмдө күмүш же алтын запастары аныкталса, мамлекет бул алтын жана күмүштү казып алып валюта катары чыгаруудан жоопкер болобу? Мамлекет айырбаштоо курсунун туруктуулугуна зыян жеткирүүнү каалабаганы үчүн бул алтын жана күмүштү казып албаа жолун тандай алабы?

2 – Халифалык иш жүзүндө алтын жана күмүш өлчөмүнө өкүм өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө кандай ээ болот? Мисалы, бир өлкөдө алтын жана күмүш аз болсо Халифалык бул маселени кандай идара кылат? Азыркы кагаз валюта менен бирге алтын жана күмүш менен камсыздалган бир жаңы валюта чыгарылабы, же валютаны алтын жана күмүш менен толук камсыздоо үчүн жетиштүү алтын жана күмүш запасы аныкталганга чейин кагаз валюта башка активдер менен камсыздалабы?

**Жооп**:

1 – Алтын жана күмүш мамлекеттин көзөмөлү астында казып алынышы керек. Шаръий акча алтын жана күмүшкө таянганы үчүн гана эмес, жер астындагы кендер жалпы мүлк болгону үчүн да алтын жана күмүш мамлекеттин көзөмөлү астында казып алынышы керек.

Мамлекет алтынды акчага жана керектөөгө болгон муктаждыгына карап казып алат. Шаръий өкүмдөр болсо төмөндөгү факторлор себептүү тең салмактуулукту пайда кылат:

Акча – алтын жана күмүш… Бааны белгилеп коюу саясатына тыюу салынат… Мамлекеттин бирер вилаятында баа көтөрүлүп кетсе, мамлекет иштерди камкордук менен башкаруу үчүн башка вилаяттардан товар алып келип жана базарларда товарларды көбөйтүп бааны нормалдуу абалына кайтарат… Монополияга тыюу салынат… Мамлекет муктаждыгына жараша товар өндүрөт… ж.б.у.с.

Бул факторлордун баары алтын жана күмүштү казып алууну өз-өзүнөн тартипке салат. Натыйжада, бааларда инфляция деген нерсе болбойт. Себеби, «алтын жана күмүш» акча системасы себептүү баалардын көтөрүлүшү дээрлик болбойт. «Кризистер» китебинде төмөндөгүлөр келген: «Бул түзүм ичкериде да, сыртта да акча бирдигинин туруктуулугун жүзөгө чыгарды. Буга далил ушул: 1910-жылы алтын бааларынын индекси дээрлик 1890-жылдагы даражада болду».

2 – Ал эми, «мамлекет алтын жана күмүш аз болгон өлкөдө тикеленет», деген пикир реалдуулуктан алыс. Себеби, мамлекет тикелениши божомол кылынып жаткан мусулман өлкөлөрү көптөгөн алтын жана күмүш кендерине бай. О.э. башка мамлекеттер муктаж болгон нефть жана газ сыяктуу кендерге да бай. Мамлекет аларды дүйнөгө бир гана алтын жана күмүшкө сатат же бартер негизинде бирер товарга айырбаштайт. Биздин ушул мамлекеттердин банктарында кагаз акчаларыбыз бар. Биз аларды товар формасында кайтарып алабыз… Кала берсе, өлкөлөрүбүздө негизги товарларга карата өзүн өзү беймарал камсыздоо мүмкүнчүлүгү да бар. Ошондуктан, алар блокада кыла турган болсо, алардын блокадасы бизге таасир кылбайт. Тескерисинче, алардын өзүнө катуу жана күчтүү таасир кылат. О.э. банктарыбызда евро, доллар жана фунт стерлинг сыяктуу туруктуу валюталар да бар. Биз аларды иштетип бартер негизинде товарлар же аларга окшогон нерселерди алабыз.

Хизб региондордон өлкөлөрдөгү алтын, күмүш жана башка кендер жөнүндө о.э. борбордук банктарда сакталган алтын жана күмүш, туруктуу валюталар жөнүндө статистикалык изилдөө даярдоону талап кылганы сизге белгилүү болсо керек… Бул маалыматтар айрым мусулман өлкөлөрүнө Аллах мол байлыктарды бергенин көрсөтүп турат.

Ошондуктан, тынчсызданбаңыз жана кабатырланбаңыз. Аллах Субханахуга дуба кылып нусратты тездетишин сураңыз. Анткени, Аллах Жалла ва Ала Кавий жана Азиз Зат.

3-робиул-аввал, 1434-х.

14-январь, 2013-м.

## Сүткорго тиешелүү суроо

**Суроо**: ассаламу алайкум!

Биз жетекчибизди сүйөбүз. Уруксатыңыз менен, мен сүткордукка байланыштуу суроо берсем.

Сүткордук кылмышын жасаган кимсе тозокто түбөлүк калабы, жокпу?

«Тайсир фи усулит тафсир» китеби, Бакара сүрөсүнүн 275-аяты.

Чоң рахмат.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сүткордук менен мамиле кылган кимсе эки түрдүү болот:

Биринчиси: сүткордуктун арамдыгына ыйман келтирет, ага карабастан, сүткордук кылат. Бул, чоң күнөөнү жасаган кимсе болуп, бул дүйнөдө ал Халифалык мамлекети тарабынан жазаланат. Эгер, бул дүйнөдө шаръий жазаны албаса, Акыретте жазага тартылып, тозоко түшөт жана эгер, сүткордукту адал дебеген болсо, ал жерде түбөлүк калбайт. Т.а. сүткордукту арам деп ишенип, бирок, ал күнөөнү кылган болсо, тозокто түбөлүк калбайт. Күнөөкөр кимсе мусулман абалда өлүм тапса, тозокто түбөлүк калбайт. Себеби, Расулуллах ﷺ Анас ибн Малик риваят кылган муттафакун алайх хадисте мындай деди:

«يَخْرُجُ مِنَ النَّارِ مَنْ قَالَ: لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ...»

«Ла илаха иллаллох, деген киши тозоктон чыгат» т.а. ал жерде түбөлүк калбайт.

Экинчиси: сүткордукту адал деп билет жана ушул абалында өлүм табат, ал динде анык белгилүү болгон өкүмдү инкар кылганы себептүү кафир эсептелет. Себеби, сүткордук Куръанда субуту да, далалаты да катъий аяттар менен арам кылынган. Ошондуктан, кимде-ким сүткордукту адал деп билсе жана ушундай бойдон өлүп кетсе, кафир болуп, тозокто түбөлүк калат. Т.а. сүткордук кылып, анын арамдыгын инкар кылган кимсе куфрда кетет жана тозокто түбөлүк калат.

Буга далил Бакара сүрөсүнүн 275-аяты:

﴿ٱلَّذِينَ يَأۡكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِي يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيۡطَٰنُ مِنَ ٱلۡمَسِّۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْۗ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ فَمَن جَآءَهُۥ مَوۡعِظَةٞ مِّن رَّبِّهِۦ فَٱنتَهَىٰ فَلَهُۥ مَا سَلَفَ وَأَمۡرُهُۥٓ إِلَى ٱللَّهِۖ وَمَنۡ عَادَ فَأُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ﴾

*«Сүткордук кылган адамдар (Кыяматта) кудум жин тийген-акылдан азган сымал турушат. Буга себеп алардын: «Бай (алды-сатты) да сүткордуктук өзү го?» - дешкендиктери. Акыйкатта болсо, Аллах байды адал, сүткордукту арам кылган. Демек, кимге Роббисинен үгүт-насаат жеткен соң (сүткордуктан) токтосо, анда мурунку өткөнү өзүнө жана анын иши Аллахка (тапшырылат). Ким (сүткордукка) кайтса, ошолор тозокулар жана анда түбөлүк калышат»* [2:275]

Ушул аяттын аягы:

﴿قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلۡبَيۡعُ مِثۡلُ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

*(«Бай (алды-сатты) да сүткордуктук өзү го?» - деген)* кимселерге жаза катары келди.

Т.а. алар сүткордукту кудум соодагердик сыяктуу адал кылып алып, Аллах Субханахунун:

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

*(…Аллах байды адал, сүткордукту арам кылган…),* деген аятына куфр келтиришти.

Эгер, аларга сүткордуктун арамдыгы, адал эместиги жеткирилген учурда алар буга ыйман келтирип, тообо кылышса, сүткордук менен мамиле кылууну токтотуп, каражаттарынын өз баасы менен чектелишсе, Аллах Субханаху Өз рахматы-фазилети менен алардын өткөн күнөөлөрүн кечирет. Эгер сүткордук адал, деген пикирлеринде бекем туруп алышса жана Аллах Тааланын:

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

*(…Аллах байды адал, сүткордукту арам кылган…),* деген аятына куфр келитирүүнү улантып, ушул абалда өлүшсө, анда алар:

﴿أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ﴾

*«ошолор тозокулар жана анда түбөлүк калышат»* [2:275]

Ушул шаръий нусустардан чыгарылган тыянак төмөндөкүдөй:

1 – Кимде-ким сүткордуктун арамдыгына ыйман келтирген абалда аны кылса, ал күнөөкөр фасык болот жана мусулман абалда өлсө тозокто түбөлүк калбайт, тозокто Аллах каалаганча жазаланат, кийин Аллах Субханахунун уруксаты менен андан чыгат.

2 – Кимде-ким сүткордуктун арамдыгын инкар кылган абалда аны кылса т.а. аны адал кылып алып, ушул абалда өлүм тапса, ал кафир абалында өлгөн болот жана тозокто түбөлүк калат.

Аллах Субханаху бизди Аллах арам кылган нерселерди арам, адал кылган нерселерди адал деп билген, шаръий өкүмдөргө туура баш ийген садык момундардан кылсын, Аллах бул дүйнөдө мына ошолорду Ислам менен азиз кылып, аларга душмандары үстүнөн нусрат берет, аларды Акыретте да Ислам менен азиз кылып, Өзүнүн бейиштерине киргизет жана пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер, салихтер менен бирге кылат, алар кандай гана жакшы шериктер!

28-шаъбан 1434-х.
7-июль, 2013-м.

## Халифалык тикеленгенден кийинки риба малдары жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Башкаруу жана идара жихаздары (аппараты) китебинен Халифалык мамлекети тикеленгенден кейин риба малдарына карата каражаттарды ээлерине кайтарып берүү туурасындагы суроо... Суроо мындай, рибалуу малдарды эмне кылабыз? Мамлекеттин бул малдарды конфискация кылышы жана каражат кылып жаткырышы жайиз болобу? Риба малынан келе турган акча кагаз акча катары анын өзү арамбы же арамдык ишке тиешелүү болобу?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – «Риба малдарын эмне кылабыз...», - деген сурооңузга жооп, бул жооп «Халифалык мамлекетинде малдар» китебинде бар, мамлекеттин гулул (акысыз көрүнүштө ээ болгон мал), риба, кумар... сыяктуу шаръий эмес жол менен табылган малды кандай тасарруф кылышы анык баян кылынган. Мисалы 111-112-беттердеги «акимдерден жана мамлекеттик кызматкерлерден алып коюлуучу гулул (акысыз түрдө ээ болуп алган мал) малы, шаръий эмес касб малы жана штрафтар малы» бөлүмүндө төмөнкүлөр келген:

«Валийлер, мансаптагылар жана мамлекеттик кызматкерлер шаръий эмес жол менен тапкан малдар Байтулмалдын кирешелеринен болот, буга Байтулмалдын кирешелеринен боло турган нерселер да кошулат, жеке адамдар мүлк кылып алууда же мүлктү өстүрүүдө пайдалануу шаръий жактан тыюу салынган жолдор менен тапкан бардык малдар да буга кошулат, анткени, ал арам касб кылуу болот, ошондуктан мүлк кылып алынбайт.

Мисалы, кимде-ким риба жолу менен бирер нерсени тапса ал арам болот жана мүлк болбойт. Анткени, Аллах рибаны арам кылды жана риба жолу менен малды өстүрүүнү арам кылды. Аллах Таала айтат:

﴿الَّذِينَ يَأْكُلُونَ الرِّبَا لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ الَّذِي يَتَخَبَّطُهُ الشَّيْطَانُ مِنَ الْمَسِّ ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ قَالُوا إِنَّمَا الْبَيْعُ مِثْلُ الرِّبَا وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا فَمَنْ جَاءَهُ مَوْعِظَةٌ مِنْ رَبِّهِ فَانْتَهَى فَلَهُ مَا سَلَفَ وَأَمْرُهُ إِلَى اللَّهِ وَمَنْ عَادَ فَأُولَئِكَ أَصْحَابُ النَّارِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ﴾

*«Сүткор болгон кимселер (кыямат күнүндө мүрзөлөрүнөн) турушпайт, бирок, жин тийген мажнун сыяктуу турушат. Буга себеп алардын: Байъ (соода) да сүткордуктун өзү го? – дегендери. Акыйкатта болсо, Аллах байъды адал, сүткордукту арам кылган. Демек, кимге Роббисинен үгүт-насаат жеткен соң (сүткордуктан) токтосо, анда мурунку өткөнү өзүнө жана анын иши Аллахка (тапшырылат). (Т.а. Аллах Өзү кааласа кечирет). Ким (сүткордукка) кайтса, ошолор тозок ээлери жана анда түбөлүккө калышат»* [2:275]

Аллах Таала дагы айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللَّهَ وَذَرُوا مَا بَقِيَ مِنَ الرِّبَا إِنْ كُنْتُمْ مُؤْمِنِينَ * فَإِنْ لَمْ تَفْعَلُوا فَأْذَنُوا بِحَرْبٍ مِنَ اللَّهِ وَرَسُولِهِ وَإِنْ تُبْتُمْ فَلَكُمْ رُءُوسُ أَمْوَالِكُمْ لَا تَظْلِمُونَ وَلَا تُظْلَمُونَ﴾

*«Эй момундар, Аллахтан корккула жана эгерде чындап эле момун болсоңор, сүткордук саркындыларын таштагыла. (Т.а. адамдарга берген карызыңарга пайыз кошуп кайтарып албагыла). Эми эгерде (буйругубузду) кылбасаңар, анда Аллах жана пайгамбары тарабынан болуучу согушту билип койгула! Эгерде тообо кылсаңар, мал-мүлкүңөр өзүңөргө – залим да, мазлум да болбойсуңар»* [2:278-279]

Риба малын кимден алып желген болсо ошол ээлерине – эгерде алардын ким экендиги белгилүү, тааныш болсо – кайтаруу керек, эгерде ким экендиги белгилүү болбосо мусодара (конфискация) кылынып Байтулмалга коюлат. Бул Муслим Жабирден чыгарган

«لَعَنَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ آكِلَ الرِّبَا، وَمُؤْكِلَهُ، وَكَاتِبَهُ، وَشَاهِدَيْهِ، وَقَالَ: هُمْ سَوَاءٌ»

«Расулуллах ﷺ риба жегенди, аны жедиргенди, жазганды жана эки күбөсүн наалаттады о.э. алар барабар болушат», - деп айтты, деген хадисте келгендей риба менен мамиле кылуучуларга «аны жегенге, жедиргенге, жазганга жана эки күбөгө» анын натыйжасында берилүүчү шаръий укубат-жазага кошумча болот.

Кимде-ким кумар жолу менен мал тапса ал арам жана мүлк болбойт, ошондуктан ал ээсине кайтарылат. Ээси белгисиз болсо мусодара кылынып Байтулмалга коюлат. Бул кумар менен мамиле жүргүзө турган кимсеге – ал уттурган болсун же уткан болсун, мунун айырмасы жок – берилүүчү шаръий укубат-жазага кошумча болот. Анткени, кумар аркылуу мүлктү өстүрүү шаръий жактан жайиз болбойт. Анткени, кумар арам кылынган. Аллах Таала айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالْأَنْصَابُ وَالْأَزْلَامُ رِجْسٌ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ * إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُوقِعَ بَيْنَكُمُ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاءَ فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَنْ ذِكْرِ اللَّهِ وَعَنِ الصَّلَاةِ فَهَلْ أَنْتُمْ مُنْتَهُونَ﴾

*«Эй момундар, арак (мас кылуучу ичимдик ичүү), кумар (ойноо), буттар (т.а. аларга сыйынуу) жана таякчалар (т.а. таякчалар менен палчылык кылуу) шайтандын амалынан болгон арам иштер. Демек, нажат табышыңар үчүн алардын ар биринен алыс болгула! Ичкилик, кумар себептүү шайтан араңарга жек көрүү, душмандык салууну о.э. силерди Аллахты зикир кылуудан жана намаз окуудан тосууну гана каалайт! Эми токтоорсуңар!»* [5:90-91]

2 – Эми суроонун риба малынын дал өзү же феъл (иш) арам экендиги туурасындагы экинчи бөлүгүнө келсек, анын жообу мындай, шаръий эмес иш менен табылган малдын өзү арам эмес, тескерисинче, арамдык аны табуу же өстүрүү көрүнүшүнө тиешелүү болот. А бирок, малдын өзү арам эмес. Мисалы, кимде-ким мас кылуучу ичимдик сатып же риба жолу менен динарларды тапса динарлардын өзү арам болуп

калбайт, тескерисинче, арамдык аларды табуу же өстүрүү көрүнүшүндө. Ошондуктан, динарларды арам жол менен касб кылып тапкан кимсе аларды мүлк кылып ала албайт. А бирок, динарлардын өзү арам болбойт, ошондуктан алар мусулмандардын Байтулмалына коюлат жана алардан мусулмандардын иштерине жумшалат. Мындан доңуз эти жана хамр (мас кылуучу ичимдик) сыяктуу өзү арам болгон мал гана мустасна, анткени, алар өзү арам болгон малдар.

26 зул-хижжа, 1435-х.
20-октябрь, 2014-м.

## Васика кагаздардагы зекет. Исламий мамлекеттин кол астында боло турган жерлер

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, фазилаттуу боордошум, мага эки иш түшүнүксүз болуп калды, сизден аларды айкындаштырып беришиңизди суранамын, Аллах сизге бардык жакшылыкты тартууласын жана сизге жардам берсин. Биринчи иш: Васика кагаздардагы зекетке тиешелүү. «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде келишинче алтын жана күмүштүн ордуна өтө турган кагаздарга алар алтын жана күмүштөн орун басар болгону үчүн алтын жана күмүш мамилеси кылынат. Бул түшүнүктүү. Китепте дагы мажбурий кагаз акчаларда да зекет важиб болушу келген, анткени бул кагаз акчаларда да акчалык иллети бар болуп, алардын кыйматы алардын базардагы керектөө кыйматына карап алтын же күмүш менен бааланат жана нисабга жетип бир жыл айлангандан кийин алардан бериле турган зекет эсептеп чыгылат. Бул да түшүнүктүү. Ал эми васика кагаздар мамлекет белгилеп койгон же мамлекет тарабынан кепилдик берилген тарап белгилеп койгон номиналдык кыйматтан азыраак алтын же күмүш менен белгиленген нисбат-өлчөм менен капталган (камсыздалган) кагаздар. Мисалы, элестетип көрөлү, Иордания динарын мамлекет алтын динарга тең келе турган нисбатта чыгарган, бирок мамлекет аны 50 % нисбатта т.а. алтын динардын жарымы менен каптоо (камсыздоо) милдетин алган. Демек, Иордания динары эки бөлүккө бөлүнүп калды: биринчи жарымы орун басар кагаздар болуп эсептелсе, экинчи жарымы мажбурий кагаз акчалар болуп эсептелет.

Китепте бул акчалар зекети жөнүндө талкуу кылынган кезде орун басар жарымы гана эсепке алынган, экинчи, мажбурий кагаз акчалар болгон жарымына болсо токтолбогон, акыйкатта болсо, бул экинчи жарымы керектөө кыйматына жана акчалык сыпатына ээ, ошого карабастан ал эсепке алынбаган. Ушуну жакшылап түшүндүрүп беришиңизди суранам.

Экинчи иш: Жерлер жана мүлкчүлүккө (шахсий мүлк, умумий мүлк жана мамлекеттик мүлккө) тиешелүү. Ислам мамлекетине караштуу жерлерге тиешелүү эки чекитти келтирип өтөмүн. Биринчиси: мүлктөрдүн түрлөрү арасында төртүнчү түрдөгүсү жок. Экинчиси: Жерлер ушул үч мүлкчүлүктүн бирине кирет. «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде төмөнкүлөр келген: 1 – мамлекеттик мүлктөр түрүнө төмөнкүлөр кирет: чөлдөр, тоолор, деңиз жээктери, жеке адамдардын мүлкү болбогон, бир шаръий себеп менен мамлекет өзүнүн кол астына алган өлүк жерлер.

Анын шархында мамлекет бул жерлерди өзүнүн кол астына алат, эгерде мамлекет аларды өзүнүн кол астына алса, деген сүйлөм бир нече жолу келген... Мен үчүн түшүнүксүз болгон нерсе китепте жеке адамдар мүлкү болгон жерлер жөнүндө жана умумий мүлк болгон жерлер жөнүндө сөз кылынбай жатат, китепте мамлекетке караштуу боло турган жерлер жөнүндө сөз кылынып жатат жана ошону менен бирге «мамлекет бир шаръий себеп менен өзүнүн кол астына алган жерлер» деп айтылууда. Бул нерсе менде мамлекет ичкерисинде эч кимдин мүлкү болбогон жерлер да бар болот окшойт деген түшүнүктү пайда кылды. Сураныч, ушуну айкындаштырып берсеңиз. Аллах сизди бардык жакшылык менен сыйласын. Боордошуңуз Абу Усома – Куддус.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух,

Суроонуз эки бөлүктөн турат экен:

Суроонун биринчи бөлүгүнө жооп:

Васика кагаз акчалар, алар орун басар кагаз акчалар болуп эсептелет. Т.а. алар каалаган убакта алтынга алмаштыруу мүмкүн болгон кагаз акчалар болуп, бирок, алардын үстүнө жазылганынын бир бөлүгү менен алмаштырылат. Бул кыймат жарыя кылынган жана баарына белгилүү кыймат, бул кагаздар менен ушул негизде мамиле кылынат, орун басар кагаз акчанын эки түрү менен мамиле кылынган кезде мажбурий кагаз акча менен мамиле кылынбайт, бул маселени айкындаштыруу үчүн төмөнкүлөрдү айтамын: акча мамилеси же алтындын өзү менен болот, же орун басар кагаз менен болот, же мажбурий кагаз менен болот:

Алтындын өзү менен боло турган акча мамилесинин зекети анык...

Орун басар кагаз менен боло турган акча мамилесине келсек, ал талап кылынган кезде үстүнө жазып коюлган кыймат өлчөмүндө алтынга алмаштырып бериле турган кагаз акча болобу, же алтынга үстүнө жазып коюлган жана адамдарга жарыя кылынып, аларга белгилүү болгон бир бөлүгүн алмаштырып бериле турган кагаз акча болобу, эч айырмасыз, ага карата да алтынга кылынган мамиле кылынат, себеби, ал алтындан орун басар. Үстүнө жазылгандын толук бардыгы алтынга алмаштырылбай турган васика кагаздын калган бөлүгү эсеп кылына турган мажбурий кагаз болот деп айтылбайт, мындай деп айтылбайт:

Анткени, мажбурий кагаз акча алтынга жана күмүшкө алмаштырып берилбейт, тескерисинче, ал өз кыйматын мамлекет чыгарган мыйзам менен ошол мамлекет экономикасынын канчалык кубаттуу экенине карап алат, ансыз анын эч кандай кыйматы болбойт, васика кагаздын калган бөлүгү болсо ага бирер кыймат бере турган мыйзам чыкпаган, демек анын эч бир кыйматы жок...

Орун басар кагаз акчанын эки бөлүгү иштетилген кезде да ушундай болот, анткени, мында мажбурий кагаз акчаны иштетүү болбойт...

Мамлекеттин кагаз үстүнө жазып коюшу да кагаздын кыйматына таасирин тийгизбейт, болгону белгилүү өлчөмдөгү алтынга алмаштырып берилсе гана мунун таасири болот. Васика кагаздагы бул нерсе адамдар үчүн белгилүү...

Ушуга ылайык, демек васика кагаз орун басар кагаз болуп, ал өз кыйматын өзүнүн кандайдыр өлчөмдө алтынга алмаштырып берилишинен алат жана анын зекети ал алмаштырып бериле турган алтын кыйматына карай болот.

Мажбурий кагаз акча менен боло турган мамилеге келсек, бул акчанын эч кандай чыныгы кыйматы жок жана ал алтын жана күмүштүн эч бирине алмаштырып берилбейт, тескерисинче анын кыйматы мамлекет чыгарган мыйзамдын өкүмү менен жана ошол мамлекеттин экономикалык кубатына карай этибарлуу болот жана анда зекет важиб болот, ал алтын же күмүш болгону үчүн эмес, анда акчалык иллети бар болгону үчүн андан зекет берилет. Ошондуктан, ал алтын же күмүш менен бааланат жана нисабга жетип бир жыл өткөн кезде анда зекет важиб болот, аны алтын же күмүш менен баалаганы үчүн андан зекет берүү важиб болот.

Суроонун экинчи бөлүгүнө жооп:

«Халифалык мамлекетинде малия» китебинен сиз ишара кылган тексттердеги «мамлекет бирер шаръий себеп менен өзүнүн кол астына алган жерлер» деген сүйлөмдүн айтылганына төмөнкү эки иш себеп:

Биринчиси: Мамлекет жерлерди шариятка тескери көрүнүштө – мисалы, адамдардын жерлерин тартып алуу сыяктуу – өзүнүн кол астына алышы абалы болуп калышы мүмкүн, мындай абалда тартып алынган жерлер шаръий түрдө мамлекеттин жерлери болуп калбайт, ал тургай, вакиълик жактан алганда мамлекеттин кол астында болуп калса да жана мамлекет ээ болуп алса да. Анткени, мамлекет тарабынан мал-мүлктүн тартып алынышына бул мүлк өз ээсинин мүлкү болуп кала бериши жагынан Исламдагы тартып алуу өкүмдөрү туура келет. Ошондуктан, эгерде мамлекет жерди шариятка тескери көрүнүштө өзүнүн кол астына ала турган болсо мамлекеттин бул жерди сатып, ижарага берип, же бирөөгө бөлүп берип тасарруф кылууга шаръий жактан таптакыр акысы болбойт...

Экинчиси: Өлүк жер мейли мамлекет султаны (башкаруусу) астына кирсе да, бирок, андан пайдалануу адамдар үчүн мубах, ошондуктан, адамдар аны өздөштүрүү (иштетип өнүмдүү кылуу) жана таш менен ороп алуу аркылуу мүлк кылып алуу үчүн имамдын уруксатына муктаж болушпайт, эгерде мамлекет өлүк жерлердин кайсы бир бөлүктөрүн өздөштүрүү же таш менен ороп алуу аркылуу өзүнүн кол астына алган болсо, ошондо мына ушул бөлүктөр мамлекеттин мүлкүнө айланып

калат. Ошондуктан, эч кимдин бул жерлерге мамлекеттин уруксатысыз ээ болуп алышы туура болбойт жана мамлекет бул жерлерди сатып, ижарага берип, же бөлүп берип тасарруф кылышы мүмкүн... Бул тасарруфту мамлекет шаръий жактарын эсепке алган абалда жүргүзөт... Булардын бардыгынын баяны «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде келген болуп, бул тууралуу жалпысынан төмөнкүлөр келген:

«Хадистен көрүнүп тургандай таш менен ороп алуу да өздөштүрүү сыяктуу өлүк жерде гана болот, андан башкасында болбойт...

Өлүк жер менен өлүк болбогон жердин ортосун мындай айырмалоо Расул ﷺдын адамдарга өлүк жерди өздөштүрүү жана таш менен ороп алуу аркылуу ээлик кылышын мубах кылганына далалат кылып турат, демек, ал мубахтардын бири болуп калды, ошондуктан, өлүк жерди өздөштүрүү же таш менен ороп алууда имамдын уруксатына муктаждык жок, анткени мубахтарда имамдын уруксатына муктаждык жок. Ал эми өлүк болбогон жерлерге келсек, имам аларды бөлүп бергенде гана аларга ээлик кылынат, себеби, мындай жерлер мубахтар түркүмүнө кирбейт, тескерисинче, алар имамдын кол астына кире турган жерлер болуп эсептелет. Ошондуктан, алар мамлекеттик жерлер деп аталат, буга Билал Музанийдин Расулуллах ﷺдан бир жерди бөлүп берүүнү сураганы далалат кылат. Себеби, Билал жерге – качан Пайгамбарыбыз ага бөлүп бергенге чейин – ээлик кылбады. Ошондуктан, эгерде мындай жерге ээлик кылуу өздөштүрүү же таш менен ороп алуу аркылуу болгондо эле, анда Билал аны албетте өзүнүн ага ээлик кылып жатканына далалат кыла турган бирер белги менен ороп алган болот эле жана аны өзүнө бөлүп берүүнү талап кылбай туруп эле ээлик кыла берет эле.

Демек, өлүк жер адамдар үчүн мубах, болгону, мамлекет өзүнүн кол астына алган өлүк жерлер гана мындан тышкары. Калган өлүк жерлер болсо адамдар үчүн мубах болуп кала берет. Т.а. өлүк жер мейли мамлекет өкүмдарлыгы астында болсо да, бирок, ал ээлик кылуу жагынан адамдар үчүн шарият баян кылган көрүнүштө мубах болот.

30-жумадус-саний, 1436-х.
19-апрель, 2015-м.

## Карыздын шаръий түрдө мүлккө ээ болуу себептеринин бири экендиги туурасында

**Суроо**: сүйүктүү шайхыбыз. Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. «Исламдагы экономикалык түзүм» китебинде айтылышынча, мүлккө ээ болуу себептери бешөө: эмгек, мурас, жашоо үчүн мал-мүлккө болгон муктаждык, мамлекеттин өз малдарынан калкка бериши, жеке адамдар мал же эмгек сарптабай ала турган малдар. Бирок проблемабыз башка: карыз мал-мүлккө ээ болуу себептериненби же малды өстүрүү себептериненби? Проблемабызды ачыгыраак баян кылуу үчүн мен адамдар арасында пайда болгон төмөнкү мисалды келтиремин: элестетип көрүңүз, бир киши эч кандай мал-мүлккө ээ болбой туруп бирөөдөн миң динар карыз алды жана базарга барып, ага товар алып, андан кийин ошол товарды сатып 500 динар пайда тапты. 500дү да, 1000ди да колуна кармагандан кийин, карызды ээсине кайтарып берди. Бул иши мал-мүлккө ээ болуу үчүн себеппи? Же малды өстүрүү үчүн себеппи? Аллах сизге береке берсин жана сиздин колуңуз менен нусрат тартууласын. Сизди жакшы көрүүчү боордошуңуз Абу Айхам Макдисий.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Адам карыз катары алган мал колуна тийери менен анын мүлкүнө айланат, бул малдан каалаган тарапта эч кандай чегарасыз пайдалана берет, бирөөгө белек кылышы, өзүнө жана үй-бүлөсүнө жумшашы, соода ишине жана башка ишке коюшу... мүмкүн. Мында анын карыз берген адамдын малын кайтарууга милдеттүү экендиги таасирин тийгизбейт. Себеби, карыз анын мойнунда собит турат, малдын өзүнө анын тиешеси жок. Себеби, малдын дал өзү карыздар адамдын мүлкүнө айланып калат жана анын милдети мына ушул малдын дал өзүн эмес, тескерисинче окшошун төлөө.

Бир киши бирөөдөн карыз алса, бул мал анын мүлкүнө айланат. Аны соодага койсо, демек, ошол малды өстүрүү иштеринин бири менен алектенип жаткан болот, анын соодасы мүлктү өстүрүү себептерине кирет, мүлккө ээ болуу себептеринен эмес. Себеби, карызга алынган малдын асли соода кылып жаткан адамдын т.а. карыздар адамдын мүлкү болуп эсептелет. Ушуга ылайык, ошол соодадан киреше болгон мал-мүлк ошол аслий мал үчүн бир өсүү болот жана мүлккө ээ болуу себептерине тиешелүү болбойт. Бул нерсе карыз алган адамдын соодасында зыян көргөн убакта дагы да даана көрүнөт, себеби, бул зыян анын малына барып такалат, карыз берген адамдын малына эмес. Себеби, карыз алган адам соодасынан пайда көрдүбү же зыян тарттыбы, буга карабастан, карыз берген адам карыздын мөөнөтү жеткен убакта ага толук акылуу.

Демек, карызга мал алуу мүлккө ээ болуу себептеринин бири болуп, «мал же эмгек сарптабай» мүлккө ээ болуу беренесине кирет. Себеби, бул мал карыздар адамга мал-мүлккө ээлик кылуу жана андан шаръий өкүмдөргө ылайык пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Суроо берген боордош – карыздын карыздар адам тарабынан төлөнүшү «мал же эмгек сарптабай» мүлккө ээ болуу себептеринин 5-беренесине тескери деп ойлоп жаткан окшойт. Жок, андай эмес. Мал жана эмек сарптабай нерсе берүү т.а. белек, хадя, карыз жана садака берүүдө алган адамдан финансылык акы же кызмат акы талап кылынбайт. Башкача кылып айтканда, адам бирөөгө белек берсе, белегинин акысына андан финансылык акы же кызмат акы албайт. Эгерде карыз сураган кишиге ал карыз берсе, ал үчүн андан финансылык акы да, кызмат акы да албайт. Эгерде садака кылса, ал садака алган адамдан бул үчүн финансылык акы да, кызмат акы да албайт.

«Мал же эмгек сарптабай», сөзүнүн мааниси мына ушундай. Ошондуктан, белек – мүлккө мыйзамдуу жол менен ээ болуу себебинен болгондуктан – белек алган адамдын мүлкүнө айланат. Кудум ушул сыяктуу эле карыз да – мүлккө мыйзамдуу ээ болуу болгондуктан – карыз алган адамдын мүлкү болуп калат. Садака да кудум ушундай.

Инша Аллах, бул тууралуу жаркын элестетүү пайда болду деген үмүттөмүн.

11-рамазан, 1436-х.
28-июнь, 2015-м.

## Жердин макамы тууралуу

**Суроо**: вакфка айланган жерден – ал негизи хирожий жер эле – хирож төлөнөбү? Мисалы, Палестинадагы Тамим ад-Дарий вакфы жана башкалар сыяктуу.

**Жооп**:

1 – Хирожий жер вакф кылынбайт, арийне, хирожий жер болуп кала берет жана андан хирож төлөнөт.

«Мукаддиматуд дастур»дун экинчи бөлүгүнүн 133-беренесинде төмөндүгөлүр келген:

«Ушрий жана хирожий жерлерди айырбаштоо жана ээсинен мураска калууга акылуу болунат. Себеби, бул жерлер ээлеринин чыныгы мүлкү болуп, аларга ээлик кылуунун бардык өкүмдөрү туура келет. Ал ушрий жерге карата ушундай көрүнүп турган нерсе. Ал эми, хирожий жер жөнүндө айта турган болсок, ага ээлик кылуу ээлик жагынан ушрий жерге ээлик кылуу менен бирдей. Алардын ортосунда болгону эки иште гана айырма бар. Биринчиси: ээлик кылып жаткан жердин өзүнө карата. Экинчиси болсо: жерде важиб боло турган нерсеге карата. Ээлик кыла турган жердин өзү жөнүндө айта турган болсок, ушрий жердин ээси анын өзүнө да, андан келе турган пайдага да ээлик кылат. Хирожий жердин ээси болсо жердин өзүнө эмес, болгону пайдасына гана ээлик кылат. Мындан келип чыга турган нерсе, ушрий жердин ээси өзү ээлик кылып жаткан жерди вакф кылмакчы болсо, муну каалаган убакта кыла алат. Себеби, ал айнга т.а. жердин өзүнө ээлик кылат. Ал эми, хирожий жердин ээси өзү ээлик кылып жаткан жерди вакф кылмакчы болсо, муну кыла албайт. Себеби, вакф кылуу үчүн вакф кылмакчы болгон киши өзү вакф кыла турган нерсенин өзүнө (айнга) ээ болушу шарт. Хирожий жердин ээси болсо жердин айнына т.а. өзүнө ээлик кыла албайт, ал болгону анын пайдасына гана ээлик кылат. Себеби, жердин өзү байтулмалдын мүлкү болуп эсептелет.

Эми жерде важиб боло турган нерсе жөнүндө айта турган болсок:

2 – Тамим ад-Дарий жери хирожий жер эмес. Себеби, ал Расулуллох ﷺ тарабынан Тамимге фатхтан мурда ажыратып берилген, арийне, ал ушрий жер...

Шахсиянын экинчи бөлүгүнүн ушр жерлери бабында, 239- беттин акыркы абзацында ушрий жердин бир нече түрү болушу жөнүндө төмөндөгүлөр келген:

«Али фатх кылынбаган жерден – аны Аллах момундарга фатх кылып бергенинен кийин – имам ажыратып бере турган бөлүгү да ушундай болот. Ал ажыратып берилген кишиге нафал (белек) болот. Буга мисал

катары, Расул ﷺдын Тамим ад-Дарийге Халилдеги Хибрий, Хабрун, Мархун, Айнун жерлерин ажыратып бергенин келтирүүгө болот. Себеби, Тамим ад-Дарий өз жамааты менен Расулуллох ﷺдын алдына келген убакта, эгер Аллах бул жерлерди мусулмандарга фатх кылып бере турган болсо, бул жайларды өзүнө ажыратып беришин пайгамбарыбыздан суранган эле. Ошондон кийин пайгамбарыбыз бул жерлерди ага ажыратып берди жана ага бул туурасында бир кат жазып берди. Умар мына ушул катка күбө болгондордун бири эле. Бул жерлерди Аллах Умар доорунда мусулмандарга фатх кылып бергенден кийин, Тамим аларды берүүнү Умардан сурады. Умар Расулуллох ﷺдын бергенине бапаа кылып, бул жерлерди ага тапшырды. Абу Убайда да ушуга окшошту амвалда риваят кылган»...

Ошентип, демек, Тамим ад-Дарий رضي الله عنهнун жери ушрий жер. Ошондуктан, мусулмандарга вакф кылып коюлган жана андан зекет берилбейт. Себеби, зекет ээси анык болгон малдардан берилет... Амманын (жалпы элдин) малында болсо мындай эмес.

## Хирожий жер тууралуу

**Суроо**: «Дастур мукаддимасы» китебинин экинчи бөлүгү, 43-бет, 10-саптарында мындай делет:

«Эгер, кафир хирожий жерге ээ болсо, ал хирож төлөөсү шарт болот. Эгер, ушрий жерге ээлик кылса да ал ушр эмес, хирож төлөө керек. Буга себеп, жердин вазыйпасыз болушу мүмкүн эместиги. Кафир ушр калкынан болбогону үчүн хирож белгиленет». Мына ушул пикир «Малдар» китебинин 48-бет, акыркы абзацында башкача сөздөр менен келет: «Буга дагы бир себеп жер вазыйпасыз – үшүр же хирожсуз болушу мүмкүн эместиги».

Суроо: «Жердин вазыйпасыз болушу мүмкүн эмес» деген сөз ушрий жерге ээлик кылган кафирге хирожду жүктөө өкүмүнө иллет катары келет. Бирок, бул иллетке кандай далил келтирилгени баян кылынбаган. Негизи, иллет шаръий болушу үчүн шаръий нусустарда ачык, же далалатан, же истинбатан, же киясан келиши керек. Бул иллеттин далили эмне?

Эгер бул иллет тастыгын тапса, башка ушул суроо пайда болот: Биз билгендей, ушр зекет болуп, ал мусулманга гана важиб жана анын ушр алына турган малдарды баян кылган өкүмдөрү бар. Белгилүү болгондой, эгер ушрий жерге ээлик кылган мусулман жерге бадыраң, шабдалы, зайтун сыяктуу жана булардан башка зекет фарз болбогон эгиндерди эксе, ал бул жерден ушр да, хирож да төлөбөйт. Анда жер вазыйпасыз болуп калууда. Биз, бадыраң жана зайтун сыяктуу эгиндер зекети бериле турган эгиндер түрүнөн эмес, ошондуктан, бул жерге хирож дайындалат, себеби, жер вазыйпасыз болушу мүмкүн эмес, деп айта алабызбы?

**Жооп**:

Биринчиден: «Буга дагы бир себеп жер вазыйпасыз – ушр же хирожсуз болушу мүмкүн эместиги» сүйлөмүнүн иллетти баян кылынып келбеген, тескерисинче, шаръий далилдерге негизделип эгин жерлеринин вакиъсин баян кылып келген. Эгин жерлеринин өкүмдөрү жердин жалаң гана ушрий же хирожий экендигин белгилейт.

Мунун кандай болушун төмөндө көрсөтөмүн:

Шариятта варид болгон эгин жерлеринин өкүмдөрүнүн далилдери:

1 – Ар кандай жер жөнүндөгү умумий далилдер. Бул далилдер мусулман адамга зекетти - ушр же ушрдун жарымын важиб кылып белгилейт. «Агын же жамгыр суулары менен суугарыла турган жерлерден ушр төлөнөт, кудук суулары менен сугарыла турган жерлерден ушрдун жарымы төлөнөт».

2 – Фатхтан кийин жогорудагы умумий далилдерден тышкарыдагы жерлер жаатында жаңы проблема пайда болду жана аны чечүү үчүн

хирож белгиленди. Расулуллах ﷺ Бахрейн калкы Исламга киргени туурасында мындай өкүм кылды: Алар жаны жана малын сактап калышат, жер гана мындан сырткары. Себеби, жер алар каршылык көрсөтүп Исламга киришпегени үчүн мусулмандардын олжосу болот». Умар ؓ Савад жерлери туурасында мындай өкүм кылды: «Мен жерлерди кафирлердин колунда калтырып, аларга хирожду дайындадым».

3 – Ошондуктан, Ислам диярындагы ар кандай жердин зекети берилиши важиб. Белгилүү бир түрдөгү жерден гана хирож төлөнөт.

4 – «Мусулман адам Ислам диярындагы ар кандай жерден жердин зекетин бериши важиб» деген умумий өкүм умумий боюнча колдонулат. Башка бир нусус менен хостолгон «хирожий жер» бул умумий өкүмгө кирбейт.

5 – Эгин жерлери жөнүндөгү өкүм ушул. Эгер, хирожий жер жөнүндөгү нусустар болбогондо умумий өкүмгө ылайык мусулман адам бул жердин да зекетин берүүсү важиб болмок.

6 – Ошондуктан, бул сүйлөм иллеттин баяны болуп келбеген. Бул сүйлөмдүн мазмуну ачык же далалатан иллетти айгинелебейт. Т.а. анда ачык да, далалатан да келген иллет харфтары көрсөтүлбөгөн. О.э. ал – жердин ушрий же хирожийлиги ортосундагы айырманы түшүндүрө турган сыпат да эмес. Демек, жер – жер жана ал жамид лафз. Бир жер ушрий жер болсо, анын жанындагы дагы бир жер хирожий жер болушу мүмкүн жана булардын ортосунда эч кандай айырма жок.

Демек, сүйлөмдүн мазмуну иллетти баян кылып келбеген. Т.а. анда наста ачык келе турган иллет харфтары да, далалалат келе турган иллет харфтары жок жана ал өкүмгө байланыштуу болгон түшүндүрүүчү сыпат да эмес.

Тыянак ушул, сүйлөм иллетти баян кылып келбеген, тескерисинче, ал – жерге алакадар өкүмдөрдүн далилдеринен алып жердин вакиъсин баян кылган.

Экинчиден: Сиз «Эгер, жерге зекети берилбей турган эгиндер эгиле турган болсо… жер вазыйпасыз калат» деп мисал келтирдиңиз.

Сиз жер вазыйпасын башкача түшүнүпсүз. Эгер, ушрий жерге шабдалы эгиле турган болсо, бул нерсе жерди ушрийлигинен чыгарбайт. Эгер, сизден кимдир бирөө: бул жер ушрий жерби же хирожийби? – деп сураса, сиз ушрий жер эмес деп айтасызбы? Жок, сиз ушрий жер деп айтасыз, ушрий да, хирожий да эмес деп айтпайсыз. Эми, эгер: бул зекети бериле турган түшүмбү? – деп сураса, жок деп жооп бересиз.

Демек, бул маселеде эки нерсе бар: биринчиси: жердин түрү – бул ушрий жерби же хирожий жерби? Экинчиси: анын түшүмү зекети бериле турган түшүмбү же ага зекет важиб эмеспи.

6-шаввал, 1432-х.

1-сентябрь, 2011-м.

## Өлүк жер жана зиммийге жүктөлгөн хирож жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

«Исламдагы экономикалык түзүм» китебинде хирожий өлүк жерге тиешелүү эки суроо мени көп ойлонтот. Бул тема «Малдар» китебинде да мындай таризде келген: «Хирожий өлүк жерге мусулман адам ээлик кылса, ага ушрий жер сыяктуу мамиле кылынат. Ошондуктан, мусулман адам бул жерди коргондоп алууга жана ээлик кылууга акылуу. Ал бул жерге хирож төлөбөйт, ушр төлөйт. Ал эми, зиммий бул жерге ээлик кылууга акылуу эмес жана бул жерден хирож төлөйт». Суроо: Эмне үчүн зиммий бул жерге ээлик кыла албайт? Акыйкатта болсо, ал зиммий коргондоп алууга жана ээлик кылууга акылуу болгон ушрий жерлерге кирип калат го? Түпкүлүгүндө, ага биринчи абалдай т.а. мусулман ээлик кылгандагы абалдай ушрий жер сыяктуу мамиле кылынышы керек го?

Экинчи суроо: Эмне үчүн зиммий ушрий жерге хирож төлөшү керек деп жатабыз? Акыйкатта болсо, ушрий жерге хирож төлөнбөйт. Ошондуктан, түпкүлүгүндө кандай болсо ушундай мамиледе болушубуз жана хирож дебешибиз керек. Себеби, анын шаръий түшүнүгү бар. Биз ушрий жерге ээлик кылган зиммийден алынган малды хирож деп атап аныктамага тескери иш тутуп жатабыз. Эмне үчүн бул малды атоодо ижтихад кылынбайт? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

1 – Өлүк жер ушрий жерде же хирожий жерде болот.

а) Ушрий жердеги өлүк жерди тирилтүү менен ал ушрий боюнча калат. Эгер, аны мусулман адам тирилткен болсо, ал бул жердин өзүнө да, пайдасына да ээлик кылат жана андан зекет катары ушр берет. Эгер, аны зиммий кафир тирилткен болсо да ал ушрий боюнча калат о.э. ал өзүнө да, пайдасына да ээлик кылат, бирок, зиммий кафир бул жерден ушр эмес, хирож төлөйт. Себеби, ушр – зекет, кафирден болсо зекет алынбайт. Шаръий өкүмдөргө ылайык эгин жерлеринен ушр же хирож төлөнөт. Кафирден зекет алынбаганы үчүн, эгер, ал ушрий жерге ээлик кылса, бул жерден хирож төлөйт.

б) Хирожий өлүк жерлер болсо эки түрдүү болот:

- Мурун хирож дайындалган, кийин өлүк жерге айланган хирожий жер. Бул жерди мусулман адам тирилткен болсо да, кафир тирилткен болсо да жердин сыпаты өзгөрбөйт, ал хирожий жер болуп кала берет. Мусулман да, кафир да бул жерден хирож төлөйт.

- Мурун хирож дайындалбаган хирожий жер. Бул жерди мусулман адам тирилтсе ал ушрий жер болуп калат жана ал бул жерден ушр берет. Ал эми, эгер аны зиммий кафир тирилткен болсо, анда жердин сыпаты

өзгөрбөйт, ал хирожий жер болуп кала берет жана зиммий кафир бул жерден хирож төлөйт.

в) Эми эмне үчүн эгер зиммий ушрий жерге ээлик кылса ага хирож төлөө керек дегенибизге келсек, себеби, жер дайынсыз калышы жайиз эмес. Ошондуктан ушрий жерден мусулман адам анын зекетине ушр төлөйт. Зиммийден зекет алынбаганы жана шаръий өкүмдөргө ылайык жер дайынсыз калышы жайиз болбогону үчүн, эгер зиммий ушрий жерге ээлик кылса бул жерден хирож төлөйт.

Муну т.а. эмне үчүн жер колдонулбай калышы жайиз эместигин айкындаштыруу үчүн мындай дейбиз:

Эгин жерлери өкүмдөрүнүн далилдерине ылайык жер ушрий же хирожий деп гана белгиленет.

Мунун кандай болушун сизге төмөндө баян кылып өтөбүз:

Шариятта келген эгин жерлери өкүмдөрүнүн далилдери:

- Ар кандай жер туурасындагы умумий далилдер. Бул далилдерге негизделип жердин зекетине шаръий өкүмдөргө ылайык ушр же ушрдун жарымы белгиленген.

«فِيمَا سَقَتْ الأَنْهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ، وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»

«Дарыялар жана жамгыр суулары менен суугарылган жерлерден ушр төлөнөт. Кудук суулары менен суугарылган жерлерден ушрдун жарымы төлөнөт».

- Фатхтан кийин жерлер туурасында жаңы проблема пайда болду. Муну чечүү үчүн умумий далилдерге негизделип хирож белгиленет. Абу Убайд айтат: Бизге Язид ибн Хпрун айтты, ал Ибн Абу Зиъбден, ал Зухрийден риваят кылат, Зухрий айтты: «Расулуллах ﷺ Бахрейн мажусийлеринен жизя кабыл алды. Алардан кимде-ким Исламга кирсе анын Исламын кабыл алды. Ислам алардын жанын жана малын сактап калды. Жер гана мындан сырткары, себеби, бул адамдар Исламды кабыл алуудан баш тартышканы үчүн бул жер мусулмандардын файы (олжосу) болуп эсептелет». Умар رضي الله عنه да Савад жерлери туурасында ушундай өкүм кылган: «Мен жерлерди кафирлердин колунда калтырып, аларга хирож белгилөөгө чечим кылдым».

- Ошондуктан, шаръий өкүмдөргө ылайык Ислам диярындагы бардык эгин жерлерине зекет белгиленген. Хирож белгиленген белгилүү бир түрдөгү жер гана мындан сырткары.

- Шаръий өкүмдөргө ылайык умумий өкүм «Ислам диярындагы бардык эгин жерлерине зекет белгиленген» деген умумийлиги боюнча калат. Андан башка далил менен хостолгон «хирожий жер» гана мындан сырткары болот.

2 – Эгин жерлеринин өкүмү ушундай. Жер ушрий же хирожий болот. Эгин жерлери ушундай айырмаланат. Демек, жер дайынсыз калбайт т.а. ушрий же хирожий деп аталбаган эгин жер болбойт.

3 – Эми сиздин, хирождун шаръий мааниси бар, эгер зиммий ушрий жерден хирож төлөсө хирождун шаръий маанисине тескери иш туткан болобуз, деген сөзүңүз туура эмес. Себеби, хирожий жер анын ушрий же хирожийге бөлүнүшүндөгү жердин вакиъси мафхум сифат менен иллеттенбеген. Жер – бул жер т.а. жамид лафз. Бир жер ушрий болуп, анын жанындагы бир жер хирожий болушу, бирок, алардын арасында топуракта да, эгиле турган эгинде да айырма болбошу мүмкүн… Демек, хирож сөзү өкүмгө байланган муфхам сифат эмес… Ошондуктан, зиммий ээлик кыла турган ушрий жерден хирож бериши хирождун маанисине тескери эмес.

9-зул-каъда, 1434-х.
15-сентябрь, 2013-м.

## Хирожий жер тууралуу

**Суроо**: «Малдар» китебинде мындай делет: «Эгер өлүк жерге мурун эгин эгилбеген болсо, же узак убакыт каралбаган болсо, же мурун каралып жана эгин эгилип, кийин ага хирож салынышынан мурун, ал бир шаръий жол менен мамлекеттин колуна өтүп, аны жарандарынын бирине бөлүп беришинен мурун ойрондуга айланып өлүк жерлерден болуп калган болсо, мында бул жерлерге хирожий жердеги өлүк жерлерге туура келген өкүм ылайык келет. Бул жер мусулманга бөлүп берилип, ал ушул жерди тирилткен болсо, ал анын пайдасына да, жерине да ээлик кылат жана ага ушр же ушрдун жарымы шарт таризде важиб болот».

Суроо төмөнкүдөй: астына сызылган хирожий деген сөздүн ордуна ушрий сөзүн колдонуу туура эмес беле?

**Жооп**:

1 – Бул чаташтык сиз мурун хирож салынбаган хирожий жерлердеги өлүк жерлер тирилтсе бул жер ушрийге айланып калат, деп ойлогонуңуздан келип чыкканы көрүнүп турат. Түпкүлүгүндө, абал андай эмес. Тескерисинче, ал мусулманга карата гана ушрий болуп калат, бирок, ал кафирге карата аслинде - хирожий жер бойдон кала берет.

Ал эми, мурун хирож салынган өлүк жерлерге келсек, аларды жаңыдан тирилтүү алардын хирожийлик сыпатын бекер кылбайт. Мында бул жерди тирилткен адам мусулман же кафир болушунун айырмасы жок.

«Экономика түзүмүндө» мындай делет: «Кайсыдыр мусулман же кафир, ушрий өлүк жерди өздөштүрсө, анын аслине да, пайдасына да ээ. Мусулман үчүн зекети берилиши шарт болгон эгиндер жана мөмөлөр нисабга жетсе, зекет катары ушр бериши важиб болот. Кафирден болсо ушр эмес, хирож алынат. Себеби, кафир зекет калкынан эмес. Жерден болсо ушр же хирождун бири алынышы шарт.

Мусулман хирож дайындалбаган жайдагы өлүк жерди өздөштүрсө, анын аслине да, пайдасына да ээ саналат, эгер кафир болсо, пайдага гана ээ болот. Мусулман үчүн ушр важиб, хирож важиб эмес. Кафир үчүн хирож важиб, кудум кафир калкынан фатх убагында өз жайында калуулары эсебине хирож алынгандай.

Кимде-ким хирожий жердеги өлүк жерди өздөштүрсө, мурун бул жерге хирож белгиленген болсо, мусулман да, кафир да жердин аслине эмес, пайдасына гана ээлик кылат. Ал ошол жер үчүн хирож төлөйт, себеби, ал фатх кылынган жер болуп, ага хирож белгиленген, ошондуктан, ал жерге мусулман ээлик кылса да, кафир ээлик кылса да хирож төлөшү түбөлүктүү шарт».

«Дастур мукаддимасында» 133-берененин шархында мындай делет: «Кимде-ким хирожий жердеги бирер өлүк жерди тирилткен болсо, ага мурун хирож салынбаган болсо, ал ушрий жерге айланып, эгер аны мусулман тирилткен болсо «анда зекет» важиб болот. Эгер, аны ахли зимма тирилткен болсо, ал хирожий жер болуп кала берет, «ага хирож» салынат.

Кимде-ким хирожий жерлердеги бирер өлүк жерди тирилтсе, ага мурун өлүк жерге айланышынан алдын хирож салынган болсо, бул абалда ал хирожий жер болот. Аны тирилткен мусулман болобу же ахли зиммабы, мунун айырмасы жок».

«Малдар» китебинин «Ушрий жерлер» баянында мындай делет: «Мусулман эгинзарга айланткан кароосуз жер. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай дейт:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضاً لَيْسَتْ لِأَحَدٍ فَهُوَ أَحَقُّ بِهَا»

«Кимде-ким эч кимдики болбогон жерди тирилтсе, ал ошол жерге акылуу болот». Бухарий риваят кылат:

«مَنْ أَعْمَرَ أَرْضاً لَيْسَتْ لِأَحَدٍ فَهُوَ أَحَقُّ»

«Кимде-ким эч кимдики болбогон жерди гүлдөтсө, ал ошол жерге акылуу болот».

Мына бул айтып өтүлгөн ушр ушр боюнча калат. Бирок, кафир күч менен басып алынган жерлердеги мусулмандан ушрий жерди сатып алса, ал бул жерден хирож берет. Анткени, кафир үчүн хирож берүү важиб. Кафирден ушр алынбайт. Анткени, ушр – зекет, кафир болсо зекет калкынан эмес. Ушр садака жана мусулман үчүн тазалануу болуп саналат. Ал эми, кафир мусулмандан күч менен басып алынбаган башка ушрий жерди сатып алса, ал мына ошол жерге хирож да, ушр да бербейт. Анткени, ушрий жерден хирож берилбейт. Кафирге зекет важиб эмес. Кудум, кафир мусулмандан мал сатып алганда ага зекет важиб болбогону сыяктуу».

Ушуга ылайык, сиздин «Астына сызылган хирожий деген сөздүн ордуна ушрий сөзүн колдонуу туура эмес беле?» деген суроонузга келсек, тескерисинче, хирожий деген сөздүн калышы туура болот. Себеби, бул жерде кеп мурун хирож салынбай өлүк жер болуп калган хирожий жерди бөлүп берүү жөнүндө болуп жатат.

Сиз суроонузда көрсөтүп өткөн бөлүктөн мурун төмөндөгү сөздөр келген: «Ал эми, эгер хирожий жер бөлүп бериле турган болсо – Ирак, Шам жана Мисир сыяктуу күч менен фатх кылынган жерлер болсо – мында каралат…». Ошондон кийин тафсилатка киришилген. Демек, бул тема хирожий жерлерди бөлүп берүүгө тиешелүү.

Белгилүү болгондой, хирожий же ушрий жерлердеги өлүк жерлерди тирилтүү – эгер аны мусулман тирилткен болсо – аны ушрий жерге

айлантат. Эгер, тирилтүүчү кафир болсо, хирожий жер хирожий боюнча, ушрий жер ушрий боюнча кала берет. Бирок, кафир эки абалда тең андан хирож төлөйт. Себеби, ушр – зекет. Ал эми, кафирден зекет алынбайт. О.э. жер ушр же хирожсуз болбойт. Ошондуктан, кафирден хирож алынат.

21-сафар, 1434-х.
3-январь, 2013-м.

## Сахаба Тамим Дарийнун жери тууралуу

**Суроо**: саййидибиз Мухаммад A улуу сахаба Тамим Дарийге Халилден (Маскубия) бир жер бөлүп бергени маалым. Бизге бул бөлүнгөн жер кайсы түргө таандык экендиги – ушрийби же хирожийби – бүдөмүк болуп калды. Белгилүү болгондой, «Халифалык мамлекетинде малдар» китебинен жердин ушрий деп эсептелишинин абалдарында бирер адамга бөлүп берилген жер ушрий болуп калышын таппадык, анда ушрий жер да, хирожий жер да бөлүп берилиши мүмкүндүгү айтылган. Бирок, айрым жигиттердин маалыматына ылайык, Тамим Дарий жери ушрий жер болгон экен, жогорудагы китепте айтылбаган ушул сөздүн бирер негизи барбы? Аллах бизден жана бардык мусулмандардан сизге жакшылык берсин, сизди жана бардык мусулмандарды нусрат менен, Аллахтын уруксаты менен, келе жаткан пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык астындагы үстөмдүк менен кубандырсын!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ооба, Расулуллах A фатхтан мурун Тамим Дарийге бөлүп берген жер маселеси «Халифалык мамлекетинде малдар» китебинде кеңири айтылган эмес. Бирок, ал «Исламий шахсия» китебинин экинчи бөлүмүнүн «Ушр, хирож жана сулх жерлери» бөлүгүндө толук баян кылынган. Анда мындай делет:

«Ушр жери – бул андан чыгуучу түшүмдөн зекет катары ушр же ушрдун жарымы алына турган жер. Ал ушрий жер деп аталат. Бул жердин түшүмүнөн зекет катары алына турган ушрдун атынан ал ушундай аталды.

Буга калкы башынан эле Исламга кирген бардык жерлер кирет. Мисалы, Мадинаи Мунаввара жана Индонезия сыяктуу. Себеби, Медина калкы Расулуллах A маалында жана ал кишиден кийин халифалар заманында өздөрүнүн жерлеринин түшүмүнөн зекет катары ушр гана төлөшкөн.

Бүтүндөй араб жазирасы да ушр жерине кирет. Мында Медина сыяктуу калкы Исламга кирген болобу же Мекке сыяктуу күч менен фатх кылынган болобу, мунун айырмасы жок.

Мусулмандар куралдын күчү менен фатх кылган жана имам жоокерлердин ортосунда бөлүштүрүп берген бардык жерлер – мисалы, Хайбар жери сыяктуу – ушр жерине кошулат жана ушрий жер болот. Же имам жоокерлерди жердин бир бөлүгүнө жайгаштырган жерлер.

Имам күч менен фатх кылынган жерлерден адамдарга бөлүп берген жер майдандары да ушр жерине кошулуп ушрий жер болот.

Имам фатх кылына элек жерден Аллах аны момундарга фатх кылып бергенден кийин бөлүп бере турган жер да ушрий жерге кошулат жана ал

бөлүп берилген киши үчүн тартуу болот. Буга Расулуллах Адын Тамим ад-Дарийге Халилдеги Хабро, Хабрун, Мархун жана Айнун жерин бөлүп бергенин мисал кылып келтирүүгө болот. Себеби, Тамим ад-Дарий Расулуллах Адын алдына өз жамааты менен бирге келген убакта Пайгамбарыбыз Адан бул жерлерди эгер Аллах мусулмандарга фатх кылып берсе өзүнө бөлүп беришин сураганда Пайгамбарыбыз А ага бөлүп берип, бул жөнүндө ага бир кат жаздырып берген. Умар мына ошол катка күбө болгондордун бири болгон. Аллах бул жерлерди Умар заманында мусулмандарга фатх кылып берген соң, Тамим ад-Дарий Умардан бул жерлерди өзүнө беришин сурады. Умар Расулуллах Адын бергенине бапаа кылып, ага бул жерлерди тапшырды…», аягы.

Демек, Расулуллах А Тамим Дарий Gга бөлүп берген жер ушрий жер. Бул бир нече риваяттарда белгиленген:

Абу Ахмад Хамид ибн Мухаллад ибн Кутайба ибн Абдуллох Хурасаний (Ибн Занжавих деп таанылган, хижрий 251-жылы дүйнөдөн кайткан) өзүнүн «Амвал» деген китебинде Зухрий менен Савра ибн Язидден, ал Рошид ибн Саъддан риваят кылган: Тамим ибн Авс Дарий (лахмдык киши) мындай деди: Я Расулуллах, Палестинада менин румдук коңшуларым бар, алардын Хабро жана Байт Айнун деген эки айылы бар, Аллах сизге ушул Шамды фатх кылып берсе, бул эки айылды мага тартуу кылсаңыр. Ал зат: «Ал экөөсү сага» деди. Тамим: «Бул жөнүндө күбөлүк жазып бериңиз», дегенде, мындай деп жазды:

«بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ هَذَا كِتَابٌ مِنْ مُحَمَّدٍ رَسُولِ اللهِ، لِتَمِيمِ بْنِ أَوْسٍ الدَّارِيِّ، أَنَّ لَهُ قَرْيَةَ حَبْرَى وَبَيْتَ عَيْنُونَ...»

«Бисмиллахир Рохманир Рохим. Муну Мухаммад Расулуллах жазды, Тамим ибн Авс Дарийге Хабро жана Байт Айнун айылдары берилет».

Ушуга окшош риваят Абу Убайдадан «Амвал» китебинде о.э. Абу Юсуфтан «Хирож» китебинде да риваят кылынган.

Ушул жооп ачык-айкын жана жетиштүү болот деген үмүттөмүн, инша Аллах.

22–шаввал, 1435-х.
18-август, 2014-м.

## Суугаруучу жабдыктары жана башка нерселер бар жерди ижарага берүү жана музораа өкүмү жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух

Жерди андагы сугаруучу жабдыктары жана башка нерселер менен бирге ижарага берүү туурасындагы суроо.

Исламда экономикалык түзүм китебинин 139-бетинде төмөнкүлөр келген: «Жер ээси жерин ижарага берүүгө таптакыр акысы. Жердин пайдасына гана ээлик кылабы, же кызыкчылыгы пайдасы жана аслине да ээлик кылабы айырмасы жок...». 140-бетте болсо төмөнкүлөр келген: «Ал эми Расулуллах ﷺдын Хайбар жерлерин түшүмдүн жарымы эсебине ижарага бериши жогоруда айтылган нерселер катарына кирбейт, себеби, Хайбар жерлери дарактардан турган болуп, тегиз жер эмес эле...». Жерди эгин эгүү үчүн ижарага берүү маселесинин өкүмү анык. Анткени, өкүм маноту «эгин эгүү үчүн ажыратылган жер». Хайбар жерине тиешелүү нерсе туурасындагы өкүм маноту болсо өзгөргөн (башка). Анткени, ал жер дарактуу болгон. Дарак болсо ээсинин мүлкү болот. Дарак жерден башка. Эгерде ал жерде бирер жер болсо, ал ага (даракка) тобе...

Ал эми бизде кудук же суу топтоло турган көлмө сыяктуу сугаруучу жабдыктары же мамлекет дыйкандарга бирер төлөмдүн акысына өткөрүп бере турган сугаруучу каналдар жана сууну эгиндерге жеткирип берүүчү каналдар (мисалы тамчылатып сугаруучу каналдар) бар жерде үй-жай, короо, салкындатылган үйлөр, дарылануучу жабдыктар, дыйкан үчүн зарыл болгон жана жерге кошуп бериле турган эгин эгүүчү куралдар болушу мүмкүн.

Суроо:

1 – Өкүм маноту (жер) – эгерде ал теп-тегиз жер болбой, жабдыктар жана курулуштар бар жер болсо – өзгөрөт деп айтууга болобу?

2 – Эгерде жер зыйнаттуу өсүмдүктөрдү өстүрүү же малдарды багуу сыяктуу дыйканчылык продукцияларын өстүрүү үчүн бөлүнбөгөн болсо мында да өкүмдүн маноту өзгөрөбү?

3 – Мына ушул абалдарда жерди ижарага берүү жайиз болобу?

Вассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух

1 – Теп-тегиз дегендин мааниси эгин эгилүүчү жер т.а. эгин үчүн ажыратылган, бирок, эгин эгилбеген жер. Бул жерди эгин эгүү үчүн ижарага берүү арам. Буга далилдердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

Рофеъ ибн Худайж риваят кылып: «Биз Расулуллах ﷺ заманында мухобара кылат элек (жерди эгин эгүү үчүн ижарага берет элек), абакелеримдин бири келип мындай деди: Расулуллах ﷺ биз үчүн

пайдалуу болгон бир иштен нахий кылды, Расулуллах ﷺга итаат кылуу биз үчүн дагы да пайдалуураак, дагы да пайдалуураак, - деди. Биз: Ал эмне экен? – деп сурадык. Ал: Расулуллах ﷺ:

«مَنْ كَانَتْ لَهُ أَرْضٌ فَلْيَزْرَعْهَا أَوْ لِيُزْرِعْهَا أَخَاهُ، وَلا يُكَارِيهَا بِثُلُثٍ وَلا بِرُبُعٍ وَلا بِطَعَامٍ مُسَمًّى»

«Кимдин жери болсо ага эгин эксин же эгин эгүү үчүн боордошуна берсин, аны үчтөн бирине да, төрттөн бирине да жана белгилүү бир азыктын эсебине да ижарага бербесин», - деди. Бул хадисти Абу Давуд чыгарды. Мухораба – бул  музораа болуп эсептелет.

2 – А бирок, эгерде жер теп-тегиз болбосо т.а. карала турган дарак эгилген болсо, анда аны ижарага берүү мусакот деп аталат жана ал жайиз. Ал тургай, дарактын арасында эгин эгилүүчү тегиз майдандар бар болсо да. Анткени, ал мындайда даракка тобе болот. Демек, даракты карап өстүрүү негизги иш. Мусакоттун жайиздигине далилдердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

Бухарий Нофеъден чыгарышынча, Абдуллах ибн Умар رضي الله عنهما ага төмөнкүнү кабар кылган:

«أَنَّ النَّبِيَّ صلى الله عليه وسلم عَامَلَ خَيْبَرَ بِشَطْرِ مَا يَخْرُجُ مِنْهَا مِنْ ثَمَرٍ أَوْ زَرْعٍ، فَكَانَ يُعْطِي أَزْوَاجَهُ مِائَةَ وَسْقٍ ثَمَانُونَ وَسْقَ تَمْرٍ وَعِشْرُونَ وَسْقَ شَعِيرٍ...»

«Набий ﷺ Хайбар менен андан чыга турган мөмө же эгиндин жарымына мамиле кылды, Пайгамбарыбыз аялдарына жүз васак: сексен васак курма жана жыйырма васак арпа берет эле...».

Анткени, Хайбар жери даракзар болгон, дарактар арасында эгин майдандары болгон. Бул хадистен анык көрүнүп тургандай

«ثَمَانُونَ وَسْقَ تَمْرٍ وَعِشْرُونَ وَسْقَ شَعِيرٍ...»

«Сексен васак курма жана жыйырма васак арпа...». Демек, көбүрөөгү дарак болгон. Ошондуктан, Расулуллах ﷺ ага карата белгилүү бир төлөм эсебине мамиле кылды. Т.а. Пайгамбарыбыз ал жерге дарак эгилгени үчүн аны ижарага берүүгө уруксат берди. Бул мусакот т.а. даракты өстүрүү деп аталат...

3 – Ал эми эгерде эгин үчүн ажратылган жерди – т.а. силерде Сания деп аталуучу жерди, ал жерде өзүңүз айткандай кудук же сугат каналдары сыяктуу курулуштар, үй-жай, малкана сыяктуу кээ бир имараттар бар болсо, жердин калганы болсо эгин эгилбеген болсо – эгин эгүү үчүн ижарага берүү жайиз болбойт. Мында ал жердеги сугат каналдары же имараттар таасирин тийгизбейт. Анткени, ал ырасында эгин эгилбеген соң теп-тегиз деп эсептелет.

Көрүнүп тургандай, сизге теп-тегиз деген сөздүн мааниси түшүнүксүз болгон. Ошондуктан, сиз теп-тегиз жер – курулуштар жана жабдыктар жок болгон жер деп ойлогонсуз. Акыйкатта болсо, бул орунда теп-тегиз жер деп айтылганда эгин эгилбеген жер түшүнүлөт. Ошентип, демек эгин эгилбеген жер теп-тегиз болуп эсептелет, ал тургай, анда бирер үй бар

болсо да, ырасында ижарага берүү ага эгин эгүү үчүн болгон соң ушундай болот.

4 – Ал эми жерди дыйканчылык продукцияларынан башка нерсе үчүн т.а. эгин эгүүдөн башка нерсе үчүн ижарага берүүгө келсек, ал жайиз, мунун эч кандай зыяны жок. Анткени, арам кылынган нерсе музораа. Мисалы, бирер өнөржай продукциясын иштеп чыгаруу максатында бирер фабрика куруу үчүн, же жерди автомашиналар туруучу орун кылып алуу үчүн, же сатыла турган товарлар көргөзмөсү үчүн, же чарба жандыктарын багуу үчүн ижарага берүү булардын бардыгы арам эмес, жайиз болот. Анткени, ал музораа үчүн берилген жок. Жерди зыйнаттуу (кооздук үчүн өстүрүлгөн) өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн – эгерде бул өсүмдүктөр ижарага берилип жаткан жерге эгилбеген болсо, тескерисинче, атайын идиштерге жана авиздерге эгиле турган болсо – ижарага берүү да буга кириши мүмкүн. Бул мисалы роза гүлү сыяктуу зыйнаттуу өсүмдүктөр өстүрүлө турган гүлзарлардан белгилүү, анткени, мында жер эгилүүчү авиздер коюла турган бир орун кылып алынат, өсүмдүктөр жерге эмес мына ушул авиздерге эгилет. Ошондуктан, мындай абалда жерди ижарага берүү арам болбойт, анткени, бул музораа эмес, ошондуктан ага музораа арамдыгынын далилдери туура келбейт, тескерисинче ижара жайиздиги далилдери астына кирет.

4-зул-хижжа, 1435-х.
28-сентябрь, 2014-м.

## Ирактагы эгинзар жерлер жана ушрий жерде кафирге салына турган салык туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах сизди афву афият менен ырыскыландырсын!

Эки суроом бар: Бизге саййидибиз Умар ибн Хаттаб ﵁ Ирак жерин кармап калып, аны мужахиддерге бөлүштүрүп берүүнү четке каккандыгы белгилүү.

Биринчи суроо, Умар ибн Хаттаб ﵁нун ушул иштери ар кандай адам башка шаръий пикир менен каршы чыгышы жайыз болгон ижтихад болуп эсептелеби, же бул иштери бардык сахабалар тарабынан ижма кылынып, ага каршы чыгуу жаиз болбойбу? Ислам мамлекетинде жер хирожий жана ушрий гана болот. Хирож – «Халифалык мамлекетинде малия» китебинде келгендей – мусулмандардын кафирлерден согуш же сулх аркылуу олжо кылып алынган акысы болуп, мажбурий хирож жана сулхтуу хирож болот. Ушр болсо мусулмандын жеринен чыккан түшүмгө важиб кылынган акы болуп, зекет малдарына кирет жана анын шарият белгилеген түрлөрү бар.

Экинчи суроо, мамлекет Индонезия сыяктуу калкы Исламды кабыл алган жерде мусулмандан ушр алат жана жери бар кафирден да алат, бирок кафирден алынган нерсе эмне деп аталат, белгилүү болгондой, ал ушрга кирбейт жана аны хирож аныктамасы да өз ичине албаган? Сизге оорчулук келтирген болсом, кечирим сураймын!

**Жооп**: ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух!

Суроонуз эки бөлүктөн турат экен.

Биринчи бөлүктөгү суроого жооп:

Умар ибн Хаттаб ﵁нун Ирактагы эгинзар жерлерди кармап калып, аны Байтулмал мүлкүнө айландырганы жана аны мужахиддерге бөлүштүрүп бербегендиги сахабалардын ижмасы түркүмүнө кирбейт. Тескерисинче, ал Умар ﵁нун ижтиходы болуп, көпчүлүк сахабалар буга сүкүт сакташкан жана бул ижтиходдын далили күчтүү. Кийин бардык мусулмандар Умар ﵁нун дал ушул раъйы боюнча жүрүшкөн.

Күч менен фатх кылынган жерлерден кандай пайдаланышына келсек, анын эки жолу бар: имам-халифа кааласа бул жерди Набий ﷺ Хайбарды бөлүштүрүп бергени сыяктуу бөлүштүрүп берет, же Умар ﵁ кийинчерээк Ирактагы Савад жеринде кылганы сыяктуу, мусулмандар ага ээ болушуна тыюу салат. Халифа мусулмандар кызыкчылыгына карап бул экөөнүн бирин тандайт. Бул "Исламий Шахсия" китебинин эгинчи бөлүмү 244-245-бетинде келген:

«Ошентип, демек күч менен фатх кылынган жердин маселеси имамга сунушталат. Имам эгерде кааласа, бул жерди кудум Расулуллах ﷺ Хайбарды бөлүштүрүп бергендей бөлүштүрүп берет, кааласа, кудум Умар Савад, Шам жана Мисир жеринде кылганы сыяктуу жерди ээлеринин колунда калтырат жана мусулмандар үчүн бир фай-олжо катары ушул ээлерине хирож салыгын салат. Имам бул жаатта мусулмандар үчүн эмнени пайдалуу деп билсе ошону кылат».

Эгинчи бөлүктөгү сурооңузга жооп:

Ушрий жерде кафирге салына турган нерсе ушр болушу мүмкүн эмес, себеби ушр – бул зекет, кафир болсо зекет калкынан эмес. Ошол себептен улам, ага ушр салынбайт жана андан ушр алынбайт. Жер ушрий жана хирожий гана болот. Кафирге салынган нерсе ушр болбогон соң, демек, ага салынган нерсе хирож болуп, андан башка нерсе эмес. Мамлекет кафирден алынган ошол нерсени кудум хирож сыяктуу тасарруф кылат.

Эми эмне үчүн жердин ушрий жана хирожий гана болушуна келсек, мунун себеби, эгин эгилүүчү жерлердин өкүмдөрүнүн далилдери шариятта келген:

1 – Бардык жерлер тууралуу умумий далилдер келген болуп, ал мусулманга ушр же ушрдун жарымынан турган зекетти фарз кылат... Мисалы, төмөнкү жана башка далилдер сыяктуу:

«فِيمَا سَقَتْ الأَنْهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ، وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»

«Дарыялар жана жамгырлардан сугарылган жерлерден ушр алынат, санияда (кудуктан суу тартып чыгара турган төө) ташып сыгарылган жерлерден ушрдун жарымы алынат».

2 – Фатхтан кийин жерлерге байланыштуу жаңы проблема пайда болуп, ал умумий нусустардан чыгарып коюлду жана бул жерлерге хирож белгиленди:

«قَضَى رَسُولُ اللهِ ﷺ فِيمَنْ أَسْلَمَ مِنْ أَهْلِ البَحْرَيْنِ أَنَّهُ قَدْ أَحْرَزَ دَمَهُ وَمَالَهُ إِلاَّ أَرْضَهُ، فَإِنَّهَا فَيْءٌ لِلْمُسْلِمِينَ؛ لأَنَّهُمْ لَمْ يُسْلِمُوا وَهُمْ مُمْتَنِعُونَ»

«Расулуллах ﷺ Бахрейн калкындагы Исламды кабыл кылган адамдын жеринен башка малы-жанын сактап калууга өкүм кылды, жери мусулмандарга фай, себеби, алар Исламды кабыл албай баш тартышкан эле».

3 – Ошондуктан, Ислам диярында ар бир жерге зекет салынат, болгону белгилүү бир түрдөгү жерге гана хирож салынат.

4 – «Ислам диярында ар бир жерде мусулманга зекет салынат» деген умумий өкүм умумий бойдон калат жана андан «хирожий жерлер»ден турган атайын нусустар белгилеген жерлер гана чыгарылат.

5 – Бул эгин эгилүүчү жерлер тууралуу өкүм. Эгерде хирожий жерлер тууралуу нусустар болбогондо, өкүм шаръий нусустарга

ылайык, мусулмандын жерине салына турган зекет өкүмү бойдон калат болчу.

6 – Ошентип, Исламда жер өкүмү ушул эки нерсеге чектелген: ушрий же хирожий, экөсүнөн нары өтпөйт. Ушул эки түрдүү жерлерге, эгерде ушрдук шарттары табылса ушр же ушрдун жарымы төлөнөт. Эгерде хирожийлик шарттары табылса, хирож төлөнөт.

8-ражаб, 1436-х.
27-апрель, 2015-м.

## «Өкүм» сөзү тууралуу

Ооба, туура, «өкүм» сөздүктө «казылык» деген маанини түшүндүрөт. Бирок, бул маани казыга да, султанга (халифага) да туура келет. Себеби, Исламда султан казылык укугуна ээ болот, ээ болуп эле калбастан, балким, султан өзү түздөн-түз казылык кылабы, же башка адамга жүктөйбү, буга карабастан, казылык анын эң важып милдети болуп саналат.

Ошентип, аяттардагы «өкүм» сөзү сөздүктө казыга карата да, султанга карата да иштетилет, тактап айтканда:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ…﴾

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса...»,* [5:44]

деген аяттардагы «өкүм» сөзү казыны да, султанды да өз ичине алат. Себеби, султан казылык укугуна ээ. Демек, эгер султан казылык кылып өкүм чыгарса, казы саналат. Эгер башка бирөөгө бул милдетти жүктөсө, анда султан мажозий (өтмө) маанидеги казы эсептелет. Бул кудум «Амир мечит курду» деген сөзгө окшойт. Себеби, амир мажозий мааниде куруучу деп айтылып жатат. (Ал эми, мечитти куруучу усталар курат). Мажоз маани истилах (термин) бабына эмес, лугат (сөздүк) бабына кирет.

Т.а. аяттардагы *«өкүм кылуу»* сөзүн султанга нисбат берип тафсир кылуу сиз суроо берүүдө күмөн кылган истилах бабына кирбейт. Сиз муну истилах менен тафсир кылынып жатат деген ойго барып, каршылык билдиргенсиз. Бирок, бул тафсир, мейли чыныгы маани жагынан болсун, мейли өтмө маани жагынан болсун, истилах бабына эмес, лугат бабына кирет. О.э. бул аяттардагы *«өкүм кылуу»* сөзү казыга да тиешелүү экендиги айдан ачык.

Исламдын алгачкы доорлорунда ушундай болгон эле. Себеби, ошол доорлордо казы өкүм чыгарып, казылык кылуу укугуна ээ эле. Азыркы күндөрүбүздө болсо, бул аяттар султанга нисбат берип тафсир кылынса, дагы да аныкыраак болот. Себеби, ушул күндөрдө казынын эч кандай укугу жок. Ал султан (аким) эмнени талап кылса, ошону кылат. А түгүл, абал ушунчалык даражага жетип барып, айрым казылар: бул мен чыгарган өкүм эмес, мен болгону жеткизип коюучумун, - деп ачык айта турган болушту. Мен буга сот жараяндарынын биринде күбө болгонмун.

Тыянактап айтсак:

﴿وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ…﴾

- *«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса…»,* [5:44]

аятындагы *«өкүм кылуу»* сөзү казыга да, султанга да тиешелүү деп тафсир кылуу туура болот.

Ушул күндөрдө бул сөз казыга да тиешелүү болсо да, султанга дагы да көбүрөөк тиешелүү. Себеби, казылык кылуу (өкүм чыгаруу)

түпкүлүгүндө султанга жүктөлгөн. Дайындалган казы болсо, султан буйруган нерсени жеткирет.

15-рабиул-аввал, 1426-х.
24-апрель, 2005-м.

## Өкүм (башкаруу) сөзүнүн мааниси

**Суроо**:

1 – Исламдагы башкаруу түзүмүндө мындай делет: «Өкүм (башкаруу), мүлк (падышалык) жана салтанат (бийлик) бирдей маанини түшүндүрөт». Суроо төмөнкүдөй: бул, өкүмдүн (башкаруу) лугавий (лексикалык) маанисиби же истилахий (териминдик) маанисиби? Эгер ушул эки мааниде болсо, демек, ал муштарак сөзбү (омонимби)?

2 – Хадисте «байъат» сөзү халифа менен Үммөт ортосундагы акд-келишим маанисинде келген. Бул маани лугавий маанибы же шаръий маанибы? Т.а. ал лугавий акыйкатпы же шаръий акыйкатпы?

**Жооп**:

1 – Араб тилинде «حَكَمَ» (хакам) сөзү «казылык кылды» дегенди билдирет:

«Лисанул-араб» сөздүгүндө мындай келген: «Өкүм – илим, түшүнүү жана адилет менен казылык кылуу. Ал (حَكَمَ, يَحْكُمُ)дын масдары…». «Камусул мухит» сөздүгүндө мындай делген: «Өкүм – казылык». «Мухтар сихах» сөздүгүндө мындай делген: «Өкүм – казылык…».

а) Бирок, бул сөз Исламдын алгачкы доорунда мүлк жана салтанат деген истилах мааниде колдонулган. Истилах болсо – урфий акыйкат…

Демек, Расул ﷺ жана хулафаи рошидиндер кылымында о.э. алардан кийинки арабдар доорунда өкүм сөзү мүлк жана салтанат маанисинде колдонулганы истилахий колдонуу болуп эсептелет. Т.а. урфий акыйкат.

б) Сөздүн бардык маанилери лугат аслинде (башынан эле араб тилинде) болсо гана муштарак деп аталат т.а. эгер анын бардык түрдүү маанилери лугавий акыйкат болсо ошондо гана муштарак деп аталат. Антпесе, сөз муштарак деп аталбайт. Мисалы, бирөөсү лугавий акыйкат, башкасы болсо урфий акыйкат болбошу керек, мисалы «الدابَّة» сөзү сыяктуу. Арабдар бул сөздү жердеги ар кандай жандуу заттарды белгилөө үчүн ойлоп табышкан. Кийинчерээк аны «урфий акыйкат» катары колдонууну урф кылышкан. Натыйжада, ал жалаң төрт бут менен баскан айбандарга карата колдонула турган болгон жана ушуну менен инсан андан тышкарыда калган. Ошондуктан, бул сөз жерде төрт буттап баскан айбан жөнүндөгү муштарак сөз деп айтылбайт. Себеби, арабдар бул маанилердин баарын الدابَّة үчүн коюшпаган. Тескерисинче, аны жердеги ар кандай жандуу затты белгилөө үчүн ойлоп табышкан. Ал эми, урфта ал жалаң төрт буттап баскан айбан үчүн гана белгиленген… Ошондуктан الدابَّة сөзү төрт бут менен баскан айбандарга карата үрфий акыйкат деп айтылат.

Корутунду: муштарак сөз – арабдар бардык маанилерин лугавий акыйкат катары сыпаттаган сөз. Ошондуктан, маанилердин бири лугавий акыйкат, экинчиси болсо урфий акыйкат же хос урфий акыйкат - «истилах» болбошу керек. Себеби, мында сөз муштарак болбой калат.

Ошондуктан, өкүм сөзү казылык жана салтанат маанилерин билдирген муштарак сөз эмес, тескерисинче, ал казылык маанисиндеги лугавий акыйкатты о.э. мүлк жана салтанат маанисиндеги хос урфий акыйкатты т.а. истилахты билдирет.

2 – «Байъат» сөзү болсо истилах т.а. «хос урфий акыйкат» эмес, шаръий акыйкат. Себеби, анын мааниси урф тарабынан эмес, шарият тарабынан коюлган. Мунун баяны төмөнкүдөй:

«Мухтар сихах», «Камусул мухит» жана «Лисанул-араб» сөздүктөрүндө байъат (بيع وشراء) сөзүнөн алынган деп келет…

Шарият болсо, ал үчүн башка маанини белгиледи. Бул маани халифа тикелене турган тарыйкат. Бул тарыйкат Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасы менен сабит. Бул тарыйкат – байъат. Демек, мусулмандар Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен амал кылуу шарты негизинде байъат берүүсү менен халифа тикеленет. Мусулмандар делгенде, эгер Халифалык бар болсо мурунку халифанын мусулман жарандары назарга алынат. Эгер, Халифалык жок болсо Халифалык тикелене турган өлкөнүн мусулман калкы назарга алынат. Демек, байъат Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасынын далилдери менен шаръий мааниге ээ болду.

Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يُبَايِعُونَكَ إِنَّمَا يُبَايِعُونَ ٱللَّهَ يَدُ ٱللَّهِ فَوۡقَ أَيۡدِيهِمۡۚ﴾

*«(Эй Мухаммад), чындыгында сага байъат бере турган заттар шек-күмөнсүз Аллахка байъат беришет. Аллахтын колу алардын колдорунун үстүндө болот»* [48:10]

Бухарий Убада ибн Сомиттен мындай дегенин риваят кылды:

«بَايَعْنَا رَسُولَ اللهِ ﷺ عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي الْمَنْشَطِ وَالْمَكْرَهِ وَأَنْ لاَ نُنَازِعَ الأَمْرَ أَهْلَهُ وَأَنْ نَقُومَ أَوْ نَقُولَ بِالْحَقِّ حَيْثُمَا كُنَّا لاَ نَخَافُ فِي اللهِ لَوْمَةَ لاَئِمٍ»

«Биз Расулуллах ﷺга кубанычтыкта да, кайгыда да кулак салып, моюн сунууга, башчылыкты ээсинен талашпоого, кайда болбойлу акыйкат ишти кылуу жана акыйкат сөздү айтууга, Аллах жолунда эч бир жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпоого байъат бердик». Муслимде Абу Саид Худрийден анын мындай дегени риваят кылынган: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө». Демек, Китеп жана Сүннөттөгү нусуста халифаны тикелөө тарийкаты

байъат экендиги ачык-айкын көрсөтүлгөн. Муну бардык сахабалар түшүнүп ушул негизде иш жүргүзүшкөн. Хулафаи рошидиндерге берилген байъатта бул анык көрүнүп турат.

Демек, байъат мына ушул мааниде шаръий акыйкат болуп калды. Себеби, шаръий акыйкат – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – шарият тарабынан коюлат.

1-шаъбан, 1433-х.
20-июнь, 2012-м.

## Машаир сөзүн шаъир сөзүнө өзгөртүү тууралуу

**Суроо**: араб тилиндеги «Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинде «мындан тышкары, ажылыктын көп ырасым «مشاعر»дары, мисалы, Каъбаны тооп кылуу, Хажарул-Асвадды сылоо жана өбүү, Сафа жана Марва аралыгында жүгүрү...» деп келет. Ушул «مشاعر» сөзү башка маселеде да дал ушундай келген. Ушул орунда ажылыктын көптөгөн машаир «مشاعر»лери дегенден көрө, ажылыктын көптөгөн шаъир «شعائر»лери десе туура болбойбу? Эгер туура болсо, ошол «مشاعر» сөзүн «شعائر» сөзү менен өзгөртүп оңдоп койсо болобу?

**Жооп**:

1 – «شعيرة» сөзү «شعائر» сөзүнүн муфрад-бирдиги. «مشعر» сөзү болсо «مشاعر» сөзүнүн муфрады болуп, экөөсүнүн мааниси да бирдей. Ал эми, «مشاعر» сөзү Сафа, Марва, Мина, Муздалифа, Арафат жана Жамра... сыяктуу ажылык белгилерине карата көбүрөк иштетилет.

«شعائر» сөзү болсо жүгүрүү, тооп, Арафатта туруу жана таш ыргытуу сыяктуу ажылык амалдарына жана ырасымдарына карата иштетилет.

2 – Бирок, экөөсү тең бир мааниде иштетилиши туура:

Алла Субханаху мындай дейт:

﴿إِنَّ ٱلصَّفَا وَٱلۡمَرۡوَةَ مِن شَعَآئِرِ ٱللَّهِۖ﴾

- *«Албетте, Сафа жана Марва Алланын ырасымдарынан».* [2:158]

Бул жерде «شعائر» сөзү Сафа жана Марва ортосунда жүгүрүү эмес, ажылык белгилерин түшүндүрөт.

Алла Субханаху мындай дейт:

﴿فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِۖ﴾

- *«Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъар-ул-Харамда Алланы зикр кылгыла!».*

[2:198]

Бул жерде «مشعر» сөзү Муздалифа, т.а. ажылык белгилери маанисин түшүндүрөт.

Сөздүк китептеринде мындай делет:

«Комусул мухит» 438-бет, 1-катар: ажылыктын «شعار»лери – ажы ырасымдары жана белгилери.

«Мухит фил-лугат» 43-бет, 1-катар: ажылыктын «شعائر»лери – ажылык амалдары жана белгилери. Анын муфрады شعيرة.

«Лисанул араб» 410-бет, 4-катар: ажылыктын «شعار»лери – ажылык ырасымдары жана белгилери, аракеттери жана амалдары болуп, «شعيرة» сөзүнүн жыйынтыгы. «مشعَر, شَعارة, شعيرة»дар да «شعار» сыяктуу.

Лахяний мындай дейт: «Ажылыктын «شعائر»лери – ажылык ырасымдары болуп, муфрады «شعيرة». «مشاعر» сөзү болсо, Алла сунуш кылган жана аткарууга буюруп, «مشعر الحرام» деп атаган ажылык белгилеринен».

Зажжаж мындай дейт: «Алланын «شعائر»лери – Алла ишъар кылган, т.а. бизге белгилер кылып берген бардык ибадат кылына турган жайлар… «شعائر» дегенден максат ибадат кылына турган жай дегени. Ошондуктан, Алла Таалага ибадат кылына турган жайлар «شعائر»».

Азхарий мындай дейт: «Мен ажылыктын «مشاعر»лери дегенден «إشعار» бул «إعلام» болот, «شعار» бул «علامة» болот деп түшүнөмүн. Демек, ажылыктын «مشاعر»лери анын белгилери...».

3 – Белгилүү болгондой, «شعائر» жана «مشاعر» сөздөрү бир маанилүү сөздөр экен. Бирок, башында айтканыбыздай, «مشاعر» сөзү Сафа, Марва, Мина, Муздалифа, Арафат жана Жамра... сыяктуу ажылык белгилерине карата көбүрөөк иштетилет. «شعائر» сөзү болсо, жүгүрүү, тооп кылуу, Арафатта туруу жана шайтанга таш ыргытуу сыяктуу ажылык амалдарына жана ырасымдарына карата колдонулат.

4 – Эми, китептеги сөздү оңдоого келсек, бул сөздүн «مشاعر» деп колдонулушу, качан бизге анык эмес же күмөндүү болуп, өзгөртүү зарылдыгы ачык-айкын болуп калса, ошондо – инша Алла – оңдошубуз мүмкүн.

8-жумадул-аввал, 1431-х.
22-апрель, 2010-м.

## Иштирок тууралуу

**Суроо**:

1 – Шахсиянын үчүнчү бөлүгүндө, 148-беттин 13-сабында төмөндөгүлөр келген: «Бул жерде бир нече исмдер бар болуп, аларды арабдар кандайдыр маанилер үчүн таптакыр коюшпаган. Шариъ аларды белгилүү бир маанилер үчүн койду». Бул жерде арабдар мурда маанилерин билбеген бир нече исмдер бар. Исмдердин мына ушул эки түрүнө мисалдар барбы?

2 – Шахсиянын үчүнчү бөлүгүндө, үчүнчү жузъдун 136-бетинин 10-сабында төмөндөгүлөр келген: «Мисалы, рух сөзү тирүүлүк сырына, Аллах менен болгон алаканы идирек кылууга жана Жибрилге карата колдонулат». Суроо: бул иштирокко мисал боло алабы? “Тирүүлүк сыры” лугавий маани, “Аллах менен болгон алаканы идирек кылуу” истилахий т.а. хас урфий маани, “Жибрил” болсо шаръий маани болгону үчүн, иштирокко мисал боло алабы? Иштирок – бир лафздын бир нече лугавий маанилери болушу. Бул жерде болсо бул жок.

**Жооп**:

1 – Шаръий исмдер:

а) «Бул жерде бир нече исмдер бар болуп, аларды арабдар кандайдыр маанилер үчүн таптакыр коюшпаган. Шариъ аларды белгилүү маанилер үчүн койду...».

Булар сүрөлөр башындагы алиф, лам, мим, алиф, лам, ро ... сыяктуулар болуп, алар сүрөлөрдүн исмдери. Бирок, арабдар мурда аларды кайсыдыр маанилер үчүн коюшпаган....

б) «Бул жерде арабдар мурда маанилерин билбеген бир нече исмдер бар...».

Булар «вузуъ» сыяктуу сөздөр болуп, арабдар тээ шарият аны ушул маани үчүн коюп бергенче, алар анын маанисин билишпеген. Себеби, ал арабдар дуба үчүн колдоно турган «солат» сөзү сыяктуу эмес, анткени, арабдар шарият келгенге чейин бул сөздүн маанисин билишкен, шарият келип «солат» сөзүн биз билген намазга көчүрдү. Ал эми, вузуънун маанисин арабдар тээ шарият аны коюп бергенче билишпеген.

2 – Муштарактык темасы:

Лугавий маани шаръий маани же урфий маани менен иштирок бабына кирбейт. Бул туура. Бирок, бул шаръий жана урфий маани машхур (кеңири белгилүү) болуп кеткен болсо, лугавий маани болсо эскирип, пайдаланылуудан калып калган же калайын деген болсо болот. Мында сөздү уккан убакта зээн дароо, эч бир карийнага муктаждык сезбей, шаръий же урфий мааниге бурула турган болуп калат.

Мисалы, «солат» калимасын алсак, анын лугавий мааниси «дуба». Шаръий мааниси болсо биз билген «намаз». Бул мааниге көчүү ушунчалык даражада машхур болуп кеткен дейсиң, «солат» сөзүн уккан убакта зээн дароо, эч бир карийнага муктаждык сезбей, баарына белгилүү болгон намазга бурулат.

Бул абалда солат жөнүндө “ал дуба жана баарына тааныш болгон намазда муштарак сөз” деп айтылбайт. Себеби, бул эки маани ихтилофта барабар эмес. Ушунчалык даражада дейсиң, максат кылынган маанини дайын кылып алуу сөздү уккан убакта бир карийнага муктаж болот, балким, бул маанилердин бири башкасынан үстөм болуп калган, себеби, ошол башкасы сөздү колдонуу убагында пайдаланылуудан калып калган же калайын деп калган. «Дабба» (жөрмөлөөчү) калимасы да ушундай. Себеби, ал да «жер жүзүндө жөрмөлөөчү нерселер менен баарына белгилүү болгон жөрмөлөөчү айбанда муштарак сөз» деп айтылбайт. Себеби, башкасы сөздү колдонуу убагында пайдаланылуудан калып калган же калайын деп калган.

Бул жана буларга окшогон азыркы айтылгандай лугавий, шаръий жана урфий маанилери бар сөздөр иштирок бабына түшпөйт. Себеби, шаръий жана урфий маани лугавий мааниден эбак эле үстөм болуп алган. Демек, алар бир мааниге ээ муфрадга окшоп калган. Иштирок болсо бири-биринен айрымалануучу эки же көп акыйкатка далалат кылып, максат кылынган маанини дайындап алуу үчүн бир карийна керек болот... Буга «айн» сөзүн мисал кылса болот. Анын көз, булак, тыңчы.... сыяктуу маанилери бар. Андагы ихтилафты жана ирода кылынган маанини аныктап алуу үчүн карийнага муктаждык анык көрүнүп турат.

Машхур болбогон истилахий же шаръий мааниге келсек, лугавий маани пайдаланылуудан калып жаткан болот же ушуга жакын болот. Ошондуктан, бул маанини лугавий маани менен бирге иштирок бабына киргизүү жайиз болот. Себеби, алардын баары угулган убакта ихтилафта бирдей же ушуга жакын, алардын бири башкасынан үстөм болуп албайт, балким, максат кылынган маанини билүү үчүн бирер карийна керек болот. Арийне, бул маанилер иштирокко түшүшү мүмкүн.

Рух калимасы да ушундай. Анын маанилери жөнүндө төмөндөгүлөр келген:

Рух – дене тирүү боло турган жан т.а. «тирүүлүк сыры». Масих Аллах Азза ва Жалланын руху делет, Аллах Тааланын: «رُوْحُ الْقُدُسِ » деген сөзүндөгү рух – Жабраил ﷺ. Куран да рух делет, вахий, нафх (үйлөп жан киргизүү), пайгамбарлык иши, Аллах Тааланын өкүмү жана буйругу... да рух делет.

Көрүп турганыбыздай, ал ихтилафта бири-бирине барабар маанилер. Лугавий маани пайдаланылуудан калып кала турган же калууга жакын

болуп калган даражада шаръий маани машхур болбогон, лугавий мааниден үстөм болуп калбаган. Себеби, рух калимасын укканда зээн бирер карийнасыз Жибрил عليه السلامга же Иса عليه السلامга же Курани каримге же нафхка же Аллах Тааланын өкүмүнө... бурулбайт.

«Аллах менен болгон алаканы идирек кылуу»нун истилахий мааниси жөнүндө да ушундай деш мүмкүн. Себеби ал, мисалы, «дабба» сыяктуу лугавий мааниси пайдаланылуудан калып калган же ушуга жакын болуп калган умумий урфий хакикат эмес. Т.а. «Аллах менен болгон алаканы идирек кылуу»нун бул хос урфий мааниси лугавий маани болгон «тирүүлүк сыры»нан үстөм болуп калган эмес. Бул истилахий маани – бир карина болмоюнча – рух калимасы угулары менен түшүнүлбөйт. Анын үстүнө, аны көпчүлүк усул аалымдары дээрлик зикр кылбайт, аны болгону биз жана бизге окшоп ушул истилахий маанини түшүнүп жеткен кишилер гана зикр кылышат...

Бул маанилер лугавий мааниден – ал пайдаланылуудан калып кала турган же ушуга жакын боло турган даражада – үстөм болбойт, тескерисинче, алар ихтилафта барабар болуп, максат кылынган маанини аныктоо үчүн бир карийна керек болот. Ушул себептен улам, бул маанилердин лугавий маани менен иштирок мамилесинде болушу жайиз.

10-робиус-саний, 1432-х.
15-март, 2011-м.

## “Фалсафа” сөзү туурасында

**Суроо**: «Хизбий уюшуу» китебинде «философия» (фалсафа) сөзү келет. Биз бул сөздөн көздөлгөн маани Ислам идеологиясы (мафкура) экенин түшүнөбүз. Бирок, Хизб бул терминди билип туруп эмне үчүн иштетти, ал өзүнүн көпчүлүк китептеринде фалсафаны сынга алганы себептүү, кээде пайда болуп калып жаткан мына ушундай нерселерден сактанып, идеология сыяктуу башка бир термин же сөз иштетсе болбойт беле?

**Жооп**: «Хизбий уюшуу» китебинде фалсафа сөзүн төмөндөгү аныктамага ылайык иштеткенбиз: Материяны рухка аралаштыруу б.а. материя менен Аллах Субханахуга болгон алаканы идирек кылуунун ортосун аралаштыруу. Т.а. Аллахтын шариятын турмуш, мамлекет жана коомдо өкүмдар кылуунун ортосун аралаштыруу.

«Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү» китебинин 36-бетинде (кыргызчасында 22-бет) мындай сөздөр келет:

“Мына ушундан маалым болгондой, Ислам философиясы материяны рухка аралаштыруудан турат т.а. иштерди Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык жүргүзүлө турган кылуудан турат. Бул философия ар бир иш үчүн – ал канчалык аз же көп, чоң же кичине болбосун – лаазым жана туруктуу философия. Бул философия, ушул эле учурда, турмуштун сүрөттөлүшү да болуп эсептелет. Исламий Акыйда турмуштун негизи, философиянын негизи, түзүмдөрдүн негизи болгону үчүн, исламий дүйнө караш б.а. Ислам көз карашындагы турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн топтому бир гана рухий негизге т.а. Акыйдага курулат. Анын турмушту сүрөттөп көрсөтүшү материяны рухка аралаштыруу болот. Анын назарында бакыттын мааниси Алланын ыраазылыгы болуп эсептелет”.

Көрүп турганыңардай, фалсафа сөзүн мына ушундай таризде иштетсе боло берет, зыяны жок.

Бул сөздүн кандай орундарда иштетилгенин текшерип көрсөңүз, бул орундар ушул мааниде ачык-айкын болуп, бузук фалсафага раддия билдирилүүчү орундар экенин, анда философтор иштеткен күңүрт орундар таптакыр алыс экенин көрөсүз. Анткени, бул философтор философия туурасында биз баян кылган негизден башка тарапка кадам таштаганы үчүн да, алар адашышты жана башкаларды да адаштырышты.

Этибарыңарга «Хизбий уюушуу»да келген ушундай орундардын айрымдарын келтирип өтөбүз:

– «Фикрат жана тарыйкат темасына келсек, алардын каталыгы ушул кыймылдар негизделген философиянын – эгер алардын философиясы бар деп алынса – каталыгында даана көрүнөт».

– «Биз ойгонуунун чыныгы философиясы – бул фикрат жана тарыйкатты өзүндө камтыган мабда - деп итикад кылабыз. Бул мабда болсо – Ислам. Себеби, ал акыйда, андан мамлекеттин жана үммөттүн бардык иштери үчүн түзүм о.э. турмуштун бардык проблемалары үчүн чечим келип чыгат».

«Ойгонуунун чыныгы философиясы фикрат жана тарыйкатты өзүндө камтыган мабда деп айтып өттүк. Ойгонууга алып бара турган олуттуу иш-аракет менен алектенүүнү көздөгөн ар кандай уюм бул экөөсүн жакшы түшүнүп алышы зарыл».

«Чындыгында, куфр жана колонизаторлукту бекем орнотууда, ойгонуунун ишке ашпашында жана уюшкан кыймылдардын – алар коом түрүндө болсо да, хизбий көрүнүштө болсо да – ийгиликке жете албашында чет элдик сакофаттын чоң таасири болгон эле. Себеби, турмуш агымына таасир көрсөтүүчү адамдын пикирине сакофаттын чоң таасири бар. Колонизатор таалим жана сакофат программаларын турмуш жөнүндөгү өз көз карашы болгон анык белгиленген философия негизинде т.а. «материяны рухтан жана динди мамлекеттен ажыратуу» негизинде иштеп чыкты. Жалгыз өзүнүн шахсиятын сакофатыбыз алына турган негиз кылып койду. Дүйнө карашын, түшүнүктөрүн, өлкөлөрүн түзүүчү факторлорду, тарыхын жана чөйрөсүн биз акылдарыбызды толтуруп ала турган пикирлер үчүн негизги булак кылып койду...».

– «Бул хизбий робита – хизбдин философиясы келип чыга турган акыйда о.э. хизбди өз түшүнүктөрү менен өзгөчөлөнтүп тура турган сакофат. Ушул кезде, хизбий тайпа калыптанып, турмуш майданында жүрө баштайт».

Ушул орундарда философия ачык көрүнүп турат, эч бир күңүрттүк жок.

15-рабиус-саний, 1432-х.
20-март, 2011-м.

## Жихаз менен идара сөзү тууралуу

**Суроо**: биз «Кошуун, ички коопсуздук, өнөр жай жана эл аралык алакалар» идаралар эмес, көз карандысыз жихаздар, деп табанний кылганбыз. Ошондой болгон соң, эмнеге жихаз эмес, идара сөзүн колдонобуз? Аллах силерге береке берсин.

**Жооп**: туура, алардын ар бири көз карандысыз жихаз, бирок, идарий жихаз. Ошондуктан, ага карата идара деген атты колдонуу мүмкүн. Бирок, алар адамдардын кызыкчылыктарынын жихазына көз каранды эмес.

«Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинин «Байтулмал» бөлүмүнө карагыла. Анда мындай делген:

«Айтып өткөнүбүздөй, валийдин кошуун, казылык жана малиядан башка иштер менен чектелип атайын дайындалышын табанний кылганыбыз үчүн, бүткүл кошуундун борбордук идарасы (жихад амири) болот. Бүткүл казылыктын да борбордук идарасы (казылык) болот. О.э. бүткүл малиянын борбордук идарасы (байтулмал) болот. Ошондуктан, байтулмал мамлекеттин ар кандай жихаздарынан өзүнчө бөлөк жихаз болуп, мамлекеттин бардык жихаздары сыяктуу халифага моюн сунат».

Көрүп турганыңыздай, бул аталыш жихазга карата колдонулууда, жихаз идаралардын бири болсо да, бирок, ал өзүнчө борбордук идара т.а. «Адамдардын кызыкчылыктары» жихазына көз каранды эмес.

Ошондуктан, биз: «Бүткүл кошуундун борбордук идарасы (жихад амири) болот. Бүткүл казылыктын да өзүнчө борбордук идарасы (казылыгы) болот. О.э. бүткүл малиянын борбордук идарасы (байтулмалы) болот», дедик.

Ошентип, иши идарага кирген ар бир жихазга карата идара деген аталыш колдонулат. Эгер чаташып кетүү коркунучу болсо, мисалы, ал идарий жихазга көз каранды т.а. анын идараларынын бири деп күмөн кылынса, анда ага борбордук деген сөздү кошуу мүмкүн. Эгер чаташтырып жиберүү коркунучу болбосо, идара сөзүнүн өзү жетиштүү болот. Ушунусу анык, кошуун, ички коопсуздук, өнөр жай жана эл аралык алакалар «Адамдар кызыкчылыктарынын» идарий жихазынан эместиги чаташтыра турган нерсе эмес. Ошондуктан, бул жихаздардын ар биине идара деген наам колдонулат.

21-зул-хижжа, 1433-х.

15-ноябрь, 2012-м.

## Вазир жана вазирлик сөзүн колдонуу жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алейкум! Ислам мамлекетинде «визир» (министр) жана «визара» (министрлик) сөзүн колдонуу жайизби, акыйкатта болсо, капиталисттик түзүмдө бул сөздүн өзүнүн орду бар.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Исламдагы вазир жана вазирлик түшүнүгү менен демократиялык түзүмдөгү бул түшүнүк ортосунда айырма бар. Адамдар демократиялык дүйнөдө колдонулуп жаткан вазир жана вазирлик сөзүнөн демократтар түшүнгөн сөздү гана түшүнүшөт. Ушуга ылайык, чаташтыкты жоюу жана бул сөздөрдүн анык шаръий маанисин берүү үчүн – халифа «муавини» сөзүнүн ордуна вазир сөзүн эч бир конкреттүү белгилерсиз колдонуу жайиз эмес. «Муавин» сөзүн колдонуу зарыл, бул, ушул сөздүн түпкү мааниси болуп эсептелет же болбосо демократиялык түзүмдөгү маанилер менен чаташып кетпеши үчүн «вазир» же «вазирлик» сөзүн колдонууда айкындык киргизүү керек, мисалы, тафвиз вазири сыяктуу.

27-зул-хижжа, 1434-х.
1-ноябрь, 2013-м.

## «Ямама» согушу тууралуу

**Суроо**: «Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинде мындай деп келет: «Салим «Ямама» согушунда дүйнөдөн кайткандан кийин, анын мурасы Умар ибн Хаттабдын алдына алынып келди…».

Белгилүү болгондой, «Ямама» согушу халифа Абу Бакр заманында болгон. Китепте болсо, Умар ибн Хаттабдын Халифалыгында болгондугу айтылып жатат. Муну кандай байланыштырабыз?

**Жооп**:

1 – Ооба туура, «Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинин ошол бетинде мындай делген:

«Шафиий «Умм»да келтирген жана Ибн Хажар сахих деген рыбаятта Абдулла ибн Вадиа мындай дейт: «Абу Хузайфанын мавласы (азат кылынган кулу) Салим биздин Салма бинт Яар деген аялдын мавласы болуп, аны жахилият доорунда назр кылып азат кылган эле. Ал «Ямама» согушунда дүйнөдөн кайткандан кийин, анын мурасы Умар ибн Хаттабдын алдына алынып келди. Ошондо ал Вадиа ибн Хузамды чакырып: «Мына бул – мавлаңардын мурасы, буга силер акылуусуңар» дегенде, Вадиа: «Эй амирул муъминин! Алла бизди Салимге муктаж кылбаган, аны сахибабыз назр кылып азат кылган, ушул себептен улам, анын бирер нерсесинен пайдаланмакчы эмеспиз», - деди. Ошондо Умар мурасты байтулмалга койду».

2 – Нусустан Абу Хузайфанын кызматкери Салимдин мурасы Умарга анын Халифалыгы убагында алынып келгени о.э. Салим, чындыгында, Абу Бакр заманындагы «Ямама» согушунда шейит болгону белгилүү.

3 – Мунун түшүндүрмөсү мындай: «Ямама» согушу муртаддар согушунун соңунда болгон. Бул жерде «Ямама» согушунун болуп өткөнүнүн тарыхында ихтилаф бар. Ибн Асир «Камил»де мындай дейт:

«Мусулмандардын ошол муртаддарга каршы согушунун тарыхы ихтилафтуу. Ибн Исхактын айтымында, Ямама, Яман жана Бахрейн фатх кылынды жана кошуундар он экинчи жылы Шамга жөнөтүлгөн. Абу Маъшар, Язид ибн Ияз ибн Жаъдаба жана Абу Убайда ибн Мухаммад ибн Аммар ибн Ясир мындай деди: «Бардык муртаддардын фатыхын он биринчи жылы Халид жана башкалар кылышкан. Бирок, Робиа ибн Жубайрдын иши он үчүнчү жылда болгон».

Көрүнүп тургандай, көбүрөөк божомол бул он үчүнчү жылда болуп өткөн Кошуундун Шамга жөнөтүлүшүнөн мурункуга туура келип жатат, демек, «Ямама» согушу он экинчи жылдын аягында же он үчүнчү жылдын башында болуп өткөн болушу мүмкүн. Бизге Умар ﵁нун Халифалыгы он үчүнчү жылдын жумадус-санийинде болгону белгилүү.

Бул болсо, Абу Хузайфанын кызматкери Салимдин мурасынын эсеп-кысап кылынышы Абу Бакр ﵁ дүйнөдөн кайтып, Умар ﵁га байъат кылынгандан кийин акырына жеткирилген. Ошондуктан, бул маселе Умар ﵁га туш кылынган.

8-жумадул-аввал, 1431-х.
22-апрель, 2010-м.

## От менен жазалоо туурасында

**Суроо**: «Дастур мукаддимасы» китебинин биринчи бөлүгүндө мындай деп келет:

«... Бул Алла акыретте азаптай турган нерсе, т.а. от менен жаза колдонулбастыгын, б.а. от менен күйдүрүп жазалоо мүмкүн эмесин камтыйт». Ушул маселеде дагы мындай деп келген:

«Шареъ күнөө кылгандар жазалана турган укубаттарды белгилеп берди. Алар өлтүрүү, дарра уруу, ташбороон кылуу, сүргүн кылуу, колду кесүү, камоо, малын конфискация кылуу, штраф салуу, элдин алдына чыгарп уят кылуу, дененин бирер бөлүгүн от менен күйдүрүү. Мына ушулардан башка бирер нерсе менен бирөөнү жазалоо адал эмес».

Суроо мындай, от менен жазалоо мүмкүн эместиги менен от менен күйдүрүү мүмкүн экендигин кантип байланыштырабыз?

**Жооп**:

1 – От менен күйдүрүү – адамдын денесине отту коюу дегени. Мисалы, отту күйдүрүп, ага адамды, же анын колун, же болбосо бутун тийгизүү сыяктуу. Же от түрлөрүнүн бирин, мисалы, токко уланган электр зымын жана ушуга окшогон күйдүрүүчү от деп эсептелген нерселердин бирин анын денесине тийгизүү сыяктуулар. Булардын баары мүмкүн эмес, себеби, бул от менен жазалоо, т.а. күйүү касиетине ээ болгон оттун булагы жардамында денени күйдүрүү болуп эсептелет.

2 – Бирок, темир же зымды отто кыздырып, кийин аны адамдын денесине тийгизсеңиз, муну менен от булагын анын денесине тийгизген болбойсуз, аныгы, отто кызып, оттон үзүлгөн нерсени тийгизген болосуз. От менен күйдүрүү, дегени мына ушул. Бул нерсе арабдарда колдонулган жана дагы эле дабалоо катары колдонулуп келе жатат. Мисалы, отто кыздырылган нерсе ооруп жаткан жайга тийгизилет жана башка ушул сыяктуу...

3 – Сиз сурооңузда от менен күйдүрүүнү ырайымсыздык деп жатасыз. Ооба, бул ырайымсыздык, ушуга акылуу адам гана колдонот жана анын өз шаръий жолу бар. Бирок, бул от менен күйдүрүү эмес, т.а. от булагын денеге тийгизүү эмес.

Тыянак кылып айта турган болсок, денени отто күйдүрүү, т.а. от булагын денеге тийгизүү менен жазалоо арам жана бул шаръий нусустарга ылайык, мүмкүн эмес. Отто күйдүрүү, т.а. темирди кызытып, денеге отту эмес, ошол кызыган темирди тийгизүү болсо, шаръий нусустарга ылайык, жайыз.

8-жумадул-аввал, 1431-х.

22-апрель, 2010-м.

## Абдуллох ибн Жахш ؓнун сарийясы (отряды) туралуу

**Суроо**:

1 – «Ислам мамлекети» китебиндеги Абдуллох ибн Жахш ؓнун сарийясы (отряды) туралуу риваят менен «Халифалык мамлекетиндеги малдар» китебиндеги риваят бири-бирине тескери келип калды.

«Ислам мамлекети» китебинде мындай делген:

«...Бадр казатына башталгыч кадам болгон Абдулла ибн Жахш башчылыгындагы сария болду. Бул мындайча болгон: Хижраттын экинчи жылы Ражаб айында Расулуллох ﷺ мухажирлерден бир жамаатка баш кылып Абдулла ибн Жахшты жөнөттү...».

«Халифалык мамлекетиндеги малдар» китебинде болсо мындай деп келген:

«... Абдулла ибн Жахш сарийясынын олжосу болду. Курайштын бир топ төөлөрүнө тери жана соода маталары жүктөлгөн эле. Абдулла ибн Жахштын сарийясы бул кербенди хижраттын экинчи жылы жумадус-саний айында колго түшүрдү...».

Т.а. бир риваятта ражабда делсе, дагы бир риваятта жумадус-санийде делген. Ушул карама-каршылыктын түшүндүрмөсү кандай?

2 – О.э. «Ислам мамлекети» китебинде «Мусулмандар Муътадан өтө көп жоокерлеринен айрылып кайтышкандан кийин...» делген. Кантип, акыры, мен окуган айрым риваяттарга ылайык, ошол шейиттердин саны он эки киши эле болгон го? Ушуну ачыктап беришиңерди үмүт кыламын, Аллах силерден ыраазы болсун.

**Жооп**:

1 – Абдуллах ибн Жахш ؓнун сарийясы туурасында эки риваят бар:

Биринчи риват: Окуя жумадус-санийдин акыркы күнү менен ражабдын биринчи күнү ортосундагы алдыңкы күнүндө болду. Ошондуктан, мусулмандар окуя жумадус-санийдин акыркы күнүндө болгон т.а. согуш арам кылынган айда болбогон деп эсептешкен. Курайш капырлары болсо, бул, ражабдын биринчи күнүндө т.а. согуш арам кылынган айда болгон дешти.

Бул жөнүндөгү риваяттардын бири:

«Суддий Абу Маликтен, ал Абу Салихтен, ал Ибн Аббастан, ал Муррадан, ал болсо Ибн Масъуддан риваят кылып мындай деди: Ушул:

﴿يَسۡـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلشَّهۡرِ ٱلۡحَرَامِ قِتَالٖ فِيهِۖ قُلۡ قِتَالٞ فِيهِ كَبِيرٞ﴾

«*Сенден «шахри харам» (согуш арам кылынагн тыюу салынган ай) жөнүндө жана ошол айда согушуу жөнүндө сурашат. Айткын: «Ал айда согуш кылуу чоң күнөө болот*» [2:217]

аяты түшүшүнүн себеби мындай, Расулуллох ﷺ сарийя жиберди. Алар жети киши болуп, аларга Абдуллах ибн Жахш Асадий башчы болуп дайындалган эле... Абдуллах ибн Жахш жолго түшүп, «Нахла»нын ортосуна жетип барды. Ал жерде Хакам ибн Кайсон менен Усман ибн Абдуллох ибн Мугийрага туш келип (аларды туткунга алды). (Айрымдары) качып кетти, Амрды болсо Вакид ибн Абдуллох өлтүрдү. Бул Расулуллох ﷺдын сахабалары колго түшүргөн биринчи олжо болду. Алар Мединага эки туткун жана колго түшкөн малдар менен кайтып келишкенден кийин, Курайш бул туткундарды таван төлөп сатып алмакчы болуп мындай дешти: «Мухаммад Аллахка итаат кылып жатамын деп ойлоп жатат, бирок, ал өзү биринчи болуп согуш арам кылынган айды адал кылып алып, ражаб айында досубузду өлтүрдү». Ошондо мусулмандар: «Биз аны жумадус-санийде өлтүрдүк» - дешти... Мусулмандар ражаб айы киргенде кылычтарын кынына салышты. Аллах Мекке калкын уялтып, бул аятты түшүрдү:

﴿يَسۡـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلشَّهۡرِ ٱلۡحَرَامِ قِتَالٖ فِيهِۖ قُلۡ قِتَالٞ فِيهِ كَبِيرٞ﴾

«*Сенден «шахри харам» (согуш арам кылынагн тыюу салынган ай) жөнүндө жана ошол айда согушуу жөнүндө сурашат. Айткын: «Ал айда согушуу чоң күнөө болот*» [2:217]

Экинчи риваят: Бул окуя ражаб айынын акыркы күнү – шаъбан айынын биринчи күнү ортосундагы алдыңкы күнүндө болгон. Бул жөнүндөгү риваяттардан:

«Мухаммад ибн Исхак айтты, мага Мухаммад ибн Соиб Калбий Абу Салихтен, ал Ибн Аббастан риваят кылат: Амр ибн Хазрамийдин өлтүрүлгөндө бул аят түштү:

﴿يَسۡـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلشَّهۡرِ ٱلۡحَرَامِ قِتَالٖ فِيهِۖ قُلۡ قِتَالٞ فِيهِ كَبِيرٞۖ وَصَدٌّ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ وَكُفۡرُۢ بِهِۦ وَٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِ وَإِخۡرَاجُ أَهۡلِهِۦ مِنۡهُ أَكۡبَرُ عِندَ ٱللَّهِۚ وَٱلۡفِتۡنَةُ أَكۡبَرُ مِنَ ٱلۡقَتۡلِۗ وَلَا يَزَالُونَ يُقَٰتِلُونَكُمۡ حَتَّىٰ يَرُدُّوكُمۡ عَن دِينِكُمۡ إِنِ ٱسۡتَطَٰعُواْۚ وَمَن يَرۡتَدِدۡ مِنكُمۡ عَن دِينِهِۦ فَيَمُتۡ وَهُوَ كَافِرٞ فَأُوْلَٰٓئِكَ حَبِطَتۡ أَعۡمَٰلُهُمۡ فِي ٱلدُّنۡيَا وَٱلۡأٓخِرَةِۖ وَأُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ﴾

«*Сенден «шахри харам» (согуш арам кылынагн тыюу салынган ай) жөнүндө жана ошол айда согушуу жөнүндө сурашат. Айткын: «Ал айда согуш кылуу чоң күнөө болот». (Пенделерди) Аллахтын жолунан тосуу, Ага ишенбөөчүлүк жана Масжидул Харамдан тосуу, жана андан анын калкын kууп чыгуу Аллахтын алдында эң чоң күнөө. Фитна өлтүрүүдөн да чоңураак күнөө. Алар (капырлар) колдорунан келсе тээ диниңерден кайтарганга чейин силер менен согуша беришет. Силерден ким өз дининен кайтып, динсиз абалында өлсө, андай адамдардын кылган (жакшы) иштери дүйнө жана Акыретте бекер кетет. Алар тозоку болуп, анда түбөлүк калышат*» [2:217]

Ушул тарых риваятчысы Абдулмалик ибн Хишам Зияд ибн Абдуллах Бикоийден, ал мединалык Мухаммад ибн Исхак ибн Ясар ﷀдан риваят кылып, өзүнүн «Сийрат» китебинде мындай деген: Расулуллох ﷺ Абдуллах ибн Жахш ибн Робаб Асадийди ражаб айында биринчи Бадрдан кайтышкандан кийин мухажирлерден сегиз кишилик топ менен жөнөттү... Кыссаны минтип улантат: Абдуллох ибн Жахш шериктери менен бирге жол жүрүп, Нахлага барышты. Ошондо, анын алдынан өсүмдүк майы, тери жана Курайш соода малдары артылган Курайш кербени өтүп калды. Алардын арасында Амр ибн Хазрамий – Хазрамийдин ысмы Абдуллох ибн Аббад болгон – жана Усман ибн Абдуллох ибн Мугийра Махзумий, анын агасы Навфал ибн Абдуллох Махзумий, Хишам ибн Мугийра кызматкери Хакам ибн Кайсан бар эле. Бул коом аларды көрүп калып, коркуп кетти, алар жакыныраак токтошкон болчу. Алардын алдына Уккош ибн Мухсин келди, ал чачын алдырган болчу. Аны көрүшкөндөн кийин, ыйман келтиришти жана: «Кандай жакшы, алар сизге зыян жеткирбейт» - деди. Коом аларды эмне кылуу туурасында кеңешишти, бул убакыт ражаб айынын соңу болгон. «Аллахка касам, аларды бул түнү жөн койсоңор, арам айына өтүп алышып, кутулуп калышат, эгер аларды өлтүрсөңөр, шахри харамда өлтүргөн болосуңар» - дешти. Коом экиленип калды жана аларга сокку берүүдөн коркушту. Кийин өздөрүн кайраттандырышып, араларынан кудуреттүү болгонго чейин киши өлтүрүүгө жана алардын нерселерин алууга келишишти. Ошондо, Вакид ибн Абдуллох Тамимий Амр ибн Хазрамийге найза сайып, өлтүрдү. Усман ибн Абдуллох менен Хакам ибн Кайсон туткундукка алынды. Навфал ибн Абдуллох качып кетти. Абдуллох ибн Жахш жана анын шериктери кербен жана эки туткун менен кайтышты. Расулуллох ﷺдын алдына Мединага келишти... Ровий кыссаны улантып, айтат: Курайш: «Мухаммад жана анын сахабалары согуш арам кылынган айды адал кылып алып, бул айда кан төгүшүптүр, малыбызды алып, адамдарыбызды туткунга алышыптыр» - деди. Ошондо Меккедеги мусулмандардан аларга ким кайтарат, мусулмандар алган

нерселерин шаъбан айында алышты го дешти... Бул туурасында адамдар сөздү көбөйтүп жиберишкенден кийин Аллах Расулу ﷺга жогорудагы аятты түшүрдү».

Көрүп турганыңардай, эки риваяттын биринде жумадус-санийдин акыркы күнү айтылса, дагы биринде ражабдын акыркы күнү айтылган.

Биз «Халифалык мамлекетиндеги малдар» китебиндеги риваяттардын бирин алган болсок, «Ислам мамлекети» китебинде болсо дагы бирин алдык.

2 – Эми «Ислам мамлекети» китебинде айтылган риваятка келсек:

«Мусулмандар Муътадан өтө көп жоокерлеринен айрылып кайтышкандан кийин...». Мен айрым булактарды окуп, алардын көбүндө шейиттердин саны айтылбаганын көрдүм. Кээ биринде болсо алардын он эки киши делгенин таптым. Эгер, ушул туура болсо, анда, «Ислам мамлекети» китебинде көрсөтүлгөн сөз анык сөз болбой калат. Бирок, мен Ибн Касирдин «Бидая ва нихая» китебинин алтынчы бөлүгүндө ушуну таптым, Ухуд согушу жөнүндө сөз болгондо шейиттер саны жөнүндө төмөнкүдөй айтылган:

«Муса ибн Укба Ухуд күнүндө шейит болгон мухажир жана ансарлардын баары кырк тогуз киши, деди. Имам Бухарий Барродан риваят кылган сахих хадисте болсо жетимиш мусулман өлгөнү собит болгон, Аллах билүүчүрөөк. Катодо Анастан риваят кылып айтат, Ухуд күнү ансарийлерден жетимиш киши, Беъри Мауна күнүндө да жетимиш киши, Ямама күнүндө да жетимиш киши өлтүрүлдү. Хаммад ибн Салма Сабиттен, ал Анастан риваят кылып айтат, Ухуд, Беъри Мауна, Муъта жана Ямама күндөрү жетимишке жакын киши өлгөнүн айткан.

Ушуларга ылайык, айтылган риваяттарда Муътада шейит болгондордун саны он эки кишилиги айтылган, дагы башкаларында болсо шейиттер саны жетимишке жеткени айтылган. Бул болсо, ушуну түшүндүрөт, «Ислам мамлекети» китебинде айтылган сөздүн бир жагдайы бар. Өзгөчө, инсан акыл жүргүзүп, шейит болгондор саны көп деп божомолдойт. Себеби, Ислам кошууну үч миңге жакын болгон, душман кошууну болсо эки жүз миңге жакын болгон. Буга кошумча, Ислам кошуунунун үч командачысы т.а. байрак көтөргөн командачылар шейит болушкан. Илгерки согуштардын адатына ылайык, байрак айланасында туруп согушуу үчүн аскерлер топ болуп атылып чыгышкан... Бул болсо, илгерки согуштардын абалына караганда, Ислам аскерлеринин көпчүлүгү шейит болушканын түшүндүрөт.

Эгер, оңдоо зарыл болгон нерселердин далилди тапсам, инша Аллах, оңдоп коёмун.

17-робиул-аввал, 1431-х.

## Акса мечити тууралуу

**Суроо**: айрым кайрылууларыбызда жана башкалардын кайрылууларында «Акса мечити – эки мубарак харамдын үчүнчүсү» деп айтылып жатканын көрдүм. Акса мечити бул эки харамдан шаръий өкүмдөрдө айырмалуу болсо, ушундай деш дурус болобу?

**Жооп**: эгер, бир тартиптүү сан экинчиге кошулса, дурус болот, качан гана ошол кошулуп жаткан сан да түпкү сан түрүнөн болсо. Бул жерде чыныгы маани болобу же анык карина аркылуу мажазий маани болобу, айырмасы жок. Муну четке кагып болбойт, сөздүктөгү мажазды четке каккан киши гана четке кагышы мүмкүн.

Туурасы ушул, мындай деш жайиз. Себеби, Акса мечитинин эки мубарак харамга маанилүү байланышы бар. Мисалы, сиз кайраттуу, эр жүрөк кишини артсан дейсиз. Акыйкатта болсо, ал арсткан эмес. Биз бул оурнда мажаз темасына терең киришпейбиз, себеби, бул сөздүктө да, Куръанда да ачык-айкын бар.

Мисалы, Куръанда мындай аят келген:

﴿إِلَّا تَنصُرُوهُ فَقَدۡ نَصَرَهُ ٱللَّهُ إِذۡ أَخۡرَجَهُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ ثَانِيَ ٱثۡنَيۡنِ إِذۡ هُمَا فِي ٱلۡغَارِ﴾

«*Эгер силер ага (пайгамбарга) жардам кылбасаңар Аллахтын Өзү ага жардам кылды. Аны капырлар ал эки адамдын бири болгон абалында (т.а. бир жолдошу менен Меккеден) айдап чыгышканда, ага Аллах жардам берген эле го*» [9:40]

Көрүнүп тургандай, Аллах Субханаху Расулуллох ﷺ менен Абу Бакр ؓну эки кишинин бирөөсү деп жатат. Чынында, Абу Бакр ؓ расул эмес. Бул жерде Абу Бакр Расулуллох ﷺ менен кошулуп айтылышы таквада, берилгендикте, салих амалдар жана башкаларда алакадар болгондугу себептүү.

Дагы да ачыктай турган болсом, Салахиддин ؒ Куддусту кресттүүлөрдүн ыпластыгынан азат кылганда, биринчи жума хутбасын аткаруу казы Мухйиддин ибн Закийюддинге тапшырылды... Ал хутбада Акса мечити жөнүндө мындай деди: «... ал эки кибланын биринчиси, эки мечиттин экинчиси, эки харамдын үчүнчүсү, эки мечиттен кийин ал гана зыярат кылынат, күчтөр эки мекенден кийин ал үчүн гана топтолот...». Мухйиддин ؒтун хутбасын «Вафийятул аъян» китебинин 4-бөлүгү 232-236-беттери.

2-робиус-саний, 1431-х.

## Мажусийлер туурасында

**Суроо**: мажусийлер туурасындагы хадисте мындай делет: Умар ибн Хаттаб мажусийлер туурасында сүйлөп: «Алардын ишин эмне кылууну билбей жатам» - деди. Ошондо, Абдуррохман ибн Авф мындай деди: «Күбөлүк беремин, мен Расулуллох ﷺдын:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

«Аларга ахли китептерге колдонгон өкүмүңдү колдонгун» - дегенин укканмын».

Уламалар бул хадиске мажусийлерден кан төгүүнү токтотуп калуу үчүн жизя алуу маанисин түшүндүрөт. Бул хадисте:

«غَيْرُ نَاكِحِي نِسَائِهِمْ وَلاَ آكِلِي ذَبَائِحِهِمْ»

«Сен алардын аялдарына үйлөнбөгөн, сойгон жандыктарын жебеген абалда» деген сөздөрү артыкча деген туруспу же бул ижтихад жана нусусту түшүнүү болобу?

**Жооп**:

«غير ناكحي نسائهم ولا آكلي ذبائحهم» сөздөрү айрым хадистерде о.э. төмөнкү хадистерде келбеген:

– Малик Жаъфар ибн Мухаммад ибн Алиден, Жаъфар болсо атасынан риваят кылат: Умар ибн Хаттаб мажусийлер туурасында сүйлөп: «Алардын ишин эмне кылууну билбей жатамын» - деди. Ошондо Абдуррохман ибн Авф мындай деди: «Күбөлүк беремин, мен Расулуллох ﷺдын:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

«Аларга ахли китептерге колдонгон өкүмүңдү колдонгун» - дегенин укканмын».

– Ибн Абу Шайба «Муснаф»ында Жаъфардан риваят кылат: Умар ибн Хаттаб кабыр менен минбар ортосунда отуруп, мажусийлер туурасында сүйлөп: «Алардын ишин эмне кылууну билбей жатамын» - деди. Ошондо Абдуррохман ибн Авф мындай деди: «Күбөлүк беремин, мен Расулуллох ﷺдын:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

«Аларга ахли китептерге колдонгон өкүмүңдү колдонгун» - дегенин укканмын».

– Бирок, Ибн Абу Шайба «Муснаф»ында башка бир риваятта суроонун себеби мажусийлердин жизясы экенин т.а. суроо жизя туурасында экенин айткан. Бул риваятта ал мындай деген: Бизге ушуну Вакиъ Суфян жана Малик Ибн Анас Жаъфардан, Жаъфар атасынан риваят кылды: Умар ибн Хаттаб мажусийлерге жизя дайындоо

туурасында кеңеш сурады. Ошондо Абдуррохман ибн Авф мындай деди: «Күбөлүк беремин, мен Расулуллох ﷺдын:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

«Аларга ахли китептерге колдонгон өкүмүңдү колдонгун» - дегенин укканмын».

Булар ушуну түшүндүрөп турат, маселе мажусийлерден жизя алуу жөнүндө болгон, ушул себептен улам, Расулуллох ﷺдын хадиси буга далил. Т.а. мажусийлерге карата жизя өкүмү ахли китептерге карата болгон өкүмдүн дал өзү жана бул өкүм нике жана союлган жандыктар маселесине өтпөйт.

Имам Шафиъий да ушул маселеде зикр кылат. Анын айтымында, Байхакий «Маърифатус сунан вал осор»да риваят кылат:

Бизге Абу Бакр, Абу Закария жана Абу Саид кабар кылып, мындай деди: Бизге Абу Аббас айтып берди: бизге Рабиъ кабар кылды: бизге Шафиъий кабар кылды: бизге Малик Жаъфар ибн Мухаммаддан, ал болсо атасынан кабар кылды, Умар ибн Хаттаб мажусийлер туурасында сүйлөп: «Алардын ишин эмне кылууну билбей жатамын» - деди. Ошондо Абдуррохман ибн Авф мындай деди: «Күбөлүк беремин, мен Расулуллох ﷺдын:

«سُنُّوا بِهِمْ سُنَّةَ أَهْلِ الْكِتَابِ»

«Аларга ахли китептерге колдонгон өкүмүңдү колдонгун» - дегенин укканмын». Шафиъий Абу Саидден кылган риваятыбызда мындай деди: Эгер (хадис) собит болсо, ал жизя алуу туурасында экенин, алардын аялдарын никебизге алышыбыз жана сойгон жандыктарын жешибиз жөнүндө эмесин түшүндүрөт».

Булар «غير ناكحي نسائهم ولا آكلي ذبائحهم» сөздөрү зикр кылынбаган хадистер. Ал эми, бул сөздөр анык зикр кылынган хадистер да бар:

«أَخْرَجَ ابْنُ أَبِي شَيْبَةَ فِي مُصَنَّفِهِ عَنِ الْحَسَنِ بْنِ مُحَمَّدٍ أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَتَبَ إِلَى مَجُوسَ أَهْلِ هَجَرٍ يَعْرِضُ عَلَيْهِمُ الإِسْلاَمَ فَمَنْ أَسْلَمَ قَبِلَ مِنْهُ وَمَنْ لَمْ يُسْلِمْ ضُرِبَ عَلَيْهِ الْجِزْيَةُ غَيْرَ نَاكِحِي نِسَائَهُمْ وَلاَ آكِلِي ذَبَائِحُهُمْ»

«Ибн Абу Шайба «Мусаннаф»ында Хасан ибн Мухаммаддан риваят кылды, Набий ﷺ: Хажар мажусийлерин Исламга даъват кылып, кат жөнөттү. Алардан кимде-ким Исламга кирсе, анын Исламын кабыл алды. Кимде-ким Исламга кирбесе, ага жизя салынат о.э. алардын аялдары никеге алынбайт жана сойгон жандыктары желбейт».

Дал ушуга окшогон риваятты Хайсамий да өзүнүн «Бугятул бахис, ан заваиди муснадил хорис» китебинде зикр кылып, мындай деген:

«حَدَّثَنَا عَبْدُ الْعَزِيزِ بْنِ أَبَانٍ ثَنَا سُفْيَانُ عَنْ قَيْسِ بْنِ مُسْلِمٍ عَنِ الْحَسَنِ بْنِ مُحَمَّدِ بْنِ عَلِيِّ بْنِ أَبِي طَالِبٍ قَالَ «كَتَبَ رَسُولُ اللَّه صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِلَى مَجُوسِ هَجَرٍ يَسْأَلُهُمُ الإِسْلاَمَ فَمَنْ أَسْلَمَ قُبِلَ مِنْهُ إِسْلاَمُهُ وَمَنْ أَبَى أُخِذَتْ مِنْهُ الْجِزْيَةُ غَيْرَ نَاكِحِي نِسَائِهِمْ وَلاَ آكِلِي ذَبَائِحِهِمْ»

«Бизге Абдулазиз ибн Абан Суфяндан, ал Кайс ибн Муслимден, ал Хасан ибн Мухаммад ибн Али ибн Абу Толибден риваят кылды: Расулуллох ﷺ Хажар мажусийлерине Исламга кирүүсүн сурап кат жолдоду. Ким Исламга кирсе, анын Исламы кабыл алынат, ким баш тартса андан жизя алынат о.э. алардын аялдары никеге алынбайт жана сойгон жандыктары желбейт».

1-робиус-саний, 1432-х.
6-март, 2011-м.

## Мусулмандардын эки сап болуп чыккандыгы тууралуу

**Суроо**: «Ислам мамлекети» китебинде мындай делет:

«Ошондуктан, Расулулла ﷺдын Исламды Мекке капырларына жарыя кылуусу жаңылык болбоду, бирок, ушул момун уюмдун адамдарга ашкере кылынышы күтүлбөгөн окуя болду. Хамза ибн Абдулмутталиб, андан үч күндөн кийин болсо, Умар ибн Хаттаб Исламга кирди. Мунун натыйжасында мусулмандар күчтүү жамаатка айланды. Ошондо Расулулла ﷺга Алла Тааланын ушул:

﴿فَٱصۡدَعۡ بِمَا تُؤۡمَرُ وَأَعۡرِضۡ عَنِ ٱلۡمُشۡرِكِينَ ۝ إِنَّا كَفَيۡنَٰكَ ٱلۡمُسۡتَهۡزِءِينَ ۝ ٱلَّذِينَ يَجۡعَلُونَ مَعَ ٱللَّهِ إِلَٰهًا ءَاخَرَۚ فَسَوۡفَ يَعۡلَمُونَ﴾

«*Эми, буюрулган ишке умтул жана мушриктерден жүз бур. Албетте, сени шылдыңдаган адамдарга Өзүбүз жетиштүүбүз. Алар Аллага дагы башка «илах»тарды кошуп (ширик кылып) алышкан. Жакында (бул кылмыштарынын акыбетин) билип алышат*» [15:94-96]

аяты түштү. Ошондон кийин Расулуллох ﷺ Алланын буйругун ишке ашырды жана мусулмандардын уюмун баарына ашкере кылды. Бирок, кээ бир мусулмандар тээ Мекке фатх болгонго чейин жашыруун абалда калышты. Расулуллох ﷺдын бул уюмду ашкере кылышы төмөнкүдөй ыкмада болгон: Расулуллох ﷺдын сахабалары эки сап болуп чыгышты. Саптардын бирине Хамза ибн Абдулмутталиб, экинчисине болсо Умар ибн Хаттаб баш болуп барышты. Расулуллох ﷺ аларды арабдар али көрө элек жакшынакай бир тартипте Каабага алып барды жана Каабаны бирге тооп кылды. Ошентип, Расулулла ﷺ сахабалары менен жашыруун иш-аракет доорунан ачык иш-аракет дооруна, кызыккандарды даъват кылуу доорунан бардык элге кайрылуу дооруна өтүштү».

Суроо мындай, мен Умардын Исламга кириши пайгамбарлыктын үчүнчү жылы эмес, пайгамбарлык башталгандан алты жыл өтүп Хабашистанга хижрат кылынгандан кийин болгон деп окуган элем жана бул жөнүндөгү ушул сахих риваяттар бар:

Абдуллох ибн Амир ибн Робиа энеси Лайладан риваят кылат. Абдуллохтун энеси мындай деди: «Умар ибн Хаттаб биз Исламга киргенибизге эң катуу каршылык кылган адам эле. Хабашистанга чыгып кетүүгө даярданып турганыбызда Умар ибн Хаттаб келип калды. Мен жолго түшмөкчү болуп, төөмдүн үстүндө элем. Абдуллохтун энеси «Кайда» деп калды. Мен: «Динибиз жаатында бизге азап жеткирдиңер, ошондуктан, биз азапталбай турган Аллахтын жерине бара жатабыз» - дедим. «Аллах шеригиңер болсун» - деп кайтып кетти. Кийин жолдошум

Амир ибн Робиа келди, ага Умардан бир ырайымдуулук көргөнүмдү айттым. Ал: Исламга кирет деп үмүт кыласызбы, Аллахга касам, Хаттабдын эшеги Исламды кабыл алса алат, бирок, Умар кабыл албайт» - деди. (Табароний риваяты).

Ибн Касир «Бидая ва нихая»да Умар Исламга кеч киришине Абдуллох ибн Умардын риваятын далил кылат. Анын риваяты Курайш мушриктери Умардын Исламга киргенин көрүшкөндөн кийин ага эмнелер кылышканы туурасында болгон. Ибн Касир айтат: «Мына ушул санады күчтүү мыкты риваят болуп, ал Умардын Исламга кеч киргенине далил болот. Себеби, Умардын уулу он төрт жашында Ухуд согушунун күбөсү болгон жана атасын Исламга кирген күндү жакшы эстейт. Демек, Умардын Исламга кириши хижраттан төрт жылдай мурун т.а. пайгамбарлыктын тогузунчу жылынын тегерегинде болгон, бирок, Аллах билүүчүрөөк».

Эми, «Ислам мамлекети» китебинде далил кылып көрсөтүлгөн мусулмандардын эки сап болуп чыгуусу жөнүндөгү хадиске келсек, бул хадис далилденген эмес. Ал хадисти Абу Наим «Хуля»да гана риваят кылган, андан башкасы риваят кылбаган. Бирок, Асокир өзүнүн «Тарих» китебинде «Хуля»да келген санад менен риваят кылган жана анын санадындагы Аббан ибн Салих болсо күчтүү санад эмес. Андан дамашктык Исхак ибн Абдуллох риваят кылган, «Канз» ээсинин айтымында, Исхак ибн Абдуллох этибарсыз калтырылган адам.

Жогоруда айтылгандар туура болсо, «Ислам мамлекети» китебиндеги нерсе оңдолобу?

**Жооп**: Умар ﷺнун Исламга кириши туралуу көп риваяттар келген:

а) Умар ﷺ Хабашистан хижратынан мурун, пайгамбарлыктын үчүнчү жылынын башында же экинчи жылдын аяктарында Исламга кирген.

Бул жөнүндөгү риваяттардын айрымдары:

– Захабийдин «Тарихул Ислам»ында мындай делет:

«Ал т.а. Умар ﷺ айтты: Хамза барып, Исламга кирди. Мен анын артынан үч күндөн кийин чыктым. Карасам, махзумдук баланча турат. Мен ага: «Ата-бабаңдын дининен кайтып, Мухаммаддын динине ээрчидиңби?» - дедим. Ал: «Мен ушундай кылган болсом, муну сиздин үстүңүздө менден көрө акысы көбүрөөк адам да кылды» - деди. «Ким экен ал?» - дедим. Карындашыңыз жана күйөөбалаңыз» - деди. Барып, (карындашымдын) шыбырап сүйлөп жатканын көрдүм... «Расулуллох ﷺ кайда?» - дедим. «Аркамдын үйүндө» - деди. Барып, эшикти каккыладым. Адамдар чогулду жана Хамза: «Сизге эмне болду» - деди. «Умар экен» - дешти. Хамза: «Умар экенби?! Эшикти ачкыла, эгер кирсе, кабыл алабыз, артына кайтса, өлтүрөбүз» - деди. Муну Расулуллох ﷺ угуп, сыртка

чыкты, ошондо Умар ташаххуд келтирди. Үйдөгүлөрдүн баары ушундай бир такбир айтып жиберишти дейсиң, аны мечиттегилер да угушту...».

– Мухаммад ибн Абдулваххабдын «Мухтасари сийратур-Расул ﷺ» китебинде мындай делет:

«Ибн Аббас ﵄ риваят кылат, ал Умар ﵁га мындай деген экен: «Сиз эмне үчүн Фарук деп аталдыңыз?», Умар ﵁ айтты: «Хамза менден үч күн мурун Исламга кирди. Кийин Аллах менин да жүрөгүмдү ачты. Куръанды уктум, Куръандын ушул аяты жүрөгүмдү ээлеп алды:

﴿ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَۖ لَهُ ٱلۡأَسۡمَآءُ ٱلۡحُسۡنَىٰ﴾

«*Аллахтан – андан башка (эч кандай) кудай жок Зат. Ал үчүн эң көркөм ысымдар бар*» [20:8]

Жер жүзүндө мен үчүн Расулуллох ﷺдан сүйүктүүрөөк киши жок болуп калды. Ал затты сураганымда «Аркамдын үйүндө» дешти. Ошол үйгө барып – Хамза достору менен үйдө отурган экен, Расулуллох да үйдө экен – эшикти кактым. Адамдар топтолду, Хамза: «Силерге эмне болду?» - деди. «Умар экан» - дешти. Ошондо Расулуллох ﷺ чыгып, көйнөгүмдөн кармап, катуу силккенде өзүмдү кармай албай тизелеп калдым. «Эй Умар, эмне үчүн келдиңиз» - деди. Ошондо мен: «Ашхаду алла илаха иллаллоху ва аннака Росулуллох» - дедим. Үйдөгүлөрдүн баары такбир айтып жиберишти, аны мечиттегилер да угушту...».

Белгилүү болгондой, Хамза ﵁нун Исламга кириши пайгамбарлыктын экинчи жылынын аягы же үчүнчү жылынын башында болгон. «Асадул гоба»да да ушуга окшогон риваят келген. Жогоруда айтылгандар – Умардын Исламга кириши Хамза Исламга киргенден үч күндөн кийин т.а. Хабашистан хижратынан мурун болгонуна, бул болсо пайгамбарлыктын экинчи жылынын аягында же үчүнчү жылынын башында болгонуна далалат кылат.

б) Умар ﵁ Хабашистан хижратынан кийин, пайгамбарлыктын алтынчы жылында Исламга кирген.

Суроодо айтылгандарга кошумча, бул жааттагы риваяттар:

– «Комил фит-тарих»: «...жана Умар мусулмандар Хабашистанга хижрат кылышкандан кийин Исламга кирди. Кийин Амир ибн Робианын жубайы Умму Абдуллох киссасы зикр кылынды: (Умму Абдуллох айтат): Биз Хабашистан жерине көчүп бара жаткан элек. Амир айрым муктаждыгы үчүн кеткен болчу. Капыстан Умар келип калды, ал мушрик абалында эле, менин алдыма да келди. Ал бизге абдан оор мусийбаттарды жеткирген болчу. Умар мага: «Эй Умму Абдуллох, кетип жатасыңарбы?» - деди. Мен: «Ооба, Аллахка касам, албетте, Аллахтын жерине кетебиз. Силер, бизге азап жеткирип, зулум кылдыңар, акыры, Аллах бизге бир

чараны көрсөттү» - дедим. Умар: «Аллах шериңигенр болсун» - деди. Мен андан ырайымдуулук жана кайгы көрдүм. Амир келгенде ага айтып бердим жана: «Умардын бизге карата ырайымдуулук жана кайгысын көргөнүңүздө» - дедим. Амир: «Анын Исламга киришинен үмүт кыласызбы?» - деди. «Ооба» - дедим. Ал Умар мусулмандарды абдан жек көрөрүн жана мусулмандарга орой мамиле жасаганын көргөнү үчүн «Хаттабдын эшеги Исламды кабыл алса алат, Умар кабыл албайт» - деди. Ошондо Аллах Таала Умарды Исламга хидаяттады жана ал Исламга кирип, мусулмандардын капырларга каршы эң катуу колуна айланды...».

Умардын Исламга кириши туурасында «Асадул гоба», «Вафи бил-вафийят» жана «Самтун-нужум» сыяктуу булактарда мындай делген.

в) Умар ﵁ кырк эркек, он бир аялдан кийин же отуз тогуз эркек жана жыйырма аялдан кийин Исламга кирген.

Бул жөнүндөгү риваяттардын айрымдары:

– «Камил фит-тарих»: «Кийин Умар отуз тогуз эркек жана жыйырма үч аялдан кийин Исламга кирди. Дагы, кырк эркек жана он бир аялдан кийин Исламга кирген деп айтылган».

– Асадул гояти: «Хилал ибн Ясоф айтат: Умар кырк эркек жана он бир аялдан кийин Исламга кирди. Дагы бир риваятта отуз тогуз жана жыйырма аялдан кийин Исламга кирген делет. Ибн Аббастан дал ушундай риваят кылынган...».

– «Вафи бил-вафийят»: «Кийин (Умар) кырк эркек жана он бир аялдан кийин Исламга кирди».

– Захабий «Тарихул Ислам»: «Зухрийден риваят кылынат, Умар Набий ﷺ Аркамдын үйүнө киргенден кийин о.э. кырк же кырктан ашык эркек-аялдан кийин Исламга кирди».

г) Пил окуясынан он үч жыл кийин туулду.

Бул жөнүндөгү риваяттар:

– «Вафи бил-вафийят»: «Умар ﵁ пил (окуясынан) он үч жыл кийир туулган».

– «Асадул гоба»: «Пил окуясынан он үч жыл кийин туулган».

д) Умар ﵁ Исламга киргенде жыйырма алты жашта болгон.

Бул жөнүндөгү риваяттар:

– «Тарихи Дамашк»та мындай делет:

«...Жана (Умар) пайгамбарлыктын алтынчы жылы зул-хижжа айында жыйырма алты жашында Исламга кирди».

Ушул риваяттарды үйрөнгөнүбүздөн кийин алардын баарынан ушул сөздү таптык:

а) Эгер суроодо жана айрым риваяттарда келгендей, Умардын Хабашистан хижратынан кийин пайгамбарлыктын алтынчы жылында Исламга киргендиги жөнүндөгү кээ бир риваяттарды кабыл ала турган

болсок, Умар кырк чакты эркектерден кийин Исламга киргенине тескери келип калат. Себеби, Хабашистанга хижрат кылгандар – Ибн Хишам жана башкалардын тарыхында келгендей – аялдар жана балдардан тышкары, 83 адам болушкан. Алардын арасында Амир ибн Робиъанын жубайы Умар жөнүндөгү кысса ээси Лайла да болгон. Алардын баары Умардан мурун Исламга киришкен. Мындан тышкары, Меккеде калып хижрат кылбагандар да бар т.а. мусулмандар Хабашистанга хижрат кылганда кырктан көп болушкан.

Мындан тышкары, «Комил фит-тарих»те риваят кылынган Умардын Исламга кирүү кыссасында – күбө болгонубуздай – Расулуллох ﷺ хижрат кылбаган мусулмандар менен бирге болгондо Умар Аркамдын үйүнө барганда үй ичиндеги мусулмандардын саны кырктын тегерегинде болгон! Бул, хижрат кылган 83 мусулмандан тышкаркы сан. Башкача айтканда, ушул риваятка ылайык, Умар Исламга киргенде мусулмандар 120 эркек айланасында эле. Бул болсо, Умар кырк эркектен кийин Исламга киргенине тескери келүүдө. «Комил фит-тарих»та мындай делген:

«...Умму Абдуллах бинт Хасма – ал Амир ибн Робиъанын жубайы болгон – мындай деди: Биз Хабашистан жерине көчүп жаткан элек. Амир айрым бир муктаждыгы үчүн кеткен эле. Капыстан Умар келип калды, ал мушрик абалында эле, ал тургай, менин алдыма келди. Ал бизге катуу балээ жана азаптарды жеткирген болчу. Умар мага: «Эй Умму Абдуллох кетип жатасыңарбы?» - деди. Мен: «Ооба, Аллахка касам, албетте, Аллахтын жерине кетебиз, силер бизге азап жеткирип, зулум кылдыңар, акыры, Аллах бизге бир чараны көрсөттү» - дедим. Умар: «Аллах шеригиңер болсун» - деди. Мен андан ырайымдуулук жана кайгы көрдүм. Амир келгенде ага айтып бердим жана: «Умардын бизге карата ырайымдуулук жана кайгысын көргөнүңдө!» - дедим. Амир: «Ал Исламга кирет деп үмүт кыласыңбы?» - деди. «Ооба» - дедим. Ал Умардын мусулмандарга карата ачуусун жана оройлугун көргөнү үчүн «Хаттабдын эшеги Исламды кабыл алса кылат, Умар кабыл албайт» - деди. Ошондо, Аллах Таала Умарды Исламга хидаяттады жана Исламга кирип, капырларга карата мусулмандардын эң катуу колуна айланды...».

Умар ؓнун Исламга киришинин себеби мындай болгон: Анын карындашы Фатима бинт Хаттаб – Саид ибн Зайд ибн Амр Адвийдин жубайы эле. Алар экөөсү тең Исламга киришкен болчу, бирок, муну Умардан жашырышкан. Наим ибн Абдуллох Наххом да Исламга кирип, ал да коомундагы айрым топтордон Исламын жашырган. Хаббаб ибн Арат болсо Фатиманын алдына Куръан окуганы бат-бат келип турчу. Бир күнү Умар кылыч көтөрүп, Набий ﷺды жана мусулмандарды издеп калды. Алар Сафа алдында Аркамдын үйүндө топтолуп отурушкан.

Расулуллох ﷺдын алдында хижрат кылбаган мусулмандардын кырктайы бар эле. Аны Наим ибн Абдуллох көрүп калып: «Кайда бара жатасыз, эй Умар?» - деди. Умар: «Мага Курайшты бөлүп жиберген жана динин каралаган Мухаммад керек, аны өлтүрөмүн» - деди. Наим: «Аллахка касам, нафсиңиз сизди алдап коюптур. Мухаммадды өлтүргөнүңүздөн кийин Абдуманнаф мууну сизди жер жүзүндө беймарал жүрүшүңүзгө жол беришет деп ойлойсузбу? Үй-бүлөңүзгө кайтып, алардын ишин оңдобойсузбу?» - деди. Умар: «Кайсыл үй-бүлөм?» - деди. Наим айтты: «Күйөөбалаңыз, тууганыңыз Саид ибн Зайд жана карындашыңыз Фатима, Аллахга касам, Исламга кирип кетишкен...».

б) Умар ؓнун Хабашистан хижратынан мурун Исламга киргени туурасындагы риваятты ала турган болсок, бул риваят Умардын кырк чакты эркектерден кийин Исламга киргенине тескери келбейт. Себеби, мусулмандардын саны пайгамбарлыктын үчүнчү жылдары ушунча эле.

в) Риваяттарга караганда, Умар ؓ пил окуясынан он үч жылдай кийин туулган. Эгер, ал Исламга киргенде жыйырма алты жаш айланасында болгон болсо, пайгамбарлыктын алтынчы жылы ал жыйырма алты жашта болушу таптакыр мүмкүн эмес! Себеби, Расулуллох ﷺ пил окуясы жылында төрөлүп, кырк жашында пайгамбар болду. Пайгамбарлыктын алтынчы жылы дегени – пил окуясынан кырк жыл кийин дегенди түшүндүрөт. Т.а. Умар ошондо «46–13» = 33 жашта болот. Эгер, Расулуллох ﷺдын төрөлгөнү менен Умар ؓнун төрөлүшү жылдын аягы жана башынын ортосунда бири-биринен айырмаланат деп ойлосок, Умардын жашы эки жылга кыскарат т.а. 31 жашта болот. Акыйкатта болсо, ушул риваяттар Умар ؓ Исламга киргенде жыйырма алты жашта болгонун көрсөтөт.

г) Эми, «Ислам мамлекети» китебинде кабыл алынган риваяттарга келсек, бул риваяттар жогоруда айтылган риваяттар менен көбүрөөк шайкеш келет. Ошол риваяттарда Умар ؓнун жашы Исламга киргенде жыйырма алтыда болгондугу, ал кишиден мурун – т.а. пайгамбарлыктын үчүнчү жылында же экинчи жылынын аягында, же болбосо үчүнчү жылынын башында – Исламга киргендердин саны кырк тегерегинде эркектер экендиги айтылат».

Булар Умар ؓнун качан Исламга киргендиги о.э. ал кишинин Хабашистан хижратынан мурун Исламга киргени башка нерселерге тескери келбеши жагынан.

Эми, эки сап болуп чыгуу маселесине келсек, бул – суроодо айтылган «Хуля»да гана жана Ибн Асокир тарыхында гана келген эмес, Умар ؓнун Исламга кириши Хабашистан хижратынан кийин болгон деп айтылган булактардын баарында эки сап болуп чыгышы айтылган.

«Самтун нужумул авалий фи анбаил аваили ват тавалий» китебинде Ибн Исхак Умардын Исламга кириши Хабашистан хижратынан кийин болгонун айткандан соң мындай деди:

«Кийин Набий ﷺдын алдына барды, Пайгамбар ﷺ ага жогорудан карап турду. Умар: «Ата-энем сизге курман болсун, сизди эмне кармап турат? Аллахка касам, мен кандай жыйында куфр менен бирге отурбайын, ал жерде чочубай жана коркпостон, албетте Исламды ачык билдирдим» - деди. Ошондо Расул ﷺ сахабалары менен бирге эки сап болуп чыгышты. Саптын оң тарабында Умар ибн Хаттаб, сол тарабында Хамза ибн Абдулмутталиб болду. Байтуллахты тооп кылып, үн чыгарып, эки рекет намаз окушту. Кийин Набий ﷺ жана айланасындагылар менен бирге Аркамдын үйүнө барышты. Бул риваятты Абул Косим Дамашкий «Арбаийнат тивал»да чыгарган».

О.э. Умар ؓнун хижраттан мурун Исламга киргени о.э. эки сап болуп чыккандыгы айтылган булактардын дагы бири ушул: Захабийдин «Ислам тарыхы» китебинде көрсөтүлүшүнчө, Хамзанын Исламга киргенинен үч күн өтүп Умар ؓ Исламга кирди. Жогоруда айтканыбыздай, Хамза экинчи жылдын аягында же үчүнчү жылдын башында Исламга кирген. Т.а. Умар ؓнун Исламга кириши хижраттан мурун экинчи жылдын аягында же үчүнчү жылдын башында болгон. Ошондон кийин Захабий мындай деди:

«Адамдар чогулушту, Хамза: «Силерге эмне болду» - деди. «Умар экен» - дешти. Хамза: «Умар!!! Эшикти ачкыла, эгер (жакшылык менен) келсе, кабыл алабыз, артына кайтса өлтүрөбүз» деди. Муну Расулуллох ﷺ угуп, чыкты. Ошондо Умар ташаххуд айтты. Үйдөгү адамдар такбир айтып жиберишти, аны мечиттегилер да укту. Умар айтат: «Мен: Я Расулуллох, биз акыйкат үстүндө эмеспизби? - дедим. Расулуллох ﷺ: Акыйкат үстүндөбүз - деди. Анда эмне үчүн жашыруун даъват кылып жатабыз - дедим. Ошондо эки сап болуп чыктык. Саптын бир тарабында мен, экинчи тарабында Хамза турду. Акыры, мечитке кирдик. Курайш мушриктери мени жана Хамзаны көрүп, катуу түшкүндүккө түшүп калышты. Расулуллох ﷺ мени Фарук (айырмалоочу) деп атады жана акыйкат менен батылдын ортосун айырмалап берди». «Мухтасар сийрати Расул ﷺ»да да ушуга окшогон риваят келген.

О.э. эки сап болуп чыгуу Умар ؓнун хижраттан кийин жана мурун Исламга киргени туурасындагы кыссада айтылган.

Эми тарыйкатка келсек, ал Умар ؓ кайсы жылы Исламга кирген болбосун, мындан таасирленбейт. Расулуллох ﷺ Аркамдын үйүндө жашынганын айгинелеген бир катар рияваттар келген. Бул рияваттардан

тышкары, алгачкы мезгилде уюуу жашыруун болгондугун көрсөткөн катъий далил бар. Бул далил Аллах Тааланын ушул аяты:

﴿فَٱصۡدَعۡ بِمَا تُؤۡمَرُ﴾

«*Демек, сен өзүңө буйрулган ишти (акыйкат динге даъват кылууну) аткар*» [15:94]

Бул аяттын мафхуму ушул уюшуу аят түшүшүнөн мурун жашыруун уюшуу болгонун айгинелейт. Аяттын мантуку болсо ал аят түшкөндөн кийин ашкере уюшууга айланганын түшүндүрөт.

Ошондуктан, Умар ﵁нун Исламга кирген жылы тарыйкатка таасири жок. Себеби, уюшуунун баскычтары шаръий далилдер менен собит болгон жана биринчи баскыч мөөнөтү ал же бул убакта болгону баскычка таасир тийгизбейт.

Ушул себептен улам, китебибизге өзгөртүү киргизүүнүн зарылчылыгы жок жана ушул жооп ушул маселеде жетиштүү болот.

30-робиус-саний, 1431-х.

## Сагира жана кабира күнөөлөр

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Кадырлуу шейхибиз, менин суроом «Исламий шахсия» китебинин биринчи бөлүмүндө «Тозокко Аллах кабира күнөөлөрү жана жамандыктары сагира күнөөлөрү жана жакшылыктарынан оор келген мусулмандардан каалаган адамын киргизет» делген сүйлөм тууралсында болот. Бул сүйлөмдөгү сагира күнөөлөр сөзүнөн эмне максат көздөлгөн? Ал кичине күнөөлөр деген маанини билдирсе, анда, эмне үчүн жакшылыктар сөзү менен бирге келген? мен Хизб мүчөсү эмесмин, себеби, биздин регионубузда Хизб иш алып барбайт.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сагира күнөөлөр жеңил азап белгиленген күнөөлөр, ал эми, кабира күнөөлөр оор азап белгиленген күнөөлөр болуп эсептелет. Мисалы:

Жалган – арам. Бирок, сиз балаңызга – кел, колумда бир нерсе бар, сага беремин, десеңиз, бирок, балаңыз келгенде колуңузда эч нерсе болбосо, жалган сүйлөгөн болосуз жана бул күнөө эсептелет, бирок, анын акыбети жеңил болуп, сагира күнөө болот. Имам Ахмад Абу Хурайра Gдан ушул хадисти риваят кылат, Расулуллах A мындай деген:

«مَنْ قَالَ لِصَبِيٍّ :تَعَالَ هَاكَ، ثُمَّ لَمْ يُعْطِهِ فَهِيَ كَذْبَةٌ»

«Ким балага – кел, муну сага беремин, десе, кийин бербесе, жалган сүйлөптүр».

Ал эми, армия командачысы сизди тоо артындагы душмандан кабар алып келүүгө жөнөтсө, сиз тоо артында душман жок экен, десеңиз, бирок, ошол тоо артында чынында душман бар болсо, сиз жалган сүйлөгөн эсептелесиз жана ал күнөө болот, бул жалгандын акыбети чоң, азим күнөө, оор жаза татыктуу жалган болуп, кабира күнөөлөрдүн бири эсептелет… ж.б.у.с.

Эми, сагира күнөөлөр жакшы амалдар менен бирге айтылганына келсек, бул нерсе экөөсү тең бирдей салмакта экенин түшүндүрбөйт. Бул араб тилиндеги бир ыкма болуп, карама-каршы коюу ыкмасы деп аталат. Т.а. сиз эки түрдүү нерсени айтасыз, экөөсүнүн артында дагы эки түрдүү нерсени айтасыз, натыйжада, үчүнчү түр биринчи түргө карама-каршы, төртүнчү түр болсо экинчи түргө карама-каршы болот. Мисалы, Аллах Субханаху ва Таала мындай дейт:

*«Шек-күмөнсүз, биз же силер анык хидаят үстүндө же ачык адашууда»* [34:24]

Бу жерде ﴿وَإِنَّا﴾ сөзү ﴿لَعَلَى هُدًى﴾га карама-каршы, ﴿إِيَّاكُمْ﴾ болсо ﴿فِي ضَلَالٍ مُبِينٍ﴾ сөзүнө карама-каршы. Ошондуктан, ﴿وَإِنَّا أَوْ إِيَّاكُمْ﴾ бир салмакта бирдей экенин о.э. ﴿هُدًى أَوْ فِي ضَلَالٍ مُبِينٍ﴾ бир салмакта бирдей экенин түшүндүнбөйт. Тескерисинче, жогоруда айтканыбыздай, үчүнчү түр

биринчи түргө карама-каршы, төртүнчү түр болсо экинчи түргө карама-каршы болот. Китебибиздеги «رجحت كبائرهم وسيئاتهم على صغائرهم وعلى حسناتهم...» «кабира күнөөлөрү жана жамандыктары сагира күнөөлөрү жана жакшылыктарынан оор келген…» деген сүйлөм да карама-каршы коюу ыкмасына ылайык төмөнкүдөй болот: кабира күнөөлөр сагира күнөөлөрдөн оор келсе жана жамандыктарынан оор келсе, дегенди түшүндүрөт, сагира күнөөлөрү менен жакшылыктары бир таразада бирдей экенин түшүндүрбөйт. Буга таъкид катары (على) деген жар харфы (صغائر) жана (حسنات) алдында өзүнчө кайталанып келгендиги. Алардан максат экөөсү тең өзүнчө түрдөгү нерсе экени ачык болот. Ал жерде атф вавы менен (على صغائرهم وحسناتهم) делбеген, бүдөмүктүк ачыкталып, (على صغائرهم وعلى حسناتهم) делген.

Эми, сиздин «мен Хизб мүчөсү эмесмин, себеби, биздин регионубузда Хизб иш алып барбайт» деген сөзүңүзгө келсек, сиз да биз даъват кылып жаткан жакшлыкты мойнуңузга алууңу жана мында сизге жардам берүүнү каалар элек…

Сөзүмдүн соңунда сизге саламаттык тилеп, жакшылык тилеп дуба кыламын.

22-шаввал, 1435-х.
18-август, 2014-м.

## Мута согушундагы шейиттер тууралуу

**Суроо**: ассаламу алейкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху

Менин суроом төмөндөгүдөй:

Ислам мамлекети китебинин 106 – бетинде Меккенин фатх болушу тууралуу айтылган: "Мусулмандар мута согушунан кайткандан кийин… Мута согушунда мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду…"

Урматтуу шейх бул ибаратта "мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер" болду деп келген. Мен көптөгөн булактарды карап чыктым. Бирок бул окуяга далалат кылган бир да далил тапкан жокмун. Болгону бир риваятта 8 шейит, дагы биринде 12 шейит, дагы биринде 13 шейит, дагы биринде 15 шейит кеткен деп келиптир. Мындан башка жогоруда айтылган ибаратка далалат кылган далил жок экен. Мындан башка дагы бул ибаратка тескери келе турган далалаттар бар. Мисалы, Пайгамбар с.а.в. Халид бин Валидге Сайфулооху маслуул (Аллахтын суурулган кылычы) лакабын ыйгарган. Ошондой эле мусулмандарды качуучулар эмес чабуул кылуучулар деп сыпаттаган. Халид бин Валиддин колунан бул согушта 9 кылыч сынгандыгын эске алсак, анда ал бул согушта Мусулмандардын камчысы болгондугун жана мусулмандарды согушууга катуу үндөгөндүгүнө күбө болобуз. Дагы бул согушта румдуктар жеңилгенден кийин урууларга карата кандай коркунуч каптаганы да маалым. Риваяттарда шейит кеткендердин денесинде 50-70 кылычтын жана найзанын сайылган издери болгондугу эскерилген. Бул бир тараптан болду. Дагы бир тараптан Ухуд согушунда Мута согушуна караганда көптөгөн сахабалар, карылар шейит кеткендиги тууралуу риваяттар бар. Ошондуктан бул ибаратта кайсы көптөгөн шейиттерди айтып жатат, ачыктап берүүңүздү өтүнөм.

**Жооп**: уа алейкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракатуху. Бул суроого мурда жооп бергенбиз жана аймактарга жөнөткөнбүз. Кандайдыр бир себептерден улам сиз жашаган аймакка бул жооп жетпей калса керек. Ошол жооптун суроого тиешелүү жерин кайрадан кайталап өтөм.

Ислам мамлекети китебиндеги келген ибарат төмөндөгүдөй:

"…Качан мусулмандар мута согушунан кайтышкандан кийин. Ал согушта мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду. Курайш бул окуядан кийин мусулмандар алсырады деп ойлоду. Бану Бакирди Хузаага карата тукурду жана аларды курал жарак менен камсыз кылды. Бану Бакр Хузага уруусуна чабуул кылып аларды өлтүрө баштады. Хузага Меккеге качты. Амр бин Хузаагий Мадинаны көздөй шашылыш

барды. Болгон окуяны Пайгамбар с.а.в. га айтып берди жана андан жардам сурады…”.

Мута согушунда шейиттердин саны он эки болгондугу тууралуу риваяттар бар. Ошондой эле жетимиштей шейит болгондугу тууралуу да риваяттар бар. Ошондуктан китепте келген ибаратта экинчи риваятка басым коюлган. Айрыкча (аклий жактан) басым коюлган. Анткени, бул жерде шейиттердин көп болуштугу табигый. Себеби мута согушунда ислам аскерлеринин саны 3000, ал эми румдук аскерлердин саны 200 000 болгон… Буга кошумча ислам аскерлеринин туу көтөргөн үч аскер жетекчиси шейит кеткен. Мурунку аскерий тактика боюнча адатта согуш туунун айланасында орун алган… Ушуга негизделип ислам аскерлеринин көпчүлүгү ушул тууну коргоонун натыйжасында шейит кетишкен.

Мута согушунда жетимиштей шейит болгондугу тууралуу далилдер:

Байхакийдин пайгамбарлыктын далилдери аттуу китебинде мындай келген: (277 /3 ) “Абу Хусейн бин Бишроона Адл Багдадда бизге Абу Амр бин Самаак, Ханбал бин Исхаак, Аффан, Хаммад бин Салмата Сабиттен ал Анастан риваят кылат: Я Роббим, ансарлардан жетимиш, Ухудда жетимиш, Биру Маъунатада жетимиш, Мутада жетишимиш, Ямамада жетимиш мусулман шейтит болушту”.

Ибн Касирдин Пайгамбардын сиросу китебинде (9/ 3)

“Хаммад бин Салмата Саабиттен, ал Анастан риваят кылат: Ухудда жетимишке жакын Биру Маъунада жетимиш, Мутада жетимиш, Ямамада жетимишке жакын мусулман шейит болушту”.

Мутада он эки шейит болгондугу тууралуу риваяттар:

Ибн Касирдин пайгамбарлык сиросу китебинде (499 /3)

“Мута согушунда мусулманлардын арасынан шейит кеткендер… Төртөө мухажирлерден, ансарлардан төртөө, бардыгы сегиз шейит. Ибн Исхактын риваятында, Ибн Хишаам айтты: Мута согушунда шейит кеткендер тууралуу Ибн Шихааб Захрийдин риваяты… алардын төртөө анасарлардан, жалпысынан он эки мусулман шейит болгон”.

Куран жана Сүннөттү жаркындаштыра турган пайгамбарлык сиро китебинде (428/2)

“Тарыхтагы бирден бир окуя катары саналган окуя күчтүү куралданган жетимиш аскерге каршы бир аскердин бетме бет келүүсү. Бирок биздин ыйманыбыз коркокторубузду коркпос, коркпосторубузду баатыр кылды. Таң кала турган ажайып нерсе бул мута согушунда мусулмандардан сегиз эле адамдын шейит кетиши. Дагы бир жерде он эки деп айтылган”.

Эки далил жамдаштырылып күчтүү тарабы алына турган болсо, жетимиш мусулман шейит болгондугу тууралуу далил алынат. Анткени

он эки жетимиштин ичине кирет. Мына ушундайча эки далил жамдаштырылат. Он эки деп риваят кылгынгандыгы алар башкаларын билбей калгандыгын билдирет. Ал эми жетимиш деп риваят кылынгандыгы көпчүлүктүн билгенин билдирет. Үч миң аскердин ичинен жетимиштейи шейит кетиши көпчүлүк маанини түшүндүрөт. Ошондуктан китептин ибаратында “мусулмандардын арасынан көптөгөн шейиттер болду” деп келген. Ошондуктан китептеги ибара туура негизде берилген аны өзгөртүүгө кажет жок.

Ушул жетиштүү деп ойлом. Туурасын Аллах билүүчү.

28-апрель, 2018-м.

## Пайгамбарлар менен элчилердин айырмасы

**Суроо**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху

“Биринчи Шахсия” китебинде Пайгамбарлар жана элчилер сабагынын биринчи бөлүгү 130-бетинде мындай деп айтылат:

“Муса алейхи салам пайгамбар жана элчи анткени ага шарият вахий кылынган жана ага вахий кылынган шарият ал үчүн рисаалат болуп саналат. Ал эми Харун алейхи салам пайгамбар элчи эмес. Анткени башкага жеткирүү үчүн ага вахий кылынган шарият ал үчүн рисаалат эмес. Себеби ал Муса алейхи саламга рисалаалат болуп түшүрүлгөн”.

Шахсия китебинде келген бул текст менен Курани каримде келген бул аятты кандай байланыштырабыз:

﴿فَأْتِيَاهُ فَقُولا إِنَّا رَسُولا رَبِّكَ﴾

( ага (Фараонга) барып биз ( роббиңдин элчисибиз деп айткыла) Тоха 47-аят

﴿فَأْتِيَا فِرْعَوْنَ فَقُولا إِنَّا رَسُولُ رَبِّ الْعَالَمِينَ﴾

(ага ( Фараонго барып биз ааламдардын роббисинин элчисимин деп айткыла) Шуьароо 16-аят

Бул аяттардын баардык тафсиринде Харун алейхи саламдын пайгамбар жана элчи болгондугу тууралуу келгендигин окудум.

**Жооп**:

Биринчи: Пайгамбар менен Расулдун ортосундагы айырмачылык боюнча аалымдар арасында бир нече келишпестиктер болгон анын ичинен төмөнкүлөр:

1-Пайгамбар деген кимге аткарууга милдетендирилген вахий түшүрүлүп, аны жеткирүүгө буюрулбаган адам, эгер жеткирүүгө буюрулса анда ал элчи... Ибн Хажар аль-Аскалани Фатхул-Бариде мындай деп айткан:

Нубува ( пайгамбарлык) менен рисаалат сөздөрү турмуштук кырдаалда айырмаланат. Нубува бул кабар деген маани берет. Пайгамбар бул Аллах тарабынан кабар берилип аны аткарууга милдетендирилген жана аны башка адамга жетикирүүгө буйрулбаган адам. Эгери башка адамга жеткирүүгө буйрулса анда ал элчи. Ошондуктан ар бир элчи пайгамбар. Ар бир пайгамбар элчи эмес. Пайгамбар менен элчи Аллахтан кабар алуу жагында бирдей шериктеш. Ал эми рисаалатты жеткирүү жаатында ажырайт. Демек баланча элчи десең ал пайгамбар жана элчи дегенди билдирет, ал эми баланча пайгамбар десең ал элчи дегенди билдирбейт...

2. Элчи деген вахийди жеткирүү үчүн жөнөтүлгөн жана аны менен бирге китеп болот. Ал эми Пайгамбар деген вахийди жалпы түрдө

жеткирүү үчүн жөнөтүлгөн. Аль-Айни “Бинаяту шарху хидаятта” төмөндөгүлөрдү айткан: [Бинаяту шарху хидаят (1/116)

Элчи менен Пайгамбардын ортосундагы айырма:

Элчи: Вахийди жеткирүү үчүн жиберилген жана аны менен бирге китеп бар. Пайгамбар: Китеп менен болсун, китепсиз болсун айырмасы жок жалпы түрдө вахийди жеткирүү үчүн жиберилген. Юушиг алейхи салам сыяктуу. Пайгамбар элчиге караганда жалпы мааниге ээ. Бул тууралуу шейх Кавам ад-Дин аль-Атрази өзүнүн “Шархында” айткан. Ал “Нихаая” китебинин авторуна ээрчип: Элчи” Ал Муса алейхи салам сыяктуу жанында китеби бар Пайгамбар. Ал эми Пайгамбар: Юушиг алейхи салам сыяктуу жанында китеби болбосо да Аллах тарабынан вахий берилген адам. Ошондуктан Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам айтты;

قال النبي عَلَيْهِ الصَّلَاةُ وَالسَّلَامُ: «عُلَمَاءُ أُمَّتِي كَأَنْبِيَاءِ بَنِي إِسْرَائِيلَ

“Менин үммөтүмдүн аалымдары Бани Исраилдин пайгамбарлары сыяктуу”. Ал: “ Бану (урпактары) Исраил элчилери сыяктуу” деп айткан жок. шейх Акмал-Ад-Дин рахимахуллах да буларды ээрчиди. Экөөнүн ортосундагы айырмачылык ушундай...

3- Элчи – шарият түшүрүлүп, аны жеткирүүгө буюрулган адам. Ал эми пайгамбар- башка элчилердин шарияты түшүрүлгөн жана аны жеткирүүгө буйрулган адам. Элчи өзүнүн шариятын жеткирүүгө буюрулган. Ал эми Пайгамбар башкалардын шариятын жеткирүүгө буюрулган.) Мына ушул пикирди биз “Ислам шахсы” китебинин 1-бөлүмүнүн 35-38-беттери тандап түшүндүргөнбүз:

(Пайгамбарлар жана элчилер: Пайгамбар менен Элчи эки башка сөз. Бирок Аллахтан кабар алуу жаатында бирдей мааниде. Алардын ортосундагы айырмачылык – Расулул ага шарият түшүрүлүп, аны жеткирүүгө буюрулган адам. Ал эми пайгамбар башка элчилердин шарияты түшүрүлгөн жана жеткирүүгө буйрулган адам. Элчи өзүнүн шариятын жеткирүүгө буюрулган. Ал эми пайгамбар башкалардын шариятын жеткирүүгө буюрулган. Аль-Каази аль-Байдави аятты түшүндүрүп:

﴿وَمَا أَرْسَلْنَا مِنْ قَبْلِكَ مِنْ رَسُولٍ وَلَا نَبِيٍّ﴾

(биз сенден ( Мухаммад) мурун Элчи жана Пайгамбар жиберген эмеспиз( эгер жиберсек)...) Хаж 52-аят

“Элчи – бул Аллах Таала жаңыланган шарият менен жиберип адамдарды ага чакырган адам. Пайгамбар - мурунку шарияты орнотуу үчүн Аллах тарабынан жиберилген адам”. “Муса алейхи салам пайгамбар жана элчи анткени ага шарият вахий кылынган жана ага вахий кылынган шарият ал үчүн рисаалат болуп саналат. Ал эми Харун алейхи салам пайгамбар элчи эмес. Анткени башкага жеткирүү үчүн ага вахий

кылынган шарият ал үчүн рисаалат эмес. Себеби ал Муса алейхи саламга рисалаалат болуп түшүрүлгөн”. Ал эми биздин мырзабыз Мухаммад саллаллаху алейхи васаллам  ага шарият түшүрүлгөндүктөн ал пайгамбар, ал эми ага түшүрүлгөн шарият ага рисаалат  болгону үчүн ал элчи...] китебтеги цитата бүттү.

Бул пикир эң туура жана туура сөз... Пайгамбар саллаллаху алейхи васалламдын хадистери Пайгамбардын жана Расулулдун ортосундагы айырманы көрсөтөт. Мисалы Абу Хазим риваят кылган хадисте келген; Мен Абу Хурайранын жанында беш жыл болдум жана анын Пайгамбардан (Ага Аллахтын салам-салаваты болсун) мындай дегенин уктум:

عَنْ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: «كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمْ الْأَنْبِيَاءُ كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لَا نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَيَكُونُ خُلَفَاءُ فَيَكْثُرُونَ. قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الْأَوَّلِ فَالْأَوَّلِ؛ أَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»،

“Исраил урпактарын пайгамбарлар башкарган, качан бир пайгамбар өлсө, анын ордуна башкасы келген. Менден кийин пайгамбар жок. Халифалар болот, алар көп болот. Алар айтышты: Бизге эмнени буйруйсуз? Ал айтты: Биринчинин биринчисинин байъатын аткар. Алардын акысын бер, анткени Аллах алардан аларга аманат кылган нерселерин сурайт”.

Бул хадистен көрүнүп тургандай, Исраил урпактарынын пайгамбарлары Муса алейхи саламдын шарияты боюнча аларды башкарышкан. Белгилүү болгондой жана хадистин өзү көрсөткөндөй, бул жерде халифтердин иштеринин табияты Бани Исраил пайгамбарларынын иштерине окшоштурулган. Башкача айтканда калкты саясий жактан башкарууда. Исраил урпактарынын пайгамбарлары Муса алейхи саламдын шарияты боюнча элге өкүм кылган. Анын сыңарындай, халифалар мусулмандарды Мухаммад саллаллаху алейхи васалламдын шариятына ылайык башкарат... Бул Исраил урпактарынын пайгамбарлары жаңы мыйзам менен келгенбегендигин тескерисинче, алар Муса алейхи саламдын шариятына баш ийишкенин билдирет. Бул хадис пайгамбардын вахий алып адамдарга жеткирүүчү экенине ишарат кылат. Бирок алар адамдарга жаңы шарияты жеткирбейт, тескерисинче өзүнөн мурунку пайгамбардын шариятын жеткирет. Ошондой эле Расул-аны ээрчиген пайгамбарлар ээрчий турган жаңы шарияты алып келүүчү экендиги да түшүнүлөт. Исраил урпактарынын пайгамбарлары Муса алайхис саламдын шариятына ээрчигени сыяктуу... Жогоруда айтылган хадис, Пайгамбар менен Расулдун ортосундагы айырмачылыкка болгон далилдердин бири.

Экинчиси: Харун алейхи саламдын вакыйы:

1- Исламий Шахсия китебинен жогоруда келтирилген текстте айтканыбыздай: “Муса алейхи салам пайгамбар жана элчи анткени ага шарият вахий кылынган жана ага вахий кылынган шарият ал үчүн рисаалат болуп саналат. Ал эми Харун алейхи салам пайгамбар элчи эмес. Анткени башкага жеткирүү үчүн ага вахий кылынган шарият ал үчүн рисаалат эмес. Себеби ал Муса алейхи саламга рисалаалат болуп түшүрүлгөн”. Башкача айтканда Элчи жана Пайгамбар жөнүндөгү эң туура аныктамабызга таянып, Харун алейхиссаламды элчи эмес, пайгамбар деп чечтик. Анткени Харун алейхи салам шарият маселеси жаатында Муса алейхи саламды ээрчиген. Төмөндө көрсөтүлгөндөй шарьий нусустар буга күбө.

2-Суроодо айтылган эки асыл аяттарды кээ бир тафсир китептеринен кыскача алардын чечмеленишин карап көрөлү:

А- (Тафсир ан-Насафи (2/ 297)

﴿فَأْتِيَاهُ﴾ Фараонго баргыла ﴿فَقُولا إِنَّا رَسُولاَ رَبِّكَ﴾ (биз сенин роббиңдин элчисибиз деп айткыла) алар ага келип рисаалаты жеткиришти жана Роббиси эмне буйругандыгын ага айтышты. ﴿قَالَ فَمَن رَّبُّكُمَا يا موسى﴾ ( Фараон эй Муса экөөңдүн роббиңер ким деди) Фараон аларга кайрылып, анан алардын бирин атын атады, анткени Муса негизги пайгамбар эле жана Харун аны ээрчиген....

Ошондой эле (Тафсир ан-Насафи (2/464)

﴿فَأْتِيَا فِرْعَوْنَ فَقُولا إِنَّا رَسُولُ رَبِّ الْعَالَمِينَ﴾ ( Фараонго барып биз ааламдардын роббисинин “элчисимин” деп айткыла.) бул аятта элчи сөзү кийинки аятагыдай көптүк менен эмес жекелик сөзү менен келген. ﴿إِنَّا رَسُولاَ رَبِّكَ﴾ (биз сенин роббиңдин “элчисибиз”) Анткени расул (элчи) сөзү жөнөтүлгөн жана рисаалат ( миссия, кабар алып келүүчү) маанисинде. Биринчи аятта жөнөтүлгөн маанисинде келди ошондуктан ал жерде аны көптүк мааниде айтууга зарылчылык жок болду. Экинчи аятта рисаалат маанисинде келди ошондуктан бир же андан көп болуусунун айырмасы жок сыпааталууда бирдей болот. Же ал экөө бир шариятын негизинде келген бир элчи деген маани. Же биздин ар бирибиз ﴿أَنْ أَرْسِلْ﴾ жөнөнтүүңдү каалайт. Башкача айтканда расул сөзү жөнөтүү маанисин камтыш үчүн.﴿مَعَنَا بَنِي إِسْرَائِيلَ﴾ (бану Исраилди биз менен жөнөт) Аларды биз менен Палестинага коё берүүнү каалайт. Бул жер ал экөөнүн (Муса менен Харундун) жашаган жери болчу, ошондуктан алар Фараондун эшигине келишти аларга бир жыл уруксат берилген жок. Ал тургай эшиктер да: бул жерде өзүн ааламдардын роббисинин элчисимин деген адам турат деп айтканга чейин. Фараон айтты: ага уруксат бер биз анын үстүнөн шылдыңдап күлөбүз. Муса менен Харун ага рисаалатты жетеришти Фараон Мусаны тааныды...)

Б-(Тафсир аль-Куртуби (13/93)

﴿فَأْتِيَا فِرْعَوْنَ فَقُولا إِنَّا رَسُولُ رَبِّ الْعَالَمِينَ﴾ Алла Таала айтат: ( Фараонго барып биз ааламдардын роббисинин элчисимин деп айткыла.) Абу Убайда айтат: расул рисаалат маанисинде мындан көздөлгөн максат- биз ааламдардын Раббисинин рисалатын жеткирүүчүбүз... Абу Убайд айтты: расул ( элчи) сөзү эки жана көптүк маанисинде болушу жаиз. Арабдар: Бул менин элчим жана менин өкүлүм, бул экөө менин элчим жана менин өкүлүм, булар менин элчим жана менин өкүлүм – дешет. Аллахтын бул аяты ﴿فَإِنَّهُمْ عَدُوٌّ لِي﴾ ( алар менин душманым) ушундай жекелик маанинде келген. Аририбиз ааламдардын Раббисинин элчисибиз дегени да тууралуу айттылган.

В- Харун алейхи салам "Ирсал"( жөнөтүү) жана "Ар-Рисала" сөздөрү менен эскерилген бул эки аятта жана башка аяттарга терең назар салынса - аларда "Ирсал" сөзү менен эскерилүүсү дайыма Муса алейхи салам менен бирге болгондугу айкын болот. Башкача айтканда аны ээрчүү менен. Мисалы Аллах Таала айтат:

﴿ثُمَّ أَرْسَلْنَا مُوسَى وَأَخَاهُ هَارُونَ بِآيَاتِنَا وَسُلْطَانٍ مُبِينٍ﴾،

(Андан кийин Биз Мусаны жана анын бир тууганы Харунду Өз аяттарыбыз жана ачык далилибиз менен жөнөттүк) Момундар 45-аят.

﴿وأَخِي هَارُونُ هُوَ أَفْصَحُ مِنِّي لِسَاناً فَأَرْسِلْهُ مَعِيَ رِدْءاً يُصَدِّقُنِي إِنِّي أَخَافُ أَنْ يُكَذِّبُونِ﴾

(Менин бир тууганым Харун, ал менден чечен аны менен бирге мени тастыктап колдой турган кылып жөнөт, анткени алар мени жалганчылыка чыгарышынан корком) Касас 34-аят

﴿وَإِذْ نَادَى رَبُّكَ مُوسَى أَنِ ائْتِ الْقَوْمَ الظَّالِمِينَ * قَوْمَ فِرْعَوْنَ أَلَا يَتَّقُونَ * قَالَ رَبِّ إِنِّي أَخَافُ أَنْ يُكَذِّبُونِ * وَيَضِيقُ صَدْرِي وَلَا يَنْطَلِقُ لِسَانِي فَأَرْسِلْ إِلَى هَارُونَ * وَلَهُمْ عَلَيَّ ذَنْبٌ فَأَخَافُ أَنْ يَقْتُلُونِ * قَالَ كَلَّا فَاذْهَبَا بِآيَاتِنَا إِنَّا مَعَكُمْ مُسْتَمِعُونَ * فَأْتِيَا فِرْعَوْنَ فَقُولَا إِنَّا رَسُولُ رَبِّ الْعَالَمِينَ * أَنْ أَرْسِلْ مَعَنَا بَنِي إِسْرَائِيلَ﴾

( Раббиң Мусага: Залымдар коомуна Фараондун коомуна бар, алар ( Аллахтын азабынан) корушпайбы (деп айт) ? Деп (Мусага) чакырык салганда Муса айтты: Оо, Раббим, алар мени жалганчыга чыгарышынан корком. Менин жүрөгүм кысылып ( акыйкатты баяндап берүүдө) тилим кыскалык кылат. Харунга жибер ( ага да Жабреил а.с. жиберип вахий кыл). Алардын астында менин күнөөм бар алар мени өлтүрүп коюшунан корком. (Аллах) айтты жок ( коркпо) экөөң тең биздин аят белгилерибиз менен ага (Фараонго) баргыла биз силер менен чогу угуп туручубуз. Фараонго барып: Биз бүткүл ааламдардын Раббисинин элчисибиз биз менен бирге Исраил урпактарын жөнөт- деп айкыла.) Шуьароо 10...18 –аяттар.

﴿اذْهَبْ أَنْتَ وَأَخُوكَ بِآيَاتِي وَلَا تَنِيَا فِي ذِكْرِي * اذْهَبَا إِلَى فِرْعَوْنَ إِنَّهُ طَغَى * فَقُولَا لَهُ قَوْلاً لَيِّناً لَعَلَّهُ يَتَذَكَّرُ أَوْ يَخْشَى * قَالَا رَبَّنَا إِنَّنَا نَخَافُ أَنْ يَفْرُطَ عَلَيْنَا أَوْ أَنْ يَطْغَى * قَالَ لَا تَخَافَا إِنَّنِي مَعَكُمَا أَسْمَعُ وَأَرَى * فَأْتِيَاهُ فَقُولَا إِنَّا رَسُولَا رَبِّكَ فَأَرْسِلْ مَعَنَا بَنِي إِسْرَائِيلَ وَلَا تُعَذِّبْهُمْ قَدْ جِئْنَاكَ بِآيَةٍ مِنْ رَبِّكَ وَالسَّلَامُ عَلَى مَنِ اتَّبَعَ الْهُدَى * إِنَّا قَدْ أُوحِيَ إِلَيْنَا أَنَّ الْعَذَابَ عَلَى مَنْ كَذَّبَ وَتَوَلَّى

(Сен жана бир тууганың Харун менин аят белгилерим менен ( Фараонго) баргыла. Мени зикир кылууда ( рисаалаты жеткирүүдө) бошоңдук кылбагыла (бекем болгула). Фараонго баргыла ал зулумдук кылып чектен ашты. Ага (Фараого) жумшак сөз айтып чакыргыла мүмкүн ал эстээр же ( роббисинен) коркор. Ал экөө айтышты Роббибиз, биз анын үстөмдүк кылуусунан же бизге зулумдук кылуусунан коркуп жатабыз. Аллах айтты: Коркпогула, мен экөөңөр мененмин. Мен (силер менен бирге) угуп жана көрүп турам. Ага барып: биз Роббиңдин элчисибиз, биз менен бирге Исраил урпактарын жибер, аларды азаптаба, Биз сага Роббиңден бир аят-белги алып келдик жана туура жолду ээрчигендерге салам болсун- деп айткыла.( Аллахтын) азабы жалганчы жана жүз бургандарга боло тургандыгы бизге вахий кылынды ( деп айткыла) Тоха 42...48- аяттар

Бул нусустардын бардыгынан көрүнүп тургандай, Харун алейхи салам рисаалат менен сыпатталуусунда жалгыз эмес баардыгында Муса алейхи салам менен бирге сыпаатталгандыгы көрүнүп турат. Башкача айтканда Харун алейх салам жалгыз өзү рисаалат менен сыпаатталган эмес.

Г – Куранда Харун алейхи салам жалгыз өзү сыпаатталып келген аяттарда ал Пайгамбар деп гана сыпаатталган элчи деп сыпааталган эмес. Ошол эле аяттын өзүндө Муса алейхи салам пайгамбар жана элчи деп сыпааталып келген. Аллах айтат:

وَاذْكُرْ فِي الْكِتَابِ مُوسَى إِنَّهُ كَانَ مُخْلَصاً وَكَانَ رَسُولاً نَبِيّاً * وَنَادَيْنَاهُ مِنْ جَانِبِ الطُّورِ الْأَيْمَنِ وَقَرَّبْنَاهُ نَجِيّاً * وَوَهَبْنَا لَهُ مِنْ رَحْمَتِنَا أَخَاهُ هَارُونَ نَبِيّاً﴾

(Китепте( куранда) Мусанын чын ыкластуу болгондугун, элчи жана пайгамбар болгонун эскерт. Биз ага Тур тоосунда анын (Мусанын) оң тарабынан ага жакындадык. Ага өз рахматыбыздан бир тууганы Харунду пайгамбар кылып бердик. ) Мариям 51..53-аяттар.

Муса алейхи саламды ﴿رَسُولاً نَبِيّاً﴾ элчи жана пайгамбар деп айтты. Бул- Муса алейхи саламдын пайгамбар жана элчи экенин түшүнүү жагынан биз туура көрүп тандап алган пикирди колдоп кубаттап турат. Анткени ага жаңы шарият түшүрүлгөн жана аны жеткирүүгө буйрулган. Ал эми Харун алейхи салам ал элчи эмес ал пайгамбар. Анткени ал Муса алайхис саламды ээрчип, Муса алайхис саламга түшүрүлгөн жаңы рисаалатты өз алдынча эгемендүүлүккө ээ болбостон жеткирүүгө буйрулган.

Ибн Касирде бул аяттардын тафсиринде төмөнкүдөй айтылган:

(Тафсир Ибн Касир (5/237)

.. Аллах Таала Ибрахим ал-Холилди эске салып аны мактагандан кийин, Калламлох Муса алейхи саламды эске салган:

﴿وَاذْكُرْ فِي الْكِتَابِ مُوسَى إِنَّهُ كَانَ مُخْلَصاً﴾

(Китепте( куранда) Мусанын чын ыкластуу болгондугун эскерт)

﴿وَكَانَ رَسُولا نَبِيّاً﴾

(Ал элчи жана пайгамбар болгон) ага эки сыпат кошулган. Анткени ааламдагы беш улуу элчилерден болгон алар: Нух, Ибрахим, Муса, Иса жана Мухаммад саллооху алейхи уа салам аларга жана башка бардык пайгамбарларга Аллахтын салам-салаваты болсун.

﴿وَوَهَبْنَا لَهُ مِنْ رَحْمَتِنَا أَخَاهُ هَارُونَ نَبِيّاً﴾ ( Ага өз рахматыбыздан бир тууганы Харунду пайгамбар кылып бердик.) Тактап айтканда, анын суроосуна жана агасы үчүн кылган шапаатына жооп бердик.فجعلناه نبيّاً ( аны пайгамбар кылдык) Башка аяттарда айтылгандай:

﴿وأَخِي هَارُونُ هُوَ أَفْصَحُ مِنِّي لِسَاناً فَأَرْسِلْهُ مَعِيَ رِدْءاً يُصَدِّقُنِي إِنِّي أَخَافُ أَنْ يُكَذِّبُونِ﴾

(Менин бир тууганым Харун, ал менден чечен аны менен бирге мени тастыктап колдой турган кылып жөнөт, анткени алар мени жалганчылыка чыгарышынан корком) Касас 34-аят

﴿قَدْ أُوتِيتَ سُؤْلَكَ يَا مُوسَى﴾

( сураганың берилди Эй Муса) Тоха 36-аят.

﴿فَأَرْسِلْ إِلَى هَارُونَ * وَلَهُمْ عَلَيَّ ذَنْبٌ فَأَخَافُ أَنْ يَقْتُلُونِ﴾

(Харунга жибер ( ага да Жабреил а.с. жиберип вахий кыл). Алардын астында менин күнөөм бар алар мени өлтүрүп коюшунан корком.) Шуьароо 14-15 –аяттар.

Ошол себептен мурунку Салафтардын кээ бирлери: “Бул дүйнөдө эч кимдин шапааты Мусанын Харунду пайгамбар болушуна кылган шапаатынан чоңураак шапаат жок”. дешкен.

Аллах айтат:

﴿وَوَهَبْنَا لَهُ مِنْ رَحْمَتِنَا أَخَاهُ هَارُونَ نَبِيّاً﴾

( Ага өз рахматыбыздан бир тууганы Харунду пайгамбар кылып бердик.)

Ибн Жарир айтты: Йакуб бизге риваят кылды, Ибн Улята бизге Дауддан, Икримадан риваят кылды, ал айтты: Ибн Аббас айтты: Харун Мусадан улуу болчу бирок ага пайгамбарлыгын тартуулагысы келди.)

2- Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, Пайгамбар жана Элчи үчүн биз кабыл алган аныктама боюнча, Муса алейхи салам пайгамбар болуп саналат. Анткени ага жеткирүү үчүн шарият вахий болгон. Ошондой эле элчи да болуп саналат. Анткени ага өзүнө таандык рисаалат вахий кылынган. Ал эми Харун алейхи салам ал пайгамбар себеби ага жеткирүү үчүн шарият вахий болгон. Бирок ал элчи эмес, анткени ага жеткирүү үчүн түшүрүлгөн шарият ал үчүн эмес, ал бир тууганы Муса алейхи саламга берилген шарият.

Бул маселеде биз туура көргөн жана биз тандап кабыл алган пикир ушул. Аллах – Билүүчү жана Даанышман.

Боордошуңар Ата бин Холил Абу Рушта.

12-шаввал, 1444-х.

2-май, 2023-м.

## Каза-кадар жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, «Тайсир фи усули тафсир» китебинин (арабча текстинде) 44-бетинде мындай делет: «... Же наклий болот т.а. Аллах Субханаху тарабынан экендигинин катъийлиги Ал Заттын Китеби Кариминде накл кылынышы аркылуу болот же Расулуллах ﷺ тарабынан экендигинин катъийлиги Пайгамбар ﷺдан риваят кылынган мутаватир хадисте накл кылынышы аркылуу. Мисалы, гайб нерселерге, периштелерге, мурун түшүрүлгөн китептерге, өткөн пайгамбарларга, Акырет күнүнө, кадардын жакшысы жана жаманына ыйман келтирүү сыяктуу. Аллах Таала Ниса сүрөсүнүн 136-аятында айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا آمِنُوا بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ وَالْكِتَابِ الَّذِي نَزَّلَ عَلَى رَسُولِهِ وَالْكِتَابِ الَّذِي أَنْزَلَ مِنْ قَبْلُ وَمَنْ يَكْفُرْ بِاللَّهِ وَمَلَائِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالًا بَعِيدًا﴾

*«Эй момундар, Аллахка, Анын пайгамбарына жана пайгамбарына түшүргөн Китебине о.э. мурун түшүрүлгөн Китептерине ыйман келтиргиле. Кимде-ким Аллахка, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына жана Акырет күнүнө ишенбесе, демек, ал өтө катуу адашыптыр»* [4:136]

Пайгамбар ﷺ болсо Жибрил алайхис саламдын ыйман жөнүндөгү суроосуна жооп берип мындай деди:

«أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ وَمَلاَئِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَاليَوْمِ الآخِرِ وَالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ مِنْ اللهِ تَعَالَى»

«Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, Акырет күнүнө, кадардын жакшысы да, жаманы да Аллах Тааладан деп ыйман келтиришиң»». Менде бир суроо бар, анык түшүндүрүп беришиңизди суранамын. Эгер, ушул хадис мутаватир болсо, ал тургай, кадарга болгон ыйман анын негизине курулса, анда эмне үчүн ушул хадис Исламий шахсия китебинин 1-бөлүмүндө, исламий акыйда жөнүндөгү талкууда көрсөтүлбөгөн? Тескерисинче, китеп автору рохимахуллаху каза жана кадарга болгон ыйман аклий далил үстүнө курулушун айткан.

Аллах силерди эң жакшы сыйлык менен сыйласын, Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух,

Жооп берүүдөн мурун мен этибарыңызды эки нерсеге каратамын, бул эки нерсе сизге түшүнүксүз болгон көрүнөт: аяттарда, хадистерде келген «кадар» сөзү жана «каза жана кадар» термини. Экөөсү бир тема эмес, эки тема. Ошон үчүн «түзүм» китебинде же «шахсия» китебинде сиз окуган «каза жана кадар» темасы сиз суроо берген хадисте келген «кадардан» айырмаланат.

Эми сиздин суроонузго төмөнкүдөй жооп беремин:

1 – Муслим риваятында келген Набий ﷺдын Жибрил алайхис саламдын ыйман жөнүндөгү суроосуна жооп катары:

«أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ وَمَلاَئِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَاليَوْمِ الآخِرِ وَالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ»

«Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, расулдарына, Акырет күнүнө ыйман келтиришиң жана жана кадардын жакшысына да, жаманына да ыйман келтиришиң» деген хадисине келсек, ал мутаватир хадис эмес, сахих ахад хабар, муну менен бирге, ал сиз суроонузда айткан «Тайсир фи усули тафсир» китебиндеги орунда сахих далил катары далил кылып көрсөтүлгөн. Себеби, бул жерде ыйман келтирүү талап кылынган нерсеге далил кылып келтирилди, ыйман келтирүү талап кылынган темага далил кылып келтирилген жок. Анткени, Исламга ыйман келтирүү талабы аят жана Расулуллах ﷺдан риваят кылынган хадис менен, ал тургай, Расулуллах ﷺ жиберген кат менен да болот. Расул ﷺ падышаларга жиберген элчилер менен бирге Исламга даъват кылып каттарды жөнөткөн...

2 – Бирок, кадар акыйдадан экендигине, ошон үчүн аны инкар кылган кимсе кафир экендигине хужжат каим кылуу убагында жана ал (кадар) Аллахтын илими экендигин о.э. ар бир нерсе эзелтен Лавхул Махфузда жазып коюлгандыгын далил кылууда катъий далилдерге таянылат. Ошондуктан, бул убакта кадар эзелтеги тагдыр маанисинде экендиги туурасында катъий аяттар зикр кылынат т.а. жер-асмандагы кандай нерсе болбосун, баарын Аллах эзелтен билиши, аларды эзелтен тагдыр кылып койгондугу жана эзелтен Лавхул Махфузда жазылгандыгы жөнүндө каъий аяттар айтылат... Бул катъий аяттардын айрымдары ушулар, Аллах Таала айтат:

﴿إِلَّا امْرَأَتَهُ قَدَّرْنَا إِنَّهَا لَمِنَ الْغَابِرِينَ﴾

*«Анын аялына гана (кутулуу жок). (Себеби), Биз (Аллах) анын (азап-укукбатта) калуучулардан болушун тагдыр кылып койгонбуз»* [15:60]

Бул аяттагы قدّر калимасынын мааниси – эзелтеги тагдыр. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَنْ يَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ فَهُوَ حَسْبُهُ إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

*«Ким Аллахка тобокел кылса, анда, (Аллахтын) Өзү ага жетиштүү. Албетте, Аллах Өзү (каалаган) ишине жетүүчү. Чындыгында, Аллах бардык нерсе үчүн кадар кылып койгон»* [65:3]

Бул аяттагы ар бир нерсе үчүн кадар бар деген сөздүн мааниси – ар бир нерсе үчүн бир тагдыр жана белгилеп коюлган убакыт бар дегени, мында эзелтеги тагдыр назарга алынат. Аллах Таала айтат:

﴿قُلْ لَنْ يُصِيبَنَا إِلَّا مَا كَتَبَ اللَّهُ لَنَا هُوَ مَوْلَانَا وَعَلَى اللَّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ الْمُؤْمِنُونَ﴾

*«Айткын: Бизге жалаң Аллах биз үчүн жазып койгон нерсе гана жетет. Ал биздин кожобуз. Демек, ыймандуу кишилер Аллахка гана таянышсын!»* [9:51]

Бул аяттын мааниси «бизге Аллах эзелтен жазып койгон жана бизге тагдыр кылып койгон нерсе гана жетет, биз Аллахка тобокел кылуучуларбыз» дегени. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا مِنْ دَابَّةٍ فِي الْأَرْضِ وَلَا طَائِرٍ يَطِيرُ بِجَنَاحَيْهِ إِلَّا أُمَمٌ أَمْثَالُكُمْ مَا فَرَّطْنَا فِي الْكِتَابِ مِنْ شَيْءٍ﴾

*«Жерде сүйрөлүп жүргөн ар бир жаныбар, асманда канат кагып жаткан ар бир куш кудум силер сыяктуу (Биздин кол астыбыздагы) жамааттар. Китепте бир да нерсени койбой (жазганбыз)»* [6:38]

Бул аяттын мааниси «алар да силерге окшош үммөттөр, силердин ырыскыңар, ажалыңар жана амалыңар жазып коюлгандай, алардын ырыскылары, ажалдары жана амалдары да жазып коюлган, Лавхул Махфузда эч бир нерсени калтырбастан жана эч бир нерседен кабарсыз болбостон (баарын жазып койдук)» дегени. Лавхул Махфуз Китеп деп аталды т.а. ар бир нерсе Лавхул Махфузда жазып коюлган. Бул болсо Аллахтын илиминен кабар берет т.а. кандай гана нерсе болбосун Аллах баарын билет. Аллах Таала дагы айтат:

﴿عَالِمِ الْغَيْبِ لَا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلَا فِي الْأَرْضِ وَلَا أَصْغَرُ مِنْ ذَلِكَ وَلَا أَكْبَرُ إِلَّا فِي كِتَابٍ مُبِينٍ﴾

*«Кайыпты билген Жаратуучу. Асмандар жана жердеги бир кымындай, андан да кичине (же) чоң бир да нерсе (Андан) жашыруун болбойт — албетте ачык Китепте бар болот»* [34:3]

Т.а. Лавхул махфузда баары жазып коюлган. Бул аят далил катары көрсөтүлүп, Аллах илиминен кабар берип турат.

3 – Ушуну да айтуу зарыл, бул маанидеги кадар т.а. эзелтеги тагдыр, же Лавхул Махфузда жазып коюлушу, же Аллах Субханаху баланча иштин болушун билиши амал ишке ашуусунда Аллахтын илимине таянуу, амал кылуу каражаттарын албоо же сабабдар жана мусаббабдарга киришпөө маанисин түшүндүрбөйт. Анткени, бирер адам бир иштин болушун же болбошун билгидей, Аллахтын илими эч кимге ачылбаган. Ошондуктан, бирер нерсенин болушун же болбошун алдын ала билүү мүмкүн эмес, аны жүзөгө чыгаруу каражаттарына киришип, ал ишке ашырылгандан кийин гана билүү мүмкүн. Мына ошондон кийин амал болушу же болбошу жагынан болгон вакиълик ачыкталып маалым болот. Ошондуктан, Аллах илимине таянып амалды таштоо туура болбойт, бул нерсе сахабаларга орчундуу-түшүнүксүз болгондо Расул ﷺ аларды таянып калбоо туурасында эскертип, аларды амал кылууга буюрган. Бухарий Али караммаллаху важхахудан ушуну чыгарды:

«فَقَالَ رَجُلٌ مِنْ الْقَوْمِ: أَلاَ نَتَّكِلُ يَا رَسُولَ اللهِ؟ قَالَ: لاَ، اعْمَلُوا فَكُلٌّ مُيَسَّرٌ، ثُمَّ قَرَأَ: فَأَمَّا مَنْ أَعْطَى وَاتَّقَى الآيَةَ»

«Ошондо коумдон бир киши: (Аллахтын илимине) таянбайбызбы, я Расулуллах? – деди. Пайгамбарыбыз: жок, амал кылгыла, ал бир киши жетиштирилген, деди кийин: «فَأَمَّا مَنْ أَعْطَى وَاتَّقَى», деген аятты кыраат кылды». Бул хадис кадарга болгон ыйман таянып калууну түшүндүрбөшүн ачык-айкын көрсөтүп айтып турат. Себеби, кадар жана жазып коюлгандык т.а. Аллахтын илими эч бир адамга ачыкталбайт, ошондой болгон соң, кайсы нерсеге таянылат?

Ошондуктан, Расулуллах ﷺ «таянбайбызды?» деп сураган кишиге «Жок» деп жооп берди т.а. Аллах илимине таянуудан кайтарды, муну менен гана чектелбестен, ага «Амал кылгыла» деп айтты т.а. аны амал кылууга буюрду. Ошондуктан, кадарга болгон ыйман амал кылбоону түшүндүрбөйт.

Кадар жөнүндөгү сурооңузго жооп анык болду го деп үмүттөнөмүн.

7-шаввал, 1436-х.
23-июль, 2015-м.

## Акырет шейиттери жана каза жана кадар

**Суроо**: кадырлуу шейхибиз, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Аллах сизге береке берсин жана колдоруңуз менен фатхтарды насип кылсын. Менин суроом «Исламий шахсия» китебинин биринчи бөлүгүндөгү каза жана кадар темасы боюнча.

Китепте табият мыйзамдары талап кылбаган жана адам үстүнөн өкүмдарлык кылган чөйрөдө болгон иштер жөнүндө сөз болуп, буга көптөгөн мисалдар келтирилгенден кийин: «Ошондуктан, ал иштерге ылайык соопко да, жазага да ээ болбойт», - деп айтылган.

Ушул сүйлөм менен хадистерди кандай жамдайбыз. Акыры, хадистерде ичи ооруп, же чөгүп, же болбосо үстүнө имарат кулап каза болгон киши шейиттерден (Акырет шейиттеринен) экени т.а. алар соопко жана улуу ажрга жетишери айтылган, негизи, бул иштер алардын каалоосусуз болду? Барокаллоху фика.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Эй боордош, ал жердеги маселе ыктыярдуу иштер үчүн сооп жана жазанын жүзөгө чыгышы жөнүндө болгон. Т.а. адам өкүмдарлык кылган чөйрөдө болгон амалдар сооп жана жазага байланган. Эгер, адам арам амалды жасай турган болсо, жаза алат, фарзды аткара турган болсо, Аллахтын уруксаты менен, сооп алат...

Ал эми, адамдын үстүнөн өкүмдарлык кылган чөйрөдө т.а. анын үстүнөн мажбурий тариздe болгон иштер болсо, адам бул амалдарды ыктыярдуу кылган жок. Ушул себептен улам, бул иштер сооп жана жазага байланыштуу эмес. Т.а. сооп жана жазанын жүзөгө чыгышына байланыштуу эмес. Себеби, адам аларды өз ыктыяры менен кылбады.

Ал эми, Аллах Субханаху адамдын ыктыярысыз болгон бирер амал үчүн ага Өз фазилетин жана мархаматын көрсөтүшү бул башка маселе. Себеби, бул сооп жана жазанын жүзөгө чыгышы бөлүмүнө кирбейт. Ал Аллах Субханахунун мээрими жана берешендиги бөлүмүнө кирет... Маселе мына ушундай.

Ушуга ылайык, кээ бир кишилердин ич оорусу, чума оорусу жана ушул сыяктуулар менен каза болушу о.э. Аллах Субханаху аларды шейиттерден кылышы бул өзүнчө маселе. Т.а. бул нерсе алар бирер амалды Аллах Субханахуга жакын болуу үчүн өз ыктыяры менен кылып, соопко жетүү бөлүмүнө кирбейт. Т.а. бул теманын Расулуллах ﷺдын ушул хадисине тиешеси жок:

«...الْحَسَنَةُ بِعَشْرِ أَمْثَالِهَا إِلَى سَبْعِ مِائَةِ ضِعْفٍ وَالسَّيِّئَةُ بِمِثْلِهَا إِلَّا أَنْ يَتَجَاوَزَ اللَّهُ عَنْهَا»

«... Сооп амал үчүн он эседен жети жүз эсеге чейин ажр жазылат. Ал эми, күнөө амал үчүн ошончолук күнөө жазылат. Бирок, Аллах кааласа бул күнөөнү кечириши мүмкүн». (Бухарий риваяты). Кишилердин ич

ооруусу, чума оорусу.... жана ушул сыяктуулар менен каза болуп, Аллах аларды шейиттерден кылышы – бул Аллахтын бир берешендик-мээрими.

Ушул жооп жетиштүү болсо керек деп ойлоймун. Аллаху аълам ва ахкам.

16-рамазан, 1441-х.
9-май, 2020-м.

## Акырет шейиттери ким? Шейиттин карызын ким төлөйт?

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баркаатуху, урматтуу Шейх...

Экинчи «Шахсия» китебинин 165-бетинде шейиттер темасында акырет шейиттери тууралуу келген: «Туура Муслим риваятында келгендей, алар бешөө: кара тумоо (чума эпидемиясы) менен ооруп өлгөн адам; ичи ооруп (ичи өтүп) өлгөн адам; чөгүп өлгөн адам; урапды астында калып өлгөн адам; согуш таласында эмес, Аллахтын сөзүн улуу кылуу үчүн Аллах жолунда шейит кеткен адам».

Башка хадисте ушул айтылып өткөндөрдүн баары Аллах жолунда болушу менен менен мукайад кылынган (байланыштырылган), хадисте айтылат, Юнус бин Абдил Аълаа бизге айтты: бизге Ибн Вахбин айтты: мага Абдурахман бин Шурайхин Абдиллаахи бин Сахлабата Алхазрамийден айтты: ал Ибн Хужайрадан, ал Укбата бин Аамирден айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«خَمْسٌ مَنْ قُبِضَ فِي شَيْءٍ مِنْهُنَّ فَهُوَ شَهِيدٌ: الْمَقْتُولُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْغَرِقُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَبْطُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَطْعُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالنُّفَسَاءُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ»

«Беш нерсе бар, ким ушул бешөөнүн бир нерсеси менен өлсө, ал шейит: Аллах жолунда өлтүрүлгөн адам шейит; Аллах жолунда сууга чөгүп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда ичи ооруп (өтүп) өлгөн адам шейит; Аллах жолунда кара тумоо менен ооруп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда төрөттөн өлгөн аялдар шейит». (Албаний өкүмү, Сахих, 407).

Суроо: бул эки хадис бири-бири менен жамдашабы же ортолорунда карама-каршылык барбы? Ушул нерсени ачыктап түшүндүрүп берсеңиз, ырахмат.

Экинчи суроо: шейиттер темасына байланыштуу дагы бир хадисте Абдиллаахи бин Амр бин Аас ﵁дан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты:

«يُغْفَرُ لِلشَّهِيدِ كُلُّ ذَنْبٍ إِلَّا الدَّيْنَ»

«Шейиттин бардык күнөөлөрү кечирилет, бир гана карызы кечирилбейт».

Суроо: шейит шейит кетишинен мурда карызын төлөөгө кудурети жок болсо... ал шейит кеткенден кийин анын карызын ким төлөйт?

**Жооп**: ассаламу алайкум рохматуллоохи уа барокаатуху.

Биринчи, шейиттерге байланыштуу:

1 – Муслимдин сахихинде Абу Хурайра ﵁дан риваят кылат: Пайгамбар ﷺ айтты:

«بَيْنَمَا رَجُلٌ يَمْشِي بِطَرِيقٍ وَجَدَ غُصْنَ شَوْكٍ عَلَى الطَّرِيقِ فَأَخَّرَهُ فَشَكَرَ اللَّهُ لَهُ فَغَفَرَ لَهُ وَقَالَ الشُّهَدَاءُ خَمْسَةٌ الْمَطْعُونُ وَالْمَبْطُونُ وَالْغَرِقُ وَصَاحِبُ الْهَدْمِ وَالشَّهِيدُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ»

«Бир адам жолдо баратып жолдогу тикенектүү бутакты көрүп, аны жолдон алып койсо, Аллах ага ыраазычылык билдирип, аны күнөөлөрүн кечирет. Айтты: шейиттер бешөө: кара тумоо менен өлгөн, ичи ооруп өлгөн, чөгүп өлгөн, уранды астында өлгөн, Улуу, Урматтуу Аллах жолунда шейит кеткен адам».

2 – Тахаавийдин «Мушкил асаар» баянында: Укбат бин Аамир ﵁дан айылат: Пайгамбар ﷺ айтты:

«خَمْسٌ مَنْ قُبِضَ فِي شَيْءٍ مِنْهُنَّ فَهُوَ شَهِيدٌ: الْمَقْتُولُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْغَرِيقُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَبْطُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَطْعُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالنُّفَسَاءُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ»

«Беш нерсе бар, ким ушул бешөөнүн бири менен өлсө, ал шейит: Аллах жолунда өлтүрүлгөн адам шейит; Аллах жолунда сууга чөгүп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда ичи ооруп (өтүп) өлгөн адам шейит; Аллах жолунда кара тумоо менен ооруп өлгөн адам шейит; Аллах жолунда төрөттөн өлгөн аялдар шейит». (Насааи жана Табароний риваят кылган).

3 – Бул эки хадистин ортосунда карам-каршы келе турган нерсе жок. Муслим риваятындагы хадис мутлак (жалпы) түрдө айтылган:

«الْمَطْعُونُ وَالْمَبْطُونُ وَالْغَرِقُ وَصَاحِبُ الْهَدْمِ»

«Кара тумоого кабылган, ичи ооруп, чөгүп, уранды астында калган». Ал эми, экинчи хадисте бул абалдар Аллах жолунда болушу менен мукайад кылынган (байланыштырылган):

«وَالْغَرِيقُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَبْطُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ، وَالْمَطْعُونُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ شَهِيدٌ»

«Аллах жолунда сууга чөгүп өлгөн адам шейит, Аллах жолунда ичи ооруп (өтүп) өлгөн адам шейит, Аллах жолунда кара тумоо менен ооруп өлгөн адам шейит». Мутлак хадисти мукайад хадиске жүктөө менен эки хадис жамдаштырылат. Анын негизинде бул хадистерде айтылгангандар Аллах жолунда болушу менен шейит өкүмүндө болушат. «Аллах жолунда» сөзүнүн маанисин анын каринасы аныктайт. Эгер, нафака сөзү менен бирге келсе (Аллах жолунда нафака кылгандар) же жихад сөзү менен бирге келсе (Аллах жолунда жихад кылгандар), мунун мааниси Аллахтын калимасы бийик болушу үчүн согуш алып барганды билдирет... Бухарийдин сахих риваятында келгендей: Аби Муса ﵁ айтты: Пайгамбар ﷺга бир киши келип айтты: «Бир адам олжо үчүн согушса, бир адам аты калышы үчүн согушса, бир адам кадыр баркы көрүнүшү үчүн согушса, кимисиники Аллах жолунда болот?». Пайгамбар ﷺ айтты:

«مَنْ قَاتَلَ لِتَكُونَ كَلِمَةُ اللَّهِ هِيَ الْعُلْيَا فَهُوَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

«Ким Аллахтын сөзүн улуу кылуу үчүн согушуса, ошол Аллах жолунда болот». Эгер, «Аллах жолунда» сөзүн маанисин аныктай турган каринасыз айта турган болсоң, анын далалаты Аллахка баш ийүү жана ага жакындоо маанисинде болот. Ким момун болуп, Аллахка баш ийген

абалда жогоруда хадисте айтылган шартта өлсө, ал акырет шейити болуп саналат. Бир гана Аллах жолунда согуш кылган адам мындан тышкары, ал бул дүйнө жана Акырет шейити болуп саналат. Башкача айтканда, ичи ооруп өлгөн адам Аллахка баш ийген абалда өлсө, ошол сыяктуу эле, сууга чөккөн, кара тумоого кабылган ж.б. хадисте айтылган адамдар Аллахка баш ийген абалда өлсө, анда, шейит болушат. Ал эми, хадисте айтылган абалдардагы адамдар Аллахка баш ийбеген абалда өлүшсө, анда, хадистин өкүмү аларга түшпөйт. Тактап айтканда, шейит болушпайт.

Экинчи, шейиттин төлөй албай калган карызы тууралуу сурооң: анын карызын мураскору төлөйт. Анын мураскорлору да анын карызын төлөөгө кудуреттери жетпесе, анын карызын мамлекет өз мойнуна алат. Пайгамбар ﷺдын хадисинде айтылат:

«أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ، مَنْ تَرَكَ مَالاً فَلِأَهْلِهِ، وَمَنْ تَرَكَ دَيْناً أَوْ ضَيَاعاً فَإِلَيَّ وَعَلَيَّ»

«Мен ар бир момундун нафсисинен да ага жакынмын (акылуумун), ким мал калтырса, ал өз үй-бүлөсү үчүн, ким карыз калтырса же жетим, жесирди калтырса, ал менин моюнумда». (Муслим риваяты). Абу Дауд Жаабир رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте айтылгандай: Айтты: «Пайгамбар ﷺ мойнунда карызы болуп өлгөн адамдын жаназасын окуган эмес. Жаназа алынып келинди. Пайгамбар ﷺ айтты: «Анын карызы барбы?». Айтышты: «Ооба, эки динар». Айтты: «Жолдошуңардын жаназасын окуй бергиле». Абу Кутада Ансорий айтты: «Ал эки динар менин мойнумда, я Расулаллах». Айтты: Пайгамбар ﷺ анын жаназасын окуду. Качан Аллах Пайгамбар ﷺга фахтарды ачканда айтты:

«أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ. فَمَنْ تَرَكَ دَيْنًا فَعَلَيَّ قَضَاؤُهُ، وَمَنْ تَرَكَ مَالًا فَلِوَرَثَتِهِ»

«Мен ар бир момундун нафсисинен да ага жакынмын (акылуумун), кимдин карызы калса, аны төлөө менин мойнумда, ким мал-дүйнө калтырса, ал мураскорлору үчүн».

Эки суроого жооб жеткиликтүү болду деп үмүттөнөм. Аллах өкүмдар жана билүүчү.

29-жумадул-аввал, 1441-х.
24-январь, 2020-м.

## Кыяс тууралуу

**Суроо**: биз билебиз, кыяс үчүн шаръий иллет керек т.а. далилде шаръий иллет келген болушу керек. Бул нерсе, эгер, далил сахабалар ижмасы болсо ошондой далилге да туура келеби? Эгер, ушундай болсо иллети ижмада келген бирер кыяс барбы?

**Жооп**: Сахабалардын ижмасы бул жерде бир далил бар экендигин т.а. Расулулла ﷺдын ушул сахабалар амал кылган, бирок, рыбаят кылышпаган бир хадиси бар экендигин көрсөтүп турат. Ошондуктан, далилге туура келген нерсе ижмага да туура келет. Демек, кыяс сахих болушу үчүн, иллет шаръий болушу керек т.а. далилде шаръий иллет келген болушу керек. Бул болсо Китептен, же сүннөттөн, же ижмадан болгон ар бир далилге туура келе берет. Насста (далилде) иллет бар болсо, аны кыяста колдонуу дурус боло берет. Бирок, насста жок болсо т.а. аклий иллет болсо, аны кыяста колдонуу дурус болбойт.

Эми, иллет бар болгон жана кыястоого негиз болгон ижмага мисал келтирүүгө келсек, буга төмөнкүлөр мисал болот:

а) Уурулукта шерик болгондордун колу кесилиши ижма менен собит болгон. Катылдыкта (адам өлтүрүүдө) шерик болгондор да ушуга кыяс кылынды. Бул кысса Умар ؓ заманында болгон эле. Жети киши шерик болуп ишке ашырган катылдык маселеси Умар ؓга арыз кылынды. Умар ؓ жети киши шерик болуп өлтүргөн адам үчүн, аны өлтүрүүдө катышкандардын баарынан өч алып берүү жөнүндө шек-күмөнгө түшүп ойлонуп калды. Ошондо ал кишиге Али ؓ мындай деди: «Эй, амирул муъминин, эгер, бир жолу адамдар союла турга айбанды уурдашса, бири бир бөлүгүн, дагы башкасы бир бөлүгүн алса, алардын колдорун кесер белеңиз?» Умар «ооба» деди. Али: «Булардын жазасы да ушундай болот», - деди. Муну Абдурраззак өз «Мусаннафында» келтирген. Т.а. адам өлтүрүүдө шерик болгондордон өч алуу уурулукка шерик болгондордун колдорун кесүүгө кыяс кылынды. Бул кыяска хадды (жаза берүүнү) важып кыла турган иште катышуу иллети себеп болду.

б) Таененин алтыдан бир мурас алышы ижма менен собит болгон. Чоң эненин алтыдан бир мурас алышы да ушуга кыяс кылынды. Бул маселе Абу Бакр ؓ доорунда жүз берди. Абу Бакр ؓ таенеге алтыдан бир мурас алышына өкүм кылып, чоң энени мурастан четтетип өкүм чыгаргандан кийин, ансарлардын бири ага: «Сиз бир аялды өлгөн бир адамдан (небереден) мураскор кылдыңыз, эгер, бул аял өлсө, алиги адам ага мураскор болбойт эле. Бир аялды мурастан четтеттиңиз, эгер, бул аял өлсө, алиги адам анын бардык малына мураскор болот эле», - деди. Абу Бакр ؓ мурунку чыгарган өкүмүнөн кайтты жана эки аялга алтыдан бирди бөлүп берди.

(Себеби, чоң эне өлүп, небереси (уулунун уулу) калса, небере ага мураскор болот. Ал эми, таене өлүп, небереси (кызынын уулу) калса, небере мурас албайт).

27-рабиъус-саний, 1428-х.
14-май, 2007-м.

## Иллет тууралуу

**Суроо**: «Исламий шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндө «иллетке окшогон маанини өз ичине алат», «кудум анын собиттиги иллетке окшогон маниде», «кудум ал иллет», «кудум ал иллет жана иллетке окшогон» сыяктуу сөздөр келген.

Биздин билишибизче, иллет далилдери төртөө: «Ачык, далалат, истинбат жана кияс». Иллетке окшогон дегенде ушул төрт иллеттен башка иллет түшүнүлөбү же иллет бир гана ачык иллет жана андан башкалары болсо иллетке окшошпу? Силерден «иллетке окшош» деген сөздү чечмелеп беришиңерди үмүт кыламын, Аллах силерге жана силер себептүү башкаларга береке берсин!

**Жооп**: иллет ташриъ (мыйзамчылык) себеби болуп, киястын орду дегени. Мисалы, иллет – ачык, далалат, истинбат жана кияска ылайык, иллетти жамдаган нерсе себептүү асл өкүмгө башка фаръий өкүм кыяс кылынат.

Мисалы:

﴿إِذَا نُودِىَ لِلصَّلَوٰةِ مِن يَوۡمِ ٱلۡجُمُعَةِ فَٱسۡعَوۡاْ إِلَىٰ ذِكۡرِ ٱللَّهِ وَذَرُواْ ٱلۡبَيۡعَ﴾

«*Эй момундар, качан жума күнүндөгү намазга чакырылса (азан айтылса), даро Аллахты зикр кылууга-эскерүүгө баргыла жана соода сатыкты токтоткула!*» [62:9]

Бул аятта азан маалында соода сатык кылбоо иллети т.а. намаздан чалгытуу истинбат кылынат жана ушул нусуста келген өкүм соода-сатыкты таштоо иллетин жамдаган нерсе себептүү башка бир өкүмгө кыяс кылынат. Мисалы, жумага азан айтылган кезде ижара келишимин түзүүнү таштоо өкүмү... жана мындан башка чалгытуу иллетин жамдаган нерсе табылган башка өкүмдөр сыяктуу.

Ж.б.у.с...

Далилдерге ылайык иллеттин түрлөрү үйрөнүлүп, алар төрт түр – ачык, далалат, истинбат жана кияска ылайык экендиги аныкталган. Бул түрлөрдөн башкасы болсо, ташриъге үндөө болуучу иллет болбойт. Т.а. киястын бар болушу мына ушул иллетти жамдаган нерсенин табылышы менен болот.

Иллеттин бар экенин туюнткан нусустарда лугатты иштетүү каидалары ачыкталып берилген. «Исламий шахсия»нын үчүнчү бөлүгүндө толук айтылган.

Бирок, лугат маселесинде мындай иштетүү каидалары да бар болуп, бул коидалардан нусуста келген өкүм менен ошол өкүмгө байланыштуу башка иш ортосунда алака истинбат кылынат, бирок, ага кияс кылынбайт

жана ал иллет түрлөрүнөн болбойт. Мына ушундай лугавий пайдалануу каидасы иллетке окшош же кудум иллеттей делет. Башкача айтканда, бул – өкүм менен нусустагы башка нерсе ортосун байлоо дегени. Бирок, ал ачык да, далалат да, истинбат да жана кияска ылайык да иллет эмес.

Муну дагы да айкындап берүү үчүн төмөнкүлөрдү баян кыламын:

«إِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»

«Эгер, күн тике турган кезден өтсө, намаз окуй бергиле». Бул жерде «ف» тамгасы сабабийя фасы болсо да, бирок, күндүн тике маалдан өтүшү менен намаз ортосундагы байланыштуулук жок. Бул жерде сабаб эле болуп жатат.

Эми:

﴿وَلَا تَسُبُّواْ ٱلَّذِينَ يَدۡعُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ فَيَسُبُّواْ ٱللَّهَ عَدۡوَۢا بِغَيۡرِ عِلۡمٍ﴾

«*Аллахтан башкага сыйынгандардын (буттарын) сөкпөгүлө! Анда, алар чектеринен ашып, залимдик менен Аллахты сөгүшөт*» [6:108]

деген аятта да «ف» тамганы сабабийя болсо да, бирок, бул жерде « ولا تسبوا сөкпөгүлө», деген өкүм менен «فيسبوا сөгүп коюшпасын» дегендин ортосунда байлыштуулук бар. Себеби, капырлардын кудайларын сөгүүдөн кайтаруу себептүү Аллах Субханахуну сөгүп коюудан коркуу. Бирок, ага кияс кылып болбойт. Т.а. мисалы, камап коюшунан коркуп, акимдин зулумун кайтарбагыла делбейт. Бул сөгүү – нусуста зикр кылынган абалда гана. Бирок, өкүм менен анын себеби ортосундагы байланыштуулук мужтахидге ушундай бир куллий өкүмдү түзүү мүмкүнчүлүгүн берет, бул өкүм өз астына кирген көп абалдарды камтыйт. Мисалы, капырлардын кудайларын сөгүү мубах. Бул жерде болсо, ушул мубахка тыюу салынды, себеби, бул арамга т.а. Аллахты сөгүүгө алып барат. Ошондуктан, бул «Арамга алып баруучу васита да – арам» деген куллий өкүм түзүлөт.

Башкача айтканда, ушул байланыштуулук – жузъий нерселерди өз астына алган бир куллий өкүмдү түзүү мүмкүнчүлүгүн берет. Натыйжада, ага карап, арамга алып баруучу ар кандай каражатка тыюу салынат.

Бул жерде ушундай айырманы түшүнүп алуу керек, биз себептин байланыштуулугунан жузъий нерселерди өз астына алган куллий шаръий өкүмдү истинбат кылдык. Бирок, аслий өкүмгө бирер фаръий өкүмдү кияс кылбадык.

Мисалы «سَافِرْ إِلى الخُرْطُوم Хартумга сапар кыл» делсе, бул жерде «إلى» харфын (тамга) колдонуу кылуу менен максат бар. Бирок, сапар менен максат т.а. Хартум ортосунда эч кандай байланыштуулук жок.

Эми:

﴿ثُمَّ أَتِمُّواْ ٱلصِّيَامَ إِلَى ٱلَّيۡلِۚ﴾

*«Кийин кийин кечке чейин орозону кемчиликсиз кылып кармагыла»* [2:187]

деген аятта «إلى» тамгасын колдонуу менен максат бар болсо да, бирок, бул жерде орозо менен түн ортосунда байланыштуулук бар. Т.а. түндүн бир бөлүгү кирмейинче орозо дурус болбойт. Мындан ушундай бир куллий өкүмдү истинбат кыла алабыз, важиб орозо белгилүү бир максатка созулмайынча дурус болбойт, ырас, нусуста келген важиб өкүм ушул созулуу менен гана дурус болгон соң, демек, бул максатка созулуу да важиб болуп калат. Ошентип, «важибди өтөө үчүн зарыл болгон нерсе да важиб» деген куллий өкүмдү чыгардык. Халифа тикелөө да важиб, себеби, халифа болбосо, важиб болгон хаддарды колдонуп болбойт. Ушул айырманы пикирлөө керек: биз халифага байъат кылууну орозого кияс кылбадык, себеби, орозо менен халифага байъат кылуунун ортосун жамдаган иллет жок. Биз важиб болгон хаддарды колдонуу дурус болушу үчүн халифага байъат кылуу важибдигин камтыган куллий өкүмдү чыгардык.

Истисхабды истинбат кылганда да ушундай делет. Истисхабга уламалар «бир ишти өткөн заманда собит болгонуна ылайык азыркы заманда анын собит сакталып калганына өкүм чыгаруу» деп аныктама беришкен. Т.а. бир иштин мурун собит болгонуна ылайык, азыркы заманда собит сакталып калышы. Ар кандай иш барлыгы тастыкталса, кийин анын жокутугуна күмөн пайда болсо, асли мурун барлыгы алынат. Бар болбогон бир иш болсо, кийин ага бар бекен деген күмөн пайда болсо, асли бар болбогондугу алынат. Башкача айтканда, түпкүлүгүндө, өкүм собит экени менен кийин ушул абалда турушу ортосунда байланыш бар. Кудум мурун собит экени, азыр да собит экени иллет ордунда болот. Бул болсо куллий өкүмдү (истисхабды) түзүүгө т.а. бир ишти мурунку заманда собит болгонуна ылайык азыркы заманда собит сакталып калышына алып келди.

Мисалы, мындай риваят кылынат: «Расулуллох ﷺ Табуктан кетпестен, ал жерде он түндөн ашык турду. Кийин Мединага кайтты. Жолдо бир атчан, эки жана үч атчанды суугарууга жеткидей тамчылап турган суу бар эле. Бул өрөөн Вадий Мушаккак деп аталган. Ошондо, Расулуллох ﷺ: «Ким бул өрөөнгө бизден мурун келсе, биз барганыбызга чейин андан аз гана да ичпей турсун» - деди. Риваятчы айтат: Сууга бир чакты мунафыктар мурун келишип, суудан ичишти. Расулуллох ﷺ келип, суу алдында токтоду жана ал жерде эч кандай сууну көргөн жок. «Бул сууга ким бизден мурун келди?» - деди. Ал затка: «Я Расулуллох, баланча, баланча» - деп жооп айтылды. «Мен келгенге чейин андан аз

гана болсо да ичүүдөн кайтарбаган белем» - деди. Кийин аларды Расулуллох ﷺ наалаттады жана дуаибад кылды» (Ибн Хишам «Сийрат» китебинде риваят кылган). Ушул хадисте Расулуллох ﷺ ошол аз гана суудан ичүүнү арам кылган. Себеби, бул аскерлердин суусашына алып келмек. Ошондуктан, «Ким бул өрөөнгө бизден мурун келсе, биз барганыбызча андан аз гана да ичпей турсун» деди жана ичкен кимселерди наалаттады... Акыйкатта болсо, бул өрөөндөн суу ичүү башка абалда жайиз болгон. Бирок, Расулуллох ﷺ келип, аскерлерге сууну бөлүштүрүп беришинен мурун ичилген суу аскерлердин сууусуз калышына т.а. зыянга алып келмек. Ошон үчүн Расулуллох ﷺ келгенге чейин ошол сууну ичүүнү арам кылды. Мына ушул жерде Расулуллох ﷺ келишинен мурун суу ичүү менен аскерлерге зыян жетүүнүн ортосунда байланыш бар. Бул – зыянга алып келе турган абалда болгондуктан бул өрөөндөн ичпөөгө иллет же «иллетке окшош» болуп калды. Бирок, андан башка абалда суудан ичүү мубах боюнча калды. Бул болсо «мубахтардан бир мубах болуп калды. Эгер, ушул мубах зыянга алып барса, ошол мубах арамга айланат, бул иш болсо мабах боюнча калат» деген куллий өкүмгө алып келет.

О.э. нусустагы өкүм менен андагы башка нерсе ортосунда лугавий колдонуудагы ушул байланыш куллий өкүмдөрдү түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратат. Себеби, куллий өкүм да ар кандай шаръий өкүм сыяктуу, айырмасыз, шаръий нусустан истинбат кылынат. Мында бир далилден же бир нече далилдерден истинбат кылынышын айырмасы жок. Бирок, куллий өкүм истинбат кылына турган далил нусуста өкүм менен өкүмгө алакадар башка нерсе ортосунда бирер байланышты камтышы шарт. «Иллетке окшош» же «иллетти өзүнө камтыйт» дегенибиз мына ушул нерсе. Ал бардык жузъий бөлүктөрүнө ылайык келет.

Куллий өкүм кияс сыяктуу шаръий далил да, шаръий аслдардан болгон бир асл да эмес. Ал башка шаръий өкүмдөр истинбат кылынгандай истинбат кылынган бир шаръий өкүм. Ошондуктан, ал далил болбойт. Кудум иллет сыяктуу ал болгону нусуста өкүм менен башка нерсе ортосунда бирер алакасы бар болгон далилден истинбат кылынган.

Корутунду:

Нусустагы лугавий колдонуу эгер өкүм менен башка нерсе ортосунда байланышты туюнтса, мында иллетти айгинелеген лугавий колдонуу болбосо т.а. иллеттин төрт абалы болбосо, ушул байланыш «иллетке окшош» же «кудум иллет сыяктуу» деп аталат.

Башкача айтканда, лугавий колдонуу байланышты туюнтса:

Бул байланыш иллеттин лугавий колдонуусунан башкача болсо,

Аслий өкүмдөн т.а. өкүм кияс кылуунун орду болбосо,

Жузъий нерселерди өзүнө камтыган куллий өкүм түзүлсө,

Мына ушул абалдар «кудум ал иллет» жана «иллетке окшош» деп аталат.

21-жумадул-аввал, 1431-х.

## Иллет туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

«Исламдагы экономика түзүм» китебинин «Сүткордук жана акча алмаштыруу» бөлүмүндө мындай делет: «Ал эми, Пайгамбар ﷺдын:

«اَلطَّعَامُ بِالطَّعَامِ مِثْلاً بِمِثْلٍ»

«Азыкка азык бап-барабар» деген сөздөрүнө келсек, бул хадистер арам кылынуунун иллети азык экендигине далалат кылбайт. Алар азыкта да риба болушун билдирет. Азыктын бардык жынысын өз ичине алып, умумий маанини билдирет. Убода ибн Сомит рыбаят кылган хадис аларды хастап, рибага тиешелүү азыктарды буудай, арпа, курма жана туз менен чектейт. Ушуга караганда, жогорудагы нусустарда келген «азык» деген умумий сөз хас маани ирада кылына турган умумийлик түркүмүнө кирет. Бул жерде хас мааниден көздөлгөн маани: азыкка ушул төрт азык кирет».

Менин эки суроом бар, аларга анык жооп беришиңизди суранам, Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

1 – Эмнеге биз Убода ибн Сомиттин алты түрдүн баары зикр кылынган хадиси «Азыкка азык бап-барабар», деген хадисти хастады, деп жатабыз. Акыры ом хаска хамл кылынат дегенге негиз болушу үчүн бул орунда ом менен хас ортосунда эч кандай карама-каршылык жок? Хамл кылуу карама-каршылыкты жоготуу үчүн гана болот го?

2 – Эмнеге төрт түр: буудай, арпа, курма жана туздагы азык иллет эсептелбеди, акыйкатта болсо, ал муштак сөз го? Кала берсе, ал муфхам васф да.

**Жооп**:

1 – Муслим хадисине келсек, ал Муаммар ибн Абдуллахтан мындай дегенин риваят кылды: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«اَلطَّعَامُ بِالطَّعَامِ مِثْلاً بِمِثْلٍ»

«Азыкка азык бап-барабар». Муаммар айтты: «Ошол күндөрү азыгыбыз арпа эле». Муаммар ибн Абдуллах ошол күндөрдөгү азыктын түрү арпа экенин айткан болсо да, бул Муаммар ибн Абдуллахтын сөзү. Бирок, хадистин нассы ал айткан арпаны да, башкасын да өз ичине алат. Азык сөзү ом болуп, ал риба вакиъ боло турган бардык азыкты түшүндүрөт.

Эми, Муслим Убода ибн Сомиттен риваят кылган хадиске келсек, Убода мындай деди: Мен Расулуллах ﷺдын:

«يَنْهَى عَنْ بَيْعِ الذَّهَبِ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرِّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرِ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرِ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحِ بِالْمِلْحِ، إِلَّا سَوَاءً بِسَوَاءٍ، عَيْنًا بِعَيْنٍ، فَمَنْ زَادَ، أَوِ ازْدَادَ، فَقَدْ أَرْبَى»

«Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө, буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага, тузду тузга жалаң гана теңме-тең, колдон колго сатууну буюрганын, мунун тескерисинен кайтарганын о.э.: Ким ашыкча берсе же ашыкча алса, риба кылыптыр», деп айтканын уктум.

Мындан рибанын вакиъ болушу азык төрт түргө гана чектелгени, алардан башкасы риба вакиъ болбошу айкын болот. Себеби, хадисте келген сийга хасрды (чектөөнү) түшүндүрөт. Бул хадис жамид исми жинстерди айтты жана «теңме тең, колдон колго» деп шарт кылынган өкүмдү ал ар бир исмге тиешелүү кылып койду. Демек, бул сийга өкүмдү ушул түрлөргө чектеп коюуну билдирет жана бул өкүмдү башка түрлөрдөн тыйды…

Ошондуктан, сиздин «Азыкка азык…», хадиси менен «Алтынды алтынга…», хадиси ортосунда эч кандай карама-каршылык жок деген сөзүңүз алтын жөнүндөгү хадис хасрды түшүндүрбөйт деп ойлогонуңуздан келип чыккан. Ошондуктан, эгер – баян кылып өткөнүбүздөй – хасрды туюнтушун билгениңизде, бул жерде карама-каршылык бар, бул карама-каршылык эки хадиске амал кылууну мүмкүн эмес кылып коёт, хостоо менен амал кылуу гана мүмкүн болот, деп албетте айтмаксыз. Себеби, биринчи хадис ар бир тамакта риба вакиъ болушун билдирсе, экинчи хадис риба бардык азыкта эмес, азыктын бир бөлүгү болгон төрт түргө гана чектелүү менен вакиъ болушун билдирип жатат. Ошондуктан, эки хадис хостоо менен өз ара жамдалат.

2 – Эми, эмнеге азыктан иштикак кылынган азык сыпаты (طعم) иллет деп эсептелбейт, айрыкча, ал муфхам васф болсо? – деген суроого келсек, ага жооп төмөнкүчө: Азык хадисинин сөзүн «буудайды буудайга…» хадиси менен хостоо муштак азык сөзүн жамид сөздөр болгон буудай, арпа, курма, туз сөздөрүнө көчүрдү. Муфхам васф болсо жинстин жамид сөздөрүндө болбойт, муштак сөздөрүндө гана болот. Ошондуктан, «Азыкты азыкка бар-барабар» хадиси «…буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага, тузду тузга…» хадиси менен хостолуп келбегенде, албетте, бул жерде бир иллет бар деп айтуу мүмкүн болот эле. Бирок, хостоо азык сыпатын жинстин жамид исмдери «буудай, арпа…»га көчүрдү. Эгер, хостук келсе омдун үстүнөн өкүмдар болот жана ага амал кылынат.

Ошондуктан, биз азык (азык сыпаты) ушул рибалык заттардын иллети эмес, деп айттык.

27-зул-каъда, 1433-х.
12-октябрь, 2012-м.

## Шаръий иллет жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллох, шейх, шаръий иллетке тиешелүү ушул суроого жооп берсеңиз: иллет Шариънин пенделердин фиълдерине тиешелүү хитабынын кайсы жеринен орун алган? Иллет иктиза хитабына киреби, же вазъ, же тахйир хитабынабы? Иллет менен сабабдын айырмасы кандай?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Шаръий өкүмгө – Шариънин пенделердин фиълдерине тиешелүү иктиза, же тахйир, же вазъ менен кылган хитабы деп таъриф берилген... Иктиза – талап. Ал фиълди (амалды) кылууну талап кылуу жана аны таштоону талап кылуудан турат. Ал жазим (катъий) талап кылуудан жана гайрижазим (катъий эмес) талап кылуудан турат. Фиълди кылууну жазим талап кылуу фиълдин фарз экенин билдирет. Фиълди гайрижазим талап кылуу болсо анын мандуб экенин түшүндүрөт. Фиълди таштоону жазим талап кылуу фиълдин харам экенин билдирсе, гайрижазим талап кылуу анын макрухтугун түшүндүрөт. Булар төрт өкүм, бешинчиси тахйир болуп, ал мубахтыкты билдирет. Бул беш өкүм – таклиф өкүмдөрү... Алардын тушунда вазъ өкүмдөрү турат: сабаб, шарт, маниъ, рухсат, азийма, сиххат, бутлан жана фасад.

Көрүп турганыңыздай, иллет шаръий өкүмдүн таърифине кирбейт. Ал таклифий шаръий өкүмгө да, вазъ өкүмгө да кирбейт... Анткени, иллет шаръий өкүмгө далил катары болот. Ошондуктан, ал тартип жагынан шаръий өкүмдөн мурун келет жана анын үстүнө шаръий өкүм курулат. Т.а. иллет фаръий өкүм эмес, ал – далил. Демек, иллет өкүмгө себеп болот. Сабаб болсо өкүмдүн жүзөгө келгенин билдирген белги гана. Анткени, өкүмдү важиб кылган нерсе – жазим амрда келген далил. Сабабдын далили – өкүмдүн жүзөгө келгенин билдирген белгини камтыган нерсе.

Дагы да тунук болушу үчүн ушуларды айтабыз:

Иллет – шаръий өкүмгө себеп болгон иш. Анткени, шаръий өкүм ушул иллет себептүү шаръий өкүм болот. Ошондуктан, иллет өкүмгө далил, ага белги жана аны билдирүүчү. Бирок, ошону менен бирге, ал өкүмгө себеп болгон иш. Анткени, ал ушундай бир иш, шаръий өкүм ал себептүү шаръий өкүм болот. Ошондуктан, ал маъкулун нас болду. Ошондуктан, эгер наста иллет болбосо, настын маъкулу болбойт, бул абалда настын мантуку жана мафхуму болот, ага башкасы таптакыр кошулбайт. Бирок, наста иллет бар болуп, анда (наста) өкүм бир муфхим васф (түшүнүктүү сыпат) менен байланып келсе, бул абалда настын мантуку, мафхуму жана маъкулу болот жана ага башкасы да кошулат. Демек, иллет бар болсо, наста башка түрлөр жана окуялардан турган башка бөлүктөр да бар

болот. Нас аларды өз мантуку жана мафхуму менен эмес, кошулуу жолу менен өз ичине камтыйт. Анткени, мантук жана мафхум настагы иллет менен бирге келет. Иллет өкүмдүн далилинде келиши мүмкүн. Мында өкүмгө хитаб далалат кылат жана хитабдагы иллет далалат кылат. Буга Аллах Тааланын ушул сөзү мисал:

﴿مَّا أَفَاءَ اللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِ مِنْ أَهْلِ الْقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي الْقُرْبَىٰ وَالْيَتَامَىٰ وَالْمَسَاكِينِ وَابْنِ السَّبِيلِ كَيْ لَا يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الْأَغْنِيَاءِ مِنكُمْ﴾

*«Аллах айыл-шаарлардын (кафир) элинен өз пайгамбарына олжо кылып берген нерселер – тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн – Аллахтыкы, пайгамбардыкы жана (пайгамбардын) тууган-уруктары, жетимдер, бечера-мискиндер жана жолоочу-мусафырлардыкы»* [59:7]

Ошондон кийин Аллах Таала мындай деди:

﴿لِلْفُقَرَاءِ الْمُهَاجِرِينَ...﴾

*«Кембагал мухажирлердики»* [59:8]

Бул аят олжону кембагал мухажирлерге берүү өкүмүнө далалат кылды. Ошондуктан, Расул ﷺ аят назил болгон мына ушул олжону – ал Бану Назирдин олжосу эле – мухажирлерге гана берди, ансарлардан кембагал болгон эки кишиге гана берди, башкаларына берген жок.

Иллет Аллах Тааланын ушул сөзүндө да келген:

﴿كَيْ لَا يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الْأَغْنِيَاءِ مِنْكُمْ﴾

*«... тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн...»* [59:7]

Т.а. байлардын ортосунда гана айланып жүрө бере турган болуп калбашы үчүн, башкаларга да өтүшү үчүн дегени. Демек, бул иллет өкүмгө далалат кылды жана ал ушул шаръий өкүмгө себеп болду.

Сабаб болсо – ар бир захир, мунзабит (анык) васф болуп, самъий далил анын – өкүмдүн шаръий болушун эмес, өкүмдүн жүзөгө келгенин билдиргенине далалат кылат. Буга Аллах Тааланын ушул аяты:

﴿أَقِمِ الصَّلَاةَ لِدُلُوكِ الشَّمْسِ﴾

*«Күн оогондон (баштап) намазды толук аткаргыла»* [17:78]

жана Набий ﷺдын ушул хадиси мисал:

«إِذَا زَالَتِ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»

«Эгер, күн эңкейсе (оосо) намазды аткаргыла». (Байхакий риваяты). Бул аят жана хадис күндүн ooocy намаз жүзөгө келгенин билдирген белги экенин баян кылууда. Мунун мааниси ушул: эгер ушул убакыт жүзөгө келсе намаз жүзөгө келет. Т.а. башка шарттар да толук табылса намазды аткаруу жайиз болот. Бардык сабабдар ушундай болот. Мисалы, Аллах Таала:

﴿فَمَنْ شَهِدَ مِنْكُمُ الشَّهْرَ فَلْيَصُمْهُ﴾

*«Силерден ким бул айга кбө болгон болсо, орозо кармасын»* [2:185] деди. Набий ﷺ болсо:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ»

«Айды көрүп орозо туткула» деди. (Бухарий риваяты). Бул аят жана хадис айдын чыгышы жана аны көрүү рамазанда орозонун жүзөгө келгенин билдирүү белгиси экенини баян кылууда.

Мындан болсо иллет менен сабабдын ортосундагы айырма анык болууда. Сабаб – өкүмдүн жүзөгө келгенин билдирген белги. Мисалы, күндүн оосу намаз (убакытысынын) жүзөгө келгенин билдирген белги. Иллет болсо – шаръий өкүмгө себеп. Анткени, иллет шаръий өкүмдүн жүзөгө келишине сабаб эмес, анын шаръий өкүм болушуна сабаб. Ошондуктан, ал өкүм далилдеринин бири болуп, ал наска окшойт. Буга мисал кылып Аллах Субханаху ва Тааланын:

﴿إِذَا نُودِيَ لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ﴾

*«Жума күнүндөгү намазга азан айтылса, дароо Аллахтын зикрине баргыла жана соода-сатыкты токтоткула!»* [62:9]

деген аятынан истинбат кылынган намаздан чалгытууну келтирүү мүмкүн. Анткени, чалгытуу шаръий өкүмгө себеп болду. Ал – жумага азан айтылганда сооданын харам болушу. Муну менен чалгытуу сабаб эмес, иллет болду. Күндүн оосу болсо мунун тескериси. Анткени, күндүн оосу иллет эмес. Анткени, бешин намазынын шаръий өкүм болушуна күндүн оосу себеп эмес. Т.а. күндүн оосу бешиндин жүзөгө келиши важиб болгонуна белги болот.

13-ражаб, 1437-х.
20-апрель, 2016-м.

## Расулдун сүкүтү туурасында

**Суроо**: Шахсиянын үчүнчү бөлүгүнүн 103-бетинде, «Пайгамбар عليه السلامдын сүкүтү» темасында төмөндөгүлөр келген:

«Набий عليه السلام алдында же ал кишинин доорунда бир киши бир ишти кылса, пайгамбарыбыз мындан кабардар болсо, аны инкар кылууга кудуреттүү болсо да, унчукпай сүкүт кылса...» кийинки бетте болсо: «Расул ﷺ аны инкар кылууга кудуреттүү болуп туруп ...» деген сөздөр келген.

Айтсаңыз, «Расул ﷺ инкар кылууга кудуреттүү болуп туруп» деген бул кайддын Расул ﷺ турмушунда бир амалий вакиъси болгонбу? Расул ﷺдын бирер убакта аны инкар кылууга кудуреттүү болбогонун чындыгында эле элестетүү мүмкүнбү? Анткени, Расул ﷺ рисалатты жеткирүүгө жана мункарды инкар кылууга дайыма кудуреттүү болгон, зарыл болгон убакта баян кылууну кечиктирбеген. Сураныч, ушуну ачыктап берсеңиз.

**Жооп**: Пайгамбарыбыз عليه السلامдын сүкүтү жөнүндөгү суроого карата мындай дейбиз, усул аалымдары ар кандай маселеге түшүндүрмө берүү учурунда анын бардык тараптарына ар тараптуу жандашышкан. Мына ошондо таъриф маниъ (эч бир ыктымалга жол койбоочу), жамиъ (бардык кырларын жамдоочу) болот.

Ошондуктан, алар бул орунда түшүндүрмөгө ушул «инкар кылууга кудуреттүү» деген кайдды коюшту. Муну менен, бирер кимсе каршылык билдирип «Расул ﷺда да адамзатта болгондой, бирер себепке ылайык, кудуреттүү болбостук сыпаты болуп калышы ыктымал, ошон үчүн сүкүт икрорго (макулдоого) далил болбойт» деген сөздү айта албасын!

Тыянактап айтканда, бул кайд таърифинин маниъ, жамиъ кылуу бабынан жана анын Расулуллох ﷺ доорунда амалий вакиъси жок. Аамидий да өзүнүн «Ихком» китебинде таърифеги мына ушул кайд жөнүндө сөз жүргүзгөн. Ал сукуттун далил болушун «ыктымал, Расул ﷺ инкар кылууга бирер тоскоолдук болгону үчүн, аны инкар кылбаган болушу мүмкүн» деген сөздөрү менен инкар кыла турган кимселерге рад жообун берип мындай дейт: «алар айткан ыктымал тоскоолдук болгондур деген сөз, мейли, аклан болушу мүмкүн болсо да, бирок, негизи, Расулуллох ﷺга карата мындай болбойт».

## Тобийиндер тууралуу

**Суроо**: «Исламий шахсия» китебинде «...ырас, сахаба экени белгилүү болгон соң» делген. Ал санаддан түшүп калган болсо, анын сахаба экендиги кайдан билинет? Хадистеги риваятчы киши санадынан түшүп калган болсо, ошол хадистин мурсалдыгын кантип билебиз? Бардык тобийиндердин сахабалардан риваят кылган рифаяттарын адилдер риваяты деп кантип кабыл алабыз, чынында, (эч болбогондо алардын айрымдарын) Набий ﷺдын хадистерин сахабалардан укканын инкар кылууга күмөн үстөм келет го? Кийин, «чоң тобийиндер менен кичине тобийиндерди бирдей көрүү кеңири жайылган» деген сөз «санадда үзүлүү же кыйынчылык бар экени үчүн» алардын мурсалдарын четке каккан кишилер назарында сахих. Анда, биздин назарыбызда алардын мурсалдары кандай сахих болушу мүмкүн, чындыгында, тобийиндердин кичинелери, же эч болбогондо, кээ бирлери жогоруда айтканыбыздай болсо?

**Жооп**: биз амал кыла турган мурсал хадис – сахаба түшүп калган гана хадис. Мында санад кишилери жана аларга алакадар нерселерди үйрөнүүгө муктаж болобуз. Расулуллох ﷺга мурсал кылган (алып барган) тобийин кичине болобу же чоңбу, айырмасы жок, талап кылынган даражада ошого амал кылынат. Маанилүүсү, санаддан түшүп калган риваятчы сахаба болушу керек. Ал эми, үйрөнүү жана текшерип чыгуу натыйжасында санаддан түшүп калган риваятчы башка бир тобийин менен сахаба экендиги маалым болсо, биздин назарыбызда мындай хадис алынбайт жана ага амал кылынбайт. Себеби, биз эмне үчүн мурсалга амал кылабыз дегенде, мындай дедик:

«Мурсал хадис риваяттары арасынан сахаба түшүп калган хадис. Мисалы, тобийин «Расулуллох ﷺ мындай деди же тигиндей кылды» дегендей. Бул хадистин көрүнүшү Убайдуллох ибн Адий ибн Хайяр, кийин Саид ибн Мусайяб сыяктуу тобийиндер сахабалар жамаатын көрүп, алар менен бирге отурган жана анда «Расулуллох ﷺ айтты» дешет. Бул хадисте бардык тобийиндердин ортосу тең көрүлөт т.а. тобийин сахабаны зикр кылбастан Пайгамбар ﷺдан риваят кылат жана чоң тобийин менен кичине тобийин ортосу айырмаланбайт... Арийне, мурсал матн, санад жана риваятчынын шарттарын толук алган болуп, санаддагы алып ташталган шахс болсо сахаба. Ал ишеничтүү болгону үчүн да билинбестик мааниси жок. Бул ушундан кабар берет, мурсал хадис – далил кылуу мүмкүн болгон хужжат. Кээде мындай да делет: бул жерде сабаб тобийиндин табийинден, ал сахабадан риваят кылуу ыктымалы бар, ошондо сахабанын түшүп калышы бир риваятчынын түшүп калышын

түшүндүрбөйт, анысы, эки риваятчы түшүп калышы ыктымалы болгон бузулуу жүз берет жана алардын бирөөсү т.а. сахабада адилеттик табылып, экинчиси т.а. тобийин жөнүндө күмөн туулса, натыйжада бул хадис забт жоктугу же жаракат себептүү четке кагылат. Буга жооп мындай, мурсал хадистин таърифи: «Тобийин Пайгамбар ﷺдан сахабаны зикр кылбастан риваят кылышы» делген. Демек, табийиндин зикр кылынбаган табийинден риваят кылышы буга кирбейт...».

Ушуга ылайык, маселе анык болду, анда бүдөмүк нерсе калган жок.

12-жумадул-аввал, 1431-х.

## Умар ﵁нун сөзүнө амал кылынабы

**Суроо**: «Исламда экономика түзүмү» китебинде мындай делет: Абу Юсуф «Хирож» китебинде Саид ибн Мусайябдан мундай риваят кылды: Умар ибн Хаттаб айтты: «Жерди таштап койгон адам үч жылдан кийин бул жерге ээлик кылууга акысы жок».

Халкабыздын мушрифи муну минтип түшүндүрдү: Умардын бул сөзү шаръий далил, себеби, бул сөзүнө сахабалар ижма кылышкан жана бул, ушуга далалат кылат, ким бирер жерге – сатып алуу, же мурас кылып алуу, же белек кылып алуу, же болбосо башка бирер шаръий жол аркылуу – ээлик кылып, ал бул жерди үч жылга чейин иштетпеген болсо, жер андан алынып коюлат.

Ушул жерде жигиттердин бири төмөнкү суроолорду берди:

1 – Расулуллох ﷺдын хадисине далалат жагынан амал кылынгандай, Умар ﵁нун бул сөзүнө да далалат жагынан амал кылынабы?

2 – Умар ﵁нун бул сөзүнө сахабалардын эч кими каршы чыкпаганы үчүн шаръий далил эсептелеби? Т.а. сахабалар Умардын сөзүнө ижма кылышканы пайда болдубу?

Халкабызда ушул маселе жөнүндө канааттандырарлык жооп болгон жок. Ошондуктан, бул туралуу силерден жооп күтөбүз. Ыраазычылык билдиребиз!

**Жооп**:

– Умар ﵁нун бул сөзү далил экени туура эмес. Тескерисинче, Умар ﵁нун ушул сөзүнөн истинбат кылынган өкүмгө сахабалардын кылган ижма кылышы бул жердеги далил болот.

– Хадиске далалат жагынан амал кылынгандай, Умар ﵁нун бул сөзүнө да далалат жагынан амал кылынышына келсек, бул туура.

Биринчиси т.а. Умардын сөзү далил эмес, тескерисинче, ижма далил экенине келсек, мында эч кандай бүдөмүк нерсе жок, бул – ачык-айкын. Анткени, сахабалар ижмасы өздөрү риваят кылышпаган далилди көрсөтүп берет. Мында далилди зикр кылбастан өкүмдүн өзүн зикр кылган болушат. Далил болсо, алардын ортосунда белгилүү, алар үчүн ачык-айкын болот. Башкача айтканда, аларга далил ачык-айкын маалым болгондуктан өкүмдүн өзүн зикр кылуу менен менен чектелишкен.

Экинчиси т.а. Умар ﵁нун бул сөзүнө далалат жагынан амал кылынышына келсек, бул туура жана ага албетте амал кылуу керек. Себеби, Умар ﵁ бул өкүмдү нусус аркылуу зикр кылды жана ал киши лугат уламаларынын бири. Анын сөзүнөн истинбат кылынган өкүмдү түшүнүп алуу үчүн, кудум хадисти үйрөнгөндөй, албетте, аны лугаттагы сөздөрдүн маанилерине ылайык үйрөнүп чыгуу керек болот. Антпесе,

Умардын сөзү хадис сыяктуу лугавий жактан үйрөнүлбөй турган болсо, анын сөзүнөн истинбат кылынган өкүмдү кантип түшүнүп алабыз?

Бул маселе дагы да ачыкталышы үчүн Умар ﵁нун ушул сөзүнө назар салгыла:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضاً مِيْتَةً فَهِيَ لَهُ، وَلَيْسَ لِمُحْتَجِرٍ حَقٌّ بَعْدَ ثَلاَثَ سِنِينَ»

«Ким өлүк жерди тирилтсе, жер аныкы. Жерди таштап коюучу үч жылдан кийин бул жерге ээлик кылуусу жок» деп жатат. Ал жерди тирилткен адам ээлик кылат деп жатат, аны таштап койгон ээлик кылат деген жок. Себеби «Ким өлүк жерди тирилтсе, жер аныкы» деди. «Ким жерди таштап койсо, жер аныкы» деп айтпады. Акыры, өлүк жерге аны тирилтүү менен гана ээлик кылынабы? Айланасына таш терип, өзүнүкү кылуу менен гана ээ болбостон, балким, ага эгин эгүү сыяктуу иштер жардамында көрктөндүрүү менен ээлик кылынабы? Т.а. жерге таш терип, өзүнүкү кылган киши эмес, тскерисинче, аны тирилткен киши ээ болобу? Кийин, жерге ээлик кылуудан аны тирилткен киши эмес, таш терип, өзүнүкү кылган киши куру калабы? Т.а. бул – ким жерди таш терип өзүнүкү кылса, бирок, кийин аны үч жыл кароосуз калтырса, жерди андан алынып коюлушун, жерди тирилткен киши болсо буга кирбестигин түшүндүрөбү? Себеби, Умар ﵁ «Жерге таш терип өзүнүкү кылган киши үч жылдан кийин ага акылуу боло албайт» деген, «жерди тирилткен киши үч жылдан кийин ага акылуу боло албайт» деген жок.

Башкача айтканда, «ким ... тирилтсе», деген сөзгө ылайык, жерге аны тирилткен киши ээ болуп, «жерге таш терип, өзүнүкү кылган киши... ага акылуу боло албайт» деген сөзгө карата болсо, жерге таш терип өзүнүкү кылган киши ага акылуу боло албайбы? Маселе ушундай эмеспи? Эгер, өкүм жерге ээ болууда да, андан куру калууда да тирилткен киши менен таш терип өзүнүкү кылган кишини камтыса, муну кандай түшүнүү мүмкүн?

Муну түшүнүү үчүн Умар ﵁нун ушул сөзүн кудум бирер хадисти лугаттагы маанилер жагынан үйрөнгөндөй үйрөнүү керек.

Умар ﵁нун сөзүн үйрөнүп, ушуну айтышыбыз мүмкүн, анын бул сөзү «хазф аркылуу кыскартуу» түркүмүнө кирет жана бул лугатшунатыкта белгилүү каида-эреже. Умар «Ким өлүк жерди тирилтсе, жер аныкы жана үч жылдан кийин ага ээ болбойт. Ким өлүк жерди таш терип өзүнүкү кылган болсо, жер аныкы жана таш терип өзүнүкү кылган үч жылдан кийин ага ээ болбойт» деген. Кийин болсо бул жумладан биринчи өкүмдүн мурдагы жарымын т.а. «ким...тирилтсе»ни собит калтырып, экинчи жарымын т.а. «үч жылдан кийин ага ээ болбойт» дегенди хазф кылган. Кийин экинчи өкүмдүн т.а. «ким өлүк жерди таш терип өзүнүкү кылган болсо»нун баштапкы жарымын хазф кылып, экинчи жарымын т.а. «таш терип өзүнүкү кылган үч жылдан кийин ага ээ

болбойт» дегенди собит калтырган. Ошентип, бул өкүмдү мындай түшүнөбүз: эгер бул өкүм жерди тирилтүүчү жөнүндө жана таш терип өзүнүкү кылуучу жөнүндө болсо, демек, тирилтүү жана таш терип өзүнүкү кылуу – жерге ээ болууда да, кароосуз калтырылгандан кийин жерден куру калууда да бирдей.

Бул, бир жагынан…

Экинчи жагынан болсо, эгер Умар ﷺнун сөзүн лугатка жана далалатка ылайык үйрөнбөсөк, кантип тирилтүүнүн мааниде жерге ээ болуунун иллети (өкүмдүн себеби) экенин түшүнө алабыз? Эгер лугатка ылайык үйрөнсөк, ушул нерсе ачык-айкын болот: өкүм (жер)дин таъкиб жана сабаб «ف фа»сы жардамында сыпат жанында келиши далалатка ылайык иллетти түшүндүрөт. Бул жерде фанын өкүмгө кайтышынын же сыпатка кайтышынын айырмасы жок. Маанилүүсү, фанын далалат шарттары талап кылынган даражада табылышы т.а. ал үч шарт табылышы шарт. Анткени, фанын үч шарттары далалатка ылайык иллетти туюнтат жана бул далалат болсо, Умардын «ким ... тирилтсе», деген сөзүндө табылган. «Тайсирул вусул илал усул» китебин карагыла. Демек, тирилтүү – ээ болуунун иллети. Ким тирилтүү ишин т.а. кандай болбосун жерди тирилтсе, ага ээлик кылат.

Ж.б.у.с…

Корутунду:

Демек, бул жерде Умардын сөзү далил эмес, тескерисинче, далил – сахабалардын Умардын сөзүнөн истинбат кылынган өкүмгө кылган ижмасы.

Себеби, Умар истинбат кылынган өкүмдү арабча насс жардамында түшүндүрүп жатат жана ал лугат уламаларынын бири. Ошондуктан, кудум бирер хадис сөздөрүн мантук, мафхум жана лугат далалаты жагынан лугатка ылайык үйрөнүлгөндөй, Умардын бул сөзүн да андагы сөздөрдүн далалаттары лугатка ылайык үйрөнүлмөйүнчө, анын сөзүнөн истинбат кылынган өкүмдү билип болбойт.

21-жумадул-аввал, 1431-х.

## Хадис илими туурасында

**Суроо**: «Исламий шахсия» китебинин биринчи бөлүмүндө сахих хадис таърифи жөнүндөгү тадкикотто мындай делген: «(Забит, адилеттүү адамдан – забит адилеттүү адамга) деген сөзүбүздөн максат мурсал, мункатиъ же муъзал кабарларына түшүп калбоо үчүн. Себеби, мурсал, мункатиъ, муъзал сахих кабардан болбойт. Мурсал, бул тобийин Расулуллох ﷺдан сахабанын атын зикр кылбастан риваят кылган кабар. Мункатиъ болсо, бир орунда же бир нече орунда риваят кылуучулардын бирөөсү түшүп калганын түшүндүрөт. Муъзал болсо, бир орунда же бир нече орунда эки киши же андан көбүрөөк киши түшүп калган кабар. Мурсал, мункатиъ жана муъзалдын бардыгы санады байланбаганы үчүн сахихтиктен чыккан...». Бул болсо, ушул китепте мурсал хадиске амал кылса болушу туурасындагы сөзгө тескери келип жатат, мунун түшүндүрмөсү кандай? Ыраазычылык билдиребиз!

**Жооп**: мурсал хадисти сахих хадис таърифине киргизбөө менен (хадис истилахы илимине ылайык ушундай) мурсал хадиске амал кылуу ортосунда зиддият жок.

Албетте, ар бир илим ээлери өз илимине тиешелүү истилахтарды т.а. ошол илимге хас үрфий хакикатты белгилейт. Бул истилахтар болсо алар белгилешкен ошол чегарада гана колдонулат жана андан нары өтпөйт.

Бизден сахих хадис таърифи хадис истилахында эмне делген, деп суралса, буга шахсиянын биринчи бөлүгүндөгү «Ахад кабар бөлүмдөгү» бөлүгүнүн 1-бөлүмүндө айткан ушул сөздөрүбүз жооп болот:

«Санады забит, адилеттүү адамдан тээ аягына чейин забит адилеттү адамдан накл кылынган хадис сахих кабар деп айтылат, ал шазз да, иллеттүү да болбойт. Башкача айтканда, анын санады забит, адилеттүү адамдан накл кылынып, тээ Расулуллох ﷺга чейин же сахабага, же болбосо тобийинге жетип барат. «Забит адилеттүү адамдан забит адилеттүү адамга» деген сөзүбүздөн максат – мурсал, мункатиъ же муъзал кабарларына түшүп калбоо үчүн. Себеби, бул мурсал, мункатиъ, муъзал сахих кабардар болбойт. Мурсал, тобийин Расулуллох ﷺдан сахабанын атын айтпастан риваят кылган кабар. Мункатиъ болсо, бир орунда же бир нече орунда риваят кылуучулардын бирөөсү түшүп калганын түшүндүрөт. Муъзал болсо, бир орунда же бир нече орунда эки же андан көбүрөөк киши түшүп калган кабар. Мурсал, мункатиъ жана муъзалдын бардыгы санады байланбаганы үчүн сахихтиктен чыккан...».

Мындан хадис илими истилахына ылайык, мурсал сахихке кирбеши белгилүү болууда.

Эми, бизден алына турган жана амал кылына турган хадис кайсы деп суралса, мындай дейбиз:

– Хадис илими истилахына караганда, алар: сахих жана хасан хадистер.

– Санады арасынан сахаба түшүп калган хадис мурсал деп айтылат. Мурсал хужжат болуп эсептелет жана аны далил кылса болот. Себеби, анда матн, санад жана ровий шарттары толук табылат. Санадынан сахабанын түшүп калышы – ырас, сахаба экени маалым болгон соң – ошол сахабанын жоктугу ага зыян жеткирбейт жана ушул жактан мурсал ишеничтүү.

– Имамдар, алардын шакирттери жана башка улама, фукахалардын китептеринде келген хадистер да хасан хадистер болуп эсептелет жана аларды хужжат кылса болот. Себеби, бул адамдар ушул хадистерди бирер өкүмгө далил кылып келтиришкен же алардан бирер өкүмдү истинбат кылышкан. Бул хадистер усули фикх китептеринде келеби же фикх китептериндеби, айырмасы жок. «Мабсут», «Умм», «Мудавванатул Кубро» сыяктуу этибарлуу китептерден болушу шарт.

– Заиф хадисти – эгер баша заиф хадистер менен күчөп кетсе – ала тургандар да бар. Биз болсо, аны албайбыз.

Кыскасы, бул жерде зиддият жок, себеби, хадис истилахы бир илим болсо, хадиске амал кылуу дагы бир илим. Белгилүү бир абалдарда бул эки илимдин экөөсү тең бир жерде учурабайт о.э. этибардуу бирер далил болбосо, бир илим экинчи бир илимге каршы хужжат болбойт.

Маселени дагы да айкындаштырсак, бул болгону мына ушул илимде гана эмес, балким, башка илимдерде да бар.

Мисалы, нахв илими (грамматика) аалымдарынын истилахтарын алгыла. Алар фаил, мафъулун бихи, наиби фаил сыяктуу атына истилахтар беришкен. Бирок, лугатшунастар алардын истилахтары туурасындагы айрым маселелерде кээде аларга кошулушпайт. Мисалы, нахв уламаламры «أَكَلَ زَيْدٌ التُّفَّاحَةَ Зайд алма жеди» дегенде Зайд раф абалындагы фаил болуп, алманы жеш иши ага байланат, дешет жана маани аалымдары да буга кошулушат, себеби, бул маани мабнийге туура келип жатат.

Ал эми, нахв илиминин уламалары «أُكِلَتْ التُّفَّاحَةُ алма желди» дегенде (التفاح) сөзүн наиби фаил дешсе, лугатшунастар буга кошулушпайт. Себеби, (алардын айтымында,) (التفاحة) сөзүнүн феълге байланыштуулук жайы жок жана ал наиби фаил да эмес, фаилди эч нерсе менен ордун баспайт. Балким, (التفاحة) маани жагынан алганда, желген болуудан нары өтпөйт!

Өтө көп илимдерде да мына ушундай. Баарынын өз жолдору, маслактары, истилахтары бар жана «истилахта тартышуу болбойт» дешет.

Бул жерде да ушундай. Хадис истилахы бир илим болсо, хадиске амал кылуу дагы бир илим. Алардын ортосунда кандайдыр бир маселеде айырмачылык болсо, бул – зиддиятты түшүндүрбөйт.

12-жумадул-аввал, 1431-х.

## Шаръий хакикат менен шаръий маънанын айырмасы

**Суроо**: шаръий хакикат менен шаръий маъна ортосунда айырма барбы?

Айлык халкаларыбыздын биринде жигиттердин бири мындай дегени үчүн ушул маселе бизге бүдөмүк болуп калды:

«Шаръий хакикат: «صَلاَةٌ намаз» сөзү сыяктуу лугавий маанинин аслиден башка жаңы мааниге өткөрүп жиберет.

Шаръий маъна болсо: «قِبْلَةٌ кибла» сөзү сыяктуу, лугавий маанинин өзүн иштетет жана ага кандайдыр бир- тартип же чегара коюп коёт». Ушул сөз тuurабы?

Эгер экөөсүнүн ортосунда айырма болсо, силерден муну кеңери түшүндүрүп беришиңизди үмүт кылабыз. Мисал үчүн:

а) «Исламда экономика түзүмү» китебинде «إِصْرَافٌ» жана «تَبْذِيرٌ» сөздөрү туурасындагы талкууда «бул сөздөрдүн шаръий маанилери мал-мүлктү Аллах кайтарган ишке сарптоо» делген. Жигиттердин бири: «бул – шаръий хакикат эмес, шаръий маъна» - деди.

б) «Тайсир фи ахвалит тафсир» китебинде «مَا وَلاَّهُمْ عَنْ قِبْلَتِهِمْ» аятынын тафсири туралуу тафсирде мындай сөздөр келген: «قِبْلَتِهِمْ» сөзүндө кудум «مُوَاجَهَةٌ»дан «وِجْهَةٌ» алынганы сыяктуу, «مُقَابَلَةٌ»дан «قِبْلَةٌ» сөзү исми феъл кылып алынган жана шаръий маънага айланган. Шаръий маънасы «мусулман намазда жүздөнө турган тарап». Ал шаръий маъна менен аталды, шаръий хакикат менен аталган жок.

в) Биз «Исламий шахсия»нын үчүнчү бөлүгүндөгү шаръий хакикат талкуусуна кайрылдык, бирок, анда шаръий хакикат менен шаръий маънанын ортосунда айырма таба албадык.

Эгер, булардын ортосунда айырма болсо, түшүндүрүп бергиле, Аллах ыраазы болсун!

**Жооп**: шаръий хакикат – сөз, шаръий маъна болсо – маани, экөөсү тең бири-бирине тескери эмес!

«Исламий шахсия»нын үчүнчү бөлүгүндө мындай делет:

«Шаръий хакикат – шарият аны өз маанисинен башка мааниде иштеткен сөз. Кийин арабдар аны башка мааниде иштетишти жана биринчи мааниси пайдалануудан чыгып кеткен».

«Шаръий хакикат шаръий үрф боюнча иштетилген сөз».

Шаръий хакикат – шарият ага каринасыз далалат кылган маани берген сөз».

Т.а. шаръий хакикат арабдар лугавий маанисинен башкача шаръий мааниде иштеткен, лугавий мааниси пайдалануудан калып, ал болгону шаръий мааниси менен таанылып калган сөз. Мисалы, «صَلاَةٌ намаз» сөзү сыяктуу. Бул сөздүн лугавий мааниси дуба эле, кийин шарият ага шаръий

маани берди т.а. аны лугавий маанисинен шаръий мааниге көчүрдү жана ал ушул мааниде таанылды. Демек, «صَلاَةٌ намаз» сөзү «атайын аракеттер» деген шаръий маанисине өзгөрдү жана шаръий хакикаткга айланып калды.

Ушуга ылайык, сөздүн маанисин билмекчи болсоңор, карайсыңар:

1 – Эгер, сөз лугавий маанисинде иштетилип жаткан болсо, ал лугавий хакикат болот;

2 – Эгер, лугавий маанисинен шаръий мааниге көчүп, шаръий мааниси менен таанылган, лугавий мааниси болсо пайдалануудан чыгып кеткен болсо, ал шаръий хакикат болот.

Ошондуктан, сөздү шаръий мааниде иштетилгенин үйрөнүп жатканыңарды, эгер ушундай болсо, демек, ал шаръий хакикат болот: Силер минтип айтышыңар мүмкүн:

«صَلاَةٌ намаз» сөзү шаръий маъна болуп, ушуну менен таанылган, демек, ушул шаръий маъна аркылуу шаръий хакикатка айланган;

«قِبْلَةٌ кибла» сөзү шаръий маъна болуп, ушуну менен да таанылып каалган, демек, ушул шаръий маъна аркылуу шаръий хакикатка айланган;

Муну менен бирге, силер «قِبْلَةٌ» сөзүнүн дагы андай-мындай деген шаръий маанилери бар, дешиңер да мүмкүн, биз «демек, ал шаръий хакикат» деп, биротоло чекит коюшубуз шарт эмес.

Кыскасы, шаръий хакикат – шаръий маънага ээ болгон жана ушуну менен таанылган сөз.

Силерге шаръий хакикат менен шаръий маъна ортосундагы айырма бар экени, алар синоним-маанилеш сөздөр эместиги, тескерисинче, экөөсү тең төмөнкүдөй экендиги ачык-айкын болду деп үмүт кыламын: шаръий хакикат – шаръий мааниде иштетиле турган, ушул маани менен таанылган, лугавий мааниси болсо пайдалануудан чыгып кеткен сөз. Ушуну да билип коюу зарыл, «هجر» сөзү лугавий мааниде т.а. бул сөздү укканда мээне лугавий мааниси келбейт, карина менен гана келет.

15-робиул-аввал, 1432-х.
20-март, 2011-м.

## Хадистин мафхум сифат эмес, мафхум шарт делгени туурасында

**Суроо**: «Исламий шахсиянын» 2-китеби 302-бетинде «Бутагында турган мөмөлөрдү сатуу» темасында мындай делет: «Муслим Ибн Умардан риваят кылышынча Набий ﷺ мындай деди:

«مَنِ ابْتَاعَ نَخْلاً بَعْدَ أَنْ تُؤَبَّرَ فَثَمَرَتُهَا لِلَّذِى بَاعَهَا، إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

«Кимде-ким курманы чаңдаштырылгандан кийин сатып алса мөмөсү саткандыкы болот, болгону, сатып алган киши (мөмөсүн да сатууну) шарт кылса (мөмө аныкы болот)», - деген. Ахмад Убада ибн Сомиттен риваят кылган хадис да буга далил болот:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ قَضَى أَنَّ تَمْرَ النَّخْلِ لِمَنْ أَبَّرَهَا إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

«Набий ﷺ курманын (түшүмүн) аны чаңдаштырган кишиге өтүшүн өкүм кылды. Болгону, сатып алган кишинин шарт кылганы мындан сырткары болду». Бул хадистин мантуку – чаңдаштырылган мөмөсү бар курманы сатып алуу түшүм соода келишимине кирбешине, тескерисинче, саткан адамдын мүлкү болуп кала беришине далил кылып келтирилсе; хадистин мафхуму – курма мөмөсү чаңдаштырылган болбосо соода келишимине киришине жана сатып алгандыкы болушуна далил кылынат. Бул орунда мафхумдан көздөлгөн маани – мафхум мухолафа. Ал болсо бул жерде мафхум шарт».

Бул хадисти усул аалымдары мафхум шарт талкуусунда эмес мафхум сифат талкуусунда зикр кылышкан. Ошондой болгон соң, эмнеге аны мафхум сифат эмес мафхум шарт деп айтылды? Ушуну түшүндүрүп берүүнү суранам.

**Жооп**: усул маселелеринде талкууланып жаткан маселе ар тараптуу кеңири үйрөнүлүп чыгышы важиб. Мисалы: суроо берген киши төмөндөгү хадистерди талкуу орду кылып алды:

«مَنِ ابْتَاعَ نَخْلاً بَعْدَ أَنْ تُؤَبَّرَ فَثَمَرَتُهَا لِلَّذِى بَاعَهَا، إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

« Кимде-ким курманы чаңдаштырылгандан кийин сатып алса мөмөсү саткандыкы болот, болгону, сатып алган киши (мөмөсүн да сатууну) шарт кылса (мөмө аныкы болот)»,

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ قَضَى أَنَّ تَمْرَ النَّخْلِ لِمَنْ أَبَّرَهَا إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

« Набий ﷺ курманын (түшүмүн) аны чаңдаштырган кишиге өтүшүн өкүм кылды. Болгону, сатып алган кишинин шарт кылганы мындан сырткары болду». Сиз эки хадистин бир бөлүгүн алып, аны талкуу орду кылып алгансыз! Сиз хадистин биринчи бөлүгүн алып аны менен чектелгенсиз! О.э. аны тартышуу орду «مَنِ ابْتَاعَ نَخْلاً... кимде-ким курманы сатып алса…» деген мафхум шарт менен «بَعْدَ أَنْ تُؤَبَّرَ... чаңдаштырылгандан кийин…» деген мафхум сифат ортосунда деген этибарда үйрөнгөнсүз. Табигый болгондой, бул жерде мафхум сифатка амал кылынат. Себеби, өкүм чаңдаштырууга байланыштуу. Демек,

чаңдаштыруудан мурунку байъдын (соoданын) өкүмү чаңдаштырылгандан кийинки байъдын өкүмүнөн айырмаланат.

«مَنِ ابْتَاعَ...» кимде-ким сатып алса…» деген шарттын мафхум мухолафасына т.а. «ким сатып албаса…» деген мафхум мухолафага келсек, ага эч бир өкүм тиешелүү болбойт. Себеби, байъ болбосо, эч кандай өкүм да болбойт. Мында курма мөмөсү кимге таандык делгидей эч нерсе жүз бербеди! Ушуга ылайык, эгер хадис:

«مَنِ ابْتَاعَ نَخْلاً بَعْدَ أَنْ تُؤَبَّرَ فَثَمَرَتُهَا لِلَّذِى بَاعَهَا»

«Кимде-ким курманы чаңдаштырылгандан кийин сатып алса мөмөсү саткандыкы болот» деген сүйлөмдөн гана турганда, экинчи хадис болсо:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ قَضَى أَنَّ تَمْرَ النَّخْلِ لِمَنْ أَبَّرَهَا»

«Набий ﷺ курманын (түшүмүн) аны чаңдаштырган кишиге өтүшүн өкүм кылды» деген сүйлөмдөн гана турганда, сиздин «бул жерде мафхум - мафхум сифат болуп келген» деген сөзүңүз туура болмок. Бирок, сиз хадистин аягындагы маанилүү, балким, эң маанилүү бөлүктү т.а. шарт кылынган нерсенин истисна кылынганын этибарга албагансыз:

«إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

«Болгону, сатып алган кишинин шарт кылганы мындан сырткары болду». Ошондуктан, эгер сиз аны үйрөнүп сереп салганыңызда мафхум сифат бекер болуп, шартты белгилөөдөн алынган мафхум шартка амал кылына турган болуп калганын табат элеңиз. Себеби, чаңдаштыруу же чаңдаштырбоо шарт кылынган нерсени мустасна кылуу менен бекер болуп калды. Мында этибарга алына турган нерсе шарт кылуу болуп калды. Ошондуктан, эгер сатып алган кардар курма мөмөсү менен кошо ага таандык болушун шарт кылган болсо, мына ушул шарт аткарылат. Байъ курманы чаңдаштыруудан мурун болдубу же кийинби айырмасы жок. Ошондуктан, эгер курманы чаңдаштыруудан мурун сатып алган болсо мөмөсү да аныкы, чаңдаштыруудан кийин сатып алган болсо жана мөмөсү ага таандык болушун шарт кылган болсо да мөмөсү аныкы. Демек, мында амал кылына турган нерсе шарт кылынган нерсени истисна кылуу натыйжасын берип жаткан шарт. Андыктан, кардар шарт койгон болсо курма мөмөсү менен кошо аныкы болот, байъ чаңдаштыруудан мурун болдубу же кийинби айырмасы жок т.а. мафхум сифатка амал кылынбайт.

Сиз төмөндөгү эки жагдай себептүү чаташып жаткан көрүнөсүз:

Биринчи: Сиз хадисте шарт «مَنِ ابْتَاعَ кимде-ким сатып алса…» деген көрүнүштө гана келген деп ойлогонсуз, ошондуктан «مَنِ ابْتَاعَ кимде-ким сатып алса…» деген сөзүндөгү мафхум шартты жана «بَعْدَ أَنْ تُؤَبَّرَ чаңдаштырылгандан кийин…» деген сөзүндөгү мафхум сифатты талкуу темасы кылып алгансыз. Натыйжада, мафхум сифат менен хужжат коим болот деп эсептегенсиз. Бирок, сиз:

«إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ»

«Болгону, сатып алган кишинин шарт кылганы мындан сырткары болду» сөзүн калтырып кеткенсиз жана аны талкууга киргизбегенсиз. Натыйжада, бул сөз талкууңузда – шахсияда «шарт менен мукайяд кылуу пайдасыз болуп калат» деп келгендей – лагв-пайдасыз нерседей болуп калган!

Экинчи: Сиз шарт – шарт лафзи (сөзү) жана муштаккаттары (андан жасалган жасама сөздөр) менен ачык айтылбай – жүктөмө (сөздөр) менен гана келет деп ойлогонсуз. Бул, туура эмес, себеби, шарт лафзи жана анын муштаккаттары кээде жүктөмө ордунда турат жана анын бир мафхуму болот. Мисалы, сиз уулуңузга: «أعطيك جائزة بشرط أن تفوز في الامتحان эгер, сен экзаменден ийгиликтүү өтсөң мен сага сыйлык беремин» деп айтсаңыз мунун өз мафхуму болот т.а. «لا جائزة للولد إذا لم يفز في الامتحان эгер, бала экзаменден ийгиликтүү өтпөсө ага эч кандай сыйлык болбойт». Себеби, «بشرط أن تفوز في الامتحان сен экзаменден ийгиликтүү өтсөң» сөзү « إذا فزت في الامتحان эгер, экзаменден ийгиликтүү өтсөң» деген мааниде жана башка ушул сыяктуу. Ушуга ылайык, хадистеги мафхум шарт бул орунда «من باع кимде-ким сатып алса» жүктөмөсүнөн алынат. Себеби, бул өкүмгө мафхум шарт жагынан таасир кылбайт, тескерисинче, өкүмгө таасир кыла турганы ушул: «إِلاَّ أَنْ يَشْتَرِطَ الْمُبْتَاعُ болгону, сатып алган киши (мөмөсүн да сатууну) шарт кылса». Мына ушул шарт коюу менен болгон истисна жүктөмөнү колдонуунун ордунда болот т.а. « إذا اشترط المبتاع فله كذا وإذا لم يشترط فله عكس كذا... эгер, сатып алуучу кардар шарт кылган болсо ага баланча нерсе таандык болот, эгер шарт кылбаган болсо ага баланча нерсенин тескериси болот…».

Корутунду: шарт менен истисна кылуунун өзүнүн мафхуму бар. Истисна биринчи хадистегидей шарт жүктөмөсүнөн кийин « من ابتاع فله كذا إذا اشترط المبتاع وله غير كذا إذا لم يشترط ким сатып алса баланча нерсе – эгер, ал шарт кылган болсо – аныкы болот жана эгер шарт кылбаган болсо аныкы баланча нересден башка нерсе болот» деген мааниде келеби же экинчи хадистеги сыяктуу: « قضى رسول الله صلى الله عليه وسلم بكذا إذا اشترط المبتاع وغير كذا إذا لم يشترط المبتاع Расулуллах ﷺ сатып алуучу кардар эгер шарт кылган болсо баланча нерсе менен өкүм кылды жана эгер шарт кылбаган болсо башка нерсе менен өкүм кылды» деген мааниде шарт жүктөмөсү жок келеби, мунун айырмасы жок. Анткени, шарт кылынган ушул истиснанын зикр кылынышынын өзү мафхум шартка амал кылына турган кылып коёт.

Сиздин усул аалымдары айткан нерселер жөнүндөгү сөзүңүз туура. Себеби, алар хадистин акыркы бөлүгүн айтышпаган, тескерисинче, алар бир сөздү алып т.а. «من باع نخلاً مؤبرا فثمرتها للبائع Кимде-ким курманы чаңдаштырылгандан кийин сатып алса мөмөсү саткандыкы болот» деген

сөзүн алып үйрөнүшкөн. Демек, мында өкүм чаңдаштырууга каратылган. Ошондуктан, амал кылына турган мафхум – мафхум сыпат болгон. Текстинен бөлүк кылып алынган мындай сөздөр усул китептеринде бар. Усул аалымдары бир сөздү, же хадистин маанисин, же анын бир бөлүгүн алып анын үстүндө коиданы иштеп чыгышкан. Мисалы алардын: « فِي الْغَنَمِ السَّائِمَةِ زَكَاةٌ жайлоодо оттогон койдон зекет берилет» деген сөздөрү сыяктуу. Негизи, хадис мындай эмес, балким, Абу Давуд айбандардан алына турган зекет жөнүндө риваят кылган узун хадистен мындай таризде алынган:

«...وَفِي سَائِمَةِ الْغَنَمِ إِذَا كَانَتْ أَرْبَعِينَ، فَفِيهَا شَاةٌ...»

«… Жайлоодо оттогон койдон, эгер кырк кой болсо бир кой берилет…». Анда «эгер кырк кой болсо» деген шарт ачык-айкын көрүнүп турат. Бирок, усул аалымдары бул шартты калтырып кетишкен, себеби алардын талкуусу мафхум сифат жөнүндө болгон. Ошондуктан, алар «سائمة الغنم жайлоодо оттогон кой» сөзүнө чектелишкен жана аны « في الغنم السائمة زكاة жайлоодо оттогон койдон зекет берилет» деп туюнтуп, аны мафхум сифатка мисал кылып келтиришкен. Т.а. мындан эгер чарба жандыгы жайлоодо оттобосо, зекет берилбейт деген маани чыгат. Муну менен бирге мафхум шартка амал кылынышы да белгилүү. Себеби, чарба жандыгы койлор, эгер кыркка жетпесе, мейли жайлоодо оттогон болсо да, аларга зекет жок. Ошондуктан, эгер усул аалымдарынын бири:

«وَفِي سَائِمَةِ الْغَنَمِ إِذَا كَانَتْ أَرْبَعِينَ، فَفِيهَا شَاةٌ...»

«… Жайлоодо оттогон койдон, эгер кыркка жетсе бир кой кой берилет…» хадисин зикр кылып кийин мында мафхум сифатка амал кылынат деген болсо, анын сөзү дакик-анык болбогон болот. Туурасы – мафхум шартка да амал кылынат дештиги. Бирок, хадистин бир бөлүгүн алып «жайлоодо оттогон койдон зекет берилет» деп зикр кылса жана мафхум сифатка амал кылынат десе, анын сөзү туура болот, бирок, бүткүл хадиске карата эмес, хадистин мына ушул бөлүгүнө карата туура болот. Ошентип, хадистеги мафхум мухолафадан максат мафхум сифат эмес, мафхум шарт.

21-жумадус-саний, 1433-х.

12-май, 2012-м.

## «Вужуд жана ак» тууралуу

**Суроо**: Шахсия китебинин 3-тому 129-бетинде мындай делет:

«… эгер куллийдин мааниси өз бөлүктөрүндө ар түрдүү болсо, ал мушаккак болот. Мисалы, вужуд жана ак (түс) сыяктуу. Анын ар түрдүүлүгү важибдик жана мүмкүндүк менен болобу, мисалы вужуд сыяктуу, анткени ал Барий Субханаху ва Таалада важиб, башкасында болсо мүмкүн, же  муктажсыздык жана муктаждык менен болобу, мисалы вужуд сыяктуу, ал орундан муктажсыз болгон нерселерге карата да, орунга муктаж болгон араздарга (өткүнчү көрүнүштөргө) карата да колдонулат, же ашыктык жана аздык менен болобу, мисалы нур сыяктуу, анткени ал күндө чырактагыдан көрө көбүрөөк болот, эч айырмасыз. Анын мушаккак деп аталышына себеп, ага назар салган киши ал акыйкат бир экенине туура келеби же экөөсүнүн ортосунда түрдүүлүк бар болгону үчүн муштаракпы, ушул жөнүндө шек-күмөнгө түшөт».

Шейх «вужуд жана ак»ты айтып, «вужуд» сөзүнө мисал келтирди, ошондон кийин аны дагы кайталады, бирок «ак» сөзүнө мисал келтирбеди… Ошондон кийин муктажсыздык жана муктаждыкты айтты, аны түшүнө албадым… Бул сүйлөмдү кандай кылып анык, ачык-айкын түшүнсө болот? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: бул сүйлөм усул китептеринин адаты боюнча, кеңири эмес, мужаз-кыскача келтирилген. Туура, «ак» сөзүнө мисал айтылбаган, анткени «нур» деген мисал «ак» сөзүнө да туура келет. Экинчи келген «вужуд» сөзү «мавжуд» саналат. Анткени, ал бул орунда мафъул «мавжуд» маанисинде келип, ал масдар болгон «вужуд»дан көрө муктажсыздык жана муктаждык абалында аныгыраак.

Бул сүйлөм анык болушу үчүн мен аны сизге төмөнкүдөй таризде кеңири жана аныгыраак көрүнүштө айтып өтөмүн:

Эгер, куллий мааниси өзүнүн бөлүктөрүндө ар түрдүү болсо, ал вужуд жана ак сөздөрү сыяктуу мушаккак болот:

Анын түрдүүлүгү важибдик жана мүмкүндүк менен болобу, же муктажсыздык жана муктаждык менен болобу, же ашыктык жана аздык менен болобу, мунун айырмасы жок.

Важибдик жана мүмкүндүккө мисал кылып «вужуд» сөзүн келтирүү мүмкүн. Анткени, Барий Субханахуда важиб, башкасында болсо мүмкүн.

Муктажсыздык жана муктаждыкка мисал «мавжуд» сөзү. Бул сөз орундан муктажсыз болгон нерселерге карата да, башкадан орун алууга муктаж болгон араздарга (өткүнчү көрүнүштөргө) карата да колдонулат. Мисалы «мавжуд» сөзү «миск» жана «киши» сөздөрүнө карата колдонулат, алар – нерселер. «Мавжуд» сөзү «мисктин жыпар жыттуулугуна» жана «кишинин кеселдүүлүгүнө» карата да колдонулат.

Булар болсо башкасынан орун алууга муктаж болгон араздар. Анткени, мисктин жыттуулугу мисктин араздарынын бири, кишинин кеселдүүлүгү да кишинин араздарынын бири. Ошого карабастан, сиз миск мавжуд, мисктин жыттуулугу мавжуд, киши мавжуд, кишинин кеселдүүлүгү мавжуд деп айтасыз. Акыйкатта болсо, маани муктажсыздык жана муктаждык жаатында ар түрдүү болууда.

Ашыктык жана аздыкта түрдүүлүккө «ак» сөзү мисал болот. Ал кар жана пил сөөгүнө карата колдонулат. Актык карда күчтүүрөөк жана жаркынырак. Буга «нур» сөзү да мисал боло алат. Анткени, ал күндө чырактагыдан көрө көбүрөөк.

Ошентип, «вужуд, мавжуд, ак, нур» сөздөрү куллий мушаккак сөз. Анткени, ага караган адам ал акыйкат бир экенине туура келеби же эки нерсе ортосунда айырма бар болгону үчүн муштаракпы, мында шектенгени үчүн ал мушаккак деп аталды.

Маалымат үчүн ушуну айтамын, «мушаккак» сөзүн исми фаил вазнинде биринчи коф харфын ташдиддүү жана касралуу окуу да, исм мафъул вазнинде кылып коф харфын ташдиддүү жана фатхалуу окуу да жайиз. Ал эки абалда да туура болот. Анткени, куллийдин бул түрүнө караган адам – шектенүүчү, ошол эле учурда, караган адам шектенген нерсе мушаккак-күмөн кылынган.

Куллий мушаккак мааниси сизге айкындашкан болсо керек деп үмүт кыламын. Инша Аллах, учур болуп калса, китепте келген сүйлөмдү кеңири жана аныгыраак тариздe карап чыгабыз.

27-зул-каъда, 1434-х.
3-октябрь, 2013-м.

## Мужтахиддин өз ижтихады туурасында

**Суроо**: «Ислам түзүмү» китебинде мындай делет: «Үчүнчүсү: эгер мусулмандардын пайдасы үчүн мусулмандарды бириктирүү көздөлгөн рай болсо, мындай абалда мужтахид өз ижтихады алып барган өкүмдү таштап, мусулмандарды бириктирүүнү максат кылган өкүмдү алышы жайиз. Бирок, мунун шарты бар, эгер кырдаал Усман رضي الله عنه менен байъатташуу учурунда болгон кырдаал сыяктуу болсо, ошондо жайиз».

«Шахсиянын» 1-китебинде мындай делет: «Төртүнчүсү: Мусулмандардын пайдасы үчүн, аларды бириктирүү максатында мужтахид өз ижтихадынан баш тартып, мусулмандардын келишүүсү назарга алынып жаткан өкүмдү алуусу важиб. Кудум Усманга байъат кылынып жаткан убакта жүз берген окуя сыяктуу. Риваят кылынгандай, Абдурахман ибн Авф адамдар менен бир-бирден жашыруун сүйлөшүп чыккандан кийин, баарын топтоду. Минбарга чыгып көпкө дуба кылгандан кийин, Алини чакырып колунан кармады да: «Аллахтын Китеби, Расулунун Сүннөтү жана Расулуллах □дан кийинки Абу Бакр о.э. Умар □лардын райы менен иш тутууга мени менен байъат кыласыңбы?», - деди. Ошондо Али □: «Аллахтын Китеби, Расулуллах □дын Сүннөтү жана өз ижтихадым аркылуу жеткен райым менен иш тутууга байъат кыламын», - деди. Абдурахман Алинин колун коё берди да, Усман □ну чакырды. Анын колун кармап: «Аллахтын Китеби, Расулунун Сүннөтү жана Расулуллах □дан кийинки Абу Бакр о.э. Умар □лардын райы менен иш тутууга мени менен байъат кыласыңбы?», - деп сурады. Усман □: «Аллахумма наъам» (ооба), - деп жооп берди. Ошондо Абдуррахман Усмандын колун кармаган абалда мечиттин шыбына карап: «Я Аллах, Өзүң угуп, Өзүң күбө бол», - деп үч жолу кайталап…».

Суроо мындай, мен өзүм окуган риваяттарда: «Бирок, мындан күчүм жана такаатым жеткенче кылам» жана «илимим жана такаатым жеткенче», деген сөздөрдү көрдүм. Бул сөздөр «өз райым менен ижтихад кылам», деген маанини билдиреби? Башка риваятта Али ибн Абу Талиб رضي الله عنهнун ыраазы болгону жана «кудуреттүү болгонума чейин» деп айтканын окудум. Бул риваяттар канчалык даражада сахих?

**Жооп**: туура, уламалар жана мужтахиддер назарында бул сөздөр ортосунда карама-каршылык жок. Муну аныкыраак баян кылуу үчүн ушуларды айтамын:

– Ибн Касирдин «Бидая жана нихая»сында ушулар келген: «Туруңуз жана менин алдыма келиңиз, эй Али, деди. Ошондон кийин Али анын алдына, минбар астына келип турду. Абдуррахман анын колун кармап: Аллахтын Китеби жана Набий ﷺ Сүннөтү о.э. Абу Бакр жана

Умар кылган иш негизинде мени менен байъатташасызбы? - деди. Али: Аллах акысы, жок, бирок, мындан күчүм жана такаатым жеткенче кыламын, деди…».

– Табарийдин «Расулдар жана падышалар тарыхы»нда төмөндөгүлөр келген: «Ал Алини чакырып мындай деди: Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен о.э. ал кишиден кийинки эки халифа сийраты менен амал кылууда Аллахка убада-шерт берүүнү мойнуңузга аласызбы? Али айтты: Илимим жана такаатым жеткенче иш жана амал кылууну үмүт кыламын».

Көрүнүп тургандай, сиз мындай риваяттарды окуганыңызда «өз райым менен ижтихад кыламын» деген сөз «мындан күчүм жана таакатым жеткенче кыламын» сөзүнөн жана «илимим жана такаатым жеткенче» сөзүнөн айырмаланат деп ойлогонсуз. Бирок, алар бир мааниде. Себеби, Али ﷺ Китеп жана Сүннөткө ээрчүү менен Абу Бакр жана Умар ишине ээрчүүнү бири-биринен ажыраткан. Себеби, Али ﷺ Китеп жана Сүннөткө ээрчүүгө ыраазы болгон. Бирок, ал Абу Бакр жана Умардын ишин өзүнүн аракети жана илими т.а. ижтихады менен истисна кылган.

Муну уламалар ушундай түшүнүшкөн. Мисалы, хижрий 403-жылы дүйнөдөн кайткан казы Абу Бакр Бакиланий Маликийдин «Тамхидул аваил ва талхисуд далаил» китебинде төмөндөгүлөр келген:

«Эгер алар, Абдуррахман Усманга кантип акд берди, деп сурашса, ал Абу Бакр жана Умар өкүмдөрүнө таклид кылышынын шарты негизинде акд берген. Абдуррахмандан риваят кылынышынча, ал Алиге: Сага байъат беребиз жана сага бул ишти байлайбыз, бирок, Аллах Китеби, Набийинин Сүнөтү жана ал кишиден кийинки эки шейх сүннөтү менен өкүм жүргүзүшүң шарты негизинде беребиз, деди. Ошондо Али айтты: Мен өз райым менен ижтихад кыламын. Абдуррахман муну Усманга да сунуш кылды. Усман бул шартка ыраазы болду. Ошондо Абдуррахман Усмандын тарабында болуп, ага ушул шарт негизинде акд берди…». Демек Бакиланий «өз райым менен ижтихад кыламын» деген сөз менен туюнтту.

Хижрий 483-жылы дүйнөдөн кайткан Сарахсий да өзүнүн «Усул»унда ушул түшүнүктү айтып мындай деген:

«Ошондон кийин Умар өзүнүн талапкерлигин алгандан соң алты киши ортосунда шуро белгиледи. Алар бул ишти (талапкерди тандоону) Абдуррахманга тапшыруу керек деген райга иттифак кылышты. Ошондон кийин Абдуррахман Алиге Абу Бакр жана Умар райы менен амал кылууну сунуш кылды. Али: Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен амал кыламын, кийин өз райым менен ижтихад кыламын, деди. Абдуррахман бул шартты Усманга да сунуш кылганда, ал буга

ыраазы болду. Ошондон кийин Абдуррахман ага акд берди». Сарахсий да «өз райым менен ижтихад кыламын», деген сөздү келтирди.

Ал тургай, бул маселе азыркы кылымдагы изилдөө институттарында да белгилүү. Мисалы, Мадинаи Мунаввара Ислам университетинин илимий изилдөө деканаты журналында хижрий 1423-жылы, миладий 2002-жылы төмөндөгүлөр келген:

«Ошондон кийин Абдуррахман ибн Авф мусулмандарды мечитте топтоду. Кийин Алини чакырды. Абдуррахманга халифаны – халифа болуудан баш тарткандан кийин – тандоо укугу берилген эле. Мусулмандар ал байъат берген кишиге байъат бере турган болушту.

Абдуррахман колун Алинин колуна коюп мындай деди: Биз сага Аллахтын Китеби, Расулунун Сүннөтү о.э. эки шейхтин – Абу Бакр жана Умарды назарга алып – ижтихады менен амал кылышың шарты негизинде байъат беребиз. Али эки шейхтин ижтиходына макул болбой: Өз райым менен ижтихад кыламын, деди. Ошондо Абдуррахман колун тартып алып, Усман ﷺну чакырды. Усман эки шейхтин ижтихадын кабыл алды…».

Ошондуктан, «өз райым менен ижтихад кыламын» деген сөз менен «мындан күчүм жана такаатым жеткенче кыламын» жана «илимим жана такаатым жеткенче» деген сөздүн ортосунда эч кандай карама-каршылык жок. Себеби, булардын баары уламалар назарында Аллах аларга берген илимдин фазилети себептүү бир. Ошондуктан, бул сөздөр кайсы бири менен айтылса да туура боло берет. Айрыкча, бул иш китептерибизде айтып өткөндөй далилден өкүм истинбат кылуу темасында болгон соң, туура боло берет. Ошондуктан, «мындан күчүм жана такаатым жеткенче кыламын» же «илимим жана такаатым жеткенче кыламын» деген сөздөрдүн ордуна ушул «өз райым менен ижтихад кыламын» деген сөздү көрсөңүз мында – истидлал жана өкүмдөрдү истинбат кылуу жаатынан болгон соң – эч кандай карама-каршылык жок.

Эми суроодо келген имам Ахмад өзүнүн муснадында келтирген ушул риваятка келсек: «Мен Абдуррахман ибн Авфка: Кантип Алини калтырып Усманга байъат бердиңиз? - дедим. Ал айтты: Менин күнөөм эмне? Мен Алиден баштап ага: Сиз менен Аллахтын Китеби, Расулунун Сүннөтү жана Абу Бакр менен Умар сийраты негизинде байъатташамын, дедим. Ал: Кудуреттүү болгонумча, деди. Ошондон кийин мен бул шарттарды Усманга айттым, ал кабыл алды», бул риваяттын иснады заиф. Себеби, андагы Суфян ибн Вакиъни бир нече уламалар заиф деген. Хафиз Ибн Хажар «Такриб»де: «Суфян ибн Вакиънин хадиси сакит», деди. Аны Абу Зуръа Розий да өзүнүн «Зуафа» китебинде заиф деген. Ибн Абу Хатам «Журх ва Таъдил»де андан мындай дейт: «Мен Абу Зуръадан Суфян ибн Вакиъ жөнүндөгү: ал жалган сүйлөйт, деген кеп-сөздөр

жөнүндө сураган элем, ал: ооба, ошондой, деди». Демек, бул хадис заиф, ага таянылбайт.

10-робиул-аввал, 1434-х.
21-январь, 2013-м.

## Пайгамбардын (с.а.в.) өз пикирине карап өкүм кылуусу тууралуу

**Суроо**: Исламий шахсия китебинин биринчисинде "Пайгамбар тууралуу мужтахид болгон деп айтуу жайыз эмес" деп окудум. Дустур мукаддимасынын (Конституция долбооруна киришүү) экинчи бөлүгүндө болсо: "Расул С.А.В. файъ (олжо) малын өз райы жана ижтихады менен инфак кылды. Жизя малын өз райы жана ижтихады менен инфак кылды. Мамлекеттерден келген хирож малын өз райы жана ижтихады менен инфак кылды", – деп окудум. Алар тууралуу келген шаръий насс аларды кандай билсе ошондой инфак кылууну Расул С.А.В.дын өзүнө койгон. Демек, бул малдарды өз райы жана ижтихады менен сарптоого имамдын укугу бар экендигине далил болот. Анткени, Расул С.А.В.дын мындай кылуусу шаръий далил болуп эсептелет. Демек, имам үчүн бул малдарды өз райы жана ижтихады менен сарптоого уруксат болот. Кыскасы, бул экөөнүн ортосунда зиддият бардай сезилет. Сураныч, ушуну түшүндүрүп берсеңиз?

**Жооп**: Шахсиянын биринчи бөлүгүндө келген нерсе менен Дустур мукаддимасынын экинчи бөлүгүндө келген нерсенин ортосунда зиддият жок:

Шахсиянын биринчисинде "Пайгамбар жөнүндө мужтахид болгон деп айтуу жайиз эмес" деп айтылган сөзгө келсек, анын далилдери шахсиянын ошол бөлүмүндө баян кылынган жана ал ошол иш туурасындагы ачык, анык далилдер болуп эсептелет. Аллах Таала айтат:

قُلْ إِنَّمَا أُنذِرُكُم بِالْوَحْيِ

"Айткын: Мен силерди вахий менен гана коркутуп-эскертүүчүмүн". [21:45]

Т.а. эй Мухаммад, аларга айткын: Мен силерди мага түшүрүлгөн вахий менен гана эскертемин т.а. менин силерди эскертишим вахийге чектелген.

Аллах Таала ан-Нажм сүрөсүндө айтат:

وَمَا يَنطِقُ عَنِ الْهَوَى - إِنْ هُوَ إِلَّا وَحْيٌ يُوحَى

"Жана ал (силерге келтирип жаткан Куранды) өз хава-каалоосу менен сүйлөбөйт. Ал (Куран) (Аллах тарабынан пайгамбарга) вахий кылынып жаткан бир вахий". [53:3-4]

Т.а. Пайгамбар С.А.В. ташриъ тууралуу вахийден башка нерсени сүйлөбөгөн жана вахийден башка ишти кылбаган, демек, өзүнөн келип чыгып ижтихад кылбаган. Анткени, мужтахид туура табуусу да, ката кетирүүсү да мүмкүн. Бул болсо ташриъ тууралуу вахийден башкасын сүйлөбөй турган жана кылбай турган Пайгамбар С.А.В. жөнүндө туура эмес.

Эми Дустур мукаддимасынын экинчи бөлүгүндө келген нерсеге токтоло турган болсок, бул болсо мусулмандар кызыкчылыктарына инфак кылууга, же болбосо, бирер валий же казы дайындоо аркылуу мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө тиешелүү. Мисалы, жизя, хирож, файъ, муртаддардын малдары сыяктуу мамлекеттик мүлктү инфак кылуу – мамлекет башчысынын мусулмандар кызыкчылыктарын жүзөгө чыгара турган нерсеге ижтихад кылышына тапшырылган. О.э. бирер валийди дайындоо да мамлекет башчынын мусулмандар кызыкчылыктарын жүзөгө чыгара турган нерсе менен ижтихад кылышына тапшырылган.

Сарвари каинат С.А.В. пайгамбар болуу менен бир эле убакта Мединада аким да болчу. Ал зат С.А.В. ташриъ туурасында ижтихад кылбайт эле, тескерисинче, өзүнө түшүрүлгөн нерселерди гана жеткирет эле. Бирок, Пайгамбар С.А.В. мусулмандардын кызыкчылыктарына инфак кылууда аким сыпатында болчу. Анткени, ал зат С.А.В. мусулмандар кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарууда өз рай жана ижтихады менен иш жүргүзөт эле. Мисалы, Хунайнда бир нече адамдарга олжолордон берген болсо, дагы бир нече адамдарга бербеди. Этибардуу жагы, мындай иш шарият инфак кылууну мамлекет башчысына тапшырган нерседе гана ушундай болот. Башка иштер болсо, мисалы, зекетти инфак кылуу сыяктуулар буга түшпөйт. Мамлекеттик аппаратты идара кылууну жүргүзүү да ушуга окшойт. Расулуллах С.А.В. баланчаны валий же казы кылып дайындаган болсо, балан валийдин валий болуусу вахий аркылуу болгон деп айтылбайт. Тескерисинче, ал мамлекеттик иштерди идара кылуу түркүмүндөгү иш болуп, Пайгамбар С.А.В.дын мусулмандар кызыкчылыктарын жүзөгө чыгара турган нерсени ижтихад кылуу менен валийлер жана ушул сыяктууларды дайындоо бөлүмүнө кирет.

Ошентип, Шахсиянын биринчисинде келген нерсе менен Дустур мукаддимасынын экинчи бөлүгүндө келген нерсенин ортосунда зиддият жок.

29-шаъбан, 1433-х.
19-июль, 2013-м.

**«фа»нын далалаты жөнүндө**

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Тайсирул вусул илал усул» деген баалуу китебиңизде Иллет далили талкуусунда Набий ﷺдын:

«مَلَكْتِ أَمْرَكِ فَاخْتَارِي»

«Мен сага ыктыяр бердим – каалаганыңды танда» деген сөзүндөгү «фа» иллетти түшүндүрөт. Себеби, ал өтмө болуп эсептелет. Ал эми, Аллах Субханаху ва Тааланын «Аларды дарралагыла» деген сөзүндөгү «фа» «өтмө болбогон сабабия» деп келет.

Мен бул экөөсүн дыкат үйрөнсөм да айырмалай албай жатамын.

Муну түшүндүрүп беришиңизди үмүт кылам. Аллах сизди жер жүзүндө динди тикелөөгө жетиштирсин, вассаламу алейкум.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Араб тилинде лугавий (лексикалык) түзүлүшү т.а. мантуку (түздөн-түз мааниси) менен иллетти түшүндүргөн «лам» жана «кай» сыяктуу харфтар бар. «Лам»га Аллах Субханаху ва Тааланын ушул сөзү мисал болсо:

﴿لِئَلَّا يَكُونَ لِلنَّاسِ عَلَى ٱللَّهِ حُجَّةُۢ بَعۡدَ ٱلرُّسُلِ﴾

*«Бул Пайгамбарлардан үчүн адамдар үчүн Аллахка каршы далил болуп калбастыгы үчүн»* [4:165]

Ал эми, «кай»га Аллах Тааланын:

﴿كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ﴾

*«Тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбасын үчүн»* [59:7]

деген сөзү мисал болот. О.э. өзүнүн лугавий түзүлүшү т.а. мантуку менен иллетти түшүндүрбөгөн т.а. далалатынан келип чыгып иллетти түшүндүргөн харфтар да бар. Бул харфтардын бири «фа», ал өзүнүн мантуку т.а. лугавий түзүлүшү менен иллетти түшүндүрбөйт. Себеби, арабдар «фа»ны иллет үчүн түзүшпөгөн, ал бириктирүүнү, же тартипти, же бирер ишти сөз айтылган убакта эле жүз бергенин түшүндүрө турган байлоочу болуп, же мафхуму менен иллетти түшүндүрө турган сабабия болуп, же мафхуму менен сабабды түшүндүрө турган сабабия болуп келет.

«Фа»нын бириктирүүнү, же тартипти, же бирер ишти сөз айтылган убакта эле жүз бергенин түшүндүрө турган байлоочу болуп келишин түшүнүүдө проблема жок. Бирок, проблема анын сабабия жана таъкиб болуп келишинде. Т.а. «фа»дан кийин келген сөз андан мурунку сөзгө

мусаббаб болот. Башкача айтканда, өзүнөн мурунку сөзгө таъкиб болот. Ушул жерде аны сабаб үчүн келгенби, же иллет үчүнбү, муну аныктоодо чаташтык жүз берет.

Аларды бири-биринен айырмалап алуу үчүн иллеттин да, сабабдын да хусусияттарын билүү зарыл. Ошондуктан, «фа»ны колдонуудан келип чыккан мафхумга т.а. далалатынан келип чыккан нерсеге каралат. Эгер, ага иллеттин хусусияттары ылайык келсе иллетти түшүндүрөт, эгер сабабдын хусусияттары ылайык келсе, сабабды гана түшүндүрөт.

Биз кең тармактуу болгон иллет жана сабабдын хусусияттарына о.э. алардын ортосундагы айырма киришпестен аларды айырмалап алуунун оңой жолун баян кылуу менен чектелебиз. Бул аркылуу анын сабабды же иллетти түшүндүрүшүн оңой айырмалап алуу мүмүн. Бул айырма өкүм маселени ээрчишинде. Эгер, маселе менен өкүм бир убакта болсо «фа» иллетти түшүндүрөт. Эгер, маселе өкүмдөн мурун болсо жана бир убакта болбосо сабабды түшүндүрөт.

Ушуга негизделип Расулуллах ﷺдын:

«مَلَكْتِ أَمْرَكِ فَاخْتَارِي»

«Мен сага ыктыяр бердим – каалаганыңды танда» деген сөздөрү менен Аллах Тааланын:

﴿ٱلزَّانِيَةُ وَٱلزَّانِى فَٱجۡلِدُواْ كُلَّ وَٰحِدٍ مِّنۡهُمَا مِاْئَةَ جَلۡدَةٍ﴾

*«Зинакер аял жана зинакер эркек – алардын ар бирине жүз балактан ургула»* [24:2]

деген сөзү ортосун айырмалоодо жүз берген чаташтыкка тиешелүү суроoңузду үйрөнүп чыгабыз. Буга киришүүдөн мурун мен сизге «Мен сага ыктыяр бердим – каалаганыңды танда» деген хадистин маанисин түшүндүрүп өтөмүн. Бул хадис бир канча усул китептеринде, алардын катарында Амидийдин «Ихкам фи усулил ахкам» китебинде, Ибн Хумам аты менен таанылган Камал ибн Мухаммаддын «Фатхул кадир» китебинде келген. Бул хадисте Расулуллах ﷺ Барирага тандоо ыктыярын берди. Ал бир кулга турмушка чыккан эле, кийин азат кылынып хур болгон убакта Расулуллах ﷺ ага эри менен калуу же калбоону тандоодо ыктыяр берди. Себеби, ал азат аялга айланды, демек, өз ыктыярына ээ болду. Бул хадисти Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Бухарий Айша رَضِيَ ٱللَّهُ عَنۡهَاдан риваят кылат, ал айтты: «Мен Барираны сатып алдым… кийин аны азат кылдым, аны Набий ﷺ чакырды жана эри менен калуу же калбоодо тандоо ыктыярын берди. Ошондо ал: «Эгер ал (эри) мага баланча-баланча нерселерди берсе да анын жанында калбайт элем (т.а. чөрүлүктөн азат болот элем)», деди жана өзү (жалгыз) калууну тандады». Муслим Айша رَضِيَ ٱللَّهُ عَنۡهَاдан риваят кылышынча, «Ал Барираны

ансарлардан сатып алган… Расулуллах ﷺ ага тандоо ыктыярын берди, анын эри кул эле». Эми, биринчи мисалдын мааниси ачык-айкын болгондон кийин – табигый болгондой, экинчи мисалдын мааниси өз-өзүнөн ачык-айкын – бул эки мисалды көрүп чыгабыз:

1) Биринчи мисалды карасаңыз, ал ажырашуу тандоосун көрсөтүп турат. Ал азат болушу менен дароо эле ажырашууну тандады. Бул маселе өкүм менен бир убакта болду: азат болдубу, демек, тандоо укугуна дароо ээ болду. Ошондуктан, бул жердеги «фа» – өкүм маселе менен бир убакытта келгени үчүн – иллетти түшүндүрөт, дейбиз.

2) Экинчи мисалда болсо, зына иши дарралоо менен бир убакта болбойт, андан мурун болот. Ошондуктан, бул жердеги «фа» сабабды түшүндүрөт, себеби, маселе (зина) өкүмдөн (дарралоодон) мурун болгон. Ар бир сабабдын «фа»сы ушундай болот. Мисалы, Байхакий Сунани Кубродо Хаббаб ибн Араттан риваят кылган: Биз Расулуллах ﷺга күндүн ысыктыгынан даттандык, ар мындай деди:

«إِذَا زَالَتِ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»

«Эгер күн оосо, ошондо намаз окуй бергиле».

Бул жерде «фа» сабабды түшүндүрөт т.а. күндүн оошу намаздын сабабы, бул жерде күндүн оошу намаздан мурун болушу анык.

Ушуга ылайык, бирер кишиге «фа»нын далалатын – ал иллетти түшүндүрө турган «фа»бы же сабаббы – түшүнүүдө проблема болуп калса, өкүмдүн маселе менен бир убакытта келүү-келбешине карасын, эгер бир убакта келсе, ал – иллет, эгер андан кийин келсе, ал – сабаб. Табигый болгондой, бул «фа»нын далалаты арасындагы айырманы ажыратууга карата ушундай жана мунун иллеттин башка түрлөрүнө алакасы жок.

4-шаъбан, 1434-х.
13-июнь, 2013-м.

## “Шарият ага сүкүт кылган нерсе... “

**Суроо**: «Шахсия» китебинин 3-бөлүгү 46-бети, 6-7-саптарында мындай делет: «Шарият ага сүкүт кылган нерсе - ал арам кылбаган т.а. адал кылган нерсе. Буга важиб, мандуб, мубах жана макрух кирет».

Менде мындай суроолор бар:

1 – Хадисте «...سكت عن ага сүкүт кылган нерсе» деген сөз келет. Эгер, элестетип көрсөк, бул сүкүткө важиб, мандуб жана макрухтар да кирсе, анда Шариъ тарабынан баян кылынышы зарыл болгон нерселер баян кылынбаган болуп калат го?

2 – Хадисте «أفعال иш аракеттер» жөнүндө эмес, «أشياء нерселер» жөнүндө айтылат. Акыйкатта болсо, нерсе важиб, мандуб, макрух эмес, адал же арам болот. Кала берсе, хадис сары май, быштак жана теринин өкүмү жөнүндөгү суроо жүзөсүнөн айтылган. Булар, феъл эмес, нерселер.

3 – Хадисте «уруксат» делет. Эгер, сүкүттүн важиб болуу ыктымалы бар деп тафсир кылынса, ал кантип уруксат болот?!

4 – Хадисте «عفو кечирим» делет. Бул жерде да, эгер сүкүттүн важиб болуу ыктымалы бар деп тафсир кылынса, ал кантип кечирим болот?!

5 – Хадисте «فلا تبحثوا عنها алар жөнүндө талкуу кылбагыла» делет. Эгер, алар важиб, мандуб жана макрух болуу ыктымалы болгондо, Шариъ бул нерселер жөнүндө талкуу кылуудан кайтармак эмес.

Сизден ушул нерселерди түшүндүрүп беришиңизди үмүт кыламын. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**:

1 – Оболу маселеге алакадар хадистер менен таанышып чыгалы.

а) Термизий Салман Фарсийден риваят кылат: Расулуллах ﷺдан сары май, быштак жана тери жөнүндө суралды жана ал айтты:

«الْحَلاَلُ مَا أَحَلَّ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَالْحَرَامُ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ مِمَّا عَفَا عَنْهُ»

«Адал - Аллах Өзүнүн Китебинде адал кылган нерсе, арам - Аллах Өзүнүн Китебинде арам кылган нерсе. Аллах сүкүт кылган нерсе болсо, ал – кечирген нерсе». Абу Давуд Ибн Аббастан кылган риваятта айтты:

«فَبَعَثَ اللَّهُ تَعَالَى نَبِيَّهُ ﷺ، وَأَنْزَلَ كِتَابَهُ، وَأَحَلَّ حَلاَلَهُ، وَحَرَّمَ حَرَامَهُ، فَمَا أَحَلَّ فَهُوَ حَلاَلٌ، وَمَا حَرَّمَ فَهُوَ حَرَامٌ، وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ عَفْوٌ»

«Анан, Аллах Таала Өзүнүн Пайгамбары ﷺды жиберди, Китебин түшүрдү. Адалды адал, арамды арам кылды. Ал (Аллах) эмнени адал кылган болсо, ал – адал, эмнени арам кылган болсо, ал – арам, ал сүкүт кылган нерсе болсо, кечирим».

б) Байхакийдин «Сунанул Кубро» китебинде Саълаба ؓдан кылынган риваят келет:

«إِنَّ اللَّهَ فَرَضَ فَرَائِضَ، فَلَا تُضَيِّعُوهَا، وَحَدَّ حُدُودًا، فَلَا تَعْتَدُوهَا، وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلَا تَنْتَهِكُوهَا، وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رُخْصَةً لَكُمْ، لَيْسَ بِنِسْيَانٍ، فَلَا تَبْحَثُوا عَنْهَا»

«Албетте, Аллах фарздарды фарз кылды, аларды сая кетирбегиле. Хад-чегараларды койду, алардан өтүп кетпегиле. Айрым нерселерден кайтарды, аларга моюн сунгула. Айрым нерселерди унутуп коюп эмес, силерге уруксат кылып сүкүт сактады, демек, ал нерселер жөнүндө талкуу кылбагыла».

в) Дарикутний Али ﵁дан риваят кылат:

﴿وَلِلَّهِ عَلَى ٱلنَّاسِ حِجُّ ٱلْبَيْتِ مَنِ ٱسْتَطَاعَ إِلَيْهِ سَبِيلاً﴾

*«Жана жолго кудуреттүү болгон кишилер мойнунда Аллах үчүн мына ушул үйдү хаж-зиярат кылуу милдети бар»* [3:97]

аяты түшкөндө сахабалар: Я Расулуллах, ар жылыбы? - деп сурашты. Расулуллах ﷺ сүкүт кылды. Дагы сурашты: Ар жылыбы? Ошондо, Расулуллах ﷺ жооп берди:

«لاَ وَلَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ»

«Жок, эгер ооба десем, ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калмак». Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لَا تَسْـَٔلُوا۟ عَنْ أَشْيَآءَ إِن تُبْدَ لَكُمْ تَسُؤْكُمْ﴾

*«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»* [5:101]

Дарикутнийдин Абу Хурайрадан кылган башка риваятында келет: Расулуллах ﷺ айтты:

«يَا أَيُّهَا النَّاسُ كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْحَجُّ»

«Эй инсандар, силерге ажылык фарз кылынды». Ошондо, бир киши туруп: Ар жылыбы, я Расулуллах? - деп сурады. Расулуллах ﷺ ал кишиден жүзүн буруп алды. Тигил киши дагы: Ар жылыбы, Я Расулуллах? - деди. Ошондо, Расулуллах ﷺ: Суроо берген адам ким? - деп сурады. Баланча, деп жооп берилди. Расулуллах ﷺ айтты:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ وَلَوْ وَجَبَتْ مَا أَطَقْتُمُوهَا وَلَوْ لَمْ تُطِيقُوهَا لَكَفَرْتُمْ»

«Жаным колунда болгон Затка ант болсун, эгер ооба дегенимде ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калат эле. Эгер, ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калса, силер буга таакат кыла албай калмаксыңар. Эгер, важибге таакат кыла албай калсаңар куфрга кетип калат элеңер». Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لَا تَسْـَٔلُوا۟ عَنْ أَشْيَآءَ إِن تُبْدَ لَكُمْ تَسُؤْكُمْ﴾

*«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»* [5:101]

2 – Темага киришүүдөн мурун айрым зарыл иштерге токтолуп өтүү максатка ылайык болот.

а) «شيء нерсе» менен «فعل иш-аракет» ортосун бөлүү лугавий (тил илими) эмес, усули фикх талкуусу. Анткени «شيء нерсе» сөздө «فعل иш-аракетти» да өз ичине алат. Шаръий өкүмдү фарз, важиб, мандуб, мубах, макрух, арам, махзур, уруксат, азима, шарт, сабаб, маниъ, сахих, фасид жана батылга бөлүү да ушуга окшойт. Алар усули фикх терминдери. Эгер, лугат (сөздүк) китептерин ачып, алардын маанилерин издесеңиз алардын фикхий маанилерин таптакыр таба албайсыз.

Усули фикхте бул терминдер фаил, мафъул сыяктуу нахв (грамматика) терминдерине окшойт, буларга Расулуллах ﷺ жана хулафаи рошидиндер заманынан кийин негиз салынган. Эгер, аларды лугаттардан карасаңыз, алардын маанилери нахв термини маанилеринен башкача экенин көрөсүз.

б) Ушуга ылайык, эгер Расулуллахтын же сахабалардын бирер хадисин окусаңыз жана анда «شيء» же «فعل» сөзүн учуратсаңыз, бул терминдик маанини түшүндүрбөйт. Сиз хадистин туура мадлулу (маңызы) кайда жатканын билүү үчүн аны үйрөнөсүз: ал, лугавий акыйкатпы, же аммавий урфий акыйкатпы, же терминге хас урфий акыйкатпы, же шаръий акыйкатпы, билүү үчүн изденесиз.

в) Эгер, суроо конкреттүү сөздөр жөнүндө болсо, бирок жооп суроодон көз карандысыз жалпы болуп келсе, жалпылык жообу берилип жаткан суроодогу негизги темага айланат. Мисалы, Термизий Абу Саид Худрийден кылган риваятта айтылат: Расулуллах ﷺдан: Бузаа кудугунан даарат алсак болобу? - деп суралды. Ошондо, Расулуллах ﷺ:

«إِنَّ المَاءَ طَهُورٌ لَا يُنَجِّسُهُ شَيْءٌ»

«Албетте, суу таза, аны эч нерсе булгабайт», деп жооп берди.

Бул жерде Расулуллах ﷺ Бузаа кудугу жөнүндө суралды. Бирок жооп Бузаа кудугу жөнүндө болбоду. Кудук тилге да алынбады. Тескерисинче:

«إِنَّ المَاءَ طَهُورٌ لَا يُنَجِّسُهُ شَيْءٌ»

«Албетте, суу таза, аны эч нерсе булгабайт», деген жооп айтылды. Ошондуктан, Бузаа кудугунанбы, башка кудуктанбы, жалпысынан алганда суу менен даарат алуу мүмкүн экендиги түшүнүлдү. Жооп жалпы болду. Анын темасы Бузаа кудугу эмес, суу менен даарат алууга айланды.

3 – Мына эми суроолоруңузга жооп беребиз.

а) Термизийдин хадиси: Расулуллах ﷺдан сары май, быштак жана тери жөнүндө суралды жана ал айтты:

«الْحَلاَلُ مَا أَحَلَّ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَالْحَرَامُ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ، وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ مِمَّا عَفَا عَنْهُ»

«Адал - Аллах Өзүнүн Китебинде адал кылган нерсе, арам - Аллах Өзүнүн Китебинде арам кылган нерсе. Аллах сүкүт кылган нерсе болсо, ал кечирген нерсе» Абу Давуд риваятында:

«وَمَا سَكَتَ عَنْهُ فَهُوَ عَفْوٌ»

«Ал сүкүт кылган нерсе болсо, кечирим», делген.

«وَمَا سَكَتَ عَنْهُ»

«Ал сүкүт кылган нерсе болсо» сөзү араб тилинин эрежесине ылайык, маътуф болуп, ал эң жакын маътуфун алайхиге т.а.:

«وَالْحَرَامُ مَا حَرَّمَ اللَّهُ فِي كِتَابِهِ»

«Арам - Аллах Өзүнүн Китебинде арам кылган нерсе» текстине кайтат. Т.а. Аллах Таала сүкүт кылган нерсе арамдан кечирим т.а. адал.

Жалпылык бул жерде өз темасында келген. Бирок, жооп суроодон жалпы жана андан көз карандысыз болгондуктан тема суроодон эмес, жооптон алынат. Ошондуктан, жооптун өкүмү адал же арам болгон бардык нерсе үчүн жалпы. Адал же арамдык сары май, быштак жана териге карата болобу же болбосо адал же арамга түшө турган башка ар кандай ишке карата болобу, мунун айырмасы жок. Бул нерсе терминдик мааниге ылайык «нерсе» же «феъл» сөзү астына кире турган бардык нерселерге ылайык түшө берет. Эгер, нерсеге түшсө, бул жерде адал мубахтыкты түшүндүрөт. Эгер, феълге түшсө, бул жерде адал арамдан башканы т.а. фарз, мандуб, мубах жана макрухту түшүндүрөт.

б) Байхакийдин Абу Саълабадан риваят кылган хадисине:

«وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلاَ تَنْتَهِكُوهَا، وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رُخْصَةً لَكُمْ، لَيْسَ بِنِسْيَانٍ، فَلاَ تَبْحَثُوا عَنْهَا»

«Аллах айрым нерселерден кайтарды, демек, аларга жакындашпагыла. Айрым нерселерден, аларды унутуп эмес, силерге уруксат берип сүкүт кылды. Демек, алар жөнүндө талкуу кылбагыла» келсек, ушул хадисте маанилүү үч жагдай бар:

Биринчиси: «айрым нерселерге сүкүт кылды». Бул жерде нерсе - феълди четтеп өткүдөй - терминдик мааниде келбеген, тескерисинче ал феълди да өз ичине камтыйт. Мисалы:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ وَإِن تَسۡـَٔلُواْ عَنۡهَا حِينَ يُنَزَّلُ ٱلۡقُرۡءَانُ تُبۡدَ لَكُمۡ عَفَا ٱللَّهُ عَنۡهَاۗ وَٱللَّهُ غَفُورٌ حَلِيمٞ﴾

*«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла! Куръан түшүп жатканда ал нерселер жөнүндө сурасаңар, силерге ачып берилет (т.а. мойнуңарга жүктөлөт). Акыйкатта болсо, Аллах ал нерселерди кечип жиберген эле. Аллах магфираттуу, мээримдүү»* [5:101]

аяти каримадагы суралган нерсе ажылык кылуу феъли эле. Куртубий тафсиринде ушундай келген.

Термизий жана Даркутний Али ﵁дан риваят кылат:

﴿وَلِلَّهِ عَلَى ٱلنَّاسِ حِجُّ ٱلۡبَيۡتِ مَنِ ٱسۡتَطَاعَ إِلَيۡهِ سَبِيلاً﴾

*«Жана жолго кудуреттүү болгон кишилердин мойнунда Аллах үчүн мына ушул үйдү хаж-зыярат кылуу милдети бар»* [3:97]

аяты түшкөндө сахабалар: Я Расулуллах, ар жылыбы? - деп сурашты. Расулуллах ﷺ сүкүт кылды. Дагы сурашты: Ар жылыбы? Ошондо, Расулуллах ﷺ жооп берди:

«لاَ وَلَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ»

«Жок, эгер ооба десем ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калмак». Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ﴾

*«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»* [5:101]

Дарикутнийдин Абу Хурайрадан кылган башка риваятында келет: Расулуллах ﷺ айтты:

«يَا أَيُّهَا النَّاسُ كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْحَجُّ»

«Эй инсандар, силерге ажылык фарз кылынды». Ошондо, бир киши туруп: Ар жылыбы, я Расулуллах? - деп сурады. Расулуллах ﷺ ал кишиден жүзүн буруп алды. Тигил киши дагы: Ар жылыбы, я Расулуллах? - деди. Ошондо, Расулуллах ﷺ: Суроо берген адам ким? - деп сурады. Баланча, деп жооп берилди. Расулуллах ﷺ айтты:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَوْ قُلْتُ نَعَمْ لَوَجَبَتْ وَلَوْ وَجَبَتْ مَا أَطَقْتُمُوهَا وَلَوْ لَمْ تُطِيقُوهَا لَكَفَرْتُمْ»

«Жаным колунда болгон Затка ант болсун, эгер ооба дегенимде ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калмак. Эгер, ар жылы ажылык кылуу важиб болуп калса, силер буга таакат кыла албай калат элеңер. Эгер, важибге таакат кыла албай калсаңар куфрга кетип калат элеңер». Ошондо, Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ﴾

*«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла!»* [5:101]

Мындан маалым болгондой, бул жерде суралып жаткан нерсе – ажылык. Ажылык болсо – феъл. Аятта ал нерсе делди.

Экинчиси:

«وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رُخْصَةً لَكُمْ»

«Айрым нерселерди силерге уруксат берип сүкүт кылды» ушул «сүкүт кылды» деген маътуф эң жакын маътуфун алайхиге:

«وَنَهى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلاَ تَنْتَهِكُوهَا»

«Аллах айрым нерселерден кайтарды, демек аларга жакындашпагыла» текстине кайтат. Т.а. бул «жакындашпагыла» сөзүнүн далалатына ылайык катъий кайтаруу - арамдан уруксат. Башкача айтканда, сүкүт кылынган нерсе арамдан уруксат болуп, адал. Бул жерде эгер суралган нерсе терминдик маанидеги «нерсе» болсо, демек бул жерде адал – мубахтык. Эгер, суралган нерсе терминдик маанидеги «феъл» болсо, анда бул жерде адал арамдан башка т.а. «фарз, мандуб, мубах жана макрух».

Үчүнчүсү:

«فَلاَ تَبْحَثُوا عَنْهَا»

«Демек, алар жөнүндө талкуу кылбагыла». Бул:

«وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ»

«Айрым нерселерге сүкүт кылды» дегенге түздөн-түз байланыштуу болуп, маътуфун алайхиси:

«وَنَهَى عَنْ أَشْيَاءَ، فَلاَ تَنْتَهِكُوهَا»

«Аллах айрым нерселерден кайтарды, демек аларга жакындашпагыла» дегенге барат т.а. алар жөнүндө талкуу кылуудан кайтарылган нерсе адал. Демек, анын арамдыгы жөнүндө талкуу кылбагыла, анын өкүмүн фарз жана мандубдук жагынан талкуу кылбагыла, эмес. Ошондуктан хадис мааниси, сүкүт кылынган нерсе адал, дегени. Андыктан, сурооңор себептүү ал арам кылынып калышынан корккула жана анын арамдыгы жөнүндө талкуу кылбагыла, дегени. Бухарий Саъд ибн Абу Ваккастан риваят кылат, Набий ﷺ мындай деди:

«إِنَّ أَعْظَمَ المُسْلِمِينَ جُرْمًا، مَنْ سَأَلَ عَنْ شَيْءٍ لَمْ يُحَرَّمْ، فَحُرِّمَ مِنْ أَجْلِ مَسْأَلَتِهِ»

«Мусулмандар арасынан эң оор күнөөкөрү - арам кылынбаган нерсе жөнүндө суроо берип, суроосу себептүү ал нерсе арам кылынган киши».

4 – Ушуларга ылайык, катыңызда көрсөткөнүңүздүн жообу мындайча болот:

- «Эгер, элестетип көрсөк, бул сүкүткө важиб, мандуб жана макрухтар да кирсе, анда Шариъ тарабынан баян кылынышы зарыл болгон нерселер баян кылынбаган болуп калат го?» деген сөзүңүз.

Ушул хадисте келген суроо арам менен адал ортосунда болуп, сүкүт кылынган нерсе адал болот деп баян кылынды жана хадистин темасы толук баян кылынды. Эми, адалды усули фикх мааниси аркылуу суралган нерсенин «феъл» болгон абалында важиб, мандуб, мубах жана макрух болушуна келсек, бул башка хадистен изделет. Себеби, өкүмдөр бир хадистен алынбайт жана бул, усулга ылайык, мужтахиддерге жакшы маалым.

- «أشياء нерселер» деген сөзүңүз. Биз сизге ал феълди өз ичине алышын түшүндүрүп бердик. Суралган нерсенин «сары май, быштак,

тери» экендиги буга таасир кылбайт. Себеби, жооп суроодон жалпыраак. Кээде, суралып жаткан нерсе быштак жөнүндөгү хадисте келгендей, терминдик маанидеги «нерсе» болот, кээде болсо, ажылык жөнүндөгү хадисте келгендей, суралып жаткан нерсе «феъл» болот. Аяти карима суралган нерсени «нерселер» деди, акыйкатта болсо, ал ажылык феъли эле. Аллах Таала мындай дейт:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَسۡـَٔلُواْ عَنۡ أَشۡيَآءَ إِن تُبۡدَ لَكُمۡ تَسُؤۡكُمۡ وَإِن تَسۡـَٔلُواْ عَنۡهَا حِينَ يُنَزَّلُ ٱلۡقُرۡءَانُ تُبۡدَ لَكُمۡ عَفَا ٱللَّهُ عَنۡهَاۗ وَٱللَّهُ غَفُورٌ حَلِيمٞ﴾

*«Эй момундар, ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла! Куръан түшүп жатканда ал нерселер жөнүндө сурасаңар, силерге ачып берилет (т.а. мойнуңарга жүктөлөт). Акыйкатта болсо, Аллах ал нерселерди кечип жиберген эле. Аллах магфираттуу, мээримдүү»* [5:101]

- «Уруксат» деген сөзүңүз. Т.а. арамдан уруксат, демек, адал.
- «Кечирим» деген сөзүңүз. Т.а. арамдан кечирим, демек, адал.
- «Ал жөнүндө талкуу кылбагыла» деген сөзүңүз. Т.а. анын арамдыгы жөнүндө талкуу кылбагыла, антпесеңер, сурооңор себептүү арам болуп калат. Бул ушул хадисте да келди:

«إِنَّ أَعْظَمَ المُسْلِمِينَ جُرْمًا، مَنْ سَأَلَ عَنْ شَيْءٍ لَمْ يُحَرَّمْ، فَحُرِّمَ مِنْ أَجْلِ مَسْأَلَتِهِ»

«Мусулмандар арасынан эң оор күнөөкөрү - арам кылынбаган нерсе жөнүндө суроо берип, суроосу себептүү ал нерсе арам кылынган киши». Эми, бул темадан (арамдыгынан) башка нерсе жөнүндө суроого келсек, бул өкүмдөрдү билүү үчүн талап кылынган иш. Абу Давуд Жабирдан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«أَلاَ سَأَلُوا إِذْ لَمْ يَعْلَمُوا فَإِنَّمَا شِفَاءُ الْعِيِّ السُّؤَالُ»

«Эгер, билишпесе сурашса болбойт беле, себеби жахилдиктин (билбөөнүн) дабаасы - суроо».

Жооп ачык-айкын болду деген үмүттөмүн.

25-жумадус-саний, 1434-х.
5-май, 2013-м.

## Казылык өкүмү, ата-энеге жакшылык кылуу жөнүндө

**Суроо**: Бисмиллахир Рохманир Рохим!

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Ислам мамлекети» китебинин Ислам мамлекетинин ички саясаты жөнүндөгү темада мындай делет:

«Жарандыгы болгон ар бир адам – мусулманбы же кайрымусулманбы, айырмасы жок – шарият ал үчүн белгилеп берген укуктардан пайдаланат. Кимдин жарандыгы болбосо, ал мусулман болсо да, бул укуктарга ээ боло албайт. Мисалы, бир мусулмандын энеси христиан болуп, исламий жарандыкка ээ. Ал эми, атасы мусулман болсо да, исламий жарандыкка ээ эмес. Ушуга ылайык, баланын энеси андан нафака алууга акылуу. Атасынын болсо акысы жок. Эгер энеси андан нафака талап кылса, энеси жарандыкка ээ болгондуктан казы ага нафака берүүгө өкүм чыгарат. Эгер атасы уулунан нафака талап кылса, ал жарандыкка ээ болбогондуктан казы ага нафака берүү үчүн өкүм чыгарбайт жана анын даабасын четке кагат».

Суроо: адамдын мусулман же кайрымусулман болушуна, Ислам мамлекетинин жараны болушу же болбошуна карабастан, адам ата-энесине жакшылык кылып, аларга мээримдүүлүк көрсөтүүсү важиб эмеспи? Эгер, бул мусулман мыйзам бузуп, Ислам мамлекетинен тышкарыдагы адамдардын акысына кол салса жана өз мамлекетине качып өтсө, кийин алар келип, анын үстүнөн даттанышса, казы алар Ислам мамлекетинин жараны эмес деген хужжат менен алардын арыздарын кайтарып жибереби? Ушуну кеңири ачыктап беришиңизди үмүт кылабыз, Аллах бизден сизге көп жакшылыктар берсин, вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бул жерде бири-биринен өзүнчө турган эки маселе бар: казылык өкүмү, ата-энеге жакшылык кылуу:

Казылык өкүмү: эгер, адам харб (куфр) диярында жашап, ошол мамлекеттин жараны болсо, ал Ислам диярындагы туугандары жана жакындарынан нафака алуу үчүн кайрылган доосу кабыл алынбайт. Себеби, диярдын айырмаланышы финанасылык укукту важибдиктен башка тарапка буруп жиберет. Ошондуктан, харб диярындагы адамдарда финансылык укук болбойт. Себеби, имам Муслим Сулайман ибн Бурайдадан, ал атасынан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ إِذَا أَمَّرَ أَمِيرًا عَلَى جَيْشٍ أَوْ سَرِيَّةٍ أَوْصَاهُ فِي خَاصَّتِهِ بِتَقْوَى اللَّهِ وَمَنْ مَعَهُ مِنْ الْمُسْلِمِينَ خَيْراً، ثُمَّ قَالَ... ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى التَّحَوُّلِ مِنْ دَارِهِمْ إِلَى دَارِ الْمُهَاجِرِينَ وَأَخْبِرْهُمْ أَنَّهُمْ إِنْ فَعَلُوا

ذَلِكَ فَلَهُمْ مَا لِلْمُهَاجِرِينَ وَعَلَيْهِمْ مَا عَلَى الْمُهَاجِرِينَ، فَإِنْ أَبَوْا أَنْ يَتَحَوَّلُوا مِنْهَا فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّهُمْ يَكُونُونَ كَأَعْرَابِ الْمُسْلِمِينَ يَجْرِي عَلَيْهِمْ حُكْمُ اللهِ الَّذِي يَجْرِي عَلَى الْمُسْلِمِينَ وَلاَ يَكُونُ لَهُمْ فِي الْغَنِيمَةِ وَالْفَيْءِ شَيْءٌ إِلاَّ أَنْ يُجَاهِدُوا مَعَ الْمُسْلِمِينَ...»

«Расулуллах ﷺ бирер кошуун же сарияга амир дайындаса, ага Аллахтан таква кылууну жана кол астындагы мусулмандарга жакшылык кылууну осуят кылып, мындай дейт эле: Аларды өз диярынан мухажирлер диярына көчүүгө даъват кыл, эгер ушундай кылышса, мухажирлер үчүн берилген укуктар аларга да берилет, мухажирлердин мойнундагы вазыйпалар алардын мойнуна да жүктөлүүшүн кабар бер. Эгер көчүүдөн баш тартышса, алар мусулман аъробийлер сыяктуу болушун, мусулмандарга колдонула турган Аллахтын өкүмү аларга да колдонулушун, олжо жана файдан (согушсуз алына турган олжодон) аларга эч нерсе берилбешин, алар мусулмандар менен жихад кылышса гана аларга да олжо тийишин кабар бер…». Ушул хадистеги Расулуллах ﷺдын: «олжо жана файда аларга эч нерсе берилбешин», деген сөздөрүнүн мааниси, көчүүдөн баш тартуу алардын олжо жана фай алуу укугун жок кылат дегени. Ушул олжо жана файларга башка малдар да кыясталат т.а. мал менен байланыштуу башка укуктары да жок болот. Демек, мухажирлер дияры хижрат менен байланыштуу шаръий өкүмдөргө ылайык болгондо ага көчүп өтүүдөн баш тарткан жана куфр мамлекетинин жараны боюнча калган мусулман финансылык маселеде ар кандай финансылык укуксуз калуу жагынан кайрымусулмандар сыяктуу болот. Т.а. анда мусулмандарда болгон укук болбойт, мусулмандар мойнунда болгон вазыйпалар да анын мойнунда болбойт. Бул болсо, ал мухажирлер диярына көчпөгөнү үчүн ага финансылык өкүмдөр колдонулбашын түшүндүрөт. Ошондуктан, харб диярындагы атанын Ислам диярындагы уулуна карата доосу – эгер, бул арыз нафака сыяктуу финансылык укук менен байланыштуу болсо – кабыл алынбайт. Себеби, диярдын айырмаланышы финансылык укук важибине тыюу салган.

Экинчи маселе т.а. ата-энеге жакшылык кылуу маселеси. Бул башка маселе, диярдын айырмаланышы ата-энеге жакшылык кылуудан тыйбайт. Аллах Субханахунун ушул сөзү буга далил:

﴿وَوَصَّيْنَا ٱلْإِنسَٰنَ بِوَٰلِدَيْهِ حُسْنًاۖ وَإِن جَٰهَدَاكَ لِتُشْرِكَ بِي مَا لَيْسَ لَكَ بِهِۦ عِلْمٌ فَلَا تُطِعْهُمَآۚ إِلَيَّ مَرْجِعُكُمْ فَأُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمْ تَعْمَلُونَ﴾

*«Биз инсанды ата-энесине жакшылык кылууга буюрдук, эгер алар сен өзүң билбеген нерселерди Мага шерик кылышың зордошсо, анда аларга*

*моюн сунбагын, (баарыңар) Мага кайтасыңар, демек, Мен силерге кылып өткөн амалыңардын кабарын беремин»* [29:8]

Имам Бухарийдин Асма бинт Абу Бакр ﵄дан кылган риваяты да далил болот, Асма айтты: Расулуллах ﷺ заманында алдыма энем келди, ал мушрик эле, ошондо мен Расулуллах ﷺдан: Энем мага келип жатат, аны менен алака кылсам болобу, деп фатва сурадым. Ошондо ал киши: «Ооба, энеңиз менен алака кылыңыз», деди.

Эми, мыйзам бузуулар, кылмыштар жана башка иштер жөнүндөгү сурооңузга келсек, алардын өкүмдөрү башка. Диярдын айырмаланышы бул өкүмдөрдү аткарууга тоскоол болбойт, ушул иштерге хос шаръий өкүмдөргө ылайык амалий же хукман согуш абалын, же келишим түзүлгөн мамлекеттин абалын этибарга алганда айырмаланат…

Мисалы, ушул аятты алып карайлы:

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ أَن يَقْتُلَ مُؤْمِنًا إِلَّا خَطَـًٔا ۚ وَمَن قَتَلَ مُؤْمِنًا خَطَـًٔا فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ وَدِيَةٌ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦٓ إِلَّآ أَن يَصَّدَّقُوا۟ ۚ فَإِن كَانَ مِن قَوْمٍ عَدُوٍّ لَّكُمْ وَهُوَ مُؤْمِنٌ فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ ۖ وَإِن كَانَ مِن قَوْمٍۭ بَيْنَكُمْ وَبَيْنَهُم مِّيثَـٰقٌ فَدِيَةٌ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦ وَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤْمِنَةٍ ۖ فَمَن لَّمْ يَجِدْ فَصِيَامُ شَهْرَيْنِ مُتَتَابِعَيْنِ تَوْبَةً مِّنَ ٱللَّهِ ۗ وَكَانَ ٱللَّهُ عَلِيمًا حَكِيمًا﴾

*«Момун момунду билбеген абалда өлтүрүп коюшу мүмкүн эмес, билбеген абалда гана өлтүргөн болсо мүмкүн, ким бир момунду билбей өлтүрүп койсо, (мунун өкүмү) бир момун кулду азат кылуу жана маркумдун ээлерине – эгер кечип жиберишпесе – кун төлөө, эгер маркум өзү момун болуп, силерге душман коумдон болсо, (мунун өкүмү) бир момун кулду гана азат кылышы буйрулат, эгер ал араңарда сулх түзгөн коумдон болсо, (мунун өкүмү) анын ээлерине кун төлөө жана бир момун кулду азат кылуу зарыл, ким (азат кылуу үчүн бир кул) таба албаса, (мунун өкүмү) Аллахка тообо кылып, удаама-удаа эки ай орозо тутуусу зарыл, Аллах билим жана хикмат ээси болгон Зат»* [4:92]

Көрүп турганыңыздай, мусулман мусулманды амалий согуш абалындагы диярда т.а.:

﴿قَوْمٍ عَدُوٍّ لَّكُمْ﴾

*(Силерге душман коумдо)*, билбей өлтүрүп койсо, анын өкүмү:

﴿فَتَحۡرِيرُ رَقَبَةٍ مُّؤۡمِنَةٍ﴾

*(Бир момун кулду азат кылуу)*. Эгер, ал келишим түзүлгөн харб диярында т.а.

﴿قَوۡمِۭ بَيۡنَكُمۡ وَبَيۡنَهُم مِّيثَٰقٌ﴾

*(араңарда сулх түзгөн коум болсо)* мунун өкүмү:

﴿فَدِيَةٞ مُّسَلَّمَةٌ إِلَىٰٓ أَهۡلِهِۦ وَتَحۡرِيرُ رَقَبَةٖ مُّؤۡمِنَةٖۖ فَمَن لَّمۡ يَجِدۡ فَصِيَامُ شَهۡرَيۡنِ مُتَتَابِعَيۡنِ تَوۡبَةٗ مِّنَ ٱللَّهِ﴾

*(Анын ээлерине кун төлөө жана бир момун кулду азат кылуу зарыл, ким (азат кылуу үчүн бир кул) таба албаса, (мунун өкүмү) Аллахка тообо кылып, удаама-удаа эки ай орозо тутуусу зарыл*. Ушуга ылайык, финансылык укук башка маселелерден айырмаланат. Ал тургай, кээде финансылык укук бир диярдын өзүндө да айырмаланат, мисалы, муслуман кафирден жана кафир мусулмандан мурас албайт, жада калса, экөөсү Ислам диярында болсо да мурас албайт. Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«وَلاَ يَرِثُ الْقَاتِلُ شَيْئاً»

«Катыл эч кандай мурас албайт» (Абу Давуд риваяты).

«لاَ يَرِثُ الْكَافِرُ الْمُسْلِمَ، وَلاَ الْمُسْلِمُ الْكَافِرَ»

«Кафир мусулмандан жана мусулман кафирден мурас албайт» (Имам Ахмад риваяты).

Корутунду: харб диярында, анын жараны болгон абалда жашап жаткан жана Ислам дияры бар болгон убакта ага көчүп өтүүнү четке каккан мусулман Ислам диярында жашап жаткан уулунун үстүнөн финансылык доо арызы кабыл алынбайт. Ата-энеге жакшылык кылуу мындан айырмаланат т.а. мусулман перзент кафир ата-энесине жакшылык кылат. Эгер, ата-энеси аны Аллах Субханахуга ширк келтирүүгө мажбурлашса, аларга итаат кылбайт. Буга алакадар башка маселелер, мисалы, ата амалий согуш абалындагы кошуундун катарында согушуп жаткан болсо, булардын шаръий өкүмдөрү башкача…

17-шаъбан, 1434-х.
26-июнь, 2013-м.

## «Далалаты катъий нусустарда ижтихад кылуу» жөнүндө

**Суроо**: «Ислам түзүмү» китебинде мындай делет:

«Ошондуктан да, коомду сактоо үчүн зарыл болгон жогорку максаттар адам тарабынан белгиленбейт, балким, алар Алланын буйрук-кайтарууларынан турат. Алар туруктуу, эч качан өзгөрбөйт да өнүкпөйт. Адамзат насилин (нав) сактоо, акылды, адамдын кадыр-баркын (икром), адамдын дени-жанын (нафс), жеке менчик мүлктү, динди, коопсуздукту, мамлекетти коргоо – мына ушулар коомду сактай турган туруктуу жогорку максаттар. Алар өзгөрбөйт да, өнүкпөйт».

Бул жерде «өзгөрбөйт да, өнүкпөйт» деп келди. Бирок, дастурда айрым нусустарга өзгөртүү киргизүү үчүн ижтихаддар болбогонбу? Ушуну түшүндүрүп берсеңиз, Аллах сизге береке жана жардам берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Боордош, нусустардын субуту жана далалаты катъий болсо алар жөнүндө ижтихад кылынбайт. Т.а. аят жана мутаватир хадис сыяктуу субуту катъий болсо о.э. лугат илими менен Куръан жана Сүннөт бөлүктөрүнө ылайык далалаты катъий болсо, алар үстүндө ижтихад кылынбайт. Далалаты зонний болгондо гана нусустар үстүндө ижтихад кылынат, мындай нусустардын субуту катъий же зонний болушунун айырмасы жок. Усул жана фикх илиминде көрсөтүлгөндөй, эгер, нусустун далалаты зонний болсо, анын үстүндө ижтихад кылынат.

Китепте айтылган нерселер коомду сактоочу жогору максаттар болуп, алардын субуту да, далалаты да катъий. Ошондуктан, алардын өкүмү ижтихад менен өзгөрбөйт. Себеби, бул жерде ижтихадга орун жок, бул жааттагы нусустар катъий, катъий нусустарда ижтихад кылынбайт.

7-жумадус-саний, 1435-х.
7-апрель, 2014-м.

## Кыясты колдонуунун далилдери тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух ва баъд.

Урматтуу шейх, Аллах ишиңизге жардам берсин жана сизди Өзү ыраазы боло турган нерсеге жетиштирсин:

Мен Шахсия китебинин 3-бөлүмүндө кыяс темасын окуп калдым. Менин көңүлүмдү бурган нерсе, Хизб кыястын бир шаръий далил экендигине катъий жана зонний далилдер менен далил келтирет. Акыйкатта болсо, Хизб «рошид халифалар жана башкалар ижмасы да далил болот» деп айтуучу адамдарга тескери жооп берип «алардын далилдери зонний, ошондуктан, далил кылып келтирүүгө жарабайт» деп айтат. «Хизбдин өзү зонний далилдерди келтирүүгө үйрөнүп калган го», – деп айтылышы да мүмкүн. Иш ушундай болгон болсо эмне үчүн биз бул ишти көрсөтүп өтпөйбүз, айрыкча бул китеп жаңыдан басылып чыккан соң эмне үчүн бул ишти көрсөтүп өтпөдүк?

Дагы менин раъйым боюнча – мен өзүмдү ката кетирип жатамын деп ойлобоймун – кыяска катъий далилдер менен далил келтирүү жагы далалатта ачык болбогон, тескерисинче, ал далилден истинбат кылуу болуп эсептелет. Мааниси мындай: ырасында катъий насста өкүмгө себеп боло турган бирер иллет бар болсо ошонун өзү кыяс жайыз экендигине жетиштүү болот. Мен бул ачык калам менен далил келтирүү эмес деп билемин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух.

Кыяс жөнүндө айта турган болсок, анын далили иллет варид болгон насс. Ошондуктан, эгерде иллет Китепте келген болсо далил Китеп болот, иллет Сүннөттө келген болсо далил Сүннөт болот…

Бул ачык калам менен келген нерсе. Ошондой болгон соң сиз кантип «мен бул ачык калам менен далил келтирүү эмес деп билемин» деп айта аласыз?

Иллет далилдерине караңыз, ошондо жоопту көрөсүз:

- Мисалы Аллах Тааланын:

*«Тээ (байлык) силердин араңардагы бай-дөөлөттүү адамдардын ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбасын үчүн»* [59:7]

деген аятты караңыз.

Эми төмөнкү суроого жооп бериңиз: Халифанын мамлекеттик мүлктөн кембагалдарга бериши, байларга болсо бербестиги жайиз болобу?

Табигый түрдө буга: Ооба болот, – деп жооп берилет. Эми суроону толугураак беремин: Буга далил кайсы? Жооп Аллах Тааланын:

*«Тээ (байлык) силердин араңардагы бай-дөөлөттүү адамдардын ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбасын үчүн»* [59:7]

деген аяты эмеспи?

- Дагы бир мисал

«... وَفِي سَائِمَةِ الْغَنَمِ إِذَا كَانَتْ أَرْبَعِينَ، فَفِيهَا شَاةٌ...»

«Жайлоодо багылуучу кой эгерде кырк болсо анда бир кой(зекет берилет)…» деген хадисти алалы. Бул хадисти Абу Давуд чыгарды.

Эми төмөндөгү суроого жооп бериңиз: Үйлөрдө жем-чөп берип багылуучу жана чабандык кылынбай турган койлордон зекет берилеби?

Буга табигый түрдө: Жок, – деген жооп берилет. Эми суроону толугураак кыламын: Буга далил эмне?

Жооп Расул Адын Абу Давуд чыгарган:

«...وَفِي سَائِمَةِ الْغَنَمِ إِذَا كَانَتْ أَرْبَعِينَ، فَفِيهَا شَاةٌ ...»

«Жайлоодо оттогон кой эгерде кырк болсо анда бир кой(зекет берилет)…» – деген хадиси эмеспи?

Ошентип, демек сиз бул темада далилдердин ачык келгенин көрүп турасыз.

Ал эми эгерде сиз «ачык калам» деген сөзүңүз менен «нусустарда келүүчү жана кыяс темасы болгон иллет дайыма ачык болбойт, тескерисинче «далалат, истинбатий, кыясий жактан» ачык болушу жана ачык болбошу мүмкүн» деген маанини назарда туткан болсоңуз бул туура. Мисалы:

«إِنَّمَا جُعِلَ الاِسْتِئْذَانُ مِنْ أَجْلِ البَصَرِ»

«Уруксат суроо көз үчүн гана (важиб) кылынды», – дегенхадисти алалы. Бул хадисти Бухарий чыгарды. Мында «أَجْلِ үчүн» деген иллет ачык келди. Ал эми «жайлоодо багылган…» болсо далалатан иллет болуп эсептелет. Себеби, ал муфхам васф. Сиз эгерде ушуну назарда туткан болсоңуз, бул туура. Бирок, бул тафсилий далилге тиешелүү башка тема болуп эсептелет. Ал эми ижмалий усулий далилге келсек, ал Китеп аны катъий айтканын жана Сүннөттүн аны катъий айтканын далилдөө менен болот. Мына ошондон кийин кыяс катъий далилденген болот, себеби, ал Китеп жана Сүннөткө барып такалуучу болот. Бул болсо, тафсилий далилден башка. Ачык боло турган жана ачык болбой турган иллеттин тафсилий фикхий далили мына ушундай болот. Бул болсо, тигинисинен башка.

Эми сиздин китепте келген: «Кыястын шаръий далил экендиги катъий далил менен жана зонний далилдер менен собит болду» деген сөздөр жөнүндөгү пикириңизге келсек, сиздин сөзүңүздүн туура жагы да бар. Себеби, далил усул жана фикхте колдонулса да, бирок, анын мадлулу катъийлик жана зоннийлик жагынан ар түрдүү болот. Бул орунда тема

усул далилдери жөнүндө болгону үчүн демек зоннийди коюп, катъий далилге гана чектелүү абзериээк. Ушуга караганда, демек, абзели ага түзөтүү киргизүү. Ошондуктан, инша Аллах ага түзөтүү киргизебиз. Маалымат үчүн айтарым, мен өзүмдүн «Тайсирул вусул илал усул» китебимде төмөнкүлөрдү айтканмын:

«Кыястын хужжаттыгы иллет мавжуд далилдердин т.а. Куран, Сүннөт жана ижманын хужжат экендигинен келип чыгат, себеби, Китеп, Сүннөт жана ижманын хужжат экендиги собит болгон, биз муну айтып өттүк, демек, кыястын хужжат экендиги да собит болду».

Расул A кыясты иштетүүнү көрсөтүп берди. Мисалы, Пайгамбарыбыз Адан ажылыктын казасы жөнүндө суралганда Пайгамбарыбыз кыясты иштетти…

7–робиус-саний, 1435-х.
7–февраль, 2014-м.

## Раъй Усман ﷺнун мусулмандар халифасы болушуна келип токтолгону жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум урматтуу шейх.

«Халифалык мамлекетинин жихазы» китебинде, аныгы 31-бетте талапкерлер санын чектөө туурасында келген абзацта мындай делет:

«Кийин Абудуррахман ибн Авф бешөөсү менен талкуулашып, калган үчөөсүнөн вакалат алып, Али менен Усмандын талапкерлигине токтоду. Андан кийин, адамдардын пикирин карап чыкты, алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду». 33-бетте мындай делет: «Абдуррахман… Бар, мага Али менен Усманды чакырып кел деп... Кийин Алинин колун кармап…».

Эмне үчүн ал Усман халифалыкка дайындалып туруп Алинин колун кармады?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Абдуррахман ибн Авф ﷺга ушул нерсе айкын болду, эгер Али ﷺ өзү туш келген бирер маселеде – бул маселе Абу Бакр ﷺ жана Умар ﷺлар доорунда да жүз берип – алар чыгарган өкүм менен өкүм кылса, адамдар анын халифа болушун каалашкан эле. Али ﷺ буга ыраазы болбоду. Усман ﷺ болсо ыраазы болду. Мына ушул убакта Усман ﷺ халифа болуп дайындалды.

«Умар да мусулмандарга алты кишинин талапкерлигин көрсөтүп, алардын арасынан бирин халифа кылып шайлап алуулары үчүн алардын санын алтоого чектеди. Кийин Абудуррахман ибн Ауф бешөөсү менен талкуулашып, калган үчөөсүнөн вакалат алып, Али менен Усмандын талапкерлигине токтоду. Андан кийин, адамдардын пикирин карап чыкты, алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду». Бул сүйлөм Усман кеңешүү аркылуу халифа болуп дайындалганын түшүндүрбөйт, тескерисинче, Али (Абу Бакр жана Умардын ижтиходы менен өкүм кылууну) четке каккан соң, ал киши буга ыраазы болду, ошондон кийин халифа болуп дайындалды.

Сизге белгисиз болгон нерсе ушул, сиз «Адамдардын пикирин карап чыкты» сөзү менен «Алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду» сөзү ортосундагы атф кылуучу харф болгон «вов»ду тартипти жана окуянын дароо болушун түшүндүрөт деп ойлогонсуз. Бирок, андай эмес, атф кылуучу «вов» бир гана байлоочу харф болуп да келет. Эгер, сиз «جاء عمر وخالد Умар жана Халид келди» деп айтсаңыз бул алардын бирге келгенин жана биринин артынан экинчиси келгенин түшүндүрбөйт, кээде алардын келиши ортосунда айырма убакыт болот т.а. бири бешимден мурун, экинчиси бешимден кийин келген болот.

«Абдуррахман ибн Авф адамдардын пикирин карап чыкты» сөзүндөгү карап чыгуу түндөсү болгон жана «алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду» таңда багымдат намазынан кийин, Али жана Усман суроого жооп бергенден кийин болгон.

Айкындык киргизүү үчүн ушуларды айтабыз:

- Абдуррахман адамдардын пикирин карап чыгып, эгер алардын шартына ыраазы болсо Алинин халифа болушун каалашын, эгер ал ыраазы болбой Усман ыраазы болсо Усмандын халифа болушун каалашын билди.
- Андан кийин Абдуррахман Али жана Усманды мага чакырып кел деп айтты. Кийин Алиге шартты сунуш кылганда ал шартка ыраазы болбоду, Усманга сунуш кылганда Усман ыраазы болду.
- Мунун натыйжасында алардын пикири Усмандын халифа болушуна келип токтоду.

Маселе айкындашты деп үмүт кыламын.

17-робиус-саний, 1435-х.
17-февраль, 2014-м.

## Сахабалардын ижмасы мужмал (ачык-айкын эмес) келген маселелерге баян болушу туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах сизге жардам берсин жана Өзү каалаган ишке жетиштирсин. Менин суроом мындай: «Исламий шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүнүн 269-бетинде «Баян Аллах жана Расулунан сөздө болот, Расулуллахтан амалда болот» деген текст келет. Суроом ушул, баянда сахабалар ижмасы айтылбаптыр, сахабалар ижмасы мужмалга баян боло алабы о.э. сахабалар амал кылып, баян кылган Халифалык жана ага байланыштуу өкүмдөр да

﴿وَأَنِ ٱحْكُم بَيْنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ﴾

*«Алар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын»* [5:49]

аяты сыяктуу мужмалга баян болобу? Ушуну ачыктап беришиңизди каалаймын, вассаламу алайкум.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Албетте «Исламий шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндө «Баян Аллах жана Расулунан сөздө болот, Расулуллахтан амалда болот» деген текст ижманы да өз ичине алат. Себеби, ижма сахабалар жакшы билген сүннөттөн бир далилди ачыктайт. Арийне, сахабалар маселе пайда болсо, хадисти риваят кылбастан анын өкүмүн айта беришкен, себеби, бул аларга маалым болгон. Мисалы, аларда чоң атанын уул менен болгон мурас маселеси пайда болгон. Т.а. киши дүйнөдөн кайтып, артынан чоң атасы жана уулу калган болсо, чоң атага мурастын канчасы тиет деген маселе. Ошондо сахабалар чоң ата мурастын алтыдан бирин алышына ижма кылышкан. Бул ушуну түшүндүрөт, сахабалар Расулуллах ﷺдан ушул туурасында бирер хадис угушкандыктан жана билишкендиктен далилди айтпастан да өкүмдү айтып беришкен. Ошондуктан, сахабалар ижмасы далилди ачыктайт деп айтылат т.а. сахабалар риваят кылбаган, түздөн-түз өкүмүн айткан Расулуллах ﷺдын бир хадисин ачыктайт дегени.

Ошентип, ушул текст кыйыр түрдө ижманы өз ичине алат, себеби, ижма Расулуллах ﷺдын хадисин ачыктайт.

«Исламий шахсия»нын үчүнчү бөлүгүндө мындай сөздөр келет:

«Төртүнчү: сахабалар ижмасы шаръий нусустун өзүнө кайтат, себеби, алар бирер өкүмгө ижма кылган болушса, албетте аларда шаръий далил бар болот, Расулуллахтын сөздөрүнө, же амалдарына, же сүкүтүнө таянган болушат, натыйжада, алардын ижмасы далилди ачыктаган болуп эсептелет. Кеп ушунда, сахабалар риваятты көрсөтүшпөсө да, шаръий

далилсиз эч нерсеге ижма кылышпайт, андыктан, сахабалар ижмасы далилди ачыктоочу катары шаръий далил болуп эсептелет».

Мындан кийинки суроонуздун жообу айкын болуп жатат. Ооба, сахаба رضي الله عنهم лардын Халифалык темасындагы ижмасы Куръани Каримде келген башкаруу аяттарына баян болот.

14-зул-каъда, 1435-х.
9-сентябрь, 2014-м.

## Факих имамдардын китептеринде келген хадистер жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух

Шахсия китебинин үчүнчү бөлүмүндө хасан хадис жөнүндө аны эки бөлүккө бөлүнгөндөн кийин төмөнкүлөр келген, ал экинчи бөлүк:

«Анын ровийлери сидк (чынчылдык) жана аманаткөйлүктө белгилүү кишилерден болушу керек, бирок, ал сахих кишилер даражасына – алардан косир болгону үчүн – жетпеген. Хасан хадис менен, кудум сахих хадис сыяктуу, бирдей хужжат келтирилет. Анткени, имамдар, алардын шакирттери жана башка уламалар жана фукахалардын китептеринде келген хадистер хасан хадистен деп этибар кылынып, аны менен хужжат келтирилет. Анткени, алар аны өкүмгө далил кылып келтиришкен же андан бирер өкүмдү истинбат кылышкан. Себеби, ал усули фикх китептеринде келген болобу, же фикх китептериндеби, эч айырмасыз, хасан хадис болуп эсептелет. Болгону бул китептер «Мабсут», «Умм», «Мудавванатул кубро» жана аларга окшогон китептер сыяктуу этибардуу китептер болушу шарт. Божурий, Шаншурий жана экөөнө окшогондордун китептери сыяктуу болбошу керек. Ал эми хадистерден тафсир китептеринде келгенине маани берилбейт жана аны менен хужжат келтирилбейт, Ал тургай, муфассир мужтахид имам болсо да. Себеби, ал бирер өкүмдү истинбат кылуу үчүн эмес, бирер аятты тафсир кылуу үчүн келген. Тафсир менен истинбат ортосунда болсо айырма бар. Анткени, муфассирлер адатта өздөрү далил кылып келтирип жаткан хадистерди изилдөөгө маани беришпейт. Ошондуктан, бул хадистер имамдар жана уламалардын китептериндеги абал сыяктуу, тафсирде келгени үчүн гана этибарга алынбайт. Тескерисинче, хадис жөнүндө албетте – мейли таклид жолу менен болсо да – ахли хадистен суроо же муътабар хадис китептеринин бирөө-жарымына кайрылуу менен изденүү зарыл болот».

Суроо төмөнкүдөй, биз фукахалар же усул аалымдары негизги фикх же усул китептеринде далил кылып келтирген хадис хасан хадистен деп этибар кылынат деген тыянакка кандай келдик? Алардын илимине жана даражаларына болгон ишенимибиз алар хужжат кылып келтирген хадис – ырасында көрүнүктүү уламалар ортосунда хадис илими жаатында тафавут бар экендиги бизге белгилүү болгон соң – Расулуллах ﷺга нисбат берүүдө сахих деп эсептөө үчүн жетиштүү болобу?

Имам Шафеий жана башка имамдардын: «Эгерде хадис сахих болсо менин сөздөрүмдү дубалга ургула» деген сөздөрүнө кандай мамиледе болобуз? Кудум бул сөздө имам айтып жаткан нерсени жакшылап текшерип, акыйкатын аныктоо зарылдыгына ишара бардай? Ошондуктан, хадистин негизги фикх китептеринин жана ишенимдүү

усул китептеринин биринде келиши жетиштүү болобу, же анын ушул китептердин бир нечесинде келиши шартпы? Эгерде хадис ушул китептердин бир нечесинде болсо хадистердин бир мазхаб китептеринин бир нечесинде гана келген болбошу, тескерисинче, көптөгөн мазхабдардагы ишенимдүү, этибардуу негизги китептерде келген болушу керектиги жөнүндө башка тартипке салуучу коидалар болушу керек эмеспи?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух

Эгерде ишенимдүү аалым же муҗтахид бирер хадисти далил келтирген болсо, бул хадис анын назарында Расулуллах ﷺга нисбат берүү жагынан далил кылып келтирүүгө жарактуу болот. Анткени, ал андан бирер шаръий өкүмдү истинбат кылат. Ошондуктан, эгерде мына ушул хадис анын назарында хужжат кылып келтирүү даражасынан түшүп кала турган болсо, аны хужжат кылып келтиришин элестетип болбойт. Имамдардын, айрыкча, илгери өткөн имамдардын хадисти далил кылып келтириши жана улуу фукахалардын хадисти далил кылып келтириши, бизди да алар аны хужжат кылып келтиришкендей ишеним менен хужжат кылып келтире турган кылып коёт о.э. биз аны хасан хадис даражасына коёбуз. Буга себеп алардын илимине жана таквасына болгон ишеним. Бирок, бул «фикх китептеринде же усул китептеринде келген ар бир хадисти кабыл алуу» деген маанини түшүндүрбөйт. Себеби, имамдардын китептеринде айтылган хадисти талкуу кылганыбызда усулубузга ылайык анын заифтиги белгилүү болуп калса аны албайбыз, ал гана эмес, балким ишенимдүү хадис китептеринде келген бирер хадисти тулкуу кылганыбызда анын заиф экендиги бизге белгилүү болуп калса, аны да хужжат кылып келтирбейбиз.

Бирок, хадисти кабыл алуунун жана аны четке кагуунун өз илими жана усулу бар. Шахсия китебинин биринчи бөлүгүндө «кабыл алына турган хадис жана четке кагыла турган хадис» бөлүмүндө төмөнкүлөр келген: «Ахли хадистерде хадис сахих, хасан жана заифке бөлүнүшүндө ушул нерсе аныкталат, сахих хадис менен хасан хадис хужжат кылынат. Ал эми заиф хадис хужжат боло албайт. Хадис кабыл алынган же четке кагылган болушу санадга, риваят кылуучуга жана матнга (текстке) жандашууга байланыштуу. Эгерде санаддан бир риваятчы адилеттүү эмес деп эсептөө натыйжасында түшүрүп калтырылбаган болсо жана риваят кылуучу айыпталбаган болсо о.э. матн анык эмес болбосо, матн Куран, мутаватир Сүннөт же катъий ижмага кайчылаш келбесе, мындай абалда сахих же хасан экендигине карабастан ага амал кылынат жана ал шаръий далил болот. Ал эми хадис ушул сыпаттарга ээ болбосо, ал четке кагылат жана далилге жарабайт...

Ырасында хадисти санад, ровий жана матн талап кыла турган нерселер боюнча кабыл алуу мүмкүн болсо аны четке кагууда катуу туруп алынбайт. Айрыкча, аны көпчүлүк улама жана фукахалар кабыл алып иштетишкен соң, мейли сахихтик шарттары жетиштүү болбосо да, хасан хадис катары пайдаланылат. О.э. хадисти четке кагууга катуу турулбагандай эле, хадис жөнүндө кайдыгерлик кылып, санад, риваят жана матн жагынан четке кагылган хадис кабыл алынышы да жайиз эмес...».

Дал ошол китепте «Хадисти шаръий өкүмгө далил кылуу» бөлүмүндө төмөнкүлөр да келген:

«... Бирок, шаръий өкүмдөргө далил кылынуучу ахад кабар албетте сахих жана хасан хадис болушу керек. Шаръий өкүмгө заиф хадис таптакыр далил болбойт. Кимде-ким аны далил кылса, шаръий далил менен далил келтирген болуп эсептелбейт. Хадисти сахих же хасан деп эсептөө үчүн бардык хадистаануучулар назарында сахих же хасан деп этибар кылынышына каралбайт, тескерисинче, хадис илимине жөндөмү бар далил келтирүүчүнүн назарында сахих же хасан деп этибар кылынса гана болгону. Мунун себеби төмөнкүдөй, кээ бир ровийлер айрым мухаддистер назарында ишенимдүү риваятчы деп эсептелсе, айрымдарынын назарында ишенимсиз, же айрым мухаддистер бул ровийлерди белгилүү деп билишсе, башкалардын пикиринде белгисиз болуп эсептелет. Дагы айрым хадистер бар болуп, бир жолдон сахих болсо, башка жолдон сахих эмес болуп эсептелет, бул жерде кээ бирөөлөрдүн назарында сахих эмес, башкалардын назарында болсо сахих деп эсептеле турган жолдор да бар. Дагы бир нече хадистерди айрым мухаддистер этибарга албай, таъна жеткиришсе (айыптуу деп эсептешсе), башка мухаддис жана фукахалар аны этибардуу деп эсептеп, хужжат кылышкан. Бул жерде кээ бир ахли хадис таъна жеткирген, фукахалардын көпчүлүгү болсо кабыл алып, хужжат кылып келтирген хадистер да бар. Хадистин сахихтигин текшербестен, аны кабыл алууга шашылуу мүмкүн болбогону сыяктуу эле, мухаддистердин бири риваят кылуучусуна таъна жеткиргени үчүн хадиске таъна жеткирүү да мүмкүн эмес. Себеби, хадистин башка риваятчылар тарабынан кабыл болуу ыктымалы бар, же имамдар жана фукахалар аны хужжат кылган болушу мүмкүн. Ошондуктан, хадиске таъна жеткирүүдөн же аны четке кагуудан мурда бул хадисти жакшылап үйрөнүп чыгуу, ал жөнүндө пикирлөө зарыл болот. Ровийлерди жана хадистерди күзөткөн адам бул жаатта мухаддистер ортосунда көптөгөн ихтилафтар бар экендигин көрөт. Буга өтө көптөгөн мисалдар бар. Мисалы, Абу Давуд Амр ибн Шуайбдан, ал атасынан, атасы болсо чоң атасынан риваят кылат, Расулуллах ﷺ айтты:

«الْمُسْلِمُونَ تَتَكَافَأُ دِمَاؤُهُمْ، وَيَسْعَى بِذِمَّتِهِمْ أَدْنَاهُمْ، وَيُجِيرُ عَلَيْهِمْ أَقْصَاهُمْ، وَهُمْ يَدٌ عَلَى مَنْ سِوَاهُمْ، يَرُدُّ مُشِدُّهُمْ عَلَى مُضْعِفِهِمْ، وَمُتَسَرِّيهِمْ عَلَى قَاعِدِهِمْ...»

«Мусулмандардын кандары өз ара барабар. Алардын эң төмөнкү даражадагысы берген амандык да таасирдүү, эң алыстагысынын (кафир менен) түзгөн келишими да таасирдүү, алар өздөрүнөн башкаларга каршы бир кол болуп эсептелишет. Алардын күчтүүлөрү алсыздарына жардам берет, сарияда согушка чыккандары (т.а. бир кошуун душманга каршы согушка чыгып, алар турган жердин жанына орношсо, кийин кошуундун бир бөлүгү бөлүнүп душманга каршы согушса, алар) кошуундун чыкпай калгандары менен олжону бөлүшөт…».

Бул хадистин ровийи Амр ибн Шуайб. Амр ибн Шуайб атасынан, ал болсо чоң атасынан риваят кылган. Бул хадис жөнүндө ар түрдүү кеп-сөздөр бар. Ошого карабастан, бул хадисти көпчүлүк хужжат кылган болсо, кээ бирөөлөр кабыл алышпаган…».

Ошентип, демек этибардуу фукахалар жана усул аалымдары амал кыла турган хадис хасан хадис түркүмүнөн болуп эсептелет. Этибардуу фукахалар жана усул аалымдарынын китептеринде келген хадисти хасан деп эсептөө үчүн анын көп китептерде келген болушу шарт эмес. Тескерисинче, аны далил кылып келтирүү туура болушуна жетиштүү ишеним пайда кылына турган көлөмдө келген болушунун өзү жетиштүү. Бирок, анын көптөгөн китептерде жана бир нече мазхабдарда келиши аны хужжат кылып келтирүүгө болгон ишенимди ого бетер күчөтөт.

Эми имам Шафеий айткан сөзгө келсек, ал туура жана бул биз айткан нерсеге тескери келбейт. Себеби, биз этибардуу уламалар бирер шаръий өкүмдү истинбат кылган хадисти хасан деп эсептейбиз. Бирок, эгерде бул жерде ага караганда күчтүүрөөк болгон бирер сахих хадис жок болсо гана ушундай болот, эгерде андай болбосо биз далилдерди – ээрчип жаткан усулга ылайык далилдер ортосун жамдоо (бир-бирине туура келтирүү) же таржих кылуу (кайсынысы далил жагынан күчтүүрөөк деп билүү) жагынан – талкуу кылып үйрөнүп чыгабыз. Бул болсо, өзүнүн усули фикхтен болгон бөлүмүндөгү белгилүү иш болуп эсептелет.

28-зул-каъда, 1435-х.
23-сентябрь, 2014-м.

## Кайтаруу акдды батыл кылышына сахабалардын ижма кылышканы жөнүндө

**Суроо**: кадырлуу аалым Ато ибн Халил Абу Рушта хафизахуллох, ассаламу алайкум ва рохматуллох.

«Исламий шахсия» китебинин 232-бетинде мындай деп келет:

«Сахаба ﷺдар да акддардын фасид жана батыл болушуна кайтарууну далил кылышкан. Ибн Умар Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

*«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»* [2:221]

деген аятын мушрик аялдардын никеси фасид болушуна далил кылган жана аны эч ким инкар кылбаган. Муну менен бул нерсе ижма болуп калган». Суроом – барокаллоху фикум – ушул: далил т.а. аят анык көрсөтүп турган болсо, бул нерсе кантип ижма болушу мүмкүн? Вассаламу алайкум ва рохматуллох.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Суроонузго жооп дагы да аныкыраак болушу үчүн, сиз сурап жаткан текстти толуп келтирмекчимин. Бул маселе «Иш-аракет жана акддардан кайтаруу» деген темада келген:

«Соода сатык, нике сыяктуу өкүмдөрү ифадаланган иш-аракет жана акддардан кайтаруу акддын өзүнө кайтат же башкасына кайтат. Эгер, иш-аракеттен да, акддан да башкасына кайтса – кудум жума күнү азан айтылган убакта соода-сатык кылуудан кайтарылгандай – анда, акдга да, иш-аракетке да таасир кылбайт т.а. аларды батыл жана фасид кылбайт. Эгер, кайтаруу иш-аракетке же акдга кайтса, шек-күмөнсүз, ал акдга да, иш-аракетке да таасир кылат жана аларды батыл же фасид кылат. Расулуллах ﷺдын ушул сөздөрү кайтаруу иш-аракетке таасир кылып, аны батыл же фасид кылышына далил болот:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

«Кимде-ким биз буйрубаган ишти кылса, анын иши рад кылынган». (Имам Муслим иштеп чыккан). Хадистеги «рад кылынган» (четке кагылган) сөзү «туура эмес, алгылыктуу эмес» деген маанини о.э. кайтарылган нерсе буйрулбаган иш экенин, ал динден эместигин түшүндүрөт. Рад кылынганы батылдык жана фасиддиктен башка нерсени түшүндүрбөйт. Сахаба ﷺдар да акддардын фасид жана батыл болушуна кайтарууну далил кылышкан. Ибн Умар Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

*«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»* [2:221]

деген аятын мушрик аялдардын никеси фасид болушуна далил кылган жана аны эч ким инкар кылбаган. Муну менен бул нерсе ижма болуп

калган. Буга дагы бир далил: сахабалар сүткордук акды фасид т.а. батыл болушуна Аллах Тааланын:

﴿وَذَرُوا مَا بَقِيَ مِنَ الرِّبَا﴾

*«Сүткордук саркындыларын таштагыла»* [2:278]

деген аятын жана Расулуллах ﷺдын:

«لاَ تَبِيعُوا الذَّهَبَ بِالذَّهَبِ وَلاَ الْوَرِقَ بِالْوَرِقِ»

«Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө сатпагыла», (Муслим риваяты) деген сөздөрүн далил кылышкан. Булардын баары кайтаруу иш-аракетке таасир кылышына жана аны фасид же батылга чыгарышына далил. Бирок, кайтаруу таштоого буйруган катъий талап менен арамдыкты түшүндүрсө гана иш-аракетке таасир кылат. Ал эми, кайтаруу арамдыкты эмес, макрухтукту билдирсе иш-аракеттерге да, акддарга да таасир кылбайт. Себеби, таасир арамды түшүндүрүү жагынан келет. Иш-аракетти жана акдды арам кылуу аны батыл же фасид кылып коёт».

Ушул текстти үйрөнүү натыйжасында ушул нерсе айкын болуп жатат, бул темадагы ижма сахаба ﷺдардын ижмасы болуп, ал Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

*«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»* [2:221]

деген аятындагы кайтаруу мушрик аялдын никеси акддын фасид жана батыл экенин билдирген ижма. Ибн Умар ﷺ мушрик аялдардын никеси батыл болушуна ушул аятты далил кылып келтирди. Муну сахабалардан бири да инкар кылбады. Бул болсо, сахабалар шаръий нусустардагы акд жана иш-аракет жөнүндөгү кайтаруу акддын же иш-аракеттин фасод болгонун түшүндүрөт деген пикирде болушканын түшүндүрөт. Бул болсо, аяттын түздөн-түз далалатынан башка нерсе. Ал эми, аят мушрик аялга үйлөнүүдөн кайтарылганын түздөн-түз көрсөтүп турат. Бирок, сахабалар буга кошумча, ушул аяттагы кайтаруу акддын фасиддигине т.а. батылдыгына далалат кылып жатканына ижма кылышты. Бул болсо, ижманын орду. Аят муну көрсөтүп өтпөгөн, муну ижма баян кылууда.

Келгиле, муну дагы да жакшыраак элестетүүңөр үчүн эки маселени көрсөтүп өтөйүн:

Биринчи: Бир киши сизден мушрик аялга үйлөнүү жайизби деп сураса, сиз жаиз эмес деп жооп бересиз. Ошондо мунун далили кандай деп сурайт, сиз болсо Аллах Тааланын:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

*«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»* [2:221]

аяты менен жооп бересиз.

Экинчи: Бир киши мушрик аялга үйлөнгөн болсо жана ал сизден ушундай бойдон кала береби, же эмне кыламын деп сураса, бир гана аят менен жооп беришиңиз жетиштүү болбойт. Сиз ага Аллах Субханаху:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ﴾

*«Мушрик аялдарды никеңерге албагыла»* [2:221]

деп мындан кайтарган десеңиз, ал сизге мындан кийин эч качан буга окшогон ишти кылбашын айтат жана өзүнүн мушрик аялы туурасында сурайт... Ошондуктан, жооп толук болушу үчүн сиз ушул аят каримадагы кайтаруу акддын батылдыгын түшүндүрүшүнө ижма кылынган дешиңиз керек болот т.а. ага аялы экөөсү ортосундагы нике акды батыл болгонун, ушул себептен улам, акдды бузуу керектигин, себеби, ушул аяттагы кайтаруу акддын батылдыгын түшүндүрүшүнө ижма кылынганын айтасыз.

Көрүп турганыңардай, ушул аят кариманы айтып, анда кайтаруу бар экенин айтсаңыз, кийин ижма боюнча бул нерсе акддын батылдыгын түшүндүрүшүн кошумчаласаңыз гана жооп толук болот. Эгер, сахабалар ушул кайтаруу акддын батылдыгын түшүндүрөт деген ижмага келишпегенде, сиз ошол кишинин мушрик аялына карата эмне кылуу керектиги туурасындагы суроосуна жооп бере албай калат элеңиз.

Бул маселе ачык-айкын болду деп ойлоймун.

17-жумадус-саний, 1437-х.
26-март, 2016-м.

## Мукаллид жана муттаби

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Аллах сизге күч-кубат жана саламаттык берсин.

Кадырлуу амирим жана бурадарым, суроомо жооп берүүгө убакыт табасыз деген үмүттөмүн.

Мен «Тайсиирул усуул илаа усуул» деген китебиңиздин 273-бетинен төмөнкүнү окудум: «Бул жерде таштала турган суроо ушул: таклид кылган (ээрчиген) адам бир маселеде эле ээрчип жаткан мужтахиддин райын таштап башка бир мужтахидди райына ээрчисе болобу? Бул суроого мындай жооп берилет: Таклид кылган адамга шарий өкүм бул – ал өзү ээрчип жаткан мужтахиддин истинбат кылып чыгарып берген шарий өкүм ага шарий өкүм болуп саналат. Башкача айтканда, таклид кылып жаткан адам бир маселеде бир мужтахиддин истинбат кылып чыгарып берген шарий өкүмүнө амал кылып жаткан болсо, анда ал ушул эле маселеде башка бир мужтахиддин истинбат кылып чыгарган шарий өкүмүнө таклид кылып өтүп кетиши болбойт. Анткени ал биринчи таклид кылган мужтахиддин истинбат кылып чыгарган шарий өкүмүнө шарий өкүм катары амал кылып жаткан. Ошондуктан, бул шарий өкүм ага карата шарий өкүм болуп саналат». Менде ушул жерде суроо туулуп жатат: мисалы, менин энем араб тилин билбейт. Ал Шаафи рахимахуллах истинбат кылган шарий өкүмдөргө амал кылып жатат, мисалы намазда. Кийин болсо орус тилине которулган башка мужтахиддин намаз тууралуу истинбат кылган шарий өкүмдөрүн окуду. Мисалы, Имам Малик рахимахуллахтын истинбат кылган өкүмдөрүн. Аны ал орус тилинде окуду. Энем ушуну менен Шаафи рахимахуллах истинбат кылган шарий өкүмдөрүнө амал кылганды токтотуп Имам Малик рахимахуллах истинбат кылган шарий өкүмдөрүнө амал кылганга өттү. Бул жердеги суроо: ушундай кылган шарий жактан туура болобу? Тактап айтканда араб тилинен башка тил менен таржиих кылуу (өкүмдөрдүн күчтүү тарабын тандоо) мүмкүнбү? Далилдер араб тилинде болушу гана этибарга алынабы? Бул суроону сурап жаткандыгым себеби мен жашаган аймакта көптөгөн мусулмандар бир эле маселеде бир мужтахиддин истинбат кылган шарий өкүмүн таштап башка мужтахиддин истинбат кылган шарий өкүмдөрүнө өтүп кетип жатышат. Ошол эле маалда алар араб тилин билишпейт. Алар аят хадистерди орус тилинде окушат жана аны шарий далил катары келтиришет. Ушул суроого түшүнүктүү кылып жооп беришиңизди өтүнөм. Рахмат!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Бу маселе төмөнкүдөй:

Эгер мусулман адам бир мазхабга таклид кылса, башкача айтканда намазды Ханафий мазхабдын өкүмдөрү негизинде окуса, кийин Шаафи мазхабы негизиндеги шарий өкүмдөрү негизинде намаз окууга өтө турган болсо, бул болбойт. Бирок төмөндө айтыла турган нерселерди лаазым тутуу аркылуу өтсө болот:

1 – Бир маселеде башка мужтахиддин райына өтүүдө шарий жол менен таржиих кылуу аркылуу болуусу зарыл. Өкүмдүн жеңилдигине, өз нафсисине туура келүүсүнө карап өттүүгө болбойт. Анткени көңүл каалоого ээрчүү харам. Аллах айтат:

﴿فَلَا تَتَّبِعُوا الْهَوَى﴾

*«Көңүл каалоого ээрчибе»* [4:135]

Аллах Субханаху дагы мындай деген:

﴿فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ﴾

*«Эгер, бир нерседе талашып тартышсаңар Аллахка жана анын расулуна кайтаргыла!»* [4:59]

Ошондуктан таклид кылып жаткан адам бир мужтахиддин райынан экинчи мужтахиддин райына өтүп жатканда Аллах жана Анын Расулу ыраазы боло турган шарий таржиих кылуу жолу менен өтүүсү зарыл.

Шарий таржиих аркылуу өтүү көңүл-каалоо менен өтүүнү жокко чыгарат. Таклид кылган адам эки мазхабдын бирөөсүнө өтүүдө шарий таржиих кылуу аркылуу кылбаса көңүл каалоого ээрчиген болуп саналат. Мындай кылуу «Аллахка жана Анын Расулуна кайтаргыла» деген аяттын маанисине тескери келет. Таклид кыла турган адам эки мужтахиддин биринин райын алуудагы же бир шарий өкүм менен башка шарий өкүмдүн ортосунда шарий таржиих кылууда лаазым болгон шарттар көп. Алардын эң негизгилери: илимдүүрөк болушу, туура түшүнүү идиреги күчтүү болуусу жана адилеттүү болушу шарттары. Таклид кылган адам кимди илимдүү, адилеттүү деп билгенине жараша мужтахидге таклид кылат. Себеби адилеттүү болуу шарты күбөлүккө өтүп жаткан адамдын күбөлүгүн кабыл алууда шарт болуп саналат. Ошондой эле шарий өкүмдү истинбат кылып чыгарып берүү дагы бул шарий өкүм деп күбөлүккө өтүү катары саналат. Ошондуктан, аны истинбат кылып чыгарып жаткан мужтахиддин адилеттүү болушу шарт. Шарий өкүмдөрдү истинбат кылып жаткан адам адилеттүү болушу бирден бир зарыл болгон шарттардын катарына кирет. Ошондуктан, шарий өкүмдү үйрөтүп жаткан мугалим болобу же мужтахид болобу айырмасыз, андан шарий өкүм алынып жаткандыктан ал адилеттүү болушу шарт. Бул эң зарыл шарт. Ким Шаафи рахимахуллахты илимдүү жана туура деп билип, анын мазхабын карманса, анда ал адам башка мазхабга көңүл-каалоосу негизинде өтүп кетүүсү мүмкүн эмес. Балким, ал өз мазхабынан башка мазхабга бир шарий далилидин негизинде таржиих кылуу менен гана өтө

алат. Бул таржиих кылуу да көңүл-каалого ээрчүү менен эмес, шарий далил аркылуу таржиих кылуу менен гана болот. Ошол эле маалда, таклид кылган адам өзү карманып жаткан мазхабдагы башка маслелерди таржиих кылбастан, аны таштап башка мазхабга бүтүндөй өтүүсү болбойт!

2 – Адамдар шарий өкүмдү билүүдө эки түргө бөлүнөт. Биринчиси мужтахид. Экинчиси мукаллид. Алардын үчүнчү түрү жок. Анткени, адам турмушта өз ижтихадынан келип чыгып бир шарий өкүмдү карманат же башка бирөөнүн ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмдү карманат. Шарий өкүмдү кармануу да абал мына ушул эки абалдан тышкары чыкпайт. Ушуга негизделип баардык мужтахид болбогон адамдар – кандай болуштарына карабастан – мукаллид болушат. Таклид кылуу маселеси – мужтахид же мужтахид эмес болушуна карабастан – шарий өкүмдү башка бирөөдөн алуу болуп саналат. Анткени, мужтахид өзү ижтихадчы болсо дагы бир маселеде башка мужтахиддерге таклид кылуусу шарий жактан мүмкүн. Ушул учурда бул маселеде ал мужтахид да, мукаллид да болуп саналат. Ушуга негизделип бир шарий өкүмдө мужтахид башка мужтахиддин райына ээрчигендиктен ал ошол маселеде мужтахид эмес, мукаллид болуп эсептелет.

3 – Мужтахид – ижтихад кылуу шарттарын толук билген, араб тили боюнча кеңири маалыматка ээ, китеп, сүннөттүн бөлүмдөрүн жетиштүү билген, далилдер ортосунда карама-каршылык болгон учурда аларды жамдай алуу, күчтүү тарабын тандай алуу жана теңдей алуу жагынан да терең илимге ээ болушу керек. Андан кийин алардан шарий өкүмдү истинбат кылып чыгуу кудуретине ээ болуусу керек. Мужтахид өз ижтихады менен бир маселеде бир шарий өкүмдү ижтихад кылып чыккандан кийин ал ушул маселеде башка мужтахидге таклид кылуусу жаиз эмес. Балким, өз ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмгө амал кылат. Ал өз ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмгө гана амал кылуусу керек болот, аны таштоосу мүмкүн эмес. Бирок, өзү ижтихад кылганда таянган далили заиф (алсыз) экендиги билинген учурда жана башка мужтахиддин ушул маселедеги таянган далили күчтүү экендигин билсе, ошондо гана ал өз ижтихадынан келип чыккан шарий өкүмдү таштап, далили күчтүү тарабын алат. Ошондой эле далили күчтүү тарабын кабыл албастан, далили күчсүз өз ижтихадында калуусу ага харам болот. Бул маселенин баардыгы эгер мужтахид бир маселеде иш жүзүндө ижтихад кылып шарий өкүмдү истинбат кылып чыккан учурда боло турган нерсе. Ал эми, мужтахид бир маселде мурдатан ижтихад кылбаса, анда ал бул маселеде ижтихад кылбастан эле бул маселеде башка мужтахиддерге таклид кылса жайиз. Анткени, ижтихад кылуу фарз айн эмес, фарз кифая болуп саналат. Эгер бир маселеге карата

мурдараак башка бир мужтахид тарабынан ижтихад кылынган болсо, ал маселеге карата кайрадан ижтихад кылуусу мужтахидге ваажиб эмес. Балким, ал маселеге карата мужтахид ижтихад кылса да, кылбастан башка мужтахиддин ижтихадына таклид кылса да жайиз. Тактап айтканда, мужтахид өз ижтихадын таштап, башка райды кармануудa далилдин күчтүүсүнө карап таржиих кылуу аркылуу гана өтөт.

4 – Бул мужтахиддин таклид кылуусу тууралуу болду. Ал эми, мужтахид эместин таклид кылуусу эки түрдүү болот: муттабий, аамий. Ал экөөнүн бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүдө ар бири үчүн шарттар бар. Бул экөө бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүдө жеңилине, көңүл-каалоосуна карап өтүүлөрү мүмкүн эмес. Балким, муттабий да, аамий да шарий таржиих кылуу аркылуу өтүүлөрү ваажиб:

– Муттаби бул кээ бир шарий илимдерди билген адам. Алардын негизгилери:

а) Араб тилин белгилүү бир денгээлде билүүсү. Куранды, хадисти арабча окуганда анын мааннисин түшүнө алуусу. Маанисин түшүнө алуусу деген анын ар бир сөзүн түшүнүүнү түшүндүрбөйт, балким, араб сөздөрүнүн маанисин сурап билип түшүнө алуусу.

б) Котормодон болсо да мутаватир, сахих, хасан, заиф хадистердин далаалаттарын билүүсү. Хадис китептеринен сахихтерин билүү илими болушу. Мисалы: Бухариден же Муслимден окуган хадистерин сахихтерин биле алуусу. Ошондой эле Тирмизийден окуган хадисин ал тууралуу Тирмизий айткандарын биле алуусу. Мисалы: хасан же сахих экендигин. Ошону менен бирге эле сахих хасан хадистердин маанисин заифтен айырмалап түшүнө алуусу.

Муттаби эгер далилин сүрүштүрбөстөн бир мазхабга таклид кылып жүрсө жана кийин амалдардын өкүмдөрү тууралуу башка мужтахиддин далилин билсе, мындай абалда далилин билбеген мазхабын таштап далилин билген мазхабга өтөт. Мындай учурда, ал амалдардын өкүмдөрүнүн далилин билген мазхаб шарий жактан ага карата басымдуу (таржиих) болуп саналат.

Башкача айтканда, муттаби бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүсү шарий таржиих кылуу аркылуу гана болот. Тактап айтканда, муттаби өзү далилин билген өкүмгө амал кылат, далилин билбеген өкүмгө амал кылууну таштайт. Бул ага шарий таржиих болуп саналат.

Ал эми, аамий болсо анын шарий илими жок. Араб тилин билбейт. Ошондой эле китеп, сүннөт жана далилдер тууралуу да илими жок адам. Ал Аллахка мазхабы же шейхи кандай көрсөтүп берсе ошондой сыйынат. Мындай абалда кандай маселе болушуна карабастан, бир мазхабдан экинчи мазхабга өтө албайт. Бир гана шарий таржиих кылуу аркылуу өтөт. Аамийдин таржиих кылуусу өзү таклид кылган адамга болгон

ишеними аркылуу болот. Мисалы, таклид кылган адамын таква, ага көпчүлүк адамдар ээрчиген, өзүнүн атасы таклид кылган, адамдарга илим үйрөткөндүгү аркылуу ага бекем ишеним жаратуусу менен болот. Мындай абалда аамий мазхабын таштап башка мазхабга өтө албайт. Бирок, жогоруда айтып өткөнүбүздөй өзү таклид кылган мазхабынан башка мазхабдын далили күчтүү деп ага бир адамдын үйрөтүүсү ошол адамды таклид кылып жаткан адам өз мазхабында таква илимдүү экендигине ишенип кадыржам болсо, ал ишеним жаратып жаткан адамы Ханафий мазхабында намаз окуп ага намаз өкүмдөрүн түшүндүрүп берсе жана ошол жаатта анын илимдүү экендигине бекем ишенип кадыржам болсо, бул абалда ал ишеним жана кадыржамдык таржиихи менен намазында Шаафи мазхабынан Ханафи мазхабына өтөт.

Тактап айтканда, аамий бир райдан экинчи райга өтүүдө таржиих кылуу менен гана өтөт. Аамий үчүн таржиих кылуу – бул өзү таклид кылып жаткан мазхабдан башка мазхаб тууралуу далилдерди үйрөтүп жаткан адамды өз мазхабында таква, адилеттүү, илимдүү деп ага бекем ишенип кадыржам болуусу таржиих болуп саналат. Ал качан үйрөтүп жаткан адамга таква, илимдүү деп ага ишенип кадыржам болсо өзү карманып жургөн мазхабын таштап, үйрөтүп жаткан адамдын мазхабын кармануусу жайиз.

5 – Эгер таклид кылууга илими жетип таклид кылган мужтахидинен башка мужтахиддин райын кармануунү кааласа, анда ал таржиих кылуу аркылуу гана болот. Далилин билбей таклид кылып, кийин далилин билип башка мужтахидге таклид кылуунун же өзү таклид кылган мужтахиди далили башка мужтахиддердин далилине караганда күчтүү деп ишенип таклид кылуунун айырмасы жок. Шарий таржиих кылуу аркылуу гана бир райды таштап экинчи райга өтүлөт. Ал эми, анын илими кандайдыр бир маселеде таклид кылууга жетпесе, таклид кылууну эми баштап жатса, анда ал кайсы мужтахид болбосун далилдерине, илимдүрөөк экендигине ишенип кадыржам болгон мужтахидине таклид кыла берет.

Эске сала кетчү нерсе, бир маселеде толук түрдө бир мужтахидге таклид кылуу ваажиб. Мисалы, намаз маселесинде толук түрдө (даарат алуу, кыям, рукуларда) бир мужтахидге таклид кылынат. Мунун өкүмдөрүнүн баары бир мужтахиддин райынан алынат. Намаз өкүмдөрүндө Ханафийдикин алып, даарatta Шаафийдики алынбайт. Балким, баардыгында бир мужтахиддин гана райы алынат. Ал эми, намаздан тышкары орозо, ажылык сыяктуу намаздан тышкары маселелерде башка мужтахиддин райын карманса жайиз.

6 – Ушуларга негизделип, сиздин суроонуздогу бир туугандарыбыз. Алар араб тилин билишпегендиктен, өздөрүн муттабинин катарында

санап далилдерди котормолор аркылуу алып, биринчи карманган мазхабдарын таштап башка мазхабга өтүүлөрү туура эмес. Себеби, өздөрүн муттаби саноолорунун вакыйы муттабинин вакыйына дал келбейт. Анткени, алар араб тилин билишпейт. Ошондуктан, котормолор мазхабды таштап башкага өтүүгө жетишсиздик кылат. Балким, аамий сыяктуу ага бирөө таржиих кылып берүүсүнө муктаж. Далилдердин арабчасын окуп түшүндүрүп берип, бул мазхабдын далилдерине караганда бул мазхабдын далилдери күчтүү деп түшүндүрүп берген ишенимдүү адамга муктаж. Анын таквалыгына, илимине, түшүнүгүнө ишенип кадыржам болсо гана ал таклид кылган мазхабын таштап, өзү ишенип жаткан адам көргөзгөн мазхабга өтсө болот. Тактап айтканда, бул бир туугандар бир мазхабдан экинчи мазхабга өтүүдө араб тилин билбей туруп котормолорду окуулары жетиштүү эмес. Балким, аамий сыяктуу ага күчтүү далилдерди көргөзүп бере турган жана өзү анын таквалыгына, илимдүүлүгүнө ишенген бир адамдын болуусу зарыл.

Бул маселеде менин раъйым ушул, валлаху аълам ва ахкам.

15-жумадул-аввал, 1439-х.
1-февраль, 2018-м.

## Казы халифа табанний кылган өкүмгө тескери өкүм чыгаргандыгы абал тууралуу

**Суроо**: эгер казы халифа табанний кылган өкүмгө тескери өкүм чыгарган болсо, анын өкүмү бекер болгон болуп эсептелеби? Эгер бекер болсо, анда эмне үчүн мукаддима китебинин биринчи бөлүмүнүн 83-беренесинде айтылган өкүм бекер болушунун үч абалы менен бирге айтылбады?

**Жооп**: казынын өкүмү бизде баян кылынган үч абалда бекер кылынат:

1. Ислам менен өкүм кылууну таштап, куфр өкүмдөрү менен өкүм кылган болсо;
2. Бирер катъий насска тескери өкүм чыгарган болсо;
3. Маселе вакиъсине тескери өкүм чыгарган болсо.

Бул халифа табанний кылбаган абалда болот. Ал эми, эгер халифа табанний кылган болсо, анда казынын табанний кылынган шаръий өкүмдөргө ылайык өкүм чыгарышы важиб болот. Мында казы истихсан жана масолихи мурсалага эмес, Китеп, сүннөт, сахабалар ижмасы жана кыяска амал кылат... Мисалы, “музораа арам” деген өкүм табанний кылынган болсо, ушул өкүмгө амал кылат, андан башкасы менен өкүм чыгарбайт.

Эгер казы табанний кылынган өкүмдөн башкасы менен өкүм чыгарып койсо, имамдын буйругуна тескери иш кылган болот жана аны жазалоо лазым болуп калат, ал чыгарган өкүм жокко чыгарылат. Бирок, биз муну ошол үч абал ичинде зикр кылбадык. Себеби, негизи, казы табанний кылынган өкүмгө тескери өкүм чыгарбашы керек.

Анткени, ар бир мужтахиддин мойнундагы важиб ушул, ал бирер маселе тууралуу өз ижтихады менен чыгарган өкүмдү – эгер халифа ушул маселе тууралуу бирер өкүмдү табанний кылган болсо – таштайт. Себеби, сахабалар имамдын амири ихтилафты жоюшуна ижма кылышкан.

3-рабиул-аввал, 1432-х.
6-февраль, 2011-м.

## Башкаруу жана идара иштери жөнүдө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Сүйүктүү амирибиз, Аллах сизге бейиш жана нусрат дарбазаларын - Өз уруксаты менен - ачып берсин!

Аллахка ант болсун, сиздин иштериңиз, ташбиштериңиз жана сизге келип жаткан суроолордун көп болгону үчүн ашыкча жүк болбосун деп ушул катымды сизге жиберүүдө экиленип жүрдүм. Бирок, сиз менен сүйлөшүүгө болгон кызыгуу мындан үстөм келди, ошондуктан, кызыгууга жеңилген акылды кечиреңиз.

Кадырлуу амирибиз, мен бир нерсени түшүнө албай калдым, ошондуктан, бул нерсе сизге кайрылуума түрткү болду. «Халифалык» деген китепте мындай сөздөр келген: «Эгер, бир убакыттын өзүндө эки өлкөдө эки халифага Халифалык ахды берилсе, ал экөөсү үчүн халифалык мыйзадуу түскө кирбейт. Себеби, мусулмандар үчүн эки халифа болушу дурус эмес. Алардын биринчисине байъат кылынат, делбейт. Себеби, маселе тезирээк биринчи халифа болуп алуу маселеси эмес, аныгы, халифаны шайлоо маселеси. Бул иш халифанын эмес, мусулмандардын акысы. Мында мусулмандар өздөрүнө бир халифа шайлап алышы үчүн иш дагы бир жолу мусулмандарга кайтарылышы керек. Алардын ортосунда куръа (жребий) ташталат, деп да айтылбайт. Себеби, халифалык ахд, куръа болсо ахдга кирбейт». Мындан ахддарда куръа мүмкүн эмесин түшүндүм, биздин шайлоо комитетинин мыйзамынын 19-беренесинде төмөндөгү сөздөр келет: «Эгер, талапкерлерден экөөсүнө берилген добуштар тең болуп калса жана талап кылынган талапкерлердин саны бир болсо, бул эки талапкер ортосунда куръа ташталат». Ушул эки абалдын айырмасы эмнеде? Талапкерлерди тандообуз ахд болуп эсептелбейби? Суроомду узартып жибергеним үчүн кечирим сураймын, амирибиз, Аллах сизге нусрат берип, тавфик берсин жана нусратты сиздин колуңуз менен берсин, Аллахка ант болсун, мен сизди Аллах үчүн жакшы көрөмүн.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Башкаруу иштери идара иштеринен айырмаланат. Башкаруу иштери үчүн нусус керек болот. Идара иштери болсо мубах бабына кирет, идаранын белгилүү бир иши жөнүндө нусус келген болсо, анын өкүмү ушул нусуска ылайык болот.

Халифа шайлоого келсек, Ислам мусулмандар үчүн бир халифа болушун шарт кылды жана биринчи сахих байъат ээси халифа болуп эсептелет. Башка халифа келип, андан халифалыкты талашса, ал өлтүрүлөт. Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ، فَاقْتُلُوا الْآخَرَ مِنْهُمَا»

«Эгер, эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө» (Имам Муслим Абу Саид Худрийден риваят кылды).

«... وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَيَكُونُ خُلَفَاءُ فَيَكْثُرُونَ قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ...»

«...Менден кийин пайгамбар жок, халифалар болот жана алар көбөйүп кетет. Ошондо: Бизге эмнени буюрасыз? - дешкенде, айтты: Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла» (Имам Муслим Абу Хурайрадан риваят кылды). Т.а. экинчиден мурун ишти ээлеп, сахих байъат берилген киши бапаа кылуу важиб болгон байъат ээси болот, экинчи байъат болсо батыл болуп, ага бапаа кылуу бүтүндөй арам. Демек, талкуу биринчи болуп сахих байъат берилген киши жөнүндө болуп, башкалар аны менен халифалыкты талашууга мүмкүн болбогон шаръий халифа болуп эсептелет.

Эгер, бир убакта эки халифага байъат берилген болсо, анда, бул жерде биринчи байъат берилген адам халифа болбойт. Хадистердин мантуку жана мафхуму биринчи байъат берилген халифа шаръий халифа болушуна далалат кылат. Демек, бул өкүм т.а. биринчи халифага байъат берүү өкүмү аткарылат, бул болсо куръа менен болбойт, себеби, куръа байъат эмес. Демек, шайлоо кайра өткөрүлүшү керек.

Идарий иштер болсо, аны салахият ээси (ушул ишке тандалган адам) тартиптештирет, себеби, ал – эгер белгилүү бир иш жөнүндө нусус варид болбогон болсо – мубахтар чөйрөсүнө кирет. Мисалы, иш графиги саат сегизде же тогузда башталышы үчүн нусус керек болбойт. Жөө жүргүнчүлөрдү бир көчөдөн эмес, башка көчөдөн өтүүгө уруксат берүүдө да нусус керек болбойт, салахият ээси муну тартиптештирет. Вилаят межлиси мүчөлөрүн шайлоо же дайындоодо да нусус керек болбойт, аны да салахият ээси тартиптештирет. Алардын саны беш, же алтоо, же он болушунда да зарылдык жок жана аны да салахият ээси тартиптештирет. Эгер, идара иштерине эки киши жарактуу болуп калса жана алардын бирөөсү керек болсо, экөөсүнүн ортосунда куръа таштоону да салахият ээси тартиптештирет.

Корутундулап айтканда башкаруу иштери идара иштеринен далил келтирүү жагынан айырмаланып, башкарууда ушул жөнүндөгү нусус керек болот, идара болсо, эгер башка бирер нусус келген болбосо, мубахка кирет.

18-зул-хижжа, 1434-х.
23-октябрь, 2013-м.

## Ислам мамлекетинин иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекет менен алакасы

**Суроо**: урматтуу боордошубуз, шейхибиз, амирибиз Ато мырза… Ассаламу алайкум!

Халифалык мамлекетинин дастур долбоорунда 188-берененин төртүнчү пунктунда мындай делет: «Израиль сыяктуу иш жүзүндө согуш абалындагы мамлекеттер менен бардык мамилелерде согуш абалы негиз кылып алынат. Биз менен алардын ортосунда убактылуу келишим болсо да, болбосо да, иш жүзүндө согуш абалындагыдай мамиле кылынат. Алардын бардык жарандарынын мамлекетке киришине тыюу салынат». Мен Дастур мукаддимасына кайрылып бул берененин т.а. бул төрт нуктанын тафсилатын таба албадым. Менин суроом ушул, Халифалык мамлекети биздин жерлерибизди басып алган яхудий мамлекети менен сулх түзүшү жайизби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ислам мамлекетинин иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекеттер менен алакасы:

Менимче, сиз дагы эле Мукаддима китебинин эски нускасын окуп жаткан көрүнөсүз. Себеби, сиз айткан 188-берене хижрий 1431-жылы, миладий 2010-жылы чыккан нускада 189-берене болуп келген. Эски нускада согуш абалындагы сулх темасы кеңири баян кылынбаган. Т.а. таяныла турган нускада болсо мунун тафсилаты баян кылынган. Биз бул нускада туруктуу сулхтун жайиз эместигин баян кылып өттүк. Себеби, туруктуу сулх жихадды бекер кылуу дегени. Ал эми, убактылуу сулх мусулмандар али фатх кылбаган жердеги кафир мамлекет менен болсо жайиз. Расулуллах ﷺ Курайш менен түзгөн Худайбия сулху буга далил болот. Себеби, Курайш мусулмандар фатх кылбаган жерде болгон.

Ал эми, басып алынган исламий жердеги мамлекет менен убактылуу да, туруктуу да сулхтун түзүлүшү жайиз эмес. Буга Курайш менен түзүлгөн Худайбия сулху ылайык келбейт. Себеби, бул экөөсүнүн вакиъси башкача. Себеби, Курайштын вужуду мусулмандар али фатх кылбаган жерде болгон. Ал эми, яхудий мамлекетинин вужуду мусулмандардан басып алынган жерде. Ошондуктан, бул экөөсүнүн вакиъси бири-биринен айырмаланат, бул мамлекетке Худайбия сулху ылайык келбейт. Мусулман өлкөлөрүндөгү мыйзамсыз акимдер яхудийлер менен түзгөн сулх болсо да, болбосо да, алар жок кылынмайынча жана басып алынган жер өз калкына кайтарылмайынча иш жүзүндөгү согуш абалы туруктуу сакталып калышы важиб.

﴿وَأَخۡرِجُوهُم مِّنۡ حَيۡثُ أَخۡرَجُوكُمۡ﴾

*«Жана силерди (кууп) чыгарган жайдан аларды да кууп чыгаргыла!»* [2:191]

Себеби, басып алган мамлекет менен сулх түзүү – басып алган мамлекетти моюнга алууну т.а. анын пайдасы үчүн басып алынган жерден баш тартууну түшүндүрөт. Бул болсо, шаръий түрдө мүмкүн эмес, бул чоң кылмыш болуп, муну кылган киши катуу күнөөкөр болот.

Бул тема Мукаддима китебинде кеңири баян кылынган.

16-шаъбан, 1434-х.
25-июнь, 2013-м.

## Нусрат талап кылуу жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум! «Хизбий уюшуу» китебинде үммөт аркылуу башкарууну колго алуу жана нусрат талап кылуу баскычы айтылган. Нусрат талап кылуу таасир кылуу баскычына киреби же башкарууну колго алуу баскычынабы? Сурообузга изах жана тафсилаты менен жооп берсеңиз.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух! Нусрат талап кылуу таасир кылуу баскычынын акырларында болот. Качан күч-кубат ээлери талапты кабыл алышса жана алар өзгөртүүгө кудуреттүү болушса, инша Аллах, жакында үчүнчү баскыч болот. Биз бул маселени, айрыкча, «Манхаж» китебибизде кеңири баяндаганбыз, дагы сизге төмөнкү иштерди айтмакчыбыз:

1 – Расулуллах нусрат талап кылууну таасир кылуу баскычында баштады. Абу Талиб көз жумганда Мекке коомчулугу катып калган болуп, Расулуллахтын алдында бекем жабылган эле. Абу Талибдин дүйнөдөн өтүшү менен Курайш уруусу Расулуллахка азар берүүнү ушунчалык даражада күчөтүштү дейсиң, ал заттын абасы тирүү маалында андай кылууну ойлоп да көрүшпөгөн эле жана натыйжада, ал заттын коргоосу Абу Талиб тирүү маалына караганда алсырады. Ошондо Аллах Расулуллах өзүнө тапшырылган рисалатты тынч, коопсуз абалда жеткире алышы үчүн араб урууларына өзүн сунуштап, химая-коргоо, нусрат-жардам берүүнү талап кылууну вахий кылды. Ибн Касир «Сийрат» китебинде Али ибн Абу Талибден төмөнкүнү риваят кылат: Аллах өз Расулуна араб урууларына өзүн химая кылууну сунуштоону буйругандан кийин, ал зат мен жана Абу Бакр менен Минага чыкты, ошондо биз арабдар жыйындарынын бирине туш болдук. Ибн Касирдин дагы бир риваятында ибн Аббас атасы Аббастан мындай риваят кылат, Расулуллах мага мындай деди: «Өзүм үчүн сизден да, бир тууганыңыздан да бирер химаяны көрбөй жатам, сиз адамдар уруулары – арабдар чогула турган – жерлерге конушубуз үчүн эртең мени менен базарга чыгасызбы? Ровий айтат, Мен айттым: Бул Кинда уруусу жана анын айланма жолу, ал Ямандан хажга келгендердин эң абзели, бул Бакр ибн Ваил манзил-конушу, бул Бану Аамир ибн Саъсаа манзили, алардан каалаганыңызды тандаңыз. Ровий айтат: Ошондо ал зат Киндадан баштап, аларга барды».

2 – Ошол убакта Расулуллах нусрат талап кылган кубат ээлери уруулар болуп, алардан талап кылынып жаткан нерсе, Расулуллахты химая кылуу о.э. алардын арасында бир мамлекет тикелеп, бул мамлекетте Аллахтын өкүмү колдонулушу экени аларга белгилүү болчу. Т.а. алар өкүм жүргүзө турган жана жихад кыла турган бир мамлекет тикелөөгө нусрат-жардам бериши керектигин анык түшүнүшкөн.

Ошондуктан, Расулуллах Бану Аамир ибн Саъсаадан нусрат талап кылганда, ал затка «Эгерде биз сизге байъат берсек, кийин Аллах сизди каршылаштарыңыздын үстүнөн жеңишке жеткирсе, сизден кийин иш бизге калабы" деди. Ал зат: Иш Аллахтыкы, аны Өзү каалаган жерге коёт, - деди. Ошондо алар: Сиз калып биздин жандарыбыз арабдарга бута болот да, андан кийин Аллах сизди үстөм кылса, иш бизден башкаларга болобу! Бизге мындай ишиңиздин кереги жок, - деп айтышты жана ал заттын чакырыгынан баш тартышты». Т.а. алар нусрат-жардам берүү мамлекет тикелөөгө каратылганын түшүнүшкөн жана ошол себептен улам Расулуллахтан кийин ушул мамлекеттин акимдери болуп калууну каалашкан. Шайбан авлады да Расулуллах алардан нусрат талап кылганда: «Биз эки желин ортосунда түшкөнбүз, - деп айтышты. Расулуллах : Эки желин дегениңер эмнеси? – деп сурады. Шайбан урпактары: Ал Кисро дарыялары жана арабдар суулары, Кисро бизден бирер жаңылык кылбастыгыбыз жана жаңылык кылуучуга башбаанек бербестигибиз үстүндө убадабызды алган. Көрүп турганыбыздай, сиз чакырып жаткан бул иш падышалар жактырбаган иш. Эгерде сизди арабдар суулары тараптан коргообузга алып, жардам беришибизди каалаасаңыз, ошондой кылабыз (т.а. арабдардан коргойбуз, бирок, Кисродон коргобойбуз), - деп айтышты. Ошондо Расулуллах : Силер (Кисрого) ишенимдүү экендигиңерди жарыя кылуу менен мени өтө жаман көрүнүштө четке кактыңар. Албетте, Аллахтын динине аны бардык тараптан ороп коргоосуна алган адам гана жардам берет, - деди».

3 – Андан кийин Аллах ушул ишке өкүм кылган соң, экинчи Акаба байъаты болду. Бул байъат Мадинада мамлекет тикелөө үчүн нусрат болду жана ошондон кийин үчүнчү баскыч т.а. мамлекет тикелөө баскычына өттү.

4 – Булардын бардыгынан көрүнүп тургандай, нусрат талап кылуу үчүнчү баскычтан мурда т.а. таасир кылуу баскычында болгон.

5 – Хизбут-Тахрир да ушундай кылды. Ал өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарында нусрат талап кылуу аракетин баштады жана бүгүнкү күндө да улантууда. Биз Аллахтан сурайбыз, ушул үммөткө алгачкы ансарийлер тарыхын кайтарып, туура жолду тутуучу Халифалык мамлекети болгон Ислам мамлекетин тикелөө неъматын тартууласын, Расулуллахтын Укоб байрагы бийик-бийиктерде желбиресин. Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат...

13-шаъбан, 1434-х.
22-июнь, 2013-м.

## Халифалыктын инъикод шарттарындагы «кудуреттүүлүк» жөнүндө

**Суроо**: Бисмиллахир Рохманир Рохим, ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух.

Менде бир суроо бар: Шахсия китебинин экинчи бөлүмүнүн 33-бетинде халифа болуу үчүн талап кылынуучу шарттардын жетинчисинде «кудуреттүү» (кодир) сөзү келтирилген, андан кийин кудуреттүүлүк сөзү баян кылынып шарттар туурасында жазылган сөздөр  төмөнкү сүйлөмгө чейин жетип барган: «О.э. халифалык келишими байланышы үчүн халифанын кайраттуу болушу, же болбосо жаранга саясат жүргүзүүгө жана кызыкчылыктарды колдонууга алып келүүчү рай ээлеринен болушу да шарт эмес». Суроо, булар кудуреттүүлүк болуп эсептелбейби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Мына ошол китепте төмөнкүлөр келген: «Халифалык келишими байланышы үчүн халифанын кайраттуу болушу, же болбосо жаранга саясат жүргүзүүгө жана кызыкчылыктарды колдонууга алып келүүчү рай ээлеринен болушу да шарт эмес. Себеби, бул тууралуу бирер сахих хадис келген эмес жана муну инъикод шарты кылып коё турган бирер шаръий өкүмдүн астына да кирбейт. Мейли, кайраттуу, рай жана курч пикир ээси болушу абзел болсо да, бирок шарт эмес». Демек, келишим байланышынын шарты эгерде Үммөт инъикод шарттары толук болбогон халифаны шайласа анын халифалыгы батыл деген маанини түшүндүрөт... Ошондуктан, сиз айткан мына ошол эки ишти карап көрсөк, бул эки иш инъикод шарттарынан эместиги белгилүү болот, мунун мааниси, Үммөт эгерде бул эки сапат табылбай турган халифаны шайласа анын халифалыгы батыл (бекер) болбойт, анткени, шаръий далилдер буга далалат кылбайт. Бирок, бул эки сапат абзелдик шарттары түркүмүнө кирет т.а. Үммөт халифаны шайлоо маалында бул эки шартты да эсепке алып, инъикод шарттары табыла турган жана абзелдик шарттарынын да көбүрөөк бөлүгү табыла турган адамды шайлоого умтулса жакшыраак болот, анткени, бул абзелирээк жана тууралраак болот.

Кудуреттүүлүккө келсек, ал да инъикод шарттарынын бири болуп, ал халифанын Халифалыктын оор милдеттерин аткарууга кудуреттүү болушу маанисин түшүндүрөт, бирок, кудуреттүүлүк белгилүү бир нерсе менен чектеп коюлбайт. Ошондуктан, халифалыктын оор милдеттерин аткара алуу кудуретине зыян жеткире турган көрүнүштө таасир көрсөтө турган ар кандай нерсе кудуреттүүлүк шартына жарака кетирүүчү болуп эсептелет. Анткени, халифанын иши шарият өкүмдөрүн ишке ашыруу, бул болсо, бул иштерди халифанын жеке өзү аткара алуу кудуретин же халифа бул иштерди өзүнөн башкага жүктөй туган болсо, бул иштерди

анын жеке өзү көзөмөлдөп бара алышы кудуретин талап кылат. Эгерде халифа буга кудуреттүү болбосо, анда ал шарият өкүмдөрүн колдонуу үчүн өзү менен түзүлгөн халифалык келишимине бапаа кыла албайт. Бул тууралуу (т.а. шарият өкүмдөрүн колдонуу үчүн) болсо инъикод шарттары, ошону менен бирге кудуреттүүлүк да табылса жетиштүү болот. Ошондуктан, эгерде халифада кудуреттүүлүк болбосо – мисалы, халифа бирер оору менен ооруп эсин жоготуп койсо, же узак мөөнөткө кома абалына түшүп калса, же ушул сыяктуу узакка созулуп мамлекетти башкаруу саламаттыгына терс таасирин тийгизе турган ооруга чалдыгып калса – Халифалык келишимин сахих көрүнүштө уланта албайт. Халифа мындай оорулар себептүү иштерди жеке өзү аткара албай калат же иштерди башкага жүктөгөн болсо, аларды өзү көзөмөл кыла албай калат... Мындай абалда махкаматул мазолим халифанын кудурети жетпей калганына анык ишеним пайда кылуу чараларын көрөт жана анык ишеним пайда болгондон кийин халифалык мансабы бошоп калганын жарыя кылуу үчүн зарыл болгон чечимди кабыл алат...

А бирок, абзелдик шарттарынын табылбастыгы халифалык келишимин бекер кылбайт. Анткени, халифанын согуш өнөрүн мыкты билген кайраттуу адам болушу же эң жогорку университеттердин бирин бүтүргөн раъй ээлеринен болушу... булардын эч бири инъикод шарты эмес. Ошондуктан, бул халифалык келишимин бекер кылбайт, буга эч бир шаръий далил жок, анткени, мындай шарттар халифалык милдеттерин аткарууга зыян жеткирбейт. Мисалы, согуштар сыяктуу кээ бир иштерде татыктуу кайрат талап кылына турган болсо халифа бул жаатта кээ бир кайраттуу адамдардын жардамына таянышы мүмкүн. Иш университеттен билим алгандардын раъйын талап кылган абалда да халифа өз жарандары арасындагы ошондой адамдарга кайрылышы мүмкүн. Ошону менен бирге, азыр эле айтып өткөнүбүздөй, Үммөтттүн инъикод шарттары жана абзелдик шарттары табыла турган халифаны шайлашы жакшыраак болот. Бирок, Үммөт эгерде инъикод шарттары табыла турган, а бирок, абзелдик шарттары табылбай турган халифаны шайласа анын халифалыгы – ырасында анда инъикод шарттары табылган соң – сахих-дурус болот. Анткени, сахих шаръий далилдер ушуну билдирип турат.

27-мухаррам, 1436-х.
20-ноябрь, 2014-м.

## Халифанын муавинди иштен бошотуу укугу тууралуу

**Суроо**: «Мукаддиматуд дастур» китебинде – халифада өз муавинин иштен алуу укугу бар экени, бул өкүлгө киястап алынганы, бирок өзгөчө абалдарда аны иштен алууга тыюу салган нусус келген болсо, буга акысы жок экени кеңири айтылган. Мен халифа өз муавинин иштен алышына тыюу салган ушул өзгөчө абалдар кайсылар экенин ачыктап беришиңизди суранамын. Жообуңуздан мурун сизге береке сураймын, вассаламу алайкум, Аллахтын коргоосунда болуңуз.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

«Мукаддиматуд дастур» китебинде мындай делген: «Ал эми, халифанын орун басары эсептелген муавин бийлик-укукту халифадан алганы үчүн аны иштен алуу укугуна халифа ээ жана бул өкүлгө киясталып ушундай. Себеби, өкүл дайындоочу өз өкүлүн өкүлдүктөн алуу укугуна ээ. Бирок, өзгөчө абалдарда аны иштен алууну тыюу салган нусус келген болсо, аны иштен ала албайт».

Бу жердеги «Бирок, өзгөчө абалдарда аны иштен алууну тыюу салган нусус келген болсо, аны иштен ала албайт» деген сөз муавинге эмес, өкүлгө тиешелүү, анткени, түпкүлүгүндө өкүлдүк жайиз бүтүм болуп, өкүл дайындоочу да, өкүл катары дайындалуучу да бул бүтүмүн каалаган маалда бекер кылууга акысы бар. Бирок, фукахалар бүтүм мажбурий болуп калып, өкүл дайындоочу үчүн өкүлдөн өкүлдүктү алууга акысы болбогон белгилүү бир абалдарды айтып өтүшкөн, мисалы, өкүл душмандыкка өкүл болгону сыяктуу. Бул жөнүндө Абу Ханифа: «Качан өкүлдүккө бирөөнүн акысы тиешелүү болсо, өкүлдөн ушул акы-укук ээсинин уруксатысыз өкүлдүктү алып коюу мүмкүн эмес», деген. Бул жерде дагы фукахалар өкүл өз вакил кылуучусунан өкүлдүктү ала албашын баса белгилеген башка айрым абалдар да бар.

Кыскасы, сиз сураган сүйлөмдүн мааниси сиз түшүнгөндөн башкача. Анткени, өзгөчө абалдарда аны иштен алышына тыюу салган нусус келген болсо, буга акысы жок дегенде муавин эмес, өкүл дайындоочу гана түшүнүлөт. Себеби, муавинди ар дайым халифа иштен алууга акысы бар жана аны иштен алышы дурус болбогон эч кандай өзгөчө абал жок.

Бул сүйлөм мына ушундай түшүнүлөт. Себеби, далил көрсөтүү укук маселесинде болуп, муавин халифа үчүн өкүл сыяктуу эсептелет. Ушул себептен улам, өкүлдүккө киястап алынганда, халифа аны иштен алууга акысы бар, өкүл дайындоочу өз өкүлүнөн укукту алышы жайиз, бул муавинге да туура келген асл өкүлдүк өкүмүнөн келип чыгып ушундай болгон. Халифа укугунда өзгөчө абалдар келбейт, андыктан, ал ар кандай убакыт муавинди иштен алышы жайиз.

20-рамазан, 1435-х.

18-июль, 2014-м.

## Хизб ут-Тахрирге суроо

**Суроо**: Хизбут-Тахрирдеги боордошторубуз:

Мен силерге салам жолдоймун жана силерди ардактаймын. Силер Накба эскерүү күнүндө Сайкс-Пико байрактарын көрүп, басып алынган Куддуста кыжырыңар келип, сионизм күчтөрү Куддус калкы менен кагылышып жатканынан улам силерди оор кырсык ээлеп алганына байланыштуу мен силерге боордоштук, кызгануу жүзөсүнөн жана жакшылыкты каалап ушул суроолорду бермекчимин:

Куддуста жана Акса шарифте болуп жаткан окуяларга карата силердин демонстрацияларыңар жана каралап каршы чыгышыңар кайда калды?!

Эй, Акса мечитинде болуп жаткан ар бир окуяга карата ливаны көтөрүп чыгып жаткан уландар, укоб роялары кайда калды??

Мен бардык окуялардан жакшы кабардармын. Өкүнүчтүүсү, Хизб атынан Ислам роясын көтөрүп чыккан эч бир митингди көрбөдүм?!

Эй ливаны көтөрүп чыгып жаткандар, кайдасыңар, кайдасыңар??

Суроомо жооп берүү өзүңүздүн ыктыярыңызда, бирок, кызганычым үчүн мени жемелөөгө акыңыз жок.

Үммөттүн кайгысын желкесинде көтөрүп жүргөн ар бир кишиге алкыштар болсун.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сиз карындашым:

«Куддуста жана Акса шарифте болуп жаткан окуяларга карата силердин демонстрацияларыңар жана каралап каршы чыгышыңар кайда калды?!

Эй, Акса мечитинде болуп жаткан ар бир окуяга карата ливаны көтөрүп чыгып жаткан уландар, укоб роялары кайда калды??

Мен бардык окуялардан жакшы кабардармын. Өкүнүчтүүсү, Хизб атынан Ислам роясын көтөрүп чыккан эч бир митингди көрбөдүм?!

Эй ливаны көтөрүп чыгып жаткандар, кайдасыңар, кайдасыңар??»

деген суроолорду бериптирсиң. Мына ошондойбу?.. Роя жана ливалар көтөрүлгөн митингдер жана массалык акциялар Хизб жигиттеринин, өзүң ишарат кылып өткөндөй «ливаны көтөрүп чыгып жаткандардын» бардык адамдар көрүп, моюнга алган иштери… Сен бардык окуялардан жакшы кабардар болуп туруп даъватты көтөрүп чыгып жаткан бул жигиттердин, ливаны көтөрүп чыгып жаткан бул жигиттердин акцияларын кантип эле көрбөй калышың мүмкүн?!

Бул жерде сага тоскоолдук кылып жаткан белгилүү бир шарттар бардай көрүнөт. Мен Аллах Субханахудан сага биздин иштерибизди, рояларыбызды көрүшүңө мүмкүнчүлүк беришин сураймын.

Сен өз кайрылууңдун аягында «менин кызганычымды жемелөөгө акыңыз жок» деген сөздөрүңө келсек, биз Ислам үчүн кайгырып кайрат көрсөткөн кишилерди таптакыр жемелебейбиз. Аллах сага береке берсин.

2-шаъбан, 1434-х.
11-июнь, 2013-м.

## Хизб ут-Тахрир тууралуу

**Суроо**: менин билишимче, Хизбут-Тахрир бул китептин жыйырманчы бетинде өз тарыйкатын ифадалашта өзүн илахтык даражасына жакындаштырып койгон. Ыктымал, нусратыбыздын бүгүнкү күнгө чейин кечигип жатканына ушул нерсе себеп болуп жаткандыр. Бул китепте айтылышынча: "(Хизбут-Тахрир) мусулмандарды Ислам менен ойготуу үчүн түзүлгөн уюмдарды ийгиликсиздикке жетектеген бардык себеп жана кемчиликтерден өзүн сактады". Бул жерде өзүнүн ката кылуучу экендигин четке кагууда. Ката кетирүүдөн алыс болуу болсо бүт ааламдар Роббисинин сыпаттарынан. Ар кандай махлук ката кетирет. Бирок, бул сөздү айтып жатканда "Аллахтын изни менен" деп кошуп койгондо, ыктымал бул Аллахтын бизге жардам беришине себеп болор беле.

Дагы мындай деп айтылууда: "Аны кучагына алуу жана аны менен бирге аракет кылуу важиб. Анткени, ал өз фикратын өздөштүрүп алган жападан-жалгыз хизб…". Вахданийят (жападан-жалгыздык) белгилүү бир сыпаттарга байланыштуу болушуна карабастан, ал бүт ааламдардын Роббиси Аллахка гана хос жана бул сыпаттардын бирөө-жарымына андан башка бирер бир махлук ээ эмес деп билемин. Болгону, Аллах Таала муъжиза менен хостоп койгону гана мындан мустасна. Ошондуктан, бул жердеги "жападан-жалгыз" сөзүн ката сөз деп ойлоп жатам. Ыктымал, бул бир текебердик болуп, Аллахтын нусратын кечиктирип жаткандыр.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух. Көрүнүп тургандай, "Мусулмандарды ойготуу үчүн түзүлгөн уюмдарды ийгиликсиздикке жетектеген себеп жана кемчиликтердин бардыгынан өзүн сактады", – деген ибаранын мадлулу туурасында сизде чаташтыруу пайда болгон. Бул таъриф.

Хизб Хизбий уюшуу китебинде башка кыймылдардын ийгиликсиздикке учуроо себептерин эсептеп өткөндөн кийин, бул таъриф жөнүндө төмөнкүлөрдү келтирди: "Бул аракеттерди күзөткөн, бул кыймылдарды үйрөнүп чыккан киши булардын бардыгынын ийгиликсиздигиндеги негизги себеп уюшуу жагынан төрт ишке байланыштуу экендигин көрөт:

Биринчиси – бул кыймылдар анык белгиленбеген умумий, ал тургай, анык эмес же анык эмеске окшогон фикрат негизине курулган эле. Мунун үстүнө фикрат тунуктук, тазалык жана нукуралыкты жоготкон эле.

Экинчиси – бул кыймылдар өз фикратын ишке ашыруунун тарыйкатын билишпес эле, балким, ошол фикрат шашылыш жана чиелешкен ыкмалар менен алып барылар эле, мындан тышкары алар анык эместик жана күңүрттүктүн курчоосунда калган эле.

Үчүнчүсү – бул кыймылдар өөрчүп жетилген сак-саламат аң-сезимге жана туура каалоо-эркке ээ болбогон, балким шыктануусу жана кайраты гана бар адамдарга сүйөнөр эле.

Төртүнчүсү – бул кыймылдардын жүгүн өз желкесине алган адамдардын ортосунда кээ бир иштер жана бир нече наамдар көрүнүшүндөгү куру уюшуудан башка туура робита (адамдарды өз ара байланыштырып туруучу фактор) болбогон эле. Андан соң хизб жан-дили менен аракет кылды жана бул себептерден өзүн сактады. “Бардык себеп жана кемчиликтерден өзүн сактады”, – деген сөздүн эмнеси ката? Бул сөздүн ар бир махлук ката кылышына жана Жалгыз Аллахтын нуксан жана кемчиликтерден таза экендигине кандай тиешеси бар?

Эми сизге мындай суроо менен кайрыламын: Эгер сиз мектепте мугалим болсоңуз, окуучуңуздун жообун көрүп чыкканыңыздан кийин ага “Балан, балан жообуңузда кемчиликтер бар деп, бул кемчиликтерин 1,2,3,… кылып белгилеп берсеңиз жана барып аны толук кылып аткарып кел десеңиз, ушундан кийин окуучуңуз бул каталардан өзүн сактап, андан кийин сизге кайтып келип, эй мугалим, сиз айтып өткөн бардык кемчилик жана нуксандардан өзүмдү сактадым, мына бул менин жаңы жообум десе, – кана айтыңызчы – окуучу өзүн Роббул Ааламийндин сыпаты менен сыпаттаган болобу? Ал эми сиздин экинчи пикириңизге келсек, сиз: “Аны өз кучагына алуу жана аны менен бирге аракет кылуу важиб. Анткени ал өз фикратын өздөштүрүп алган жападан жалгыз хизб”, – деген сүйлөмдү келтирипсиз. Мен сизге бул сөздөн мурунку абзацты келтиремин, андан кийин сиз суроо кылып берген кийинки абзацты да келтиремин. Мурунку абзац:

“Фикрат жана тарыйкатты Аллахтын китеби, расулунун сүннөтү жана сахабалардын ижмасы о.э. кыястан келип чыгып тунук түшүндү. Вакиъликти пикирлөө булагы эмес, тескерисинче, аны Ислам өкүмдөрүнө ылайык өзгөртүү үчүн пикирлөө майданы кылып алды. Даъватты көтөрүп чыгууда Расулуллах с.а.в.дын тээ Мадинада мамлекет тикелегенге чейин болгон Меккедеги тарыйкатын бекем кармады. Акыйда жана өзү табанний кылган исламий пикирлер менен өкүмдөрдү болсо мүчөлөрүнүн ортосун байланыштыра турган робита кылып алды”. Кийинки абзац:

“Бул аркылуу үммөт аны өз кучагына алууга жана аны менен бирге аракет кылууга татыктуу болгон жамаатка айланды. Балким, үммөт аны өз кучагына алышы жана аны менен бирге аракет кылышы важиб. Анткени, ал өз фикратын өздөштүрүп алган, тарыйкатын көрө билген, өз маселесин түшүнүп жеткен жана өз максатында Расулуллах с.а.в.дын

тарыйкатынан эч бир ообостон жүрүүнү өзүнө белгилеп алган жападан-жалгыз хизб болуп эсептелет”. Бул таърифдир. Сиз “өз фикратын жакшы өздөштүргөн жана өз тарыйкатын көрө билген жападан-жалгыз хизб” деген сөздү “Вахданийят” сөзү менен изахтап жатасыз. Акыйкатта болсо, ал Аллах Субханаху ва Тааланын сыпаттарынын бири.

Эй, азиз карындашым! Булар бири-биринен башка-башка темалар. Хизб ар бир нерседе жалгызмын дебейт. Тескерисинче, ал фикрат жана тарыйкатты усул илимине ылайык шаръий далилдерден келип чыгып туура истинбат кылды. Өзү истинбат кылган пикирлерди өздөштүрүп алышы табигый абал. Сөз бир адам жөнүндө болуп жаткан жок. Тескерисинче, ушул фикрат жана тарыйкатты табанний кылып алган хизб жөнүндө болуп жатат. Бул фикрат жана тарыйкатты өздөштүрүп алган ар бир адам ушул хизбден болуп эсептелет жана аны тастыктайт. Бул аркылуу ал “аны өздөштүрүп алган жападан-жалгыз хизб”, деген сөзүнө ылайык, фикрат жана тарыйкатын истинбат кылып алган хизбди тастыктаган болот.

Ушундай болгон соң, “Өз фикратын өздөштүрүп алган жападан-жалгыз хизб” деп айтуунун кандай зыяны бар? Мунун эч нерсеге муктаж эмес, жападан-жалгыз, таптакыр окшошу жок болгон Аллах Субханаху ва Тааланын Вахданиятына кандай тиешеси бар? Мен сизди иштердин туурасына хидаят кылышын жана дилиңизди жакшылыкка ачышын Аллах Субханаху ва Тааладан сурап каламын. Аллах Субханаху ва Тааланын өзү туура жолго баштоочу.

22-ражаб, 1434-х.
1-июнь, 2013-м.

## Хизбут-Тахрирдин таалим программасы тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Мен Хизбден эмесмин, бирок, менин сиз мырзадан бир талабым бар.

Мен силердин таалим программаңарды жана башка адабияттарыңарды окуп абдан таң калдым.

Бардык шаръий жана илимий фандарды өз ичине алган жетик программаңар жокпу? Биз аны, мисалы, Шамдагы азат кылынган региондордо же эркин таалим алуу мүмкүнчүлүгү бар башка ар кандай жайда, өзгөчө азыркы шартта окутуп колдонот элек. Себеби, азыр каалаган адам бирер пикир же максатка ээ болуу же болбошуна карабастан, атайын медреселерди ачып алды. Билбедим, бул абалда бул муун кандай калыптанат. Аллах бизге жардамчы болсун.

Мен бардык исламий өлкөлөрдөгү китеп жазууга күчү жеткен жана перзенттеринин тарбиясы үчүн кайгырган ар бир адамга бирер жетик таалим программасын түзүү сунушун киргизүү жөнүндө ойлонуп калдым.

Бирок, менин оюма дагы бир пикир келди: эгер силерде мындай программа жок болсо, мен программа түзүү үчүн убагымды текке кетирип эмне кыламын. Жооп берүү же бербешиңизге карабастан, Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ооба, бизде таалим программасы бар, бирок, бул программаны колдонуу үчүн медреселерди жана мударристерди даярдоо зарыл. Бул үчүн аны шарият өкүмдөрүнө негизделип ишке ашыра турган жана аны мектеп күбөлүгү катары моюнга ала турган (окуучу бардык окуу баскычтарын аяктай алышы үчүн) салтанат керек. Булардын баары үчүн Ислам менен өкүм жүргүзө турган, таалим берүүдөгү бул прогарамманы моюнга ала турган мамлекет болушу кажет. Азыркы убакта мындай салтанат жок. Ошондой болгон соң, сиз кайда жана кантип таалим бере аласыз? Ошондуктан, биз исламий мамлекетти т.а. шарият өкүмдөрүнө ылайык таалим программасын колдоно турган рошид Халифалыкты тикелөөгө олуттуу аракет кылып жатабыз. Мүмкүн, бул, жакында ишке ашар.

Сөзүмдүн аягында, Аллах сизге камкордугуңуз жана көңүл бурганыңыз үчүн береке беришин сурап каламын.

20-мухаррам, 1435-х.

23-ноябрь, 2013-м.

# Хихб ут-Тахрир амири жана Хизб ут-Тахрир жөнүндөгү кеп-сөздөр тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух. Индонезияда "Хизбут-Тахрир жана анын амири сындоолорду, оңдоп-түзөтүүлөрдү жана илимий талкууларды рад кылат" деген сөз таркаган, ушул нерсе чындыкпы. Ал тургай, "эгер Хизбут-Тахрирди өзгөртүүнү кааласаң, оболу анын амири болушуң керек" деп айтышат. Биз шаръий өкүм, исламий пикирлер, идарий иштер жана мындан башка нерселер темасында талкуу кылууну каалайбыз.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух. Биз бир максатты назарда туткан талкууну жан-дилибиз менен кабыл алабыз. А бирок, бул талкуу биздин китептерибизде келген пикирлер жана өкүмдөр үстүндө болушу керек, башка китептердеги биз тууралуу токулган жалаалар үстүндө эмес. Т.а. сиз биздин китебибизде балан нерсе келген десеңиз, албетте кабыл алабыз. Андан кийин ар канча суроо жана сындарыңызды айта бериңиз. Биз Аллахтын уруксаты менен сизге жооп кайтарабыз. Ал эми дилинде душмандыгы бар кээ бир кимселер бизге карата токуган жалаалары жөнүндө убакытты бекерге өткөрүүнү кабыл албайбыз. Кээде бизден "балан китепте сиз тууралуу мындай сөздөр бар" деп сурашат. Биз ал үчүн убакыт кетирүүнү каалабайбыз, тескерисинче жалаа жабуучулардын ишин Аллах Азза ва Жаллага тапшырабыз. О.э. биз уюмга тиешелүү идарий иштер жөнүндө да талкуу кылбайбыз. Анткени бул барак анын орду эмес. Биз, эй бир тууганым, китептерибизге бирер сөздү жаза турган болсок, албетте анын далилдерин жана далил келтирүү жактарын толук үйрөнүп чыкканыбыздан кийин гана жазабыз. Ошондуктан, бул жаатта талкуу кылууга, суроолорго жооп берүүгө жана аларды изахтап берүүгө даярбыз.

14-ражаб, 1434-х.
24-май, 2013-м.

## Хизб ут-Тахрирдин конференциялары, форумдары, нааразылык акциялары жана жүрүштөрү туурасында

**Суроолор**:

а) Умму Аккоша:

Ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух!

Кадырлуу шейх, сиздин Ислам жана мусулмандарга кылып жаткан улуу эмгектериңизге Аллах жардамчы болсун жана ушул эмгектериңиздин аягын сиздин колуңуз аркылуу тез арада Халифалык мамлекети тикелениши менен аягына чыгарсын, Аллахумма амин, амин.

Амма баъд, кээ бирөөлөр “Хизб тарыйкатын өзгөрттү, себеби, конференцияларды өткөрүү ага – пикирий хизб катары – туура келбейт” деген сөздөрдү айтууда. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

б) Nona Amer:

Ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух!

Менде суроо бар жана ага жооп бересиз деген үмүттөмүн: Аалым Такийюддин Набахоний рохимахуллохтун табанний кылган китептеринде ал киши демонстрацияларды четке каккандыгы айтылган… Ал эми бүгүнкү күндө болсо биз ушунчалык көп демонстрациялар болуп жатканын жана аларды сиздер уюштуруп жатканыңардын күбөсү болуп жатабыз. Ушул ишиңерге бирер шаръий далил барбы?

Вассаламу алайкум.

в) Wassim Kordoghli суроосу:

Ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух, кадырлуу амирибиз! «Ислам мамлекети» китебинде төмөнкүдөй: «Ошондуктан, Халифалык жолунда конференциялар өткөрүү Ислам мамлекетин тикелөө жолу эмес», – деген сөздөр келген. Урматтуу шейх, суроо төмөнкүдөй, эмне үчүн Хизб өз китептеринде конференция жана форумдарды четке кагып туруп, кайрадан аларды өткөрүүдө? Биздеги ушул түшүнбөстүк жоголушу үчүн ушул маселени ачыктап бересиз деген үмүттөбүз.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух.

Суроолоруңар тема жагынан бири-бирине окшош. Т.а. тема конференциялар, демонстрациялар жана жүрүштөр о.э. Хизб тарыйкатын өзгөрттүбү деген суроолор жөнүндө.

Урматтуу боордоштор, буларга жооп мындай, Хизб тарыйкатын өзгөртпөйт, себеби, анын тарыйкаты Аллах Субханахунун Китеби, Набий Адын Сүннөтүнөн туура истинбат кылынган тарыйкат болуп, Хизбдин китептеринде эч кандай күңүрттүк калтырбай турган көрүнүштө кеңири ачыкталган, себеби, китептерибизде сакафат берүү да, таасир өткөрүү

маселеси да, Халифалык мамлекетин тикелөө да далилдер менен келтирилген.

Биз адамдарды даъватыбызды өз мойнуна алышы үчүн даъват кылабыз, ким аны кабыл алса, аны Хизбге кошобуз жана ал Хизбдин мүчөлөрүнүн бирине айланат. О.э. умумий аң-сезимден балкып чыккан афкори омманы (коомдук пикирди) пайда кылуу үчүн массалык иш-чараларды да өткөрөбүз жана күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылып, Аллахтын уруксаты менен, Халифалык мамлекетин тикелейбиз.

Жогоруда айтканыбыздай, мамлекет тикелөөнүн ушул тарыйкаты туура көрүнүштө истинбат кылынган, инша Аллах. Мында Расулулла A өзүнө вахий түшүрүлгөндөн баштап Мадинада мамлекет тикелегенге чейин басып өткөн жолду ээрчигенбиз. Башкача айтканда, бул сакафаттандаруу о.э. умумий аң-сезимден балкып чыккан афкори омманы пайда кылуу жолунда массалык иш-чараларды өткөрүү аркылуу Үммөткө таасир өткөрүү, андан кийин нусрат талап кылуу, андан кийин болсо мамлекет тикелөө.

Менимче, суроо берген боордошторубуздагы чалкештик таасир өткөрүү баскычындагы афкори омма иштери менен мамлекет тикелөөнүн ортосун аралаштырып жиберүүнүн натыйжасында келип чыккан окшойт. Мындай аралаштырып жиберүү маселеси төмөнкүлөрдөн анык белгилүү болот:

1 – Таасир өткөрүү баскычы маалындагы афкори омма иштери өзү эмне? – деп сурала турган болсо, мунун жообу мындай, ал Үммөткө таасир өткөрө турган, Ислам пикирлери жана өкүмдөрүнө негизделген ар бир иш. Мисалы, жыйын, форум, массалык конференция жана демонстрациялар сыяктуу. Биз буларга жетекчилик кылабыз о.э. аларды өз байрактарыбыз, кайрылууларыбыз жана башка иш-чараларыбыз менен колдубуздан келишинче аракеттендиребиз. Мисалы:

а) Расулулла A Сафада адамдарды чогултту жана аларга кайрылды:

– Бухарий Ибн Аббас Gдан риваят кылат: «Аллахтын:

*«Жакын тууган-уруктарыңды (Аллахтын азабынан) эскерткин»* [26:214]

аяты түшкөндөн кийин, Набий A Сафага чыгып, Курайш урууларына карата: «Эй Бани Фихр, эй Бани Адий», – деп кайрылды. Акырында алар чогулушту, чогулушка келе албаган адам ал жерде болгон ишти көрүү үчүн өзүнөн өкүл жиберди, Абу Лахаб Курайш чоңдору менен келди. Ошондо Расулулла A:«Кандай дейсиңер, эгерде ушул өрөөндө атчандар силерге каршы согушмакчы десем ишенесиңерби?» – деди. Чогулгандар: Ооба, сенден чынчылдыктан башка нерсе көрбөгөнбүз, – деп жооп беришти. Ал киши:

«فَإِنِّي نَذِيرٌ لَكُمْ بَيْنَ يَدَيْ عَذَابٍ شَدِيدٍ»

«Албетте, мен силерге катуу азаптын алдынан (жиберилген)эскертүүчүмүн», – деди. Ошондо Абу Лахаб: Колуң курусун, бизди ушуга чогулттуңбу? – деди.Ошондо төмөнкү аят түшүрүлдү:

*«Абу Лахабдын колдору курусун-жок болсун! (Аныгында) ал куруду-жок болду! Мал-мүлкүнүн жана касип кылып тапкан нерселеринин ага пайдасы тийген жок!»* [111:1-2]

– Муслим Ибн Аббастан риваят кылат: «Аллахтын:

*«Жакын тууган-уруктарыңды (Аллахтын азабынан)эскерткин»* жана урууңдун арасындагы таза адамдарды да эскерткин аяты түшүрүлгөндөн кийин, Расулулла А Сафага чыкты, андан кийин «я сабахаху» (арабдар көпчүлүк адамдарга маанилүү бир иш тууралуу кабар берүү максатында кайрылуучу сөз) деп кайрылды. Адамдар: Бул кыйкырып жаткан ким, – деп сурашты. Бул чакырып жаткан Мухаммад экен, – деп айтышып, ал кишинин алдына чогулушту. Ошондо Набий А: «Эй Бани баланча, эй Бани баланча, эй Бани баланча, эй Бани Абдуманнаф, эй Бани Абдулмутталиб», – деди. Алар ал кишинин айланасына чогулушту. Ал киши: «Эмне дейсиңер, эгерде ушул тоонун капталында атчандар силерге каршы согуш ачмакчы десем ишенесиңерби?» – деди. Алар: Сенден жалган сөздү уккан эмеспиз, – деп жооп беришти. Ал киши:

«فَإِنِّي نَذِيرٌ لَكُمْ بَيْنَ يَدَيْ عَذَابٍ شَدِيدٍ»

«Албетте, мен силерге катуу азап алдынан (жиберилген)эскертүүчүмүн», – деди. Ошондо Абу Лахаб: Колуң курусун, бизди ушуга топтодуңбу? – деди. Андан кийин ал киши ордунан турду жана:

*«Абу Лахабдын колдору курусун-жок болсун! (Аныгында) ал куруду-жок болду! Мал-мүлкүнүн жана кесип кылып тапкан нерселеринин ага пайдасы тийген жок! Жакында ал жана анын отун аркалаган, мойнунда бышык буладан эшилген аркан болгон аялы (жалындап турган) от-жалындуу тозокко кирет!»* [111:1-5]

аяты түшүрүлдү.

– Ахмад ибн Яхя ибн Жабир ибн Давуд Балазурий (хижрий 279-жылы көз жумган) өзүнүн «Жумал мин ансобил атроф» китебинде мындай риваят кылат: Мага Мухаммад ибн Саъд жана Валид ибн Солих айтып берди, Мухаммад ибн Умар Вакидийден, ал Ибн Абу Сабрадан, ал Умар ибн Абдуллахтан, ал Жаъфар ибн Абдуллах ибн Абу Хакамдан риваят кылды: Набий Ага:

*«Жакын тууган-уруктарыңды (Аллахтын азабынан)эскерткин»* аяты түшүрүлгөндөн кийин, бул иш ал кишиге оор жана кыйын болду… Таң

аткандан кийин Расулулла A Бани Абдуманнафка элчи жиберди, алар Бани Абдулмутталибден бир нече кишилер менен бирге келишти, алар бардыгы болуп кырк беш киши болчу. Расулулла A аларды бир аз чогултуп турду, андан кийин:

«الْحَمْدُ لِلَّهِ أَحْمَدُهُ، وَأَسْتَعِينُهُ وَأُومِنُ بِهِ وَأَتَوَكَّلُ عَلَيْهِ، وَأَشْهَدُ أَنْ لا إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ وَحْدَهُ لا شَرِيكَ لَهُ»

«Хамду-сана Аллахка таандык, ага хамд айтамын, Андан жардам сураймын, ага ыйман келтирип, тобокел кыламын, Аллахтан башка эч кудай жоктугуна, Анын шериги жоктугуна күбөлүк беремин», – деди. Андан кийин:

«إِنَّ الرَّائِدَ لا يَكْذِبُ أَهْلَهُ. وَاللَّهِ لَوْ كَذَبْتُ النَّاسَ جَمِيعًا، مَا كَذَبْتُكُمْ. وَلَوْ غَرَرْتُ النَّاسَ، مَا غَرَرْتُكُمْ وَاللَّهِ الَّذِي لاَ إِلَهَ إِلاَّ هُوَ، إِنِّي لَرَسُولُ اللَّهِ إِلَيْكُمْ خَاصَّةً وَإِلَى النَّاسِ كَافَّةً. وَاللَّهِ، لَتَمُوتُنَّ كَمَا تَنَامُونَ، وَلَتُبْعَثُنَّ كَمَا تَسْتَيْقِظُونَ، وَلَتُحَاسَبُنَّ بِمَا تَعْمَلُونَ، وَلَتُجْزَوُنَّ بِالإِحْسَانِ إِحْسَانًا وَبِالسُّوءِ سُوءًا. وَإِنَّهَا لَلْجَنَّةُ أَبَدًا، وَالنَّارُ أَبَدًا. وَأَنْتُمْ لأَوَّلُ مَنْ أُنْذِرُ»

«Албетте, жетекчи өз калкына жалган сүйлөбөйт, Аллахка ант болсун, мен бардык адамдарга жалган сүйлөсөм да, силерге жалган сүйлөбөймүн, адамдарды алдасам да, силерди алдабаймын, Андан башка эч илах жок болгон Аллахка ант болсун, мен Аллахтын силерге жана бардык адамдарга жиберген расулумун, Аллахка ант болсун, силер кудум уктаганыңар сыяктуу албетте өлөсүңөр жана кудум ойгонгонуңар сыяктуу албетте кайра тирилесиңер, кылган амалдарыңарга албетте эсеп бересиңер, жакшы амал болсо жакшылык менен, жаман амал болсо жамандык менен сыйланасыңар, албетте бейиш да түбөлүктүү, тозок да түбөлүктүү, мен биринчи болуп силерди эскертип жатамын», – деди. Ошондо Абу Талиб: «Сиздин бизге болгон жардам жана көмөгүңүз кандай гана жакшы, кылган насаатыңыз кабыл алууга кандай гана татыктуу, сөздөрүңүз кандай гана чындык! Мына, атаңыздын уругу чогулду, мен да алардын биримин, бирок, мен аларга караганда сиз каалаган ишке ылдамыраакмын, демек, өзүңүзгө буюрулган ишти уланта бериңиз, Аллахка ант болсун, мен сизди ар дайым коргогонум болсун. Бирок, мен өлгөнгө чейин Абдуманнаф docининен ажыроону каалабаймын», – деди. Коом жумшак сөздөрдү айтты, болгону Абу Лахаб гана андай кылбады. Ал: “Эй Бани Абдулмутталиб, Аллахка ант болсун, бул жаман нерсе, аны башкалар колунан кармап кылышынан мурда силер колунан кармап тыйып койгула. Себеби, силер аны башкалар колунан кармап калган убакта тапшырып койсоңор, кор болосуңар, коргосоңор өлүп кетесиңер”, – деди. Ошондо Абу Талиб: “Аллахка ант болсун, тирүү маалыбызда, албетте, аны коргойбуз”, – деди.

Ошентип, адамдарды чогултуу жана аларга кайрылуу аткарылышы зарыл болгон массалык иш-чаралардын бири болду.

б) Расулулла A мусулмандарды эки сап кылып – биринчи саптын башында Умар, экинчи саптын башында Хамза турган – баштап чыкты.

– Абу Нуайм Ахмад ибн Абдуллах ибн Ахмад ибн Исхак ибн Муса ибн Михрон Асбахоний (хижрий 430-жылы көз жумган) «Хилятул авлия ва табакотул асфия» китебинде Ибн Аббас Gдан риваят кылат: Мен Умар Gдан: Кайсы ишиңиз үчүн Фарук деп аталгансыз? – деп сурадым. Ал киши мындай деп жооп берди: Хамза менден үч күн мурда Исламга кирген эле, андан соң Аллах Исламга дилимди ачты… Мен: Расулулла A кана? – деп сурадым. Карындашым: Ал киши Аркам ибн Аркамдын үйүндө, – деп жооп берди. Мен ошол үйгө бардым жана: «Ашхаду ан лаа илаха иллАллаху вахдаху ла шарика лаху, ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расулух», – дедим, ошондо короодо тургандардын баары ушунчалык даражада Аллаху акбар деп жибериштти дейсиң, ал тургай муну мечит (Каъба) калкы да укту. Мен: Я Расулулла, биз өлсөк да, тирүү болсок да акыйкат үстүндө эмеспизби? – деп сурадым. Ал киши:

«بَلَى وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، إِنَّكُمْ عَلَى الْحَقِّ إِنْ مُتُّمْ وَإِنْ حَيِيتُمْ»

«Ооба, жаным колунда болгон Затка ант болсун, силер өлсөңөр да, тирүү болсоңор да, албетте, акыйкат үстүндөсүңөр», – деди. Мен: Анда эмнеге жашынабыз? Сизди акыйкат менен жиберген Затка ант болсун, сиз албетте чыгышыңыз керек, – дедим. Ошондо, ал кишини эки саптын ортосунда алып чыктык, бир сапка Хамза, экинчи сапка мен башчылык кылдым, биз басып бара жатканыбызда (жамааттын көптүгүнөн) жолдон чаң көтөрүлүп жатты, биз ошол жүрүшүбүз мене акыры мечитке кирип бардык. Курайш мага жана Хамзага караашты, ошондо мурда эч бир жолукпаган кайгы-капага дуушар болушту, ошондо мени Расулулла A Фарук (ажыратуучу) деп атады жана Аллах акыйкат менен батыл ортосун ажыратты», – деди.

Демек, демонстрация-жүрүштөр адамдарды аракетке келтирүү үчүн, Ислам пикирлери жана өкүмдөрү жөнүндө аң-сезим менен байытуу үчүн афкори омма иш-чараларына кирет, биз аларды байрактарыбыз, кайрылууларыбыз жана пикирлерибизди алып чыгуу шарты менен уюштурабыз. Бирок, башкалардын массалык иш-чараларында катышпайбыз, аларга жетекчилик да кылбайбыз, себеби, Расулулла A ошол жүрүштө мусулмандарга жетекчилик кылгандан кийин, мусулмандар түрдүү жетекчиликтеги башка аракеттерге катышпады, Расулулла A жетекчилигиндеги жүрүштө эки сап болуп чыгышты.

2 – Эми: Халифалык мамлекетин тикелөө тарыйкаты эмне, демонстрация өткөрүүбү? – деп айтылса, буга жок дейбиз. Анын тарыйкаты жыйындарды өткөрүүбү? – деп суралса, буга да жок деп жооп беребиз. Конференцияларбы? – деп суралса, буга да жок дейбиз. Себеби, бул жана буга окшогон иш-чаралар афкори оммага тиешелүү болуп, алар таасир өткөрүү баскычында аткарылат, алар мамлекет тикелөө тарыйкаты эмес, тескерисинче мамлекет тикелөө тарыйкатын

темабыздын башында айтып өттүк о.э. бул тарыйкат нусрат талап кылуу жана мамлекет тикелөө менен аяктайт.

Тема ушул жана ал сиз үчүн жаркын болгондур. Ошондуктан, биздин китептерибиз менен иштерибиз ортосунда карама-каршылык жок. Китептерибиздеги: Конференциялар, форумдар, жүрүштөр жана демонстрациялар мамлекет тикелөөнүн шаръий далилдер менен баян кылынган тарыйкаты эмес, – деген сөзүбүз туура. О.э.: Бул иштер массалык иш-чаралар болуп, аларды колубуздан келишинче тартиби менен таасир өткөрүү баскычында аткарабыз, – десек да туура сүйлөгөн болобуз, китептерибиздеги сөздөр менен кылып жаткан иштерибиз ортосунда эч кандай тескерилик жок. Сиз китептерибиздеги бул сөздөрдү колдонулган өз агымы боюнча, аң-сезимдүү акыл жана жаркын пикир менен окушуңуз керек, мына ошондо бул маселелер сизге ачык-айкын болот, инша Аллах.

Жогорудагы суроолордун ичинде келбеген, а бирок, айрым адамдардын зээнинде пайда болушу мүмкүн болгон бир маселе калды. Ал да болсо: Анда эмне үчүн Хизб мурунку жылдарда конференция өткөрүү же жүрүштөрдү уюштуруу менен алектенбеген? – деген маселе.

Мунун жообу да жогорудагы сөздөрдөн белгилүү болгон. Т.а. биз конференция, демонстрация жана жүрүш сыяктуу иш-чараларды өткөрүү менен шарттуу түрдө гана алектенебиз. Т.а. эгерде бул иш-чараларга байрактарыбыз, кайрылууларыбыз менен ачык көрүнүштө жетекчилик кылууга, башка байрактарды жана кайрылууларды аң-сезимсиз түрдө аралаштырбастыкка, заман жана мекенди биз аракет кылып жаткан максатка ылайыктуу кылууга кудуреттүү болсок, эгерде ушулардын мүмкүнчүлүгүн таба алсак, ушул иш-чараларды өткөрөбүз, эгерде булардын мүмкүнчүлүгүн таба албасак, анда аны өткөрбөйбүз.

Маалымат үчүн, мурда жетимишинчи жылдары да кээ бир аракеттерди кылганбыз. Ошондо Буркиба яхудийлер менен жарашууга чакырып, Иорданияны зыярат кылган эле. Ошондо Хизб Абу Иброхим рохимахуллох амирлиги заманында делегацияларды түзүп, алардын айрымдары жүрүшкө окшоп кеткен. Делегаттар Амманда премьер-министрге, Куддуста муниципалитет жетекчисине, Халилде да мэрге чыгышкан эле… Мен да делегацияда бар элем жана ошондуктан ошол окуяда күбө болгондорумду айтып беремин:

Хизб өз мүчөлөрүн жана муаййиддерин эртелеп саат 10до Халил шаарынын негизги көчөсүнө чогулууга буйруду. Андан кийин азыр бузулуп кеткен Аммара муниципалитетине чыга турган болдук. Эртелеп чогулганыбызда коопсуздук кызматынын жетекчилери жетип келишти жана ортобузда талаш-тартыш жүз берди… Маанилүүсү, биз жөө чыгууга кудуреттүү болбодук, бизге машиналарда чыгууга уруксат

берилди. Ошондо машиналар жана автобустарда Аммара муниципалитетине бардык, саныбыз өтө көп болчу. Милдетибизди аткарып, артка кайттык… Ошентип бул маселенин жообу мындай, эгерде буга окшогон иш-чараларга өзүбүз жетекчилик кыла алсак жана муну иш-аракетибиз үчүн ылайыктуу деп билсек, ошондо гана аларды аткарабыз, эгерде аларга жетекчилик кылуу жана уюштурууга кудуреттүү болбосок же белгилүү бир шартын көрбөсөк, анда аларды өткөрбөйбүз.

Мисалы, маалымат бөлүмүн түзүү да афкори омма иш-чараларынан болуп, эгерде кудуреттүү болсок кылабыз, эгерде кудуреттүү болбосок кылбайбыз. Мисалы, Хизбдин негиздөөчүсү заманында расмий сүйлөөчү жарыя кылышыбыздын мүмкүнчүлүгү болбогон жана ошол себептен улам бул ишти кылган эмеспиз. Экинчи амир доорунда ал мага Иорданияда расмий сүйлөөчүлүк кылуу милдетин тапшырды, натыйжада камакка түштүм, камактан чыгарым менен тез эле кайрадан камалат элем… Бирок бүгүн, Аллахка хамду-саналар болсун, бир нече бөлүмдөрдү ачтык… Булардын бардыгы афкори омма иш-чараларына кирет. Бирок, кимдир бирөө: Бөлүм ачуу Халифалык мамлекетин тикелөө тарыйкатынанбы? – деп сураса, буга: Жок, – деп жооп беребиз.

Эми, теманын башына кайтып, төмөнкү суроолорду беребиз:

Жыйындар биз таасир өткөрүү баскычында алектене турган афкори омма иш-чараларына киреби? – деген суроого: Ооба, – деп жооп беребиз.

Конференциялар биз таасир өткөрүү баскычында алектене турган афкори омма иш-чараларына киреби? – деген суроого: Ооба, – деп жооп беребиз.

Биз өз тартиптерибиз менен башкарып жаткан демонстрация жана жүрүштөр биз таасир өткөрүү баскычында алектене турган афкори омма иш-чараларына киреби? – деген суроого: Ооба, – деп жооп беребиз.

Маалымат бөлүмдөрүн ачуу биз таасир өткөрүү баскычында алектене турган афкори омма иш-чараларына киреби? – деген суроого: Ооба, – деп жооп беребиз.

Бирок төмөнкү суроолорго:

Конференциялар мамлекет тикелөө тарыйкатыбы? – деген суроого: Жок, – деп жооп беребиз.

Демонстрация жана жүрүштөр мамлекет тикелөө тарыйкатыбы? – деген суроого: Жок, – деп жооп беребиз.

Маалымат бөлүмдөрүн ачуу мамлекет тикелөө тарыйкатыбы? – деген суроого: Жок, – деп жооп беребиз.

Белгилүү болгондой, биринчи суроолор таасир өткөрүү баскычындагы афкори омма иш-чаралары жөнүндө, экинчи суроолор мамлекет тикелөө тарыйкаты жөнүндө болуп, экөө эки башка маселе т.а.

бир маселе эмес жана ар бир маселенин өзүнүн жообу бар, бул эки маселе ортосунда да, эки жооп ортосунда да тескерилик жок.

Аллах Субханахудан ушул маселенин ачык-айкын болушун, эч кандай күңүрттүк калбастыгын сурайбыз. Бул акыйкат издеп, аны таба турган жана ага амал кыла турган бардык адамдар үчүн. Ал эми батыл издөөгө аракет кылып жаткан кимселер да бар болуп, аларга ар кандай чечмелеп берүү жана ачык-айкын кылуунун пайдасы жок. Себеби, алар акыйкатты табуу үчүн батылды издешпейт. Бул эки тайпа адамдар бири-бирине таптакыр окшобойт.

*«Аллах Өзүнүн ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок адамдардын көпчүлүгү (муну) билишпейт»* [12:21]

6-робиул-аввал, 1435-х.
7-январь, 2014-м.

## Хизб азыр нусрат талаб кылуунун кайсы этабында

**Суроо**: ассаламу алайкум рахматуллоохи уа баракаатуху, урматтуу Шейх. Аллах сизге бул улуу жолдо жардам берсин. Менде Халифалыкты тикелөө методу боюнча суроо бар. Биз билгенден, бул методдо (услуб, ыкма, жол) үч этап бар.

Мен Хизб-ут-Тахрир китебинен алынган материалдан окуп түшүнүшүмчө, нусрат талаб кылуу экинчи этаптан башталат. Мен бул тууралуу партиядагы кээ бир ишеничтүү адамдардан сурадым. Бирок, алардын бул туурасындагы жооптору ар түрдүү болду. Айрымдар нусрат талаб кылуу үчүнчү этапта дешсе, башкалары болсо экинчи этапта болот жана бул аракет коом менен өз ара аракеттенүүдө параллель түрдө алып барылат дешти. Ко-ош, азыр партия кайсы этапта иш алып барып жаткандыгын билгим келди? Аллах жакшылыктарын жазсын.

**Жооб**: алайкуму салам рахматуллоохи уа баркаатуху.

Сурап жаткан маселеңиз «Хизб-ут-Тахрирдин өзгөртүүдөгү манхажы» деген китепчеде келген тема тууралуу болуп жатат. Анда мындай деп келген:

«... Хизб бул окуп-үйрөнүүлөрдөн кийин нусрат талаб кылуу биринчи этап болгон сакофаттандыруу этабынан айырмаланып турарына токтолду. Коом менен өз ара аракеттенүү этабы болгон экинчи этапта нусрат талаб кылуу амалы болот. Нусрат талаб кылуу коом Хизб алып барып жаткан даават алдында катып, Хизбге азар берүү күчөгөн учурда ээрчилиши ваажиб болгон тарыйкаттын бир бөлүгү катары саналат.

Ошондуктан, Хизб өзү алып барып жаткан амалдарга нусрат талаб кылууну да кошту жана аны нусрат берүүгө кудурети барлардан талаб кыла баштады. Хизб муну эки максатта талаб кылды:

Биринчиси: Хизб дааватты көтөрүп чыгып жатканда коркунучсуз иш жүргүзүүдө коргоо издөө үчүн нусрат талаб кылуу.

Экинчи: мамлекетке жана коомго Аллахтын өкүмүн кайтаруу жана Халифалыкты тикелөө үчүн бийликке жетүү үчүн нусрат талаб кылуу.

Хизб нусрат талаб кылуу менен биргеликте өзү аткарып келген даават иштерин уланта берет: халкаларда борборлошкон тартиптүү сакофат берүү, жамаи сакофат берүү, Үммөттүн Исламды көтөрүп чыгуусуна борборлоштуруу жана анда коомдук пикирди пайда кылуу, колонизатор капыр мамлекеттерге каршы күрөшүү жана алардын үммөткө каршы тил бириктирүү пландарын ачып салуу, акимдерге каршы күрөшүү (туура эмес иштерин ачып салуу), Үммөтүн кызыкчылыгын кабыл алуу жана анын иштерине кам көрүү. Хизб бул иштерди Ислам үммөтүнө Аллахтан нусрат берүүсүн үмүт артуу менен уланта берет. Үчүнчү этапта туура жолдогу Халифалык тикеленгенде Аллахтын нусраты менен момундар

шаттанышат» (китепчедеги цитата бүттү). Сиз нусрат талаб кылуу коом менен өз ара арекеттенүү болгон экинчи этапта болушу же бийликти алуу болгон үчүнчү этапта болушу тууралуу сурап жатасыз. Ошондой эле Хизб азыр кайсы этапта экендиги тууралуу да сурап жатасыз.

Биз бул тууралуу хижрий 1434-жылы 13-шабанда, 2013-жылы 22-июнда чыгарган суроо-жоопто айты өткөнбүз. Сиздин бул жооптон кабарыңыз жоктой. Ошондуктан, ошол суроо-жоопту төмөндө кайрадан кайталап берем. Айрыкча, ал жооб сиздин биринчи суроонузга так жооб болот. Ал төмөнкүчө:

«Нусрат талаб кылуу бул коом менен өз ара аркеттенүү этабынын акыр жактарында орун алат. Эгер, өзгөртүүгө кудуреттүү күч кубат ээлери ага жооб беришсе, Аллахтын жардамы менен үчүнчү этапка өтүлөт. Бул боюнча «Хизб-ут-Тахрирдин өзгөртүүдөгү манхажы» (жол) китепчесинде кеңири баяндаганбыз. Анын кээ бир ачык-айкын жерлерин сунуштаймын:

1. Пайгамбар ﷺ нусрат талаб кылууну коом менен өз ара аркеттенүү этабында баштаган. Абу Толиб каза болгон учурда Мекке коому Пайгамбар ﷺга карата катып жабык турган эле. Абу Толибдин каза болушу менен Курайштын Пайгамбар ﷺ карата – агасы Абу Толиб тирүү мезгилинде кыла албаган – азарлары күчөй баштады. Пайгамбар ﷺдын коргоосу агасы Абу Толибдин тирүү мезгилине караганда кыйла азайа түштү. Пайгамбар ﷺ Аллах берген рисаалатты коопсуз корголгон даражада башкаларга жеткирүүсү үчүн, Аллах Пайгамбар ﷺга аны коргоосу жана нусрат бериши үчүн араб урууларынан нусрат талаб кылууну вахий кылды. Ибн Касиир «Сиро» китебинде Али Аби Толиб رضي الله عنهдан риваят кылат, Али айтты: «Качан Аллах Пайгамбар رضي الله عنهга араб урууларынан өзүн коргоосу үчүн нусрат талаб кылууну буйруганда мен жана Абу Бакр Пайгамбар رضي الله عنه менен бирге Минага чыктык. Биз бир араб межлисинен экинчисине барып жаттык». Ошондой эле Ибн Касиир Ибн Аббастан риваят кылат, Аббас айтты: «Пайгамбар ﷺ мага айтты: «Сенден да жана бир тууганыңдын алдынан мени коргой ала турган күч көрө алган жокмун. Эртең мени араб урууларынын жыйналыштарына алып баруу үчүн мени менен базарга бирге чык». Араб урууларынын жыйналыштары болду эле, Аббас айтты: «Бул Кинда уруусу жана анын айланасындагылар, алар Ямандан ажылылык кылып келгендердин кадыр-барктуусу. Бул Бакр бин Вааилдин тобу. Бул Бани Аамир бин Саъсаънын тобу. Өзүңүз тандаңыз». Аббас айтты: «Киндадан баштады...».

2. Көрүнүп тургандай, Пайгамбар ﷺ ошол маалдагы күчтүү «уруулардан» нусрат берүүлөрүн талаб кылган. Ошондой эле уруулар да

алардан талаб кылынып жаткан нерсе алардын нусрат берүүсү менен Аллахтын өкүмүн ишке ашыруучу малекетти тикелөө жана Пайгамбар ﷺды коргоо экендиктерин ачык-айкын түшүнгөндүктөрү да ачык көрүнүп турат. Башкача айтканда, алар нусрат берүү менен өкүм жүргүзө турган жана жихад кыла турган мамлекетти тикелөө экендигин жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан, Пайгамбар ﷺ Бану Аамир бин Саъсаъдан нусрат берүүсүн талап кылганда алар айтышты: «Эгер, биз сен талаб кылган нерсеге баят берсек, кийин Аллах сени сенин каршылаштарыңдын үстүнөн жеңишке жеткирсе, сенден кийин иш биздин колубузда калабы?». Айтты: «Иш Аллахка гана таандык, аны Өзү каалагандай кылат». Алар айтышты: «Сен себебтүү моюнубузду арабтарга салып беребизби? Аллах сени жеңишке жеткиргенден кийин иш бизден башкаларга болобу! Сенин ишиңе биз муктаждык эмеспиз». Алар андан баш тартышты». Башкача айтканда, алар нусрат берүү бул мамлекетти тикелөө экендигин анык билишкен. Алар Пайгамбар ﷺдан кийин ал мамлекеттин башкаруучулары болуп калууну каалашты. Ошондой эле Пайгамбар ﷺ Бану Шайбаандан нусрат берүүнү талаб кылганда алар айтышты: «Биз эки зыяндын ортосуна түшүп калабыз». Пайгамбар Пайгамбар ﷺ айтты: «Ал эки зыян эмне?». Алар айтышты: «Кисро дарыясы жана араб суусу. Эгер, иш Кисро тарапка каратыла турган болсо, биз аны менен эч кандай жаңалдашууга барууну каалабайбыз. Сен чакырып жаткан иш падышалар жаман көрө турган иш экенин көрүп турабызм. Биз сага араб суусу тарабта жардам берүүгө даярбыз». Пайгамбар ﷺ айтты: «Силердин жообуңарда жаман нерсе жок, себеби силер чындыкты айттыңар. Бирок, Аллахтын динин ким бардык тараптан коргосо гана ага жардам берет». Тактап айтканда алар нусрат берүү арабдарга, ажамдарга карата өкүм жүргүзүү жана жихад кылуу экендигин анык түшүнүшкөн. Арабтарга каршы күрөшүүгө макул болушуп, Перстерге каршы макул болушкан жок.

3. Кийин Аллах Өз ишине үстөм болуп, экинчи акаба анташуусу ишке ашкандан кийин, башкача айтканда Мадинада мамлекетти тикелөө нусраты ишке ашкандан кийин үчүнчү этап ишке кирди, тактап айтканда мамлекетти тикелөө этабы.

4. Ушул нусрат талаб кылуулардын баарынан көрүнүп тургандай, нусрат талаб кылуу үчүнчү этаптан мурда болгондугу айкын көрүнүп турат. Башкача айтканда коом менен өз ара аракетенүү этабында болгон.

5. Мына ушул нерсе Хизб өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары нусрат талаб кылууну баштагандагы иш жана ал муну токтобостон улантып жатат. Аллахтан бул үммөткө нусрат берип абалкы ансорлордун жолуна кайтарышын жана Туура жолдогу Ислам

Халифалык мамлекетин тикелей турган, Пайгамбар ﷺдын туусун көккө желбирете турган үммөткө кайтарышын сурайбыз ... » (цитата бүттү).

Ал эми, Хизб азыр кайсы этапта дегенге келсек, жогорудагылардан айкын болгондой, анык түрдө Хизб экинчи баскычта турат. Анткени, үчүнчү этап деген бийликти колго алууну жана мамлекетте түздөн-түз Ислам өкүмдөрүн толук ишке ашырууну түшүндүрөт. Хизб азыркы учурда муну ишке ашыра элек. Бирок, Хизб экинчи этапдын акыркы баскычына келип калды. Ал күжүрмөндүк менен Ислам өкүмдөрүн жашоого кайтаруу, Халифалык мамлекетин тикелөө үстүндө иш алып барып жатат. Аллахтын жардамы менен куш кабар болгон Ислам адилеттүүлүгү кайтып зулумдук, караңгылык жок болот. Хизб Аллахтын жардамы менен бул ишти жүзөгө чыгарарына анык ишенет. Ар бир нерсенин убакыт сааты бар.

Бул суроонун жообу ачык-айкын түшүнүктүү болду деп үмүттөнөбүз.

22-ражаб, 1440-х.
29-март, 2019-м.

## Хизб-ут-Тахрирдин Халифалык тикеленгенден кийинки вакыйы

**Суроо**: ассаламу алайкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Конституциянын 21-беренесинин кириш сөзүндө мындай деп айтылат: Мусулмандар акимдерди тергеп-тескөө үчүн саясий партияларды түзүүгө же Уммат аркылуу бийликке жетүүгө укуктуу. Суроо туулат: эгерде бийликке келген партиянын партиялык саясий программасы болсо, аны азыркы мамлекеттердеги партиялардай ишке ашыра береби? Ошондой эле, Хизбдин амири үчүн – биздин партия сыяктуу – Хизбдин жетекчили менен халифа мансабын бир убакта айкалыштырып алып кетүүсү туурабы? Эгер, туура болсо, бир эле убакта халифа  жана хизбдин амири анын жетекчилигиндеги Хизбге кандайча отчет берет?

Амирибиз сизге Аллах ыраазы болсун, жакшы иштерди кылууга Аллах көмөктөш болсун.

**Жооб**: алайкуму ассалам рахматуллоохи уа баракаатуху

Бул тема боюнча биз бирден ашык жооп бердик: 14.08.1967 жана 26.12.2014. Алар жетиштүү деталдарды камтыйт, андыктан ага кайрылыңыз.

Ал эми, кыскача айтканда төмөнкүдөй:

1- Хизб-ут-Тахрирдин бийликти колго алуусу дүйнөдөгү азыркы партиялардын бийликти колго алуусу сыяктуу эмес. Бийликке жете турган нерсе – бул партиянын мүчөлөрү эмес, деталдуу түрдө кабыл алган партия негизделген фикрат (идея). Партия өз мүчөлөрүн бийликке алып келүү үчүн эмес, өз идеясын (фикратын) бийликке жеткирүү үчүн иштейт...

2- Бирок, Хизбдин  фикратын (идеясын) башка адамдар жакшы ишке ашыра албагандыктан, аны кабыл алып, аны менен жашагандар гана жакшы ишке ашыра алгандыгы үчүн Халифа Хизбден, жардамчылары Хизбден, Жихад амири Хизбден болушу керек.. Фикратты турмушка ашыруу жана анын туура ишке ашырылышын камсыз кылуу үчүн мамлекеттик аппараттын бул үч бөлүгү партиядан болууга тийиш. Башка жетекчи органдарга келсек, алар партиядан болушу мүмкүн, же жөндөмүнө, компетенциясына жараша партиядан болбошу да мүмкүн...

3- Партиянын фикраты бийликке келиши партиянын бийликке келиши экендигинен тышкары, партия жигиттерди элдин мойнуна минип алуудан кайтарат. Бул үчүн өтө этияттыкты талап кылат. Умар ибн аль-Хаттабдан риваят кылынат: «Ал Шура Кеңешинин адамдарын б.а. халифа боло турган алты кишини тандаганда, Алиге келип: “Эй Абул Хасан, сага (бийликти) беришсе Бани Хашимди элдин мойнуна салба”, Усманга

барып: “Эй Усман, эгер аны (бийликти) сага беришсе, бану Умаяны элди мингизүүдөн сактан”, - деди». Эгер, халифа Хизб-ут-Тахрирден болсо, Али үчүн Бани Хашим, Усман үчүн Бани Умайя кандай болсо, ал үчүн да Хизбдин жигиттери ошондой болот, ошондуктан аларды элге жүк кылышы туура эмес.

4- Хизб бийликке келгенде акимди тергеп-тескөөсүнө келсек, анын жообу: Партия төрт вазыйпаны аткарат: (борборлоштурулган жана жамааттык түрдө) сакофаттандыруу; жалган жана бузгунчу пикирлерди жокко чыгарып, туура пикирлерди берүү жагынан пикирий күрөш алып баруу. Бул эки иш тергеп-тескөө иши эмес, тескерисинче, алар партиянын сакофий жана пикирий иши, ошондуктан бул иштерди партия бийликке чейин да, андан кийин да улантат, анткени бул эки ишке партиянын бийликти колго алуусу таасир кылбайт...

Ал эми, үчүнчү иш – айла-амалдарды, пландарды ачыкка чыгаруу. Эми, бул партиянын иши эмес, анткени партиянын бийликте болушу колониялык пландарды ачыкка чыгаруу маселесин жоёт, тескерисинче, аны мамлекеттик органдар аткарып калат.

Төртүнчү, кызыкчылыктарды кабыл алууда акимдерди тергеп-тескей турган иш калат. Муну хизб бийликке келгенге чейин эле вилаят комиттетери кылгандай эле улантат. Вилаят комитеттери – хизб бийликке келгенге чейин эле – партиялык жетекчиликти (амирди жана анын кеңсесин) тергеп-тескөө укугуна ээ болгон. Вилаят комитети хизб бийликте турганда да бул ыйгарым укугун –партиялык жетекчиликти тергеп тескөөсүн – улантат. Бирок, акимдерди – Уммат кызыкчылыгын шарият негизинде кабыл алуусун жана Умматка кайрымдуулук жана устаттык менен кароосун – тергеп-тескеп турууну улантат.

Бул жетиштүү болот деп үмүт кылабыз. Аллах – Билүүчү жана Даанышман.

1-робиул аввал, 1445-х.
19-сентябрь, 2023-м.

*2025-жыл...*